КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *ШАПАК РЫСМЕНДЕЕВ*

**1-КИТЕП**

**МАНАС, СЕМЕТЕЙ**

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөндөр***
***Айнек ЖАЙНАКОВА***
***Мээрим КӨЛБАЕВА***

Бишкек
«ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ» – 2018

УДК 821.51
ББК 82.3 (2Ки)
К 47

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А. А. | Мусаев С. Ж. |
| Байгазиев С. О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А. Ж. | Токтоналиев К. Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А. Э. |

**К 47** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Шапак Рысмендеев. 1-китеп. Манас, Семетей / Түз*.: А. Жайнакова, М. Көлбаева.* – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2018. – 520 б.

ISBN 978-9967-12-781-4

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна манасчы Шапак Рысмендеевдин айтуусундагы «Манас» эпосу жана «Семетей» эпосунун башкы окуялары берилди.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

К 4702300500-18

УДК 821,51
ББК 82,3(2Ки)

ISBN 978-9967-12-781-4

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы
Тил жана адабият институту, 2018
© Полигарфбумресурсы, 2018

# «МАНАС»

## БАШ СӨЗ[1]

Адатта көлөмү менен көркөмдүк кудурети боюнча дүйнөдө эч нерсеге теңдешсиз «Манас» эпосун жарым миллион ыр сабынан турган классикалык зор чыгарма деп сыймыктанып жүрөбүз. Бул цифра улуу манасчы Саякбай Каралаевдин вариантына негизделип айтылып калган. Чынында да колдо болгон тексттердин ичинен өтө көлөмдүүсү ушул вариант. Алты-жети (кээде андан да көп) бөлүмдү камтыган бул чыгармачылык салттын уюткусу чоң манасчы, бирок кыска жашаган Чоюкеге барып такалат. Кыскасы, «Манасты» буга чейин ким канча муунга бөлүп, кандай көлөмдө айтса да «Манас» үчилтиги деп атоо шартка туура келет. Анткени жеке кыргыздарга гана таандык классикалык баатырдык жомок экендигин «Манас», «Семетей», «Сейтек» аталган үч бөлүм деле тастыктап турат.

Натыйжада бүгүн биз билген «Манас» – баатырдык духтагы, татаал сюжеттүү, салттуу сакталган поэтикалык көркөм каркасы бар уникалдуу элдик чыгарма. Мазмунуна карата кыргыз элинин басып өткөн социалдык-коомдук тарыхын, улуттук маданиятка ылайык калыптанган эстетикалык табитин, этикалык моралын, элдик медицинасын ж.б. баяндаган энциклопедиялык чыгарма деп илгертеден эле бааланып келген. Кылымдардын катаал сынына туруштук берип, дайыма элдик цензуранын көзөмөлүндө болуп, коомдук идеологиянын курамы катары ар кандай суроо-талабына үн кошуп отуруп, бүгүнкү эпикалык масштабдык абалына чейин бышып жетилген чыгарма. «Манастын» «Манас» дегендей сыймыкка бөлөнүп сакталып келишинде албетте, азыркыча «манасчы», «семетейчи» деп аталып жүргөн акындык-төкмөчүлүктүн, жомокчулардын чоң ролу, мааниси айтпаса да белгилүү. «Манасты» муундан муунга ооз жүзүндө гана ташып жеткириш үчүн биздин заманга ысымы жеткен-жетпеген канчалаган таланттардын көзү өткөн. Варианттары, айткан бал-шекердей сөздөрү жазылбай белгисиз боюнча калса да ысымдарын эли кадырлап, легендага айландырып сактап келген Ырчуул, Токтогул, Келдибек, Акылбек, Найманбай, Балык (Нармантай), Чоюке (Чойке),

[1] «Манас» Ш.Рысмендеевдин айтан варианты боюнча. Түзгөн: А.Жайнакова. – Бишкек: «Газета KG», 2013.

Тыныбектер. Андан берки, биздин заманда таанышгандар: Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев, Шапак Ырысмендеев, Молдобасан Мусулманкулов, Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов), Акмат Рысмендеев, Мамбет Чокморов, Дуңкана Кочукеев, Жаңыбай Кожеков, Жусуп Мамай ж.б. десек, ошондо да канчалардын манасчылык өнөрү азыркы көпчүлүккө белгисиз бойдон калууда.

Кудайга шүгүр, манасчылыкты өмүр бою аркалап, өзүнүн жашоо-тирлигин да ушуну менен өткөргөн айрымдарынын тексттери аздыр-көптүр өз учурунда кагазга түшүп калгандары болду Ошолордун бири – Шапак Ырысмендеев деген манасчы болгон. Ал 1863-жылы Кочкор өрөөнүндөгү Шамшы деген суунун боюнда, оокат-жайы тың, аштуу-баштуу үй-бүлөдө жарыкка келген экен. Мүнөзү эң жоош, момун киши болуп, өмүрүндө бирөө менен талашып-тартышпаган токтоо мүнөзү, манасчылык өнөрү менен өзүнүн узак жашоосунда тынч өмүр сүргөн адам эле дешет, аны билгендер. Ал «Манастан» башка «Мендирман», «Жаныбек», «Аяз» сыяктуу жөө жомокторду да айтып жаздырып Институтка берген. Бизге Шапак Ырысмендеевдин ата-тегинде «Манас» же «Семетей» айткан адамдардын болгондугу тууралуу маалымат жок. Бирок өз алдынча кат сабатын жоюп, укканын мээсинде уюткан зээндүү өспүрүмдүн жан дүйнөсүн козгоп, манасчылыкка үндөгөн күч ошол учурда атагы чыгып турган чоң манасчы – Найманбайдын ага-инидей жакын жашап, жакшы мамиледе болгондугу сыяктанат. Буга кошумча катары айтып коюшубуз керек – чоң манасчыларга таандык кереметтүү түш көрүү салтынан да куру калган эмес. Түшүнүн маанилүү учуру – башында шуштугуй тебетейи бар, узун бойлуу аксакал карыя (Бакай го кыязы) «Манасты айт!» – деп буйрук бергени. Шапак буга чейин «Жети кандын окуясын» элдир-селдир айта коюп жүрсө, ошол түшүндө «Чоң казатты» башынан түшүп айта баштайт. Аксакал киши «Оомийин!» – деп, алакан жайып, бата тартканда тегеректеп турган 40-50-дөй көпчүлүк кошо бата беришет. Шапак манасчынын өзүнүн түшүнүгүндө улуу манасчылардан алган таасир-таалиминен да ушул түшү чыгармачылыктын кулпусун ачкан сыйкырдуу ачкыч катары кабыл алынат да он үч - он төрт жаш өспүрүм курагынан өмүрүнүн акырына чейин ар кандай турмуштук шарттарга карабай, Манас баатырдын баянына ак кызмат этет. Кыскасы бала күнүнөн Балык манасчынын «Манасын» жакындан такай угуп жүргөндүктөн, дээринде таланттын учкуну бар

баланын манасчылыкка болгон дилгирлиги эрте ойгонуп, түбөлүктүү кесипке туура багыт алган көрүнөт. Балык айткан экен: «Манасты» өмүр бою айтсам да учуна чыга албадым» – деп. Өзүнүн сыпаа жүрүм-туруму, ширин сөзү, көркөм «Манасы» менен алтымыштан ашып калган салабаттуу адам болочок манасчыга Манас баатырдын өзүндөй эле күчтүү таасир берип, кийинкисинде Найманбай, Акылбек, Тыныбек, Сагымбай өңдүү чоң таланттарды жандатып, чырмооктой чырмалышкан чыгармачылыктын чыйыр жолуна салып, Шапак манасчыны көрүнүктүү жомокчулардын катарына биротоло кошкон көрүнөт. Белгилүү маалыматтарга караганда Шапак Балыктан «Манастын» «Чоң казатын» б.а. Манастын өлүмүнө чейин бүт үйрөнүптүр. Нарында жүргөн учуру да болуп, Акылбектен да «Чоң казатты» көп угуп, «Сейтекти» толук үйрөнгөн имиш. Балыктан үйрөнгөн Алманбеттин жөө жомогун Сагымбайга айтып берип, ал жазып алган экен. Биз көп учурда Ш.Ырысмендеевди Сагымбай Орозбаковдун шакирти деп айтып жүрөбүз. Чындыгында таасир берүү маселеси эки жактан бирдей эле деңгээлде жүргөн сыяктанат. Анткени Шапак Сагымбайга манасчы катары өз жолун таап калган учурунда кезиккен экен. Ырас, Шапак да Сагымбайдан «Манастын» айрым үзүндүлөрүн жазып алып үйрөнгөн. (Инв. №52, 7-бет).

С.Орозбаков ага айттырып угуп, мүчүлүштөрүн эскертип, айтуу ыкмаларын, азыркыча айтканда актёрдук жол-жобону үйрөткөн. Кезегинде кыргыз оозеки адабиятынын үлгүлөрүн терең кадырлагандардын бири эл акыны маркум Кубанычбек Маликов Шапак айрыкча «Семетейди» өтө жогорку көркөмдүктө айта тургандыгын туура белгилеген эле. Аны кимден үйрөнгөндүгү тууралуу так маалыматыбыз болбогондуктан, мүмкүн Сагымбай аркылуу Тыныбектен өткөн традиция деп болжолдоого болот. Кыскасы, Шапак менен Сагымбай үзөңгүлөш дос болуп, казан-аяк катышынан тышкары бири-биринин чыгармачылыгына жакындан таасири тийген инсандар экен. Жазылбай өзү менен жерге кетти деп, биз өкүнүп жүргөн улуу Сагымбайдын «Семетейинин» учкундары Ш.Ырысмендеевге ооп, бирди-жарымы эсинде сакталып бизге жеткени ажеп эместир деген үмүтүбүз да бар. Анткени «Семетей» эпосу «Манастагы» өтө көлөмдүү, көп варианттуу, эл арасына кеңири тараган романтикалуу баатырдык эпос эсебинде илим жүзүндө өз баасын алган чыгарма. Дегинкиси, Шапактын варианты Мамбет Чокморов менен Жусуп Мамайдын көлөмдүү

айтымдары кагазга түшкөнгө чейин үчтүн бири болуп, Сагымбай менен Саякбайга катарлаш айтылып жүргөнү бекеринен эмес. 1952-жылкы «Манастын» айланасында жүргөн талаш-тартышта эпоско карата идеологиялык чабуул С.Каралаев менен Ш.Ырысмендеевдин варианттары аркылуу бас-бас болгонун ошо кездеги кыргыздын көрүнүктүү прозаик жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбековдун эскергени бар. Ошол конференцияда доклад жасаган окумуштуулар А.Боровков менен М.И. Богданова өздөрүнүн баяндамаларында «Азыркы варианттардын ичинен жалгыз гана Шапак Ырысмендеевдин жомогу жарактуу, анткени анда элдик – демократиялык сызык башкалардыкына караганда ачык көрсөтүлгөн» деп белгилешкен. Натыйжада 60-жылдары чыккан бириктирилген вариантка («Манас», «Семетей», «Сейтек») Шапактын материалы кеңири пайдаланылган.

Шапакта Манастын Карабөрккө үйлөнүшү, Манастын Самаркандга көчкөнү, Манастын Шоорук канды жеңгени, Алманбеттин окуясы, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Чоролордун келиши, Көзкамандардын окуясы деле Сагымбайдыкына жакын сүрөттөлөт. Айырмасы Шапак кыскартып, жөндөтүп айткандай сезилет. Мунун объективдүү, субъективдүү себептери да болгону турган иш. Биринчиден, Шапактын бир топ улгайып калган (80-85 жаштарда) кези болгон. Экинчиден, айтып көнгөн кенен-чонон аудиториясы эмес, Ы. Абдрахмановдун үйүндө жатып жаздырган (инв. 871, 53-б.). Бирок Алманбеттин окуясын башкалардан өзгөчөлөнтүп айтканына караганда аны Балыктан үйрөнүп келип, Сагымбайга кара сөз түрүндө айтып берген деген маалыматтын чындыгы бар экенине ишенгибиз келет. Балыктын айтуусунда «Таластын көрүнүшү, күмбөз тууралуу баян, Каныкейди сыпаттоо, Сыргакты сыпаттоо, Аккуланы, Сараланы, Көктелкини сыпаттоо» – деп айткандары Шапакта толук орун алган эмес.

Эмнеси болсо да «Манас» бөлүмүнөн кагазга түшкөн ушул сюжеттерден улам Шапак да «Манастын» үч бөлүмүн тең билген, айткан композициялык түзүлүшү боюнча улуу манасчы С.Орозбаковдукуна өтө окшош экени шексиз. Экинчи бөлүм «Семетей» эпосу да ушул манерада, б.а. схема түрүндө баяндоо катары кат-кагазга түшкөн сыяктуу. Бирок Шапак канча кыскартып айтса да негизги традициялуу окуяларды калтырбай айтканынан улам С.Орозбаковдун таасири бир топ эле күчтүү болгонун болжолдоого болот. Анткени С. Орозбаков Шапакка кезиккен залкар манасчылардын акыркысы

болуп, көбүрөөк аралашкан учурлары болгон. Ал Ш.Ырысмендеевдин айтканын угуп, мүчүлүш жактарын эскертип, кем-карчын түзгөн. Демек, Ш.Ырысмендеев мурунку кыргыз манасчыларынын чоң плеядасынын (Балык, Акылбек, Найманбай, Сагымбай) тартибинде өнүп-өскөн, мыкты манасчылар менен үзгүлтүксүз чыгармачыл байланышта жүрүп өткөн адам.

Өкүнүчтүүсү – Шапактан 1935, 1948-жылдарда, манасчы улгайып, карылыкка моюн сунуп калган кезде жаздырганы. Бирок жазып алуу учуру активдүү эле жүргөн сыяктуу. Адегенде «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрү жазылып, ошо кездеги өтө сабаттуу катчылар Ташым Байжиев, Курман Кыдырбаева, Осмон Кыштообаев, Наматов Жанек дегендер тартылган экен. Ошолордун кол жазмалары аркылуу Шапак Ырысмендеев бизге «Манастын» үч бөлүгүн айтып жүргөн чыныгы манасчы катары таанылып калды. Мүмкүн «Семетей» эпосу мурда жазылгандан уламбы, салттуу окуяларды толук камтыгандыгы жана көркөмдүүлүгүнүн жогорулугу менен бааланып, айрым адамдар Шапакты Семетейчи деп эсептешкен. (Сагымбай Орозбаков да өзүн семетейчимин деп айтканы бар). Айтор эмнеси болсо да Шапак Ырысмендеев өмүр бою эпикалык баатырларды оозунан түшүрбөй, ал гана эмес, 1916-жылкы үркүндө Үч-Турпанга чейин барган бир жыл аралыгында да «Манасчылыгынын» аркасы менен тың жашап, элине кайтканы айтылып жүрөт. Кийин анын жолун жолдогон баласы Момуш да Тил, адабият институтунун Кол жазмалар коруна өзүнүн материалдарын тапшырып кеткен эле.

Кыскасы быйыл 150 жылдык юбилейинин шарапатында кыргыз, Улуттук илимдер Академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил, адабият институту менен Токтобек Исмаилов баштаган Шапак Ырысмендеевдин укум-тукумунун демилгеси астында жарык көрүп отурган манасчынын варианты («Манасы» – 24588, «Семетейи» – 42338, «Сейтек» – 11600 сап ыр) анын келечек муунга калтырып кеткен көркөм адабий мурасы катары кабылданып, көрүнүктүү манасчы катарында ысымын сыймык менен эсибизде тутканыбыз оң.

***Айнек ЖАЙНАКОВА,***
***Илим жана техника тармагындагы КРнын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер, филология илимдеринин кандидаты, манастаануучу***

## МАНАСТЫН АТАЛАРЫ

Түп атасы Түбөйкан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Душманын оттой каарыган.
Түбөйкандан Тогойкан,
Тогойдон Шыгай, Ногойкан,
Ногойкандын балдары
Бай, Жакып, Ороз, Үсөндү,
Ушулардын тушунда
Ногойдун эли түзөлдү.
Ногойдун уулу төрт болгон.
Бет алган жагы өрт болгон.
Беттешкен жоолор мерт болгон.
Атканы мылтык түз болгон,
Ар кылган иши күч болгон,
Алышкан жоолор мыш болгон.
Ай-ааламды жараткан.
Атыша чыккан душманды
Алсыратып бир жолу,
Ар кайсы жакка тараткан.
Катмактын журтун какшаткан,
Кара кытай, манжууну,
Жылдырбай бутун аксаткан.
Барандын журтун бас кылган.
Менменсиген душмандын
Көргөн күнүн аз кылган.
Самаркан жерин жай кылган,
Салышканда душманды
Тактасынан тайгылткан.
Байыртан берки жомокчу,
Баары ушундай кеп айткан,
Арстан Манас баатырдын
Эли Ногой деп айткан.
Ногойдон чыккан Манас – деп.
Ногой деген ошо сөз,
Атасынан калган кеп.
Баатыр Ногой өлгөндө.
Барса-келбес чын жайды
Барып акыр көргөндө.
Аксакал уулу Орозду
Ордуна туруп кан болгон,
Кандыгы журтка даң болгон.
Ногой кандын төрт уулу
Атасынан жаш калып.
Калың кара көп журтту
Кармай албай маң болуп,
Ар кылган иши кам болуп.

## КЫТАЙЛАР НОГОЙДУН ЭЛИН БАСЫП АЛГАНЫ

Кара-кытай манжуунун
Каны Туушаң кеп угуп,
Каарман баатыр Ногой кан,
Өлгөн экен деп угуп,
Калдайларга айкырып,
Дуудуу менен Доотайдын,
Амбал менен Чыйтайдын,
Баңбаң менен Доргонун
Бары-жогун чакырып,
Эми Туушаң кеп айтат:
«Менин айткан сөзүмдү,
Уккула, журтум деп айтат,
Күн батышта буруттун,
Каны Ногой өлүптүр.
Кайрылбас жайды көрүптүр.
Жаш калыптыр балдары,
Жай баракат жатыптыр,
Эл-журтунун барлары.
Кара-кытай манжуудан,
Толкуган кол баргыла,
Тозоку бурут журутка
Тополоңду салгыла.
Талкалагын жерлерин,
Такыр кыргын элдерин,
Олжо кылгын малдарын,
Ойрон кылгын жандарын».
Деп, ошентип Туушаңкан,
Катуу буйрук кылганы,
Калың кара көп манжуу,
Кан буйругун укканы.
Чоң-Бээжиндин ордого
Кол жыйылып толуптур.
Кан Алооке, Кырым кан
Кол башчы алар болуптур.
Толкуган кошун кол жүрдү,
Тоону бузуп мол жүрүп,
Толкуган дайра кол жүрдү.
Каптаган кыян сел жүрдү,
Канча калың кол жүрдү,
Калкылдаган мол жүрдү.
Таандай болуп чуркурап,
Талааны басып буркурап,
Ийри-буйру жол менен,
Илек-илек кол менен,
Ит баспаган бел менен,
Кийик көрсө атып жеп,
Бир-биринен сатып жеп,
Чычкан көрсө казып жеп,
Ышкындын башын үзүп жеп,
Чөптүн башын бүсүп деп,
Суурду көрсө сууруп жеп,
Таранда менен чаранда,
Казанга салып кууруп жеп.
Аябай ачка болушуп,
Арадан Нарын суу кечип,
Анда-санда бел чечип,
Анжиян тоосун таянып,
Анда санда жай алып,

Качыр минип калкылдап,
Ажалга эми жакындап,
Ар ашууну ашышып,
Анжиянга түшүшүп,
Ысык жерди көрдү эми,
Айткан сөзү момундай,
Кызык жерди көрдү эми,
Алма, жаңгак күбүлүп,
Түшкөн жерге келди эми.
Аштык менен күрүчү
Бышкан жерге келди эми.
Анжиянды жакалап,
Намангендин тушуна
Келип калды ушунда.
Самарканда сарттарды
Сабап кирип келди эми,
Аргымагын коркойтуп,
Качкан элди көрдү эми.
Ок атар киши калбастан,
Өлгөн жерге келди эми,
Бирин-бири олжолоп,
Бөлгөн жерге келди эми.
Дарбыз, коон жарышып,
Тойгон жерге келди эми.
Тегеректеп Ногойду,
Алсыратып Арганды,
Астын-үстүн сапырып,
Ары карай жапырып,
Жийде, жаңгак күбүлүп,
Жигит жандан түңүлүп,
Самаркан элин талады,
Сарттын баарын сабады.
Алтын, күмүш тапкын деп,
Абдан кыйын иш кылды.
Кайран жакшы бул элди
Камап жатып мыш кылды.
Кайран түрктүн семиз кой,
Айдап келип союшуп,
Аппак майга тоюшуп,
Кажы-кужу сүйлөшүп,
Бийчилери бийлешип,
Кызык болду бул жерде.
Элдин баарын сапырды,
Көрбөйсүңбү капырды.
Алооке кан, Кырым кан,
Курачыга кеп айтып.
Ой аярлар деп айтып,
Эми кандай кылабыз,
Качан элге кайтабыз.
Канга барып биз эми,
Кандай сөздү айтабыз?
Алооке деген кан экен,
Айбаты кыйын жан экен.
Өң аярлар сурады.
Качан кайра кайтабыз,
Элге не деп айтабыз?
«Кете турган аскерге,
Алооке кан кеп айтты.
Намысына бүттү деп,
Бизге чыдап жатты деп,
Алты күндө кеткиле,
Алооке деген кан чыккан,
Айбатынан жан чыккан.
Канды мындай коюңуз,
Караламан кытайдын
Кабарынан болуңуз.
Колдун баары чуркурап,
Жолго кирди буркурап.
Кыжылдашып ырдашып,
Кадимкидей жыргашып,
Анжыян тоосун ашты эми,
Арадан Нарын кечти эми.

Кадимкидей жол менен
Аргымак атты минишип,
Кадимки жолго киришип,
Аргымак аты керкейип,
Бутунда кепич тепейип,
Буудак-буудак эл менен,
Мурдагы келген жол менен,
Атайын келген жол менен,
Аман кетти эл менен.
Аны таштап коёлу.
Ары жагында Алооке,
Кабарынан бололу,
Аярлары кеп айтат,
Кеп айтканда нени айтат?
«Кан Ногойдун балдарын
Каратып карма» деп айтат.
«Ал Ногойдун тукуму
Түбүндө бирди кылат деп.
Кара кытай манжууну
Акыры бир күн кырат» – деп,
Анда Алооке куп деди,
Аярлар сөзүн эп деди.
Ногой кандын төрт уулун
Текши кармап алайын,
Башына коок кийгизип,
Көйкапка айдап салайын.
Алооке кан, Кырым кан
Экөө турду кеңешип,
Акылдарын теңешип,
Желдеттерди аткарды,
Ой-тоонун баарын каратып,
Кан Ногойдун төрт уулун
Кармап алды бүпбүтүн.
Зоолу салды мойнуна,
Кийдирди коок башына.
Кишен салды бутуна,
Үсөндү карап сынады,
Баш-аягын кынады.
«Бул Үсөндүн өз аты –
Эми болсун Көзкаман,
Аңдасак түрү эң жаман.
Көзкаман болсун атагы,
Акыркысы түбүндө,
Укумунан тукуму,
Тууганга тиет чатагы.
Мындан кийин аярлар,
Орозду канды сынады,
Баш-аягын кынады.
«Орозду кандан он бала,
Иштеринде көп чала.
Бок келбейт булар колунан,
Таштап койгун жерине,
Өлгөндөн калган элине».
Байды аярлар сынады,
Баш-аягын кынады.
Мындан туулат бир бала,
Адамдан артык акылман.
Ар кылган иши бир балаа!
Муну да салгын бөлүмгө.
Мындан кийин көрүнбө.
Аярлар сынап Жакыпты,
Айтып сөзүн такышы.
Мындан чыгат бир тукум.
Кара кытай биз эмес,
Кылымды бузат бир бүтүн!
Деп, ошентип аярлар,
Кара тилин кайрады,
Кандарына сайрады,
Алооке кан, Кырым кан,
«Аярдын сөзү акыл деп,
Айткандары макул» – деп,
Байды айдады Кашкарга,

Барса-келгис катарга.
Орозду канды чопчогуу,
Кең Алайдын жерине,
Балдары менен таштады.
Ушундай кылып баштады.
Көзкаманды айдады.
Колу-бутун байлады.
Бээжиндин бери жагына,
Калың калмак ичине,
Ошого айдап барганы.
Жакыпты айдап алыптыр,
Алтай, Каңгай жерине,
Апарып аны таштаптыр.
Кан Ногойдун көп эли,
Башы кетти өлүмгө.
Малы кетти бөлүмгө.
Ногой кандын балдары.
Алыс жерге тарады,
Капырдын көзүн карады.
Балдары менен Шыгай кан
Индистанга качыптыр,
Дүнүйөсүн чачыптыр.
Шыгайдын уулу Жапак дейт,
Индистандан жай алып,
Жамыра тоосун таянып.
Ал да жатты ошондо,
Кытайдан араң бошонду.
Үсөндүн аты Көзкаман
Кордукту көрүп эң жаман.
Азапка башын салыптыр,
Калмактан катын алыптыр.
Ошол калмак катындан
Жети бала көрүптүр.
Көзкаман байкуш канетет.
Кара калмак элинин
Айтканына көнүптүр.
Жети уулдун улуусу,
Анын аты Көкчөкөз,
Кылымда барбы мындай сөз.
Арамдан бүттү балдары,
Калмактан болду кандары.
Көзкаман жүрдү өкүрүп,
Элден, журттан айрылып,
Өткөн ишке өкүнүп.
Чочконун этин ашады,
Акырында Көзкаман,
Токсонго чыга жашады.
Бай барды Кашкар жерине,
Кайкайлаган сарттардын,
Калың кара элине.
Байдан болду ошондо,
Эки тунук баласы,
Акыл эми артыкча,
Ишинде жоктур чаласы,
Улуусу Тайлак эр экен,
Кенжесин Бакай дээр экен.
Аны мындай таштайлы,
Алтайга барган айдалып,
Кан Ногойдун кенжеси
Жакыптан кабар баштайлы.
Алтайдан Жакып жайланып,
Кара калмак элинин
Бөйөн, Чаян байына,
Ошолорго таянып,
Кызмат кылып мал бакты.
Бөйөн менен Чаянга,
Кызматы өтүп куп жакты.
Алган зайбы Жакыптын,
Эштек бийдин кызы экен,
Оймоктуудан уз экен.
Анын аты Чыйырды,
Кара кытай көп манжуу
Бузган экен кыйырды.
Чаянга Жакып таянды,

Актап кызмат кылган соң.
Чаяндан тапты аянды.
Калмактын чоңу ал Чаян,
Бул Жакыптын өзүнө
Бакдөөлөт кызын бергени,
Баласындай көргөнү.
Алтайдын жери жай болду,
Азып келген бул Жакып,
Сан кара күткөн бай болду.
Азган менен тозгондон,
Ата энеден бозгондон,
Алтымыш үйлүү жан болуп,
Башчысы Жакып кан болуп,
Дөөлөтү көлдөй толуптур.
Бай Жакып атка конуптур.
Кылымда мындай ким болду.
Уйдан болду тогуз миң,
Дөөлөтү мындай толгон ким,
Күткөнү беш миң төө болду.
Кара калмак элине,
Кан бай Жакып дөө болду.
Кою сексен миң болду.
Алтын менен күмүшү,
Санат жетпей мунусу.
Элүүгө жашы барыптыр,
Эки катын төрөбөй.
Ушу күндө бай Жакып
Баласыз болуп калыптыр.

## ЖАКЫПТЫН ТҮШҮ

Элинен азган бай Жакып,
Жеринен азган бай Жакып,
Төрт түлүгү шай болуп,
Кылымдан ашкан бай болуп,
Эки зайбы төрөбөй,
Бир мерсентке зар болуп:
«Малым арбын, балам жок.
Бала үчүн зарлап мен жүрөм.
Өрттөнүп ичим болду чок!».
Кайгыланып бай Жакып,
Бүк түшүп уктап жатыптыр.
Түшүндө кызык иш көрүп,
Тамашага батыптыр.
Түшүндө бир куш алыптыр,
Көлдө жаткан көп куугa,
Көтөрүлтүп салыптыр.
Кууну кушу кырыптыр,
Кубанып Жакып туруптур.
Кайта тартып келатып.
Кара жолдун боюнан.
Болот кылыч тааптыр,
Үйдөй болгон кара таш,
Оң колго кармап имерип,
Он бөлө чаап салыптыр.
Уйкусунан ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Ордунан туруп октолуп,
Туралбастан токтолуп.
Чыйырдыга кеп айтып,
Чымырканып бек айтып,
Бакдөөлөткө кеп айтып,
Бачымыраак бек айтып,
Байбичелер, түш көрдүм,
Башкача сонун иш көрдүм.
Деп, ошентип Жакып бай,
Сөзүн айтып турду ошол.
Кубанычтуу сөздү урду ошол.
Бай Жакыптын бул сөзүн
Аялдар угуп аңдады:
Айтчу киши камдайлы,

Ошол элдин ичинде,
Жүйрүк чечен, акылдуу
Акбалта менен Байжигит,
Бердике менен Бердибай,
Ошолордун баарысын,
Жашы менен карысын,
Той берели деп айтты.
Түш жоруткун деп айтты.
Анда Жакып кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Мал союуга алым жок,
Же бала көргөн тоюм жок,
Бул ишимден кыйын жок.
Же бир түшүрүп жаткан
жыйын жок.
Катыным эркек туубаса,
Калың малды не кырам?
Калмактан жылкы куубасам,
Айткан тилиңи албаймын,
Атаңдын көрү, катындар,
Бөөдөсүнөн мал союп,
Убалына калбаймын!
Мен эл ээси эмес, мал ээси,
Бөөдөсүнөн мал кырсам.
Мага да болор мал кээси!»
Бай Жакып турду күүлөнүп,
Катындарга сүйлөнүп.
Бакдөөлөт анда кеп айтат,
Бачымырак деп айтат:
«Куруп калган куу баш чал,
Малың менен куруп кал!
Бала көрбөй сен өтсөң,
Малың калат талаада,
Адамдын көркү балада!
Аябагын доңузду,
Талаада калчу коңузду!»
Эми Жакып кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Берейин союп тоюңду,
Анан карап турайын,
Катындар сенин жоюңду!»
Деп, ошентип бай Жакып,
Өөдө туруп бакырды.
Жылкычы менен койчусун,
«Кел мында», – деп чакырды.
Жылкычылар келгени.
Бай Жакыптын алдына,
Келип салам бергени.
«Малды бери айда – деп,
Баарын союп жайла» – деп.
Бай Жакып айтып турганы.
Ушу сөздү урганы.
Малчылары кеп угуп,
«Малды кыргын» – деп угуп.
Тогуз кур бээ, токсон кой.
Кабат сойду калың той.
Токсонду союп сел кылды.
Ал тоюна чакырып,
Тогуз уруу эл кылды.
Ала-Тоодой эт кылды.
Ала-Көлдөй чык кылды.
Жетим-жесир тоюнду,
Жетик семиз союлду.
Тою тарап кеткенин
Жакыптын көргүн неткенин
Азган-тозгон кыргыздын
Аксакалын калтырбай,
Чоң үйүнө киргизди,
Жоомарттыгын билгизди.
Аксакалга ат берди,
Аялдабай бат берди.
Жаштарына тон берди,

Карып менен касарга.
Кол кайырды мол берди.
Акбалта менен Бердике,
Агала сакал Ошпур бай,
Акылга дыйкан Байжигит,
Айдаркан менен Саламат,
Татар Чагоо карысы,
Отурган экен ошондо,
Ошолордун баарысы.
Ошондо Жакып кеп айтат,
«Ой, калайык» – деп айтат:
«Эки катын алганым,
Элимден азып мен Жакып,
Эч туяк көрбөй калганым.
Куу баш өтүп кетем – деп,
Ичимде турат арманым!
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө сонун иш көрдүм!
Талыкшып уктап жатыпмын,
Тамашага батыпмын!
Түшүмдө бир куш алыпмын,
Көлдө жаткан көп куута,
Көтөрүлтүп салыпмын!
Кууну кушум кырганы,
Кубанып жаным тынганы!
Бул эмине болучу!
Калың кара көп журтум,
Бул түшүмдү жоручу?!
Кайта тартып келатсам.
Кара-Тоонун оюнан.
Кара жолдун боюнан.
Болот кылыч таап алдым,
Үйдөй болгон кара таш,
Оң колум менен имерип.
Кара ташты бир салдым,
Үйдөй болгон кара таш.
Он бөлүндү быркырап,
Учуп чыкты ошондо,
Асманды карай чыркырап.
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу?!»
Отурган жандын баарысы,
Жакып бай сөзүн укканда,
Үндөй албай калышты.
Жакып бай айтып басылды.
Аш бышымга жеткенде,
Байжигит оозу ачылды.
«Бай Жакып түшү түш экен,
Оңунан келген иш экен!
Бай Жакып салган ак шумкар,
Көлдө жаткан көп кууну.
Чөл түшүрүп кууганы
Азган-тозгон кыргыздын,
Абдан көөнү тынганы!
Кудай буюрса бай Жакып,
Бала көрөт экен го.
Кара кытай, манжуу журт,
Акырында баладан,
Балаа көрөт экен го!
Ач албарс кылыч алганы,
Жакып байдын баласы,
Ай – ааламдын баарысын,
Астын – үстүн салганы!»
Деп, ошентип Байжигит,
Кол көтөрдү буркурап,
Отургандын баарысы,
Азирет Жакып пайгамбар,
Жакып жоруп калсын деп,
Батасын кылды чуркурап.
Келген эл тарап кеткенин,
Байбичеси Жакыптын
Ишин көргүн неткенин.

## ЧЫЙЫРДЫНЫН БОЮНА БОЛУШУ

Алда таала кудурет
Ногойдун уулу Жакыптын
Тилегин берип салганы.
Той берип эл кеткенде,
Бир жылдан кийин апанык,
Элүү жашта Чыйырды.
Боюна бүтүп калганы.
Убакты мезгил болгондо,
Курсакка бала толгондо,
Жүрөгүнө жолборстун
Талгак болду Чыйырды,
Тегеренип ойногон,
Камгак болду Чыйырды.
Агып жаткан дайра суу,
Жукпай өтөт Чыйырды,
Ала-Тоодон арымдап,
Куштай өтөт Чыйырды.
Кез келгенде Чыйырды,
Түндүккө чыгып отурат,
Караган жандын баарысын.
Айран азыр болтурат.
«Таап бер жолборс жүрөгүн,
Талгак болуп жүдөдүм!»
Мына ошондой сөз айтып,
Жакыпка салды дүмөгүн.
Мына ошондо бай Жакып,
Азган-тозгон кыргызга,
Кабарды мыктап салдырды.
Мергендердин баарысын
Кашына жыйып алдырды.
Тоону, ташты аралап,
Токойлуу жерди саралап,
Жолборс уулап чыгыптыр,
Каңгайдын Кара мергени,
Бир бээни чалган жолборсту,
Атып аны жыгыптыр.
Алып келип бышырып,
Жолборстун берди жүрөгүн,
Басып койду бай Жакып,
Чыйырдынын дүмөгүн.

## МАНАСТЫН ТУУЛУШУ

Чыйырды бооз болгону
Тогуз айга толуптур,
Толготор мезгил болуптур.
Катындын баары жыйылды,
Мына ошондо бай Жакып,
Жаратканга сыйынып,
Алып келип түндүккө
Алтындан бакан коюлду.
Кучактап алып баканды,
Мына ошондо Чыйырды,
Айгайын салып чоюлду.
Кемпирдин баары жыйылды,
Мына ошондо Чыйырды
Керилип жатып ыйынды.
Коңшунун баары жыйылды,
Козголгон сайын байбиче,
Кокуюн айтып ыйынды.
Бакшы, бүбү жыйылды,
Барган сайын байбиче
Бакырык салып ыйынды.
Алты күн тартты толгоону,
Айлы чарчап болгону,
Жети күн тартып толгоону,
Жергеси чарчап болгону.

Катуулап толгоо киргенде
Байбиче көзү сүзүлдү,
Белдемчинин кашаты
Беш жеринен үзүлдү.
Эми Жакып кеп айтат:
«Эми мында мен турбай,
Кетейин тоого» – деп айтат.
«Тим болгула кыз болсо,
Эркек болсо эгерде,
Айылдагы азамат,
Жабыла тоого чапкыла,
Жакып байды тапкыла!
Сүйүнчү берем аябай.
Мал көзүнө карабай» –
Деп, ошентип бай Жакып,
Тарттырып керме шайлады.
Кырк кара боз күлүктү,
Кермеге аса байлады.
«Сүйүнчүгө баргандар
Бул аттарды минсин – деп,
Жакып байды табам – деп,
Чапкылап тоого жүрсүн» – деп.
Алтын менен жамбыдан,
Куржунга салып байланды,
Жакыптын көөнү жайланды.
Аттанып чыкты бай Жакып,
Ала-Тоодой зоңкоюп,
Жалынып Жапар теңирге,
Айылынан аз гана,
Имерилди бай Жакып,
Кара-Тоонун сеңирге.
Көлөкөсү көйкөлгөн,
Көк шибери жайкалган,
Тунук булак кашка суу
Агып жатат күмүштөй,
Жерден сонун мына бу.
Жакып байдын көп жылкы,
Жаткан экен жыбырап,
Кумурскадай быжырап.
Боз айгырдын үйүрү
Бир миңге саны толуптур,
Камбар ата боз айгыр
Ошо кезде жаныбар
Алтымыш асый болуптур.
Боз айгырдын үйрүндө.
Кара жалдуу кула бээ,
Кайкалактап толготуп,
Тууй турган окшонуп,
Каканагын жарыптыр.
Жанына барып ал бээни,
Бай Жакып көзүн салыптыр.
Жата калып кула бээ.
Кула кулун тууганы,
Шыйрактан алып бай Жакып.
Тартып алып турганы.
Оозу-мурдун шыпырды,
Баш аягын кымырды.
Телчиймин деп ал кулун,
Энесине жеткени.
Энесинин үстүнөн,
Секирип өтүп ал кулун,
Жарым бута кеткени,
Жаңы туулган кулундун
Тулпарлыгы эмей неткени.
Анда Жакып кеп айтат:
«Байбичем эркек төрөсө.
Ушу кула кулунду,
Ат кылып берсем деп айтат,
Мындан кийин мен эми,
Боз айгыр атын жоёюн,
Камбарбоз атка коёюн».
Отурду Жакып кубанып.

Ар ойду ойлоп жубанып,
Аны мындай таштайлы,
Толготуп жаткан Чыйырды,
Ошондон кабар баштайлы
Толгоосу тогуз күн болду,
Толготкон мындай ким болду,
Тегеректе эл-журтка,
Угулуп сөзү дүң болду.
Умай эне келгени,
Шапалактап куйрукка,
Чапкылап эми киргени.
Анда бала кеп айтат:
Сен барчу ошол жалган жай.
Ар кылган ишиң болот!».
Деп, ошентип Умайың,
Уруп кирди баланы,
Жалган дүйнө жарыкка,
Сүрүп кирди баланы.
Бала чыкты бакырып,
Баркырап үнү чыкканда,
Отурган жандын баарысы,
Жашы менен карысы
Качып берди дыркырап.
Бет-бетинен чуркурап,
Баркыраган доошу,
Отуздагы кишинин
Ушундай болуп угулду,
Уккандын көөнү бузулду.
Чыканак жерге жетиптир»
Карыш сөөм, эки эли,
Жерди, оюп кетиптир.
Курсакты катуу сүзүптүр,
Сол колуна толтура.
Кара канды чеңгелдеп,
Оң колуна кара таш,
Ууштап алып түшүптүр.
Бакдөөлөт менен Барпыжан,
Баланы жерден алганы,
Жулкунганда ал бала,
Колдорунан бошонуп,
Кайта жерге барганы,
Оордугун байкаса,
Чоң кишидей салмагы.
Бакдөөлөт менен Барпыжан,
Оозу-мурдун баланын,
Ошо жерден сылады,
Баш-аягын кынады.
Киндигин кести Барпыжан,
Кызматы антип артынан.
Чымчып келип сары май,
Оозуна салганы,
Барпыжандын бармагын.
Оозантканда чайнады.
Жаланып бала турганы,
Чоң карын толгон сары май,
Алып келип Бакдөөлөт,
Оозуна кармады,
Бир соргондо жаш бала,
Бир чымчым май калбады.
Чай кайнамдын ичинде,
Үч карын майды жалмады.
Эси ооп Чыйырды,
Төбөсүнөн тик түштү,
Жерге кулап бүк түштү.
Айылдагы кары-жаш,
Кермеде аттан миништи,
Сүйүнчүгө барууга,
Тоону карай дабырап,
Жүрүп калды жабырап.
Акбалтанын катыны,
Барпыжан келди үйүнө,
Отурган экен Акбалта,

Балалуу болду Жакып деп,
Өз ичинде сүйүнө.
Кирип барып Барпыжан,
«Көтөк чалым, – дегени,
Олжодон куру калдыңбы,
Үтүрөйгөн кургурум,
Кудай алсын» – дегени.
Акбалтаны Барпыжан
Жемеге катуу алганы,
Жемесине чыдабай,
Акбалта чал ошондо,
Эшикке чыгып барганы.
Куураттың го мени деп,
Кулагым тынып капырдан,
Кетейинчи теги деп,
Көкчолокко миңгени,
Көшүлүп жолго киргени.
Тоо түгөнгөн өңүргө,
Жетип барды Акбалта,
Кара-тоонун сеңирге.
Жакыптын көрдү бараанын,
Алыстан көрдү караанын.
Мына ошондо Акбалта,
Тебетейин колго алып,
Көкчолок санга бир салып,
Оозун ачып айкырды,
«Жакыпбай» – деп кыйкырды.
«Карыганда Чыйырды,
Кабылан тапты сүйүнчү!
Жобонгондо Чыйырды,
Жолборс тапты сүйүнчү!
Жоголордо Чыйырды,
Жолдош тапты сүйүнчү!
Алчеңкир койдон,
Ирик туулду,
Аягы менен тик туулду!
Курсакты жакшы сүзгөнү,
Бир колуна кара кан,
Бир колуна кара таш.
Кош колдоп карман түшкөнү!
Отуздагы кишидей,
Үнү мага угулду,
Угуп туруп өзүмдүн,
Жүрөгүм оозго тыгылды!
Бала да болсо мыкты дейт,
Энесинин боорун,
Кошо кармап чыкты» – дейт.
Акбалтадан кеп угуп,
Эркек тууду деп угуп,
Мына ошондо Жакыпбай,
Жерге барып кулады,
Узунунан сулады.
Басып барып Акбалта,
Калпагына суу сузуп,
Бай Жакыпка жуткузду.
Кош колдоп алып тургузду.
Мына ошондо Жакыпбай,
Кайта-кайта кеп сурайт,
«Кандай сөз айттың, Акбалта,
Кайталап айтчы» – деп сурайт.
Кайталап Балта кеп айтат,
Катууланып көп айтат.
Анда Жакып кеп айтат,
Бир желмогуз тууп салдыбы,
Ак байбичем Чыйырды
Чеңгелдеп боорун алдыбы?
Аныгын айтчы Акбалта,
Байбичем аман калдыбы?
Аман жүрүп чоңойсо,
Кытайдын кырк дарбазасын
ачат го,
Кылымдын баарын чачатко!

Орустун он дарбазасын ачат го,
Ойроттун баарын чачат ко!»
Анда Акбалта кеп айтат:
«Кандай жансың Жакыпбай,
Жаңы туулган балага,
Оозуңа келген сөздү айтып,
Айтасың сөздү Жакыпбай.
Кубанганга чыдабай,
Сүйүнчүлөп мен келдим.
Оозуңа келген сөздү айтып,
Сен Жакыпбай сенделдиң!
Кетейинчи токтобой,
Сени менен айтышып,
Ай талаада оттобой!».
Акбалта мындай дегенде,
Карсылдап күлдү Жакыпбай
Ачылып кабак жайма-жай.
«Айтканыңа көнөйүн,
Сөзүмдү кечир Акбалта,
Сүйүнчүңдү берейин!»
Деп, ошентип Жакыпбай,
Салынып келген куржунда,
Агар алтын, ак күмүш,
Анын баарын бергени,
Бергенин Балта көргөнү.
Камбарбоздун үйрүнөн,
Кармап тогуз бээ берди,
Тогуз атан төө берди,
Акбалта, Жакып аттанып,
Кайта жүрдү шаттанып.
Тоого чапкан кырк киши,
Көрө салып Жакыпты,
Айгай салып акырды.
«Ой, Жакыпбай, сүйүнчү!»
Сүйүнчүлөп бакырды.
«Минген, минген атыңды,
Минип кет балдар» – деп айтты.
Бир айтпастан көп айтты.
Жүгүргөн албай балдарым,
Буюрган алды деп айтты.
Акбалта менен Жакыпбай,
Айлына келди шайма-шай.
Катындын баары дабырап,
Көргөспөстөн баланы,
Көрүндүктү бергин – деп,
Баары турду жабырап,
Жүз катын экен баарысы,
Жашы менен карысы.
Ак дейилде чапандан
Жүзүнө жүздү кийгизди.
Ногойдун уулу кан Жакып
Жоомарттыгын билгизди.
Баланы көрдү Жакып бай,
Бакырды ыйлап жайма-жай.

## МАНАСТЫН ТОЮ

Деп, ошентип бай Жакып,
Сарамжалын жамданды.
Той берүүгө камданды.
Чакырууга жиберди,
«Таамай бир жүз кишини.
Чакыргыла ушуну,
Кызыл чок кытай эл келсин.
Кара калмак журтунан,
Каптаган кыяк сел келсин.
Каптап келсин кашкарлык,
Жетип келсин жеркендик,
Козголуп келсин котендик.

Кара-Шаар эли калбасын,
Кабарсыз жатып албасын».
Деп, ошентип Жакып бай,
Кабарчысын аткарды.
Табыш кылган жерине,
Кабарчылар ошондо,
Аялдабай бат барды.
Мына ошондо Жакыпбай,
Ар шайманын бүтүрүп,
Үйлөрүн тигип күтүнүп.
Кызматчылар жабылып,
Карап турду камынып.
Кытайдан кырк миң кол келди,
Кылжылоолу ойроттон,
Тушаң төрө зор келди.
Калмактан калың кол келди,
Кашкар Котон журтунан,
Кара жер каптап мол келди.
Салтанаттуу бай Жакып
Кымыздан арак тарттырган,
Кызматын журттан арттырган.
Бир миң кур бээ сойдурган,
Жер очокту ойдурган.
Коноктордун баарынын
Башына жаздык койдурду.
Салтанатын арттырды,
Ошо келген конокко
Эр башына бай Жакып,
Экиден табак тарттырды.
Таң-тамаша баарысы,
Ушу тойдо болгону,
Четтен келген коноктун,
Баарынын көөнү толгону.
Деп, ошентип көпчүлүк,
Олжолорун алышты,
Жерине кайра жанышты.
Он күндө тою тараптыр,
Келген колдун баарысы
Жай-жайына барыптыр,
Аны таштап салалы,
Салтанаттуу Жакып бай,
Андан кабар алалы.
Тою тарап кеткенин,
Жакыптын көргүн неткенин,
Жакып тууган баарысын,
Ак сакалдуу карысын,
Чоң үйүнө киргизди,
Жоомарттыгын билгизди.
Аксакалга ат берди,
Асылдан тандап тон берди,
Аксупка салып оротуп,
Жакшылыкка жорутуп,
Отурган элдин алдына,
Көтөрүп алып келиптир.
«Ага тууган, ага-иним,
Ат койгула» – дегени,
Отургандын баарысы
Сакал-мурут тарашып,
Жакшы ат кирбей оозуна,
Бирин-бири карашып,
Антип карап турганда,
Кирип келди эшиктен,
Ак күлө кийген дубана,
Дубана туруп кеп айтат,
«Сонундан тонду кийдиңер,
Чогулуп баарың кирдиңер»,
Деп, ошондой дегенде.
Отургандар кеп айтат,
«Ой, дубана – деп айтат,
Айткан тилди алсаңчы,
Сөзгө кулак салсаңчы.
Ногойдун уулу Жакып бай.

Төрт түлүгү шайма-шай.
Жакып бай көрдү бир бала,
Ишинде жок түк чала.
Жакып байдын иши деп,
Ат коё албай көпчүлүк,
Кысылып турган тушу» деп.
Анда туруп дубана,
Алаканын жайганы,
Баланын аты Манас – деп,
Бата кылып калганы,
Көпчүлүк бата кылганы,
Аты жакшы болду – деп,
Баарынын көөнү тынганы.
Аты жакшы болду – деп,
Айтканда ооз толду – деп,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Кайып болду дубана,
Көрүнбөстөн буларга.

## МАНАСТЫН ӨСҮШҮ

Чыйырды менен Бакдөөлөт
Баланы багып өстүрүп,
Артыкча көрдү көп санат.
Ардактады атасы,
Эркелетип энеси.
Ардактап багып отуруп,
Жетиге Манас жеткенин,
Эми көргүн неткенин.
Кээ бир күнү караса,
Керилип белин буунат,
Керели кечке жуунат.
Кээ бир күнү караса,
Байлоодо тулпар мингидей,
Кээ бир күнү караса,
Басып кетет тимеле,
Байлатпаган жиндидей.
Улук мазар дегенди,
Кыя атып ойноду,
Кыялына не келсе,
Кылбай аны койбоду.
Балдардын баарын жыйнады,
Мазардын баарын кыйганы.
Атасы менен энеси
Тыйганына болбоду.
Уруп-согуп балдардын
Далайын Манас сомдоду.
Тыюудан Манас чыгыптыр,
Манастын тентек болгонун,
Калайык бүгүн угуптур.

## МАНАСТЫ КОЙЧУЛУККА БЕРГЕНИ

Бир күнү Жакып ойлонуп,
«Тентек чыкты балам – деп,
Ашынып барат күнүгө.
Бул жоругун койбосо,
Башыма салат алам деп,
Катындарга кеп айтат.
Уккула сөзүм деп айтат.
Тентек болду Манас деп,
Акыркысы түбүндө,
Бир балаага салат – деп.
Катыктырып көрсөк бейм,
Койчу башы Ошпурга

Алпарып муну берсек бейм!»
Катындары эп көрдү,
Жакыптын сөзүн төп көрдү.
Аккула кунан токуду,
Айтар сөздүн баарысын.
Бай Жакып эми окуду.
«Өзүм кары малым аз.
Мал таап бергин кулунум,
Айткан тилди ал Манас,
Ошпур деген бир бай бар.
Төрт түлүгү шайма-шай,
Козусун багып бер деди,
Айтканына көн деди».
Анда Манас кеп айтты,
«Ошпур байдын козусун,
Багамын ата» – деп айтты.
Бала Манас бай Жакып,
Аттанып алып ал экөө,
Ошпурду көздөй жөнөдү,
Токтолбостон өмөлдү.
Барды Ошпур үйүнө.
Бай Жакып азыр барган соң,
Ошпур чыкты сүйүнө.
Көзүн кысты Жакып бай,
Аңдады Ошпур жайма-жай.
Анда Жакып кеп айтат:
«Ой, Ошпур бай деп айтат,
Ошпур бай, көрдүң далайды,
Алып келдим мен сага.
Козу бакчу малайды».
Ал күнү анда конуптур.
Конок болуп оңуптур.
Эртеси Жакып кеткенин,
Манастын көргүн неткенин.
Чеге бала кашында,
Өзү жети жашында,
Козуну айдап кобурап,
Жөнөштү тоого жобурап.
Ал аңгыча болбоду,
Жетип келди бир бөрү,
Бир козуну алганы,
Тоону карай салганы.
Анда Манас кеп айтат,
«Бул эмне» – деп айтат.
Анда Чеге кеп айтат,
«Атасынын көрүдүр,
Аты мунун бөрүдүр.
Анда Манас кеп айтат,
«Атын бөрү дейби – деп,
Адамды бөрү жейби – деп.
Анда Чеге кеп айтат,
«Адамды жейт» – деп айтат,
Анда Манас кеп айтат,
Жегенин мунун көрөйүн,
Артынан удаа жөнөйүн.
Манас барат бакырып,
Бөрүнү кууп жапырып.
Чеге бала корккондон,
Баатыр Манас баланын
Этегинен алыптыр,
Ал да жөнөп калыптыр.
Качып жүрүп отуруп,
Үңкүргө бөрү кириптир,
Удаа жетип ал Манас,
Үңкүрдүн ичин караса,
Кырк киши турат жанаша,
Аман турат козусу,
Кызык ишко мунусу.
«Козум турат аман – деп,
Жанагы бөрү кайда – деп,
Бөрүдөн жок байда – деп.
Ал кырк киши кеп айтат:

«Кырк чилтен деген биз деди,
Кызыр деген бирөө бар.
Ушу балам өзүңдү.
Ал сени кырк күндөн бери издеди.
Мындан кийин сен балам,
Алланын атын билип жүр.
Ар качандан бир качан,
Алланы оозго илип жүр!
Кыйындык келсе башыңа,
Эсиңе бизди сен алсаң,
Келебиз азыр кашыңа,
Жардам берип башыңа!
Жаныңдагы жолдошуң,
Мындан кийин сен балам,
Атын Чеге дебе – деп,
Андай сөздү тегеле,
Айта көрбө теги деп,
Кутубий болсун өз аты,
Кутубий болуп аталат,
Кудаанын атын жат алат!
Козуңду алып кет – деди,
Үйүңө балам жет деди.
Манас, Куту козуну
Жетелеп алып кайтышты,
«Сонун киши көрдүк» – деп,
Бир бирине айтышты.
«Бул козуну соёлу,
Бышырып мыктап тоёлу».
Козуну союп салганы,
Отун терип алышып.
От табалбай калганы.
Ал аңгыча караса,
Өгүз минген бир калмак,
Бастырып келип калыптыр,
«Оттугунду берчи» – деп,
Манас сурап калыптыр.
Үтүрөндөп бу калмак,
Бербей койду куу калмак.
Чурап туруп жаш Манас,
Оттук, бычак, белбоосун,
Белинен жулуп алыптыр.
Айбат кылып тура албай.
Ошо келген бул калмак,
Качып жолго салыптыр.
От жагып этти бышырды,
Калмактын ишин бүтүрдү.
Беш-алты бала чогулуп,
Этке мыктап тоюшту,
Жатып жыргап оңушту.
Бала Манас кечинде.
Дагы бир козу союптур.
Дагы этке тоюптур.
Айдап барбай козуну,
Талаага түнөп калыптыр,
Чатакты мындай салыптыр,
Балдардын баары уктады,
Жамбашы жерге ыктады.
Манас жүрөт уктабай,
Жатып жерге ыктабай,
Таң агарып атканда,
Бала Манас ошондо,
Жана бир козу сойгону,
Жолдош балдар баарысы,
Туруп этке тойгону.
Айылдагы кишилер,
Баары келип чуркурап,
Кокуйлашып буркурап,
Жакыптын тентек Манасы,
Кайдан келди балаасы!
Козу менен балдарды,
Бөрү көзүн ойду деп,
Канын ичип тойду деп,

Жетип келип баарысы,
Аксакалдуу карысы.
«Балдар аман, козу аман.
Бала Манас тентектин,
Тентектиги эң жаман.
Кебелбейт да кенебейт,
Ошо жандын баарысын
Бучкагына теңебейт.
Анда Ошпур эмне дейт:
«Бала бербей Жакып бай,
Балааны берген турбайбы,
Катуураак айтсам бул мени.
Баласы Манас урбайбы!
Бай Жакыпка барайын!»
Манастын кылган кылыгын,
Башынан аяк калтырбай,
Баарын айтып салайын.
Бул Манастан мен Ошпур,
Кутулуп тынып калайын!».
Деп, ошентип Ошпур бай,
Бай Жакыпка келгени,
Келип салам бергени.
Алигин Жакып алганы,
Мына ошондо Ошпур бай,
Манастын кылган кылыгын.
Бай Жакыптын өзүнө,
Бир баштан айтып салганы.
«Балаңды алгын теги – деп,
Балаага салба мени деп.
«Тартып алды талаадан,
Карып калган калмактын,
Оттук менен бычагын.
Манасты берип колума,
Мал багып, мал табамын».
Алдап-соолап Жакып бай,
Тентек бала Манасты,
Ээрчитип алып кеткенин,
Артынан көргүн неткенин.
Мени жаман кычадың!
Козунун баарын кырды – деп,
Кызыкты минтип кылды – деп».
Чыйырды туруп кеп айтат:
Чымырканып бек айтат,
Малың менен куруп кал,
Ач бөрүдөй улуп кал!
Балама калмак кылбасын,
Кылып жаны тынбасын!
Алып келгин баламды,
Койчуга берип телмиртип,
Башыма салдың заманды».
Мына ошондо Жакып бай,
Аккуланы жетелеп,
Койчу Ошпурду ээрчитип,
Жөнөдү Жакып энтелеп.
Жетип барып бай Жакып,
Манасына кеп айтат:
«Кетели балам» – деп айтат,
«Күндө үчтөн козу союпсуң,
Калмакты уруп коюпсуң!
Алып кел деп баламды,
Энең алды эсимди,
Баласын малай берди – деп,
Эл кайтарды тезимди!».
Анда Манас кеп айтат:
«Мен барбаймын үйүңө,
Малды жакшы багамын.

# МАНАСТЫН КАЛМАКТАРДЫ КЫРГАНЫ

Жакып байдын сан жылкы,
Көргөн жанга таң жылкы.
Жакып байдын көп жылкы
Санатына сан жеткис,
Баары окшошкон кур жылкы.
Жерге сыйбас жылкыны
Ар жерге бөлүп салчу экен.
От майына калмактар,
Жакып байдын өзүнөн,
Санатып жылкы алчу экен.
Кортук аттуу бир калмак,
Камактардын калдайы,
Кортук калдай кеп айтат,
«Жолдон тозуп Жакыпты,
Дагы жылкы алалы,
Бербеймин десе Жакыптын
Башына азап салалы!».
Деп, ошентип ал Кортук,
Он чактыдай калмакты
Кашына Кортук алганы.
Келе жаткан Жакыптын
Жолунан тосуп калганы.
Жылкынын баарын кубалап,
Чаңдатып жолго салыптыр.
Жакып байдын алдынан,
Калмактар чыгып калыптыр.
Анда Жакып кеп айтат:
«Кызыл май кылып жылкыны,
Баарың айдап дүргүтүп.
Не балаа болду? – деп айтат.
Кепке сөзгө келбестен,
Жакыпка жооп бербестен,
Кортук калмак теминип,
Жакыпты башка салганы.
Башына камчы чабылды,
Тебетей чаңы кагылды.
Башы карыш айрылды.
Карап туруп жаш Манас,
Атасына кайгырды.
Теминип барып жаш Манас,
Жылкычы Иман колунан,
Укуругун алганы,
Качырып кирип ошондо.
Кортукту башка салганы.
Мээси кетти чубалып,
Жыгылды Кортук кубарып.
Кортук өлдү таң болуп,
Жыгылган жери кан болуп.
Калган калмак камынды,
Жаш Манаска жабылды.
Жана Манас чапканы,
Укурук тийген калмактан
Бирөө да аман кайтпады.
Чапканы түштү чалкадан.
Урганы түштү узундан,
Бели сынды бир калмак,
Буту сынды үч калмак.
Калганы качып калганы,
Токтобой жолго салганы.
Бай Жакып турду кайгырып.
Ордум менен соолдум – деп,
Акылынан айрылып.
Мына ошондо жаш Манас,
«Үңкүрдөн көргөн кырк киши,
Ошолор кайда экен – деп,
Кашыма келер бекен деп,
Оюна Манас алганы,
Ачып көздү жумгуча

Кырк киши келип калганы.
«Коркпогун балам сен, – деди.
Ушу турган калмактар.
Сага болбос тең деди.
Корук кылган жерине
Жылкыңды айдап сал деди,
Мында токтоп турбастан,
Үйүңө кетип кал деди.
Жараткандын буйругун,
Эртең көрүп ал» – деди.
Жакып турат кайгырып,
«Тукум курут болдум – деп,
Акылынан айрылып.
«Өлтүрөт калмак өзүмдү,
Сени дагы соо койбойт,
Кашайтат эки көзүңдү!
Талаанга кетет малым – деп,
Азапка түшөт жаным – деп».
Жакыптан Манас кеп сурайт,
Ата, сен жайыңды айтчы
деп сурайт.
Анда Жакып кеп айтат:
«Жалгыздыгы курусун,
Айдалып келдим жеримден,
Ажырадым элимден!
Уругум кыргыз эл болгон.
Атыша келген душмандын
Ичи толгон дем болгон,
Кыргыздан кытай кем болгон.
Ошо кезде кыргызга
Кылымдын баары жем болгон.
Кыйшайып иши баратса,
Кырк чилтен кайып дем болгон!
Чоң атаң Ногой кан болгон,
Алышкан душман нан болгон!
Ногойдон болгон төрт бала,
Алардын ар кылган иши
бир балаа.
Аксакалы Орозду,
Андан кийин Үсөндү,
Үсөндү кытай түздөдү!
Андан кийин Бай болот,
Кенжеси Жакып мен болом.
Атаң Ногой өлгөндө,
Акырет жайды көргөндө,
Орозду агаң кан болгон,
Кандыгы журтка даң болгон.
Как ошондо баарыбыз.
Атабыздан жаш калып,
Акылдан такыр бош калып.
Жердин элдин кадырын,
Биле албастан турганда,
Бизди Кудай урганда.
Кара кытай манжуудан
Каптаган калдың кол келди.
Кара курттан мол келди.
Кыргынды кыйла салганы,
Кыйла жан өлүп калганы.
Азып кетип кыйрынан,
Атаңдын ичте арманы.
Букарабыз бул күндө,
Башты кытай кармады!
Элиң кеткен өлүмгө.
Балам тууганың кеткен
бөлүмгө!».
Атасынан кеп угуп.
Ар кылыгын эми угуп.
Бала Манас кайгырды,
Акылынан айрылды.
Жакыпты Манас ээрчитип,
Жаш кулундай телчитип.
Барды Жакып үйүнө,

Чыйырды менен Бакдөөлөт
Басып чыкты сүйүнө.
Аны таштап салыңар,
Калың калмак элинин
Алда кандай сөзү бар.
Кабарын угуп алыңар.
Калмактын баары калдырап,
Сөз сүйлөшүп балдырап:
«Жакыпты кандай соёбуз,
Жаш баласы Манастын.
Кара көзүн оёбуз,
Канын ичип тоёбуз!».
Деп, ошентип калмактар,
Алтайда калың калмакка
Кабарды катуу салыптыр.
Алтайдын калың калмагы.
Эр Домобил баш болуп,
Сапырылып калыптыр.
Эр Домобил келгени.
Бай Жакыптын жылкысын,
Теңин айдап бөлгөнү.
Өлгөн Кортук калмактын,
Дөгөн деген жакшысы,
Эки жүз үйлүү калмактын
Эл бийлеген башчысы.
Дөгөн чыкты айкырып,
Домобил деп кыйкырып,
«Өлгөн өлүк меники,
Эминең кетти сеники!
Ченеп алсаң болбойбу,
Миңди алсан көөнүң толбойбу!»
Дөгөн мындай дегенде,
Домобил кирди күүлөнүп,
«Кабар бердиң өзүмө,
Кантип чыдап турамын,
Ушул айткан сөзүңө!»
Деп, ошентип Домобил,
Дөгөндүн айлын каптады
Кыйласын кырып таштады.
Кортук калмак баласы,
Шакум экен өз аты,
Акылынын даанасы.
Өз кордугун көргөнчө,
Жат кордугун көрөйүн,
Жакып менен Манастын,
Алдына барып өлөйүн!»
Деп, ошентип ал Шакум,
Атына минип алганы,
Жакыпты көздөй салганы.
Кирип барып Жакыпка,
Тизеси жерге бүгүлдү,
Калмагынча жүгүндү.
Шакум бала кеп айтат:
«Атаке Жакып деп – айтат,
Өлгөн атам өлүптүр.
Өз кылганын көрүптүр!
Алтайдын кара калмагы,
Келди кырып элимди,
Кетирди менин демимди!
Алсыратты айлымды,
Чыгарбады дайнымды!
Ажыратып калмактан,
Куткаргын оор салмактан!
Корооңо келип коноюн,
Короолош тууган болоюн!
Айлыңа келип коноюн,
Айылдаш тууган болоюн!»
Шакум мындай дегенде,
Бай Жакып турду баркылдап
Айтып сөзүн каркылдап,
«Алтайлыкка баралы,
Алсыраткан калмактан,

Ажыратып алалы!»
Деп, ошентип бай Жакып,
Азаматтын баарына.
Аттан тандап мингизди,
Артыктыгын билгизди.
Айдарканга чаптырды,
Азаматтын баарысын
Аттан деп Жакып шаштырды.
Алты жүздөй кол менен,
Ачык кара жол менен,
Айдаркан келип калганы,
Баары-жогу ошондо
Аралашып алганы.
Ат куйругун түйгөнү,
Тебетейдин баарысын,
Байтал көтү кийгени.
Аламан койду баарысы,
Ошол койдун жамысы,
Алдына түшүп жаш Манас,
Манастап ураан чакырып,
Аралашты калмакка.
Тозоңду тоодой сапырып,
Жеткен жерин жапырып,
Аламанды кыргыздар,
Коюп кирди ошондо,
Миңден, жүздөн ар жерге,
Союп кирди ошондо.
Айбалталап чокусун,
Оюп кирди ошондо.
Керменин кара керүүгө,
Керип кетип баратат.
Сазайларын калмактын,
Берип кетип баратат.
Сакал менен мурутун,
Санап туруп кыргыздар,
Терип кетип баратат.
Алтай тоону бет алып,
Өрүп кетип баратат.
Көргүлүктү башкача,
Көрүп кетип баратат.
Миңден, жүздөн ар жерге,
Өлүп кетип баратат.
Өкүмүнө кыргыздын,
Көнүп кетип баратат.
Эр Домобил алдында,
Баштап кетип баратат.
Кабылан Манас жаш бала,
Карагай найза көк сүңгү,
Калмактардын жонуна,
Аштап кетип баратат.
Кабылан Манас жаш бала,
Домобилге жеткени,
Жеткен жерде калмакты,
Көмө коюп өткөнү,
Өөдө боло калгыча,
Шакум бала жеткени,
Кылыч менен кыя чаап,
Башын чаап өткөнү.
Домобилдин колунан,
Кыйласы өлүм тапканы.
Амандары кутулуп,
Алтайга кире качканы.
Калмактардын күрмө тон,
Чечип жаткан андан көп,
Койдой кылып баштарын,
Кесип жаткан андан көп.
Бозуп жүргөн аттарды,
Айдап жүргөн андан көп.
Колго түшкөн калмакты
Байлап жүргөн андан көп.
Алдына салып кубалап,
Айдап жүргөн андан көп.

Колго түшкөн калмактар,
Ыйлаганы андан көп,
Ээрин сүйрөп бооруна,
Туйлаган аттар сандан көп.
Алтайлыктын калмагы
Талаада калды өлүгү,
Олжо болду Манаска,
Минип келген көлүгү.
Уруш токтоп калганы.
Казак менен кыргыздар
Манжуулуктун айлына,
Баары катар жүрүшүп,
Өкүрүктү салганы,
Өкүрүктү салышты,
Манжуулуктун баарысы,
Ат чылбырлап алышты.
Эки жүз үйлүү манжуудан
Төрт жүз киши өлүптүр.
Эсеп кылып түгөлдөп,
Өлгөндөрүн көрүптүр.
Калмактын Дөгөн карысы,
Айдаркан менен Жакыпка,
Басып келип кеп айтат.
«Бул өлүктүн баарысын,
Кылабыз кандай деп айтат.
Терең ор казып көмгүлө,
Башка келген балааны,
Учурунда көргүлө!»
Терең ор казып камдады,
Өлүктөрдүн баарысын,
Ошол орго салганы.»
Айдаркан, Жакып карысы,
Калмакка кайрат айтышты.
Манжуулуктун баарысын,
Жашы менен карысын.
Баштан алып бай Жакып,
Үйүнө келип түшүрдү.
Кур бээден союп бир топту,
Конокко Жакып күтүндү.
Кары дебей, жаш дебей,
Калмактардын баарына
Бирден кур ат мингизди,
Бирден ичик кийгизди,
Байлыгын Жакып билгизди,
Байдасын журтка тийгизди.
Короолош коңшу болушту,
Жакып байга кошулуп,
Калмактын баары оңушту.
Кортуктун уулу Шакумду,
Манжуулуктун элине,
Бий көтөрүп салганы.
Манжуунун беги болду – деп,
Ошондон кийин ал Шакум,
Мажик атка калганы.
Шакум аты жоголду,
Мажик атка коюлду.
Душманы тууган болуптур,
Тутуша келген душмандын
Тушунда Манас соруптур.

## ЭСЕНКАНДЫН ЖИБЕРГЕН КИШИЛЕРИ МАНАСТАН ӨЛҮМ БОЛГОНУ

Аны таштап коёлу,
Түпкү каны Эсенкан,
Кабарынан бололу:
Жаңжундан жаман кеп угуп,
Калдайдан кабар көп угуп,
Алтайга келген айдалып,

Тукумунан Ногойдун,
Манас чыкты деп угуп.
Буруттан Манас чыкты деп,
Алтайлыктын калмагын.
Кара жерге тыкты» – деп
Эсенкан кабар угуптур,
Кайгыланып туруптур.
Калдай, доотай, жаңжуңдар,
Эсенканга кеп айтат:
«Буруттан чыккан жаш Манас,
Эң кыйын душман деп айтат.
Ааламга салар түлүктү,
Чоңойгондо ал Манас,
Бээжинге салар бүлүктү!
Жашатпастан соёлу.
Кара көзүн оёлу!
Баштап кошуун чыгалы.
Бар тамырын кыялы!
Эсенкан анда кеп айтат:
«Жаңы туулган баланы,
Кай бетим менен жоолаймын,
Карагай найза боолайлы!
Же көтөрүп чыккан туусу жок.
Кулак тунган чуусу жок.
Жыйнап келген колу жок,
Өзүнчө жаткан бурутка
Кол баруунун жөнү жок.
Ал кылыкты таштайлы,
Башка жумуш баштайлы.
Асыл дүйнө буюмдан,
Нар төөлөргө арттырып,
Алтайлыктын элине,
Аралатып саттырып,
Ачык көздүү сынчылар,
Артык билгич тыңчылар,
Кошо барып кынасын,
Тентек бекен жоошбу,
Ал Манасты сынасын.
Тууралыктан жылбасын,
Бирөөнө убал кылбасын,
Жалган айткан жаман сөз,
Өтүрүк сөз – өлгөн сөз».
Деп, ошентип Эсенкан,
Жүз төөгө дүйнө арттырды,
Жүндөн аркан тарттырды.
Жыйырма малай беш сынчы,
Жана он баатыр аттанды.
Жүрөр жолун жатка алды.
Аз гана эмес мол жүрдү,
Бээжинден чыгып ушулар,
Толук алты ай жол жүрдү.
Аны таштап салыңар,
Алтайда жаткан Манастын,
Алда кандай сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Кыраан Манас жаш бала,
Азган-тозгон кыргызда,
Алтайдагы калмактан,
Жыйырма бала чоро алып,
Жылкыга барып жаш Манас,
Туу байталдан сойдуруп,
Туурап нарын койдуруп,
Чакмак алып,ордо атып,
Жолдошторун жыргатып,
Жаткан экен ушунда.
Эсенкандын адамы
Келип калды ушунда.
Кечип өттү ордону,
«Төөлөрдү ары тарткын» – деп.
Мына ошондо жаш
Манас Жолунан тозуп торгоду.
Жаш Манастын ошондо.

Томпой алып колуна,
Атып жаткан кези экен.
Басып өткөн төөлөрдүн,
Азабы жеткен чек экен.
Томпойду алып жаш Манас,
Катуу атып өткөнү,
Алдыңкы төөнүн кар жилик,
Талкалап томпой кеткени.
«Ушул кандай бала» – деп,
«Бизге салды балаа» – деп.
«Манас ушу турбайбы,
Колу-бутун кишендеп,
Тутпасак Кудай урбайбы!».
Башчылары бакырды,
Тутуп кармап алууга,
Баары кытай качырды.
Манас кирди бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Аралады кытайды,
Көрбөгөн адам мындайды.
Ойноп-ойноп өткөнү,
Ойногондо жаш Манас,
Онуна ажал жеткени.
Жана аралап өткөнү,
Жана аралап өткөндө,
Онуна ажал жеткени.
Сап кылды жалпы кытайды,
Ким көрүптүр мындайды.
Бар экен анда төрт, беш сарт,
Аман койду аларды,
Бала Манас ошол март.
Кытайлардын өлүгүн
Чуңкурга сүйрөп салганы.
Ошо турган жаш балдар,
Тамашага канганы.
Айылга киши чаптырды,
Аксакалды чакырды.
Айылдагы адамдар
Баары келип алыптыр,
Ушул ишти көргөндө.
Айран азыр калыптыр.
Акбалта, Жакып, Бердике.
Ал сарттардан кеп сурайт,
«Келдиңер кайдан? – деп сурайт.
Анда сарттар кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Алты ай болду чыкканга,
Бээжинден келдик» – деп айтат.
Кан жиберди биздерди,
Эң кыйын көрдүк сиздерди.
Алтайдагы Манасты
Билип кой деп жиберген,
Жумшап бизди имерген».
Сарттар айтып болгону,
Кайгырып Жакып толгонду.
Өлүп жаткан кытайлар
Кан кишиси турбайбы.
Какан канга катылган,
Акыркысы түбүндө,
Бизди Кудай урбайбы.
Кандай арга кыламын,
Кайда барып тынамын!
Бээжин бекем жер деген.
Берен калган кытайды
Беш жүз уруу эл деген,
Беттешкен аман келбеген.
Каканчындын калкы бар,
Канча кыйын алпы бар.
Катылышкан адамдын,
Канын ичкен наркы бар!».
Анда Манас күүлөнүп,
Атасына сүйлөнүп,

«Кансырап айтпа сөзүңдү,
Кандан кысуу келгенде.
Кармап бергин өзүмдү!
Кара жаным соо турса,
Калмакты каран кыламын,
Кытайды кырып тынамын!»
Аксакалдар төп деди,
Манастын сөзү эп деди.
Бээжин жатат беш айлык,
Бээжин бизди не кылар,
Берен Манас турганда,
Беттешкенди жер кылар!
Кайгы төлөө болобу,
Кайгырган киши оңобу,
«Эркек бала шок болсун.
Шок болбосо жок болсун».
Нар төөлөрдүн үстүндө,
Сан казына мүлк экен,
Бизге буюрган жараткан,
Чыга турган күлкү экен.
Баарын олжо кылалы,
Олжого минтип тыналы.
Талап алды олжого,
Алардын ишин болжобо.
Сарттарды бөлүп алганы.
Кайра үйүнө барганы.

## НЕСКАРАНЫН МАНАСТАН ЖЕҢИЛИШИ

Кара кытай журтунун
Нескара деген баатыры,
Адамдан артык акылы.
Кабарчыдан кеп угуп,
Алтайга барган буруттан,
Калмактын журтун кыйратып,
Жаш Манас чыкты деп угуп.
Чоңойтпой кармап алууга,
Жаштайында Манасты,
Өлүм кылып салууга,
Ач арстандай чамынып,
Аксыдан чыкты камынып.
Алты сан кара кол алып,
Ат майышкан туу алып.
Алтай тоого барыптыр,
Алтайдагы калмакта,
Жайсаңбай деген чоң байдын
Түп көтөрө жылкысын,
Айдап жолго салыптыр.
Жайсаңбайды чапты – деп,
Нескара кытай баатыры,
Эсебин чогуу тапты деп.
Кабарчыдан кеп угуп,
Кабылан Манас жаш бала.
Как ушундай деп угуп.
Жакыптын малын алдым – деп,
Жайсаңдын малын алыптыр,
Кабарчылар Манаска
Ушундай кабар салыптыр.
Бул кабарды укканда,
Бала Манас түйүлүп,
Соот, чопут кийинип.
Кара боюн чыңданып,
Жоо-жарагын тыңданып.
Элинен бир миң кол алды,
Нескаранын артынан
Удаа жүрүп камданды.
Артынан жетти айкырып,
Манастап ураан чакырып.
Жолунан тороп алганы,
Нескарадай баатырга
Жоболоңду салганы.

Майдан тартып турушту,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Аралап Манас киргени,
Нескаранын көп колун,
Ителги тийген таандай,
Ийрип айдап сүргөнү.
Нескара кытай баатыры,
Манаска кирди бакырып,
Манжуулап ураан чакырып.
Жекелеп айтып бакырды,
Кел, Манас! деп чакырды.
Бала Манас ошондо,
Нескара үнүн укканда,
Доошу катуу чыкканда,
Манастап айтып бакырып,
Нескараны качырды,
Сыймыгын баштан учурду.
Манаска беттеп туралбай,
Качырып найза уралбай,
Качып калды Нескара,
Абдан болду маскара.
Манас барат такымдап,
Нескарага жакындап.
Бел толбогон Аккула,
Как чокусу как кула,
Ала-Тоолуу муз дабан,
Ашып алып Нескара,
Бээжинди карай кеткени,
Кууган менен Аккула,
Нескарага жетпеди.
Өкүнүп Манас калганы,
Кайта жолго салганы.
Нескаранын көп колу,
Аттан түштү буркурап,
Колдорун алып төбөгө,
Баары тегиз чуркурап.
Жансоогалап ыйлады.
Көздөн жашын тыйбады.
Анда Манас кеп айтат:
«Ыйлабаңар калың кол,
Кетиңер аман» – деп айтат.
Ошончо колдун баарысы,
«Жаның жайыл, Манас – деп,
Кетпей нууган болобуз,
Кеткенде кайдан оңобуз?»
Манаска баары эл болду.
Бели таңуу дем болду.
Жайсаңбай келди дабырап,
Эл болдум, сага бурут – деп.
Көп сөздү айтып божурап.
Жайсаңбайдын көп эли,
Аларда нууган болушту,
Аралаша конушту.

## МАНАС ЖОЛОЙДУ ЖЕҢГЕНИ

Акбалта, Жакып, Бердике,
Аксакалдар кеңешип,
Акылдарын теңешип,
Аксакалдар кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
«Ар качандан бир качан,
Сактык керек адамга,
Саңыроо болуп албайлы,
Туйгун жатып душманга,
Алдырып кокус салбайлы.
Кытайлар бизди имерди,
Алда канча баатырын
Ушу бизге жиберди.
Кароолду катуу коёлу,

Чыңгоолду чындап көрөлү.
Капысынан бастырбай,
Аңдып келген душмандын,
Сазайын колго берели!».
Деп, ошентип карылар,
Кадиктүү жолдун баарына,
Кароолчулар койгону,
Капыстан келген душмандын
Кара көзүн ойгону.
Коломтодон кор чыккан.
Кара калмак элинен,
Балбан Жолой зор чыккан.
Кан Эсенкан Жолойдун
Балбандыгын уккан соң.
Кара калмак элинен,
Балбандыгы ашынып,
Даарып Жолой чыккан соң,
Кан Эсенкан Жолойду,
Өзүнүн алган кашына,
Аскердин койгон башына.
Миң төөгө чай жүктөтүп,
Жүз жолдошу кашында,
Балбан Жолой башында.
Чыландын улуу жол менен
Өткөн экен ошондо.
Кабылан Манас ошондо,
Кароолчудан кеп угуп,
Чай жүктөтүп миң төөгө,
Чыландын улуу жол менен,
Баратат Жолой деп угуп.
Арстан Манас айкырып,
Чоролорун кыйкырып,
Жоо-жарагын камданып,
Аттанып чыкты чамданып.
Жолун тосуп алганы,
Жолборстор уруш салганы.
Жүз жолдошун кыйратты,
Бул Жолойду ыйлатты.
Балбан Жолой баатырды,
Ачбуудан деген аты бар,
Айбандан башка заты бар.
Манас беттеп туралбай,
Беттеп уруш кылалбай.
Жолой жолго салыптыр.
Кабылан Манас артынан,
Кашкая кууп алыптыр.
Айбандан тулпар
Ачбуудан, Ала-Тоодо муздаган,
Аша чуркап кеткени,
Арстан эрдин Аккула
Жаштык кылып жаныбар,
Ачбууданга жетпеди.
Төө менен чай, аттарын,
Мылтык, кылыч жарагын,
Олжо кылды карагын.

## МАНАСТЫН КАН КӨТӨРҮЛГӨНҮ

Калктын баары кеңешип,
Акылдарын теңешип,
«Эндекей жатып албайлы,
Акыл-эсти жыйнайлы.
Калмак менен кытайга,
Кылыкты кызык баштадык,
Кыйла баатыр эрлерин
Кыргын кылып таштадык.
Кылганыбыз апанык,
Эсенканга угулду,
Эсенкандай чоң кандын
Жүрөгү оозго тыгылды.

Эсенкан бекер жатпайт ко,
Элөөсүз жаткан бул бизди,
Толкуган дайра көл менен,
Бир күнү келип каптайт ко.
Эми карап турбастан,
Элди санга салалы,
Эл эсебин алалы!
Калкты санга салалы,
Калк эсебин алалы.
Арабыздан бирөөнү
Кан көтөрүп алалы.
Кандуу журт болуп алалы».
Деп, ошентип баарысы,
Айдаркан, Жакып карысы,
Акылдашып калышты.
Көлчүлүгү эп деди.
Ушу макул кеп деди.
Калкты санга салганы,
Калк санатын алганы,
Калкты тактап санаса,
Токсон миң болуп калганы.
Токсон миң толуп болуптур,
Токтолуп көңүл толуптур.

Ногойдон калган алтын туу,
Аягын жерге сайылтып,
Асабасын караса,
Асманды көздөй жайылтып.
Орнотуп тууну таштады,
Эми тойду баштады.
Токсонду сойду толкутуп,
Азамат көөнү толукшуп.
Ала-Тоодой эт кылды.
Ала-Көлдөй чык кылды,
Тойго келген адамды
Эт менен майга жык кылды.
Он төрт жашта Манасты
Ак кийизге салганы,
Жети айлантып көп болду.
Кан көтөрүп салганы,
Мындан кийин ошо журт,
Кандуу журт болуп калганы,
Мындан кийин жаш Манас,
Тулпар аттар байлатты.
Эр азамат жигитке
Жарак-жабдык шайлатты.

## АЙГОЖОНУН КЕЛИШИ

Медина Меке жеринен,
Белгилүү араб элинен,
Акбайгамбар тукуму,
Нурку араб укуму,
Аты болгон Айгожо,
Мусулман динин жай кожо.
Пайгамбар берген аманат,
Жердин жүзүн кыдырып,
Ач албарс менен Аккелте,
Тапшырбасам жаманат!»
Деп, ошентип Айгожо,
Иман нурга бай кожо.
Кырк жолдош алып кашына,
Кырк ак төөгө азыгын,
Айгожо жүктөп алыптыр.
Күн чыгышты бет алып,
Айгожо жолго салыптыр.
Аттанып алып Мекеден,
Аз гана эмес, мол жүрүп.
Он эки ай толук жол жүрүп,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Агыны катуу суу кечип,

Түркстанды аралап,
Алтайдын тоосун саралап,
Жетти Алтай жерине,
Кеңири калмак элине.
Сурамалап Манасты,
Айгожо келип калганы,
Арабдан элчи келди деп,
Арстан Манас баатырга,
Кароолчу кабар салганы.
«Арабдан болсо келсин деп,
Келип жүзүмү көрсүн» – деп,
Манас айтып салыптыр,
Келсин деп жооп тийген соң,
Арабдардын баарысы,
Айгожо баштык карысы.
Арстан Манас ордого
Азыр келип калышты.
Желдеттер атын алышып,
Эшик тартып калышып,
Салам айтып көрүшүп,
Колдорунан өбүшүп,
Отуруша калышып,
Алакан жайып, кол ачып,
Бата кылып салышып.
Анда Манас кеп айтып,
«Кош келдиң, кожом» – деп айтат:
Манас айтып токтолду,
Оозун ачып Айгожо,
Сөз айтууга октолду:
«Түп жайымы айтайын,
Айта түшүп кайтайын,
Медине, Меке жерибиз,
Беш түркүн араб элибиз.
Арабдан чыккан илгери,
Ак байгамбар Мустапа,
Жер жүзүнүн көбүнө,
Шарияты тараган,
Үмөт болгон мусулман,
Мухамедге караган.
Араб элдин укуму,
Ак байгамбар тукуму,
Айгожо деген мен болом,
Арстан Манас өзүнө,
Бул дүйнөдө дем болом.
Байгамбар ак, дини ак,
Башаалар минген алтын так.
Байгамбар берген аманат,
Бербей койсоң жаман ат.
Ак келте менен Ач албарс,
Азыр берем колуңа,
Токтолуп турбай бул жерге,
Кайта салам жолума».
Деп, ошентип Айгожо,
Аманатты тапшырып,
Ар бир сөзүн ашырып,
Шарият сөзүн шар айтып,
Калтырбастан жара айтып
Ар качантан бир качан,
Арстан Манас өзүндөн,
Кабар алып турамын.
Казат кылсаң капырга,
Өзүм туруп башында,
Дуба берем баарыңа».
Кол кармашып Айгожо,
Кайта кетти жерине,
Кадимки араб элине.

## МАНАСТЫН КАРАБӨРКТҮ АЛГАНЫ

Бир күнү Манас ойлонуп,
Ойлоп акыл толгонуп:
Ар качандан бир качан.
Ушу менин өзүмө,
Калмак менен кытайлар
Кастарын тикти капырлар.
Асылганын койбоду,
Алабыз деп ойлоду.
Алты-шаар, Кумул жери бар.
Ал жакта кара кытайдын.
Албан түрдүү эли бар.
Толуп жаткан каны бар,
Санат жеткис жаны бар,
Ошол кандар кеңешип,
Алтайда жаткан бул бизге
Келүүгө кылган камы бар.
Менден качып кутулган,
Нескара менен чоң Жолой,
Кабар берген чагы бар.
Келтирбестен баралы,
Кызыталак капырга
Керишти кеңир салалы.
Ошол кандар ичинде
Кайып кан деген каны дейт,
Калкынын канча саны дейт,
Анын кызы Карабөрк
Ургачы болгон жеринде.
Эч болбойт экен андай көрк.
Барып кызын алалы,
Бербеймин десе, Кайыпка
Акыр заман башына,
Ошол жерде салалы!
Бир эле Карабөрк эмес,
Миң кызын олжо алалы.
Ат сооруна салалы» –
Деп, ошентип эр Манас,
Кол кошунун камдады.
Кумулдун жерин карата
Аттанып жолго салганы.
Найзанын учу чабышып,
Азамат башы кагышып.
Аз гана эмес мол жүрүп,
Арада канча жол жүрүп,
Кумулдун келди жерине,
Кумдай кытай элине.
Кайыптын шаарын камады,
Тышка чыккан адамын
Карсылдатып сабады.
Мына ошондо Кайыпкан
Кабарчыдан кеп угуп,
«Алтайда жаткан шер Манас
Калың кара кол менен,
Каптап түштү» – деп угуп,
Жүрөгү кетип кабынан.
Билеги кетип сабынан.
«Айла кандай болот деп,
Ачууланса ал Манас,
Атпай журттун баарысын,
Ажыдаардай сорот, – деп.
Жалынсаң жаның койбойт, – деп,
Жалбарган менен болбойт, – деп.
Арага элчи салалы,
Аныктап кабар алалы.
Айтканына көнөлү,
Аябай тартуу берели».
Деп, ошентип Кайыпкан,
Көдөң, Кодур чеченин,
Калктан чыккан эченин.

Арага элчи жиберди,
Айтып сөзүн имерди.
Көдөң, Кодур келгени
Арстан Манас алдына,
Кытайынча жүгүнүп,
Келип салам бергени.
Көдөң, Кодур чечени,
Кызыл тилин кайрады,
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна.
Сурмалуу беттен жаш акса,
Суусу кимдин койнуна.
Арстан Манас баатырым,
Шер экениң чын болсо,
Дарыя чалкар, чоң деңиз,
Көл экениң чын болсо,
Самаганың алыңыз.
Кумулдун калың көп элин,
Аман таштап салыңыз!
Кааласаң кандык алыңыз.
Кара журттун баарысын,
Кан төгүлчү кыргындан.
Калас кылып салыңыз!
Элчи болуп биз болдук,
Каарыңа чыдабай,
Эсибиз ооп сенделдик!
Элчилерден сөз угуп,
Баш ийди кандар деп угуп,
Анда Манас кеп айтат:
«Андай болсо элчилер,
Макул, болот деп айтат.
Карабөрк баштык бир миң кыз,
Тартуубузга берсин де,
Айткан сөзгө көнсүн де,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Атыша турган жерине
Аскерин камдап келсин де!
Бар элчилер ылдам кайт,
Менин айткан сөзүмдү
Кандарыңа барып айт»!
Манастын сөзүн жатка алып.
Ушул келген элчилер,
Аттарына аттанып,
Кандарга кайта барыптыр.
Манастын айткан сөздөрүн
Төкпөй-чачпай салыптыр.
Анда туруп Кайып кан:
«Кыз уяты сатуу, – деп,
Каалап келсе Манаска,
Карабөрк кызым тартуу, – деп.
Элчини кайра чаптырды.
Кабылан Манас астына,
Элчилер келип турганы.
Кайыпкан айткан сөздөрүн,
Төкпөй-чачпай урганы.
Колдун баары дабырап,
Шаарга кирди жабырап.
Керней-сурнай тарттырып,
Күтүп алды Кайыпкан,
Аземин башка арттырып.
Алтын тууну аштады,
Толкута тойду баштады.
Кырк бир күнү кыңшытты,
Кыдырата шимишти,
Карабөркту Манаска.
Кыйдырды нике Кайыпкан,
Олуя чалыш Жайык кан.
Өзү да болду мусулман,
Эли да болду мусулман.
Арстан Манас баатырга
Алты-Шаар, Кумул карады,
Бардык шаардын элине

Мусулман дини тарады.
Толук кырк күн той болду,
Мына ошондой жай болду.
Жебиргеси жер чийип,
Жекесан үнү баш жарып,
Жүз нарга жүгүн арттырып,
Бир миң кыз берип тартуута,
Жөнөтүп чыкты Кайып кан,
Керней,сурнай тарттырып.
Арада нечен жол жүрүп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Жетти Алтай жерине,
Аземилдин белине,
Отко кийрип, той берди,
Тоюна калың эл келди.

**БИЛЕРИКТИН ОКУЯСЫ**

Дүйнөнү тынбай кыдырган,
Жердин жүзүн сыдырган.
Жангер кожо өз аты,
Жер кыдырган адаты.
Билерик жалгыз баласы,
Көзүнүн анык карасы.
Алты шаар жеринде,
Жер кыдырып жүргөндө,
Нескара кытай баатыры,
Билерикти алыптыр.
«Кайда барсаң анда бар»,
Деп, ошентип Нескара,
Кожону жолго салганы.
Билерикти апарып.
Терең орго салганы,
Жарыкчылык дүйнөнү.
Билерик көрбөй калганы.
Кожо кетти буркурап,
Чымындай жаны чыркырап.
Сай-сөөктөрү быркырап.
Кожо кетти кайгырып,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай.
Акыл-эстен айрылып,
Бир жерге барып тик түштү.
Жыгылып Кожо бүк түштү.
Жатып көзү илинип,
Карып болгон Кожого
Бир жакшылык билинип.
Түшүнө кирди Кожонун
Ак селдечен дубана,
Дубана анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кундуз, Талкан жеринде,
Катаган деген элинде,
Кошой деген эр болот,
Миң кишилик күчү бар,
Кара кулак шер болот.
Катагандын кан Кошой,
Кундуз,Талкан жайлаган,
Кундуздай кара ат байлаган.
Куралган калың душмандын
Келдесин жулуп чайнаган.
Арыз айтып баргын Кошойго,
Ааламдын шери ошого.
Бошотуп Кошой балаңды.
Кара кытай, манжуунун
Башына салат каранды».
Жаангер кожо ошондо,
Уйкусунан ойгонуп.
Оң жагына толгонуп,
Эбедейи эзилип.

Эт тырмагы жазылып,
Шашып намаз окунуп,
Боз бууданын токунуп,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Келип жетти Кошойго,
Ат аябай мол жүрүп.
Кошойду көрүп айкырды,
Бүк түшүп Кожо бакырды,
Анда Кошой кеп айтат:
«Көтөргүн Кожом, башыңды,
Төкпөгүн көздөн жашыңды.
Колумдан келген иш болсо,
Аябаймын жанымды.
Сага кордук ким кылса,
Төгөрмүн суудай канын»,
Кожо сөздү баштады,
Сөз айтуудан шашпады.
Кожонун угуп сөздөрүн,
Катагандын кан Кошой
Чачыратты көздөрүн.
Жалын чыкты көзүнөн.
Шамал чыкты оозунан.
Ооздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Кайратын көргөн адамдар
Туру албастан кашына,
Баары качты дыркырап.
Каарданып кан Кошой,
Ач арстандай чамынып,
Ар шайманын камынып.
Он эки илек кол менен,
Опол-Тоо кеткен жол менен
Жөнөп калды аттанып,
Жүрөр жолун жатка алып.
Кашкарды басып өткөнү.
Как Аксыга жеткени,
Аксыда жаткан Нескара,
Жетип аны камады.
Тышка чыккан жан койбой,
Карсылдатып сабады.
Талкалады чептерин.
Так кетирди эптерин,
Буркандарын кыйратты,
Кечилдерин ыйлатты.
Чыгарып алды орунан,
Билериктей баланы.
Нескаранын башына,
Жеткирди мыктап балааны.
Нескара тоого качыптыр,
Башынан учуп сыймыгы
Акылынан шашыптыр.
Сыймыгы баштан учуптур,
Катагандын кан Кошой,
Кара кытай, манжуунун
Кечилдерин бычыптыр.
Мусулман динге салыптыр.
Мусулман динге кирбеген,
Өлүм болуп калыптыр.
Катагандын кан Кошой,
Аттанып чыгып Аксыдан,
Алтайдагы Манаска
Учурашка барыптыр,
Манаска Кошой көрүшүп,
Айкалышып эки дөө,
Айтканына көнүшүп.
Манас, Кошой кеңешип,
Акылдарын теңешип.
Эми Кошой кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Арстан Манас, кебимди ук,
Калың кытай бетине.
Кара калмак четинде.

Мында токтоп турбастан,
Токтолуп моюн бурбастан,
Түркстандын жерине.
Түп атаңдын элине,
Самаркандын жерине.
Сан мусулман элине.
Мындан көчүп кеткиниң,
Самарканга жеткиниң.
Самарканга сен барсаң,
Канатташып туралы,
Капырга казат куралы!»
Деп, ошентип Кошой дөө,
Акыл сөзүн айтканы,
Айтып Кошой кайтканы.

## МАНАСТЫН САМАРКАНГА КӨЧКӨНҮ

Авасы Бакай кеткенин,
Арстан Манас баатырдын,
Артынын көргүн неткенин.
Алтайдан Манас көчкөнү,
Ашыгып үйдү чечкени
Кызыл куйрук нарларга
Жүктүн баарын арттырып,
Ар нарлардын үстүнө
Калыдан килем жаптырып,
Жибектен аркан тарттырып.
Коколору көнөктөй,
Баары окшош тептегиз,
Коңгуроолу кара нар,
Колго көчү барабар,
Козголгондо Манастын,
Салтанатын караңар!
Жебилгеси жер чийип,
Жекесан үнү баш жарып,
Алтайдын бети жоюлуп,
Аземдүү сулуу чоюлуп,
Жер союлуп жошулуп»
Малы малга кошулуп,
Басып өтүп Жылдызды,
Суудан кармап кундузду.
Тарагай менен Аксайды
Катар басып өткөнү,
Эки ай көчүп арада,
Кең Алайга жеткени.
Арстан Манас баатырың
Барып конду Алайга,
Манас келип конду деп,
Даңкы кетти далайга.

## МАНАСТЫН АЛООКЕ КАНДЫ БАГЫНТКАНЫ

Манжуу, кытай нуркунан,
Маргаланда кан болгон,
Алооке деген кан чыккан,
Айбатынан жан чыккан.
Маргаланды жай кылып,
Курап турган Алооке,
Дин мусулман болгонду,
Каарын төгүп аябай,
Сурап турган Алооке.
Алты миң жамбы, миң кундуз.
Айда санап алымга,
Алып турган Алооке,
Бир ооз жооп айткан кишини,
Токтотпостон карматып.
Чалып турган Алооке,
Калың журттун башына,
Аябаган дүрмөктү
Салып турган Алооке.

Алтымыш уулу болуптур,
Эң кенжеси Коңурбай,
Артыкча арбак конуптур.
Бээжинге барып бу кезде,
Окуп жүргөн Коңурбай,
Ар өнөрдү көңүлгө,
Токуп жүргөн Коңурбай.
Алооке кан кеп угуп,
Алтайга кеткен буруттан,
Кең Алайдын жерине,
Манас келди деп угуп,
Саадактын огун жонду деп,
Сандыргасын арттырып,
Керней, сурнай тарттырып,
Келип конуп калды деп,
Алайды ээлеп алды деп,
Бул кабарды укканда,
Ачууланып сүйлөнүп,
«Атаңдын көрү, бу бурут,
Ааламды бузган куу бурут,
Какан кандан качыптыр,
Дүнүйөсүн чачыптыр.
Арзан жоосу менминби,
Мен Манастан кемминби!
Суроосуз конуп жериме,
Суктук кылып элиме,
Чыйраксынып келиптир,
Кең Анжиян жериме!
Боктобосун жеримди,
Боздотпосун элимди.
Айтканыма көнсүн де,
Алымымды берсин де.
Айтканыма көнбөсө,
Алымымды бербесе,
Көрүнбөсүн көзүмө.
Таарынбасын ал бурут,
Таңда күнү өзүмө!»
Кайрат сөздү көп айтып,
Өзүнүн сөзүн эп айтып,
Элүү киши жолдошу,
Эр Тизелик жолборсу.
Элчи кылып Манаска.
Тизеликти жиберди.
Адамдан аяр Алооке,
Ал Манасты имерди.
Манаска келди Тизелик,
Сөзүн айтып түзөлүп.
Жигиттер атын алыптыр,
Коомасын айтып кожурап,
Баатыр Манас үстүнө,
Тизелик кирип барыптыр.
Алоокенин сөздөрүн,
Тизелик айтып кожурап,
Таштабай айтты божурап.
Кандан келген элчи деп,
Ар даамды таттырды,
Конок кылып жаткырды.
Тогуз атты мингизди,
Кабылан Манас султаның
Тойгондугун билгизди.
Эртең барам кайт деди,
Менден уккан сөзүңдү,
Каныңа барып айт деди.
Аттанып кетти Тизелик,
Жолго түштү түзөлүп.
Тизеликти кетирип,
Кабылан Манас султаның.
Колун жыйды күтүнүп.
Бир сан кошун кол менен,
Кең Алайдын жол менен,
Манас жүрдү күңгүрлөп.
Барабан согуп дүңгүрлөп.

Маргалаңга жеткени,
Жетип келип ошондо.
Алоокеге беттеди.
Манас келип калганы,
Манасты көрүп Алооке,
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан,
Айраң азыр калганы.
«Манаска кантип теңелем,
Теңелем десем жеңилем.
Айтканына көнөйүн,
Букара болуп берейин.
Алдап-соолап Манасты,
Эптеп Бээжин жөнөйүң.
Деп, ошентип Алооке,
Жаңжуңду алып жанына,
Дуудусун алып кашына,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Коомасын айтып жүгүнүп,
Анда Алооке кеп айтат:
«Арстан Манас деп айтат,
Корктум баатыр өзүңдөн,
Колодум баатыр жүзүңдөн,
Алтын такты мингиниң,
Айтканымды билгиниң!
Кандыгымды алгының,
Калабаңды баштабай,
Калас кылып салгының.
Өлтүрбөгүн өзүмдү,
Жан соогалап турамын,
Уккун айткан сөзүмдү!
Сунуп берген моюнду,
Суурган кылыч кеспейт, – деп,
Мурункудан калган кеп» –
Деп, Алооке басылды,
Аркасынан токтобой,
Манастын оозу ачылды:
«Андай болсо акыр – деп,
Айтканыңа макул – деп,
Сураганым бергиниң,
Суктанган сөзгө көнгүнүң.
Аксакал уулуң Бооке экен,
Боокени мага бергиниң.
Бербеймин десең Боокени,
Болжошор жерге келгиниң!
Коңгуроолу агаңдын,
Кашабыш деген баласы,
Ишинде жок чаласы,
Кошабышты бергиниң.
Кошабышты бербесең,
Койгулашар жериңе,
Колуңду курап келгиниң!»
«Айтканыңды алгының,
Алып жолго салгының.
Деп, ошентип Алооке,
Бооке менен Абышты,
Арстан Манас баатырга
Алып келип тапшырды.
Эми Манас кеп айтат:
«Ой, Алооке деп айтат,
Туттуң менин сөзүмдү,
Акылдуу көрдүм өзүңдү.
Тийбеймин сенин диниңе.
Жата бергин жай алып,
Анжиян тоосун таянып».

## МАНАСТЫН ШООРУК КАНДЫ ЖЕҢГЕНИ

Калчанын каны Шоорук кан,
Алайга Манас конду деп,
Өзүнөн өзү оолуккан.
Кан Шоорукан оолугуп,
Анда-санда соолугуп,
Кан Шоорукан күүлөнүп,
Кайраттанып сүйлөнүп,
«Кабарчыдан сөз уктум,
Катасы жок мен уктум.
Айдалып кеткен Алтайга,
Атасы менен бабасы,
Айткандын жоктур катасы,
Алтайга кетип куулуп,
Ошол Алтай жеринде,
Чыгыптыр Манас туулуп.
Алтайдагы калмакты,
Тентектиги ашынып,
Калмакка салып салмакты.
Кара калмак элине
Кыргынды кыйла салыптыр,
Токтоно албай Алтайга,
Ушу кезде ал Манас,
Алайга келип калыптыр.
Упуратат жеримди.
Орун алып тынчыса,
Ушалайт го элимди.
Камындырбай баралы,
Башына каран салалы!
Жетип малын айдайлы,
Элинин четин жайлайлы,
Колду жыйып баралы,
Компондогон кыргызга,
Кордукту мыктап салалы!
Жерибизди боктотпой,
Кутулалы калалы!» –
Деп? ошентип Шоорук кан,
Сандаган кошун кол жыйды,
Кол жыйганда мол жыйды.
Кара боюн тыңданып,
Жоо шайманын чыңданып.
Жылкыга таңкыс жер экен,
Эчки, кою, төөсү
Санат жеткис көп экен.
Кара-Тегин жер экен,
Уруусу Калча эл экен.
Ал Калчаны башкарган,
Кан Шоорукан дээр экен.
Аскеринин баарысы,
Жашы менен карысы,
Жапырт төөгө мингени,
Жабыла жолго киргени.
Найзалары беш кулач,
Түрүн көргөн оолак кач.
Келип калды Алайдын
Күн батыш жагы чегине,
Кыргыз элдин бетине.
Калчанын колу оолукту.
Алайда Манас элдери
Балакетке жолукту.
Келип жылкы тийгени,
Аны менен тим болбой,
Четте болгон айылды
Бир баштап кырып киргени.
Ойронду кыйла салыптыр,
Үй дүнүйө, мүлктөрүн,
Олжолоп баарын алыптыр.
Ойрон кылып салдык – деп,
Олжого мыктап кандык деп,

Кайра тартып калыптыр.
Кыргыздын чети чабылды,
Элебестен турушуп,
Балаага минтип кабылды.
Калча чаап кетти деп,
Түпкө чогуу жетти деп,
Манаска кабар келгени,
Келгенин Манас көргөнү.
Анжияндын бетинде,
Маргалаңдын четинде,
Кабарды Манас укканы.
«Токто, сени Калча» – деп,
Колун айдап алдына,
Каарданып чыкканы.
Сапырылып мол жүрдү,
Сандаган түмөн кол жүрдү.
Жетип барды калың кол,
Кара-Тегин жерине,
Калчалардын элине.
Жетип четин жапырды,
Тополоңун тоз кылып,
Калчанын элин сапырды.
Сапырып Манас киргенде,
Келип Манас калды деп.
Шоорукка кабар тийгенде,
Кан Шоорукан кайгырып.
Не кыларын биле албай,
Акыл-эстен айрылып,
«Өзүм барып катылдым,
Өз убалым өзүмө.
Балаага башым чатылдым!
Кандай арга кыламын,
Кайда барып тынамын!
Өлтүрөт ко өзүмдү,
Чукуйт ко эки көзүмдү,
Талкалайт ко элимди,
Сайгылайт ко жеримди.
Өз кылганым өзүмө.
Как караган көзүмө,
Акылымдан азган соң,
Ажыдаардын куйругун
Өзүм басып алган соң,
Алдына тартуу барайын,
Жан соогалап калайын.
Аябаймын малымды,
Соогаттайын жанымды!».
Деп, ошентип Шоорук кан,
Манастан коркуп дооруккан
Акылайдай кызына.
Алтын тондон кийгизди,
Аргымакка мингизди.
Көчтөн озгон көрктүүдөн,
Көмкөрө кундуз бөрктүүдөн,
Элинен беш жүз кыз жыйды,
Оймоктуудан уз жыйды.
Текши кыздын баарына
Аргымактан мингизди,
Асылдан кийим кийгизди.
Шоорук кан атка мингени,
Тартууну салып алдына,
Манасты көздөй жүргөнү.
Калчанын каны кан Шоорук,
Аттан түшүп бүгүлүп.
Кол куушуруп бооруна,
Арстан Манас дооруна,
Таазим кылып турганы,
Сайрап сөзүн урганы.
«Арстан Манас кабылан.
Ушу күндө бу мага,
Абдан азап табылган!
Мен боломун арстаным,
Калчанын каны Шоорук кан.

Кара басып өзүмдү,
Катылып сага оолуккан.
Эми көргүн баатырым,
Калчанын каны Шоорукту.
Карасынан иш кылып,
Катылып сага оолукту.
Оолукканы курусун,
Өлөрүмдү билбедим,
Сени көзгө илбедим.
Айбымды алып мойнума,
Агызып жашым койнума,
Алдыңа тартуу мен келдим!
Алаптаймын деп туруп,
Азапты салып башыма,
Акырында сенделдим!
Кыйратпагын элимди,
Эми кеспе демимди!
Талкалаба элимди,
Такыр кеспе демимди!
Алдыга өзү келген соң:
Атанын кунун кечесиң,
Кечпегенде нетесиң!
Акылай жалгыз кыз эле,
Оймоктуудан уз эле,
Беш жүз сулуу кыз менен
Тартуу кылып келдим мен,
Арстаным өзүң билгин сен!
Акылайдай баламды
Колукту кылып алгының,
Кордукта турган Шоорукту,
Кордугунан куткарып,
Калас кылып салгының!
Казынамды ачкының.
Агар алтын, ак күмүш,
Эл журтуңа чачкының!
Бир миң төөдө зарым бар.
Кулак угуп, көз көргөн,
Самагандын баары бар».
Анда Манас кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Эми Шоорук, кайгырба,
Өткөн ишке өкүнүп,
Акылыңдан айрылба.
Болду Шоорук, болду, – деп,
Каркап көөнүң толду» – деп,
Манас айтып басылды.
Эми Шоорук айкырды,
Желдеттерин чакырды,
«Конок үйдү шайла, – деп.
Кол кошундун баарысын,
Ордону көздөй айда, – деп,
Сарамжалың бүтүр, – деп
Конок ашка күтүн» – деп.
Кандан буйрук болгон соң,
Желдеттери ат минип,
Аялдабай бат минип,
Жетип барып ордого,
Бак-бакчалуу коргонго,
Сарамжалын бүтүрдү.
Конок ашын күтүндү.
Мал семизин сойдурду,
Коноктorго даярдап,
Мамыктан жаздык койдурду.
Даңканга чайын кайнатып,
Тасторконун жайнатып,
Күтүп алды конокту,
Өткөн иштин баарысын,
Терип-тепчип бул күндө
Акындар айтты жомокту.
Калчанын, каны Шоорук кан
Казынасын ачтырды.
Агар алтын, ак күмүш,

Манастын калың колуна
Ак буудайдай чачтырды.
Малды сойду аябай.
Мал көзүнө карабай.
Так кырк күнү той кылды
Кан Шоорук кан ой кылды,
Акылайга арнатып,
Ак ордо үйүн тиктирди.
Атпай колдун баарысын,
Алакчы кылбай бирөөн да,
Артыкча сыйлап күтүндү.
Дүнүйөсүн жайнатты,
Аргымагын байлатты.
Миң төөгө зарын арттырды.
Калың кара көп колду,
Алайга кайра тарттырды.
Жоонун түбү эл болду,
Тоонун түбү бел болду.
Арстан Манас баатырга,
Алышкан жоолор кем болду.
Аны мындай таштайлы,
Анжиянда Алооке,
Алда кандай сөзү бар,
Алдан кабар баштайлы!
Колун айдап дарбытып,
Аңгемесин арбытып,
Калчага Манас барыптыр,
Эки ай анда жүргөндө,
Кан Алооке токтолбой,
Качып алып ошондо,
Бээжинди көздөй салыптыр.
Асмандан булут тутулуп,
Артык аяр Алооке
Бээжинге аман кутулуп.
Манастын калды колунда,
Кошабыш, Бооке баласы,
Кан Алооке кеткенде,
Каңгыраптыр калаасы.
Алооке кетип жок болуп,
Арстан Манас кабылан
Алайга турбай токтолуп,
Алайдан көчүп алыптыр.
Атадан калган жер экен,
Азиреттин Кара-Тоо,
Самарканга барыптыр.
Арстан Манас баатырга
Салышар душман жок болуп,
Азиреттин Кара-Тоо,
Кара-Тоо барып токтолуп,
Кабылан Манас баатырга,
Салышар душман жок болуп.
Самаркан жерин жай кылып.
Сандатып элин бай кылып,
Жатып калды ушунда.
Калың эл минтип жыргаган,
Кабылан Манас тушунда.

## АЛМАМБЕТТИН ОКУЯСЫ

Аларды мындай коюңуз,
Алмамбет деген баатыр бар,
Кабарынан болуңуз.
Азизкандын уулу экен,
Кудайдын сүйгөн кулу экен.
Он сегизде жашы экен,
Ошончо элдин башы экен.
Бир күнү жатып түш көрдү,
Түшүндө сонун иш көрдү.
Таңга жакын калганда,
Көрбөй калдык арманда,
Кызык уйку канганда,

Ак селделүү бир адам.
Айтарга сонун сөзү бар,
Атанын жакшы көзү бар,
Атчан турат кашында,
«Жа, Үмөтүм, тур, – деди,
Жаханнамды көр, – деди,
Түбү терең зындан – деп,
Алла таала кудурет,
Каары менен кылган, – деп.
Чоң атакең Алооке,
Как ошонун түбүндө,
Көрөсүң аны бир күндө.
Ыргып тура калды эми.
Ач билектен алды эми.
Алып учуп калды эми.
Алты жүз жылдык асманга,
Азыр кирип барды эми.
Сегиз бейиш жаннаты,
Аралап кирип көрдү эми.
Бейиштин ичин бестирип.
Бир буракка мингизип,
Сегиз бейиш ичине, ‘
Алып барды киргизип.
Сегизин бирдей көргөзүп,
Сүттөн сууну агызып,
Ошонун баарын көргөздү.
Абай кылып караса,
Кирген киши чыккысыз,
Капыр журтту уккусуз,
Атанын сонун иши экен,
Ошо жайга киргизген,
Ак байгамбар ушу экен.
Ушунун баары буркурап,
Байгамбардын өзүнө.
Кол куушуруп чуркурап,
Сөзүн айтат буркурап.
Ак байгамбар өзүнө,
Айтып турат сөзүнө.
Кыяматка барганда,
Үмөт болот өзүңө.
Бери жүргүн балам» – деп,
Чукул коштоп алыптыр,
Тозокту көздөй барыптыр.
Күлө багып, кеп айтып,
Алмамбетке көп айтып,
Мусулмандын өлгөнү.
Как ушуну көргөнү.
Капырлардын өлгөнү,
Жаман ишке калат деп,
Тозокуга барат деп.
Ошону айтып баягы,
Кайдан жанын аяды,
Баягы жарык бейиштен,
Түшүп кетти дыркырап.
Бурак минген Алмамбет,
Этек-жеңи дыркырап,
Караңгы жайга барыптыр.
Ар кайсы жактан тыңшаса,
Адамдын баары чуркурап,
Ол адамды караса.
Жылан, чаян соруптур,
Ошон үчүн Алмаңдын,
Кулагына угулду,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Андан ары күркүрөп.
Дагы кетти зыркырап,
Жаханнам деген тозоктун.
Так ушундай азаптын,
Көрүп кирди казаптын,
Шашпа Үмөтүм деп айтат,
Аман-эсен кайтасың,
Атаң менен энеңе,

Кайтып барып айтасың.
Дагы сонун көрөсүң,
Жаханнамдын түбүнөн,
Акыры бир күн өлөсүң.
Өлүм жайды көргөндө,
Ошону айтып бересиң».
Ошол тозок түбүндө,
Бир адам жатат буркурап,
Сөөктүн баары зыркырап,
Абай кылып караса,
Чоң атасы Алооке,
Кийген тону үч ала,
Күйүп жатыр чычала.
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыкты солк этип,
Ойгонуп кетип караса,
Өңү десе түшү экен,
Жанындагы кишиси,
Ак байгамбар ушу экен.
Ойгонуп кетип Алмамбет,
Эки жагын каранып,
Эч эчтенке таппады.
Оң жагында Азизкан,
Кереге менен тактада,
Кебезден кылган бактада,
Кереге бою тактада,
Керилип жатат көз жумуп,
Кыбыла жакка бут сунуп.
Очогор кара замбирек,
Ортого бүгүн коюшуп,
Көңүлдө кирди жоюшуп».
Деп, ошентип эр Көкчө,
Айтып турат өзгөчө.
Кыл болотун жалашып,
Кыямат жайды карашып.
Ак албарсты жалашып,
Акырет жайды карашып.
Эми жүргүн жөнөйлү,
Ошондо Алмаң кеп айтат:
«Уялбай кантип барамын,
Азизкандын баласы,
Алмамбет келди деп айтса,
Алаш журтуң келгенде,
Куру кантип сомсоюп,
Бетин кантип көрөмүн,
Андан көрө жаталы,
Кайта тартып баралы,
Калмактан жылкы алалы.
Айың болуп калбайын,
Жылкыдан бирден бербесек,
Аралаша кирбесек,
Уят болуп калабыз,
Сарала луу сан жылкы,
Билериктүү сур жылкы,
Темирдиктин боюнда,
Тегеректин оюнда,
Жылкыны айдап кирели,
Анан элге баралы.
Анан элди көрөлү,
Кантип куру жөнөйлү.
«Куру барган адамдан,
Куурай алган киши өйдө».
Андай болсо куптур, – деп,
Алмамбет сөзү эптир, – деп,
Абдан акыл кылды эми.
Эртеси Алмаң жөнөдү.
Мага бирөөң кошул, – деп,
Алымсейит, Тынымсейит,
Экөөң кошо баргыла,
Көк ала атты мингиле,
Көтүнөн кошо жүргүлө.
Өлсө кошо өлгүлө,

Өнөрү болсо көргүлө.
Көргө кирсе киргиле,
Көтүнөн ээрчип жүргүлө.
Көлгө түшсө түшкүлө,
Көкчө калды ошондо,
Эки чоро болушуп,
Алмамбет жолду баштады.
Баякы кыялдарын таштады.
Кызыл желек алды эми,
Кытайга жөнөп калды эми.
Темирдикти бет алып,
Тербелбей жөнөп калды эми.
Көкчө калды кошунда,
Алмамбет кетти ошондо,
Эки күнү жол жүрүп,
Эртеси күнү барды эми.
Темирдиктин кайкыга,
Тоо түгөнгөн тайпыга,
Эңкейип астын караса,
Жылкынын баары буркурап,
Жаткан экен чуркурап.
Тууганы душман көрбөгөн,
Байталы тууп төлдөгөн.
Саралалуу сан жылкы,
Адырда жылкы алабаш
Аргымак аты аралаш.
Тоодогу жылкы ала баш,
Тобурчак аты аралаш.
Билериктүү сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы,
Ошону көздөй бет алып.
Эр Алмамбет жөнөдү.
Темирдик ашуу бар экен,
Тең жарымы кар экен.
Бер жактан ууру жете албай,
Аттары карга тыгылып.
Анда-санда жыгылып,
Жылкынын аркы четинде,
Алты түтүн киши бар.
Өң жылкычы чогулуп,
Алмамбетти көргөндө,
Акылынан шашты эми
Алтоо-жетөө ошондо,
Атка минип качты эми.
Алдына чыкты Алмамбет,
Кайта айдап токтотту.
Ошондо Алмаң деп айтат,
Баарың баштан жүргүлө,
Калганыңар чогулуп,
Карды тепсеп киргиле.
Темирдиктин кайкысын,
Тебелеп жылкы ашырды.
Калганың кайра баргыла,
Кадимкидей жүргүлө,
Билесиңби мени деп.
Калганын кайта жөнөттү.
Калмактар калсын бул жерде,
Алты күндө Алмамбет,
Түгөнбөс жылкы мал алып,
Туюк жерден жылкы алып,
Алты күндө барды эми.
Алдынан Көкчө келди эми.
Жылдырып жылкы мал алып,
Эсеби жок мол алып,
Ошо бойдон жүрүшүп.
Айлын көздөй сүрүшүп,
Алсейит деген чорону,
Алдына бүгүн чаптырды,
Айдарканга баргын, – деп
Айтып кабар салгын, – деп,
Көкчө жалгыз кул эле,
Алмамбет жолдош болду, – деп,

Акыреттик дос болуп,
Жылкыны айдап козголуп,
Келе жатыр Алмамбет.
Көкчө жалгыз балага.
Жоро болду Алмамбет.
Өзүнөн артык көрүнүп,
Чоро болду Алмамбет.
Чоро десең төрөдөй,
Тула бою карк алтын,
Азизкандын уулу, – дейт.
Алданын сүйгөн кулу, – дейт.
Алсейит мурун чапты эми,
Мына ошентип айтты эми.
Сүйүнчүгө чапты эми,
Алсейит акыл тапты эми.
Бир коңкул жоор ат берди,
Малга кароо киши экен,
Баары ушундай ит экен.
Эр Көкчөнүн айымы,
Акыреттик зайыбы,
Атанын жакшы киши экен.
Ал кылыгы ушу экен,
Аны сүйүнчү деди эми,
Калдыраган абаптан.
Катары менен берди эми.
Ылайга кепме манаттан,
Удаасы менен үч чепкен,
Кызыл куйрук нар берди,
Кызыл дилде зар берди,
Атка минип алды эми,
Ары-бери кыдырып,
Буудайбекке барды эми.
Ага барды сүйүнтүп,
Буудайбекти карасаң,
Кудай муну урду эми,
Бир алек чапан алды эми,
Алдына таштап салды эми.
Жылкыны койду талаага,
Алмамбет экөө жанаша,
Бастырып келет караса,
Аны көрүп Акеркеч,
Айыбы жок жакшы киши экен.
Ал кылыгы ушу эле.
Алыстан келген аяшка
Кайра тартып киргенде,
Манас кирди оозуна.
Эки миңдей кол келген,
Эсеби жок мол келген.
Алдына кире бергенди
Найза менен мылгытып,
Аркасынан келгенди
Албарс менен кыңгытып,
Оң колуна шал алып,
Октон кыйын жаа тартып,
Жөлөнгөнү керидей,
Койго кирген бөрүдөй.
Аралап кыргын салды эми.
Уу ичкендей кылды эми.
Кырып кырып болду эми.
Ар чуңкурдун баарына
Өлүк толуп калды эми.
Атасы менен энеси,
Ошолор аман калды эми,
Элине караан салды эми,
Энеси жаман эчкирип,
Ошо күнү кеч кирип,
Чыгып кетти суурулуп,
Кытайлардын баарысы
Заман акыр куурулуп.
Ошо бойдон Алмамбет,
Эми жолго салган дейт.
Эми кайда барчумун,

Кара суугa кан куюп,
Сууну кайдан жутамын!
Тулаңгы жерге от коюп,
Чөптү кайдан оттоймун!».
Ар жагында бир жерге,
Кушун байлап койгон жер,
Алмамбет кыйын ашкан эр.
Ошо жерге жатты эми,
Уктабай таң атты эми
Же өзүң көргөн жериң жок,
Аралашкан элиң жок.
Өз эли менен кас болуп,
Маанайы мындай пас болуп,
Он сегиз менен он тогуз,
Ойноп жүргөн бул башым.
Же мындан ары карата
Көрүп жүргөн элим жок.
Ашып барган белим жок,
Бир түш көрүп бузулдум,
Дүнүйөм жаман кысылдым.
Элесеге тоң темир,
Эми кандай кыламын,
Мен өңдөнгөн элде жок,
Мендей шордуу пенде жок,
Ошенетип жүрдү эми,
Аны таштап коюңуз.
Ар жагында эр Көкчө,
Кабарынан болуңуз.

## АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨГӨ КЕЛИШИ

Айдаркандын Көкчөсү,
Аргын, алаш өз көзү.
Ар жагында калыптыр,
Көкчө көчүп отуруп,
Бир капчыгайга кириптир.
Мурда жарды киши экен.
Кудайдын кылган иши экен.
Ошондо акыл ойлонуп,
Тынымсейит, Алсейит
Ал Көкчөнүн чоросу.
Как өзүндөй жоросу.
Тоодон кийик аталы.
Эптеп кыштап жаталы.
Ат кара тил болгондо,
Туура карай салалы,
Турпанды көздөй баралы.
Турпандан тукум алалы,
Эгин айдап, мал багып,
Эптеп оокат кылалы.
Мындай ишти таштайлы,
Эгин айдай баштайлы.
Илгертен казак нан жебей,
Эзелден казак зар болгон,
Эгин үчүн кар болгон.
Тоодон кийик атты эми,
Тамашага батты эми,
Аскадан учуп мал өлдү,
Ачкасынан бала өлдү.
Арыктап куурап чал өлдү,
Ошенетип жатканда,
Жардылыкка батканда,
Бир күнү Көкчө түш көрдү,
Алда нечен иш көрдү.
Алтын боолуу куш көрдү,
Кушту кармап алды эле,
Ары-бери караса,
Учуп кетти жолуна,
Боосу калды колуна.
Тура калып чоочуду,
Ушу кандай иш болду,

Убаралуу иш болду.
Эки чоро кеп айтып,
Аттаналы деп айтып,
Кытай жакка баралы,
Кырга чыгып көрөлү.
Как ошонтип жөнөйлү.
Эмесе макул куп дешип,
Ушу сөзүн эп дешип,
Кой семизин союшуп,
Азык-түлүк кылышып.
Баякы түшүн ойлоп эр Көкчө,
Эси чыгат өзгөчө.
Элиң жатат аман, – деп,
Аяк жагы жаман, – деп.
Кой семизин алды эми,
Куржунуна салды эми.
Кечинде араң жетти эми,
Ал күнү жолго жатты эми.
Эки чоро тур, – деди,
Карарган кырга барайын,
Калдайдын элин карайын.
Казанга этти салгыла,
Силер эт бышырып калгыла.
Эмесе макул кеп, – деди,
Эки чоро эп, – деди.
Алар анда калды эми,
Казанга этти салды эми.
Айбалтаны таянып,
Азканакай жай болуп.
Кара кырдын белине,
Кароол карар жерине,
Кытай жаккы талаага,
Кыйын акыл санаага,
Кырдан башын ашырып.
Турку боюн жашырып,
Карап турса эр Көкчө,
Ийирдин Ийри-Суусунда,
Бойлоп жүрөт бир калмак,
Ит агытып, куш салып,
Ойноп жүрөт бир калмак.
Дүрбү салып отуруп,
Акылына толтуруп.
Он сегиз менен он тогуз,
Ортосунда жашы бар,
Өлүмдөн качпас башы бар.
Абдан сынап көрдү эми.
Тула бою карк алтын.
Алтын менен оролгон,
Ата энеге эркелеп,
Ошенетип торолгон.
Ээринин кашы алтын,
Олоңунун башы алтын.
Куюшканы куйма алтын.
Топчу менен түймө алтын.
Көмөлдүрүк көрк алтын,
Көк сүлөөсүн бөрк алтын,
Бүткөн бою сары алтын.
Кийген тондун баары алтын
Ийирдин ийри сайында,
Бойлоп жүрөт бир калмак,
Ит агытып куш салып,
Ойноп жүрөт бир калмак.
Көргөн жерден кылт этип.
Кайра тартып жылт этип,
Этек-жеңин түрүнүп,
Эбелектей жүгүрүп,
Экөөнө чурап жетти эми.
«Болгун бачым болгула,
Атты токуп алгыла».
Эт абдан бышсын – деп,
Экөө эки ат минип,
Аялдабай бат минип,

Көкчө минди Көк ала ат.
Көп кечикпей бир замат.
Кара кырдын белине,
Карап турган жерине,
Үчөө чыгып келатыр,
Муну мындай коюңуз.
Ар жагында Алмамбет,
Кабарынан болуңуз.
Баякы Көкчө карап кылт этип.
Кайра тартып жылт этип,
Ошондо Алмаң селт этип,
Аныктап көзүн салыптыр.
Каргабы же караанбы.
Же мени карап турган адамбы?
Не болсо да барайын,
Узатпай карап калайын,
Астымдагы Кылжейрен,
Кытайдан чыккан күлүк ат,
Кыргызча айтса жээрде ат,
Өзү күлүк зээрдүү ат.
Чыгып келди кырaңга,
Аңгыча Көкчө жол менен
Ал дагы чыгып калыптыр.
Көкчө үчөө, ал бирөө,
Жаку, жаху, жаху, – деп,
Салам берди Алмамбет.
Алик албай эр Көкчө,
Үчөөсүнүп кеп айтты:
«Ээ калмагым», – деп-айтты»
«Калмакты сен не үчүн таштадың,
Саламды не баштадың?
Ачуум келсе, ой калмак,
Башыңды кесип таштаймын,
Саламды ойлоп билбейсиң,
Мен Көкчөнү ким дейсиң!
Сен он тогузда жаш бала,
Башыңды кесип аламын,
Сени өлтүрүп саламын.
Салам айтсаң парз болот,
Акыретке барганда,
Моюнга милдет карыз болот.
Аты жөнүң билбеймин,
Ачууланып тилдеймин.
Көкчөнүн көзүн көргөндө,
Алмаңдын ачуу келди эми.
Кыя болот кылычты,
Кыя тартып келди эми.
Чала-була тил билген,
Алмаңдын ачуу келди эми.
Көкчө баатыр сен болсоң,
Корстонуп неге турасың.
Үчөө болгон өңдөнүп,
Мени алууга өңдөнүп,
Мен Алмамбет болгону,
Казактын тилин билгени,
Алты жерде окудум,
Казактын тилин билемин.
Немене үчүн тилдейсиң,
Мени ойлочу ким дейсиң?
Азизкандын уулумун.
Жалганы жок мунумун.
Нечен түнү түш көрүп,
Оголе сонун иш көрүп,
Акылыман шашкамын.
Ошон үчүн качкамын,
Бейиш менен тозоктун.
Бары-жогун көргөзүп,
Бир адам келип билгизип,
Бурак атка мингизип,
Ошон үчүн мен шордуу
Акылымдан шашкамын,
Ата-энемден качкамын.

Бир мусулман жолукпай,
Ачууланып күүлөндүм,
Немене үчүн сүйлөндүң?»
Ошондо Көкчө кеп айтат:
«Ой, Алмамбет, – деп айтат,
Ачууңду эми кой – деди,
Капырдын жинин жой, – деди.
«Баракелде Алмамбет,
Ыраазы болдум өзүңө,
Ушул айткан сөзүңө,
Жаңыдан келип алдыңа,
Мен көрүндүм көзүңө.
Каарданып калыпсың,
Кылычың кармап алыпсың.
Динден не үчүн качасың,
Тиги дүйнө барганда,
Мусулмандан озунуп,
Мурун бейиш ачасың!»
Кылычын кынга салды эми,
Кылтыйып күлүп калды эми.
Төгөрөктөп төрт баатыр,
Кол кармашып алды эми.
Алмамбет менен төрт болду,
Барган жагы өрт болду.
«Жүргүн баатыр кошко» – деп,
Дөөндөн төртөө барды эми,
Казандан этти түшүрүп,
Алмамбет келип үшкүрүп.
Этти жакшы бышырып,
Эт наарын кылышып,
Ою менен тойду эми.
Ошондо Алмаң кеп айтып:
«Айдаркан уулу эр Көкчө,
Анык баатыр деп уктум,
Антың болсо бек кылгын.
Ушу жерде кеп кылгын.
Мусулмандан кетпеген.
Анты кандай деп айтат,
Антың болсо баштагын,
Бөлөк кепти таштагын.
«Куран» деген кыйын кеп,
«Куран» кармап дос болом,
Кантип сенден козголом».
Сен Азизкандын уулусуң,
Мен Айдаркандын уулумун,
Ат башындай чоң куран,
Алып жүрөм колумда,
Ырысыма жараша.
Эки чором жанаша.
Сени менен төрт болду.
Бет алганым төрт болду.
Төртөө болуп жүрөлү,
Жыргалды артык сүрөлү.
Өз элиңди ойлобо,
Ичкениң адал аш болуп,
Калың кара көп кытай
Сени менен кас болуп.
Калган экен Чет-Бээжин.
Ортого куран коёлу,
Көңүлдө кирди жоёлу.
Оо дүйнөлүк бололу,
Өлсөк бирге өлөлү,
Алда Кудай тааланын,
Не салганын көрөлү.
Чалгынды бирге чалалы,
Жылкыны бирге алалы.
Эми жүргүн жөнөйлү,
Үйдү барып көрөлү.
Сол жагына караса,
Эки көздөн агып жаш,
Аны тууган Карачач,
Аны менен иши жок,

Алмамбет бүгүн ойлонуп.
Ары-бери толгонуп,
Бу кандай кыйын түш болду,
Катуу багыт иш болду.
Ыргып турду ордунан,
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып.
Эшке чыга жүгүрүп,
Этек-жеңди түрүнүп,
Эки жакты карады.
Жаңкы кишини каранып.
Көт жагынан чабайын,
Издеп жүрүп табайын.
Кылжейрен атты минейин,
Кылычым белге илейин,
Азизкандын кылычын,
Белге чалып алды эми,
Ата менен энеден.
Безе качып калды эми.
Колунда шумкар куш болду,
Алмамбеттин өзүнө,
Ак байгамбар туш болду.
Ошону таап жете албай,
Башына кыйын иш болду.
Ошону Алмаң ойлосо,
Өңү десе түшүндөй,
Түшүндө көргөн кишидей.
Же жин тийдиби мага деп.
Куш салуучу жерине,
Ижилдин ийри суунда,
Бойлоп чыкты Алмамбет.
Ажыдаар, жыландай,
Сойлоп чыкты Алмамбет,
Аны мындай коюңуз,
Ата менен энеси
Кабарынан болуңуз
Азизкан өйдө турду эми,
Абай кылып караса,
Баласы жок кашында.
Мурунтадан кеп уккан,
Абийириңди ачат, – деп,
Алтын менен күмүштү,
Аябастан чачат, – деп.
Аярдан мурун кеп уккан,
Мында турбайт, – деп уккан.
Ошо кезек келиптир.
Жанындагы Карачач,
Азизкандын көзүнөн
Агып турат кара жаш.
Карачачка кеп айтты,
«Кайда балаң? – деп айтты.
Эки жагын каранып,
Алакандан чаң чыкты,
Ыйлап көздөн кан чыкты.
Турамын деп жыгылды,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Экөө турат кеп айтып,
Эми турба деп айтып.
Кылжейрен атты миниптир,
Кылычын белге илиптир.
Жер казылып калыптыр,
Кытайдан качып алыптыр.
Ошону көрүп Азизкан,
Элге кабар салыптыр.
Сынчылардын баарысын,
Элиндеги карысын,
Аярдан койбой барына,
Азизкан айтты ошондо.
Атымды минип кетти деп,
Түпкө Алмамбет жетти деп,
Элди жыйып алды эми,
Эсепсиз калың кол болду,

Азизкандай атасы,
Карачачтай энеси
Аралашып жөнөдү.
Кытайдын баары кеп угуп.
Бир-биринен көп угуп,
Алмамбет качты, – деп угуп,
Акылынан шашканы,
Ата-энеден качканы.
Желек туудан бөлүнбөй,
Жер дүнүйө көрүнбөй,
Келе жатыр бу жерде.
Аны таштап коюңуз,
Эми Алмамбет не жерде,
Ижилдин берки сеңирде.
Карап турат бу жерде,
Калың колдун баарысы
Абай кылып караса,
Келе жатат буркурап,
Ата-энеси зыркырап.
Ата-энеси кеп айтат,
«Ой, Алмамбет» – деп айтат,
«Бу жорукту таштагын,
Кой, Алмамбет» – деп айтат.
Канатыңа кар жааса,
Кайрыла түшүп кагып ал,
Карыганда атаңды,
Колуң менен багып ал!
Мурутуңа муз тоңсо,
Бурула түшүп кагып ал,
Муңдуу курган энеңди,
Өзүң келип багып ал.
Кан тагына минип ал,
Кадимкидей билип ал!».
Кыйланып ыйлап буркурап,
Кытайдын көбү чуркурап,
Алмамбет тура калды эми,
Айтып кабар салды эми:
«Ой, атаке Азиз кан,
Көкүлүн күндө тараган,
Сенден туулган Алмамбет,
Мусулман динге жаралган.
Сен да динди таштагын,
Мен ушундай жолду баштадым.
Оозуңун түгүн кырккын дейт.
Болбосо Манас туткун дейт,
Түндө жаман түш көрдүм,
Сегиз түрлүү бейишти,
Түндө көрдүм кейишти.
Тозок деген жай көрүм,
Түбү кара зынданды,
Каары менен кылганды.
Сенин атаң Алооке,
Арбагы бийик кан эле,
Адамдан артык жан эле,
Эң түбүндө карасам,
Кийген тону үч ала,
Күйүп жатыр чычала.
Баягыны көргөндө
Эт жүрөгүм болк этип,
Эсим чыгып солк этип,
Ойгонуп кетсем түш экен.
Түшүмдө көргөн иш экен.
Такат кылып туралбай,
Коркуп турам бир далай.
Ошон үчүн атаке.
Тирүүлөй сени таштадым,
Дин жолуна баштадым».
Ошондо Азиз кеп айтты.
«Ой, Алмамбет» – деп айтты.
«Ушул элдин баарысы.
Карма кулду» – деп айтты,
Алмамбети чыдабай,

Алдына кача берди эми.
Алдына качып жөнөдү,
Адегенде качты эми,
Акылынан шашты эми.
Кача түшүп Алмамбет,
Кайра тартып калды эми.
«Түндө көргөн түшүмдү,
Түшүмдөгү кишимди,»
Ким деп атын табалбай,
Баабедин деп бакырды.
Манас деп ураан чакырды.
Зыярат кылды тоосуна.
Амандашып каранып,
Арак-шарап мол алып,
Алдына басты жол алып.
Алдына келип көрүшүп,
Алтын чөйчөк ичине,
Аракты куюп калыптыр,
Чарчаганын басат, – деп,
Алдынан тозуп суйсалып.
Алмамбет албайт аракты,
«Арам деп уктум шарапты.
Ушундай качып мен келдим,
Ушуну куюп сен бердиң,
Капырда эле бар десем,
Мында дагы бар экен».
«Андай болсо куп деди,
Аяшым сөзүң эп» – деди.
Чыныга жана кымызын,
Мелтирете куйду эми,
«Эмесе муну ич» – деди,
«Ушул адал аш» – деди,
«Оюң менен ич» – деди.
Баягы куйган аракты
Эр Көкчөгө сунду эми,
Шып дедире эр Көкчө,
Жана бирди бергенде.
Дагы куюп сунду эми.
Жана бирди бергенде,
Көкчөнү кудай урду,
Акеркечке кеп айтып:
«Каны Көкчө мен болсом,
Алмамбетке сунасың,
Мындан кийин карата,
Тамакты мурда мага сун,
Алмамбетке кийин сун.
Ачып кара көзүңдү,
Абайлагын өзүңдү!
Төрөсү Көкчө мен болсом,
Чорого келип сунасың».
Деп, ушунтип кекетип,
Айтып сөзүн бекитип.
Буудайбек деген айымы,
Бу дүйнөлүк зайыбы
Бура тартып барды эми.
Буудайбек атын алды эми.
Такка минип чалкалап,
Мактанып турат ошондо,
Калмактын элин кыйратып,
Катын-кызын ыйлатып,
Айтып турат мактанып.
Аны мындай коюңуз,
Баягы келген Алмамбет,
Алты-жети киши алып,
Айдаркандын үйүнө,
Алып барып киргизди,
Сарамжалын билгизди.
Сандыргалуу Акеркеч,
Түрлүү даам койгузуп,
Курсагын жакшы тойгузуп,
Эриккенче эт берип,
Кардыкканча кант берип,

Өзү күтүп жатты эми.
Акеркеч карап билди эми,
Арбактарын караса,
Кырк чилтен кайып кашында,
Кытайдан келген жашында,
Ойротту билчү бала экен,
Огойдон артык жан экен.
Айбатына келгенде,
Алма, жаңгак күбүлгөн,
Кайратына келгенде.
Кара тоого теңелген.
Бет алдына келгенде,
Адамдар жандан түңүлгөн,
Аны сынап Акеркеч,
Андан бетер сүйүнгөн.
Ошонетип олтуруп,
Малын элге толтуруп,
Темирликтин кайкысын,
Тебейлеп жылкы ашырып,
Үч жылга чейин Көкчөнүн
Жылкысы кетти көбөйүп.
Көп жылкыны караса,
Көбү кетти Көнөккө,
Чети кетти Челекке,
Бир жагы кетти Чарынга,
Быяк жагын сурасаң,
Атбашы менен Нарынга;
Аты кетти Алайга,
Даңкы кетти далайга.
Алмамбет уктап жатпады.
Ушу Алмамбет келгени,
Келиндер тайлак байлады,
Кемпирлер куйрук чайнады.
Өзөн суусу май болду,
Өлөрманы бай болду.
Жабагы туйлап тай болду,
Жалпы журту бай болду.
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Казатка барса ак жолтой,
Кармашкан жоого сан колдой.
Душмандын баары шекинди,
Көйкапка качып бекинди.
Ошонун орто жеринде.
Эр Көкчөнүн элинде,
Уктабай таңды атырып,
Санабай жылдыз батырып,
Бир күндөрү болгондо,
Буудайбектин үйүндө,
Көкчө жатып эсирди,
Айтып турат кесирди.
Алмамбет аны билди эми.
Ары-бери ойлонуп,
Көкчөнү кудай алды, – деп,
Айдарканга кеп айтты:
Бу Көкчөнүн аягы,
Эмне болот деп айтты.
Айдаркан жакшы киши экен,
Алланын кылган иши экен.
Анда Айдаркан кеп айтат:
«Ардыкбагын» – деп айтат,
«Ал Көкчөнү билемин,
Буудайбекке эсирди,
Айтып турат кесирди».
Алмамбет менен Акеркеч,
Кудай берген экөөңдү,
Ан үчүн Алмаң кайгырба,
Акылыңдан айрылба.
Ар кайсы дөөлөр кеп кылды,
Айтканыңды Алла эп кылды,
Атыңды угуп Бээжинден,
Коңурбай баатыр шек кылды».

Ушинтип айтып отурду.
Ок-дарыны тундуруп,
Ак өргөөгө толтуруп,
Ошо нетип жатканда,
Акеркеч менен Алмамбет,
Тегин эмес деп айтты.
Алсейит менен Тынымсейит,
Экөө барып Көкчөнү,
Көтөрүлтүп турду эми.
«Бул Алмамбет жогунда,
Сен Айдаркандын уулу элең,
Арбагың чыккан кул элең».
Кабарың чыкпай кеттиң деп,
Көкчө сага нетти деп,
Же сенин чын ажалың жетти деп,
Алмамбетти кетир, – деп,
Бузукулар айтты кеп.
Аны менен тим турбай,
Буудайбеги айтты кеп.
Көкчөнү кудай урду эми,
Эки-үч киши айткан соң,
Кайрат кылып турду эми.
Андай болсо калмак, – деп,
Жүргөн экен алдап, – деп.
Эл чогулуп келгиле,
Кеңешип туруп кеп айтып,
Кетирели элине.
Бүгүнтөн калбай жөнөтүп.
Кетирелик жерине!»
Кымыздан арак тартышып,
Кырк-элүү киши чогулуп,
Ушу кепти айтышып,
Кылмак болду Алмаңа.
Казанга этти салды эми,
Калк чогулуп калды эми.
Ошонун баарын караса,
Алмамбетке кас болгон,
Бузуку ошонун баарысы,
Теңи буурул сакал карысы.
Ошонетип олтуруп,
Бузукунун баарысы,
Буудайбектин үйүнө,
Алып келип толтуруп,
Анда Көкчө кеп айтат:
Алмамбетти ушу үйгө,
Чакырып алып келгиле.
Оюндагы бу сөзүн,
Ойлоп жүргөн куу сөзүн,
Ушу жерде айтсын деп,
Барбайм десе калмакты,
Жабыла тура калгыла,
Жара тартып салгыла!
Кылыч менен бычакты,
Колуңарга алгыла!».
Деп ушунтип кеңешти,
Эки киши жиберди.
Бара жатат эки адам,
Ошолор үйдөн чыкканда,
Эр Алмамбет баатырдын,
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыкты солк этип.
«Кечээ кытайдан качып чыкканда,
Ушундай белги болду эле,
Алла таала кудайым,
Ичим толгон убайым,
Кандай айла кылайын!
Бул дүнүйө жалгандан,
Кимдер өлүп, ким калган?!
Мейли өлсөм өлөйүн,
Кылган кызмат жетпесе,
Кыяматты көрөйүн.»
Алмамбетти караса,

Аягынан дүркүрөп.
Как төбөгө келди эми,
Ачуу келди Алмамбет,
Бул эмине деген кеп,
Куржундагы окторун
Чачып салды Алмамбет,
Жаанын огун чогултуп,
Баары жогун сындырды,
Ыргып турду ордунан,
Кандагайын шымданды,
Жоо көргөндөй шаңданды.
Жоо-жарагын Алмамбет,
Ошо жерден камданды.
Алмабаш мылтык алды эми,
«Алла» деп тура калды эми.
Ордунан тура калгыча,
Баягы экөө барды эми.
Баш багып бирөө кеп айтат,
Келбесең дагы билгемин,
Керлээс тонду кийгемин.
Бара бергин деп айтат,
Арт жагынан ат минип,
Алмамбет жөнөп калды эми.
Жүгүрүп экөө жетти эми,
Ашып-шашып кеп айтып,
Аралашып отурду.
Аңгыча Алмаң барды эми,
Аттан түшө калды эми.
Күндө Алмамбет барганда,
Жетип атын алуучу,
Жез мамыга чалуучу.
Андан бирөө дагы жок,
Алмамбет менен иши жок,
Ат алуучу киши жок.
Атын чалды кырчоого,
Алмамбет кирди алаңдап.
Айтып турду салам деп.
Алик алган киши жок,
Эки жакты караса,
Эч ким көзүн салган жок.
Кыдырата караса,
Баары ушинтип кылкыйып,
Бычактын учу жылтырап,
Күндө Алмамбет келгенде,
Баары тура калуучу,
Атын бирөө алуучу.
Олтура турган жерине,
Аюу талпак салуучу.
Ал кыялы деги жок,
Кыдырата карабай,
Кылча аны аябай,
Бирөөнүн бутун басты эми,
Бирөөнүн башын таянып,
Алмамбет барып олтурду.
Бир тизесин бүктөнүп,
Бир тизесин таянып,
Эки жакты каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Баягыны көргөндө.
Кара көзү чачырап.
Кашка тиши качырап,
Кайратына келди эми.
Тегерете карады,
Алды-кийнин санады.
Кыдырата карабай,
Кылчаянын аябай,
Айдаркандын Көкчөсү,
Андан бөлөк өз көзү.
Аңдып турат баарысы.
Эр Көкчөнү карасаң,
Көк сүлөөсүн бөркү бар,
Адамдан бөлөк көркү бар.

Арак ичип мас болуп.
Акыл кетип аз болуп,
Алмамбет менен кас болуп.
Казанда эти кайнаган.
Буудайбек деген катыны,
Бутун бүгүн ушалап,
Аягында туруптур.
Аңгыча Көкчө кеп айтат:
«Ушу турган калмактын,
Немине сурагыны, – деп айтат.
Бүгүн атка минсин деп,
Сураганын алсын деп,
Каалаганын алсын де,
Калмагына барсын де,
Кызыкканын алсын де,
Кытайына барсын де!»
Деп, ошентип эр Көкчө,
Айтып турат өзгөчө.
Ошондо Алмаң көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын.
Очогор кара замбирек,
Ойлободуң бадирек.
Огу тиер өпкөңө,
Онтоор кезиң боло элек.
Ишенгеним сен белең?
Ушундай арам кем белең.
Каалаганың ал дейсиң,
Калмагыңа бар дейсиң.
Темирдиктин кайкысын
Тебелеп жылкы ашырдым,
Жылкың алтымышча бар эле,
Алты миңден ашырдым,
Айлыңды чаңга жашырдым.
Мен Алмамбет жогунда,
Жылкың жетимишче бар эле.
Жети миңден ашырдым.
Ошонун баарын ойлочу,
Мени ким деп болжочу.
Айдаркандын кем Көкчө,
Акылы жок сен Көкчө,
Көрбөдүм беле өзүңдү,
Эми айтамын сөзүмдү.
Мен тыякта жүргөндө.
Кара тоодон арасы.
Айдаркандын баласы,
Арты-кийнин карачы.
Бир капчыгай киргенсиң,
Араң эле жүргөнсүң.
Аскадан учуп мал өлүп,
Ачка өзөрүп бала өлүп,
Арыгынан чал өлүп.
Минген атың жээрде,
Ошондо үйүң не жерде.
Каалаганың мин дейсиң,
Качып жолго кир дейсиң,
Менин жайым билесиң,
Темирдиктин кайкысын,
Тебелеп жылкы ашырдым.
Ушу жуда меники,
Качан эле сеники.
Каалаганың алгын, – деп,
Кажылдайсың болбойсуң,
Сура дейсиң койбойсуң,
Шумдук ишти койбойсуң.
Жылкынын баары көк ала,
Ардактап алган көк ала ат,
Алдым эле алтымыш тогуз
мал менен,
Жем дегенин жети батман
дан менен,
Чаптың эле ала шалбырт
жаз менен,

Чыгып келген башында,
Коңур салкын күз менен.
Мен билемин башында,
Тейишкандын ашында,
Ошол атың Көкала ат,
Ошол эле сеники,
Өңгөнүн баары меники.
Минтип сөзүмү айтамын,
Анан кытайыма кайтамын.
Ошону берсең кетемин,
Калмагыма жетемин».
Ошондо Көкчө турду эми,
Арак ичип мас болгон,
Акылы кетип аз болгон.
Алмамбетти сүйлөтүп,
Турасыңбы баарыңар,
Алмамбет тура калды эми,
Кармачу киши мен белем,
Өлтүрчү киши сен белең.
Кылычын сууруп алды эми,
Ажыдаар түстөнүп,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Айкырып турду ордунан,
Албарсты катуу суурду,
Албарсты колго алды эми.
Эшикке жөнөп калды эми.
«Эр Алмамбет көкжалың
Эшигине барды эми.
Бээни сааган Токтогул,
Бери басып келди эми.
«Эртең бирөө кеп айтса»,
Соо туруп Алмаңды,
Коё бердиң деп айтса,
Деп, ошону ойлонуп,
Алмамбетке барды эми.
«Эр Алмамбет арстаным!»
Каалганы капшырып.
Кармап турду Токтогул,
«Мас болгон элге теңелип,
Канетесиң Алмамбет?»
Ошондо Алмаң кеп айтып,
«Ой, Токтогул – деп айтып,
Арсаңдап күлө калды эми,
Каалганы капшырып,
Жолун тосуп калды эми.
Ачуу келген Алмамбет,
Ажалын, эми жетти деп.
Ал дүйнөгө кеттиң деп.
Оң бутун өйдө көтөрүп.
Обдула түшүп тепти эми,
Каалгасы карс этип,
Кабыргасы барс этип.
Ичин жара тепти эми.
Токто өлүп кетти эми.
Эшиги минтип ачылды,
Токтогулду карасаң,
Каны үйгө чачылды.
Көкчө мыкты дегендин,
Абийири ачылды.
Кылжээрдедей күлүккө,
Ыргып минип калды эми.
Кылычын колго алды эми.
Эшигинин кылабын,
Кылыч менен чапты эми.
«Түндүгүнүн түркүгүн,
Найза менен түртпөсөм
Укуругун шиш кылып,
Унутулгус иш кылып,
Динден кантип кайтамын,
Кытайга барып уялбай,
Кайта келип калдым деп.
Не бетим менен айтамын.

Бозго тоодак койбогон,
Боз ала туйгун мен элем.
Боосу калды колуңа,
Мына кеттим жолума.
Кара-Тоонун башында.
Карала бүркүт мен элем.
Кызыл тоонун башынан,
Кызыл түлкү мен элем.
Кытайдан келген эр элем.
Кыр ашырбай алчу элем,
Кычышкан жери канчу эле.
Очогор кара замбирек,
Ойлободуң бадирек!
Огу тиер өпкөңө,
Онтоор кезиң боло элек.
Ат башындай чоң куран.
Арата коюп дос болдум.
Качан сенден козголдум.
Антташып жатып дос болдум,
Кудай урар өзүңдү.
Куран урар сөзүңдү!
Мындан ары карата,
Ачып жүргүн көзүңдү.
Уктуңбу менин сөзүмдү,
Алдыңдагы Кылжейрен,
Сандан ары бир салды.
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Тегерете карабай,
Теги жанын аябай!
Күдүр-күдүр жер келди,
Күүлөнүп жөнөй бул берди.
Шабыр-шубур жер келди,
Шатырата бастырды.
Ошо жерге барганда,
Келе жатыр арманда,
Кашкая багып күлбөгөн,
Кайниден ал да билбеген.
Кайран аяш Акеркеч,
Сендейди кайдан табамын.
Ошо жерге барганда,
Оозун кармап арманда.
Ал аңгыча болбоду,
Бир ызгыч куш жолунан
Качырып келди ошондо.
Канаты менен кагыптыр,
Кайып өтүп алыптыр.
Ачуу келди Алмамбет,
Ушул шылдың кылганы.
«Кандай болду өзүмө,
Түштү арман өзүмө,
Адамынын шылдыңы,
Аз келгенсип анысы,
Шылдың кылат мунусу!
Мен көбүмдөн айрылдым,
Сен көлүңдөн айрылдың.
Канатың менен кагасың,
Шылдың кылган өңдөнүп,
Кайып өтүп каласың.
Сени менен ишим жок.
Балапаның алуучу,
Мында турган кишим жок.
Ызгыч-ызгыч-ызгыч куш,
Сен ызылдабай ыраак уч.
Кара чаар жумуртқаң,
Этектеп алар балам жок,
Кудай кылды чарам жок!
Мен көбүмдөн айрылып»,
Кара башым сыр жебе,
Кармай калды колуна,
Качырып келе жатканда,
Жааны тартып ийди эми,

Канатын үзүп кетти эми.
Жалп этип жерге түштү эми,
Алмамбет аттан түштү эми.
Атаны кургур байкуш деп,
Алаканга салды эми.
Бөдөнөдөй көзү бар,
Бөтүрөйгөн өзү бар,
Баягыны көргөндө,
Ак чүпүрөк алды эми,
Канатын колго алыптыр,
Чүпүрөк менен ороду,
Жакшылыкка жороду.
Коюнуна салды эми,
«Мен жаралуу каман деп,
Кылган ишим жаман» – деп,
Алмамбет турду токтолуп.
Аны мындай коюңуз,
Ар жагында кем Көкчө,
Кабарынан болуңуз.
Ошондо Көкчө оолугуп,
Масы тарап соолугуп.
«Бузукулар оңбогун,
Эгерде эки болбогун!»
Көнөктөй ташты кучактап,
Көзүнөн жашы буурчактап,
Алмамбеттен айрылып,
Канатым сынып кайрылып.
Кудай уруп салыптыр,
Иш бузулуп калыптыр.
Бир Көк ала деп жүрүп,
Жээн менен тагайга,
Жер карама болупмун,
Саран атка конупмун.
Көк аладай союлгур,
Коштоп алып жөнөңөр,
Үстүнө бир кыз мингизип,
Түрлүү кийим кийгизип,
Каркыра сайып кыз алып,
Кетип калар узарып.
Ушуну алып баргыла,
Ушуларды көргөндө,
Көк ала менен сулуу кыз,
Алдына тартуу барганда,
Келер бекен бир ойдон.
Кайтар бекен ырайдан,
Коркор бекен кудайдан!»
Эки чоро оңбоду,
Ээ, кокуй Көкчө, нетесиң,
Көк аланы мингизип,
Андан көрө сен Көкчө,
Акылы жок кем Көкчө,
Акеркечти жибергин.
Көк ала атка мингизип,
Көтүнөн бүгүн жибергин.
Көргөндө кайта келбейби,
Көргөнүн айтып бербейби!»
Деп, ушинтип айнытып,
Антип-минтип баргыча,
Айнып калды аңгыча
Аны мындай коюңуз,
Алиги жерде Алмамбет,
Кабарынан болуңуз.
Ызгычты салган койнуна,
Улам кийнин каранып,
Мурутун оңдоп таранып.
Бул турганым бекер деп,
Ызгыч кушту карады.
Канаты бүтүп калыптыр.
Кадимкидей болуптур.
Ызгыч кетти зыпылдап»
Кадимкидей соо болуп,
Уясын көздөй шыпылдап.

Мындан аркы жумушум,
Оңолот экен деп ойлоп,
Ошентип Алмаң көп ойлоп,
«Аман-эсен төлдө деп,
Балаң менен чогулуп,
Эч жамандык көрбө» – деп.
Алдындагы Кылжейрен,
Аябай камчы салды эми.
Катуу жөнөп калды эми.
Аны мындай коюңуз.
Ар жагында Манастын
Кабарынан болуңуз.
Ошол кезде баатырың,
Таласка келип чалкалап.
Бет алганын талкалап.
Ошо кезде ой кылып,
Жакып жакшы той кылып,
Бай Жакыпты карасаң,
Үлүш берем деп айтып,
Өз элине кеп айтып,
Аштыкчылар бечара,
Айткан сөзгө сен кара,
Үлүштү берип салайын,
Кымыз берип, эт берип,
Батаңарды алайын,
Баарың мында каласың,
Байлардын баарын көчүрүп,
Суусамырга барамын,
Балам Манас болгону,
Баатыр атка конгону,
Басташкан душман оңбоду.
Быйыл Суусамырга жайлайлы,
Суу-суута бээни байлайлы.
Токтобостон удургуп,
Ар кайсы жерди жайладык,
Суусамыр деген сонун жер,
Ушуну көчүп көрөлү.
Акылай менен Чыйырды,
Кайыптын кызы Карабөрк,
Ушуларга баргыла.
Угузуп кабар салгыла.
Сарамжалын күтүнсүн,
Ак ордо тигип бүтүрсүн.
Улуу-кичүү карыга,
Ушул элдин баарына,
Барып кабар сал деди.
Кыз бергендей болушуп,
Баары жыргап оңушуп,
Сарамжалын кылды эми,
Ошо күнү баатырың,
Үйүндө жатып түш көрдү.
Түшүндө сонун иш көрдү.

## АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨДӨН ЧЫГЫП МАНАСКА КЕЛИШИ

Ошондо Жакып той берип,
Үлүш кылып жатыптыр.
Шооруктун кызы Акылай,
Кандын кызы Карабөрк,
Эки айымы бар экен,
Экөө жакшы киши экен.
Эки үйү кундуздан,
Ашып чыкты кыргыздан.
Экөөнүн үйүн алыптыр,
Тойго тигип салыптыр.
Кымыз ичип, эт жесин,
Аксакалдын баарысы
Ушул үйдөн кетпесин.
Семизден тандап кой сойду,
Тандап келип бээ сойду.
Аягын ойлоп билбестен,

Кайран бээни не сойду.
Эртең менен болгон соң,
Аксакалдын баарысын,
Улуу-кичүү карысын
Жакып жүргүн деп айтып,
Бир үйгө баарын Киргизип,
Жакып кошо кирди эми.
Кымыз ичип кызыды,
Сөөктөрү ысыды.
Ошондо Жакып мактанып:
«Тойго тиккен үйүн көр,
Адамдан башка затын көр,
Байлоодо турган атын көр».
Муну көрүп бай Жакып,
Келиндерин мактады.
Эч айласын таппады.
Экөөнөн бала жок болду,
Айтып Жакып токтолду.
Аны мындай коюңуз.
Ар жагында Манастын
Кабарынан болуңуз.
Алтын тонду алыптыр,
Аксакалдын астына,
Аны таштап салыптыр.
Арстан Манас кеп айтат,
Аксакалга көп айтат:
«Түндө жатып түш көрдүм.
Алтын боолуу куш көрдүм,
Таап айтсаң киесиң,
Таппай калсаң кийбейсиң,
Түшүмдү бузсаң өлөсүң,
Көрбөгөн ишти көрөсүң!
Кылычты сууруп таштады,
Кыйын ишти баштады.
Уккан жерде бай Жакып,
Ойлоп турду бир кепти.
Жакып туруп ойлонуп,
Каарын катуу салыптыр,
Карап турган аксакал
Жүрөгү оозго тыгылып,
Баары турат чогулуп.
Арасында бай Жакып,
Ойлоп турат бул кебин,
Жакып ойлоп муну айтат:
«Айланайын кулунум,
Аксакалдын ичинде,
Атаң жаман курудум.
Кудай сага бериптир,
Эки зайбыңдын бирөө,
Эркек бала көрүптүр».
Ошол кепти укканда,
Акырая карады,
Арты-кийнин санады.
Жакыпты кудай урду эми,
Үстөмөндөп жыгылып,
Ирегe башы тыгылып,
Үч аяк кымыз кусту эми.
Түшүн минтип бузду эми.
Ушунетип турганча,
Ачып көзүн жумганча.
Ажыбай деген чоросу.
Как өзүндөй жоросу,
Эки колу боорунда.
Эр Манастын доорунда.
Тура калды ордунан:
«О күлүстөн Манас төрөбүз,
Күлгөнүңдө жарк этип,
Күн тийгендей көрөбүз.
Кабылан Манас төрөбүз,
Кабагыңды бүркөсөң.
Кар жаагандай көрөбүз,
Кайратыңды көргөн жан,

Калтырап коркуп өлөбүз.
Бир азырак күлсөңчү,
Мен Ажыбай билсемчи.
Таап айтсам кашыңа ал.
Табалбасам башымы ал.
Ошондо Манас шарт этип,
Күлүп ийди жарк этип.
Баракелде Ажыбай,
Менин көргөн түшүмдү.
Буза көрбө алжыбай».
Кылычын жерге таштады,
Кыялын оңдой баштады.
Түндө сонун түш көрдүм,
Алтын боолуу куш көрдүм,
Бир ажайып иш көрдүм.
Болот кылыч мен таптым,
Үйдөй ташты бир чаптым.
Кара таш эки бөлүндү.
Албарс кылыч көрүндү.
Кылообунан кыйышпайт,
Бүлөөбүнөн майышпайт.
Бул эмине болучу?
Кара чаар ак жолборс,
Калаанын ичин жойлоду,
Жойлогонун койбоду.
Анын арка жагынан,
Бир ажыдаар сойлоду.
Сойлогон изин карасам,
Жол арадай коо болду.
Топурагы тоо болду.
Каарланып ышкырса,
Кандуу суулар бөгөлдү.
Айбатына карасаң,
Ала-Тоого теңелди.
Аны менен тим турбай,
Алма жаңгак күбүлдү,
Аны көргөн адамдар
Өз жанынан түңүлдү.
Ал аңгыча карасам.
Кара кулак шер келди.
Көт жагынан карасам,
Жер жайнаган сел келди.
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу?
Ошенетип токтолду
Эми Ажыбай козголду.
«Баракелде түшүңө,
Оңолгон сенин ишиңе.
Сени ойлонуп быяктан,
Келе жаткан кишиге.
Мурда эле билдим ишиңди,
Ойлонуп жүргөн түшүңдү.
Бээжиндин каны Азизкан,
Ошо качкан элинен,
Түп Бээжиндин жеринен.
Эр Көкчөгө келди деп,
Айтам далай сонун кеп.
Бузукунун айынан,
Буудайбектин жайынан,
Азыткынын айынан,
Акеркечтин жайынан,
Аргын деген элинен,
Алтай деген жеринен,
Айдаркандын айлынан.
Анык билем дайнынан,
Акылынан шашыптыр,
Алмамбет бери качыптыр.
Мекени көздөй бет алып,
Бээжинден дагы чыгыптыр.
Кожо менен молдодон
Бейиштин жайын угуптур.
Чымындай жандын айынан,

Чын дүйнөнүн жайынан,
Чын болсо акыр көрөйүн,
Чын дүйнө көздөй жөнөйүн».
Как ушинтип Алмамбет,
Аяк жагы далай кеп,
Ошо келе жатыптыр.
Азирет кайып, кырк чилтен
Кошо келе жатыптыр».
«Баракелде Ажыбай,
Жакшы айттың алжыбай.».
Ошентип Манас кеп айтат.
Атасы Жакып курган чал.
Ыйлап ийе таштады:
«Айланайын кулунум,
Өзүң билгин туйгунум».
Ошондо Жакып шаттанып,
Сүйүнүп турду мактанып,
«Өзүң билгин деп айтып.
Ой, атаке, деп айтып,
Манас кепти баштады.
Башка кепти таштады.
О, Жакып кан, ата деп,
Эми бергин бата деп,
Жанагы айткан сөзүңдүн,
Көбү болду ката деп.
Үлүшүңдү таштагын,
Үлүшүң жакшы той болду.
Ушу жакшы ой болду.
Эл жайлоого чыкканда,
Ошондо кылгын үлүштү.
Биз кылалы жумушту».
Ушуну айтып таштады,
Алмамбетти бет алып,
Манас элди баштады.
Канды карып ким кылат,
Кадырын билбес ит кылат.
Бетти бээпай ит кылат,
Кан Алмамбет кайгырып,
Акылынан айрылып,
Мекенин жүзүн көрмөккө,
Белин бекем курчанып,
Кызыл өңү сурчалып,
Ачка келе жатыптыр.
Ал аңгыча алдына
Манас жөнөп калыптыр.
Алмамбеттин жолуна
Манас мурун барыптыр.
Как Чөмүчтүн кайкыга,
Тоо түгөнгөн тайпыга,
Алтындаган чатырды,
Карачы Манас баатырды.
Төрт төбөлүү көк чатыр
Дөңгө тикти бу баатыр.
Кендирден кылган танабын,
Керип, чоюп тарттырып,
Темирден кылган казыгын
Жергелете кактырып.
Ошондо Манас кеп айтып,
О, кырк чоро деп айтып,
Чоро эмессиң жоросуң,
Ушу жерге жаталы,
Тамашага баталы.
Кумалак ойноп кутуруп,
Чатыраш ойноп чатырап,
Как ушу жерге жаталы.
Аркан бою жолуна
Калың килем салгыла,
Тамаша кылып калгыла.
Серек менен Сыргагым,
Экөөң мыкты чыйрагым,
Экөөң атка мингиле,
Экөөң барып сынагын.

Аңдып туруп алдынан,
Манастап ураан салгыла,
Качырып жөнөп калгыла.
Эрдигин сынап билгиле,
Качар бекен силерден,
Кайратын көрүп келгиле.
Анын бери жагынан,
Ажыбай менен Чубагым,
Күндүк жерден бер жактан,
Манастап ураан салгыла,
Абдан сынап калгыла.
Ошондо шашпай түш келсе,
Баягы айткан түш келет,
Ошентип айтып жөнөттү.
Алар анда кетти эми,
Бер жактагы кырк бөрү,
Падыша Манас нөкөрү,
Баарысы кыйын чоросу.
Как өзүндөй жоросу,
Ошенетип жатты эми.
Тамашага батты эми.
Аны мындай коюңуз,
Баягы кеткен төрт баатыр,
Кабарынан болуңуз.
Ары кетти Сыргагы,
Жанындагы Сереги,
Эми тиет кереги.
Бер жагында Чубагы,
Бул да кыйын чунагы.
Алар мында калыптыр,
Алдын тозо барыптыр.
Айдай болгон талаага,
Ар неме бар санаада,
Карап турду бул экөө.
Карап турса бир караан
Кылычты белге курчанып,
Кып кызыл өңү сур чалып,
Кылжейрен менен кылтылдап.
Мас болгондой шылкылдап,
Жээрде атты аргытып,
Артынан чаңын бургутуп.
Жакын келди жанына,
Чукул келди момуна.
Кыйкырып ураан салды эми,
Кызыкты баштап калды эми.
Манастап ураан салды эми,
Бакырып жөнөп калды эми.
Кабагын өйдө ачпады.
Ал экөөнөн качпады.
Акылынан шашпады.
Саялбастан бул экөө,
Каршы өтүп кетти эми.
Кайра тартып бул экөө.
Колун берип көрүштү.
Колун жыттап өбүштү.
Кылчайбастан Алмамбет,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Тегерете карабай,
Тегеле жанын аябай.
Кылжейрендей күлүктү,
Жорголотуп алды эми.
Серек менен Сыргакты,
Киши экен деп билбеди.
Кылычты бекем курчанып,
Кызыл өңү сур чалып.
Бери жөнөп калды эми.
Көт жагынан бул экөө,
Келе жатыр опулдап,
Басыгы жок ат менен,
Келе жатыр топулдап.
Ажыбай менен Чубагы,

Алар карап турабы,
Алдына барган убагы.
Алдынан салам беришип,
Ат үстүнөн көрүшүп.
«Эсенсиңби эрендер,
Амансыңбы арстандар!»
Жандап өтүп кетти эми,
Экөө эки жагынан ээрчишип,
Үчөө болуп жөнөдү.
Серек,Сыргак беш болуп,
Манасты көздөй жөнөдү.
Көрө коюп көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын,
Кырк чорого кеп айтып,
Кылчайбагын деп айтып,
Каарын катуу салды эми.
Кабылан Манас баатырың,
Кайраттанып калды эми.
Баарың бирдей чогулуп,
Окшош кийим кийгиле,
Дүрбөп тура салбагын,
Кокус шашып калбагын!
Көзүңөрдү салбагын!
Кумалакты көчкүлө,
Чатырашты чачкыла,
Баш көтөрүп көз салба,
Амандашса кол алба.
Эрдигин минтип билели.
Көңүлгө бекем түйөлү.
Кеп айтса кулак салбагын,
Кайдан келди ушу деп,
Назарыңа албагын!
Кол берсе колун албагын,
Кокусунан ордуңдан
Тура качып калбагын.
Мыктылыгын билейин,
Мунун тилегин жакшы тилейин.
Биз да муну ошентип,
Абдан сынап көрөлү.
Султандыгын сынайлы,
Баш - аягын кынайлы.
Баягыны көргөндө,
Алмамбет турчу кул беле.
Жанындагы төрт баатыр,
Жээрде атын чургутуп,
Жерден чаңын бургутуп,
Кирип келди аңгыча,
Көптү көп деп билбеди,
Бир көзүнө илбеди.
Ат алуучу адамдар
Алдын тозо барды эми.
Башайы менен барчаны,
Килемден салган канчаны.
Ошолорду көрбөстөн,
Бир көзүнө илбестен,
Төрөлөргө жетти эми,
Көт жагында бул төртөө
Аттан түшө калышып,
Аден менен барышып,
Эрдигине таң калып,
Ээрчип кошо сандалып.
Баякы төртөө жөө басып.
Колун боорго алышып,
Кырк чорону карасаң,
Кыны менен ойношуп,
Пикиринде ойлонуп,
Ал аңгыча Алмамбет,
Аттан түшө калганы.
Атын киши албады.
Абдан салды калбаны.
Алмамбеттин бууданын
Адамдын бирөө албады.

Басып барды Алмамбет,
Кырк чоронун баарына
Кырка көзүн салганы.
Кырк чоронун баарысы
Кызыл кийим кийинип,
Кызыр Илияс колдо деп,
Колдогун ушу жолдо деп,
Кыдырата караса,
Төрө Манас көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын.
Абакеңиз эр Бакай,
Алтын тактын астында,
Алдыртан көзүн салыптыр,
Манас менен эр Бакай,
Кумалак ойноп калыптыр.
Алмамбет сындуу арстаның,
Көзүн салып калыптыр.
Кыдырата көз салып,
Манасты көздөй жүз алып.
Колун сунуп калыптыр.
«Амансыңбы арстандар,
Эсенсиңби эрендер.
Эр эшиги тоң темир,
Эритүүгө эр керек.
Эми сөздүү коюңар,
Мен бир качкын бир калмак,
Силерде бар чоң салмак».
Айттырбастан дедирбей,
Манастын колун алды эми.
Баягы турган кырк бөрү
Баары тура калды эми.
«Ээ, баатырым кулак сал,
Айткан кебим угуп ал.
Темирден калган ширенди,
Мен бир тентип жүргөн киренди!
Коргошундай салмакмын.
Мен бир кооп сийген калмакмын.
Аман - эсен барсыңбы,
Айылың менен турсуңбу?»
Колдошуп колун беришти,
Баатыр Манас, эр Бакай
Тура калып көрүштү.
Кырк чоронун баарысы
Жабыла тура калышты.
Отура турган жерине
Олпок ала жүгүрдү.
Олпогуна карабай,
Чымын жанын аябай.
Алтын тактын оң жагы,
Күмүш такта минди эми.
Эр Бакайдын орду экен,
«Баракелде балам» – деп,
«Мен ыраазымын сага» – деп,
Абакеңиз эр Бакай
Сол жагына өттү эми
Баракелде Алмамбет,
Ордун таап алды эми.
Кырк чоронун баарысы
Кырка тура калды эми.
Алмамбеттин өзүнө,
Жалындаган көзүнө,
Күндү карап калгандай.
Көзү уялып кетти эми.
Эрдигине баарысы,
Көзү таамай жетти эми.
Ошондо Алмаң кеп айтты:
«Ордуңду таап отурдуң,
Ичиңе акыл толтурдуң.
«Канды карып ким кылат,
Кадырын билбей ит кылат».
«Бекти бейпай ким кылат,
Бейли жаман ит кылат».

Өз жаныңа өчөшкөн,
Өзүң кандай эр элең?
Ээн жакка жол тартып,
Эми таптың өзүмдү.
Мен айтайын сөзүмдү:
«Адыр-адыр жер эле,
Аркардан бирди атпастан,
Аркардын этин татпастан,
Эт бышырып татпастан,
Өчөшүпсүң өзүнө,
Айтайын сенин көзүңө!
Эңкүдө элик көп эле,
Эликти неге атпайсың.
Теги өзүң кандайсың.
Минтип келип калыпсың,
Бул эмине кыялың,
Ачкаңдан жаман уялдым».
Ошондо Алмаң кеп айтат:
«Аркар менен кулжалар
Аралаш турду деп айтат,
Алардан кантип атайын,
Көсөө менен булгалап,
Эт бышырып жегенче,
Атамдын этин татайын!
Эликти кантип атайын,
Эликтин этин Алмамбет,
Күлгө булгап жегиче,
Энемдин этин татайын!
Алтын аяк ичинен
Тамак ичтим жашыман,
Берген ашты иччүмүн.
Ушу кезде баатырым,
Суу берсең да ичемин,
Уу берсең да ичемин.
Баракелде Алмамбет,
Энди ыраазы сага – деп,
Ачканын аңы жүрчү эмес,
Андай ишти сен ташта,
Бөлөк ишти сен башта.
Турасыңбы кырк бөрүм,
Баарың менин нөкөрүм.
Чай кайнатып алгыла,
Даяр кылып салгыла,
Тасторконду жазгыла.
Ар бир түрлүү тамакты,
Аябастан чачкыла,
А дегенде сүт бергин,
Андан кийин эт бергин.
Абакеңиз эр Бакай
Ыргып турду ордунан,
Муну мурун ичкин деп,
Сүттөн мурун берди эми,
Андан кийин нан берди,
Андан кийин чай берди,
Аш - тамагын жай берди,
Эриккенче эт берди,
Кардыкканча кант берди.
Тамак-ашка тойгондо,
Эки көзү күүгүмдөп,
Чыдай албай үргүлөп,
Кыбыланы баштанып,
Оң жаккы ийнин жазданып,
Өтүк чечпей, бел чечпей,
Алты күнү уктады.
Уйкусу канып калыптыр,
Он жамбашы талыптыр,
Ордунан тура калыптыр.
Улуу суугa барды эми,
Дааратын эми алды эми,
Кыбыланы бет алып,
Намазын окуп алды эми,
Бата кылып салды эми.

Кайтып кошко келди эми,
Тамак-ашын берди эми,
Ошондо Манас кеп айтат:
«Ой, Алмамбет» – деп айтат,
«Уктап уйкуң кандыбы,
Жатып жанбаш талдыбы?
Мындан мындай карата
Уйкунун жарымын таштагын
Көп уктаган оңолбойт,
Ошо киши соо болбойт.
Тозуп келдик бу жерге,
Кең Таласка кетебиз.
Тегеректеп алышты,
Алмаңа көзүн салышты,
Айран азыр калышты.
Эч жеринде өөнү жок,
Кол - бутунда жүнү жок.
Анык кандын уулу экен,
Обурактуу кул экен.
Азизкандын баласы.
Ар жерде жок чаласы,
Бейишке кирер эрки бар,
Бериштелүү каркыбар.
Ошондо Манас турду эми,
Мойнун элге бурду эми.
Элге карай кеп айтып:
«Э, калайык» – деп айтып,
«Бу Алмамбет баатырга
Аябай кийим кийгизгин,
Аттан тандап мингизгин.
Кудай алсын Көкчөнү,
Шумкарды колдон учурган,
Алты жыл таман болгончо,
Жакшы чапан кийгизбей.
Же көк ала атын мингизбей,
Ак шумкарын качырып,
Айдаркандан учуруп,
Биздин элди көргөнү,
Көкчөнүн ошол өлгөнү.
Көкчө сага кылбасам,
Көңтөрө жылкың албасам!
Алмамбет үчүн жоолаймын,
Акысын катуу доолаймын.
Көк ала сакал кезинде,
Сакалын койбой жулбасам,
Көкчө сага кылбасам!
Алмамбеттин айынан,
Кантип жаның соо болот.
Казак, кыргыз жоо болот!
Сураса бербес көк ала ат,
Сууруп колдон алармын,
Шумдукту сага салармын!
Ошончо жыл болгуча,
Алмамбеттей баатырга
Кийим арнап бербедиң.
Киши ордуна көрбөдүң.
Теги сага барармын,
Акыр заман салармын».
Алмамбетке кеп айтып,
Эриккенче көп айтып,
Аттан тандап мингизип,
Асыл чапан кийгизип,
Тегеректеп алышты,
Алмамбетке барышты.
Абай кылып караса,
Көмөлдүрүк көрк алтын,
Көк сүлөөсүн бөрк алтын.
Ээринин кашы алтын,
Минген аттын башы алтын.
Кара бою карк алтын,
Куюшканы куйма алтын,
Абай кылып караса.

Алтын экен баарысы.
Ушун үчүн кем Көкчө,
Баасына жете албай,
Баарын чечип алалбай,
Алмамбетке кеп айтты,
Кийминди чеч деп айтты.
Бул алтындан кеч деди,
Бирин койбой чеч деди.
Кытайдын алтын, күмүшүн,
Сенин болбойт жумушуң.
Олжо кылып эл алсын,
Мусулманча кийингин,
Бир Аллага сыйынгын.»
Алып келип Алмага,
Арстан Манас кабылан,
Асылдан кийим кийгизди.
Айдаркандын Көкчөдөн
Артыктыгын билгизди.
Ай Сарала бууданды,
Абай үртүк жаптырып.
Алмамбетке мингизди.
Азизкандын баласын
Кабагын ачып күлгүздү.
Эми Манас кеп айтат:
«Серек, Сыргак экөөңөр,
Аттангыла деп айтат.
Аялдабай ат мингин,
Ат минсең да бат мингин.
Бай Жакыпка баргыла,
Бачымдап кабар салгыла.
Бай Жакыпка айткыла,
Бачымыраак кайткыла.
Бай Жакып болсун башында,
Чыйырды болсун кашында.
Аргын, ногой эл келсин,
Каптаган кыян сел келсин.
Кан Алмамбет султанга
Баары келип көрүшсүн,
Айтканыма көнүшсүн».
Серек, Сыргак ат минип,
Аялдабай бат минип,
Айкырып кирип баргany.
Кабарды катуу салганы.
«Чыйырды, Жакып сүйүнчү.
Тон, өтүгүң кийинчи!
Чоң-Бээжинде Азизкан,
Азизкандын баласы,
Ишинде жок чаласы,
Арстан Манас балаңа,
Асмандан жылдыз жошулду,
Алмамбет келип кошулду.
Азыр жүргүн баарыңар,
Чыйырды менен бай Жакып,
Аксакалдуу карыңар.
Азыр атка мингиле,
Аялдабай жүргүлө.
Бириңден бириң озгула,
Көңүлүн артык көтөрүп,
Алмамбетти тозгула!
Ак байбиче Чыйырды
Тобо кылды Кудайга.
Арбыттың кудай кыйырды,
Айланайын балдарым,
Аман болсун жандарың,
Сүйүнчү деген сөзүңдөн,
Айланайын өзүңдөн!»
Деп, ошентип Чыйырды,
Серек менен Сыргакка
Киш ичиктен кийгизди,
Алып келип бай Жакып,
Эки жорго мингизди.
Аттанды журттун баарысы.

Бай Жакып менен Чыйырды,
Аксакалдуу карысы.
Серек, Сыргак жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Кайра тартып келгени.
Калың журт тозуп келет деп,
Кабылан Манас баатырга
Кабарды келип бергени.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштык карысы,
Манасы бар башында,
Алмамбет султан кашында,
Калың кара журт менен
Маңдайлашты ушунда.
Ак байбиче Чыйырды
Аттан түшүп алды эми,
Алмамбетти карата
Арыш уруп калды эми.
Калың журттун баарысы
Кан Алмамбет султанга,
Учурашты чуркурап,
Кай бир жашык кишилер
Жашып кетти буркурап.
Бай Жакып келди бакырып,
«Балам, аман келдиңби,
Кел бери» – деп чакырып.
Кучагына алганы,
Жыттап жатып калганы.
Чыйырды келип солкулдап,
Бүткөн бою солкулдап,
Кучактап алып, бек жыттап,
Куркурата көп жыттап.
Анда Манас кеп айтат;
«Ак байбиче энеке,
Ак байбиче бир меке,
Эмчегиңди алгын деп,
Арстан Алма балаңдын,
Оозуна кармап салгын деп.
Как өзүңдөн туугандай,
Мени менен Алмамбет
Эмчектеш болуп калсын, – деп.
Ак шарыят сөзү бар,
Эненин сүтүн эмгендер
Буруусу жок, терүү жок,
Жатындан чыккан жөнү бар».
Манас мындай дегенде,
Ак байбиче Чыйырды,
Аркардай таңын кылайтып,
Алып чыкты ошондо,
Ак эмчегин булайтып.
Алмамбет оозун салганы,
Соруп жатып калганы.
Таш болуп калган эмчектен
Уузу чыкты аркырап,
Агып чыкты шаркырап.
Азизкандын Алмамбет
Ууз сүткө тойгону,
Уккандарга улуу сөз,
Ушундай жорук болгону.
Атка минди баарысы,
Айылды көздөй бет алып,
Аттанышты баарысы.
Алтындуу сарай коргонго,
Барып түштү Алмамбет,
Арстан эрдин коргонго.
Балам келип калды – деп,
Кудай жалгап салды – деп.
Ак байбиче Чыйырды
Сары улактан таптырды,
Садагасын чаптырды.
Алтын менен күмүштү,
Алмамбеттин башына

Алып келип чачтырды,
Карып - мискин талады,
Миң сан карып - мискинден
Бири куру калбады.
Ак боз бээден алдырды.
Ай туягын чалдырды,
Топтогон малдар союлду,
Тоюнбаган тоюнду
Ногойдон калган кызыл туу,
Оболотту аштады,
Таң - тамаша мөрөйдүн
Бирин койбой баштады.
Асмандагы жылдыздай,
Болжош болду Алмамбет,
Арстан Манас баатырга
Акыреттик куюшкан,
Жолдош болду Алмамбет.
Асманга башы тирелген,
Саясы салкын бай Терек,
Чынары болду Алмамбет.
Качырганын куткарбас,
Кабылан Манас баатырга,
Кара кашка кадимки,
Тынар болду Алмамбет.
Алмамбет келди Манаска,
Манаска душман жанашпа.
Бай Жакыпка ошондо.
Бала болду Алмамбет,
Доол келсе жел тийбес,
Темирден коргон тышында,
Калаа болду Алмамбет,
Манастын иши оң болду,
Баштагандан беш - бетер,
Арбагы ашып чоң болду.
Айдыңын уккан душманга,
Эрибес муздак тоң болду,
Алышкан душман сомдолду.
Манаска кудай бергени,
Беттешкен душман жеңбеди,
Айдаркандын Көкчөсү
Көк өтүктүн өкчөсү,
Акылынан айрылды,
Канатынан кайрылды.
Алмамбетти күтө албай,
Кызматына түтө албай
Көкчөнү кылым боктоду,
Кан Алмамбет султаның
Манаска келип токтоду.
Анда Алмамбет кеп ойлойт,
Көкчөсү кандай кан деди,
Манасы кандай жан деди.
Кыраан Манас баатырдын
Кылыгы башка көрүндү,
Көтөрдү минтип көңүлдү.
«Алты жыл турдум Көкчөгө,
Акылы кем бөксөгө,
Жоругу жанды жоотподу.
Алаптаган Көкчөгө
Көңүлүм түшүп оошподу.
Манастын иши оң экен,
Акыл ою чоң экен.

## МАНАСТЫН КӨКЧӨНҮН ЖЫЛКЫСЫН АЛЫШЫ

Эми Манас көкжалың,
Көзүнөн чыкты от жалын.
Алмамбетти баш кылып,
Акыр заман иш кылып,
Көкчөнү көздөй бет алды.
Көтөрүлүп жөнөдү,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы.
«Акыр заман салалы,
Айдарканга баралы».
Аны укту Алмамбет,
«Атаганат дүйнө деп,
Айдаркан жакшы киши эле,
Бул Алланын кылган иши эле.
Буудайбек менен бузуку,
Эки чоро азгырды,
Эзелтен көөнүм калбаган,
Айдаркан менен кас кылды!
Калмактан качып келгенде,
Ата ордуна көргөнмүн.
Көкчөнүн көзүн ойгула,
Айдаркан жакшы киши эле,
Ошону аман койгула.»
Кыргыл чалга тапшырып,
Алмамбет анда калды эми.
Кырк чоро жолго салды эми.
Көкчө менен эр Манас
Карын бөлө киши эле,
Алланын кылган иши эле.
Ошо бойдон түн катып,
Эки-үч күнү жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Эртеси күнү кечинде,
Элдин жетти четине,
Кечинде кароол карашып,
Тула боюн жашырып,
Бир кырдан башын ашырып.
Карап турса күүгүмдө,
Саралалуу сан жылкы,
Көкалалуу көп жылкы,
Тегеренип отуруп.
Ар жагынан кирели.
Бери карай сүрөлү».
Деп, ушинтип кырк чоро,
Манаска тете кырк жоро.
Ар жагына барды эми,
Күн чыгыш жакка бетине,
Кытай, жакка четинен,
Кыйкырып жылкы алганда,
Көрбөй калдык арманда,
Азирет деп акырып,
Алмамбет деп бакырып,
Добулбасы дүпүлдөп,
Кыргыл чал жүрөт күпүлдөп.
Айгай үндү салды эми,
Аңтарып жылкы алды эми.
Достун түбү доо болду,
Алмамбеттин айынан,
Көкчө, Манас жоо болду.
Жылкынын баарын дүргүтүп,
Тийип келет үркүтүп,
Дүбүртүн Көкчө укту эми.
Көк ала ат менен чыкты эми.
Эр Көкчөнү айкырып,
Алдынан чыга калды эми.
Ар жагынан Кыргыл чал,
Айкырып жөнөп калды эми.
Чоюнбаш менен чокуга,

Келтирип Кыргын салды эми,
Төбөсү менен сайылып,
Жерге Көкчө тик түштү.
Төбөсү менен бүк түштү.
Баатырсынган Көкчөнүн
Башына жаман жүк түштү.
Көкчө калды далдайып,
Эси ооп шалдайып.
Жылкы айдап дүргүтүп,
Ошо бойдон үркүтүп,
Көк ала атты бош коштоп,
Таң сүрүлүп калганда,
Таңга жакын болгондо
Айдаркан айлын тепсетип,
Карыганда өксөтүп,
Айдап алып жөнөттү.
Акеркеч деген зайыбы,
Жоктур сөздүн айыбы,
Желбес жорго минди эми,
Желбегей торко кийди эми,
Желбиреп жолго кирди эми.
Жылкынын алдын бет алып,
Алмамбетти эске алып,
Манас экөө бир жерде,
Турган экен тар жерде.
Аттан түшө калды эми,
Манас менен Алмага,
Эңкейип колун берди эми.
Амандашып көрүшүп,
«Батыра чаап баш алган,
Баатыр элең Алмамбет,
Өткөрө чаап өт алган,
Өткүр элең Алмамбет.
Көңтөрө тийдиң жылкысын,
Көкчөсүн ачтың уйкусун,
Кашкая багып күлбөдүм,
Кайниден ала билбедим.
Кайран аяш Алмамбет,
Көк ала атты бергин» – деп,
Көздүн жашын кылгыртып,
Жылкыны айдап жылдыртып,
Алмамбет, Манас каркылдап,
Күлүп турду жаркылдап.
«Баракелди аяшым.
Кадырым сенден калган жок,
Бир кезинде мен калмак,
Күйүп-бышып болдум чок.
Каалаunion бербес көк ала.
Сан жылкынын көп ала,
Каалаганың бул болсо,
Кайтып бердим өзүңө,
Төмөн этек зайыптын,
Төрөсү элең ушунда,
Ак элечек зайыптын,
Алды элең ушунда.
Башка жоолук салгандын,
Баашасы элең Акеркеч,
Жеңе болуп жашыңда,
Келдиң эле башында.
Көк аланды кармап ал,
Жана ушу жылкыдан,
Саай турган бээңди ал,
Айдарканга көзүң сал!»
Кыргыл чал келди бакылдап,
Айтып турат шакылдап:
«Кудай алсын Көкчөнү,
Баштанары бир салсам,
Оңкосунан жыгылды.»
«Баарын бердим өзүңө,
Сабаң какшып калат деп,
Саан бердим өзүңө.
Мындан кийин аяшым,

Эстей жүргүн эсиңе.
Карай жүргүн көзүңө.
Катын да болсоң Акеркеч,
Алмамбеттин кадырын,
Артык билдиң деп уктум,
Алган жылкы биздики,
Ажыраткан сиздики,
Тийген намыс биздики,
Тирүү калды Көкчөңөр».
Алмамбет, Манас, Акеркеч
Амандашып калды эми.
Ажырашып калды эми.
Калган жылкынын баарысын,
Кайрып калды Акеркеч,
Алган жылкынын баарысын,
Айдап кетти кырк чоро,
Кайта келди Акеркеч,
Эр Көкчөнүн кашына.
«Айрөк Көкчө болбойсуң,
Ушунетип оңбойсуң,
Очогор кара замбирек,
Ойлонбодуң бадирек,
Огу тиер өпкөңө,
Онтоор кезиң боло элек.
Алмамбет менен дос болдуң,
Алмамбет качан козголду.
Кыл болот мизин жалашып,
Кыямат жайды санашып,
Ак албарс мизин жалашып,
Акырет жайды санашып,
Ортого куран коюшуп,
Оо дүйнөлүк болушуп,
Ошенеткен сен элең,
Ушакка кошкон мен элем,
Мен да ушундай кем элем.
Айыңга кошкон мен элем.
Ала көөдөк кем элең.
Мындан ары карата,
Ачып кара көзүңдү,
Тыйып жүргүн сөзүңдү!
Алмамбет, Манас окшошуп.
Экөө быйыл баш кошуп,
Ойротту бузуп алууга,
Оруска колду салууга,
Кудай берген буларга.
Мурун колго конгон кушуңду,
Көрбөйсүңбү ушуну.
Капыр менен мусулман,
Баарын алат бул экөө,
Ат-Башыда Кошойду,
Кошуп алат бул экөө.
Жедигердин Багышын,
Жетим чалдын Агышын,
Жетип алат бул экөө.
Кыргын кылат кытайды,
Ойрон кылат орусту.
Оболдон Кудай жар болуп,
Жараткан эгем болушту.
Ар кайсы дөөлөр кеп кылды,
Айтканын Аллам эп кылды.
Атын угуп Бээжинден,
Коңурбай капыр шек кылды.
Көргөн душман шекинди,
Көбү Көйкапка качып бекинди.
Аткан огун санады,
Атышып келген душмандын
Канын ичип жалады.
Бир жашында билинди,
Эки жашка чыкканда,
Эл көзүнө илинди.
Үч жашына келгенде,
Букардын көк ташына чийилде

Энеден жерге түштү,
Белдемчи боосун үздү,
Карынды катуу тээп түштү,
Канга ылайык бет түштү,
Кантип булар соо болсун,
Кармашкан кантип оңолсун.
Кудай алган кем элең.
Ала көөдөк неме элең,
Атаңдын айлын талкалап,
Жылкыңды алды чалкалап,
Достун түбү доо болду,
Алмамбет, Манас жоо болду.
Кантип башың соо болду?
Укуругуң шиш кылды,
Унуткусуз иш кылды,
Кыргыл чал сени мыш кылды.
Көкаладай атыңды,
Чоюнбаш менен бир салып,
Атыңды алды астыңдан,
Жандап өтүп жаныңан.
Түшө калып ошондо,
Эки колду боорго алып
Аяшым деп ыйладым.
Ала-Тоодой иш кылсам,
Ашырарың өзүң бил,
Андан кыйын иш кылсам,
Кечирериң өзүң бил.
Өрт жалындай иш кылсам,
Өчүрөрүң өзүң бил.
Агын суудай иш кылсам,
Кечирериң өзүң бил.
Көкаладай атыңды,
Кимге айтайын датымды.
Мага берген ушуну,
Наалат келген көкала,
Катыныңа бердим деп.
Как ушинтип кеп айткан.
Сураса бербес көкала,
Сууруп алдым колунан,
Мындан кийин эр Көкчө,
Акылы жок жер Көкчө,
Көтөрдүм сени өзгөчө.
Мындан кийин алыңды,
Билип жүргүн кем Көкчө!
Сабаңкуру калбасын,
Деп ушинтип бээ берди,
Менин атам курусун,
Жаман сага не берди».
Алдына келип Акеркеч,
Атын берип турду эми.
Достун түбү доо болду,
Аяк жагы ушинтип,
Баш кесишчү жоо болду.
«Мындан ары карата,
Көтүңдү кыс, тим жүргүн,
Арбактар карап турбайбы,
Кудай сени урбайбы!
Алардын колдогону Кожо сан,
Кол бергени Ак эшен,
Жалынганы бир Кудай,
Жардамчысы кырк чилтен»,
Деп ушинтип бек айтып,
Атын берип көп айтып,
Билгенинче кеп айтып.
Атына кайра мингизип,
Көк күбө тонду кийгизип,
Көтөрүп атка мингизип,
Көөсөрлүгүн билгизип.
«Мен албасам атыңды,
Өлүп кала таштадың,
Жаман өнөр баштадың.
Өлөрүңдү бил Көкчө,

Өз атыңды мин Көкчө!
Көкчө сенин айыңдан,
Казак, кыргыз жоо болду.
Кайдан эми соо болдуң?!»
Ушунетип токтолду,
Урушкан киши жок болду.
Көкчө калды кайрылып,
Жылкынын жарымынан
айрылып.
Кырк чоролор баш кошуп,
Баатыр Манас алдына,
Чамбылала чаң болуп,
Тембулала тер болуп,
Темингиси кир болуп,
Эми Манас алдына,
Тең жарымын үркүтүп,
Айдап барды дүркүтүп.
Ошондо Манас күүлөндү,
Ачууланып сүйлөндү.
«Башын кесип албайсың,
Кыргыл чал доңуз кандайсың?
Чыңданып мындан барган соң,
Чымчыктай жүнүн жулбайсың.
Кудай урган шылдың чал,
Мындан мындай карата,
Ачып жүргүн көзүңдү,
Айттым эми сөзүмдү».
Жанында Бакай кеп айтып.
«Эми ачууңду кой» – деди,
«Көңүлдө кириң жой» – деди.
Дагы далай сөздөр бар,
Айдаркан айлың какшыттың,
Акшумкарын шаңшыттың.
Нечен сонун кептер бар,
Барабыз эми эрмекке,
Катындарын көрмөккө.
Алмамбеттин көзү бар,
Айтарга далай сөзү бар.
Эмесе макул куп деди,
Үзүлгөндү улаган,
Жыгылганды жөлөгөн,
Ажыраганды эптеген,
Айтышканды септеген.
Абакең Бакай астында.
Баштап алып жөнөдү.
Акылай менен Карабөрк
Аташкан жакшы зайыбы.
Булардын жок айыбы.
Баягы экөө суйсалып,
Алдынан чыккан жер ошол,
Алмамбет көрдү экөөнү,
Тегеренип кетти эми.
Теги жаман ит экен,
Манас келди кашына,
Сурап турат ошондо;
«Ой, ой Манас жолборсум,
Мындан ары карата,
Ишиңди Кудай оңдосун.
Тегеренип кеткеним,
Теги жаман киши экен,
Кылчайбай карап турганым,
Кыялы жаман ит экен.
Мага алып бергиче,
Өзүң катын алсаңчы,
Өзүң алып баатырым,
Алдан кийин алсамчы.

## МАНАСТЫН КАНЫКЕЙДИ АЛЫШЫ

Ошонетип токтолду,
Сүйлөгөн киши жок болду.
Эми Манас козголду,
«Ушу айткан куу сөзүң,
Сөөгүмөн өттү деп,
Чучугума жетти деп,
Атам Жакып кайда деп,
Малыңдын баарын айда деп,
Шооруктун кызы Акылай,
Журттан чыккан капыр ай.
Кармап алдым калаадан,
Чакырып алып келгенмин,
Таш коргондун талаадан.
Кыз алгандай болбодум,
Кызык оюн көрбөдүм
Кандын кызы Карабөрк,
Аны дагы мыш кылдым,
Алда нечен иш кылдым,
Менин атам бай Жакып,
Кызды мурун көрсүн де,
Анан малды берсин де.
Атам Жакып карыга,
Жалаң эле ал эмес,
Ошол элдин баарына.
Каалап күлүк ат минсин,
Тегеректин төрт бурчун,
Төрт айланып кыз көрсүн,
Кыялына келген кыз,
Учуп жүргөн кыйын куш.
Кайтып келсин өзүмө.
Бир көрүнсүн көзүмө,
Ишенем анан сөзүнө.
Ырчы уулду кошо алсын,
Эми жакшы кыз изде,
Эми атам токтобо,
Ушу жылкы ичинен
Тогуз жылкы ноктоло.
Баары жорго сур болсун,
Барган жери нур болсун.
Баары жорго ат болсун,
Атам Жакып бат болсун.
Көргөн кыздын баарына
Бирден жорго ат берсин,
Көргөн элге бат берсин.
Эми бүгүн жол жүрсүн,
Ат аябай мол жүрсүн!
Ырчыуулду кошо алгын,
Аттардын баарын бош алгын».
Баарын көктү каратып,
Жал-куйругун таратып,
Калат бүгүн жарашып.
Көт жагынан калың эл.
Карап турсун таң калып.
Аны көргөн душмандар,
Акылы кетсин сандалып».
Карап турган калың эл.
Колун кармап коштошуп.
Карап турду токтошуп.
Аны мындай коюңар,
Кыз издеген Жакыптын
Кабарынан болуңар.
Баштап жөнөйт бай Жакып,
Мына ошентип лыпылдап,
Жанындагы Ырчыуул,
Келе жатыр шыпылдап.
Тегеректин төрт бурчун
Төрт айланып алайын,
Кыз табылса барайын,

Табылбаса Манастын
Жүзүн кантип көрөйүн.
Төрт-беш жылы мен издеп,
Андан кийин келейин.
Эки жылы кыз карап,
Элден сулуу таппады.
Эрдин бекем тиштеди,
Элден минтип издеди.
Эч эчтеңке табалбай,
Аты ыргайдай арыды.
Бир күндөрү болгондо,
Кара-Тоону түптөшүп,
Кошту оңдоп жүктөшүп,
Эл табалбай келатыр.
Кара-Тоонун арасы,
Ырчыуул мындай караса,
Этегин өйдө түрүнүп,
Келе жатат жүгүрүп.
Баягыны көргөндө,
Аттын оозун бурду эми,
Экөө карап турду эми.
Барып колун беришти,
Салам айтып көрүшүп,
Амандашып калды эми.
Өзү мерген киши экен,
Кылган иши ушу экен.
Тоодон кийик атышып,
Тамашага батышып.
Жалгыз үйү бар экен,
Күңү менен кызы бар,
Кийик атып жан сактап,
Эптеп оокат кылчу экен.
Жакыпты аттан түшүрүп,
Баягы мерген үшкүрүп,
Атын отко койгузуп.
Айран чалап беришип.
Кайра-кайра кеп сурап,
Кайдан келдиң деп сурап.
Анда Жакып кеп айтат:
«Алмамбет деген бир калмак
Качып келип кытайдан,
Айдарканды аймады.
Көмүп койду Көкчөнү,
Көп дүйнөсүн төккөнү.
Ушу быйыл Таласка,
Чоро болду Манаска,
Ошол калмак азгырып,
Бай Жакып мени жазгырып,
Катының жаман киши деп,
Кыз издетип курутту.
Сексен жашка барганда.
Как ушинтип карганда,
Ач бөрүдөй улутту.
Кара-Тоону түптөдүм,
Келип калдым алдыңа,
Бир кишини табалбай,
Ата-жотоң ким болот,
Айтып бергин чыныңды,
Ичиңдеги сырыңды».
Ошондо мерген муну айтат,
«О, Жакып бай» – деп айтат,
Менин атым жөө мерген,
Бектору бала менде бар,
Далай сулуу элде бар.
Бирин көрбөй каңгырап,
Эки көзүң жалдырап,
Карып калган экенсиң,
Акыл-эсиң табалбай,
Арып калган экенсиң.
Бүгүн бизге конуп кет,
Абдан жакшы жайланып.
Конок болуп оңуп кет».

«Балам, макул кеп – деди,
«Энди балам эп» – деди.
Алып келди Жакыпты,
Жар башына кондурган
Жалгыз үйү бар экен.
Кырк, элүүчө кою бар,
Бекторудай баламды
Берсем деген ою бар.
Жакыпты алып келди эми,
Ат алгыла деди эми.
Этек-жеңин түрүнүп,
Эбелектей жүгүрүп.
Бир күңү бар, кулу бар,
Бекторунун ичинде,
Далай санаа муңу бар.
Ушул ишти угуңар,
Атын алып түшүрүп,
Жакып келди үшкүрүп,
Кызга көзүн салды эми.
Кыя карап калды эми.
Кызды мындай караса,
Эки көзү алактап,
Эки эмчеги салактап,
Жаман эле киши экен,
Жасагандын иши экен.
Алдыртан карап кылкыйып,
Баякы экөө шылкыйып,
Баягы экөөнүн алдына
Мамык олпок салды эми.
Баса турган жерине
Ак кийизди алдырып,
Кызматын булар кылды эми.
Кырк, элүү кою бар экен,
Мерген айдап жүгүрүп,
«Бир койду кармап сойчу» – деп,
«Кыйналып келген карган чал,
Абдан жатып тойсун» – деп.
Аралап келип ал койдон,
Аксарбашыл кой сойду.
Жакып көрүп кымылдап,
Өз ичинде сүйүндү,
Кызды көрүп күйүндү.
Этине курсак тойду эми,
«Лая шүгүр, кудай» – деп,
Атын отко коюшуп,
Ишибиз жакшы болот деп,
Эми жатып уктады.
Куурап жүргөн кан Жакып,
Ыргып тура калды эми.
Кыбыланы карады.
Сакалын жакшы тарады.
Намаз окуп алды эми,
Алачыктын ичине,
Конгон Жакып турду эми.
Айраң болуп көрдү эми.
Алтын менен көктөгөн,
Күмүш менен бөрктөгөн,
Алтын сарай, ак ордо.
Как ошонун ичинде,
Сыргагына сыр айтып,
Бул эмне деген кеп,
Кечээ келдик эле дигерде.
Кара алачык үйүнө.
Киргизди эле кечинде.
Таң атканда караса,
Каалгасы сом калай,
Каңгыраган чоң сарай.
Конок кылган кара кыз.
Кара кызды караңыз.
Айдай сулуу киши экен,
Алуучу кыз ушу экен.
Кантип жооп беребиз,

Мындайды кайдан көрөбүз.
Тогуз аттын баарысын,
Тобу менен берели».
Деп, ушинтип кеңешти.
Ал аңгыча Бектору
Самоордо чайын кайнатып,
Тамак-ашты жайнатып,
Алдына келип койду эми.
Тамак-ашка тоюшуп,
Бата кылып коюшуп,
«Тогуз аттын баарысын,
Тобу менен берели,
Бир сүйлөшүп көрөлү».
Мерген келди алдына,
Жакып барды жанына,
Мерген балам деп айтып,
Жакып мындай деп айтып:
«Кечээ көргөн балдарым.
Ушундай жакшы киши экен.
Издегеним ушу экен.
Сенин балаң Бектору,
Айдай сулуу киши экен,
Перинин кызы өңдөнгөн,
Мелтиреген жан экен.
Баракелде мергеним,
Мындай неме көрбөдүм,
Ушул жашка келгенче,
Ол дүйнөдө болбосо,
Мындай жакшы бала жок,
Бул ишиңде чала жок.
Балаңа куда болоюн,
Кайтып барып Манаска,
Мактап айтып коёюн.»
Басып келди Бектору,
«Угуп тургун, аба» – деп,
«Айтайын эми сага деп.
Мени мындай коюңуз,
Мобу жакта бир кеп бар,
Кабарынан болуңуз.
Мындан ары барсаңыз,
Тоорум кыз деген бар эле,
Адамдан артык жан эле.
Как ошого барыңыз,
Ошону да көрүңүз.
Ак ордосу даңкайып,
Жол боюнда заңкайып,
А да сонун киши эле.
Как ошону көрүңүз,
Ошондон кабар билиңиз».
Деп, ушинтип кеп айтты,
Кыргызда андай бенде жок,
Кыялы андай элде жок.
Аттанып жолго киришип,
Айтканын анын билишип,
Ырчыуул экөө күлүшүп,
Атасын берген кул эле.
Бай Жакып ага ат берди,
Айтканында бат берди.
Кудай берет экен деп,
Бул турушум бекер деп,
Амандашып жөнөдү.
Ырчыуул менен бай Жакып,
Ырасташып угушуп,
Кулагына жугушуп,
Ал күнү кечке жол жүрүп,
Торум кыздын чегине,
Эми келди элине.
Ак сарай үйү заңкайып,
Алда кайдан даңкайып,
Азыр келип калбаса,
Каалгасы сом калай,
Салтанаты бир далай.

Керегесин карасаң,
Күмүш менен көктөгөн.
Кош каалга чаптырган,
Көргөн адам жактырган.
Чамгарагын карасаң,
Темир алтын жээктүү,
Жабыкбашын карасаң,
Карыш кундуз тээктүү,
Атанын жакшы үйү экен,
Көргөн жерде бай Жакып,
Сөөлөтүнө таң калды.
Ушу жакшы киши экен.
Ошо жерде кубанды.
Мал берчү киши ушу экен,
Сыргак экөө кеңешип,
Сен да менче бар элең,
Өзүң сынчы бала элең.
Үйү мындай болгон соң,
Өзү кандай жан экен.
Экөө турат жанаша,
Торум кыз үйдөн караса,
Бири кары, бири жаш,
Эки киши келиптир,
Көргөн жерден Тоорум кыз,
Чыгып келди жүгүрүп,
Атын жетип алды эми.
Ырчыуул менен бай Жакып
Сулуусун карап суктанып,
Келбетин көрүп мактанып.
Экөө бүгүн сүйүнүп,
Бир Аллага сыйынып,
Эңилип эшик ачты эми.
Экөө кирди эңкейип,
Калың килем Баян дос.
Как үстүнө олтурду,
Этек-жеңин түрүнүп,
Даңканга чайын кайнатып,
Тамак ашын жайнатып.
Адегенде чай берип,
Чайга кошуп май берип,
Кантты кардай кемирип.
Каймак, майды томуруп,
Бир чыныга бал куюп,
Бир табакка жал коюп,
Сары казы, кыйма жал,
Санаты мындай болду эми,
Көңүлүнө толду эми.
Аш-тамакка тоюшуп,
Алакан жайып кол ачып,
Бата кылып коюшуп.
Тасторконун жыйдырып,
«Э, кулунум, кулак сал,
Кызга келчү жуучубуз,
Угуп кулак суучубуз.
Ыраактан келген элчибиз,
Маанисин айтып берчүбүз.
Ушу сөзгө кулак сал.
Айтканымы угуп ал,
Айдап келген малым бар,
Жүктөй келген пулум бар,
Манас деген уулум бар,
Ушул кепке кулак сал.
Төрт түлүктүү малым бар,
Ушундай кыйын алым бар.
Ат ыргайдай болгуча,
Сендей бала таппадым».
Ырчыуул тура калды эми.
Кулдук кылып салды эми.
Бөлөк-салак кеп айтпай,
Ошондо Тоорум кыз айтат,
Нечен түрлүү кеп айтат:
«Мага куда болгон кеп болгон,

Ошонун баарын сүйбөдүм,
Эч бирөөнө тийбедим.
Бир атадан так элем,
Жумурткадан ак элем.
Эрге тийбей дүйнөдөн,
Так өтөйүн дечү элем.
Айтканыман танбаймын,
Ак өтөйүн дечү элем.
Э, бай ата, кулак сал,
Жашымда мындай шерт кылдым.
Айтарга сонун иш болду.
Ушу сөздү таштагын,
Букарды көздөй баштагын.
Бул кебиңди таштагын,
Нечен адам келчү эле.
Мага жуучу болчу эле,
Ошо кепти кеп айтып.
Эрге тийбейм деп айтып,
Тирүү болсом бул жерде.
Эрге тийбеймин деп айтып.
Эми жолго салыңыз,
Эрте жөнөп калыңыз,
Кең Букардын айылын,
Билесиз дайынын,
Темиркандын Каныкей
Тербелбеген киши деп,
Адамдан артык ошонун,
Кылып жүргөн иши деп.
Артык Манас балаңа,
Жарай турган ошо деп.
Же болбосо конуңуз,
Консоң конгун мында деп,
Каныкей бар мында деп,
Абдан жакшы сыйлаймын.
Бир Аллага ыйлаймын».
«Баракелде балам – деп,
«Мен ыраазы сага» – деп,
Деп, ошентип бай Жакып,
Конбой жөнөп калды эми.
Жакып байды аткарды,
Алла Кудай тааланын
Бирдигине таң калды.
Жакып ойлоп ошондо,
Олуядан экен – деп,
Бул турушум бекер – деп,
Жоргодон бирди алгын – деп,
Эми жолго салдым деп,
Касиетин билдим – деп,
Тандап туруп жоргодон,
Бирин кармап мингин – деп,
Касиетиң билдим – деп,
Амандашып жөнөдү,
Ошо бойдон жол менен
Кетип барат ошондо.
Жанындагы Сыргагы,
Жагалмайдай чыйрагы.
Жакып экөө кеңешип,
«Жакшы киши экен деп,
Убаданы жашында,
Кылган экен Кудайга.
Жамандыкты көрбөсүн,
Убадасы өткүчө.
Теги ушу өлбөсүн!»
Жолдуката макташып,
Кең Букардын бер жагы,
Чоң Кокондун нар жагы,
Темиркандын төөсү бар,
Будур менен чыбырда,
Мунун баккан ээси бар.
Көк ала сакал Меңдибай,
Аны киши жеңдиби ай!
Ал аңгыча бай Жакып,

Дөңгө чыга калды эми.
Төгөрөгүн арытып.
Жакып тура калды эми.
Баякы төөнүн ичинен,
Меңдибай көзүн салды эми.
Атка минди Меңдибай,
Бүгүн көңүл артык жай,
Салам берип барышып,
Барып колун беришип,
Жакып менен көрүшүп.
«Кантип келдиң байым» – деп,
Букардакы Темирдин
Анын жайын билдиң – деп.
Букарды көздөй жүргүн – деп.
Издегениң мен көрдүм.
Эмесе макул куп деди,
Айтканыңыз эп» – деди.
Дөңдөн муну түшүрүп,
Төө кайтарды кулдары,
Бирин койбой чакырып,
Төөнү жакшы баккын деп,
Ушу жерге жаткын деп,
Нече күндө келемин.
Ага чейин ойлонбо,
Букардын жолу далай бар.
Ушу турган малайлар.
Ушу бир байдын төөсү,
Багып жүргөн ээси,
Кең-Букарда калды эле.
Анда-мында келгени,
Алты жылга жетти эле,
Букардыктын балдарын,
Биз өңдөнгөн чалдарын,
Нече жыл болду көрбөдүм.
Арасы алыс далай бар,
Малды баккан малайлар,
«Аман болгун кош» – дешип,
Коштогон тогуз атынан,
Бир жоргону мингизип,
Төө баккан малай алды эми,
Алты күнү жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Араң жеттик бир күнү,
Капкасы алтын коргонго,
Кара кандын ордого.
Казыр кирип барды го.
Ошол кезде Каракан,
Катуу ишке жараган.
Кэээде аты Темиркан,
Теңдешинин баары кан.
Меңги бай менен Жакып кан,
Жанында бар Ырчыуул,
Жүйрүк чечен тилдүү кул.
Качан болсо ошонун,
Издегени ушундай.
Аралап кирди шаарга,
Эч ким келбейт нарга.
Меңдибай баштап барды эми.
Бай Жакыпты ээрчитип,
Дарбазага кирди эми.
Эр Меңдибай кеп айтат,
«Ээ, Жакып кан» – деп айтат,
Ушу жерге туруңуз,
Чай кайнатчу балдарга,
Тапшырды ошо Жакыпты.
Чайды ичип жатыңыз.
Букардан чыккан кан эле,
Арбагы артык жан эле,
Көп кечигип кетти деп,
Ачууң келип калбаңыз.
Айткан сөзүн куп дешип,
Балдар сөзүн эп дешип,

Жакып канды түшүрүп,
Кол куушуруп үшкүрүп,
Балдар кызмат кылды эми.
Темиркандын алдына,
Мына ошондо Меңдибай,
Салам берип кирди эми.
Меңдибайга кеп айтты,
Аманбы малың деп айтты,
Бир далай турду калтылдап,
Эки көзү жалтылдап».
Темиркан шондо кеп айтат,
Эмне келдиң деп айтат:
«Ойлоно түшүп кеп айтат,
Ойлоно түшүп көп айтат,
Таластан Манас угуптур,
Жалгыз балаң Каныкей,
Бул дүнүйө жалгандан.
Арбагы артык чыгыптыр.
Элчиликке өлүм жок,
Жуучулукка кордук жок,
Жакып деген атасы,
Жуучулукка келиптир.
Бул коргондун тышында,
Жакып кирди ушунда.
Бересиңби жоопту,
Табасыңбы соопту,
Аныктап айткын сөзүңдү.
Сүйлөшүп өзүң билгин – деп,
Сүйбөсөң кайра кайтсын деп.
Айтып берчи мага деп,
Мен барайын ага» – деп.
Анда Темиркан айтат:
Ушу кепти дагы айтат:
Атын ага байлап кел,
Өзүн жөө айдап кел!»
Айтканына куп деди,
Жүгүрүп келди Меңдибай,
Кебин айтты жайма - жай.
Темиркан анда кел деди.
Бай Жакыпты карасаң,
Эт жүрөгү дегдеди.
Басып келди демигип.
Колун берди көрүшүп,
Эт бышымча эс алды,
Эми Жакып сөз алды.»
Ошондо Жакып кеп айтат:
Мурун жакшы киши элең,
Каз баласы сенде бар.
Кара ылаачын менде бар,
Куу баласы сенде бар.
Куу ылаачын менде бар.
Сен каз баласын учургун,
Мен кара ылаачын салайын,
Кудай буюрса балаңды,
Манасыма бересиң,
Тамашасын көрөсүң.
Сен куу баласын учургун,
Мен куу ылаачын салайын,
Кубанычына канайын.
«Элчиликке өлүм жок,
Жуучулукка кордук жок».
Өзүң ойлоп жооп айткын,
Ат ыргайдай арыды,
Мен торгойдой карыдым.
Сөзүңүздү билейин,
Мен алдыңа тез келдим.
Карган чакта кез келдим.»
Ошону айтып бай Жакып,
Кол куушуруп боорунда,
Темиркандын доорунда,
Анда Темиркан айтат:
«Эрке бала Каныкей,

Адам айтар неме эмес.
Көрүп туруп көзүң сал,
Көрбөдүм деп ойлобо,
Жаман жакка болжобо,
Анан элге кайтып кет,
Бул элге минтип айтып кет».
«Эмесе макул куп» – деди,
Ошондо Темиркан айтат:
«Ысмайыл балам кайдасың,
Ошол табат айласын.
Салийма деген келиним,
Салийма турсун жанаша.
Бай Жакып келип караса,
Салийма экөө жанаша,
Уккан жерде түйүлүп,
Келин келди сүйүнүп,
Түрдүү кийим кийинип.
Кыз көргөн кызык кеп деди.
Кызыр Илияс кетпеди.
Көшөгөнү көтөрүп,
Көзүңдү туура салгын деп.
Бардаңды сууруп алгын деп,
Бай Жакыптан ийменбей,
Бакырайып калгын деп.
Айтканындай кылды дейт,
Темиркан менен Жакыпты,
Экөөн тиктеп калды дейт.
Көшөгөнү түшүрүп.
Кол куушуруп үшкүрүп,
Ошондо Жакып кеп айтат:
«Оо, Темиркан деп айтат.
Баракелде балаңа,
Мен Жакып бай садага.
Ыраазымын өзүңө,
Көбүк кар дай эттенген,
Күн тийгендей беттенген,
Күлүмсүгөн жан экен,
Бир айыбы бар экен,
Муңдуу болчу бала экен.
Муну дагы айтайын,
Анан кийин кайтайын».
Ошондо Темиркан айтат.
Ушу кепти жана айтат,
«Кыз чагында кеп айтып,
Музоо кирпик деп айтып,
Муңдуу болот деп айтып.
Ата-эненин төрүндө.
Ар неме бар көөнүндө.
Ар нерсени олжобой,
Аяк жагын болжобой,
Арты-кийнин ойлобой.
Акылын мунун тапкыла,
Абактыга жапкыла».
Алты киши айдады,
Абактыны жай кылды.
Жакып мындай кеп айтып,
Алсылынан тайгылды.
Ал күнү анда жатты эми.
Минтип шору катты эми.
Жаратканга сыйынып,
Каныкей калды сүйүнүп,
Эртесинде чыгарды,
Ары-бери кеп айтып
Жууп-чайып деп айтып.
Эми Жакып жөнө деп,
Жакып бүгүн аттанды,
Меңдибай да шаттанды.
Тогуз жорго ат берди,
Жолго салды Жакыпты,
Кошо жөнөп Меңдибай,
Көңүлү артык жайма-жай.
Кошо жөнөп калды эми.

Ошо бойдон кетишти,
Кулдугуна ат бердик,
Ырчыуулду ырдатып,
Меңдибайды жыргатып,
Баккан төөгө жетти эми,
Баягы төөнүн ичине,
Эки күн анда жатты эми,
Эртеси күнү кайтты эми.
Меңдибай менен үч болуп,
Эки күндүк узатып,
«Мен барамын Таласка,
Айта барам Манаска,
Далай кызды көрдүм деп.
Ар кимиси кондуруп,
Сылап-сыйпап олтуруп,
Аягында мен барып,
Тоорум кызга жолуктум,
Ошол жолго салды деп,
Айтты далай сонун кеп.
Уккан, көргөн кептерди,
Андан кийин мен өзүм,
Үйдөн чыкпай жатамын,
Акыры көрдүм сени – деп,
Жакшы кылдың мени – деп,
Мындан аркы кебимди,
Өзүң тапкын эбимди.
Манасты өзүң билесиң,
Башканын кебин укчу эмес,
Эми кош аман бол, Меңдибай,
Көп адамды жеңдиң ай»
Ошентип Жакып жөнөдү,
Эсебин сурап калды эми,
Нече күндө келет деп,
Ай эсебин алды эми.
Айды сурап калды эми.
Меңдибай минтип жол тосуп,
Баатыр Манас төрөнүн
Келер күнүн болжошуп.
Союш бээни камдашып,
Кокондун бияк четинен,
Күн чыгыш жакка бетинен,
Күн чыгыш жакка чоң жолдо,
Жараткан Кудай сен колдо!»
Как ошентип калды эми,
Ошо бойдон бай Жакып,
Таласты көздөй барды эми.
Алтындаган коргонго,
Жакып келип ордого,
Жатып калды чалкалап,
Эртеси күн болду эми,
Эл чогулуп келди эми.
Манас менен эр Бакай,
Алмамбет менен Кыргыл чал,
Баары келип көрүшүп,
Атың минтип арыптыр,
Өзүң минтип калыпсың.
Ошондо Бакай кеп айтып:
«Үч жылга чейин жок болуп,
Эми үйүңө токтолдуң.
Кыз таптыңбы аба деп,
Айтчы сөзүң мага деп,
Төгөрөктүн төрт бурчун.
Төрт айландым кыз из деп.
Бир качырган куш из деп.
Он чактыдай күн болду,
Ошондо араң табылды.
Меңдибай деген кулу бар,
Ысмайыл деген уулу бар,
Букардан жетип кайткамын,
Меңдибайга кеп айтып,
Эми сен бил деп айтып,
Аны ошондой таштадым,

Өлүп кала жаздадым.
Анан келдим Таласка,
Өзүң айткын Манаска.
Издеген кыз табылды,
Андай сонун элде жок,
Ал өңдөнгөн пенде жок.
Мындан аркы кебиңди,
Меңдибай табат эбиңди.
Ошентип Жакып кеп айтты,
Өзүңөр барып көргүлө,
Калыңын өзүң билгин деп,
Акбалта менен Бакайга
Айтып турду мындай кеп.
Мейли Манас барсын деп,
Мурун барып көрсүн деп».
Букара алыс жол экен,
Ак Ордосун көрөсүң,
Кыз алгандай болосуң.
Кызык оюн көрөсүң.»
Деп, ошентип кат берди,
Алмамбетке бат берди.
Ошондо жакшы болосуң,
Темиркандын Каныкей
Тербелбеген киши экен.
Алмамбет катын алды эми,
Чөнтөгүнө салды эми.
Жакып байың курусун,
Өзү карган киши экен,
Чыйырды деген айымы,
Чын дүйнөлүк зайыбы,
Алты күнү сыйлады,
Өзү ошентип кыйнады.
Алты күн тамам болгондо,
Убадасы болду эми.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чалдай карысы,
Жакып байдын малынан
Айдап алып жөнөдү.
Кызыл дилде зар алып,
Кызыл куйрук нар алып,
Керней, сурнай тарттырып,
Керке кошун арттырып,
Кетти бүгүн кырк бөрү.
Бакай менен Акбалта,
Ал жолдо анда калды эми.
Кыргыл чал менен Алмамбет,
Булар баштап калган дейт.
Ырчыны алып ырдатып,
Карып жанды куунатып,
Кырк күн нече жол жүрүп.
Мал көзүнө карабай,
Түптү жанын аябай,
Бир күндөрү болгондо,
Төө кайтарган Меңдибай,
Атчан барып көрүшүп,
Барып колун беришип,
Сен бүгүн мында конгунуң,
Күйөө келди деп айтып,
Мен барайын деп айтып,
Замбирек менен бир атып,
Бирин койбой дүргүтүп,
Ушинтип кабар салайын,
Эмесе макул куп деди,
Айткан сөзүн эп деди,
Меңдибай мурун жетти эми,
Таластан Манас келди деп,
Баарын айтып өттү эми.
Аны менен тим турбай,
Замбиректи бир атып,
Элдин баарын чочутуп,
Баягы Ырчыуул кашында,
Ырдатып жүрөт ошондо.

Баатыр Манас төрөнү
Ушу кезде көрөлү.
Бет алдынан караса,
Миң кишинин дүлү бар,
Алдын тосуп көргөнгө
Ажыдаардын сүрү бар.
Үстү жагын караса,
Кара лөктүн жүгү бар,
Бет жагына караса,
Ажыдаардын түгү бар.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Жандан бүгүн түңүлүп,
Ушундай күйөө болчубу,
Ор коёндой балбылдап,
Көзү шаңдуу уул экен,
Ок аткандай шартылдап,
Сөзү шаңдуу киши экен.
Ушуну көрүп жактырган,
Каныкей мыкты жан экен.
Айбаты катуу, заары күч,
Адамдан артык жан экен.
Элдин баары буркурап,
Кээ бирөөсүн карасаң,
Ыйлап жүрөт зыркырап,
Букардын журтун карасаң,
Өйдө-төмөн чуркурап,
Кайсы үйгө конот – деп,
Кандай заман болот – деп,
Кээ бирөө кеп айтат,
Бизге бала болду – деп,
Күйөө болуп калды деп.
Жаман ишти санаба,
Артык ойлоп караба.
Манас деген бул экен,
Андан артык кул экен.
Жан жолдошу Алмамбет,
Аксакалы Кыргыл чал.
Ушу кепти ойлонуп,
Жакшы санап билип ал.
Адам айтар эр эмес,
Манастан да кем эмес,
Түп-Бээжиндин түбүндө.
Азизкандын уулу экен,
Арбагы бийик кул экен.
Мухамметтин Үмөтү,
Пайгамбарга жакын дейт,
Алмамбет кепти айтканда,
Манас аны макул дейт.
Бары-жогу дуулдап,
Кызмат кылды чуулдап,
Түндө жакшы жатсын деп,
Семиз тандап бээ сойду,
Самоорлоп чайын кайнатып,
Тамак-ашын жайнатып,
Эриккенде эт берип,
Кардыкканда кант берип.
Кыя кесип жал берип,
Суусаганда бал берип,
Ушунетип жатты эми,
Тамашага батты эми.
Ошондо Манас ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп.
Каныкей кандай киши деп,
Көрөрүм жок ушу деп,
Алмамбет туруп кеп айтты,
Алып келгин деп айтты.
Меңдибай туруп кеп айтты,
Каныкейдин абасы,
Өзүнөн улуу агасы.
Как ошонун зайыбы,
Эч жерде жок айыбы.
Ошонун тилин алчу эле,

Бул жерге басып келчү эмес,
Анын пикирин адам билчү эмес.
Андан бөлөк ким билет,
Бирөө кетти күйүнүп,
Салиймага жүгүрүп.
Манас келди конду – деп,
Каныкейди көргөзүп,
Анан алып кайтсын дейт.
Меңдибай турат моминтип,
Этек-жеңин түрүнүп.
Эбелектей көрүнүп.
Кайра келди жүгүрүп,
Күйөө кызды көрүүчү,
Илгертеден наркы бар,
Бир адамча баркы бар.
Элдин баары жатканда,
Арачысы Салийма,
Калийман кайра кетти эми.
Каныкейге жетти эми.
Айланайын кыз деди,
Бас десе да болбоду,
Каныкей бүгүн оңбоду.
Ары-бери жүгүрүп,
Сен арачы болосуң,
Алтын алсаң оңосуң.
Алтын сенде жок беле,
Андан көрө ошону,
Эл жатканда келсин де,
Келсе келип калуучу,
Кыялы башка деп уктум,
Менин өзүм чата кыз,
Тим эле үйдө жатабыз.
Меңдибай жүрүп арада,
Жамбыны алды парата.
Сен келипсиң аралап,
Андан көрө жеңеке.
Ушу жерден кайтып бар.
Ушу сөздү айтып бар,
Андан көрө чырагым,
Менден бир кеп сурагын.
Жата бергин тим эле,
Ушак-айың кеп чыкса,
Ошондо мени жемеле.
Жана кайра кетти эми,
Күйөөлөргө жетти эми.
«Бери баскын күйөө» – деп,
Кыялы жаман чата кыз,
Кыйланы курап жатабыз.
Как ошондой эркени,
Байлап койдук кашына.
Ак сарбашыл серкени.
Арууcу кармап калат деп,
Бир албарс кылыч сайганбыз.
Эрке бала Каныкей,
Эми бери басыңыз.»
Ээрчитип алды эми,
Экөө жөнөп калды эми.
Элдин баары тарады,
Ээрчитип барды эми,
Экөө кирип келди эми,
Ак эркеч байлап кашына,
Ак албарс сайган кынына,
Караса Темиркан экен,
Ак селдеси башында,
Жаткан экен ошондо,
Даараты бар көтүндө,
Ыйманы бар бетинде,
Кан атамдын көзүнчө,
Кантип келдиң уялбай,
Баатыр Манас кол сунуп,
Колун сунуп олтуруп,
Жанына жакын барды эми,

Кан атам жатат даңкайып,
Ак кочкордой маңкайып.
Колун салып калганда,
Силкип ийди Каныкей,
Колу барып ошондо,
Ак тинтеге тийди эми,
Караса каны диркиреп,
Агып кетти зиркиреп,
Ошондо да баатырың,
Жан кишиге көрсөтпөй,
Кан чыгарбай бүйрүп,
Кармай калды бул жерди.
Кабыргага келтирип,
Канкор Манас бир тепти.
Экөө калды жарадар,
Ошо бойдон көкжалың,
Көзүнөн чыкты от жалын.
Жеңеси турат эшикте.
Карап турат тешикте.
Эшикке чыкты жүгүрүп,
Билегинен бек кармап,
«Токто күйөө» деп кармап.
«Барганыңан келгениң,
Бачым болду» – деп айтып.
Айланайын күйөө деп,
Эшиктеги жеңеси,
Колдон кармай калды эми.
«Кое бергин колду» – деп,
Бекем силкип алды эми.
Колун силкип алганда,
Жеңинен түштү кара кан,
Жерге түштү колт этип.
Баягыны көргөндө,
Кармап турган жеңеси
Кармай албай далдайып,
Эси ооду шалдайып,
Карап турду далдайып.
«Канчык ишиң катты» – деп,
«Эми акылды кантип таптың» – деп,
«Бул эмне деген кеп,
Урум менен Кырымга.
Угуларын билдиңби?»
Кайта чуркап караса,
Оозунан кан кусуп,
Көздүн жашын агызып,
Меңдибай доңуз оңбосун,
Эгерде эки болбосун,
Ошо бойдон жүгүрүп,
Кыргыл чалга кеп айтып,
«Токтобогун» – деп айтып,
«Кыямат кайым болгуча,
Айың болдук» – деп айтып,
«Мен эми кантип жатчумун?»
Чоң барабанын какты эми,
Дүпүлдөтө чапты эми,
Ээ дегенде мээ деген,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чалдай карысы.
Атка минип алышты.
Ай далаага жарышып,
Чыгып кеткен жери ошо,
Кең-Букардын чоң жолго,
Жараткан эгем сен колдо.
Бир катынга сайдырып,
Сайып өттү билекке,
Салайын элге дүмөктү.
Кырк чоро атка мингиле,
Таласты көздөй жүргүлө,
Жакыптын эбин тапкыла,
Ошонун элин чапкыла.
Ошондой койбой жылкыны.

Бери карай сүргүлө,
Жылкынын баарын дүргүтүп,
Тийип келгин үркүтүп,
Ушундай кызды тапканы.
Өз жылкынан бээ сойду,
Ата кайран жылкыны,
Убалга калып не сойду.
Кең-Букарды камады.
Кармап алып сабады.
Жолоочу жолдон өтө албай,
Жолго кирип кете албай,
Шаарга бүлүк салды эми.
Букардын элин камады.
Аябай баарын сабады.
Кош айдаган адамды,
Кошо кырып салды эми,
Кошок айткан балдарды.
Таш дубалга урду эми,
Адырга байтал жуушатпай,
Айылга бала уктатпай,
Бары-жогун кырды эми.
Ал аңгыча Кыргыл чал,
Жетип барды Таласка,
Жетип барды Жакыптын
Сандаган жылкы сарала,
Сапырылтып алды эми.
Өзүнүн малын үркүтүп.
Андан келди дүргүтүп.
Жол боюна бээ союп,
Өткөн менен кеткенди
Камчы менен сабады.
Меңдибайды чакырып,
Ушундай кызды табасың,
Ак сакалын алды эми,
Аны жаман кылды эми.
Үйүнө барып бүк түшүп,
Башына кыйын жүк түшүп,
Жатып калды бүтүшүп.
Базардын жолун байлады.
Түк койбой малын айдады.
Кара тегин жеринен,
Кара калпак элинен,
Андан бир миң кой алды.
Өзгөчө Букардын жолун курутту
Мурунку иштин баарысын
Ушул жерге унутту.
Аны союш кылды эми.
Анжияндан мал алып,
Кең-Букардын ичине,
Абдан бүлүк салды эми
Менин атам бай Жакып,
Бир шуркуя кыз алып,
Жатат мында камалды,
Карыганда Темиркан
Кантип табат амалды.
Ошенетип жатты эми
Он чакты күн өттү эми.
Таластагы бай Жакып,
Бары-жогун ойлоду,
Акбалта менен эр Бакай
Жакыпка келип кеп айтат,
Сен барбагын деп айтат.
Каракалпак, түркмөндү
Камап Манас алды эми.
Ушу бузук салды эми.
Союшун андан алды эми,
Жолоочу жолун тосту эми
Жолго казан асты эми.
Баарын кылган атам деп,
Ошенетип бээ союп.
Ал аңгыча Акбалта,
Анан кийин эр Бакай,

Азыр келип калышты.
«Ой, ой Манас кулунум,
Кашыктап жыйган мүлкүңдү.
Как ушинтип чачасың.
Быякты кандай ойлойсуң,
Кырып малың соесуң?!»
Абакең Бакай каркылдап,
Айтып турду баркылдап,
«Андан көрө кулунум,
Антип жүрсөң курудуң!
Катынга колду сайдырып,
Акылыңды таба албай,
Жол боюна конупсуң,
Каныкей сайды дедирип,
Жаман аттуу болупсуң!
Канчык каап алды деп.
Каракалпак, түркмөндү,
Кыдырша Калча бүткөндү,
Ошонун баарын чаапсың,
Мындай акыл таапсың.
Буларда күнөө жок эле,
Мындай ишти таштагын
Жүр биякка баралы,
Темирканды көрөлү,
Кыз күйөөсүн сайган соң,
Бул эмине сонун кеп,
Акыр заман болгуча,
Айтылып калды далай кеп.
Өз жылкыңды соёсуң,
Бул жоругуң коёсуң!
Букардын баары мусулман,
Нээти жаман бузулган,
Кең-Букардын ичине
Суудай акты кызыл кан.
Абакеңиз эр Бакай,
Үзүлгөндү улаган,
Жыгылганды жөлөгөн,
Ажыраганды эптеген,
Айтышканды септеген.
Ошентип Бакай кеп айтат,
«Жүргүн Манас» – деп айтат,
Бары-жогун ээрчитип,
Чокчорулуп алды эми.
Чогуу бойдон барды эми.
Темиркандын алдына,
Арачы киши барды эми.
Барып кабар салды эми.
«Кыз күйөөнү сайыптыр,
Кыйын болуп калыптыр,
Муну кандай кылабыз?».
Арачылар кеп айтат,
Акылын тапкын деп айтат,
«Курган Жакып байындын
Баарын тийип алыптыр,
Элге бузук салыптыр.
Куруп калган Меңдибай,
Аксакалын алдырып,
Меңдибай менен Жакыпка,
Ушундай мүлүк салыптыр!
Акылга даана кул эле,
Ак ниет жакшы киши эле,
Алланын кылган иши эле.
Муну кандай кылабыз?
Ошондо Темир ойлонду,
Баатыр Манас алдына,
Темиркан келип кеп айтат,
Биз баралы деп айтат.
Андай болсо куп деди,
Бакайдын сөзү эп деди.
Ушу жакшы кеп деди,
Ушу сөздү айтышып,
Кошун көздөй кайтышып,

Темиркань кеп айтып,
«Ой, Каныкей кулунум,
Өйдө болгун деп айтат
Кыз экенде калк буздуң,
Кырым менен Урумга
Жылкы алдырып нарк буздуң!
Жашыңда балаа баштадың,
Манас деген баатырды
Билекке сайып таштапсың,
Акылын өзүң табасың,
Алда кандай болосуң,
Ажыдаардын куйругун
Басып алдың, билбейсиң.
Ал Манасты ким дейсиң?
Аягы жаман чыр болду,
Түгөнгүсүз ыр болду,
Айласын өзүн билесиң,
Көзүңдү ачып карагын!
Э, Каныкей карагым,
Ойлоп тургун чырагым.
Башка кыйын иш келди,
Манас минтип туш келди,
Туубай жатып туйлаган,
Туурга конбой талпынган,
Акылың болсо аңдагын,
Аягын ойлоп камдагын,
Кырк кыз менен жашыңда,
Опол-Тоого барчу элең,
Ойноп күлүп калчу элең.
Айкандын кызыАрууке
Ал да сендей акылдуу.
Как ошого барып айт,
Элиндеги карыга айт.
Быякы элден байда жок,
Кудайдан бөлөк айла жок,
Жаман ишти баштадың,
Ушул Манас канкорду
Жаралуу кылып таштадың!
Укмушту мындай баштадың,
Уят кылып таштадың!
Аруукеге барып айт,
Тилиңди алса ала кел,
Кулагыңа сала кел,
Же болбосо кайтып кел,
Укканыңды айтып кел,
Андан айла болбосо,
Айла барбы, кайтып кел.
Ушу канкор Манастын,
Айдалып жүрүп өлөбүз.
Көрбөгөндү көрөбүз».
«Эмесе макул, куп» – деди,
«Бул сөзүңүз эп» – деди.
Жыйырма кыз болуп
кошчу алды,
Салыйманды башчы алды.
Түн ичинде жөнөдү,
Айласы минтип куруду,
Темиркандын шаарынан
Эми качып суурулду.
Опол-Тоону бет алып,
Бир күндө жетип барды эми,
Опол-Тоону түптөшүп,
Оокат жайын жүктөшүп,
Мында келип конду эми,
Муну мындай коюңуз,
Аруукедей кызыңдын
Кабарынан болуңуз.
Айкандын кызы Арууке
Адамдан артык киши эле.
Ойлонуп турса Арууке,
Издегени ушу эле.
Эртең менен болгондо,

Каныкей келип талаага,
Бир топ болуп конгондо
Керемет менен билиптир,
Кепичин бутка кийиптир,
Агып жаткан булакка
Азыр басып келиптир.
Барып даарат алды эми,
Кыбыланы карата.
Намаз окуп калды эми,
Бата кылып салды эми.
Ары-бери каранып,
Алтын тарак колго алып,
Алтын чачын таранып,
Алап-желеп жүрөгү,
Азыр карап жүрөбү.
Анын дагы кашында,
Кырк кызы бар астында,
Кыздарына кеп айтат:
«Тээтиги жакта бир топ жан.
Карап туруп калдым таң.
Каныкей келип калганбы?
Жүргүлө анда жүрөлү,
Анык жүзүн көрөлү!
Кырк кыз менен ат минип,
Кирип эми келишти.
Кирип келсе Каныкей,
Өңү сары жез болуп,
Арууке келди кез болуп.
Оозунан өбүшүп,
Ошо жерде көрүшүп,
«Көргөнүң айтып бергин» – деп,
«Музоо кирпик жан элең,
Муңга жакын бала элең.
Кандай болуп калгансың?»
Ал-абалын сүрдү эми,
Айтып карап турду эми.

Каныкей туруп кеп айтат:
«Акылыман шашканмын,
Манасты сайып качканмын,
Кирериме көр таппай,
Барарыма жер таппай,
Ан үчүн сага келгенмин».
«Андай болсо куп» – деди,
«Ушу сөзүң эп» – деди.
Он чакты күнү кетпеди,
Акылдашып жатты эми.
Карыядан кеп сурап,
Акылы кандай деп сурап,
Эрке бала Каныкей
Манасты сайып салыптыр,
Кан шорголоп койнуна.
Жалаасы калып мойнуна,
Кең-Букардын шаарына,
Эч ким турбай каарына,
Кыямат кайым болуптур.
Айласы кандай болчу деп,
Улуу-кичүү карыга,
Угуп турган баарына,
«Бата бергин баарыңар,
Баарың карап турдуңар,
Биз Манаска баралы,
Башты тартуу берели,
Барып жүзүн көрөлү,
Өлсөк бирге өлөлү.
Же болбосо канкордун,
Өнөрү болсо көрөлү!
Ушу бойдон жөнөйлү.
Акыл-эсин унутуп,
Адамдын баарын курутуп,
Кыз да болсо Каныкей.
Кыяматтай күн көрүп,
Кыялы артык бала эле,

Мен барайын кошулуп».
Жибек болуп эшилип,
Каныкей менен бет алып,
Эт жүрөгү жарылып,
Экөө кетти камынып,
Кең-Букардын ичине,
Барып кирди жабылып,
Баягыны көргөн соң,
Темиркан турду сүйүнүп,
Башалык тонду кийинип,
Барган сайын сүйүнүп.
Иш ордуна келе бейм,
Кудай бизге бере бейм!
Бакай менен Акбалта,
Камалып турган кезинде,
Каныкей менен Аруукe
Келген экен ошондо.
Манаска кабар салды эми,
Алдыңа тартуу эки кыз.
Бүгүн түндө келди деп,
Бакай менен Балтага
Минтип кабар салды эми.
Манас баштап баарысы,
Кыргыл чал деген карысы,
Кыйла элди кыйратып,
Кыз-келинди ыйлатып,
Кырып турган кезинде,
Түндө келди кечинде.
Манаска барып кеп айтып,
«Мына кыздар деп айтып,
Айдай сулуу кыз болуп,
Ошо келди туш болуп.
Башыңа сыймык куш конуп,
Экөөнүн мурун башында,
Тийсек бирге тиели,
Тийбесек ушу бойдон жүрөлү.
Ошонеткен кеби бар,
Ойрон Манас баландын
Ойлоп жүргөн кеги бар.
Эми кекти таштайлы,
Оңолгон кептен баштайлы.
Каныкей барсын Манаска,
Аруукe тийсин Алмаңа,
Экөө уккан элдин баарына,
Угуп жүргөн карыга,
Убада кылган башында,
Ушинтип жүргөн жашында,
Экөөнүн сөзү как ушул,
«Экөөбүз бир тууган эрге
тийсек» – деп,
«Эмчектеш экөө бир тууса,
Ошондо эрге тийсек» – деп.
Ошол ишин ойлонуп,
Экөө бүгүн келиптир,
Алмамбет, Манас эки шер,
Ааламдан чыккан кыйын эр,
Экөөнү экөө каалаптыр.
Башын тартуу кылыптыр,
Эми Кудай бериптир,
Муну кандай кылабыз?!»
Бакай менен Акбалта,
«Эмесе макул, куп» – деди,
«Ушу айтканың эп» – деди.
Эр Бакайдын тушунда
Мактанып андан өтпөдү,
Башка киши жетпеди.
Ошондо Манас сүйүндү,
Мурда салган кыйынды.
Кылган ишин таштады,
Кыял жорук баштады.
Абийир эми жабылды,
Акыл эми табылды.

Бакай менен Акбалта.
«Бүгүндөн калбай кайткын – деп,
Жарашып калды Манас – деп,
Элге барып айткын деп,
Эми тынчып жаткын – деп,
Бакай туруп кеп айтты,
Баатыр десем мактанба,
Өз алдыңдан шаттанба.
Эр экен десем эркейбе,
Өз алдыңдан керкейбе.
Куш канаты менен учуучу,
Куйругу менен конуучу.
Манас деп мыктуу болгонун,
Мен Бакайдан болуучу.
Мындан аркы эбиңди,
Каныкей табат кебиңди,
Жана Арууке жанында,
Арууке мыкты киши эле,
Анын кылар иши ушу эле.
Акылдашып алыптыр,
Экөө бирге келиптир.
Алмамбет алсын ошону,
Акылың бирге болууга,
Аралаша конууга.
Чыйырдынын эмчегин
Бир тууган болуп эмишкен.
Ар даамды жеп – ичкен
Бир тууган болуп калышкан.
Дагы келди кезеги,
Экөө андай болбосо,
Күнөөсүн Кудай кечеби?
Оңуна салган Кудайым,
Ойлоп турчу жудайын.
Кош аман бол, балдарым,
Аман болсун жандарың,
Эми кетсин үйгө чалдарың.»
Алакан ачып дуба окуп,
Аллоо акбар деди эми.
Экөө кетти жерине,
Аргын, ногой элине.
Аны мындай коюңуз,
Бер жагында Каныкей,
Кабарынан болуңуз.
Каныкей менен Арууке
Бир Кудайга зар айтып.
Бил баштаган нар айтып.
Кудайымын жолуна
Кула кашка бээ айтып,
Азыздардын жолуна
Аксарбашыл кой айтып.
Сары улагын табышып,
Балаа баштан кетти деп,
Садаганы кагышып.
Күндө күлкү тамаша,
Ырысына жараша.
Ары бери караса,
Бирөө Алмамбетке ылайык,
Бирөө Манаска жолдош болмокко.
Эр Бакайдын акылы,
Каныкейге конмокко.
Кудайдын берген жери ошо,
Ойноп-күлүп жатышып,
Тамашага батышып,
Күлкү менен күн батып,
Тамаша менен таң атып.
Бир айга жыргап жатты эми,
Каныкей бир күнү айтты эми:
«Э, баатыр Манас, Алмамбет,
Мен айтамын далай кеп,
Букардын элин кырдың деп,
Уу ичкендей кылдың деп.

Меңдибайдай абаңдын
Аксакалын жулдуң деп.
Ал эмине кылды деп.
Үйүнөн чыкпай калды деп,
Бүктүшүп барып жатты деп.
Жаткан жерден тургузгун,
Ошого дагы угузгун,
Далай адам кургандын,
Акылын ошо тапчу эле.
Бакай кетти Таласка,
Меңдибай акыл тапчу Манаска,
Меңдибайга кеп айткын».
Ошондо Алман кеп айтып,
«О, баатырым, деп айтып.
Урум менен Кырымга
Уят болдук деп айтып.
Кыз экенде калк бузуп,
Кылым чайкап нарк бузуп.
Ногойго казыр баралбай,
Уят болуп жатабыз.
Темиркандын элинин,
Тең жарымын куруттук.
Мурунку наркты унуттук
Кудасы менен куушкан,
Кайни менен кагышкан,
Кандай адам деп айтат.
Андан кара баатырым,
Кең-Букардын элине,
Келип жаман кылганбыз.
Кең-Букарга келгени,
Келип кыргын салганы.
Үч жыл болуп калыптыр,
Уялбай кантип барабыз.
Жүзүн кантип көрөбүз.
Карып калган Жакыптын,
Убалына калбайлы.
Эми салык салбайлы,
Темиркандын өзүнөн,
Бул жолдо бата алалы,
Бир душманга баралы.
Баатыр Манас деп айтып,
Төрөсүнө кеп айтып,
Карыганда Жакыпка,
Жаңыртып мал салбайлы,
Кырк чорону кошуп бер,
Мен Алмамбет баштайын.
Бөлөк кепти таштайын,
Меңдибайга кеп айткын,
Уят болдум деп айткын,
Күнөөлөрүм кечилди,
Эми белим чечилди,
Каныкейиң кашында,
Жыргай бергин ушунда.
Баатырлары башында,
Каныкейи кашында.
Баатыр эми жата бер,
Аныктап бизге бата бер.
Алла кудай жар беле,
Азирет пириң бар болсо,
Кырк чороңо бата бер,
Кыялың менен жата бер.
Деп, ошентип жөнөлдү,
Опол-Тоону бет алып,
Жүрөр жолун жат алып,
Кыргыл чал чыкты бет алып,
Жолду минтип баштады,
Жоболонун таштады.
Жолду Кыргын баштады.
Ак сакалы селпилдеп,
Асабасы желпилдеп,
Чылан жолду бет алып,
Чыкты бүгүн Букардан.

Азыкка семиз бээ алып.
Ал күнү катуу жол жүрдү.
Эки күнү жол жүрүп,
Чылан жолдон өттү эми.
Опол-Тоого жетти эми.
Күүгүм кирип кеч болду.
Жата турган кез болду.
Келди бүгүн сеңирге,
Көп жалынды теңирге.
Коштогон бээни союшуп,
Этке мыктап тоюшуп,
Көңүлдө кирин жоюшуп,
Эртең менен таң атты,
Сарколдун сары талаага,
Ар нерсе бар санаада.
Салып кетип бaратат,
Атанын сонун жер экен,
Өзөндүү суу, кең сайлуу,
Өзүм көргөн жер эмес,
Өкүмүңдү билгидей,
Өзүмдүн элим теги эмес,
Адырмактуу кең сайлуу,
Атам көргөн жер эмес.
Акимиңди билгидей,
Аргын-ногой эл эмес.
Эми бүгүн жолго салалы,
Опол-Тоодон өтөлү,
Кебез-Тоого жетели,
Анан кайра кетели.
Ошо жерде эл болсо,
Ойротуп жылкы алалы,
Анан кайра баралы.
Алла таала жар болсо,
Анда жылкы бар болсо,
Барып жылкы алалы»
Көргөн жерге токтолду,
Андан ары карата,
Өткөн киши жок болду,
Күүгүм кирип калыптыр,
Карарган мал көрүндү.
Как ушу жылкы экен деп,
Көргөндө көөнү бөлүндү,
Жылкы өңдөнүп көрүндү.
Как ошентип бет алып.
Күүгүм менен аттанды.
Ар жагына чыгалы.
Бери карай сүрөлү,
Кыргыл чалы баш болуп.
Ар жагына өттү эми,
Түн ортосу болгондо.
Бери карай сүрдү эми.
Ак добулу дүпүлдөп.
Аксакал Кыргын күпүлдөп,
Баары жагын жөн күтүп,
Тийип алып жөнөдү.
Жылкы десе караса,
Баары сонун уй экен,
Орто жерин караса,
Үйдөй болгон бир кара,
Качырып чыкты ортодон,
Ал топоздун букасы,
Качырып чыкты бул жерден,
Алмамбетти бет алып,
Азыр жетип келди эми.
Жерди казып чаңдатып,
Көргөн жанды таңдантып,
Анда Алмамбет туралбай,
Качып берди уялбай.
Быягынан Кыргыл чал,
Кыйкырып жетип барды эми.
Кылычты колго салды эми.
Кыйкырып Кыргын жетти эми,

Кыя чаап өттү эми.
Алмамбетти айрөк деп,
Артынан Кыргын жетти эми.
Төөдөй болгон Алмамбет,
Тоотпостон келдиң – деп,
Топоздон качып калдың – деп,
Уялбастан кандарга,
Барып найза салчу элең,
Уйдан качкан кандайсың,
Тоодой болгон кандарга,
Тоотпостон барчу элең,
Кыргыл чалдын сөзүнө.
Кызык айткан өзүнө,
Шылкыйып Алмаң турду эми.
Бары-жогу кеңешип.
Уйду кантип алабыз,
Уялбай кантип барабыз,
Кел топозду таштайлы,
Дагы жылкы издейли.
Эмесе макул куп дешип,
Айткандарың эп дешип.
Ушу жакшы кеп дешип,
Топозду жолго таштады.
Андан өтүп кетти эми,
Кебез-Тоого барышып,
Кирип барды жарышып,
Кебез-Тоону түптөдү,
Көрүнгөндүн баарысы,
Кыргыл чал өзү бүк деди.
Жоболоңду салышып,
Жолдо барат жарышып,
Ошо бүгүн кечинде,
Намаздигер кезинде,
Эки миңче жылкыны,
Аралап өтүп алганда.
Ар жагына барганда,
Добулбасты кагышып,
Айзанын учу кагышып,
Кыйкырып жылкы тийди эми,
Жылкынын баарын сүрдү эми.
Бери тартып жүрдү эми,
Алмамбет, Кыргын кыйкырып,
Жылкыны катуу сүрдү эми.
Куушуруп чыккан пенде жок,
Мындай сонун элде жок.
Сары дөөнүн малы экен,
Эсеби жок мол экен.
Жоо көрбөгөн эл экен.
Сары дөө угуп дүбүртүн,
Уккан жерден жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Калганы келди чогулуп.
Сары дөөгө барышып.
Кол куушуруп алышып,
Эмне деген иш болду,
Сары дөө туруп мыш болду.
Ошондо Сары дөө айтып,
Чогулуп алып баралы,
Алыбыз келсе жылкыны,
Ажыратып алалы.
Как ошентип жөнөдү,
Бизди дагы эркек деп,
Энебиз бизди төрөдү.
Чогулушуп алды эми,
Көтүнөн жөнөп калды эми.
Эртеси күн болгондо,
Келе жаткан куугундун
Алдын тосуп турушуп,
Сары дөө менен урушуп.
Салгылашып урушуп,
Керели кечке салышып,
Ал аңгыча Алмамбет,

Бет алышып алган дейт,
Бир салгандан чыгарбай,
Көмө коюп өттү эми.
Бер жагынан көк Сыргак,
Башын кесип өттү эми.
Көңүлү минтип тынды эми.
Сакалаттын уулу экен,
Өзү мыкты кул экен.
Жылкыны такыр алды эми.
Санаасы тынып калды эми.
Күндөп,түндөп жүрдү эми,
Бир күнү келди Букарга,
Көргөн адам угарга,
Айта келди Манаска,
Букардын каны Темиркан,
Убал болду курган жан.
Керней сурнай тарттырып,
Керке кошун арттырып,
Келип калды Букарга,
Айтып турду угарга.
«Сары дөөнүн мингени,
Өзү күлүк керк экен,
Чөп жебеген бек экен.
Ушу атты тарттык деп,
Биз кантели деп айтып,
Кең Таласка кетели,
Элибизге жетели.
Жата бергин Темиркан,
Манас сындуу балаңа,
Бата бергин, кош дешип,
Биз Букарга келгени,
Далай кыргын салдык деп,
Талашып кызды алдык деп.
Кан Темиркан бата бер,
Кайгырбастан жата бер.
Мындан ары карата,
Акылың ойлоп тура бер.
Кечинде бата алды эми,
Бүгүн жатып калды эми.
Эртең менен болгондо,
Желмаян төөнү чөгөрүп,
Жез казанды көмөрүп,
Мына кеттик Таласка,
Акылың болсо Манаска,
Айтып калгын Темиркан».
Деп, ошентип кеп айтты.
Ал аңгыча Темиркан
Токсон төөгө пул артып,
Көргөн жанды кубантып,
Азыр жолго кирди эми.
Аттанып булар жөнөдү.
Каныкей менен Арууке
Аттанып чыкты бул экөө.
Жаккан отун өчүрүп,
Букарадан көчүрүп,
Мындан аркы иштерин,
Аман - эсен барсын деп,
Бай Жакып менен Бакайдын
Аман жүзүн көрсүн деп.
Жебилгеси жер чийип.
Жекесаны баш жарып,
Кошоматка ал элден,
Далайы кошо жөнөдү.
Букардан асыл мал алды,
Далай адам кубанды,
Айчыгы алтын туу алды.
Ошенетип жөнөдү.
Көчү көлдөй таңданды,
Көргөн жандар даңдады.
Ошо бойдон жол жүрдү,
Эми келди Таласка.
«Манасың келе жатат» – деп,

Бакай менен Жакыпка.
Карыганда кан Жакып,
Дүнүйөнү кыдырып,
«Эмгегим эми толду – деп,
Өлөр кезим болду – деп.
Сүйүнчүңө сүйүп ал,
Куйруктарын шүйүп ал.
Көкүлдөрүн түйүп ал,
Өрүшүмдөн байлап ал,
Жүз карача тайлак ал,
Ак баш, ак баш атан ал,
Анын баары аз келсе,
Мен бай Жакып атаңды ал!
Э, балдарым, баргыла,
Оюңарга киргендин,
Ошонун баарын алгыла».
Деп, ошентип бай Жакып,
Дүнүйөнү чачтырып.
Колун жыттап көрүшүп,
Кемпирлердин баарысы
Колунан келип өбүшүп.
Замбирек аткан немедей,
Добул үнүн кактырып,
Көргөн адам жактырып,
Нечен жылы жоголуп,
Жакыптын иши оңолуп,
Дагы келди Жакыпка,
Дөөлөттүн кушу башында.
Келип калды кашына,
Кудай берип Манаска,
Аты чыкты жашында,
Нечен жылы жоголгон,
Эми иши оңолгон.
Манасты уккан душмандар,
Ошо бойдон жоголгон,
Алганы сулуу үр болгон,
Азирет Алла пир болгон.
Ак эшен сынап тааныган,
Аты Кызыр даарыган,
Салганы кыраан куш болгон
Салышам деген душмандар,
Үйүндө жатып мыш болгон.
Салтанаты ушу болгон,
Сарамжалдуу Каныкей,
Ушу бойдон басты эми,
Сарамжалы озду эми,
Сарамжал менен Каныкей,
Далай элди тозду эми.
Адам айтар кеп эмес,
Аруукенин акылы,
Каныкейден кем эмес.
Ал кездеги ургаачы
Каныкей менен Аруукe,
Ал экөөнө тең эмес,
Алмамбет менен Манаска,
Каныкей менен Аруукe
Калаалуу коргон чеп болду.
Калың кара көпчүлүк
Жомок кылчу кеп болду.
Тойго бир күн күтүндү,
Буркуратып түтүндү.
Ак ордону тиктирип,
Дүнүйөнүн баарысын
Аралаша бүктүрүп.
Букардан келген дүнүйө,
Тобун бузбай дүрүйө,
Сагызгандай кулпунган,
Өң сарала башайы.
Торгуй, тубар мындан көп,
Макмал, барча, дудуңдар,
Санат жеткис мындан көп.
Андан башка асылдар,

Абайласаң андан көп,
Тоюна токсон бээ сойду,
Тогуз жүздөй ирик сойду.
Тайдан кыркты сойдурду,
Тойго калбай келсин деп,
Аргын менен ногойго
Кабар берип койдурду.
Тойго толук эл келди,
Эсеби жок мол келди.
Тогуз күн тою болуптур.
Тоюнбаган карыптар,
Тоюнуп жыргап оңуптур.
Ала-Тоодой эт кылып.
Ала-Көлдөй чык кылып,
Адамды жыйып жык кылып.
Тою тарап кетиптир.
Жакып байдын үйүнө.
Кара кан кызы Каныштты
Отко кийрүү кезеги
Мына ошондо жетиптир.
Отуна Жакып киргизди,
Кылым журттан ошондо,
Озгондугун билгизди.
Ар уруу малдан дайындап,
Энчиге Жакып бериптир.
Бергенин эли көрүптүр,
Баары малын аябай,
Манас үчүн бөлүптүр.
Арстан Манас канкоруң,
Ааламды баскан анткоруң,
Каныкейди алыптыр,
Каныкей эмес Манаска,
Кадыр түн келип калыптыр.
Ошондон кийин Манастын
Араандап иши жөңкүдү,
Басып кетти ой тобай,
Атпай жаткан көңкүңү,
Жоголгондор табылды,
Жок жерден дүйнө кабылды.
Душмандары эл болду,
Жердин жүзүн басыптыр,
Дарыя,көлдөй ташыптыр.
Акылга дыйкан Каныкей,
Ал Манаска бел болду.
Айнып башы дел болду.
Ар бир жандын өзүнө
Каныкей сөзү бал болду.
Андайын көргөн адамдар,
Акылы кетип дал болду.
Минерине аты жок,
Киерине тону жок,
Азып-тозуп ар жерден
Жакыр чоро келгени,
Жакыр келген чорого
Акылга дыйкан Каныкей
Асылдан кийим кийгизди,
Аттан тулпар мингизди,
Адамдыкка киргизди.
Ай-ааламга ашкере,
Артыктыгын билгизди.
Оозунда бир ооз келме жок.
Такыр келди көп чоро,
Жакшылыктуу дин билбей,
Капыр келди көп чоро.
Капыр келеген чорого,
Мусулман динин билгизди.
Минтип жолго киргизди.
Аргын, ногой эки журт,
Телегейи тең болуп,
Дөөлөтү өсүп кең болуп.

## ШЫГАЙДЫН КӨЧҮП КЕЛИШИ

Кара кытай көп манжуу,
Чоң ногой кан өлгөндө,
Аргын, ногой элдерин
Ар тарапка таратып,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Шыгай кан кеткен Жет-Кайтка,
Жалынып Жапар кудайга.
Жет-Кайтты жердеп Шыгай кан,
Дүнүйөсү өнүптүр.
Жапак аттуу баланы
Ошондо Шыгай көрүптүр.
Манастын Даңкы угулуп,
Укканында Шыгайдын,
Жүрөгү оозго тыгылып,
Акыл-эсин жыйынып,
Арбактарга сыйынып.
Ай туягын чалдырып,
Үй жарагын таңдырып,
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы айлын көчүрүп,
Жакып менен Манаска.
Кабылан Манас ошондо,
Өрүлүктү чоң берди,
Конушуна кондурду,
Өрүлүк кылып оңдурду.
Жерин-элин бериптир.
Аргын-ногой эки журт,
Дегенине көнүптүр.
Орозду кандын он уулу,
Ак сакалы Чагатай,
Асмандан мунар жошулган.
Көчүп келип Таласка,
Ал да келип кошулган.
Серек, Сыргак залдары,
Ошолордун балдары.
Бакайды болсо башында,
Айтылып өткөн тушунда.

## КӨЗКАМАНДЫН КЕЛИШИ

Ногой кандын бир уулу,
Өзүнүн аты Үсөндү,
Ногойдун элин бөлгөндө,
Кытайлар коюп Көзкаман,
Калмактын калың жерине,
Бааланып кетип түзөлдү.
Калмакка барып ал Үсөн,
Калмактан катын алыптыр.
Жети уулу болгон катындан.
Аксакалы Көкчөкөз,
Баары бирдей ошондо,
Калмак болуп калыптыр.
Суур менен кашкулак,
Аюу менен доңуздун.
Баарынын этин жешиптир.
Мусулман динин билбестен,
Алда кайда безиптир.
Малакай кийим кийиптир,
Кооп туруп сийиптир.
Эгерим кирин жуубаптыр,
Өмүрүндө ушулар,
Мусулман динин куубаптыр.
Тырмагын кесип албаптыр.
Боюн суугa салбаптыр.
Калмакча дин окунуп,
Буркандарга чокунуп,

Нээти жаман өчүптүр,
Калмакча динге көчүптүр.
Үсөн байкуш ошондо,
Сексен жашка барыптыр.
Жашы толуп карыптыр.
Айдалып кеткен Алтайга
Жакыптан Манас чыкты деп,
Бет алышкан душманды,
Тырп чыгарбай жыкты деп,
Тирүүлөй жерге тыкты деп.
Беттешкен жоону сойду деп,
Акырында ал Манас,
Самаркан барып конду деп,
Ошондой кабар угуптур.
Ал кабарды укканда.
Аксакал болгон ал Үсөн,
Айран болуп туруптур.
Аксакал Үсөн ошондо,
Балдарына кеп айтат:
«Токтобостон балдарым,
Кетели көчүп деп айтат,
Акылдарын бүтүрүп,
Көзкамандын балдары,
Көчмөк болду күтүнүп.
Качып көчүп алыптыр.
Капыя жолго салыптыр.
Күндөп-түндөп көчүптүр,
Жаккан оту өчүптүр,
Көзкамандын балдары,
Калмакча динин окунуп,
Оозуна келме кирбестен,
Бурканга келет чокунуп.
Аз гана эмес мол көчүп,
Арада канча жол көчүп,
Ашуусу бийик тоону ашып,
Агыны катуу суу кечип,
Уй менен кой, төөсү,
Баары калып калыптыр,
Узун аяк жылкысын,
Айдап жолго салыптыр.
Антип минтип отуруп,
Алайга жетип конуптур.
Жетип уктап оңуптур.
Калмакча үйүн чочойтуп,
Суу боюна тигиптир.
Көкчөгөз баштык жетөө тең,
Жааларын алып колуна,
Суур уулап кириптир.
Көргөндөр көзүн салыптыр,
Көрүп туруп буларга.
Айран азыр калыптыр.
Калмактар кайдан келди деп.
Кармап суурду жеди деп,
Жандын баары көрүштү,
Таңыркашып күлүштү.
Кабылан Манас ошондо,
Каттоочудан кеп укту,
Алайдын сары талаага,
Калмактан келди деп укту.
Уулумун дейт Ногойдун,
Тууганмын дейт Манаска,
Сөз ушундай тамаша.
Кабылан Манас баатырың,
Бакайды алып башына,
Чоролору кашында,
Аттанып чыкты жол менен.
Аз гана эмес мол менен.
Алайга келди аргытып,
Атырылтып каргытып,
Манас келип түшкөндө,
Байкуш Үсөн боздоду,
Көзүнүн жашы тоздоду.

Кыргызча сүйлөп көрүштү,
Кучакташып өбүштү.
Көзкамандын жети уулу
Бир ооз сөз билбейт кыргызча,
Калмакча сүйлөп калдырайт,
Баары жогу балдырайт.
Чоролордун баарысы
Карап турат таңданып.
Бута атым жерден сасыгы
Ооз менен мурунга.
Буркурап келип киргени,
Мына ошондо чоролор
Тескери жүзүн бурганы.
Алып келип арстан эр,
Ак боз бээни чалдырды.
Арттырып келген жез казан,
Эттеринин баарысын
Жез казанга салдырды.
Түлөөсүн түштөн өткөрдү,
Көзкамандын балдары,
Бул кылыгын көз көрдү.
Батаны билбейт баарысы,
Көзкамандай карысы,
Карап туруп чоролор
Айран азыр калышты.
Көзкамандын балдарын
Көчүрүп алып жөнөлдү.
Самаркан көздөй өмөлдү.
Алып барып кондурду,
Көрбөгөн сыйды көргөзүп,
Баарын бирдей оңдурду.
Арстан Манас баатырдын
Туугандарын көрөбүз,
Биз да карап турбастан,
Өрүлүк өтмөк беребиз».
Деп, ошентип калың журт,
Баары келип калыптыр.
Карап көрүп буларга
Күлкүсү чыгып алыптыр.
Анда Бакай кеп айтат:
«Ой, калайык» – деп айтат,
Таң калбаңар баарыңар,
Жашың менен карыңар,
Кудайдын кылган иши эле,
Ушул Үсөн агаңар
Башында ак дин киши эле,
Байланып кеткен калмакка,
Айласы барбы көтөрбөй,
Калмактар салган салмакка!
Арбакты издеп келиптир.
Алда Кудай бериптир!».
Аны таштап коёлу,
Арстан Манас баатырдын
Кабарынан бололу.
Эми Манас ой кылып,
Журт чакырып той кылып,
«Кеткеним келип калды» – деп,
«Кудай жалгап салды» – деп,
Толгон мал союп той кылды,
Калың журтту чакырып,
Ат чаптырып ой кылды.
Жасалгасын арттырып,
Аппак кылып бордотуп,
Аземдетип оңдотуп,
Ак ордо үйдөн жетини
Катарынан тиктирди.
Ар шаймандын баарысын,
Түгөл кылып бүктүрдү.
Асылдан болгон кийимди,
Баарын бирдей камдады,
Баш-аягын жамдады.
Көзкамандын жети уулун,

Үстүнө кийим койбостон,
Сыйрып баарын алганы.
Отко өрттөтүп салганы.
Катын менен баланын
Баарысына кийгизди,
Байдасын Манас тийгизди.
Казанга сууну кайнатып,
Самындап жууду баарысын,
Көзкаман баштан карысын.
Чачы түгү, тырмагын
Такыр кырып салганы,
Молоюп башы калганы.
Кылдаттардан алдырып,
Устараны бүлөтүп,
Калмактарды жүдөтүп,
Сүннөт кылды балдарын,
Агызды жерге кандарын.
Калмакча тиккен үйлөрүн.
Идиш менен аягын,
Буюмдан бирин калтырбай
Өрттөтүп салды карагын.
Төрт түлүк малды калдайтып,
Энчисине бергени,
Тууганга Манас эргени.
Көзкамандын балдары
Калмакча сүйлөп калдырап,
Кайгы сөз айтып балдырап,
«Балакет баскан Манаска,
Кайдан келип калдык – деп,
Келебиз тууган деп туруп,
Азапка башты салдык – деп.
Кызыкты Манас кылды – деп,
Кылып жаны тынды деп.
Буркан бизди урду – деп,
Айдап келип бу бизди,
Манаска келип турду – деп.
Кир жукпаган үстүнө,
Ушундай эл болобу,
Ушуларды эгерим,
Эл деп айткан оңобу!
Каныкей деген катыны
Кыпындай кир жок үстүндө,
Кесири артык капыры.
Көрдүңбү Манас кылышын.
Ушу кылган ишине,
Ичибиз кантип жылысын.
Өлбөй аман биз турсак,
Кегибизди аларбыз,
Азапка башын саларбыз!».
Деп, ошентип камандар,
Балдырашып калганы.
Калмагынча сөз айтып,
Калдырашып калганы.
Муну мындай таштайлы,
Акылга дыйкан Каныкей
Кабарынан баштайлы.
Бир күнү туруп Каныкей,
Арстан эрге кеп айтат:
«Менин айткан сөзүмдү,
Аңдагын төрөм деп айтат,
Мен айтамын бир сөздү,
Катындык кылып айтат – деп,
Көөнүңө алба кир сөздү!
Арамдан адал болобу,
Асили болгон арамды,
Адал деп айткан оңобу!
Карадан ак болобу,
Капкарадан ак чыгып,
Карарган көөнү толобу!
Атасы экен Көзкаман,
Азыркы келген тууганың
Аңдасам түрү эң жаман!

Көзкаман аттуу болобу,
Ак мусулман адамды,
Көзкаман атка коёбу?!
Улуусу экен Көкчөгөз,
Укумда болбойт мындай сөз!
Каман деген доңуздур
Экөөнөн арам ашынбайт,
Жердеги кара коңуздур!
Бадыраң темир курч эмес.
Башка өскөн калмак журт эмес.
Курама темир курч эмес,
Куураган калмак журт эмес!
Карап тур, төрөм, акыры,
Калтарың болбос чычканча,
Кабырганды кыйратар,
Калмактар боюн чыңдаса.
Алтының болбос көмүрчө,
Арамдар билбес семирсе,
Башайың болбос кийизче,
Ушу балит калмактар,
Баркыңды билбес кийинче.
Тубарың болбос кийизче,
Түбүндө арам калмактар,
Тууган деп билбес кийинче.
Тел кулунуң жебейби,
Теңелишип алган соң,
Теңир урган калмактар
Тең тууганмын дебейби!
Кымызың ичер жутунуп,
Кыйшык өскөн калмактар,
Кыйрыңды бузар кутуруп.
Арагың ичер жутунуп,
Арамдан бүткөн калмактар
Айлыңды бузар кутуруп!
Көкчөгөз аттуу болобу,
Көтөрүлгөн тууганды,
Көмкөрүп алыш оңойбу!
Токолдой аттуу болорбу,
Толукшуп алган тууганды,
Токтотуп алмак оңойбу!
Кылычка таккан кыныңды,
Кыйшык өскөн калмактар,
Биле албай турат сырыңды!
Сырыңды билсе сындырат,
Душмандын көөнүн тындырат.
Ар тарапка тараткын.
Ушу баштан камынып,
Чогуу койбой буларды,
Ар кимдин көзүн караткын».
Деп, ошентип Каныкей,
Ар түрлүү сөздү салганы,
Каныкейдин сөзүнө,
Каарын төгүп ошондо
Ачууланып калганы!
«Каныкей кандай бул сөзүң,
Капырча айткан куу сөзүң!
Калмактан келсе тууган деп,
Капырдан бетер иш кылып,
Ар кайсы жерге таратып,
Көчүрүп жибер, куугун деп,
Экинчи мага айтпагын,
Экинчи айтсаң сөзүңдү,
Өлтүрөмүн өзүңдү!»

## МАНАС БААТЫР ООГАНДЫ ЖЕҢГЕНИ

Кең Алайдын ар жагы,
Ооган деген эл экен.
Оогандын каны бул күндө,
Кан Акункан дээр экен.
Ушул кезде Акункан,
Толуп турган кези экен.
Бет алганын мерт кылып,
Олуп турган кези экен.
Кайдан келген дайын жок,
Ысар менен Көлөпкө,
Кыргыз келип конду деп.
Кара курттай толду деп,
Кабарчыдан кеп угуп,
Кайта-кайта көп угуп,
Тарытып ийди жерди деп,
Кысып ийди кыргыздар
Оогандын чети элди деп.
Кабарды мындай угуптур,
Оогандын каны Акункан
Кайраттанып туруптур.
Кайраттанып акырын,
Калың журтун чакырып,
Кыргызды барып чабам деп,
Эсебин чогуу табам деп,
Алты сан кара кол алып,
Ат майышкан туу алып,
Жети сан кара кол алып,
Жер майышкан туу алып,
Ысар, Көлөп жерине.
Баса келди Акункан,
Калың кыргыз элине.
Кыргыздын четин жапырды.
Астын үстүн сапырды.
Тийип алды бээлерин,
Өлүм кылды ээлерин,
Жайната муштап мээлерин.
Чыгарып кетти оогандар,
Калың кыргыз кээлерин.
Кабарчылар желгени,
Чаап кетти Ооган деп,
Манаска кабар бергени.
Кабарчыдан кеп угуп,
Кабылан Манас эми угуп,
Ашып-шашып ат минип,
Аялдабай бат минип,
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргыл чалы күркүрөп.
Кыйгактуу найза доолдап,
Кырк баатыры шоолдап,
Аттанып чыкты жол менен,
Санаты бир кол менен.
Барды Ооган жерине,
Аралап кирди элине.
Жеткен жерин сойлотту,
Тулпарларын ойнотту,
Ак найза учун май лады,
Жеткенинде Ооганды
Ур дедирбей жайлады.
Оогандын журту кыйрады.
Кары-жашы ыйлады.
Эми ошондо Акункан
Мындай акыл ойлонуп.
Ары-бери толгонуп.
Акункан жаман кайгырып,
Кылганына өкүнүп,
Акылынан айрылып,
«Эми кандай кыламын,
Арстан Манас эр менен

Канеткенде тынамын!»
Деп, кайгырып Акункан,
Желдеттерин айкырып.
Обозгерин чакырып.
Эми Акункан кеп айтат:
«Калкым уккун деп айтат,
Калкты бүтүн башкарган,
Жакшың уккун деп айтат.
Оңойсунтуп байкабай,
Манаска барып катылдык,
Катылганы курусун,
Башыбыз торго чатылдык.
Баарыңарга эп болсо,
Акункан айтар кеп болсо,
Манаска тартуу баралы,
Манастын жүзүн көрөлү,
Самаганын берели».
Деп, ошентип Акункан,
Сулуу кыздан беш жүздү
Кызылдан кымкап кийгизип,
Кызылдан жорго мингизип,
Бир миң кызыл нарларга
Асылдан дүйнө арттырып,
Манастын келди алдына,
Алдынан тозуп камына.
Манас менен көрүштү,
Айткан сөзгө көнүштү,
Кектин баарын жоюшту,
Арстан Манас, Акункан
Акыреттик болушту,
Айтышып сөзгө оңушту.
Манас менен Акункан
Ушу мезгил өзүндө,
Эркек, кыздан жок экен.
Ар качандан бир качан,
Алдамчы дүйнө бок экен.
Анда Акун кеп айтат,
«Баатыр Манас» – деп айтат,
«Кудайдын тилин алалы,
Журт болдук деп жөн болбой.
Бел куда болуп калалы».
Анда Манас макул деп,
Акункан сөзүң акыл деп,
Бир миң кур ат камдады,
Баш - аягын жамдады.
Боз аргымак көкүлгө,
Аяктай кебез байлады,
Акунду көздөй айдады.
Тойго токсон союшту,
Толгон адам тоюн жеп,
Балалуу болгун экөөң деп,
Бата кылып коюшту.
Акункан менен жарашып,
Манастын калың кошуну
Кайра тартты тарашып.
Кийитке бир миң тон алып,
Кайра тартты жол алып.

## БАЙЖИГИТТИН ТОЮ

Бай Жакыптын курдашы.
Сыр айтышкан мундашы,
Байжигит чечен ой кылып,
Журт чакырып той кылып,
Конокко бир миң үй тигип,
Сарамжалын бүтүрүп,
Тойду баштап салыптыр,
Шыгайдын уулу эр Жапак,
Той үстүндө Манаска,
Чыр чыгарып калыптыр.

Чырды Жапак баштаган,
Чыр экен деп ошондо,
Арстан Манас шашпаган.
Шыгайдын уулу эр Жапак,
Бар жарагын байланып,
Жоо-жарагын шайланып.
Колун бөлүп алыптыр.
Шыгайлап ураан чакырып,
Өлтүрсөм деп Манасты,
Беттеп келип калыптыр.
Кой деген сөзгө болбоду,
Компоңдоп Жапак оңбоду.
Найзасын карман сундуруп,
Кыйгый кулак тундуруп,
Манаска беттеп келгени,
Арстан Манас ошондо,
Кабагым, кашым дебеди.
Найза менен үч койду,
Кийинкисин күч койду.
Айбалта менен беш чапты,
Эми сойдум деп чапты.
Кылычын сууруп алганы,
Эми шилтеп каларда,
Сабынан Манас кармады.
Шыгайдын уулу Жапактын
Бул кылыгын көргөнү.
«Токто, Жапак, токто» – деп,
Канчалык Манас айтса да,
Шыгайдын уулу эр Жапак,
Айтканына көнбөдү.
Мына ошондо Манастын
Каары чыкты көзүнөн.
Жалыны чыкты жүзүнөн,
Колундагы кылычын,
Тартып сууруп алганы,
Имерип туруп ошондо,
Жапакты шилтеп калганы.
Башы кетти дыркырап,
Жаны кетти чыркырап,
Баатыр Жапак өлгөнү,
Кыямат жайды көргөнү,
Байжигит тою тарады,
Тойго келген калың журт,
Жай жайына карады.

## КӨЗКАМАНДАРДЫН МАНАСКА ЖАМАНДЫК КЫЛЫШЫ

Көзкамандын жети уулу,
Бир күнү туруп кеңешип,
Кеңешинде не дешип:
«Биз Манасты соёлу.
Кара көзүн оёлу,
Манаста бар көп олжо,
Бөлүп алып тоёлу!
Катындарын алалы,
Тийбеймин десе катындар,
Азапка башын салалы!
Колдо Буркан, колдо деп,
Колдогун ушу жолдо деп,
Бурканды коюп ортого,
Батасын кылып алышты,
Кайраттанып калышты.
Көкчөгөз сөздү баштады:
«Инилер сага эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Канкор Манас каапырды,
Чакыралык конокко.
Чакырып келип уу берип,
Чоросун кошуп кыйратып,
Салалык башын домокко.
Акылды бирге жамдайлы,

Арак, шарап камдайлы,
Тийсе болот уулардан,
Аракка мыктап салалы.
Мына ошентип канкордун
Эсебин минтип табалы,»
Деп, ошентип Көкчөгөз,
Аракты арбын камдады,
Көзкамандын балдары,
Акылын бекем жамдады.
Бир күнү барып Көкчөгөз,
Манаска барып кеп айтты:
«Баатыр Манас тууганым.
Биздин үйгө бир барып.
Конок болгун деп айтты,
Кыргыл чал баштык карың бар,
Кырк чоро калбай баарың бар».
«Баралы макул куп» – деди,
«Айткан сөзүң эп» – деди.
Кыргыл чал баштык карысы,
Кырк чоронун баарысы,
Баатыр Манас баш болуп,
Камандардын үйүнө,
Барып түшүп калышты.
Камандар атын алганы,
Үйгө кирип баатырлар,
Олтуруп орун алганы.
Байкуш Үсөн кайгырып,
«Оңбойсуңар каапыр» – деп,
Акылынан айрылып.
Ар тамагын камдатып,
Тасторконун жайнатып,
Күптөн арак куйдуруп,
Алып келип баарына
Күпүлдөтө сундуруп.
Арстандардын баарысы
Аңдабай ичип аракты,
Уу кошулган тамакты.
Бир оокумда караса,
Баары катар бүк түштү,
Төбөсү менен тик түштү.
Кырк чоронун ичинен
Серек, Сыргак эгиз эр,
Ууга кеткен кези экен,
Алла таала кудурет,
Аларга берген эси экен.
«Ичпейинчи аракты.
Арак деген талакты».
Ошону ойлоп Бозуул,
Ат жанында калыптыр.
Чоролор кулап жатканда,
Шыкаалап Бозуул барыптыр.
Чоролор баары кулаптыр,
Узунунан сулаптыр.
Аныктап байкап караса.
Аксакалы Көкчөгөз
Колуна кылыч алыптыр,
Манасты көздөй бет алып,
Чаап башын салууга,
Жакын кирип барыптыр.
Чанагы чыгып көзүнөн,
Баатыр Манас султандын
Дайыны чыкбай сөзүнөн.
Эки көзүн аңтарып,
Өөдө боло келгенде,
Чабалбастан жалтанып.
Кайра тартат Көкчөгөз,
Үстөмөндөп кеткенде,
Тап берип калат Көкчөгөз,
Жөөлүп Манас кеп айтат,
Бирин да куру таштабай,
Катындарын көп айтат:
«Кайыпкан кызы Карабөрк,

Шоорук кан кызы Акылай,
Кара кан кызы Каныкей,
Калмактар салды азапка,
Кайдасыңар? – деп айтат.
Бирден терип таштабай,
Чоролорун чакырат,
Кайдасың? – деп бакырат.
Анда Бозуул ойлонот,
Ойлоп акыл толгонот,
«Кабылан Манас баатырым,
Сайдырып салып аракка,
Кайдасың деп бакырат,
Катындарын чакырат.
Чоронун бирин таштабай,
Баарынын атын атады.
Мени айтпай таштады.
Атабады мени деп,
Өлтүрө берсин мейли деп,
Ошентип карап турганда,
Жөөлүп Манас кеп айтат,
Мына мындай деп айтат:
«Ыраагым жакын кылганым,
Чаалыкпаган бууданым,
Калмактар камап турганда,
Кашымда карап турбады,
Кадиктүү Бозуул тууганым!»
Манас мындай дегенде,
Колуңду мындай тарткын деп,
Жоону кайдан таптыңар,
Арамдан бүткөн калмактар,
Эми кайра тарткын!» – деп,
Айкырып Бозуул киргени,
Ошо турган жетөөнө,
Лаачындай тийгени,
Көзкамандын балдары,
Жабыла качты дыркырап,
Жаны калбай чыркырап,
Айта - буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Кырк чоронун кырк буудан,
Кыраан Бозуул ошондо,
Алып келип калганы.
Чоролорду ошондо,
Бирден кармап Бозуул,
Ат үстүнө салганы.
Айдап алып баарысын,
Жолго кирип барганы.
Ала-Тоого таянып,
Кырк чоронун баарысы
Сулап барып жыгылды.
Көк өтөктөн жай алып,
Аттын баары бош калды,
Оогон жакта баш калды.
Бозуул ыйлап кайгырып,
Акылынан айрылып.
Көрүнбөстөн бул жоого,
Качып чыкты бир тоого.
Серек, Сыргак эгиз эр,
Телегейи тегиз эр,
Алар да ыйлап кайгырып,
Акылынан айрылып,
Өз башын өзү койгулап,
Көрүнбөстөн бул жоого,
Аларда кетти бир тоого.
Муну мындай таштайлы,
Көзкамандын балдары
Алда кандай иши бар,
Ошондон кабар баштайлы.
«Манасты бүтүн сойдук» – деп,
Канын ичип тойдук – деп,
Бул ойду алып оюна,
Денеси сыйбай боюна,

Чабуул койду ордого,
Бак-бакчалуу коргонго.
Айдап алды Манастын,
Адырда жаткан малдарын,
Кыйып салды талдарын.
Асмандан булут тутулду,
Арамдарга карматпай,
Абакең Бакай кутулду.
Ордо мүлкүн алышты,
Көкчөгөздү ошондо,
Кан көтөрүп салышты.
Кан болгон соң Көкчөгөз,
Каршы айткан адамды,
Карсылдатып сабады.
Караңгы орго камады.
Бир күнү туруп Көкчөгөз,
Каарданып бакырды,
Камандарын чакырды.
Көкчөгөз анда кеп айтат:
«Арам өлгөн жамандар,
Өлсөңөрчү» – деп айтат,
Ааламдын алы жетпеген,
Мылтыктын огу өтпөгөн,
Кылычтын мизи кеспеген.
Найзанын учу тешпеген,
Кыраан Манас анткорду,
Кылымды бузган канкорду,
Бир демге калбай сойдум го.
Кара көзүн ойдум го,
Катындарын алалы,
Арага киши салалы.
Каныкейдей капырды
Мен алайын акыры.
Тийбеймин десе капырды,
Дүнүйөдөн айырып,
Эл ичинде жөөлөтүп,
Эки бетин көөлөтүп,
Кой артына салалы,
Кордук кылып алалы!»-
Деп, ошентип Көкчөгөз,
Арачыга ошондо,
Мазакени жиберди.
Мазаке барып кеп айтат:
«Кара кан кызы Каныкей,
Көкчөгөздөй кайниңе,
Тийип алгын – деп айтат,
Манас болсо бир кетти,
Кайта конбойт тууруңа,
Учуп кеткен буудайык.
Көкчөгөз каалап турган соң,
Тийип алууң ылайык!»
Мазаке мындай дегенде,
Минтип бокту жегенде.
Кара кан кызы Каныкей,
Ак тинте алып колуна,
Качырып келип урганы
Мазакенин жонуна.
Мазаке качты дыркырап.
Кара жаны чыркырап.
Акылы башта калбады,
«Жеп салды долуң мени» – деп,
Көкчөгөздүн алдына
Айкырып кирип барганы.
Кан Көкчөгөз күүлөнүп.
Каарданып сүйлөнүп,
Ашып-шашып ат минип,
Аялдабай бат минип,
Каныкейди карматты,
Кармап колун байлатты.
Киймин бүтүн чечтирди.
Аманат жандан кечтирди.
Кементайды кийгизди.

Кара өгүзгө мингизди.
Кой артына жүргүздү.
Манастын атын айтпа, – деп,
Адамдын баарын жекирди.
Айласын жаман кетирди.
Аны мындай таштайлы
Манас менен кырк чоро,
Ошондон кабар баштайлы:
Барып түшкөн көк өтөк,
Көк өтөккө жатышып,
Кырк чилтен азыр жар болуп,
Олордон даам татышып,
Өлүк-солук болушуп,
Анда да жыргап оңушуп,
Алла таала Кудайдын
Өкүмүнө көнүшүп.
Учурунда өлүшүп,
Жомокчулар кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Көк өтөктө эрендер,
Жети күн жаткан, – деп айтат,
Кээ бирлери кеп айтат,
Жети ай жаткан, – деп айтат.
Бул ишти анык ким билер,
Бир жараткан бир билер.
Көк өтөктө баатырлар,
Бир топ жатып калыптыр.
Кызыр Илияс, кырк чилтен,
Жардам берип салыптыр,
Баатырлардын баарысы,
Бир күнү башын көтөрүп,
Эс алышып калыптыр.
Дүйнөгө көзүн салыптыр.
Баатырлар ачты көздөрүн,
Талаадан көрдү өздөрүн.
Сай тулпардын бири жок,
Өздөрүн байкап карашса –
Баштагыдай түрү жок.
Тобо кылды баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы.
Тобо кылып ыйлады,
Ыйлап жашын тыйбады.
Тоого кеткен жоголуп,
Абакең Бакай түш көрдү,
Кайып болуп жоголгон,
Кандар келип жатыптыр,
Касиет конгон башынан
Жандар келип жатыптыр,
Ордого келип ошолор
Баары даам татыптыр.
Уйкудан Бакай ойгонуп,
Ойлоп акыл толгонуп,
«Кудай берет белем, – деп,
Куулуп кеткен кыраандар,
Кайта келет белем, – деп.
Көк чологун самсытып,
Көзүнүн жашын тамчытып:
«Серек, Сыргак, Боз уул
Ошо балдар кайда, – деп,
Ошолор кандай жайда, – деп.
Тоого карай чааптыр,
Ал үчөөнү эр Бакай,
Бир мөңгүдөн таантыр.
Төртөө бирдей жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Аралап тоону келатса,
Тулпардын баары бош жүрөт.
Семирип сергип кош жүрөт,
Ээр токумдар үстүндө.
Айран болду ошондо,
Жараткандын ишине,
Аттарды айдап алышты,

Жана жолго салышты.
Кудай айдап буларды,
Баатырлар жаткан көк өтөк,
Ошого келип калышты.
Абасы Бакай баркылдап,
Аксакалы жаркылдап.
Азыр жетип келгени,
Баатырларды көргөнү.
Эми ошондо баатырлар,
Тулпарларга мингени,
Турбастан жолго киргени.

## КӨЗ КАМАНДАРДЫН БИР-БИРИН ӨЛТҮРҮШКӨНДӨРҮ

Баатырлардын баарысы,
Келип калды ошондо,
Кыргыл чал баштан карысы
Көзкамандар кеп угуп,
Өлбөй-житпей аман соо,
Чоролорун ээрчитип,
Манас келди деп угуп.
Бирөө айтып кириптир,
Бири калбай камандар
Айтканында билиптир.
Сен кылдың деп башында,
Бири-бирин ошондо,
Жемелешип ийиптир.
Колуна бычак алышты,
Бирин-бири Көзкаман
Жара тартып салышты.
Атасы Үсөн баш болуп,
Бири да тирүү калбады,
Өздөрүн өзү жалмады.
Кудай каарын салган соң,
Өлүшүп акыр алганы.
Байыртан кыргыз кеп айткан,
Катуу, чырдуу кишини
Көзкаман болбо деп айткан.
Көзкамандар өлүптүр,
Кылгандары акыры,
Баштарына келиптир.
Арстан Манас кабылан
Жерди терең ойдурду,
Камандардын өлүгүн
Бир чуңкурга койдурду.
Үйү - жайы, малдарын,
Бечарага таратты.
Жай-жайына каратты.
Ордосуна конгону,
Аргын, ногой ошондо,
Арстан Манас келген соң,
Калыбындай болгону.

## ЖОМОКТУН БАШЫ КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

Каркыранын боюнда,
Кан Көкөтөй тоюнда,
Капка-Таштын оюнда,
Сасык айран, көк курут,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Көп чогултуп аш болгон,
Көңкү журткабаш болгон.
Как ушундай иш болгон.
Бээжин менен Кашкарды,
Ошонун баарын чогултуп
Калмак менен чагаанды,
Баарына кабар бердирип,
«Баарысы ашка келсин деп,
Байлыгымды билсин деп.

Мал семизин жесин деп,
Коңур күздө күтөмүн,
Үч ай багып жатамын,
Тамак-ашын беремин,
Тамашаны көрөсүң.»
Кат менен кабар берди эми.
Камбал менен амбалга,
Кытай менен манжуучга,
Какан менен доотайга,
Чыйтай менен кытайга,
Баарына кабар салды эми,
Андан бери кат берип,
Орус менен казакка
Өзү калды азапка.
Аргын менен ногойго,
Кыргыз менен татарга,
Кыдырып жүрүп айтарга.
Каракалпак түркмөнгө,
Канча адам бүткөнгө
Тежик менен долуга,
Чоң тамаша болууга,
Кызылбаш менен Ooганга,
Кыдырып минтип баруга,
Ушинтип кабар салууга,
Эл жайлоого чыкканда,
Эрмек кылып укканга,
Жалпы кабар салды эми.
Аштыктын баары бышканда,
Элдин баары чогулуп,
Эгинине түшкөндө,
Сары-Арканы жайлатып,
Саан бээсин айдатып,
Каркыранын керүүгө,
Аш берүүчү жерине.
Как ушинтип күз болду,
Мыйзам учуп түз болду
Каркыранын түзүндө
Уй өлүүчү күзүндө,
Калдай менен дос болуп,
Тузду калың алды эми
Туручу беле Бокмурун,
Туйгун Манас баатырга
Барып кабар салды эми.
Ошо кезде баатырдын
Орто Талас, башы Чүй,
Аяк жагы чоң Ташкен
Андан мындай Түркстан
Анжиян менен Наманген,
Жыйын болгон кези экен,
Барган сайын баатырың,
Кыйын болгон кези экен.
Капкасы алтын коргондо,
Каныкейдин ордодо,
Сары-Өзөн Чүйдүн боюнда,
Керме-Тоону түптөгөн,
Суусамырды жайлаган,
Ошо кезде баатырың,
Кыйын болгон кези экен.
Такка минип чалкалап.
Бет алганын талкалап,
Өз жакынын калкалап,
Өчөшкөндү талкалап,
Кырк чоронун баарысы
Кыргыл чалдай карысы
Ичкилик ичип чуулдап,
Таласта жатат дуулдап.
Мааникер менен шылкылдап,
Макмал тону жылтылдап.
Бай Бокмурун келди эми,
Манаска салам берди эми.
Аттан түшүп келди эми,
Атын желдет алды эми,

Тизе бүгүп отурду,
Айтып кебин өткөрдү.
«Эл ээлигип бук болуп.
Мал семирип жык толуп,
Аш берүүчү жериме,
Баатыр, сенин кебиңе,
Каркыраны көрүүгө.
Как ошол жерге мен келдим.
Ашты кантип беребиз?
Акылды кандай табабыз?
Кара башыл адамдын
Баарына кабар салдырдың,
Кайсы күнү күтөмүн?
Канчасына түтөмүн?
Качан өзүң барасың?
Кандай заман саласың?»
Ошондо Манас жумшарып,
Эрди, мурду томсоруп,
Эки көзү кызарып,
Уу ичкендей түрдөнүп,
Урушкандай жүздөнүп,
Ачуусу келди көкжалың,
Көзүнөн чыкты от жалын,
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган,
Каңкоруң шондо кеп айтат.
«Кайгырбагын! – деп айтат,
Бүгүн мында жаткын деп,
Эртең менен кеткин деп,
Эсен болсо элиңе
Эсен-аман жеткин деп.
Аргын менен ногойду
Бирин койбой чогултуп,
Албан, дуулат казакты,
Башына салгын азапты,
Отун, сууну үйдүрүп,
Он беш күнү жыйдыргын,
Мааникерди мингизип,
Макмал тонун кийгизип,
Жаш Айдарды жөнөткүн!
Бир атадан сен жалгыз,
Бир энеден мен жалгыз,
Кылымдын баарын күтөбүз
Канча болсо түтөбүз
Конок кылып жатабыз,
Ушунтип кабар айтабыз.
Аягында барарбыз,
Тамашаңды көрөрбүз,
Акыр заман болгончо,
Абдан нуска кылалы,
Тим эле кантип калалы.
Да бир кезде баралы,
Сарамжалың кыла бер»
А күнү анда кондуруп,
Кеңеш кылып олтуруп,
Акылына толтуруп,
Жатып таңды аттырып,
Тамашага баттырып.
Тай семизин сойдуруп,
Таң атканча тойдуруп,
Эртең менен болгондо,
Тамак ашка тойгондо,
Атказып бүгүн жөнөтүп,
«Арбак конор сага» – деп,
Асыл Манас айтып кеп,
Арсаңдап күлүп турду эми
Мааникерди аргытып,
Макмал тонун жаркытып,
Басып жолго кирди эми,
Эстегенде болк этип,
Эт жүрөгү солк этип,
Ошо бойдон жол жүрүп,

Эки күнү бул жүрүп,
Үчүнчү күн болгондо
Үйүнө келип калды эми
Аргын менен ногойго
Айтып кабар салды эми.
Конуш билген жакшысы.
Кол бийлеген кашкасы,
Эрлиги элден башкасы,
Туу көтөргөн алпаңы.
Кол бийлеген султаны,
Баарысы көчүп келишип,
Айыл конуп беришип,
Кеңешине киришип,
Намыс менен тырышып,
Кээси жүрөт урушуп,
«Малдан эме койбойт – деп,
Манастын оюн ойлойт деп,
Көкөтөйдүн дүнүйө,
Тобун бузбай дүрүйө,
Баарын быйыл чачат деп,
Аягында бачагар
Айыбын өзү ачат – деп,
Аягында качат» – деп,
Айың кылган андан көп.
Калайыктын баарына
Дайын кылган сандан көп.
Алардын кебин укбады,
Кулагына жукбады,
Атын токуп мыктады,
Мааникерди мингизип,
Макмал тонду кийгизип,
Жаш Айдарды жөнөттү.
Атын токуп комдотуп,
Жылдызына оңдотуп,
«Жыпылдата жүргүн – деп.
Сырт менен кабар бергин деп,
Кара-Тоону жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Токсон койдун териси
Томугунан тон болгон,
Тоорулга барса жол болгон
Каапыр менен мусулман,
Ортосунда чоң болгон.
Так ошондо коно жат.
Акылды ага салгайсың,
Айтканы менен болгойсуң.
Карыганда Кошойго,
Акыл салгын ошого»,
Деп ушунтип, кеп айтып,
Амандашып жөнөттү,
Кызматка салды көп элди.
Сарамжалын кылды эми,
Көкүлү бар башында.
Так он сегиз жашында,
Сырттап жолго салды эми,
Тарагайдын кара сай,
Эңкейип ага түштү эми,
Жанынан үмүт үздү эми.
Тарагайдын түз менен,
Келе жатат саз менен
Чакыр корум ашты эми
Ак-Байталдын боюнда.
Ар нерсе бар оюнда
Ошол сууну бойлоду,
Үч күнү удаа жол жүрүп,
Үйүрмөгө келди эми,
Ат-Башынын башынан.
Ары карай кирди эми.
Чеч-Төбөнүн сазында
Абакеңиз Кошойго,
Кечинде конуп ошого.
Кол беришип көрүшүп.

Колун жыттап өбүшүп.
Конок болгон жер ошол.
Түгөнгүсүз аягы
Жомок болгон жер ошол.
Кой семизин сойгузуп,
Курсагын жакшы тойгузуп,
Эртең менен болгон соң,
Ошондо Кошой кеп айтып,
Бастыр, балам», деп айтып,
Манастын катын берди эми,
Баарын окуп көрдү эми,
Бокмурундун кагазын,
Муну дагы берди эми.
«Мен айтайын кулак сал!
Ойлоп, балам, угуп ал!
Он сегизде баласың,
Ойроттун баарын кыдырып,
Баарына кабар саласың,
Мааникерди минипсиң,
Маа бастырып келипсиң.
Менин айтар сөзүм бул,
Оболку мурун жол экен,
Жылдызыңа оң экен,
Башынан берки дөөмөтү,
Капырдыгы болчу экен.
Мурун барып капырга айт!
Эзкарадай баатырга айт!
Атчан туруп мындай тарт!
Улуу курмат кылбагын!
Урат деп коркуп калбагын!
Чукул-чукул кеп айткын!
Чоңдук кылса аларга,
Бузукташып сен кайткын!
Каркыранын боюна
Капка-Таштын оюна,
Кан Көкөтөй тоюна
Как ошого келесиң,
Сырдуу үйгө киресиң,
Сый-сыпатты көрөсүң,
Ат беребиз минесиң.
Алтын үйгө киресиң,
Ажайыпты көрөсүң!
Ошол ашка келбесең
Көрбөгөндү көрөсүң,
Кыздарыңдын чачтарын
Беш көкүлдөп өрөсүң!
Айылдан ыраак бөлөсүң,
Көрбөгөндү көрөсүң!
Ошону айтып жөнөрсүң,
Далай доону көрөрсүң,
Жети шаар Жеркенге,
Жер түбүнө келесиң,
Жеркен шаарын көрөсүң,
Жеркен менен Котенге,
Жетип кабар бересиң.
Котендин каны Каканга,
Барып кабар саласың,
Андан мындай тартасың,
Билгениңди айтасың,
Ылдый карап кыдырып,
Долондун белин ашасың,
Капырлардын арасын,
Аянбастан басасың.
Үрүмчүнүн жерине,
Үч күндөн кийин жетесиң,
Үйдөй болгон чоң Жолой,
Как ошону көрөсүң.
Аттан түшпөй отуруп,
Айтып кабар бересиң!
Шашып кабар салбасаң,
Бачым айтып келбесең,
Ары-бери кыш болот,

Айылдын баары мыш болот
Башка кыйын иш болот.
Андан төмөн жүрөсүң,
Ылдый карай киресиң,
Мыкандын суусун бойлойсуң
Мындан ары басканда,
Далай акыл ойлойсуң.
Касмандын Кара-Тоосуна,
Как Бээжиндин оозуна,
Чет-Бээжиндин четине,
Эр Коңурбай бегине,
Көргөн жерде жаш Айдар,
Өнөрү артык шыпшы Айдар,
Коңурбайдын элинде.
Эр Коңурду көрөндө,
Атыңдан түшө калгайсың!
Адеп менен баргайсың!
Каркырага келдим деп,
Кан атам ашын бердим деп,
Касиеттеп баатырым,
Сизди дагы келсин деп,
Сылап-сыйпап кеп айткын!
Сизди келсин деп айткын!
Дин мусулман баары айтты!
Баатыр Кошой кары айтты,
Манас баатыр кеп айтты,
Коңур төрө келбесе,
Аш болбосун деп айтты,
Жоомарттыгы кармаса
Жоргодон бирди мингизет,
Торкодон бирди кийгизет,
Жолго сени киргизет.
Жакшы кылып кондурат,
Жаш Айдар сени оңдурат,
Андан ары жүрөсүң,
Далай кызык көрөсүң,
Киндиги темир Китең алп,
Кулагы чоюн чоң калмак.
Как ошонун баарына айт!
Ак сакалдуу карыга айт!
Баарысына айтып болгон соң,
Кут жылдызды бет алып,
Кумбулдун белин ашасың,
Орус менен кытайдын
Орто жерин басасың,
Бор тартаарды жердеген
Намызын колдон бербеген,
Орустан чыккан эр деген.
Кара жолдуу Борончу,
Көк темирге орончу.
Как ошого баргайсың!
Кабар анда бергейсиң!
Тыягы жети Семейде,
Жылкынын этин жемейди,
Доңуздун майын ашаган.
Ушу быйыл карасам,
Сексенге чыга жашаган,
Орустардын муз мурут,
Ойротту билген журт курут,
Окумуштуу илимдүү,
Өзү кыйын билимдүү,
Расийди жердеген,
Ырысын кишиге бербеген,
Аны киши жеңбеген.
Как ошого барып айт!
Муз муруттай карыга айт!
Ушунча элдин баарына айт!
Андан баргын ногойго,
Аралайсың токойго.
Чыңгыш кандай каны бар.
Ар өнөрү дагы бар.
Казан шаарын кыдырып,

Ушунча элди сыдырып,
Уккан элдин баарына айт!
Уламалуу карыга айт!
Андан бери келген соң,
Сары-Арка көчүп жайлаган,
Сандатып жылкы айдаган.
Алтын наалы жез өкчө,
Айдаркандын эр Көкчө,
Өзү көйрөң өзгөчө,
Эр Көкчөгө барып айт!
Ушул ашка келсин де!
Кошумчасын берсин де!
Кошо конок алсын де!
Үй көчүрүп мал союп,
Конокту кошо күтсүн де!
Кошулушуп жатсын де!
Ушул ишти кылбаса,
Кошулуп конок албаса.
Кыздарынын чачтарын,
Беш көкүлдөп өрсүн де!
Чаңдан ыраак бөлсүн де!
Кызын тартуу берет де,
Кыяматты көрөт де!
Андан мындай келесиң,
Далайга кабар бересиң!
Чүйдүн башы Кеминди,
Муну басып түшөсүң.
Көк-Ойрокту жайлаган
Эки-Кемин кыштаган,
Манастан ичи муздаган.
Кара сакал кызыл көз,
Калк ичинде ширин сөз,
Ада кыргыз баласы
Кай жеринде чаласы.
Как ошого келип айт!
Жанагыдай кебиңди айт!
Колун да бар дүрбүсү,
Кыргыздардын Үрбүсү,
Өзү кыйын мерген кул,
Далай жанды көргөн кул,
Айтышканда чечен кул,
Айткан кебим мына бул.
Андан ылдый киргейсиң!
Айтканымды билгейсиң!
Таласты көздөй барбагын!
Капа болуп калбагын!
Жата берсин канкоруң,
Баарын кылган анткоруң.
Чоң-Ташкенди жердеген,
Намызын колдо бербеген,
Сары-Бет деген бели бар,
Сарбан деген кулу бар,
Тогуз жаман уулу бар,
Тогуз уулдун кенжеси
Кудайдын сүйгөн бендеси,
Эламандын эркеси,
Токсон жашта атасы,
Эч жерде жок катасы.
Эр Төштүккө барып айт!
Эламандай карыга айт!
Кыпчактардын баарына айт!
Кыдырып жүрүп Төштүккө айт!
Чалкуйрукту байласын,
Чабар бала шайласын!
Андан жөнөп калгайсың,
Айтканыма кандайсың?
Урум менен Кырымды
Ошондон ары көрөсүң,
Учурашып келесиң,
Сакалаттын Сары дөө,
Кызылбаштын Кандөмүл,
Кыдырып кабар салгайсың!

Ушу сөзгө кандайсың?
Кошой айтты балам деп,
Баарын билгин адам деп,
Андан ары баргайсың,
Далайга кабар салгайсың,
Намызын колдон бербеген,
Көй-Каптын бери жагында
Чоң Кебилди жердеген,
Жедигер деген эл деген,
Намызын колдон бербеген,
Ошо жерде Багышка айт!
Туура тартып Агышка айт!
Агыш менен Кожошко айт!
Кол беришип мындай тарт!
Итаалыга жетип айт!
Эргежели элине айт!
Андан бери кайта тарт!
Кең-Үргөнчтүн шаарына
Акун кан деген карыя,
Айтып өткүн жарыя!
Андан бери Букарга,
Көргөн адам угарга,
Темиркан сындуу канына
Айтар кебиң мамына
Андан бери Коконго
Айбатың көрүп коркорго
Андан келгин Таласка,
Учурашкын Манаска!
Кайтып келгин элиңе!
Каркыранын керүүгө.
Кээ жерге конуп ал!
Кээ жерде жолго сал!
Кечикпестен ылдам кел!
Он беш күндө кайтып кел!
Көргөнүңдү айтып кел!
Ишиң чукул калыптыр»
Ошонтип бата берди эми,
Аттанып жолго кирди эми
Абакең Кошой жөнөтүп,
Айтып туруп калды эми.
Жайма көкүл жаш
Айдар Айткан кепке бул даяр.
Он сегизде жашы бар,
Өлүмдөн качпас башы бар.
Уруудан ашкан бала экен
Өзү ушундай жан экен,
Чыканак жерге салбастан,
Анжу менен Манжууну
Анын баарын арытып,
Алптын баарын кыдырып,
Ат минбеген жөөлөргө,
Нечен мыкты дөөлөргө,
Аралап кабар салды эми,
Аксакалы Эзкара,
Ардактуусу Коңубай
Барганы сайын мамындай,
Жаадай кылып жар атып,
Баарысына кеп айтып,
Мынча күндө кеп айтып,
Күнүн бычып кеп айтып,
Мааникерди карасаң,
Басканына мал жетпей,
Желгенине жел жетпей,
Желсе желден адашкан,
Жел кайыптан жалгашкан.
Жети күнү таң ашкан.
Кытайдын журтун кыдырып,
Калмактын элин сыдырып,
Орусту көздөй бет алып,
Айткан кебин жат алып,
Абакеси Кошойдон
Айына болжоп кат алып,

Нече күндө жетем деп,
Ат үстүндө терендеп,
Орустун элин арытып,
Аралап кирди токойго,
Айтып өттү ногойго.
Казак менен кыргызга,
Аш берем деп Бокмурун,
Калган экен кылмышта,
Жайма көкүл жаш Айдар
Мындай болуп жумушу,
Ташкен жакка барды эми,
Далайга кабар салды эми.
Сакалаттын Сары дөө,
Айткандардын баары дөө.
Урум менен Кырымды,
Ушунча элди кыдырды,
Көкөтөй деген аш болду.
Башка кыйын иш болду.
Ат арытып, бел бурап,
Анда сан да жол сурап,
Дөбөттүн элин кыдырып,
Төгөрөктү сыдырып,
Итаалынын элине,
Эргежелдин жерине,
Чала-була кеп айтып,
«Чамасы жетсе келсин деп,
Бир тамаша көрсүн» – деп.
Андан өтүп алышып,
Алптын баарын койбоду,
Кошойдун кебин ойлоду.
Ажун канга айтты эми,
Үргөнчтөн кайра тартты эми.
Бир күндөрдө Букарга
Кайра тартып конду эми.
Темирканга келишип,
Келип колун беришип,
Көкөтөйдүн ашы деп.
Көп чогулган ушу деп,
Көйрөн уулуң кылды деп,
Ушундай нуска болду деп,
Касиеттүү киши эле,
Манастын кылган иши эле
Кандай ушул ата деп,
Эртең бергин бата деп,
Балан күндө келгин деп.
А күнү анда конушуп,
Касиеттүү кан экен,
Ишенимдүү жан экен,
Ою менен уктады,
Атын желдет алышып,
Арпа менен кишмишти,
Алып келип салды эми.
Эртеси күнү чак түштө,
Уйкусу шондо канды эми
Өткөн күнүн караса.
Ары бери санаса
Токсон беш күн болуптур,
Убадасы толуптур.
Тура калып солк этип,
Бети-колун жуунуп,
Белди бекем буунуп,
Тамак ичип тоюнуп,
Эки көзү коюлуп,
Темиркандан бата алып
Жүрөр жолун жат алып,
«Сен Манаска көрүнбө!
Убаданы көрбөйсүң,
Көрүнсөң сени соер деп
Эки көзүң оёр деп.
Темиркандан бата алып,
Жүрөр жолун жат алып,
Анжиянды бет алып,

Айтып кабар салды эми,
Анжияндын Сынчыбек,
Ага да айтып өттү эми.
Ошо бойдон жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Өзгөндү басып өрдөдү,
Далай ишти көргөнү,
Жасынын белин ашты эми,
Далай дабан басты эми.
Арпа менен жол жүрүп,
Ат-Башыга түштү эми.
Эр Кошой эбак кетиптир,
Каркырага жетиптир,
Арадан Нарын кечиптир.
Кочкор менен Жумгалды
Кошо басып өтүптүр.
Ысык-Көлгө барды эми,
Кең Күңгөйдү кыдырып,
Кызыл-Кыя дагы ашып,
Беш күнү кийин калыптыр,
Жыйырма күн болгондо,
Каркырага барыптыр,
Абай кылып көрүптүр,
Көкөтөйдүн айлынан,
Чаң көрүнбөй калыптыр,
Аргын ногой кыргыздан
Жан көрүнбөй калыптыр,
Толуп жаткан малынан
Мал көрүнбөй калыптыр.
Кара кытай калмактан
Айылдын баары алыптыр.
Ой менен тоонун баарына
Орус, кытай толуптур.
Ошончо адам болуптур,
Ырыскыбыз сенден деп,
Ажалың жетер менден деп
Бая жолум үйдөй Жолой кан,
Жонго чатыр тиктирип.
Арага келген кишини
Сандан ары бир салып,
Жолой соргок тойбоду,
Кытай менен калмактар
Каралыгын койбоду,
«Кардыбызды тойгуз» – деп.
Он кишиге бир бээден,
Союш берсе болбоду.
Жолой калмак оңбоду,
Токсон бука берсе да
Тегеле Жолой тойбоду.
Дин мусулман чогулуп,
Баарысы жардам кылды эми
Баарысына болбоду,
Барган сайын оңбоду.
Тамагымды тойгуз деп,
Өңгөчө Жолой оңбоду.
Мусулмандын баарысы
Сийдиги булут айланды,
Айтарга тили байланды,
Акылдашты Кошойго,
Айтып келди ошого,
«Канеткенде күтөбүз,
Кантип элге түтөбүз,
Тамашасы бүткүчө
Эмине болуп кетебиз?
Ошондо Кошой кеп айтат
Э, балдарым, деп айтат.
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Кашкарлыктын Жамгырчы
Кара жаак эр Үрбү,
Кандын уулу Жүгөрү,
Казактардын Көкчөсү,

Эламандын Төштүгү
Манасыңар кайда?, – деп
Ошол табат айла, – деп
Али күнчө келе элек.
Ал эмине деген кеп.
Манаска казыр баргыла!
Бачым алып келгиле!
Айткан менен пайда жок
Алдан башка айла жок.
Кара кытай мол экен.
Кайнаган калың эл экен.
Манастан бөлөк пайда жок,
Кудайдан бөлөк айла жок!»
Деп ушунтип кеңешип,
Жана ого жөнөтүп,
Мааникерди минди эми,
Баягы бала жүрдү эми.
Аш берген киши айыпкер.
Той берген киши күнөкөр,
Жаш Айдарга кеп айтып,
Жалынып турду кеп айтып:
«Манаска ылдам бара көр,
Бачым алып келе көр!
Жолой жалгыз тойбоду,
Барган сайын оңбоду,
Жаман го мунун болжолу!
Алда нече мал берди,
Арабалап нан берди,
Аны сайын тойбоду,
Соргоктугун койбоду.
Баягыны көргөн соң
Жан Айдарды карасаң
Катыра камчы салды эми,
Манасты көздөй бет алып,
Шашып женеп калды эми.
Күнү-түнү жол жүрүп,
Эртесинде бешимде,
Бешим болгон кезинде,
Кең Таластын кerүүгө,
Манасты бүгүн көрүүгө,
Жоргонун-Белин ашты эми,
Капкасы алтын коргонго,
Каныкейдин ордого
Казыр келип түштү эми.
Ошол кезде баатырың
Күндө күчөп ашынган,
Күчаладай ташыган,
Күч дарыдай от алып,
Жаанын огун копшотуп,
Жасайылды октошуп.
Мылтыктын огун куйдуруп,
Кол куржунга тундуруп,
Жоо-жарагын шайланып,
Добулбасты байланып,
Кандагайды шымданып,
Жоо келгендей шаңданып,
Эки көздөн жаш агып,
Эми барды жаш Айдар,
«Аш берем деп азапка,
Бизди салдың казапка,
Кытай келип кол салып,
Эсеби жок мал алып,
Союшка алып жоготту.
Кошой айтып акылды.
Кош ат менен жөнөттү.
Кокуй, төрөм, болгун, – деп,
Бачым жөнөп калгын, – деп.
Дин мусулман баарысы,
Баатыр Кошой карысы.
Ногой менен кыргызы,
Түштү жерге жылдызы.
Түшүнбөстөн жатасың,

Минтсең шоруң катасың.
Аш беремин деп жүрүп,
Айың болуп калдың – деп,
Ай-ааламдын баарына
Дайын болуп калдың – деп,
Дин мусулман баласын
Аш берем деп кырдың – деп,
Уу ичкендей кылдың – деп,»
Жаш Айдарың айтты кеп.
Ошо сөздү укканда
Ак добулду бир коюп,
Дүпүлдөтүп алды эми.
Ногой менен шыгайга
Минтип кабар салды эми.
Баатыр Манас кеп айтып.
Ногой, шыгай деп айтып,
Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип,
Желмаянды чөгөрүп,
Жез казанын көмөрүп,
Жоргонун-Белин бет алып,
Жолго түштү буркурап,
Манастын эли чуркурап.
Замбирегин сүйрөтүп,
Арабага салды эми.
Сары-Өзөндү каратып
Замбирегин бир атып,
Күркүрөтүп алды эми.
Көргөн жандын баарысын
Дүркүрөшүп алды эми.
Бая жайма көкүл жаш Айдар
Жана кайта салды эми.
Барган сайын оңолгон,
Басташканы жоголгон,
Манас келет дегенде
Байлатма жинди соо болгон.
Өркөнү өсүп дүң болгон
Аз жолдошу миң болгон.
Жан жолдошу кырк болгон,
Жалпы кыргыз элине.
Шамал тийгис ык болгон.
Салышам деген душманы
Жүрөгүнө дык болгон.
Ченине келген эр болгон,
Челишем деген душмандын
Жүрөгүнө чер болгон.
Жери Талас күр болгон,
Жемиши көктөп гүл болгон,
Алганы насип үр болгон,
Азирет Аалы бир болгон,
Ак эшен сынап тааныган,
Атышкан жоосун каарыган,
Абырагым көтөр деп,
Алдага күндө наалыган.
Арстан Манас көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын.
Желеги туудан бөлүнбөй.
Жердин жүзү билинбей.
Караса көзгө илинбей,
Канча экени билинбей.
Кара туман калың кол
Кайнап гана чыккан жери ошол
Шибердин улуу жол менен,
Сандаган калың кол менен
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп,
Токмокту көздөй бет алып,
Токтобостон кол келди,
Эсеби жок мол келди.
Капчыгайды өрдөшүп,
Катуу тартып жөнөшүп
Боомдун ичи кара таш,

Калдыратып алышып,
Катуу келет жол менен,
Как ушундай ой менен,
Ысык-Көлдү жакалап,
Келе жатып бакалап,
Аттын баары ылаалап,
Ысык-Көлдү кылаалап
Коңур салкын күзүндө,
Алты күнү жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Кызыл-Кыя Санташты
Кыйла күнү жол басты.
Аны таштап коюңуз.
Ар жагында Бокмурун,
Кабарынан болуңуз!
Ушу бүгүн кечинде,
Манас келчү кезинде,
Тоорум кыздын ак өргөө
Жолго тигип салды го,
Жан кишини киргизбей,
Жакшы күтүп алышып,
Сарамжалын кылышып,
Бээ семизин союшуп.
Белен кылып коюшуп,
Ат, адамдар, чуркурап,
Алдын тозуп калыптыр.
От ордундай самоордон
Отуз-кыркын койдуруп,
Кой семизин сойдуруп,
Кыйыгына калбайлык,
Кокус майып болбойлук,
Таярданып түйүлүп,
Баары жүрөт жүгүрүп.
«Ана Манас келет деп,
Мына Манас келет» – деп,
Элдин баары таң калып,
Карап турат жарданып.
Капыр менен мусулман
Өйүз-бүйүз болушуп,
Арасын ачып алышып.
Ал аңгыча бир адам,
Чаап келет карасаң,
Манас келет деп айтып,
Баары-жогун дүргүтүп,
Бака-шака мүргүтүп.
Мына ушунтип турганча,
Ачып көздү жумганча,
Кирип келди аңгыча,
Керинейи бапылдап
Сурунайы такылдап,
Келип калды жакындап.
Мылтыктын үнү күркүрөп,
Аны уккан адамдын,
Азат бою дүркүрөп.
Желек туудан бөлүнбөй.
Жердин жүзү көрүнбөй,
Жер жайнаган кол менен
Элүү миңче кол экен,
Эсеби жок мол экен,
Эсеби жок эл экен.
Кырк чорону карасаң,
Тарсылдатып ок атып,
Беттешкенин жоготуп,
Шыпылдата жаа тартып,
Келе жатып шаңданып,
Көргөн жанды таңдантып.
Ат алуучу адамдар
Астын тозо жүгүрүп.
Тоорум кыздын ак өргөө,
Оолак тигип салды го,
Ошол үйдү бет алып,
Аскер жакын келди эми.

Манастын колу бир илек,
Баш-аягын ким билет?
Бары жогу келишип,
Ак ордону бет алып,
Атын желдет алышып.
Ак ордого киргизип,
Алтын такка мингизип,
Эсебин элге билгизип,
Ээн үйгө киргизип.
Кырк чорону карасаң
Кылыч кында кындыйып,
Тонун кийип зыңкыйып,
Элдин баары ошондо
Карап турат таңданып,
Кырк чорону карасаң
Көптү көрүп таңданып.
Кара курттай мол экен,
Эсеби жок мол экен.
Кут жылдыз жакты караса,
Мусулман жактын эли экен
Шымал жакты караса –
Эсеби жок мол экен,
Эсенкандын эли экен.
Кемегени бет алып,
Кырк чоросу келди эми.
Алмамбети баш болуп,
Келип булар көрдү эми.
Кырк кемеге казылуу,
Кыркча казан асылуу,
Таарынганга эт берип,
Таң атканча жеткирип
Бэзден союш мол берип.
Так ушунтип жол берип,
Байлык менен мал берип.
Союшуна мол берип,
Бардыгы менен күтүптүр.
Он беш күнү түтүптүр
Манас келет дегени
Убадасы бүтүптүр,
Араң бүгүн келиптир.
Көрбөгөндөр көрмөккө,
Таң ажайып эрмекке,
Баары бирдей дүркүрөп,
Жоо басып келе атыр,
Тоорум кыздын ак өргө,
Тегеректеп барды го.
Ошо кезде баатырың,
Сурун суук салды эми,
Сумбатын бузуп алды эми.
Албаң-далбаң түйүлүп,
Алты жерде жүгүрүп.
Алтын такты көтөрүп,
Тоодой болгон тактасын,
Төрт-беш киши көтөрүп,
Төрөсүнүн астына,
Коё койду ошондо.
Эми Манас көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын,
Элдин баары эрмекке
Кандай болду жөрмөккө,
Тегеректеп эл келди.
Эсеби жок мол келди,
Бирин-бири көрүшүп.
Алтын тактын үстүнө,
Айкөл Манас минди эми,
Оң жагына эр Бакай,
Ошо келди жанаша,
Каздай мойну койкоюп,
Абакеңиз эр Бакай,
А да келди болкоюп,
Алмамбетти карасаң,
Кылычы кында кындыйып,

Тонун кийип зыңкыйып.
Кылычын белге курчанып.
Кызыл өңү сур чалып,
Ары-бери кашында,
Басып турат ошондо.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чалдай карысы,
Аттан түшпөй калыптыр,
Найза колдо сүйөнүп,
Арт жагында турду эми,
Тонун кийип кагынган
Жоо дегенде чамынган
Адамдын кулак-мурунун
Тумар кылып тагынган,
Ажал издеп сагынган,
Э дегенде ме деген,
Жоо дегенде жатпаган,
Баары мерген кырк бөрү,
Падышаңдын нөкөрү,
Баары артында турду эми.
Баарысын булар билди эми,
Айран болуп турду эми.
Канкоруңду караса,
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган
Каары катуу жан экен,
Жер алдына бактырган
Кытайлардын жез кемпир
Ошол келип жактырган.
Орустан чыккан Бороон чал
Ошо келип сынаган,
Эки сынчы жанаша
Бет алдынан караса,
Кылычынын мизинде
Кырк кишинин шаңы бар,
Найзасынын учунда,
Жүз кишидей шаңы бар.
Жалаң өзүн караса,
Миң кишинин сүрү бар.
Арка жагын караса,
Жабагынын кылындай,
Жалпы чыккан түгү бар.
Аркасынан караса.
Кара лөктүн жүгү бар.
Бет алдынан караса –
Ажыдаар түгү бар,
Айкырганда аз келбес
Адам уулу бас келбес,
Ак жолборстун сүрү бар.
Кылмуруту кылкандай,
Колго тийген жан болсо,
Кыла турган талкандай.
Каарына келгенде,
Кыштын кыраан чилдедей,
Ырайым кылып караса,
Жай саратан ысыгы,
Мына сөздүн кызыгы.
Капыр менен мусулман
Сынчылардан сурашып,
Сынчы сынап кеп айтат,
Сырттан экен деп айтат.
Айдар келип кеп айтат,
Анык экен деп айтат.
Көргөндүн баары таң калып,
Акылы кетти сандалып.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көбү жандан түңүлүп,
Көзүн көрүп калгандар,
Көбү коркуп солк этип,
Эт жүрөгү болк этип.
Ырдаймын деген ырчылар,
Эси ооп далдайып,

Кебин таппай шалдайып,
Сынаймын деген сынчынын
Сыны кетти оозунан,
Ырдаймын деген ырчынын,
Ыры кетти оозунан.
Тыңшаймын деген тыңчылар
Эси ооду далдайып,
Кебин таппай шалдайып.
Барган сайын оңолгон,
Басташканы жоголгон.
Манас келет дегенде
Далай жинди соо болгон.
Арбагы журтка дем болгон,
Аскери токсон миң болгон.
Адамда мындай ким болгон?
Тегеректеп эл келип,
Эсеби жок мол келип.
Кол беришкен бенде жок,
Мындай мыкты элде жок.
Ошол элдин баарысы
Жарданышып калышып.
Баары көзүн салышып.
Ал аңгыча кан Кошой,
Азыр басып келди эми,
Манасты көздөй бет алып.
Кошой менен кошулуп,
Жедигердин Багышы
Кошо басып калды эми.
Ал экөөнө кошулуп,
Колунда бар дүрбүсү,
Кыргыздардын Үрбүсү
Ошо басып калды эми.
Манасты көздөй барышып,
Барып колун беришип,
Адеп менен Айкөлүң,
Алтын тактан түштү эми.
Абакеңиз эр Бакай,
Экөө барып көрүшүп,
Бешөө келип кол берип,
Амандашып болду эми.
Амандашып болушуп,
Кайра тартып олтуруп,
Ошондо төрөң кеп айтып,
«Аба, Кошой, – деп айтып,
Эл эсеби канча, – деп,
Кошой туруп кеп айтты.
Балам Үрбү деп айтты
Эл эсебин билесиң
Эсеби канча деп айтып,
Өткөзүп бер деп айтып,
Кара сакал кызыл көз,
Калк ичинде ширин сөз,
Шакылдаган кул элең,
Өзүң чечен уул элең.
Обдула түшүп кеп айтып.
Ой, ой баатыр деп айтып,
Оозуна сөз кирбеди,
Үрбү жаман сүрдөдү,
Оозуна сөзү кирбеди.
Какап-чакап камалды,
Кантип табат амалды.
Алды наткан эр Үрбү
Акылынан шашты эми,
Айта албай кийин качты эми.
Ошондо Кошой кеп айтат,
Ойрон Манас деп айтат,
Бүгүн кепти тим койгун,
Коногуна мал сойгун,
Баарын эми тараткын.
Сырдуу үйгө киришсин,
Сый-сыпатын көрүшсүн.
Жарык үйгө киришсин,

Сарамжалын билишсин.
Тамак-ашын жеп ичсин,
Ушуну айтып таратып,
Элдин баарын кетирип,
Тарап-тарап эл кетип,
Көрбөгөндү дегдетип.
Ар кимиси барышып,
Көтөргөн үйгө келишип,
Тамак-ашын жеп ичип,
Кериней үнү папылдап,
Сурунай үнү такылдап,
Ырчы чыкты какылдап,
Ат куйругун буугандар,
Алыстан келген туугандар,
Атыңы жакшы баксын деп.
Алыстан келген талапкер,
Ат таптаган зайыпкер,
Алышкан жерде колок бар.
Алыстан келген конок бар,
Айткан жерде жомок бар.
Тамыр, сөөк, куда бар,
Көтөргөн үйгө жуда бар,
Ушул айткан жардыгым,
Көкөтөйдүн ашы бар,
Нечен сонун иши бар.
Балбансынган киши бар,
Баатырсынган бектер бар,
Тоо көтөргөн балбандар,
Эл бийлеген сардалдар,
Конуш билген жакшылар.
Кол бийлеген кашкалар,
Эрдиги элден башкалар.
Эртеңки күн тамаша –
Ырысыңа жараша,
Ырчы айтып угузуп,
Бир-бирине жугузуп,
Кыйык атчы мергендер,
Тилегин Кудай бергендер,
Кыябына келгендер,
Тамаша менен таң атып,
Эртең түштө жамбы атып,
Бүгүн барып тим жатып.
Кемегеге ат чабат,
Далай киши таң калат.
Ырчы ырдап кеп айтып.
Ушу сөздү көп айтып.
Ушу сөздү билгиле
Көтөргөн үйгө киргиле!
Айтканымды билгиле.
Ала табак тарттырбайт,
Жалгыз киши арттырбайт.
Түндөгүңө бээ соёт,
Түштөгүңө кой соёт,
Кээде тандап тай соёт,
Тамагың ушу билгиле,
Таарынбастан жүргүлө!
Ондон үйгө киресиң,
Көтөргөн үйгө жүрөсүң.
Эриккенче эт берет,
Кардykканча кант берет,
Сууганча бал берет,
Сугатына чай берет.
Так ушундай жай берет.
Сырдаган үйгө киресиң,
Сыйды жакшы көрөсүң.
Бөлөк кошко барбагын!
Уят болуп калабагын!
Ууру кылып ат алсаң,
Кокус элге катылсаң,
Ажалдан мурун өлөсүң,
Акыретти көрөсүң!
Аш-тамагын ичкенде,

Кырк кемеге каздырган,
Кырка казан астырган,
Бээ семизин сойдурган,
Тойбой калган келсин деп,
Ою менен болсун деп,
Олтуруп алып тойсун деп,
Ошонеткен эл экен,
Теги Бокмурун кыйын эр экен,
Телегейи тең экен.
Каркыранын боюнда.
Кара курттай эл экен,
Эсеби жок мол экен,
Тилингени билинбей,
Караса көзгө илинбей,
Канча экени билинбей,
Ошо түнү кан Жолой,
Жутунганын койбоду,
Журтка жакпас иш кылды.
Жардык жалган болчу эмес,
Ууру кылган оңчу эмес.
Ушу болду токтому,
Айтып ырчы токтоду.

## КОҢУРБАЙДЫН МААНИКЕРДИ СУРАГАНЫ

А күнү анда конушуп,
Тамак-ашка тоюшуп,
Жыргап-куунап оңушуп,
Күлкү менен күн батып,
Элдин баары тим жатып,
Тамаша менен таң атып,
Эртеси күн болгондо,
Күркүрөгөн кара нар,
Күчү билге барабар,
Этке тойбой калыптыр,
Эртең менен барыптыр,
Кемегени көрүптүр,
Кебек шишти колго алып,
Кемегеге барды эми.
Кырк казанга бышырган
Эттин баарын көрдү эми.
Кебек шишти колго алып.
Ар кимисин бир сайып,
Ашап кетип баратат,
Шүйшүң каны шорголоп,
Оозунан тамчылап,
Агып кетип баратат.
Эт бышырган адамдар
Качып кетип баратат.
Кокус сайып жутат деп,
Шашып кетип бартат.
Жыйырмасын жегенде
Ошо жерге токтолуп,
Эттин көбү жок болуп.
Как ушунтип калганда,
Ортосуна барганда
Көрө койду Бокмурун.
Мааникерди минди эми,
Бастырып буга келди эми
Кан Жолойдун кашына
Кайраттанып ошондо.
«Атаңдын көрү соргок» – деп,
Айтып турат ошондо,
Кыдырып минтип жегиче,
Мени кыйнап келсеңчи,
Бээ семизин жесеңчи.
Курсагымды тойгус, – деп,
Салмагыңды салсаңчы.
Чоңдугуңду көрсөтүп,
Чоюлуп жатып алсаңчы!
Кемегеден эт алып,

Кердемиңе салганча,
Будан көрө өлсөңчү!
Чогулушкан көпкө айтып,
Чоң Жолойдой лөккө айтып,
Үйүлүп жаткан элге айтып,
Жолой сынды эрге айтып,
Айтып коюп бул кайтып.
Бура тартып бул кетти.
Ал аңгыча Коңурбай
Көрө койду чоң калдай,
Таноолору кысылып.
Кара тер бойдоң сызылып,
Өңү кетти бузулуп,
Эшке чыга калды эми,
Бокмурун, – деп чакырып,
Байрак булгап калды эми.
Бура тартты Бокмурун,
Мааникердей күлүктүн,
Басыгына көндүрүп,
Шайбырлата желдирип,
Алдына кирип келди эми.
Ошондо Коңур кеп айтат,
Э, Бокмурун! – деп айтат,
Аш берген адам айыптуу.
Той берен адам күнөөкөр.
Минген атың Мааникер,
Түшүп бери алып кел!
Карыпчысын байланып,
Кара-Шаарды айланып,
Кандар минчи ат экен.
Белдемчисин байланып,
Бээжин ичин айланып,
Бектер минчи ат экен.
Эмдиги жыл ушул маалда
Эсенкандын алдына
Тартууга барчу мал экен.
Алтын, күмүш сылаган,
Сыйнаттап жүгөн каттырган,
Ылайыктуу мал экен.
Кыйнабай бери алып кел!
Алтын түркүк мамыга
Алып келип байлап кой!
Айтты минтип Коңурбай,
Коңурбайдын көңүл жай.
Бокмурун бала кеп айтат,
Э, Коң төрө, деп айтат,
Айып көрбө сөзүмдү,
Аябайын малымды,
Колумдагы барымды,
Баарын быйыл сарп кылам,
Атам үчүн жок кылам.
Мен Кошойго барайын,
Алптын баарын чогултуп,
Акылдашып алайын,
Алдыңызга келейин,
Анан атым берейин.
Түшүп алып жөө басып,
Эки бетим көө басып,
Элге кантип барайын.
Ойлоп кепке кулак сал!
Айтканымды угуп ал!
Кошой өңдүү карыга айт!
Дин мусуман баарына айт!
Бүгүн барып акылдаш!
Ушунча элди чогултуп,
Жыйын кылып жатасың,
Арбагыңды көтөрүп,
Кыйын кылып жатасың.»
Деп ушунтип кылт этип,
Кирип кетти чатырга.
Кайра тартып алды эми.
Кан Кошойго айтарга,

Кол куушуруп Кошойго
Барып салам берди эми.
Айтып берип ошого,
Баштан маанисин,
Бирин койбой терди эми.
Эр Кошойдун астына,
Кебин айтып кирди эми.
Айкожосу кашында,
Кошой менен Кожого,
Айтып берди ошого.
Кошой, Кожо кеңешип,
Кеңешкенде не дешип,
Кылымга мүлдө толду эми,
Кытай жаман келди, – деп,
Уй түгүндөй эл экен,
Уялбаган эр экен.
Кара кашка ат болсо,
Кашкасындай мусулман.
Карап турса капырдын,
Көптүгүнө көз жетпейт,
Айтканына сөз жетпейт.
Бээжиндин каны Коңурбай,
Коңурбайдын адамы,
Чегирткенин корундай,
Орус, кытай, калмагы,
Анжу-манжу жөөтү,
Ат минбеген жөөсү,
Кызыл күрмө жеңи жок,
Кытайлардын эби жок,
Калдайы бар беги жок.
Кара топу карыш чок
Карап турса капырдын
Көптүгүндө эби жок,
Мындан бөлөк кеби жок.
Баякыны көрдү эми.
Алтын селде Кожосу,
Ак сакалдуу Кошою,
Карап көрүп ошону,
Бокмурунга кеп айтып,
«Иш болбоду деп айтып,
Алптын баарын чогултуп,
Дөөнүн баарын кел дешип
Боз-Дөбөнүн сеңирге,
Бек жалынып теңирге
Кеңеш кылып алалы.
Биз ошо жерге баралы,
Баарын айдап чогулткун!»
Деп ушунтип жөнөтүп,
Кошой менен Кожосу,
Акылдашкан жери ошо,
Баягы айткан сеңирге,
Барып турду эр Кошой,
Кыдырып элдин баарына
Багыш кандай карыга,
Бастырып жүрүп кеп айтып
Баарың келгин деп айтып.
Колунда бар дүрбүсү,
Кыргыздардын Үрбүсү,
Буга жетип айтты эми.
Жедигердин Багышка
Жетип муну айтты эми,
Жетим чалдын Агышка
Айтып кайра тартты эми.
Агыш менен Кожошко,
Кошулуп экөөн баргын деп,
Андан өтүп алды эми.
Алтын наал, жез өкчө,
Айдаркандын эр Көкчө,
Өзү көйрөң өзгөчө.
Ага кабар айтты эми,
Андан мындай тартты эми
Жайкы тону кандагай,

Жоого кирсе шамдагай,
Күз кийгени күдөрү,
Кандын уулу Жүгөрү,
Ага кабар салды эми,
Ана Кошой баргын деп,
Андан өтүп алды эми.
Сакалаттын Сары дөө,
Баары бирдей басты жоо,
Ана Кошой баргын деп,
Айтып кабар салды эми.
Эламандын эркеси,
Кудайдын сүйгөн бендеси,
Тогуз уулдун кенжеси,
Эр Төштүккө барды эми
Ана Кошой баргын деп,
Айтып кабар салды эми.
Андан өтүп алды эми
Ордо шайык көк жеке,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Ошолорду сураган,
Анжыяндын Сынчыбек,
Ана Кошой баргын деп,
Андан өтүп алды эми.
Кең Букарды сураган.
Алтын түркүк бураган,
Букарлыктын Темиркан,
Буга кабар салды эми,
Мына Кошой баргын деп,
Андан өтүп алды эми.
Жоо-жарагы бир кучак.
Алтын таажы Музбурчак,
Ага кабар салды эми,
Ана Кошой агаң деп,
Айтып кабар салды эми.
Алптын баары жыйылып,
Жыйын болуп калды эми.
Башка мындай иш болуп,
Кыйын болуп калды эми.
Тегерете олтуруп,
Баары кеңеш курду эми.
Эми кандай кылабыз?
Берип койсок кыйын иш,
Бербей койсок бул жумуш.
Катуу тийди кантебиз?
Бербей койсок кокустан
Кара курттай мол экен,
Кайнап жаткан эл экен.
Каптап кетип жүрбөсүн?
Аш көргөзбөй адамды
Сүрүп кетип жүрбөсүн?!
Тарыка кокус толбосун.
Талам болуп калбасын?!
Бир кишиге он киши
Жабыла турган өңдөнөт,
Бербей койсок кокустан,
Камына турган көрүнөт.
Жолойду жаман тилдептир,
Айбандары билбептир.
Коңурбай билип алыптыр,
Бизди камап калыптыр.
Ушу кандай кеп деди,
Бары-жогу эп – деди.
«Аш берген адам айыпкер,
Той берген адам күнөкөр,
Караң калган Мааникер,
Бир байталдын тезеги,
Эсенкандын алдына,
Тартууга барар кезеги, балдар!
Шондо Кошой кеп айтып,
Кокуй, кандар, деп айтып,
Билбейсиңби береги турган
Манасты

Өзүм кылган жумуш деп,
Болбой калат бул иш деп,
Бүтүмүңдү бузбайбы,
Биз Манаска баралы,
Маанисин айтып көрөлү,
Анан кийин берели!»
Кошой аба, эп деди.
Ушу сөзүң куп деди,
Ошо жерден дүрдүгүп,
Баары тура калды эми
Этек-жеңин кагынып,
Баары турду жабылып
Манасты көздөй бет алып,
Баары келди жөө басып.
Алтын боону тактырган,
Көргөн адам жактырган,
Тоорум кыздын ак өргөө,
Эшигине барды го.
Эшигине барды эми,
Эл чогулуп калды эми.
Ордодон чыкбаган,
Адамдын баары ыктаган,
Ушу кезде караса
Кырк чоронун баарысы
Аргымак аты байлоодо,
Ооздугу суулугу,
Качур-чур чайноодо,
Аттын баарын карасаң
Каныкейдин чоң керме,
Кырка турат салуулу.
Кош басмайыл тартылуу,
Кол куржунду карасаң,
Ок-дарысы салынуу.
Добулбасы даңкайып,
Канжыгада байлалуу,
Жоо-жарагы шайлоолу.
Айзаларын карасаң
Ак ордонун четинде,
Кыдырата жөлөлүү.
Кызыл канга бөлөлүү.
Кырк чорону карасаң.
Эшигинин астында
Басып турат чубалып,
Көргөн адам кубанып.
Ак ордонун ичинде,
Абаң Бакай кашында
Сыймык кушу башында.
Алмамбети соңунда
Жалаң кылыч колунда.
Ажыбайы лыпылдап,
Кызмат кылып шыпылдап,
Жазайылды окшотуп,
Жаанын огун копшотуп.
Как ушинтип калыптыр.
Баягы элдин баарысы,
Тегерете отуруп,
Көп кечигип кетти эми,
Эт бышымга жетти эми.
Эригип келген кезинде,
Эр Бакай жүрчү ботом деп.
Эшикти көздөп каркылдап.
Эр Бакай чыкты ошондо
Ак сакалы жаркылдап,
Айтып сөзүн шартылдап,
Ур коёндой балбылдап.
Козу шаңдуу эр Бакай,
Ок аткандай шартылдап,
Сөзү шаңдуу эр Бакай
От жаккандай жаркылдап,
Өңү шаңдуу эр Бакай,
Кармаганы кандуу кул,
Качырганы шаңдуу кул.

Урунганы жандуу кул,
Уксаң кептин чыны ушул:
Ак сакалы чүштөдөй.
Ар мүчөсү мистедей,
Ак сакалы күмүштөй,
Оозунда тиши күрүчтөй,
Чыгып келди карк этип,
Кошойду карап барк этип,
Салам берип калды эми
Алик алды эр Кошой
Арт жагынан көк жалың
Көзүнөн чыгып от жалын
Манас кошо келди эми.
Караса көздөн от жанган
Кармаса колдон кан тамган
Кыл муруту кылкандай,
Кыла турган душманды
Колго тийсе талкандай.
Караганы илбирстей,
Кайсаганы албарстай.
Кара чаар жолборстой,
Тиштегенин лыптаган,
Жолборстон таалим алган кул,
Сайган жоосун ыптаган,
Билеги күчтүү балбан кул,
Баатырың чыккан жери ошол,
Анын арка жагында,
Ырысына жараша,
Манас менен жанаша,
Батыра чаап баш алган,
Баатыр эле Алмамбет,
Өткөрө чаап өт алган,
Өткүр эле Алмамбет.
«Азиретиң колдо!» – деп,
А да чыгып алды эми.
Эки жагын каранып
Эрди-мурдун жаланып
Кылычын кынга салды эми.
Кыя карап калды эми.
Анын кийин соңунда.
Ар нерсе бар оюнда.
Алтын жаа сыр жебе,
Албарс болот колунда,
Ошолордун соңунда,
Ажыбай чыга калды эми.
Кошойду көрүп урматтап.
Кол куушуруп калды эми,
Барып салам берди эми.
Ошондо Манас кеп айтып
«Абаке Кошой, деп айтып.
Ой абаке деп айтып,
Элдин баары демигип,
Дөөнүн баары удургуп,
Төгөрөктөп келипсиң
Эминени билипсиң?
Айтып бергин чыныңды,
Анык айткын сырыңды,
Андай-мындай кеп айтсаң
Мен кыламын чырымды,
Каалаганың казыр айт!
Эстегениңи эми айт!
Абаке Кошой кебиңи айт!»
Ошондо Кошой баркылдап,
Айтып турду шартылдап,
«Үрбү балам, деп айтып,
Бирин койбой терип айт!»
Баатыр Манас бегиңе айт!
Жанагы айткан кебиңи айт!»
Деп, ушунтип токтолду.
Ошондо Үрбү козголду.
Обдулуп туруп кеп айтып,
«Ой, ой Манас!» – деп айтып,

Манас деп айтып токтолду
Ойлогон кеби жок болду.
Кара тер бойдон сызылып,
Кызыл өңү бузулуп,
Ошону айтып басылды,
Көрбөдүк мындай асылды.
Ошону көрүп баарысы,
Ийи жакшы карысы,
Баарынын оозу басылды.
Көрбөдүк мындай асылды
Абакең Кошой каркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
«Үрбү балам, не болдуң?
«Манас»  деп коюп жоголдуң.
Кантип ишиң оңолсун,
Кырааным Манас муну ойло
Оюңдагы кебиңди,
Ошону эстеп ойлонгун!
Кабылан Манас канкорум,
Э, түгөнгөн анткорум,
Кырк миң аскер кол сунса,
Кырк кишиче болбосо,
Кылган ишиң бул болсо,
Кылапат айткан оңбосун,
Кагышкан кантип соо болсун.
Алты миң аскер кол консо.
Аш ичкенче болбосо,
Арбагың кантип жоголсун,
Айтканың кайдан соо болсун?»
Карган Кошой кеп айтып,
Карагым Манас деп айтып,
Кандай айла кылчубуз?
Капырдын колу мол экен.
Кара курттай эл экен,
Кандай айла кылчуубуз?
Коңурбай бүгүн кеп айтат
Мааникер берсин, – деп айтат
Муну кантип берчүбүз?
Анан кантип жүрчүбүз?
Берелиби күлүктү?
Же салалыбы бүлүктү!
Ушунун ишин ойлоп бил!
Беребизби бууданды?
Жылкыдан кайып тууганды
Же бербейбизби капырга,
Жолой соргок баатырга!
Тарынып Коңур кеп айтат,
Тартуу берсин деп айтат.
Муну кандай кылчубуз?
Кантип ага берчүбүз.
Же берелиби күлүктү?
Же салалыбы бүлүктү?
Ушунун үчүн чогулуп,
Алдыңа келип турабыз
Маанисин сенден сурайбыз
Айла таппай турабыз,
Акылын сенден сурайбыз!»
Ошону укту көкжалың
Көзүнөн чыкты от жалын.
Ата Кошой нетесиң?
Сен канетип кетесиң?
Минтсең түпкө жетесиң!
Аш берем деп ат берсек –
Акыры Кудай урбайбы,
Кытайлардын баарысы
Араң эле турбайбы!
Мааникерди алган соң,
Жана бирөө таарынып.
Эр Көкчөгө келбейби,
«Көкала ат бер» дебейби!
Ушунетип отуруп
Мусулманды жебейби!

Ушунтип отуруп,
Аттын баарын болтуруп,
Дагы бирөө таарынып,
Чала-була тойдум деп,
Чалкуйрукту салбайбы!
Минтип атты албайбы.
Андан жылып отуруп,
Ак кулага келбейби,
«Манас атын берсин», – деп
Мына ушунтип жеңбейби!
Өзүңөн бөлөк кеп айтса,
Оёт элем көзүн, – деп,
Эми койгун сөзүң, – деп,
Ушуну айтып көкжалың
Көзүнөн чыкты от, жалын.
Аш бербей туруп ат берип,
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жан,
Мындан көрө өлөйүн!
Качпай куруп калайын,
Атпай алыс түшөйүн!
Атты кантип чабайын,
Акылды кантип табайын!
Ошону айтып көкжалың
Кырк чорого кеп айтып,
Турбагыла деп айтып,
Ак добулду карс коюп,
Ак келтени тарс коюп,
Атка минип айкырып,
Айгай салып кыйкырып,
Акыр заман салгыла!
Астын-үстүн кылгыла!
Аралап кирип баргыла!
Колуңардан келсе деп.
Коңурбайга жеткиле!
Ошонун башын кескиле!
Бүгүн жандан безгиле!
Ак кулага минди эми,
Албарсын белге илди эми
Абыр-шабыр ат минип,
Айкырып жолго кирди эми
Аралап кирди кытайды,
Жаат кылды жалгыз Кудайды
Мына ушунтип турганча,
Акыр заман салмакка,
Мылтык үнү тарсылдап,
Жазайылы жаркылдап.
Добулбасы дүңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Замбирек мылтык күркүрөп.
Аккулага минди эми,
Аралап колго кирди эми.
Кубаргандан кумсарып,
Кутургандай жээлигип,
Барган сайын ээлигип,
Алдына кире бергенди,
Айза менен мылгытып,
Аркасынан келгенди.
Албарс менен кыңгытып.
Оң колуна шап алып,
Октон кыйын жаа тартып,
Жолоң колун керүүдөй,
Кой качырган бөрүдөй.
Жан көзүнө көрүнбөй.
Алдына келе бергенди
Айза менен бир сайып,
Аркасына келгенди
Айбалта менен бир салып
Кыргын кылды кытайды,
Жаат кылды жалгыз Кудайды.
Көкөтөйдүн айлынан
Далай жерге сүрдү эми,

Кыргын кылды калмакка.
Уу ичкендей кырды эми.
Аш берем деп канкоруң,
Алдан минтип кылды эми.
Кытайга салды кыйынды
Бир Кудайга сыйынды
Кырк чорону карасаң,
Жамгырдай кылып жаа атып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Беттешкенин жоготуп,
Аламан сайып жөнөдү,
Барган сайын өмөлдү.
Кытайлардан көп өлдү,
Коңурбай муну көрдү эми.
Эт жүрөгү болкулдап,
Эси чыгып солкулдап,
Алгара минип алактап,
Алдын тозуп шалактап,
Кылкара атын жетелеп,
Кырааныңды бет алып,
Кыябы менен келди эми,
Кылкара тартуу берди эми.
«Э, кызыталак Манас – деп,
Кыйын доор сүрсүн деп,
Кызыкты быйыл көрсүн деп
Кылган ишиң ушубу?
Берген ашың ушубу?
Эркелеп бүгүн кеп айтса,
Мааникер бергин деп айтса,
Бул эмине касабың?
Мурун сырың мен билсем,
Мында киши басабы?
Бул эмине тозогуң?
Мунуңду мурун мен билсем,
Жан адам башын кошобу
Ушундай жинди жансыңбы?
Аш бергениң бул болсо,
Арбагың менен куруп кал!
Той бергениң бул болсо,
Толуң менен куруп кал!
Мына Кылкара атты мен бердим.
Теги кызыталак оңуп кал!
Ушул сенин ашың деп,
Уялбаган ишиң деп.
Сенин Мааникериң мингидей,
Кана менин кишим деп,
Атка тойбой сен жүрсөң,
Кылкара атты алчы деп,
Тамашаңды кылчы деп.
Коңурбай гана айтты мындай кеп.
Ал аңгыча каркылдап,
Абакең Кошой баркылдап,
Артынан жетип келди эми.
Баарын айтып берди эми,
Айтса айтбаса төгүнбү,
Коңурбай өзү тегинби?
Бу да сендей кан эле
Кытайдан чыккан жан эле
Атын тарта берди эми
Уруштун баарын токтотуп,
Кошой менен Коңурбай,
Кол бериши бир далай.
Кеңеш кылды ар далай.
Сасык айран, көк курут
Көкөтөйдүн Бокмурун
Кызыл куйрук нарчаны,
Кызыл кымкап барчаны
Кытайга берди канчаны.
Көңүлдү бүгүн көтөрүп,
Коңурбайдай калчанын
Көңүлүн минтип жайлады,

Аттарын оңдоп байлады.
Коңурбайдан ат алып,
Кылкараны бат алып,
Кыраанын Манас кошуна
Барып жатты ошондо.
Кытайлардын далайын,
Айылдан ары сүрдү эми,
Далайын бүгүн кырды эми.
Уу ичкендей кылды эми,
Жана ырчы ырдатып,
Жандын баарын жыргатып,
«Көтөргөн үйгө конгула,
Бээ семизин сойгула!
Баарың жалпы тойгула!
Мындан кийин кытайлар,
Жутунганың койгула!
Бүгүн мында жаткыла,
Тамашага баткыла!»

## АТ ЧУБАТУУ, ЖАМБЫ АТУУ, КҮРӨШ ОЮНДАРЫ

Ырас бүгүн тамаша,
Ырысыңа жараша
Эсебин элдин алды эми
Бокмурун жолго салды эми.
Эсеп кылып бир бээден.
Ар бир үйгө сойду эми.
Жалпы бүгүн жатышып,
Тамашага батышып,
Урушам деген Коңурбай,
Уят болду момундай,
Таарынам деген Коңурбай
Талаан көрдү бир далай.
Тойбой жүргөн чоң Жолой,
Токсон бука сойдуруп,
Курсагын шондо тойдуруп,
Чатырына чалкалап,
Курсагы тоюп кайкалап,
А күнү минтип жатты эми.
Эртеси таң атты эми,
Таң атканда кеп айтып,
Тамаша болду деп айтып,
Ырчы ырдап чыкты эми.
Ырчы ырдап кеп айтып
Менин сөзүм жараса
Ат атыңа мингиле!
Ай далааны бет алып,
Тетиякка жүргүлө!
Атышкан жерде колок бар,
Айткан жерде жомок бар.
Алыстан келген конок бар.
Тамыр, сөөк, куда бар,
А береги көрүнгөн.
Ай далаага жуда бар!
Нечен күнү тамаша
Ырысыңа жараша
Тамашаны көрөсүң
Курсагың ачып калганда
Үйүң көздөй жөнөйсүң,
Үсүр быйыл көрөсүң
Үч ай мүлдө болгуча
Жыргалды минтип көрөсүң
Көкөтөйдүн ашы бар,
Көп чогулган башы бар.
Жакшылардын иши бар,
Ушундай сонун кеби бар.
Баатыр Манас кеп айтат,
Баарын уксун деп айтат.
«Алыс жерден келгениң,
Мылтык атчу мергениң
Мергендериң бөлүнсүн,

Ушу жерге көрүнсүн!
Жамбы кыйык атасың
Тамашага батасың
Далай күнү кубанып,
Как ушу жерге жатасың.
Урушканың өлөсүң,
Көргүлүктү көрөсүң
Бүгүндөн калбай жөнөйсүң
Жардыгым жалган болчу эмес,
Жаман киши оңчу эмес.
Өкүмүм экөө болчу эмес,
Өчөшкөн киши оңчу эмес.
Менин жар айтканым жараса
Жакшы болот тамаша,
Бүгүн жамбы аткыла,
Тамашага баткыла,
Кечинде барып жаткыла!
Курсагымды тойгуз деп,
Милдет кылып калгыла!
Айткан кебин угушуп.
Ай далаага чыгышып,
Баары чыкты ээлигип,
Тамашага жээлигип.
Карагайды орнотуп,
Кагып койгон талаага.
Баягыны көргөндө
Ар нерсе бар санаада.
Көкөтөйдүн ашы ушу,
Бокмурундун иши ушу.
Карагайдын башында
Каргадай болгон тетиги
Как ошону атасың,
Тамашага батасың.
Далай күнү ата албай
Как ушу жерде жатасың
Как ошону көргөндө,
Кыйык атчу мергендер,
Тилегин Кудай бергендер,
Карагайдын башында
Салаңдаган тезекти,
Угуп тургун эсепти
Атып жерге түшүрсөң
Кудайдын саа бергени
Эсеби жок мал алып,
Эбин таппай бул алып,
Сен каласың кубанып.
Жамбы аткандын байгеси
Айтып берем мааниси
Кырк кызыл куйрук нар алат.
Кызыл дилде зар алат,
Төөгө дилде жүктөлөт
Кызыл кымкап барча алат.
Кыздан сулуу канча алат,
Эсеби жок мал алат,
Ата албаган куру калат.
Аткан киши муну алат,
Короодон катын дүргүткөн,
Коң карганы үркүткөн,
Копол мерген болбогун,
Кокусунан бирөөгө,
Ок жаңылтып койбогун.
Коркогуңдун баарысы,
Ушу баштан ойлогун!
Ырчыларды ырдатып,
Ушунетип жыргатып,
Бийчилерди бийлетип,
Башаламан сүйлөтүп,
Комузчулар койгулап,
Кулагын өөдө чойгулап,
Кериней үнү папылдап,
Сурунай үнү такылдап,
Мергендери келишип,

Тилегин кудай беришип,
Кыйык атып өтүшүп,
Кыябы менен жетишип.
Он күнү жамбы атышып,
Оюнга минтип батышып,
Ою менен жатышып.
Кеч киргенде келишип
Тамак-ашын жеп ичип.
Тамаша менен таң атып
Күлкү менен күн батып,
Түн киргенде тим жатып.
Эртеси күнү барышып,
Карагайдын түбүнө
Кадимкидей чогулуп.
Он күнү жамбы атты эми,
Бир күндөрү болгондо
Асмандагы жамбыны
Сарала менен жетти эми.
Эр Алмамбет баатырың
Кыя тартып өттү эми,
Алты танап жамбыны
Алмамбетиң атты эми.
Жааны тартып кетти эми,
Жамбынын боосу кыйылды,
Көрбөдүк мындай кыйынды.
Жамбыны жакшы атышып,
А күнү анда жатышып,
Тамашага батышып,
Эртеңки күнү турду эми.
Ар кимиси ар жерден,
Чогулушту тар жерден.
Ырчылар чыкты шакылдап
Сурунай үнү такылдап.
Кериней үнү бапылдап.
Көкөтөйдүн алтын туу,
Айылга болду үлкөн чуу.
Бүгүн ат чабышы болот деп,
Андан кийин тамаша.
Ар кимиси келет деп,
Ташкенте чейин ат кетет
Сынчы сынап кет айтат,
Ат чубасын деп айтат,
Бүгүн сынчы сынап кеп айтат.
Алыстан келген талапкер,
Ат таптаган саяпкер,
Аттарыңды алып кел!
Ат куйругун буугандар,
Алыстан келген туугандар.
Алтын тууну көтөрүп,
Айтып жүрөт ырчылар
Капыр менен мусулман,
Эки тарап тургула!
Бүгүн чоң тамаша көргүлө!
Ат байгеге келгиче.
Так жыйырма күн болот,
Көкөтөйдүн бул ашы.
Ар тарапка дүң болот.
Мындай ишти ким кылат?
Түгөнгүсүз ыр болот,
Аягы кызык чыр болот.
Өйдө карай туу кетип,
Ылдый карап туу кетип,
Ар тараптан аттарын,
Чукул коштоп эл жетип.
Ал аңгыча сынчылар
Сынап карап калды эми.
Бер жагынан Жез кемпир.
Ар жагынан Борончу
Ошол элдин ичинде
Эки сынчы бар болчу.
Жол меники деп айтып,
Жолой баатыр деп айтып.

Ачбууданды аргытып,
Алдына салып жөнөдү,
Туягын жерге мылгытып,
Тумшугун жерге чулгутуп,
Чарадай болгон даңканды
Асманды көздөй ыргытып,
Басыгына көндүрүп,
Шайбырына төндүрүп,
Тикирейген Жез кемпир,
Тиктеп калды эми.
Орустардын Бороон чал,
Ойлоп көзүн салды эми.
Караганы сүмбөдөй,
Жүгүргөнү бүргөдөй.
Төрт аягы болоттой,
Чаткаягы колоттой,
Ушул Ачбуудан алат байгени.
Баш байгени бул алат,
Көргөн адам кубанат.
Байге алганы курусун,
Акыры катар ырысың,
Аяк жагы чыр болот.
Акыр заман болгончо,
Түгөнгүсүз ыр болот.
Анын арка жагынан
Жана келди талаша
Ачбууданга жанаша.
Ага көзүн салды эми,
Абдан карап калды эми.
Тикирейген тиги экөө,
Тиктеп карап турушуп,
Айтып жообун беришип,
Аны сынап көрүшүп,
Бул нардай болгон Оркула
Өзү айбандын зор кула
Муну карап көргүлө,
Жал-куйругу жибектей,
Мурун жагын карасаң,
Суусарга салган үбөктөй,
Ар мүчөсүн карасаң –
Кагаздагы сүрөттөй
Моюндарын карасаң
Сууда жүргөн чүрөктөй
Ар мүчөсү тайгандай,
Азуулары сайгандай.
Ушул алат байгени
Аяк жагы чыр болот,
Далай адам кор болот.
Экөө үчүн эр өлөт.
Нечен сонун эл өлөт.
Кан өлтүрүп туу жыгып
Как ушундай чуу кылып,
Акыр заман иш болот,
Далай адам мыш болот.
Анын кийин соңунда.
Ар нерсе бар оңунда
Жана бирөө келди эми
Алдынан өтө берди эми.
Кашык толор каны жок,
Ооз толор эти жок.
Чала буурул ат экен,
Баягыны көргөндө
Ушунун ээси ит экен.
Арык кылып салыптыр.
Арманда болуп калыптыр.
Байгени алчу ушу экен,
Мунун ээси кандай киши экен.
Кудайдын кылган иши экен.
Ээси жаман киши экен.
Чал куйрук деген ат экен.
Байгени алчу ушу экен.
Арманда болуп бул калды,

Бирдин көзүн бул алды.
Анын кийин соңунан,
Жана бирөө келди эми,
Жандан өтө берди эми.
Экөө көзүн салды эми.
Ошол аттын Көк ала
Эки сынчы караса
Жемдегени жети батман
дан менен
Башында жатып алды эле,
Алтымыш тогуз мал менен.
Темирдиктин тоосунда,
Тегеректин оозунда,
Тейишкандын тоюнда
Чапканы ала шалбырт
жаз менен
Чыгып келген башында,
Ай далаанын түз менен,
Төрттүн артын бул алат,
Аны айтып болгончо
Жана бирөө келди эми.
Тикирейип калды эми.
Тиктеп көзүн салды эми.
Абай кылып караса
Кытайлардын аты экен,
Чок талылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Кытайлардын Тоо кара
Тоодой болгон мал экен.
Буту колу найзадай,
А да күлүк мал экен.
Адегенде алдына
Асыл чыгып калыптыр,
Жуп байгеге келгенде
Үчтүн көтү болуптур,
Үчтүн көтүн бул алат,
Көргөн киши кубанат.
А да өтө бергенде,
Жана бирөө келди эми.
Алиги экөө карашып,
Эрди башын жалашып,
Жаркылдаган көк ала ат,
Келип калды бир замат
Ары бери караса
Айландыра санаса
Алтын наалы жез өкчө
Айдаркандын эр Көкчө
Эр Көкчөнүн Көк ала
Жандап өтө берди эми
Ороңгунун кула бээ –
Өзү күлүк бу да бээ.
Оргу шаргы неме эле
Айгыр атты көргөндө,
Ороңдогон неме эле.
Ээси катын киши эле
Кудайдын салган иши эле
А да келди байгеге
Аралашып келди эле
Эки сынчы карашып,
Айтып турат кеңешип,
Экөө бирдей ургаачы,
Абай кылып ылгачы.
Бара келди бээсине,
Багып жүргөн ээсине
Бештин артын бул алды,
Бээ да болсо кубанды.
Анын кийин соңунда,
Ар деме бар оңунда
Алиги экөө караса –
Багыш кандын Тору ала
Тоодой күлүк мал экен,
Карып калган чагы экен.

Карыса да жаныбар,
Кыябына келиптир,
Кыйып өтө бериптир,
Эки сынчы көрүптүр,
Баракелди атына
Карыса да байгени,
Арасына келди деп,
Алтынын көтүн алды – деп,
Абдан жакшы болду деп.
Аттар өтө берди эми
Дагы бирөө келди эми
Кыйып өтө берди эми.
Абай кылып караса
Кыйык аткан кырк мерген
Минген аты Кылжейрен,
Айткан сөзгө бек бадыл
Кырымдан чыккан Мурадыл.
Мунун аты жээрде,
Анын айлы не жерде?
Күн чыгыштын тарабы
Коңурбайдын адамы.
Как ошонун аты экен,
А да күлүк ит экен,
Жетинин артын бул алды,
Көргөн адам кубанды.
Анын кийин соңунда
Жана бирөө келди эми,
Жандап өтө берди эми,
Аны сынап көрдү эми,
Кан Кошойдун Сары аты,
Жандап өтүп барады.
Эки сынчы карады,
Жер түбүнө бактырган,
Жерден аштоо887 кактырган,
Арпа, кишмиш жем берген,
Азирет Аалы шаймерден,
Башында буга дем берген.
Эр Кошойдун Сары кашка,
Күлүктүгү бир башка.
Сегиз аттын артынан.
Бу да келди талаша.
Бая жээрде атка жанаша
А дакелди талаша
Кыйып өтө берди эми
Аркасынан бир күлүк
Жана кирип келди эми,
Кебилдин тоосун жайлаган
Кер төбөлүн байлаган
Кер Көкүлдүн аты экен.
А да кирип келди эми,
Абдан сынап көрдү эми.
Ар мүчөсү тайгандай,
Азуулары сайгандай,
Кандай айтсаң ар кандай,
Кыраңга көчүп жайлаган,
Кындыйтып жүрүп байлаган
Белеске көчүп жайлаган,
Белсенте мурда байлаган.
Эр Көкүлдүн аты экен.
Тогуздун артын бул алды.
Ал аңгыча болбоду,
Тогуз атка толгону,
Арт жагынан карасаң
Токсон түрдүү ат келди,
Тобу менен келди эми
Тополоң түшүп калды эми.
Сынчылардын баарысы
Көзү жетпей калды эми.
Аттын баарын карасаң
Ары-бери дүргүтүп,
Ары-бери жүгүртүп,
Бир тарабы мусулман,

Бир тарабы капырдан
Маңдай-тескей жарданып,
Ырчы жүрөт ырданып.
Бирин-бири макташып,
Атын жакшы тапташып
Өң жакшылар кеңешип,
Бир дөбөгө келишип,
Кеңеш кылып турду эми.
Коңурбай бар Кашында
Манас турат астында
Көк дөбөнүн башына
Көңкү дөөлөр чогулуп,
Кайсы күнү тарасын,
Убада кылып салалы,
Бата кылып алалы!
«Баарың муну уккун» – деп,
Манас айтты мындай кеп.
Коңурбайга кеп айтып,
«Э, Коң төрө, – деп айтып,
Кытайдан чыккан сен элең,
Кылымды билген эр элең,
Жол сеники деп айтып,
Жооп бер» – деп, кеп айтып.
Анда Коңур деп айтып,
«Баатыр чыктың башынан,
Атка миндиң жашыңан.
Аш берген киши сен элең,
Айлыңа келген мен элем.
Той берген киши сен элең
Тобуңа келген мен элем
Өзүң билип кебиңди айт!
Жат десең мен жатамын,
Жайы-кышы талыкбайм
Тамак-ашың бул болсо,
Талыкбаган кул болсоң,
Эт кымызың бул болсо,
Эрикбеген кул болсоң,
Эки жыл да жатамын.
Кет дегенде кетемин,
Кайт дегенде кайтамын,
Кантип сага айтамын,
Кырк миң түрдүү кул консо,
Кырк кишиче болбосо,
Кылган ишиң бул болсо,
Уялбай кантип айтабыз,
Алты миң түрдүү эл консо,
Аш ичкенче болбосо,
Арбырагың бул болсо.
Кайт дегенде кайтабыз,
Кантип бийлеп айтабыз
Атка убал болбосун,
Өзүң айтып бийлегин,
Баасын кесип сүйлөгүн!
Мен кебимди айттым жарыя,
Элиңде бар карыя,
Кеңешип келип кебиңди айт!
Келе турган күнүн айт!
Ат келгенде тарайбыз,
Ат келгенче жатабыз,
Тамашага батабыз,
Анан кийин кетебиз.»
«Эмесе макул, куп – деди,
Мөөрүңдү бер деди.
Молдоң чыгып кел деди,
Мусулман чыгып бөлүнүп,
Бир топ болуп көрүнүп,
Ичинде Кошой карысы,
Ийиги жакшы баарысы,
Имериле калды эми.
Эр Кошойго кеп айтып.
Эй абаке деп айтып,
Ак сакалдуу жан элең.

Касиеттүү кан элең.
Кана аттын келишин
Болжол кылып бергиниң!»
Ошондо Кошой шылкыйып
Ойлоп турду кылкыйып,
Ошол элдин ичинде.
Колунда бар дүрбүсү
Кыргыздардын Үрбүсү
Шакылдаган уул экен,
Өзү чечен кул экен.
Кара сакал кызыл көз,
Калк ичинде ширин сөз.
Ыргып турду Үрбүсү,
Чоң жомоктун үлгүсү,
Кечээ күнү айта албай,
Элдин келген күлкүсү.
Дагы тура калды эми.
Дагы айтып салды эми.
Батыра чаап баш алган,
Баатыр элең, эр Манас!
Өткөрө чаап өт алган,
Өткүр элең, сен Манас,
Жериң жайык кең Талас.
Мен бийлеген кеп болсо,
Баатыр сага эп болсо,
Алты күнү ат барсын,
Аялдабай бат барсын,
Барган жерге түнөсүн,
Жети-сегиз күн өтсүн,
Ошол жаткан жердей жөнөсүн.
Күнү-түнү чабышып,
Келе берсин жарышып,
Арада киши болбосун!
Акырайып алды эми,
Чакырайып Үрбүгө
Манас көзүн салды эми.
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган
Каарын катуу салды эми,
Камчыны кармай калды эми.
Эр Үрбүгө бет алып,
Ордунан тура калды эми.
Оролто келип Үрбүгө,
Как чокуга салды эми.
Алты күндө ат келип,
Ашың тарап кеткидей,
Ойнуң беле Көкөтөй,
Төгүн беле ушул иш.
Тамашанын баарысы
Как талаада калбайбы?
Алты күндө ат келсе,
Ашың тарап калбайбы!»
Куруп калган Үрбүнүн
Башына камчы чабылып,
Чечeнсинип отуруп,
Ушул жолдо жаңылып.
Жаагынан каны тамчылап,
Кабылан Манас көкжалың
Кара жерди камчылап,
«Ата, Кудай сени алсачы!
Мындан көрө өлсөңчү!
Алты күндө ат келсе
Арманда болуп калбайбы,
Ушул элдин баарысы
Ушак-айың кылбайбы,
Кудай сени урбайбы.
Орус, кытай көрдүңбү,
Араң эле турбайбы!
Он беш күнү ат келсин!
Кен Ташкендин жерине,
Амир Темир элине
Эл четине барганда

Бир коргонго камасын,
Эс алып аттар түнөсүн!
Эртеси күнү болгондо
Бери карай жөнөсүн!
Анан күлүгүн шондо көрөсүң
Күнү-түнү жөнөсүң.
Ат чабуучу балдардын
Канжыгага келтирип,
Суусундарын байласын!
Беш,алты жүз ат болду,
Бирден киши жөнөсүн,
Бир айдан кийин аттардын
Күлүгүн шондо көрөсүң.
Ар кайсы жерден күтүшүп,
Суусундарын жутушуп,
Анан жөнөй беришсин,
Анан күлүгү чыгып келишсин!
Жаагы айрылып эр Үрбү,
Жаман ишти ойлонуп,
Кыябына келсе деп,
Кызыталак сени деп,
Кыйыктанып калды эми.
Ошол көптүн ичинде,
Көңүлү жаман калды эми.
Шагы жаман,сынды эми.
Дөөнүн баары ойлонуп,
Өз ичинде тынды эми.
Күбүр-шыбыр кеп болуп
Үрбүнүкү эп болуп
Молдолору келишип
Мөөрүн алып беришип,
Ак кагазга жазышып,
Капыр менен мусулман,
Мөөрлөрүн басышып,
Бир ай болду деп айтып,
Бир-бирине кеп айтып.
Ат чалучу балдарга
Бачайы кемсел кийгизип
Байлыгын минтип билгизип,
Байдасын минтип тийгизип.
Ат айдоочу каркылдап,
Аттарды айдап баркылдап,
Кашкак жыгач алышып,
Карсылдаша кирди эми.
Алтымыш желдет ат айдап,
Аялдабай бат айдап,
Чаң асманга буркурап,
Чакчелекей жөнөдү.
Ат жөнөтүп салды эми
Капыр менен мусулман,
Эки жаак болушуп,
Эсеби жок көрүнүп,
Ортосуна ор казып,
Терең казып салды эми
Темир казык какты эми.
Тегеректеп жатты эми
Атан төөнү жетелеп,
Ортосуна байлады,
Тоңкоюп чечип алганың
Ушу төөнү аласың.
Жана ушундай он тогуз
Токсон төө аласың.
Мөөсүлүмдү бөлгүн деп,
Тамашамды көргүн деп.
Жыпжылаңач бир киши
Басып келип чечет деп,
Жетелеп алып кетет деп
Аял болсун ал киши,
Уяты жок келүчү
Уялбай чечип алучу.
Жыпжылаңач баруучу,
Тамаша мындай болуучу.

Ошол элдин ичинде
Оронгу деген бир катын,
Өзү долу неме экен.
Уяты жок кем экен.
Жалпы киймин чечти эми.
Жакын басып келди эми.
Буту колу тарбайып,
Жыпжылаңач дарадайып,
Уяты бар адамдар,
Ыраак качып дырылдап,
Ыйманы үркүп зырылдап.
Кээси жакын барышып,
Жаман жерди көрүшүп,
Алаканды бир салып
Каткырыктап күлүшүп,
Таракташып желишип,
Тыбырчылап күлүшүп,
А күнү кайра тарашып,
Үй, үйүнө барышып
Түндө жомок айтышып,
Күндүз тамашаны көрүшүп.
А күнү антип конду эми,
Эртеси күн болгондо,
Күн обого келгенде
Тамак-ашка тойгондо,
Кериней үнү папылдап,
Сурунай үнү такылдап,
Ырчы ырдап шакылдап
Түркүн-түркүн эл болуп
Түмөн-түмөн кол болуп
Тегеректеп эл келди.
Ошондо Манас кеп айтып.
«Э, калайык – деп айтып,
Эки балбан күрөшөт
Омуроосун тирешет.»
Капырларга карата
Ажыбайды жиберди.
«Балбаныңды шайлагын,
Белин бууп камдагын.
Оң капырдан бир киши
Ушу болот жумушу
Жыкса мөрөй алуучу,
Жыгылса куру калуучу.»
Ажыбай ырдап какылдап,
Айтып жүрөт шакылдап.
«Тоо текенин терисин
Чалбар кылып алгандар
Тобокелге салгандар
Топ жыйылган жеринде.
Ошого чыккан балбандар,
Коркокторуң бекингин!
Көкөтөйдүн ашы бар,
Кеп чогулган башы бар,
Баарыңар кулак салыңар.
Таамай бир миң жылкы бар.
Ушул айтканды угуңар.
Жыккан киши алуучу,
Жыгылган киши калуучу,
Жана түрдүү байге бар.
Он короодо кою бар,
Ошону алчу ою бар.
Кыркча кызыл нары бар,
Кырка килем жаптырган,
Коңгуроосун тактырган,
Манаттап окто каттырган.
Кызыл куйрук кара лөк,
Андан бөлөк дагы көп,
Атка арткан дилде бар,
Айтканымды билип ал!
Балбандарың чыгып кал!
Бул айтканым угуп кал!
Адегенде барды эми.

Ак сакалы Эзкара
Ага барып айтты эми.
Андан мындай жүрдү эми
Кытайлардын бектерге,
Нече мерте эрлерге,
Ат көтөргүс дөөлөргө
Менменсиген жөөлөргө,
Айтып жүрөт ар жерде
Кытайлардын кашына,
Калмактардын астына
Аралап кирип барды эми
Баарысын айтып берди эми
Андан өтүп барды эми
Орустун журтун аралап
Көк темирди орончу
Чоктуу кара сен элең
Капырда болсоң өзүңө
Айтып турам сөзүмү,
Касиеттүү киши элең,
Балбаның болсо чечингин,
Коркогуң болсо бекингин
Жыксаң байге аласың,
Жыгылсаң куру каласың
Оозу мурдуң чаң болуп,
Уят болуп каласың!
Ушунетип дүргүтүп,
Балбандарын мүргүтүп,
Аралап кабар салды эми
Кызылбаштын элине
Кырка турган жерине
Боо да келди кыдырып,
Сакалаттын Сары дөө,
Кызыл баштын баары жоо,
Кегубатка кеп айтып,
Уккун муну деп айтып,
Мусулманга келгенде
Аттын оозун бурду эми,
Абай кылып турду эми.
Ал аңгыча болбоду,
Капырлардын баарысы
Чогулушуп алышты,
Коңур төрө астына,
Эзкаранын кашына
Баары келди жыйылып,
Коңурбайга сыйынып.
«Кан Коңурбай» – деп айтып,
«Кана кайсы чыгат?» – деп айтып,
Камалышып турду эми,
Коңурбай айтып берди эми.
Ат көтөргүс кан элең
Токсон бука сойсо да
Тойбой калчу сен элең,
Бээжинден чыккан эр элең.
Бели катуу сен элең.
Сен кандайсың балбанга,
Чыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга.
Ары четиң чоң Бээжин,
Тыякы четиң кең Кашкар,
Жеркен Котон жердеген,
Намызын колдон бербеген,
Үрүмчү сенин айылың,
Ушундай айтам дайының.
Үрүмчү Манас жердеген
Намысын колдон бербеген
Үшү кетер көргөндүн
Сен чыкбасаң ким чыгат?
Кан Жолойдун астына
Баары келди чогулуп,
Жолой сындуу калмакка,
Жыкса мөрөй алмакка.
Жыйылышты кашына.

Эр Жолойдун астына.
«Мына балбан чыкты – деп,
Баарың бирдей уккун» – деп,
Ары-бери жетелеп,
Капыр менен мусулман
Кайнап турган жерине
Как ушу деп көрсөтүп
«Бүгүн мында конгула!
Таң аткыча кеңешип,
Бирөөң даяр болгула!»
Бүгүн кош кошуна консун деп
Тамак-ашка тойсун деп,
Эртең менен болгондо,
Күн обого келгенде,
Тамаша шондо болсун деп.
Жай-жайына тарашып,
Көтөргөн үйгө барышып,
Кадимкидей конушуп,
Оң капырлар чогулуп,
Манаска кабар салды эми,
Балбанга тамак берсин деп,
Баатырга айтып калды эми.
Жүз кара нан бүтүн жейт,
Токсон бука этин жейт,
Ошондо Жолой тоюнат.»
Ошонетип Манаска
Айтып кабар салды эми,
«Макул болот, куп – деди.
Ушу сөздү эп» – деди.
Ал аңгыча болгончо,
Ары-бери чаптырып,
Айткан нанын таптырып,
Санап туруп жүз кылып,
Арабага салдырып,
Алып келип бергени,
Токсон бука мөңкүтүп,
Айза менен койгулап,
Айдап келип жөнкүтүп,
Алдына салып турду эми.
Ондон, бештен алышып,
Букаларга чалышып,
Ошо жерде сойдуруп,
Кемегени каздырып,
Кырк кулактуу миз казан,
Алып келип астырып,
Таң атканча бышырып,
Эртең менен үшкүрүп,
Эр Жолойдун астына
Алып келип койду эми.
Аябастан тойду эми.
Сорпосуна нан салып,
Аны дагы ойду эми,
Аябай жеп тойду эми.
Токсон бука этинен
Жалгыз шыйрак арттырбай,
Баарын жеди, тойду эми.
Жүз каранын баарысын
Сорпосуна чыктады,
Жолой тоюп мыктады.
Так ошону көргөндө,
Дин мусулман пенденин
Баары коркуп ыктады.
А күнү анда конду эми,
Кош-кошуна келди эми.
Эртең менен болгондо,
Кериней үнү бапылдап,
Сурунай үнү такылдап,
Ырчы ырдап какылдап,
Күн обого келгенде,
Көтөрүлүп алганда,
Көрбөгөн жан арманда
Төрт тараптан эл келип,

Тегеректеп мол келип.
Ар бир четин карасаң,
Ат чабуучу жер болуп,
Чогулгандын баарысы
Мыктысынган эр болуп,
Караламан букара
Караса көзгө илинбейт,
Канча экени билинбейт.
Жерден чыккан чөп болуп,
Чөптөн дагы көп болуп.
Кан Жолойду жетелеп,
Ортосуна келиптир,
Алтын кымкап чүмкөнүп,
Башы-көзүн бүркөтүп.
Орто жерге келтирип,
Жолой келди олтуруп.
Эр Жолойду караса,
Чоңдугу тоонун чокудай
Эмчегинин тогурчук
Сомдоп койгон сокудай
Таноолорун карасаң
Түбү түшкөн челектей
Таманынын жалкыны,
Сомдоп койгон күрөктөй.
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Чачы көлдүн күдүрдөй,
Сакалын алып коюптур,
Өрттөп койгон дүмүрдөй.
Булчуңу буура санындай,
Муруту балта сабындай.
Мурундарын карасаң,
Селебенин калындай,
Чокусунда айдары
Чоң айгырдын жалындай,
Атанын сонун жан бол ай?!
Мусулмандар ыктады
Каршы киши чыкбады
Кошоюна корголоп,
Көздүн жашы шорголоп,
Кандай киши баруучу,
Кантип чыдап туруучу.
Өлөм деген барбаса
Өзгө киши баргысыз.
Жандан кечкен барбаса,
Жакын киши тургусуз.
Ал аңгыча Алмамбет
Ажыбай экөө аттанып,
Айтар кебин жатка алып,
Ак сакалы Багышка
Алдына келип кеп айтып,
«Э,Багыш кан, абаке,
Акыл-эсиң канаке?
Айла тапчу мынаке,
Тоо текенин терисин
Чалбар кылып алчу элең.
Тобокелге салчу элең
Менменсиген бектерди
Таманыңа салчу элең,
Сен кандайсың балбанга?
Жыксаң мөрөй алганга
Жыгылсаң куру калганга!
Анда Багыш кеп айтат,
«Ата балам, Алмамбет,
Ал эмине деген кеп?
Карыганда өзүмдү,
Кашайтбагын көзүмдү,
Кантип айттың сөзүңдү?!
Сексен жашка барганда
Кудай сүйүп карганда,
Сакалымдын агында
Сапар кетер чагымда

Бейил-кунум агында,
Меке кетер чагымда,
Маңдай терим бырышып,
Бары-жогум тырышып,
Мына ушунтип калганда
Кантип барам балбанга?
Багыш курган абышка
Андан өттү Агышка
Кубатендин уулу элең
Кутура чыккан кул элең
Болот элең кетилдиң
Быйыл болуп жетилдиң
Сен кандайсың балбанга?
Жыксаң мөрөй аланга,
Жыгылсаң куру калганга!»
«Андай болсо, Алмамбет,
Кааласаңар барам – деп,
Ак салганын көрөм деп,
Ажал жетсе өлөм – деп,
Айтып сөзүн белендеп,
Тура калды элеңдеп.
Аны көрүп арытан
Айкөл Манас кеп айтып,
Кой, Алмамбет, деп айтып.
Чыканактай бала экен,
Шыпылдаган жан экен.
Колун сууруп албасын,
Кокус майып кылбасын.
Кой, Алмамбет, ошону,
Андан өтүп алды эми,
Ажыбай менен Алмамбет
Ырдап кирип барды эми.
Эштектердин Жамгырчы,
Элдин баарын кыдырып,
Экөө келди кашына,
Жамгырчынын астына.
Сен да кең Кашкарды жердеген,
Намызын колдон бербеген,
Опол-Тоону түптөгөн,
Олуяны бүктөгөн,
Кашкар тоону түптөгөн,
Карыяны бүктөгөн.
Карышкырдай эр элең.
Кара кулак шер элең,
Сен кандайсың балбанга?
Жыксаң мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга?
Айланайын Ажыбай
Антип мени алжыбай.
Көп сүйлөйсүң кажыбай,
Жолобоймун капырга,
Чоң жорудай баатырга!
Андан өтүп Алмамбет,
Айтты бүгүн далай кеп,
Эки Кемин жайлаган
Эки кара ат байлаган
Колунда бар дүрбүсү,
Кыргыздардын Үрбүсү.
Кара сакал, кызыл көз.
Калк ичинде ширин сөз,
Сен кандайсың балбанга?
Үрбү чыкты какылдап,
Уруша кетти шакылдап,
Жолой өңдүү баатырга.
Жондо турган капырга,
Жолобоймун Жолойго,
Колу кандуу капырга,
Жолой сындуу баатырга.
Андан өтүп алды эми,
Ажыбай менен Алмамбет,
Далай дөөгө айтты кеп.
«Сары Арканы жайлаган,

Сан жылкыны айдаган,
Алтын наал жез өкчө,
Айдаркандын эр Көкчө,
Көйрөң элең өзгөчө,
Сен кандайсың бармакка?
Жолой сынды калмакка,
Жыксаң мөрөй алмакка,
Жыгылсаң куру калмакка?
Айлың бирге аралаш
Бир-бириңе каралаш.
Коюң бирге короолош,
Арак, бозоң жороолош,
Аштыгың бирге ороолош,
Кулун тайың жиргелеш.
Үйүң бирге ирегелеш,
Чыгар жаның биргелеш.
Сен кандайсың балбанга?
Чыгып мөрөй алганга
Жыгылсаң куру калганга?»
«Жолобоймун Жолойго,
Жолу жаман капырга,
Жолой сынды баатырга».
Андан өтүп алды эми.
Да бир дөөгө барды эми
Тогуз уулдун кенжеси
Кудайдын сүйгөн пендеси,
Эламандын эркеси.
Сары-Бел деген белиң бар,
Сарбан деген кулуң бар,
Кан Жолойдо кунуң бар.
Эламандын эр Төштүк
Бул айтканым угуп ал!
Чалкуйруктай атың бар,
Адамдан башка затың бар,
Балбандыгың дагы бар.
Чыкбай калды мусулман,
Дүнүйөбүз кысылган.
Сен барбасаң ким барат,
Эми кандай кылабыз?
Дин мусулман бендеден
Кайрат кылчу сен элең.
Сен барбасаң ким барат,
Намызды биздин ким алат,
Кечээ күнү жан чыкбай,
Бүгүн кечке да чыкбай,
Эч ким турат унчукбай.»
Ыргып турду шымданып
Тура калды камданып.
Жолойду көрүп шаңданып,
Ошондо Төштүк кеп айтып,
«Бар десеңер барайын,
Намыз үчүн турайын.
Бир Алладан сурайын,
Жер алдына түшкөнүм,
Жети-сегиз жыл болду
Көргөн күнүм бул болду.
Жети башты Желмогуз
Так ошого кул болдум,
Минген атым куш болду,
Бүгүн элге туш болдум.
Кашык толор каным жок,
Ооз толоор этим жок.
Бар десеңер барайын
Ак жазганым көрөйүн,
Ажал жетсе өлөйүн,
Андай болсо жөнөйүн» –
Деп ушунтип турду эми.
Желип жортуп келди эми.
Манас жетип турду эми.
Эр Төштүктү көрдү эми.
Кабыргасы каркайып,
Каруу кеткен кези экен.

Омурткасы оркоюп.
Арык болуп койкоюп,
Турган экен болкоюп.
Ошондо Манас кеп айтып,
«Койгун, Тѳштүк, – деп айтып.
Арык болуп катыпсың,
Жер алдына батыпсың,
Жети жылы жатыпсың
Сен арыктап атыпсың,
Азыр кое тургун, – деп,
Жан чыкбаса барарсың
Бир беттешип аларсың.
Азыр мында кала тур!
Андан ѳтүп алышып,
Алиги экѳѳ жарышып,
Сакалаттуу Сары дѳѳ,
Ошол элдин баары жѳѳ,
Салам бере турду эми.
Сен кандайсың бармакка
Сыйына бер арбакка!
Сары дѳѳсү кеп айтып,
Ыргып турду кеп айтып,
Капыр менен мусулман,
Дин талашып бузулган,
Мен кызылбаштан боломун,
Кантип ага барамын,
Жолой капыр, мен капыр
Экѳѳбүз бирдей тең капыр,
Уялбай айттың сѳзүңдү,
Ачып кара кѳзүңдү!
Кантип барам уялбай,
Кан Жолойду кыялбайм
Барган жерден билбейби,
Ачууланып тилдейби,
Мусулмандан келбесе,
Буту-колун жулбайбы,
Бѳѳдѳ ѳлтүрүп салбайбы!»
Айтса айтпаса тѳгүнбү,
Андан кайтты шылкыйып,
Кошойго келди кылтыйып.
Кошой менен Айкожо,
Экѳѳ турат ошондо.
Энди Манас кеп айтты:
«Кол бергеним сен элең,
Башында селдең казандай,
Муунум кетип баса албай,
Айланайын Айкожо,
Китебиңди жай кожо,
Бүгүн Жолой балбанга,
Тобокелге салганга
Мен барайын ошого,
Айтсаң боло Кошойго!
Эртең да бир касап бар
Сайыш деген азан бар
Бүгүн ат минбеген жоолор бар,
Эртең Коңурбай деген дѳѳлѳр бар.
Жѳѳгѳ жайым жок эле,
Ат минишип келгенде
Кѳңүлүм артык тоң эле.
Бүгүн тарагын журтум,
деп айтып,
Эртең Кошой чыгат деп,
кеп айтып.
Как ушунтип элге айтты,
Ошо күнү тим жатты,
Эртең менен таң атты.
Керинейин тартышып,
Ырчылары ырдашып,
Дагы чыккын балбанга,
Эл камалып калганда.
Намыз кетет эми деп,
Э, мусулман сүйлѳ» – деп,

Манас айтты баарыга.
Анда Кошой камданып,
Ошо жерде турду эми,
Көйнөктөрүн шымданып.
Кара боюн чечинип,
Муундары карсылдап,
Карган Кошой каркылдап.
Ар мүчөсү калчылдап.
Карысам да барайын
Бир кармашып көрөйүң,
Ажал жетсе өлөйүң!
Өчүгүшкөн кул эле,
Үйрөнүшкөн уул эле,
Бата бергин баарыңар!
Айкожодой карыңар!
Токсон койдун териси
Томугунан тон болгон,
Тоорулга барса жол болгон,
Капыр менен мусулман
Ортосунда чоң болгон.
Карган Кошой кеп айтты,
Э, калайык деп айтты,
Урумдан чыккан уландар,
Кырымдан чыккан кыраандар.
Алтын наалы жез өкчө,
Айдаркандын эр Көкчө,
Кең багалек сары шым,
Аргын, казак баарысын
Аралап жүрүп кыз алган.
Эр Көкчөнүн айымы,
Акыреттик зайыбы.
Акеркеч жакшы киши эле,
Кеп айтайын баарыңа,
Жашың эмес карыңа.
Менин кийген шымым карачы!
Тогуз торпок териси
Ойлоп кылган кандагай,
Кийип жүрсө шамдагай,
Жолу каткан Жолойго
Барып турсам бул кандай?
Тигишине карасаң,
Ыдырата тартпасын,
Ычкырым үзүп албасын!
Ушул элдин ичинде
Уят кылып салбасын!
Булчуңу буура санындай,
Муруту балта сабындай,
Муну менен уялбай
Басып барсам бул кандай?
Үч күндөн бери күчөдү,
Кан Жолойду карасам,
Отуз жети мүчөлү,
Буга кантип барайын?
Тобокелге салайын,
Шымды тыңдап бергиле
Тамашаны көргүлө!
Тобокелге салайын,
Тооруй тартып барайын.
Ушуну айтып эр Кошой
Турган экен ошондо,
Ак сакалын таранып,
Арты кийин каранып,
Сүлөөсүн ичик жамынып,
Күрөшүүгө камынып.
Бөлөк киймин чечти эми
Чымын жандан кечти эми.
Шымын барып көрүшүп,
Дөөнүн баары чогулуп,
Абай кылып караса,
Калдыраган жаргагы,
Кокус кирсе бармагы,
Абийри ачылып,

Арам өлүм болот го,
Ошону айтып көкжалың
Көзүнөн чыгып от жалын,
Алмамбеттин чалбарын,
Чечип алып камдагын!
Ал аңгыча Алмамбет
А дедирбей чечти эми,
Жандан Алмаң кечти эми
Эр Кошойдун алдына
Алып келип берди эми,
Элдин баары жалдырап,
Кошойдун шымы калдырап.
Алмамбеттин сары шым,
Алып келип кийгизди,
Аягын жерге тийгизди
Багалеги батбады
Керип-чоюп отуруп,
Араң жатып ошондо,
Жамбашына жеткени
Багалегин тилди эми,
Баатыр Кошой абаңдын
Балбандыгын билди эми
Акылды минтип тартты эми
Араң жатып эр Кошой,
Абийирин жапты эми.
Тизесине жеткирип,
Белин бекем байлады,
Күрөшүүгө шайланды,
Эми балбандыкка кийүүгө,
Баатыр Жолой балбанга,
Маңдайлашып кирүүгө,
Айтканымды аңдагын,
Ылайыктуу шымыңды,
Алып келип камдагын!
Эр Көкчөнүн сары шым,
Аны чечип алды эми,
Баатырлардын барысы,
Тегеректеп барды эми.
Эр Кошойду көрдү эми.
Ар кимиси бир шымды
Алып келип турду эми,
Адегенде Көкчөнүн
Сары шымын көрдү эми,
Багалеги баары алтын,
Тула бою сары алтын.
Так өзүнө баптаган,
Аны алып, эр Кошой
Ары-бери чойду эми
Оң бутуна салды эми,
Кийейин деп караса,
Санына жетпей калды эми.
Шымың менен кургун деп,
Ушул элдин ичинде
Шылдың болуп турдум деп,
Шымын кайра ыргытып.
Төмөн этек зайыптын
Төрөсү эле дечү элең,
Башка жоолук салгандын,
Башаасы эле дечү элең,
Ак элечек зайыптын
Артыгы эле дечү элең,
Ушубу сенин шымың деп,
Эми кетти сының деп,
Тегеренип эр Кошой,
Тетири карап калды эми,
Жана бирөө келди эми,
Чечип шымын берди эми,
Бирде бирөө батпады,
Багалеги өтпөдү,
Ошо дөөнүн баарысы,
Баары бирдей шым чечип,
Эр Кошойго берди эми

Баатыр Кошой кеп айтып,
«Балам, Манас деп айтып,
Жортуп-жортуп койбодуң,
Жоо малына тойбодуң,
Алып-алып койбодуң,
Арам малга тойбодуң
Кана мүйүз чыкканы,
Кай жериңе жукканы.
Орустун акын көп жедиң,
О, дүйнөнү билбедиң.
Адамдын акын көп жедиң,
Акыретти билбедиң
Дубана келсе турбадың,
Туруп салам бербедиң,
Кожо келсе копподуң,
Кооп салам кылбадың,
Болбой ичтиң бозону,
Боздотуп урдуң кожону,
Коркпой урдуң молдону,
Кылып өттүң ошону,
Кана мүйүз чыкканы,
Кай жериңе жукканы?
Ушу жашка чыкканы.
Киши ордуна көрбөдүң.
Кийим арнап бербедиң.
Каныкейим мыкты деп,
Ууча элден чыкты деп,
Немине үчүн мактадың?
Эл чогулуп келгенде
Бир чалбарды таппайсың.
Кудай кылды нетейин,
Куур шымым канакей
Ошону кийип кетейин!»
Ошону айтып карпаңдап,
Кошой турду тарпаңдап,
Баягыны көргөндө,
Баатыр Манас көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын,
Адегенде бозоруп,
Андан кийин томсоруп,
Аягында кызарып,
Төрт кубулуп калды эми.
«Айтса айтпаса төгүнбү,
Абамдын сөзү тегинби?»
Ажыбайга кеп айтып,
Кайда кеттиң деп айтып,
Каныкейдин кандагай,
Жоого кийсе шамдагай,
Айтып берсең ар кандай,
Сары шымың кайда деп,
Тапкын Ажым аны деп,
Үйдө болсо алып кел!
Кошто болсо билип кел!
Как ошону алып кел!
Ажыбай элден чыкты эми,
Өз мингени Күрөңат,
Бастырып келди бир замат,
Көрпөчөсүн көтөрүп,
Басмайылын бошотуп,
Көпчүгүнүн үстүнөн,
Көрпөчөнүн астынан,
Көтөрүп ала жүгүрүп,
Бат эле келди күйүгүп,
Көргөн жерде сүйүнүп.
Ажыбай келди күлмөңдөп,
Шымын алып жылмаңдап.
Ортосуна койду эми,
Багелегин чойду эми,
Чоюп туруп карасаң
Жүлүн болуп чоюлган,
Кое берип жиберсе
Шили болуп жыйылган.

Адамдын көзүн тайдырган,
Абайлап көзүн салганда
Аяталы дубасын
Арасына сайдырган.
Абдан карап отурса,
Акылына толтурса,
Жазып койгон каты бар,
Кошой менен Манастын
Кошо сайган аты бар.
Даңдуң баштын тоо теке.
Сап мергенин жыйдырып,
Тандап атып кырдырып.
Анжыянга бардырып,
Алма кагын алдырып,
Малмасына малдырып,
Жай-кышы жаткырып,
Жез челекке катырып,
Кийгендерди жыргатып,
Жез челектин ичине,
Жети ай салып кургатып.
Жаанын огу жадаган,
Анча-мынча жерине
Алтын менен кадаган.
Ишмечилер иштеген,
Алмамбеттин Арууке,
Жайы-кышы тиштеген.
Отко салса чок өтпөйт,
Мылтык атса ок өтпөйт,
Отко салсаң чок өтпөйт.
Айза сайса тешбеген
Кылыч салса кеспеген
Машанын оозу батпаган
Чиркейдин уусу жетпеген
Жылан чакса кирбеген
Баягыны көргөндө,
Элдин баары сүрдөгөн,
Баракелде шымыңа!
Ушул элдин ичинде
Ургаачынын тыңына!
Баары бирдей таңдашып,
Карап көзүн салды эми.
Как ошондо Ажыбай
Кан Кошойдун алдына,
Алып келди алжыбай.
«Алдың мына шымды деп,
Эми көөнүң тынды» – деп,
Ажыбай келип таштады,
Абаң Кошой колго алып,
Оң бутуна бул салып,
Оодарып карап көз салып,
Дагы батпай калды эми,
Кудай уруп салды эми.
Быягына бир салып,
Тыягына бир салып,
Кошой колго алды эми.
Шымы батпай калган соң,
Кокуй, балам, кантесиң,
Эми кандай кылчубуз?
Ишенгеним сен болсоң,
Дин мусулман бендеден,
Биринин шымы батбаса,
Эми кандай кылчубуз?!
Тимеле басып кетейин,
Жылаңач басып кетейин,
Жылас болсунбу дүйнө!
Кабыргасы кыртылдап,
Муундары шылкылдап,
Баягыны көргөндө,
Манастын ачуу келди эми,
«Каныкей саа кылбасам,
Ушул топтун ичинде,
Уят кылды мени деп.

Каныкей сенден бербесем,
Бармагыңды кеспесем.
Кементайды кийгизип,
Кер байталды мингизип,
Темиркандын төрүнө,
Бүгүндөн баштап киргизии.
Иштүүсүнгөн долунун,
Оң бармагын кеспесем,
Бүгүн талак кылбасам,
Темиркандын колуна
Бүгүндөн баштап салбасам!»
Каарын катуу салды эми,
Капаланып алды эми.
Ал аңгыча Ажыбай,
Алмамбет экөө шыкаалап.
Ар кайсы жерин көрдү эми,
Жылан боор бүктүрүп,
Жымырайта тиктирип.
Качан керек болгондо.
Как ошондо көрөр деп,
Касиетин билер деп,
Карап окуп киер деп,
Бир жеринде каты бар,
Бүктөп койгон аты бар.
Желим менен чептеген,
Чыраш менен эптеген,
Ак элечек адамдан
Ага киши жетпеген.
Төмөн этек зайыптын
Төрөсү элең башында
Башка жоолук салгандын,
Башаасы элең башында.
Ортосуна салышып.
Окуп көрүп алышып,
Сууну ууртап бүркүшүп,
Желимдерин эритип,
Тегерете көрүшүп,
Бүгүлгөнүн жазды эми,
Желимин тартып ачты эми.
Абай кылып караса,
Кашаты кетти калдайып,
Багалеги балбырап,
Аяк-башы тең келди,
Абакеңе кең келди.
Кошой колго алды эми,
Оң бутуна салды эми,
Кашаты белге жетти эми,
Узарып чыгып кетти эми.
Мындай чоюп караса,
Жүлүн болуп чоюлган,
Кое берип жиберсе.
Шили болуп жыйылган,
Абакеңиз эр Кошой,
Алдага чындап сыйынган,
Душманын алыс кууганда,
Катыны эркек тууганда,
Карган Кошой сүйүндү,
Сакалдары сайылып.
Буту-колу жайылып,
Эки колу чоюлуп,
Эки көзү коюлуп,
Кошой турду сүйүнүп,
Бир Кудайга сыйынып.
Кудай берет экен деп,
Баятадан Манасты
Ачууландым бекер деп,
Ак сакалы сарбайып,
Абакеңиз тарбайып,
Ары-бери басты эми.
Багалеги сүйрөлүп,
Бармагына илинип,
Каныкейдин касиет.

Как ушу жерде билинип,
Баракелде шымыңа!
Балам келин тыңыңа!
Ошондо Кошой кеп айтып.
Төмөн этек зайыптын
Төрөсү эле деп айтып,
Канкорум Манас баламдын,
Жоросу элең деп айтып.
Адам айтар неме эмес,
Аялдыгы болбосо,
Акылы сенден кем эмес,
Бул Алданын кылган иши эле,
Аты ургаачы болбосо,
Сенден артыгыраак киши эле.
Эми кийдим мунуңду,
Жедим эле кунумду.
Мен Жолойго барармын,
Кудай берсе Жолойду,
Мен астыма салармын,
Каныкейдин кандагай,
Башы менен алармын.
Жыгылып калсам окустан,
Кан Жолойдон кокустан,
Жондон ары бир салып,
Жолойго алың келбейт – деп,
Келе шымым бергин деп,
Чечип алып кетерсиң,
Минтип түпкө жетерсиң
Как ошондо өлөрмүн,
Жыгылып калып бир өлүп,
Шым чечтирип эки өлүп,
Мындай шымды кийбейин,
Мына шымың чечтим деп,
Бул ишиңен кечтим» – деп,
Кошой минтип култуңдап,
Айтып турат кылтыңдап,
Чогулгандын баарысы,
Баатыр Кошой карысы,
Күлүп турат каткырып
Айтып сөзүн жат кылып,
Айтса айтбаса төгүнбү,
Абаңдын сөзү тегинби?
Бересиңби шымыңды,
Бузасыңбы сыныңды,
Баатыр, жообуң бергин» – деп,
Баарысы камап калды эми.
Ошондо Манас кеп айтып,
О, калайык, деп айтып.
Шымым турмак атымды,
Сураса да алуучу,
Элүү жашка келипмин.
Эр ортону болупмун,
Куубаш өтүп баратам,
Шымды кылган Каныкей,
Туубас өтүп баратат.
Батаңката келбеген,
Байгамбардай киши элең,
Каргышың ката кетбеген,
Касиеттүү жан элең,
Бекип калган бейиштин,
Эшигин ачкан эр элең,
Байланып калган базардын,
Багын ачкан сен элең.
Кантип сенден аяйын,
Бир мерзенттин айынан,
Ушунтип кетип баратам.
Келиниңе бата бер!
Кийип алып кете бер!
Кыяматта доом жок
Кийип алсаң көөнүм ток.
Ушу кезде абаке,
Эркек түгүл кызым жок,

Мындан бөлөк сөзүм жок!»
«Андай болсо туйгунум,
Абдан бата берейин,
Алып келгин келинди.
Ар белгисин көрөйүн,
Анан бата берейин,
Капыр менен мусулман
Аралаша турганда,
Батам ката кетбесин.
Башка жакка өтбөсүн!
Мына ушуну уккула,
Аттанып бирөөң чыккыла
Алып келгин келинди!»
Ошондо Төштүк кеп айтат.
Ой, абаке, деп айтат,
Жолой жолго чыкканы
Үч күн болду карачы,
Үчөө түгүл, төрт болду,
Ичим жаман өрт болду.
Байгемди бачым бергин деп,
Же болбосо күрөшчү,
Майданга чыгып келгин деп,
Кытайды Кудай урбайбы,
Коңурбайды көрдүңбү,
Араң эле турбайбы!
Дүнүйөнүн баарысы,
Кайнап келген кол болсо,
Кара курттан мол болсо,
Дүнүйөнү карасаң,
Айланасын алыптыр,
Алты курчап калыптыр.
Айыл такыр көрүнбөй,
Баары кытай болуптур.
Айылдын баарын чаңдатып,
Ааламдын баарын таңдатып,
Анжу-манжу басыптыр,
Койгун, аба, кишиңди!
Таластан эми чакырба,
Андай аял кишиңди!
Андан көрө,абаке.
Как өзүнө бата бер!»
Эр Төштүккө жанаша,
Абай кылып караса,
Олтурган экен Алмамбет,
«Э,Төштүк болбой куручу» – деп
Төбүрөбөй турчу» – деп,
Төшкө түртүп жиберди.
Эр Төштүккө кеп кетти.
Как ушу жердей шек кетти,
Ошо дөөнүн баарына,
Күбүр-шыбыр угулду.
Бокмурунга кеп айтып,
«Болду, баатыр, деп айтып,
Ар малыңдан алтыдан
Алтымыш тогуз мал алгын!
Жолой менен Коңурбай
Беш күнү мөөнөт бергин деп,
Тамашаны көрө албай,
Таласта бирөө калыптыр,
Ошол келсин бу жерге.
Тамашаны көрсүн – деп,
Анан күрөш болсун – деп,
Ушул элдин баары айтат,
Баатыр Кошой кары айтат
Баарыңардан суранат!
Алдына апар чубар ат,
Анан Коңур кубанат,
Тогуз тулпар жабуулап,
Тогуз шумкар жагоолоп,
Каркыралуу кыз алып,
Как ушунтип баргыла!
Каныкей мында келгиче,

Бели-бутум ушалап,
Тырышканым жазайын,
Анан муратыма жетейин,
Күрөшкө анан кетейин!
Алты киши келгиле!
Ар мүчөмдү тебелеп,
Тырышым жазып бергиле!
Элдин баары куп дешип,
Кошойдун сөзүн эп дешип,
Айтканын даяр кылды эми
Коңурбай менен Жолойдун,
Бокмурун жолун кылды эми.
Беш күнгө мөөнөт суранып,
Белин бекем курчанып,
Кызыл өңү сур чалып,
Кылжейрендей ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Каныкейди бет алып,
Таласты көздөй салды эми.
Элдин баары жайына
Тарап жатып калды эми.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Беш-алты күн тим жатып,
Күрөш мындай болот деп,
Кош-кошунан бир бирден
Күчтүүлөрүн чыгарып,
Эки-экиден күрөшүп,
Омуроосун тирешип,
Оңдоп-солдоп чалышып,
Күчтүүсү жыгып салышып,
Күрөш мындай болот – деп,
Көөдөнүнө минишип,
Күлкүнү кыйын кылды эми.
Аны таштап коюңуз,
Алиги кеткен Сыргактын,
Кабарынан болуңуз!
Күндөп түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Азыр келди Таласка.
Абай кылып караса
Капкасы алтын коргондо,
Каныкейдин ордодо,
Кынай бууган бек белин,
Каныкейдин кырк келин,
Кырка турат жанаша.
Келген жерде кеп айтып,
Сүйүнчү бергин деп айтып,
Келиндер тозуп ат алып,
Чуркап келип бат алып,
Атын байлай салды эми.
Эр Сыргак кирип келди эми
Эрке Каныш жеңеңе,
Баарын айтып берди эми.
Каныкей жеңе сүйүнчү!
Бачым туруп кийинчи!
Көкөтөйдүн ашы экен,
Көп чогулган ушу экен,
Касиеттүү кан Кошой,
Абырактуу киши экен,
Сарамжалың билинди,
Карыганда кан Кошой,,
Как ошого бап келди,
Сенин шымың чак келди.
Баатыр Кошой кеп айтты,
Бата берем деп айтты,
Ошол элдин баары айтты,
Баатыр Кошой кары айтты.
Сен барбасаң иш болбойт,
Көкөтөйгө аш болбойт.
Сени көрмөйүнчө иш болбойт,
Батам ката кетет деп.

Башка жакка өтөт деп,
Дин мусулман баары айтты,
Баатыр Кошой кары айтты,
Жана Коңурбай, Жолой
дагы айтты.»
Баягыны укканда
Этек-жеңин түрүнүп,
Эбелектей жүгүрүп,
Айткан жерде сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып,
Каныкей киймин кийинип,
Бешти кийип белсенип.
Бери ургандай теңселип,
Онду кийип оолугуп,
Барган сайын соолугуп,
Этек-жеңин жыйынып,
Бирлерине сыйынды.
Ары-бери көк Сыргак,
Атын келип токуду,
Аргымакка мингизип,
Аземин минтип билгизип,
Ашты көздөй бет алып,
Жөнөп калды баатырың.
Күнү-түнү мол жүрүп,
Төрт-беш күнү жол жүрүп,
Бир күндөрү болгондо
Каркыранын оюна,
Капка-Таштын боюна
Салып уруп келди эми.
Кара курттай жайнаган,
Калың элди көрдү эми,
Азыр кирип келди эми.
Элдин бери четинде,
Күн батыш жакы бетинде
Тоорум кыздын ак өргөө
Баатыр Манас төрөгө
Ошону тигип берген го?!
Каныкейди көргөндө
Тазбайматы жүгүрүп,
Жеңесин көрүп сүйүнүп,
Барып атын алды эми,
Каныкейди карасаң
Эки бети албырып,
Этек-жеңи элбиреп,
Ары-бери басты эми,
Кумарын бүгүн жазды эми
Белди бекем буунуп,
Бети-колун жуунуп,
Маңдай чачын таранып,
Жоолук салып башына,
Чогулган элдин кашына
Басып барды уялбай,
Кан Кошойду кыя албай.
Как алдына келтирип.
Колдун баары дүбүрөп
Көт жагынан дүңгүрөп,
Аттуу-жөөлүү болушуп,
Аралашып алышып,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көбү жандан түңүлүп,
Кытайлардын кээлери
Катындарча жүгүнүп,
Карап алып сыйынып.
Каныкейди караса –
Карап турса кызарат,
Кээде туруп бозорот,
Төрт кубулуп көрүндү,
Көргөндүн көөнү бөлүндү.
Аткан таңдай кылайып,
Алкым эти булайып,
Асыл Манас төрөңдүн
Как өзүнө ылайык,

Абакей кылып караса
Акыреттин ур кызы
Андай болот ким кызы,
Караңгынын жылдызы,
Кайып кандын жалгызы,
Кой ичинде серкеси,
Темиркандын эркеси.
Күлгөндө тиши кашкайып,
Күймөлсө жыпар жыттанып
Улар үндүү, кой көздүү,
Ургачыдан бал сөздүү.
Тоту куштай үндөнүп,
Алда нече түрдөнүп.
Эр Кошойдун алдына
Эки-үч кишинин артында,
Эки колу боорунда,
Ошончо элдин доорунда
Сыймык кушу башында
Сырттаныңдын кашында.
Абакең Кошой караса
Экөө катар туруптур.
Аны көрүп эр Кошой,
Тура калып ордунан
Кол көтөрүп турду эми.
Каныкейдин борумун,
Кошой көрүп турду эми.
Баатыр Манас туйгунду
Кошо көрүптурду эми.
Кошой көрүп сынаса,
Музоо кирпик неме экен,
Муңга жуук неме экен.
Шилби шыйрак, шиш аяк.
Бала көрбөс жан экен.
Көп аңтарып нетейин,
Ойлоп турду эр Кошой,
Кошой колун, көтөрүп,
Кожого кеп айтты эми.
Алтын сакал Айкожо,
Китебиңди жай кожо!
Келинге бата берели.
Кудайдан сурап көрөлү!
Кел, Кожоке, туралы,
Чындап бүгүн сурайлы!
Кожо кошо турду эми,
Кол көтөрүп келди эми
Баягыны көргөндө
Капыр менен мусулман
Кошо колун көтөрүп,
Мекедеги сүр бата,
Бери карай жүр бата!
Кудай тилек бере көр!
Карыганда абаңдын,
Кабыл кылгын тилегин!
Алда таала Кудайым,
Ичим толгон убайым,
Мындан аркы өмүрүм,
Ушуга бергин жудайым!
Жараткан жалгыз колдо деп,
Колдогун ушу жолдо деп,
Бир-бирине буркурап,
Кошой турду зыркырап,
Элдин баарын карасаң
Кошо ыйлап чуркурап,
Оомийин Акбар! деди эми,
Бетин сыйпап калды эми,
Коңурбай менен Эзкара
Бу да бата берди эми
Ошо турган калайык
Жуда бата берди эми.
Каныкейди сүйүнтүп.
Кайра тартып жүгүртүп,
Сары улагын таптырып,

Садаганы чаптырып.
Кара торпок кескилеп.
Катар киймин эскилеп,
Жакшы киймин талатып,
Бечарага таратып,
Каныкейди жөнөтүп,
Эки киши кошту эми,
Кең Таласты бет алып.
Каныкей жолго түштү эми.
Баарын таштап коюңуз,
Баягы Кошой, Жолойдун,
Кабарынан болуңуз!
Он күнгөчө Кошоюң
Ою менен болду эми,
Буту-колун чойду эми.
Эр Кошойду карасаң
Көрүп көөнү тойду эми.
Күн обого келгенде,
Улуу шашке болгондо
Элдин баары таңдашып,
Маңдай-тескей жардашып,
Мына ошонтип турганда
Кан Кошоюң лыпылдап.
Каршы басты шыпылдап,
Дин мусулман бенденин
Эт жүрөгү кыпылдап.
Ар жагынан кан Жолой
Чоңдугу бар ошондой
Булчуңу буура санындай,
Муруту балта сабындай
Нечен күнү колотуп,
Келген экен табына ай.
Кан Жолойду карасаң.
Ар мүчөсү келишкен,
Ак букадай ээлишкен.
Бери жагында эр Кошой,
А да мыкты ошондой,
Карылыгы болбосо.
Бели кетип мекчейип,
Көзү кетип чекчейип,
Сакалдары сайылып,
Тула бою жайылып,
Кан Жолойду карасаң
Кулагы бар калкандай,
Колго тийген душманды
Кыла турган талкандай,
Кирпиктерин карасаң
Суу боюнда чалкандай.
Эр Кошойду карасаң,
Жүзү кетип бузулуп,
Уу ичкендей түстөнүп,
Урушкандай жүздөнүп,
Кыя тартып келишип,
Ак букадай албайып.
Ар жагынан далбайып,
Жолой келди калдайып,
Бер жагынан эр Кошой,
Как букадай күркүрөп,
Көргөн адам зиркиреп,
Кыябына келишти,
Кыя тартып кетишти.
Адегенде өтүштү.
Кайра тартып жетишти.
Кошой колун сунду эми,
Жолой кармай калды эми.
Ач билектен бек кармап,
Жулуп алчы деп кармап.
Мусулмандын барысы,
Баабедин деп буркурап,
Баары турду чуркурап.
Ал аңгыча эр Кошой,
Колун булгап имерип,

Оң жагына жиберип,
Жулуп алып кетти эми.
Жана Кошой жетти эми,
Балкылдаган баатырдын,
Жолой сынды капырдын,
Багелектен алды эми,
Көтөрүп жерге урсам деп,
Көөдөнүнө минсем деп,
Кошой сүрүп алды эми.
Мусулманды бет алып,
Бир далай жерге сүрдү эми,
Сүрүп-сүрүп отуруп,
Далай жерге келтирип,
Оң имерип алды эми.
Омуроого келтирип.
Чала турган болду эми.
Чаларын Жолой билди эми,
Чала-була балдырап,
Бери карай сүрдү эми,
Сүрүп-сүрүп отуруп,
Капырлардын алдына
Кайра сүрүп келди эми.
Коңурбайдын алдына
Дагы сүрүп барды эми.
Кошой менен Жолойду
Көрө коюп Коңурбай
Кокус тепсеп кетет деп,
Бул отуруш бекер деп,
Тура качты ордунан.
Андан кайра жүрдү эми.
Кайра Кошой сүрдү эми.
Жыгамын деп жыга албай,
Жолой баатыр күшүлдөп,
Чаламын деп чала албай,
Чоң Жолойду алалбай,
Айгырларча алышып,
Алкымдан кармай калышып,
Буураларча булкушуп,
Багелектен түрүшүп,
Шымы кетет чоюлуп,
Эки көзү коюлуп.
Жердин баарын чаң кылып,
Көргөндөрдү даң кылып,
Тегеректеп келишип,
Кээ бирөөн карасаң,
Тепселишип өлүшүп,
Ошо бойдон кармашып,
Түнү менен күрөшүп,
Омуроолоп тирешип,
Бирин-бири жыга албай,
Эч ылаажы кыла албай,
Таң атканча сүрүшүп.
Эртең менен караса
Элдин баары таң калып.
Жердин баары чаң болуп,
Али да болсо жыгылбай.
Ажыратып ала албай,
Ошо күндө карасаң
Катагандын кан Кошой
Касиеттүү эр Кошой,
Сөөктөрү ысыды,
Тула бою кызыды,
Оң жагына келе албай,
Оң имерип чала албай,
Айла кылып момундай
Ошо кезде Кошойдун
Таман бою кызыды,
Сөөгү жаман ысыды
Отуз менен жыйырма беш
Оролуна келгендей,
Кудай бүгүн бергендей,
Кан Жолойду караса,

Эки бети көгөрүп,
Каңылжары капырдын
Кан жыттанып калыптыр.
Каран алып канкоруң
Кабылан Манас анткоруң
Саралага минди эми
Шапылдата жүрдү эми.
Эр Кошойду бет алып,
Лакылдата жүрдү эми.
Ар жагынан Коңурбай,
Алгарага минди эми
А да бери жүрдү эми.
Бирин-бири көргөн соң
Ой кантесиң деп айтып
Бир-бирине кеп айтып.
Ошо жерге токтолду,
Көрө коюп эр Кошой,
Эл бузулуп кетет – деп,
Экееңерго нетет деп.
Ушуну айтып баш ийкеп,
Кое бергин бизди деп,
Ача бергин түздү – деп.
Как ушунтип калганда,
Оң жагына келди эми.
Оң имерип кан Жолой,
Багелегин бүйүрүп.
Бери карай жыйырып,
Кашатына келтирип,
Кармай калам дегенде,
Ала көөдөн Жолойдун
Көөсөрлүгү билинди
Көтөрүп алам дегенде,
Кыябына келгенде,
Шап дедире Кошойдун
Шамдагайы билинди.
Ийри такым бутуна
Согончогу илинди.
Чалган бойдон чалды эми,
Ыргап, ыргап отуруп
Чалкасынан салды эми
Чалма шондон калды эми.
Эки көзү алайып.
Чалкасынан далайып,
Жолой калды жыгылып,
Капыр менен мусулман
Көрүп турат чогулуп.
Көкүрөккө минди эми
Көз көрүнөө эр Кошой
Так түйүлүп кетти эми.
Ал аңгыча ар жактан,
Балбан көтөр жетти эми
Баары чуулап кетти эми.
Алмамбет менен төрөңүз
Ар өнөрүн көрүңүз,
Арбаңдатып Кошойду,
Чардаңдатып ошону,
Алып барды ар жакка,
Сыйынышып арбакка.
Бир Кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Кудайынын жолуна,
Кула кашка бээ айтып,
Арбактардын жолуна,
Ак сарбашыл кой айтып.
Ай туягын мол айтып,
Алда нече жолу айтып,
Бечарамын деgenге
Алдына басып келгенге
Кочууштап дилдеден
Колу менен бердирип,
Байгелерди алдырып,
Карып менен мискинден,

Баарысына таратып.
Ал аңгыча Коңурбай,
Ары кетти үшкүрүп,
Келе жатат үңкүйүп,
Алгарадан түшө албай.
Же атын киши ала албай,
Арманда болду момундай.
Арт жагында кан Жолой,
Муну менен иши жок,
Киймин берген киши жок.
Тула боюн карасаң
Боз топурак чаң болуп,
Оозу-мурду кан болуп,
Жыгылганы даң болуп.
Кетеринде эр Кошой
Ныктап алып келиптир,
Алкымынан кан Кошой,
Лыптап алып келиптир.
Ошону көрүп Коңурбай,
Ачуусу келди ар кандай,
Намызы кетип калган соң,
Кантип элге айтам деп,
Эртең өзүм чыкканда
Мен ошондо кантем деп.
Кудай берсе колума
Мен да ошондой кылсам деп.
Мен да өчүмдү алсам деп.
Түштү аттан калдайып,
Эси ооду далдайып.
Аны кийин соңунда
Ар нерсе бар оңунда,
Ажыбай чыкты аттанып.
Жарчы болду кыдырып,
Жалпы дөөнү сыдырып,
«Кошой менен Жолойдун
Күрөшкөнүн көрдүңөр,
Он эки күн экөөнүн
Тирешкенин көрдүңөр,
Карыса да Кошойдун,
Кармаганын көрдүңөр,
Жашка толгон Жолойду,
Жалмаганын көрдүңөр,
Чап дедире санынан,
Чалматарын көрдүңөр,
Мындан кийин жаш балдар,
Бул амалды билиңер!
Оюн чындан күрөшсөң,
Ушуну ойлоп билиңер!
Тоодой болгон Жолойдун,
Жыгылганын көрдүңөр,
Арбагы чыгып Кошойдун,
Угулганын көрдүңөр.
Бул арбак урган Жолойдун,
Коркоктугун көрдүңөр.
Тамак-ашка тойбостон,
Опкоктугун көрдүңөр,
Карыса да Кошойдун,
Балбандыгын көрдүңөр.
Далай жанды таманга
Салгандыгын көрдүңөр,
Күрөшкөндө кайраттуу,
Сүйлөгөндө айбаттуу,
Алышканда мерген кул,
Тилегин кудай берген кул.
Күрөшкөндө балбан кул,
Тобосу кабыл болгон кул
Качан болсо Кошойдун,
Кылар иши как ушул!
Батасы ката кетбеген,
Байгамбар да жетбеген,
Тилегени кетбеген,
Бериште да жетбеген

Касиеттүү эр эле
Байланып калган базардын,
Багын ачкан эр Кошой,
Башынан бери шер Кошой,
Ушуну менен эки алган.
Качан болсо капырдан
Как ушунтип кек алган.
Эзкараны бир жыккан,
Кан Жолойду эми жыккан,»
Ушуну айтып кыйкырып.
Жар чакырып кеп айтат,
Бүгүн кадимкидей куугула,
Тамак-ашка тойгула!
Эми мындан кийин балбан жок,
Бул экөөндө арман жок.
Он эки күнү тирешти,
Үч күнү удаа тирешти,
Эртең кызык иш болот,
Эки баатыр туш болот,
Жыгылганы ушунтип,
Кан Жолойдой мыш болот.
Караган киши кайышат,
Кабыргалар майышат.
Карсылдашып салышат,
Карагай найза колго алып,
Качырып келип салышат.»
Деп ушунтип кеп айтып,
Эми жаткын деп айтып,
Жалпы элди чакырып.
Жар чакырды Ажыбай,
Айтып жүрөт алжыбай.
А куну антип тарашып,
Үй-үйүнө барышып,
Жалпы жатып калышып,
Коногуна бээ союп,
Түштүгүнө кой союп,
Тамак-ашка тоюнуп,
Малдын көбү союлуп,

## МАНАС МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН САЙЫШКАНЫ

Анда ал күнү конду эми,
Эртеси күн болду эми.
Суу акбаган кең сайдан,
Сурунай тартып жез найдан
Кече албаган кең сайдан,
Кериней тартып жез найдан,
Келдиң арбак ар кайдан,
Кериней үнү бапылдап,
Сурунай үнү такылдап,
Ырчы жүрөт шакылдап,
Кыяктын үнү кыйкылдап,
Коңурбай чыгат дегенде,
Дин мусулман чыйкылдап,
Ачуу келген капырдын,
Айбатына ким барат.
Жар чакырды дуулдап
Жалпы ырчы чуулдап.
Ырчы келип кеп айтат,
Чогулушкан элге айтат,
«Күлүктүн бели майышат,
Бүгүн күчтүү киши сайышат,
Капыр менен мусулман,
Карсылдашар кез келди,
Эки бирдей күчтүүлөр,
Эми шартылдашар кез келди,
Айткан сөздү уккула!
Аттанып бирден чыккыла!»
Ошонетип жар айтып.
Эр Ажыбай дагы айтып,
Жарчы кылды биздерди.

Жакшы кылды сиздерди
Ырчы кылды биздерди
Эки жакшы бир бирден,
Беттешүүчү кез келди
Чогулушкан көп айтат,
Үйүлүшкөн эл айтат,
Бүгүн экөө сайышып,
Тамашаны салсын дейт,
Ушул ашты бергени
Эки ай тамам болду дейт,
Аш бергенге эп болду.
Малын такыр жеп болду,
Акыр заман пендеге
Айта турган кеп болду.
Айтарга сонун сыр болду,
Акыр заман болгончо
Түгөнгүсүз ыр болду.
Уккан элдин баарына
Ушундай сонун сыр болду,
Ушунетип кеп айтты,
Уктуңарбы деп айтты,
Тегеректеп эл чыкты
Айткан кебин тең укту.
Ушундай сонун кеп болду.
Эр Ажыбай кеп айтып,
Айтса айтбаса төгүнбү,
Бокмурунга эп болду
Сасык айран көк курут,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Жаман эле киши эле,
Кантип элге түттү деп,
Кантип барын күттү деп,
Мунун казынасы бар экен,
Касиеттүү эр экен,
Ушунун баарын карасак,
Багып жүргөн малыбы?
Же катып жүргөн булубу?
Кунубузча мал жедик,
Аш көрөм деп дегдедик,
Эки ай мүлдө күттү деп.
Элге чыдап түттү деп,
Эки айга чейин эт жедик.
Же айлынан алыс кетбедик
Бүгүнкүдөн эртеңки
Кызык болуп келатат,
Кечээ күнү күрөшсө,
Бүгүн чыгып сайышса
Мындан кызык кайда бар,
Өлгөнүңчө айта бар!
Ушуну айтып дуулдап,
Элдин баары чуулдап,
Каркырадай жардашып,
Катар турду карашып.
Дагы келди деп айтып:
«Доомат сенде капырлар!
Уктуңарбы батырлар?
Эзкарага кеп айтып,
Баатырың чыгар деп айтып,
Күлүктүн бели майышат,
Бүгүн күчтүү киши сайышат,
Бүгүн буудандын бели майышат.
Баатыр адам сайышат.
Уктуңарбы карыя,
Кеп айтамын жарыя!»
Ошону айтып бул кетти
Мусулманды бет алып,
Токтобостон бул жетти.
Абакеси Кошойго
Айтып келди ошого,
Жанагыдай кеп айтып,
Зоот менен калканды,
Төшүңөргө таңасың,

Темири бар жыгачты
Колуңарга аласың
Кыйгак кылып учтайсың
Кыябыңа келтирип,
Өлчөөлүү жерге маштайсың» –
Ушуну айтып Ажыбай
Сүйлөп турат алжыбай.
Муну таштап коюңуз!
Ар жагында Коңурбай
Кабарынан болуңуз!
Алгараны жаратып,
Асмандан көктү каратып,
Жыйын болгон кез экен,
Барган сайын баатырдын,
Кыйыны болгон кези экен.
Кара атымды минейин,
Кандагайды киейин!
Кайсы жакта болду экен,
Мен качырып жөнөйүн!
Уруудан чоң калдай,
Ушунетип Коңурбай,
Мурдагыдай бол боду,
Бу капырың оңбоду,
Жылдызына оңдоду.
Бурканына сыйынып,
Көздүн жашын тыйынып,
Лахатка ыйлады.
Көзүнүн жашын тыйбады.
Бурканына чокунуп,
Буркан-шаркан болду эми
Бул кара атты токунуп,
Алгара минип күркүрөп,
Аны көргөн адамдын,
Азат бою дүркүрөп,
Атасында бата жок
Айтканында ката жок,
Энесинде нике жок,
Элде мындай бөкө жок,
Өңү суук баатырдай,
Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалы саксак көрпөдөй,
Көзү өгөгөн темирдей,
Мурду төөнүн сеңирдей,
Мурду-башы бородой,
Эки көздү карасаң
Буудайын ачкан ороодой.
Тула боюн карасаң.
Тамдан салган молодой.
Кара башыл бендеде
Мындай адам болобу ой?!
Бу Кудайдын буйругу,
Тоту куштун куйругу
Далысында жалпылдап.
Болот калкан зооту,
Чымын консо даңкылдап,
Чоң тердикти карасаң
Ат боорунда салпылдап,
Көмөлдүрүк сом алтын,
Омуроодо алкылдап.
Көз айнеги асыл таш,
Маңдайында жалтылдап
Эми чыкты Коңурбай,
Сайышына жакындап,
Үзөңгүсү куйма алтын
Таманында шакылдап.
Сурун суук салды эми,
Сумбатын бузуп алды эми.
Алгаранын куйругу
Арт жагында чубалып
Көргөн адам кубанып,
Алгараны мөңкүтүп.
Ары бери койгулап,

Алгара менен күркүрөп,
Аны көргөн бенденин,
Азат бою дүркүрөп.
Жылма кара ат минип
Жыйырма батман тон кийинип
Тоодой кара ат минип,
Токсон батман тон кийип,
Үйдөй кара ат минип,
Үпчүндөгөн тон кийип,
Тула боюн топчулап
Алгараны үпчүлөп,
Асыл чыкты күркүрөп.
Аны көргөн бенденин,
Азат бою дүркүрөп,
Алгараны карасаң
Аягы менен тик түшүп.
Туягы тийген жерине
Казандай ташка жик түшүп.
Коңурбай чыгып барды эми.
Кан Жолойго бу да окшоп,
Көп кечигип калды эми.
Бая кан Жолойдун сыңары
Карап калды зарыгып,
Мусулмандын баарысы.
Дагы келди жыйылып,
Кошоюна сыйынып.
Кошоюна корголоп
Көзүнүн жашы шорголоп.
Кошой туруп кеп айтат,
Кокуй Манас деп айтат.
Кечээ кезек меники,
Бүгүн кезек сеники
Бакай атын токуду,
Кошой сөзүн окуду.
Бакай келип кеп айтат
Бачым жөнө деп айтат.
Абакеңиз эр Бакай,
Атын жөндөп токуду.
Алыска барсаң ак жолтой
Атышкан жоого сан колдой,
Казатка барса ак жолтой,
Казатка барса сан колдой,
Коштогону Коенбоз,
Төшөнгөнү баяндос.
Абакең Бакай кеп айтып,
Баатыр Манас деп айтып,
Өткөрө чаап өт алган,
Өткүр элең элиңден,
Батыра чаап баш алган
Баатыр чыктың элиңден
Кең-Кол талаа кимиңден
Аргын, кыргыз элиңден.
Медери элең элимдин,
Таңуусу элең белимдин,
Айтып турган кебимди.
Акыл менен ойлоп ал.
Тобокел деп жолго сал!
Сараланы алды эми,
Караң калган Сарала
Касиети бар эле.
Сопол куйрук, сом туяк –
Сомдогондой чоң туяк.
Сурна моюн Сарала
Сонун күлүк мал эле.
Туягында тура жок
Тулпар сындуу мал эле.
Эңкейишке келгенде
Элик сынды мал эле
Ал өнөрү бар эле.
Өөдө чыга бергенде
Жерин кийин таштабас,
Ээсин кийин өксүтбөс

Бөктөрмөлүү мал эле.
Бул өнөрү бар эле
Ылдый жерге келгенде
Өркөчү бийик, зээри бас,
Өйдө-ылдыйда чарчабас
Өкүм күлүк мал эле.
Ал өнөрү бар эле.
Жети күнү таң ашкан
Жел желден адашкан
Жел кайыктар жалгашкан,
Ачуулана келгенде
Тизгин колдо карышкан
Канаттуу менен жарышкан
Касиети бар эле
Как ушундай мал эле.
Абакеңиз эр Бакай
Атын келип мингизип,
Колдун баары көрүшүп
Элдин баары таңдашып,
Карап турду жардашып.
Бет алдынан караса –
Миң кишинин сүрү бар.
Аркасынан караса –
Жүз кишинин сүрү бар.
Айкырганда аз келбес,
Адам уулу бас келбес.
Ак жолборстун сүрү бар,
Бейиште асыл бири бар.
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган
Караганы илбирстей
Кайсаганы албарстай,
Качырганы жолборстой
Тиштегенин лыптаган
Жолборстон таалим алган кул.
Сайган жоосун ныктаган
Билеги жоон балбан кул.
Кирпик ирмеп көз жумбас,
Шерден таалим алган кул,
Каскак найза колго алып
Казыр чыкты жол алып.
Көргөн жерден Коңурбай,
Ат ойнотуп чоң калдай.
Ай далаада күркүрөп,
Аны көргөн бенденин,
Азат бою дүркүрөп,
Чыккан жерден көк жалың,
Көзүнөн чыгып от жалын,
Кожосунан бата алып,
Коңурбайды бет алып,
Коркбой чыккан жери ошо.
Алдындагы Сарала,
Аркы-терки камчы уруп,
Арбактарын чакырып,
Азирет деп бакырып.
Аны көрүп Коңурбай
А да мыкты чоң калдай
Кызыл желек туу менен
Чынгыш менен чуу менен
Алгаранын күү менен
Келе жатты күркүрөп,
Аны көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп.
Маңдайлашып жетти эми
Бирин-бири нетти эми.
Каскак колдон быркырап.
Кадектей көктө зыркырап,
Каршы өтүшүп кетишип.
Кайра тартып келишип.
Калканы менен челишип,
Каскактын баарын сындырып,
Кулактын баарын тундуруп,

Кыя тартып турушуп,
Кызыгышып эңишип,
Бирин-бири жеңе албай
Ат үстүнөн эңе албай,
Белдемчи деген темирин
Беш кабырга себилин
Белден жулуп кетишип,
Жана кайра жетишип,
Чапандын баарын айрышып
Жаканын баарын кайрышып.
Как ушунтип турганда.
Ар жагынан алты адам.
Бери жагынан алты адам
Он эки киши барды эми.
Ортосуна кирди эми
Ажыратып турду эми.
Ары карай жетелеп,
Алкындырып алды эми.
Бери карай жетелеп,
Булкундуруп алды эми.
А күнү чыгып алышып,
Бир азыраак сайышып.
Арага дөөлөр келишип.
Ары-бери желишип,
«Калганын эртең сайышсын,
Бүгүн ойлоп алышсын.
Кош кошунга баргыла.
Көтөргөн үйгө киргиле!
Эртең түштө чыккыла
Ырчынын сөзүн уккула!
Эс алып бүгүн жаткыла!
Бүгүн тамак-ашка тойгула!
Эки күндө ат келет,
Эртең жыгылсаң да жыксаң да,
Сайыш эртең түгөнөт.
Ошону айтып тарашып,
Үй-үйүнө барышып,
Манас менен кошулуп,
Кошой кошо барды эми,
Таң атканча буркурап,
Уктабастан зыркырап,
Кудайдан тилек тиледи.
Бу Манаска не болот?
Ушул жолдо сайбаса,
Арбагы баштан жоголот,
Дин мусулман бендеси
Качан гана жүрүп оңолот?
Ушу жолдо Кудайым
Ичим толгон убайым,
Өмүрүмдүн баарысын,
Манаска эле бергин Кудайым.
Ушуну айтып жалбарып,
Таң атканча Кудайга,
Бер жагынан көк жалын,
Көзүнөн чыгып от-жалын
Баабединге сыйынып,
Бары-жогу жыйылып.
Көк дөбөнүн башына
Кой төрөнүн астына
Азыр келип чогулду.
Ар жагында Коңурбай
Нечен мыкты бектери
Менменсиген эрлери,
Бедөө минген эрлери,
Туу көтөргөн алтаңы,
Жол бийлеген султаны,
Мыктылардын баарысы.
Бери чыгып алышты,
Коңурбайды карасаң,
Куугунду жаңы куугандай,
Катыны уул туугандай
Алгара менен кайсалап,

Каскак деген найза алып,
Беритен Манас көгөрүп,
А да бир каскакты өңөрүп,
Түптү кара чынарын
Ушу бүгүн баатырың,
Бир кызыкты кыларын.
Кара кашка тынарын
Капырлардын кыларын
Кабылан Манас билди эми.
Колго найза алды эми,
Коркбой жөнөп калды эми.
Коңурбайды көргөндө
Коркбой Манас жөнөдү.
Коңурбайды карасаң
Алгара менен лопулдап,
Эт жүрөгү болкулдап,
Келе жатыр солкулдап.
Асыл Манас баатырды.
Эр Коңурбай качырды,
Абайлап туруп караса –
Арт жагынан Манастын
Ажыдаар сойлоп калыптыр,
Коңурбай көзүн салыптыр
Абай кылып караса,
Айландыра санаса,
Ажалайдап барбаса
Алдына киши баргысыз,
Жанынан кечкен барбаса,
Сойлогонун караса,
Жыйын болуп калды эми
Эки байге бир алып,
Кыйын болуп калды эми
Коңурбай менен Борончу
Баары кылды намызды,
Билдирбеди табышты.
Жол арадай коо болуп,
Топурагы тоо болуп,
Каарланып келатат,
Кандуу суулар бөгөлүп,
Кайраттанып алганда,
Кара-Тоого теңелип,
Арбашына чыдабай
Алма жаңгак күбүлүп
Аны көрүп Коңурбай,
Өз жанынан түңүлүп,
Сүрү келип Манастын
Ар жагынан көк дөбөт
Үрүп кирип келди эми
Ал аңгыча Коңурбай,
Үшү баштан кетти эми,
Ал аңгыча канкоруң,
Азыр кирип келди эми
Кабыргага келтирип,
Камындырбай жетти эми,
Бир сайгандан чыгарбай,
Көмө коюп кетти эми,
Жыга коюп салды эми,
Кайра тартып канкоруң
Азирет деп айкырып,
Эр Кошой деп кыйкырып,
Кайра келди кашына,
Эр Кошойдун кашына
Эр Кошойдун астына.

## АТТАРДЫН КЕЛИШИ ЖАНА БАЙГЕ ЧАТАГЫ

Эртең күлүк ат келет
Убадасы толду деп,
Келер маалы болду деп
Баары кеңеш кылышып
Баталашып алышты,
Баягы жинди Манас кул
Дагы кызык салат деп,
Түн боюнча баралы,
Жоо-жаракты алалы,
Жолго коюп салалы.
Как ушунтип кеңешип,
Убаданы көп жешти,
Ушунетип жөнөтүп,
Жоо-жарагын шайлатып,
Жолго күлүк байлатып,
Таярданды Коңурбай,
Дин мусулман бенденин
Көңүлдөрү жайма-жай.
Бээжиндин каны Коңурбай
Ушу бүгүн томсоруп,
Ачуусу келип кумсарып,
Сүрүн суук салыптыр.
«Ат келбесе так бүгүн
Акыр заман салабыз.
Ушунетип карап тургуча,
Ажыбай келет айкырып,
Жар чакырып кыйкырып,
Ат сүрөсөң өлөсүң.
Акыретти көрөсүң.
Чылбырга тийсең өлөсүң.
Чын дүйнөнү көрөсүң.
Кош-кошуңа жата бер!
Көрүп аттын байгесин,
Даекчиден ала бер!

Ушуну айтып Ажыбай
Туура кетти алжыбай,
Ал аңгыча караса,
Күн обого келиптир,
Көтөрүлүп алыптыр.
Ат келер маал болуптур.
Элдин баары ороңдоп,
Ал аңгыча болбоду,
Алеки саат болгуча,
Ачып көздү жумгуча,
Кыбыла жакты караса,
Кыркыраган чаң келет,
Чыркыраган үн келет.
Иш бузулуп калыптыр,
Ушу кезде карасаң,
Алмамбет, Чубак барыптыр.
Ал алдынан караса
Кан Жолойдун Ач буудан
Ыраак чыгып калыптыр.
Карап туруп Алмамбет,
Капилеттен барды эми,
Сарала менен жетти эми,
Капталынан качырып
Жар башынан учуруп,
Өлсө мейли өлсүн деп,
Жыга коюп кетти эми,
Арт жагынан Аккула,
Дагы кирип келди эми,
Чылбырынан бек кармап,
Чубагың сүйөп калды эми,
Манас деп ураан чакырып,
Бабедин деп бакырып,
Чубак чууну салды эми,
Чаң созулуп буркурап,

Элдин баары чуркурап,
Аламан сүрөп кетти эми,
Аккуланын артынан,
Ороңгунун Кула бээ
Башынан күлүк жуда бээ.
Кийминен кийиз көрүнүп,
Сийдиги жерге төгүлүп,
Оргу-баргы мал экен.
Ого эле күлүк жан экен,
Баарын таштап коюнуз.
Бая жардан кеткен Ачбуудан,
Кабарынан болуңуз!
Аягы менен тик түшүп,
Туягы тийген жерине
Казандай ташка тик түшүп,
Капчыгай өөдө жүгүрүп,
Туягы жерге илинбей,
Кайсы экени билинбей
Арманда болуп келатат,
Үстүндөгү жаш бала,
Ат чабуучу маш бала
Ээрден көтү кыйшайып
Үзөнгүдөн бут тайып,
Жыгыла жаздап оңолуп,
Жана кайра соо болуп,
Эми качан жетем деп,
Капчыгай өөдө зыркырап,
Таманынан кеткен таш,
Асманды көздөй чыркырап,
Жайык жерге чыкты эми,
Элдин үнүн укту эми,
Капталынан барды эми,
Ороңгунун Кула бээ,
Капталынан жетти эми,
Андан кыйып өттү эми,
Аккулага барганча,
Андан кыйып өткөнчө,
Байге жакын калды эми
Арт жагынан ошондо,
Мүчүп-мүчүп барды эми
Минтип өксүп калды эми.
Ат чапкан бала зыркырап,
Ыйлап келди буркурап.
Көк тоскоктун кыядан,
Көрүнөө түртүп жиберди,
Байгенин алды мен болуп,
Келе жаттым мен шордуу.
Көт жагында кем болуп,
Минтип өксүп келемин,
Оозу-мурдум чаң болуп,
Мынча журтка даң болуп,
Ушунтип калдым арманда
Адаштырып мыш болуп.
Алмамбет келип туш болуп,
Сарала менен койдуруп,
Минтип көзүм ойдуруп,
Минтип келдим арманда,
Баягыны укканда,
Кайраттанды Коңурбай,
Каары келди чоң Жолой,
Ушуну менен үч Жолой,
Бүгүнкүнү күч кылды,
Чыккан атты учуруп,
Кубатымды качырып,
Ушунтип тирүү жүргөнчө
Туубай туна чөгөйүн.
Тумшугу жок курган жан,
Мындан көрө өлөйүн!
Жанталашып ат минип,
Жабыла кытай жөнөдү
Мөндүлөшүп ат минип,
Бөлүнүп кытай жөнөдү,

Түркүн-түркүн эл болуп,
Түмөн түмөн кол болуп,
Караса көзгө илинбей,
Канча экени билинбей,
Каптап калган жер ошол!
Кара туман калың кол,
Каптап кирген жери ошол,
Айылдын баарын чаңдатып,
Аш бергенди сандалтып,
Астын үстүн мыш кылып,
Ууктарын кыйратып,
Уулу-кызын ыйлатып,
Керегесин кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Укуругун шиш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Ушунетип мыш кылып.
Жер дүйнөнүн баарысын
Кытай, калмак алды эми,
Орус менен кызылбаш,
О да кошо кирди эми.
Дин мусулман бенденин
Урушканын кырды эми.
Уу ичкендей кылды эми
Ошол элдин ичинен,
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Эштектин уулу Жамгырчы,
Кара жаак эр Үрбү,
Кандын уулу Жүгөрү,
Казактардын Көкчөсү,
Эламандын Төштүгү
Ошолоруң кете баштады,
Манасты жалгыз таштады.
Ат байгесин алышып,
Таарынып жолго салышып,
Баары кетти жол менен
Алда нече кол менен.
Көкөтөйдүн айылын,
Чыгарбады дайынын.
Кара туман калың кол,
Камап алган жери ошол.
Сандыргалы баатырың,
Жалгыз Манас жакырың
Өзү жүрөт салышып,
Өлбөгөн жерден калышып.
Кырк чоронун баарысы,
Кыраан Бакай карысы,
Кыргынды бүгүн салышты,
Кыйла адам өлүшүп,
Туу такандап турушуп,
Туруп алып урушуп,
Беш күнгөчө салышып,
Белсенишип сайышып,
Тогуз күнү туурушуп,
Тоого чыгып урушуп,
Бир күндөрү болгондо,
Орус менен кызылбаш
Ортосунан бөлүнүп,
Жаркыны күндөй көрүнүп,
Керинейин тартышып.
Кеттик мына деп айтып,
Кан Кошойго кеп айтып,
Арасынан суурулуп,
Заман акыр куурулуп,
Урушуңа кирбеймин,
Бирок капыр менен мусулман
Карчалышып салганда
Намыздашып алганда
Бир азырак кириштик
Кокусунан уруштук
Эми билгин кетебиз,

Кетбегенде нетебиз.
Чыга качты кытайдан
Ар кимиси бир жайдан,
Орустардын Бороончу
Көк темирге ороңчу
Чокту Кара баатырдын,
Чоң Борончу капырдын,
Эли чыкты бир илек,
Эсебин санап ким билет?
Кызыл баштын Сары дөө
Кан Кекубат бул экөө
Арасын бүгүн ачты эми
Кытайлардан бөлүнүп
Күн батышка качты эми.
Мусулмандын баарысы,
Багыш кандай карысы
Эштектердин Жамгырчы,
Кара жаак эр Үрбү,
Кандын уулу Жүгөрү,
Эламандын Төштүгү,
Ат байгесин алышып,
Казактардын Көкчөсү,
Кара аламан өзгөсү,
Туш-тушуна тарашып,
Өз жери жакка карашып,
Бет-бетинен кетти эми,
Манас менен Коңурбай,
Өлбөгөн жерде калышып,
Өпкөгө найза салышып.
Экөө калды сайышып,
Жолой менен кан Кошой,
Төртөө алды салышып,
Бокмурун менен Эзкара,
Булар да калды чабышып.
Айылдын ичин чаңдатып
Көргөндөрдү таңкалтып,
Кыяматтай иш болуп,
Аш берем деп мыш болуп,
Акыр заман күн болуп,
Астын-үстүн түн болуп,
Аягы бузук чыр болуп,
Акыр заман болгунча,
Түгөнбөй турган ыр болуп.
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп,
Ат боорунан чаң болуп,
Кой боорунан кан болуп,
Кытай менен мусулман,
Кылчылдашып келгенде,
Суудай акты кызыл кан,
Каркыранын талаасы,
Кай бир адам санаасы.
Ар тарапка жөнөлдү.
Көкөтөйдүн айылын,
Чыгарбай салды дайынын
Укуругун шиш кылып,
Унуткусуз иш кылып.
Ушу жолдо баатырды
Талап кетти мыш кылып.
Аккула аттын айынан,
Акыр заман көрдү эми.
Алы келбей турду эми.
Эзкара менен кан Жолой
Кылган иши ошондой,
Кандын уулу Коңурбай,
Беттешкенин оңдурбай,
Бээжинди көздөй бет алып,
Сүрүп алып жөнөлдү,
Эр азамат бүлөөнү,
Кырып алып жөнөлдү.
Колунан келген иштерин,
Кылып алып жөнөлдү.

Алакөөдөк мусулман,
Аш берем деп бузулган,
Коңурбайды карасаң,
Кылчайып түк карабай,
Кылча жанын аябай.
Ар жагы кытай эли экен,
Айлы жакын жер экен,
Ошол жерге аш берген,
Манас көөсөр эр экен.
Жыландай көзүн жылжытып,
Жылдырып айдап жөнөдү
Дин мусулман бендеден
Жалгыз киши карабай,
Жай-жайына тарады,
Кабылан Манас баатырдын,
Кантип иши оңолду.
Сасык айран көк курут,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Ошо жолдош болду эми.
Карыганда кан Кошой,
Кошо жолдош болду эми,
Кошойлордун он миң кол,
Огойлордун он миң кол,
Кошулуп жөнөп калды эми.
Кан Кошойдун элинен,
Бир миң жолдош чыкты эми,
Көкөтөйдүн айлынан,
Дагы бир миң кошулду.
Он эки миң кол менен,
Оролмолуужол менен,
Ойрон болгон баатырың,
Кошо жөнөп калды эми.
Күндөп-түндөп жөнөлдү,
Алган малды жылдырып,
Коңурбай жолго салды эми.
Айылына киши чаптырып,
Жоо-жарагын таптырып.
Жазайылын өңөртүп,
Саркердесин[1] көгөртүп,
Замбирегин комдотуп,
Сарамжалын оңдотуп,
Алман аскер кол келип,
Эсеби жок мол келип,
Асты бирөөн бербеди,
Аламын деп келгенге
Акыр заман салды эми
Үрүмчүнүн тоосунда
Үч күн тосуп турушуп,
Ары өткөрбөй урушуп,
Кыйла күнү жатышып,
Кызыл канга батышып,
Бир күндөрү болгондо,
Жекеме-жеке деп турушуп,
Жекеге чыгып урушуп –
Аккуланы моюндап,
Томогосун коюндап,
Токтой албай жекелеп,
Коңурбайга кыйкырып,
Кызыталак Коңурбай,
Кылган иши оңорбой
Мусулман салды кызыкты,
Капыр салды бузукту,
Кана бери чыккын деп,
Каруун келсе жыккын деп,
Кабылан Манас жекелеп,
Эми чыкты мекелеп,
Коңурбайга кошулуп
Жолой чыкты айкырып,
Ак жолборстой кыйкырып,
Ач бууданды алкынтып,
А да чыкты булкунтуп,
Аны көрүп Бокмурун,

Жыйырмада жашы бар,
Өлүмдөн качпас башы бар,
Мааникер аты кындыйып,
Жоо-жарагын кийинип,
А да чыкты кыңкыйып.
Ылаачындай кул экен
Кылар иши бул экен,
Өтүп кетти кордугу,
Өгүнтөн берки зордугу.
Ал экөөнө бул экөө,
Төрттөн болуп чыгышып,
Тобокелге салышып,
Маңдайлашып барышып,
Коңурбайды бет алып,
Коркпой төрөң качырып,
Аны көрүп Коңурбай,
Ала байрак сур желек,
Адамдан сааты бир бөлөк,
Алтын айлуу жез канжа,
Алачыктай чоң калча,
Коңурбай жөнөп калды эми.
Аны менен кошулуп,
Жолой жолго салды эми.
Кан Жолойду көргөн соң,
Тобокел деп Бокмурун
Өзү мыкты тору аяк
Кайдан турсун жан аяп,
Кан Жолойду качырып,
А да жөнөп калды эми
Эки-экиден болушуп,
Эми найза салышып,
Адегенде баатырың,
Коңурбай менен алышып,
Экөө бирдей тең жетип,
Найза төшкө так этип,
Айбалта башка шак этип.
Кайра тартып салышып,
Өлбөгөн жерде калышып,
Өпкөгө найза малышып,
Найзаларды сындырып,
Кулактын баарын тундуруп,
Кыя тартып турушуп,
Кызыгышып урушуп,
Туура тартып турушуп,
Туруп алып урушуп.
Колдун баары союлуп,
Колтуктары чоюлуп,
Эки көзү коюлуп,
Бирин бири алалбай,
Эч ылаажы кылалбай,
Тегеренип эңишип,
Бирин-бири жеңе албай
Ат үстүнөн эңе албай,
Аны таштап коюңуз.
Ар жагында чоң Жолой
Кабарынан болуңуз.
Бокмурунду карасаң
Шапылдатып жаа тартып,
Салып кирип келди эми,
Кан Жолойду карасаң,
Күндөй болуп күркүрөп,
Аны көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп.
Бокмурунду качырып.
Он эки кырды жез найза
Темири болот кез найза
Жолой баатыр жетти эми.
Мааникердин үстүнөн
Көмө коюп кетти эми.
Кыя болот кылычты
Кындан сууруп алды эми.
Тура электе баланын

Башын кесип алды эми.
Аны көрүп кырк бору
Падышанын нөкөрү
Ак сакал Кошой карысы,
Мусулмандын баарысы,
Жабыла жөнөп калышты,
Аялдабай жетти эми.
Эр Алмамбет баатырың
Аялдбай жетти эми
Найза менен этти эми
Алтын кемер чети деп,
Айдалынын бети деп
Эми ажалың жетти деп,
Алып келип бек сайды.
Алдым кулду – деп сайды,
Бир сайганда жеп салды.
Көмө коюп кетти эми,
Көт жагында эр Сыргак,
Башын кесип кетти эми.
Ошо бойдон кырк бөрү,
Падышанын нөкөрү,
Баары бирдей дуулдап,
Баабедин деп чуулдап,
Коңурбай менен салышып,
Өлбөгөн жерде калышып,
Өпкөгө найза салышып,
Жан аяган киши жок,
Капыр менен мусулман,
Карчылашып бузулган.
Бу дүйнөнүн бетине,
Суудай акты кызыл кан.
Падышанын кырк бөрү
Баары кыйын нөкөрү,
Кыра берди кырк бөрү
Аралады эр Бакай,
Акыр заман болду эми
Астын-үстүн кылды эми,
Ай асмандан тутулуп,
Айдын көзү бузулуп,
Күн асмандан тутулуп,
Күндүн көзү бузулуп,
Кыямат боло баштады.
Кыргынды Бакай баштады
Энөөлүктөн эр өлүп
Нечен сонун бөрү өлүп,
Азуулары аркайып,
Ат өлүмү андан көп,
Муруттары чычайып.
Эр өлүмү сандан көп.
Далай түрдүү адамдын
Көкүлү калды жер жайпап,
Муруту калды кан чайкап,
Өлсө дагы болбоду
Өжөр кытай оңбоду.
Кырылса да болбоду,
Кыйын калмак оңбоду,
Кытайдын колу бир илек
Бирөө эмес миң илек
Канча экенин ким билет?
Ой менен тоонун баарына,
Ойрон кытай толду эми,
Чамбылала чаң болуп,
Кызылала кан болуп,
Кылганы журтка даң болуп,
Далай жанды карасаң,
Жерде жатат нан болуп.
Ал аңгыча эр Кошой,
А күнү күүгүм кирди эми,
Керинейин тартты эми,
Кеткиле деп айтты эми,
Болду, болду, болду – деп,
Далай адам өлдү деп,

Капыр жактан сурунай
Жана чыкты тапылдап,
Кериней үнү бапылдап,
Кайрылгыла деп айтып,
Уруш болду деп айтып,
Кайрылышып карашып,
Өлүктөрүн санашып,
А күнү анда конушуп,
Эртеси күнү болгондо,
Өлүктөрүн табышып,
Урушту а күнү коюшуп,
Караса капыр мол болуп,
Жер жайнаган кол болуп
Дүнүйө жүзүн басыптыр.
Дин мусулман бенделер,
Акылынан шашыптыр.
Он эки миң кол эле,
Тең жарымы өлүптүр,
Арага элчи салды эми,
Кытай эсеп берсин деп,
Андан сурап калды эми.
Айта берсе дүң болгон
Кытайлардан өлгөнү
Таамай алты миң болгон.
Ажырашып көрүшүп,
Өлүктөрүн көмүшүп,
Бокмурунду көргөндө,
Кырк чоро баштан кыйкырып,
Кыямат кеттиң арстан деп,
Очогор тийип окко учуп,
Оозуңан кызыл кан кусуп,
О дүйнө жайдан кызга учуп,
Ойрон гана болдуң кайраным!
Кылычтан тандап курч алып,
Кыргыек тандап куш салып,
Кыямат жайдан кыз алып,
Кылчайгыс жерден тынч алып,
Кырааным шейит өлдүң деп,
Кыямат күндү көрдүң деп,
Кыйналганы мындан көп.
Ыйлагандар сандан көп.
Ошонетип олтуруп,
Өлүгүн көөмп болтуруп,
Эки күнү жатышып,
Нечен күнү атышып,
Кызыл канга батышып.
Өлгөнүңөн калганың,
Кете бегин Таласка,
Убалың жетер Манаска,
Ошону айтып кан Кошой,
Элдин баарын кетирип,
Өзү баштап жөнөшүп.
Ошондо Манас буралып,
Кошой дон бата суранып,
Бата бер! – деп, кол жайып,
Мойнуна саадак салынып,
Бата бер! – деп, Кудайга
Боздоп-ыйлап жалынып.
Кырк чоро менен барайын,
Же кыяматты көрөйүң!
Бокмурундун артынан.
Мен да калбай жөнөйүн!
Жалгыз ууру өңдөнүп,
Жалынып жүрүп алалы,
Бээжинге чейин баралы!
Абаке Кошой бата бер!
Анан элге кете бер!
Эр көгөрөр батадан,
Эгем таала Кудайым
Мындай кылган атадан.
Жер көгөрөр жаандан,
Кудай билет өлөмбү?

Кудай билет келемби?!
Ушуну айтып көк жалың
Көзүнөн чыкты от жалын
Абакеңиз кан Кошой,
Эки көздөн жаш кетип,
Эки колу бош кетип,
Кобурап Кошой наалыды,
Менден эмес Кудайдан
Кожо саным колдосун,
Ишиңди кудай оңдосун!
Кош аман бол жолборсум!
Эми сага жол болсун!
Кылган ишиң шар болсун!
Кызыр Илияс жар болсун!
Кырк чилтен кайып бир болсун!
Алганың асыл үр болсун!
Азирет Аалы бир болсун!
Алакан жайып дуба ачып,
Ак батасын берди эми
Алдоо акбар деди эми.
Эки камчы шарп уруш,
Кырк чородо не туруш.
Кытайды көздөй бет алып.
Кайра тарткан жер ошол.
Кошой элди бөлдүрүп,
Өөдө-төмөн желдирип,
Үй-үйүнө кетирип.
Ат-Башыны бет алып,
Абакең Кошой жөнөдү
Көкөтөйдүн айылы,
Андан кийин карасаң,
Эч калган жок дайыны.
Ошондон кийин жоголду,
Кантип алар оңолду,
Кытай талап жеп кетип,
Бокмурунду өлтүрүп,
Мына ушундай кеп кетип,
Айта берсе сыр болуп,
Акыр заман болгунча
Түгөнгүсүз ыр болуп.
Качан адам аш берсе
Аягы жаман чыр болуп,
Нуска болду башынан,
Көкөтөйдүн ашынан.
Аны таштап коюңуз!
Алиги кеткен баатырдын
Кабарынан болуңуз!
Сары-Арканы бет алып,
Сандыргалы баатырың,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Үрүмчүнүн тушунан,
Үч-Капканын башынан
Дабан ашып таш басып,
Түсү качып түн катып.
Бир күндөрү болгондо,
Капканын-Белин ашты эми,
Кан Жолойдун тушунан.
Кара ташты бет алып,
Какырата түштү эми.
Андан ылдый эңкейип,
Өзөндүү булак кара коо,
Ошого кирип барды го.
А күнү күүгүм кирди эми,
Ал үйгө конуп жатышып,
Эртеси күнү болгондо
Элге дүрбү салды эми.
Үрүмчүнүн тушунан
Боз дөбөнүн башынан,
Кара-Белди көрдү эми,
Кан Жолойдун шаарын,
Тегеректеп сан кытай,

Жаткан экен караса
Кан Жолоюн угузуп,
Жакындары кан кусуп,
Ошол жерге чогулуп,
Кечке жыйын болду эми,
Кытайлардын башына
Далай заман келди эми.
Туш-тушуна калың кол,
Жайнап кеткен жер ошол.
Булар да көрдү кыйынды,
Ылаанатка сыйынды,
Жаз болгондо чогулуп,
Жана жыйын кылалы,
Быйыл кыштап алалы,
Жолойдун уулу Төрөбек,
Төгүн-чынын ким билет,
Атасындай кул экен
А да мыкты уул экен,
Эсенканга кат берип,
Уруп зымды жиберип,
Ушунетип күтүндү,
Коло баштуу чоң канжа,
Коркуратып түтүндү,
Ону таштап коюңуз!
Бери жагында бектердин
Кабарынан болуңуз!
Улам кароол коюшуп,
Коштогон бээни союшуп,
Курсактары тоюшуп,
Кытайдын баары тарады,
Карап туруп кырк бөрү,
Тоо өлкөсүн карады.
Абай кылып караса,
Темирдиктин боюнда,
Тегеректин боюнда,
Саралалуу сан жылкы,
Жаткан экен быжырап,
Кулундары жыбырап.
Жылкынын баары дуулдап,
Жаткан экен чуулдап,
Атанын калың мал экен.
Ар кайсы жерде бар экен,
Аны көргөн эр Бакай,
Башынан мыкты эр экен,
Тил түшө элек экен деп,
Эми туруш бекер деп,
Күүгүм менен аттанып,
Жүрөргө жолун жатка алып,
Дүрбү менен мол көрүп,
Эсеби жок жан көрүп,
Азыр жөнөп калды эми.
Оюрманын бел менен,
Ойку-кайкы жол менен,
Аттанып чыгып кечинде,
Түн ортосу кезинде,
Карарып жаткан жылкыны,
Ачты бүгүн уйкуну.
Түп көтөрө жылкыны
Түн ичинде дүргүтүп,
Аяк өөдө үркүтүп.
Кара аягын какшытып,
Сары аягын шаңшытып,
Жолун үйүн эңтерип,
Жылкы тийди көңтөрүп!
Жылаңайлак жылаңбаш
Жылкычысы корголоп
Көзүнөн жашы шорголоп,
Тоого чыга качышып
Жолум үйдү ташташып,
Баары калмак какшашып.
Кала берсин бу жерде.
Кан Жолойдун сан жылкы.

Караласы миң жылкы,
Сараласы сандан көп,
Билериктүү сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы,
Тууганы душман көрбөгөн.
Бээ байталы төлдөгөн,
Адырда аты ала баш,
Аргымагы аралаш,
Тоодагы жылкы ала баш,
Токтобостон дүргүтүп,
Тополоң салып үркүтүп,
Таңдын эрте середе,
Темирдиктин кайкысын,
Жылкынын баарын ашырып,
Жолду чаңга жашырып,
Көргөн адам таң болуп,
Сары-Арканын адырга
Салып төрөң жөнөдү.
Түшкө чейин жол жүрүп,
Жылкыны айдап мол жүрүп,
Бетегелүү жайыкка
Берениң Манас таштады.
Кайра тарта баштады.
Кырк чоронун баарысы,
Кыраан Бакай карысы.
Кайра тартып кындыйып,
Тонун кийип зыңкыйып,
Муздай темир кийинип,
Буттай темир курчанып,
Кыраандар кайта жөнөдү.
Кызыл өңү сур чалып,
Темирдиктин кайкыга
Дагы чыгып келди эми.
Абай кылып караса –
Калмактан киши чыккан жок.
Ал ишинде арман жок,
Ок атар киши калган жок
Жору айланып жонунда,
Карышкыр улуп белинде,
Укуругун шиш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Кеткен экен көкжалың,
Төрөбектин түбүнө,
Жеткен экен кырк бөрүң.
Карап туруп кароолч,
Кайра тартып алды ошо,
Канкор Манас баш болуп,
Бет алганы таш болуп,
Бээжинден өчүм алдым – деп,
Бектерим аман болдуң – деп,
Оңдогун Кудай жолду деп,
Жан аяп киши калган жок,
Кырк чоро бизде арман жок.
Кайтып келсе кошунда
Тазбайматы ошондо.
Он чакты киши кашында
Семиз бээни союшуп,
Мис казандын ичине.
Белен кылып коюшуп.
Ал аңгыча баатырлар,
Аттан түшө калышып,
Алап-шалап этинен,
Нарын туурап алышып,
Карышкырдай талашып,
Ары-бери тоюшуп,
Көөнүн бүгүн тындырып,
Душмандын белин сындырып,
Жана жылкыны айдап жылдырып
Ырчы кулду жөнөтүп,
Көкчөгө барып айткын деп,
Атчан туруп кайткын деп,
Кечээ Кудай алган жети кан,

Жетөөнөн кетти жан
Бет-бетинен жөнөлүп,
Үйүн көздөй омолуп,
Үч ай мүлдө мен күттүм,
Ушунча элге мен түттүм,
Бир пайдасын көрбөдүм.
Мени менен жүрбөдү,
Кудай бардыр Көкчөгө,
Ушуну катуу айтып кел!
Темирдикти ашырдым!
Теңир урган Көкчөнүн
Айлын чаңга жашырдым,
Аралатып айдадым.
Мыкты болсо кутулсун.
Же башын салып калмакка,
Букара болуп бармакка,
Өзү билсин кем Көкчө!»
Деп ушунтип жөнөтүп,
Жылдырып жылкы айдады
Жыйылта казы байлады.
Кете берсин бу жерде,
Ырчы кул баатыр не жерде.
Айдаркандын айлына
Атчан жүрүп барды эми
Айтып кабар салды эми.
Айтып-айтып болгон соң
Кайра тартып жөнөдү.
Казактардын кан Көкчө
Өзү коркок кем Көкчө
Кошо көчүп жөнөдү.
Калмак менен аралаш
Өзү бирге аралаш,
Кою бирге короолош,
Буудайы бирге ороолош.
Ара, бозо жороолош,
Кулун тайы ширгелеш,
Үйү бирге иргелеш.
Казак калмак аралаш,
Бири-бирине каралаш,
Жыргап жаткан жеринен,
Жылас кылды канкоруң.
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы айлын көчүрүп,
Сары-Арканы таштады,
Илеге барып кыштады
Манас менен башынан,
Минтип ичи муздады.
Муну таштап коюңуз!
Мурда кеткен төрөңүз,
Кабарынан болуңуз!
Кордой менен кол салып,
Көк-Кыяга жол салып,
Жылкыны айдап жылдырып.
Көк-Кыяга жол салып,
Эл байларын чааптыр,
Эпсиз олжо тааптыр,
Сары өзөндү бойлогон,
Санаага далай ойлогон,
Ала Тоону этектеп,
Таластан берки капталга,
Кум-Арык менен Макмалга,
Бир күндө кирип барды эми.
Кырк чоронун жыйырмасы,
Жылкыны айдап жыласы,
Жылдырып келет жол менен,
Жыйырмасы кашында
Капкасы алтын коргонго,
Каныкейдин ордого
Казыр келип түштү го.
Кытайга барып кол салып,
Эсеби жок жылкы алып,
Эсен-аман келди эми

Ит агытып, куш салып,
Таласка жайнап жатты эми.
Күндө күчөп бу канкор
Күйгөн оттой күрүлдөп,
Күчөгөнүн көрө албай,
Күлдү жакшы күнүлөп,
Ортосу Талас, башы Чүй,
Олуя Ата чоң Ташкен,
Ошонун баары колунда
Кырк жигити соңунда,
Жылдызынын оңунда,
Жыргап жатыр момунда.
Каракалпак түркмөндүн
Казак, кыргыз бүткөндүн,
Баары ушунун колунда.
Ногой менен Шыгайдын,
Баары ушунун айлы.
Татар менен өзүбек
Эми чыгар сонун кеп.
Жыргап-куунап куш салып,
Быйылкы кышты бул алып,
Алты ай кышты алганда,
Ат кара тил болгондо,
Аты кетип Алайга,
Даңкы кетип далайга
Колу кетти Коконго,
Буту жетти Букарга,
Кылганы жетти Кырымга,
Алымы кетти Урумга,
Ойноп алды Ооганды,
Орус кайдан соо калды,
Басып алды бараңды,
Бараңдын баары карады.
Опол-Тоону түптөдү,
Олуяны бүктөдү,
Кашкар тоосун түптөдү,
Кандын баарын бүктөдү.

## ЖЕТИ КАНДЫН КЕҢЕШИ

Как ушунеткен кезинде
Баякы Көкөтөйдүн ашында,
Көп чогулган ошондо,
Жети киши шерт кылган,
Убаданы бек кылган.
Жети киши маанисин,
Эми айтайын таанысаң
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Эштектин уулу Жамгырчы,
Кара жаак эр Үрбү,
Кандын уулу Жүгөрү,
Казактардын Көкчөсү,
Эламандын Төштүгү,
Баягы жетөө кеңешти,
Как ушунтип бок жешти.
«Бу Манасты минтели,
Бир бокчосун тинтели,
Төштүк менен Жамгырчы,
Экөөң тойду кылгыла,
Элдин баарын жыйгыла
Ошондо кеңеш кылгыла!
Бата кылып тараштьы,
Опол-Тоону жердеген,
Намысын колдон бербеген,
Жамгырчы, Төштүк жанаша
Ырысына жараша
Экөө тойду кылышып,
Дөөнүн баарын жыйышып,
Как ошондо кеңешти

Мал семизин сойдуруп,
Үй тиктирип койдуруп.
Бая жетөө туруп кеп айтып,
Биз Манаска баралы,
Элчини бүгүн салалы,
Эли менен чыкырып,
Орто жерде камайлы!
Ойлоп акыл табалы!
Кокусунан энебей[2],
Кошун келсе ченебей,
Миңин бирден бөлөлү!
Бириндетип жөнөйлү!
Каканчынын калкына
Карайлатып алып баралы.
Канын карып кылалы!
Карысын тамам кылалы!
Бегин бейпай кылалы,
Бекерин койбой кыралы.
Келтирели кезине,
Бир түшөлү эсине,
Көрүнөлү көзүнө,
Уктаса кирсин түшүнө,
Ойгонсо кирсин үшүнө.
Ойгонсо алсын оюна,
Мындан кийин бу канкор,
Ченеп иш кылсын боюна!
Кечээ Көкөтөйдүн ашында
Көп чогулган ошондо,
Кеңеши кылып келгенде,
Төштүктү төшкө тепти – деп,
Дөөлөрдүн баарын нетти – деп,
Бизге эмине болуп кетти деп
Көкчөнү көмө койду деп,
Бизди көп ичинде сойду – деп,
Жамгырчыны жамдады,
Жалгыз курган Үрбүнүн,
Жаагын айра чаап кандады,
Бу эминени аңдады?
Качан бизден өөдө кул эле,
Баягы бай Жакыптын уулу эле.
Чак челекей киши эле.
Чала кайым ит эле,
Кырк чоросун карасак,
Кырк жерден келген кул болсо,
Кылган иши бул болсо,
Өбөгү бийик өрдөбү?
Өзү бизден өөдөбү?
Айылы бизден арбынбы,
Адамы бизден баатырбы,
Бу канкорду минтели,
Бир бокчосун тинтели!
Жети кандан кол барсак,
Жер майышып мол барсак,
Жеке Манас күтө албас,
Жер дүйнөнү алса да,
Чамасы келип түтө албас.
Коногуна шылтоолоп,
Короодон коюн соёлу,
Кордук кылып коёлу.
Өрүштөн бээсин жаралы,
Өкүм менен баралы.
Ары-бери кеп айтса,
Андай-мындай деп айтса,
Арачысын сабайлы,
Аламандап талайлы!
Күл багына камайлы.
Көсөмсүгөн чорого,
Көрсөтөлү далайды!
Соёлу кармап бээсин,
Көтүнөн келген ээсин
Чыгара муштап мээсин.
Капкайдагы канкордун,

Чыгаралы кэсин.
Дөөгүрсүгөн канкордун
Төбөсүнөн басалы,
Төрүнө кудук казалы!
Төрт түлүгүн чачалы!
Милдет кылып айталы,
Анан кайра кайталы!
Ошонетип кеңешип,
Жетөө туруп бок жешип,
Этектей болгон кагазга,
Калдырата кат жазып,
Аягына мөөр басып,
Төгүн болсо көрсүн деп
Төрө болсо жортсун деп,
Бас адам болсо корксун деп,
Баатыр болсо жортсун деп,
Ушу кезде Манастын,
Ой жагында орус бар,
Кыр жагында кытай бар,
Капталында кангай бар,
Касташканы далай бар.
Ошолорду көрбөйбү,
Ойсуратып душманды,
Олжо кылып бербейби.
Же күрөшкөнүн көрбөсөк,
Күрпөгүндө жүрбөсөк,
Алышканын көрбөсөк,
Айдыңында жүрбөсөк.
Же башыбыз сала кирбесек,
Чоро болуп жүрбөсөк,
Бу канкорду минтбесе,
Бир бокчосун тинтбесек,
Тирүү кантип жүрөлү!
Жетөө жети күлүк ат менен.
Алакандай кат менен
Жетөө жети киши жиберди.
Ат аябай жол жүрүп,
Алты күнү мол жүрүп,
Кашкардын шаарын бакалап,
Кайра баштан аттарын
Как ошо жерден такалап,
А күнү анда конушуп,
Эртеси жолго салышып,
Чакмак өөдө жол жүрүп,
Чатыр-Көлдү бет алып,
Ат аябай мол жүрүп,
Торугарттын белин ашты эми
Токтобой жолго түштү эми,
Арадан Нарын кечти эми,
Жумгалды көздөй бет алып,
Жүрөр жолун жат алып,
Андан өөдө жол жүрүп,
Суусамырды бойлошуп,
Шумдукту булар ойлошуп,
Ала-Бел өтмөк бет алып,
Ээрден көчүк деңкейип,
Ошо белден эңкейип,
Ортосу Талас, башы Чүй,
Ошо жерди көрдү эми,
Ошо кезде карасаң,
Аргын ногой аралаш
Жыйын болгон кези экен,
Андан бетер баатырдын
Кыйын болгон кези экен.
Капкасы алтын коргондо
Каныкейдин ордодо
Күндө күчөп бу канкор,
Күйгөн оттой дүрүлдөп,
Күчөгөнүн көрө албай,
Күлдү жакшы күнүлөп.
Как ушунткен кезинде.
Жыйын кылып кечинде,

Жаткан экен чалкалап.
Бет алганын талкалап.
Ошо кезде Манастын,
Ортосу Талас башы Чүй,
Олуя Ата, чоң Ташкен,
Туура жагы Наманген,
Ары жагы Анжиян,
Каракалпак түркмөндү.
Казак, кыргыз бүткөндү,
Аргын, ногой алашты,
Алты кылым адамды,
Алаканга салган кул.
Ай ааламды алган кул,
Аты кеткен Алайга
Даңкы кеткен далайга.
Буту жеткен Букарга,
Колу жеткен Коконго,
Как ушунткен кезинде,
Элчи келди кечинде.
Калайыктын баарысы,
Жыйын болгон кезинде
Арасына кирүүгө,
Кыйын болгон кезинде.
Не кыларын биле албай,
Кечке турду кире албай.
Көп кечигип кеткенде,
Эт бышымга жеткенде,
Канықейдин ак ордо,
Эл дүбүрөп чогулуп,
Турган экен ошондо,
Кирип чыгып шыпылдап,
Кызмат кылып лыпылдап,
Ажыбай деген чоросу.
Как өзүндөй жоросу,
Көрө коюп ошондо,
Эки колу боорунда.
Эр Ажыбай ошондо
Кирип келди кашына,
Кыраанындын астына.
Күлүстөн Манас төрөбүз!
Күлгөнүңдө кубанып,
Күн тийгендей көрөбүз.
Кабылан Манас төрөбүз,
Кабагыңды бүркөсөң
Кар жаагандай көрөбүз,
Адам айтар неме эмес,
Асты биздин эл эмес,
Минген атын карасам.
Бука моюн, буура сан,
Буктабакай, кулан жал
Кебеней курсак, кең соору
Кең Кашкардын жылкысы
Үстүндө ээсин карасам,
Жалаяк ооз жар кабак,
Кебез өтүк кендир боо,
Кийген кийми ушундай,
Эки көзү муштумдай.
Бутундагы кийгени,
Ай акактай чоң өтүк,
Сарт өңдөнүп далпайып,
Бая эле келди шалпайып.
Арабызга кире албай,
Айбатыңды биле албай.
Же келип жооп бере албай.
Кечигип калды бир далай
Муну кандай кылчубуз?
Как ушуну укканда
Кабылан Манас көкжалың
Көзүнөн чыкты от жалын,
Бели кетти мекчейип,
Көзү кетти чекчейип,
Мурду кетти кырданып,

Өңү кетти сурданып
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Ажыдаар түстөнүп,
Ант ичкендей жүздөнүп,
Адегенде бозоруп,
Андан кийин томсоруп,
Аягында кызарып,
Төрөңдү кудай урду эми,
Төрт кубулуп турду эми.
Ошондо төрөң кеп айтат.
«Ой, Ажыбай – деп айтат.
Ушу быйыл кеп уктум,
Ушак айың кеп уктум,
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Эштектердин Жамгырчы
Казактардын Көкчөсү,
Кара жаак эр Үрбү,
Эламандын Төштүгү,
Кандын уулу Жүгөрү,
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун бер жагы
Опол-Тоону жердеген,
Намызын колдон бербеген,
Жамгырчынын үстүнө
Той кылганын уккамын,
Чогулушуп кеңешип.
Ой кылганын уккамын,
Болсо дагы болбосо,
Ошондон келген жетөөдүр,
Жетип алып келгиле!
Эки жагын каратбай,
Айдап алып келгиле!
Улуктан келген элчи деп,
Улуу курмат кылбагын!
Жетөө бүтүм кылды деп,
Түбүн ойлоп турбагын!
Чукул-чукул кеп айтып,
Кууп кирип келгиле!
Он чакты киши алдынан,
Бууп тозуп тургула!
Аттан жерге түшүрүп,
Энтиктирип алгыла!
Эшиктен үйгө киргизип,
Өңгөңөр кайра калгыла!
Айбатымды салайын,
Сырын сурап алайын!
«Эмесе макул, куп – дешип,
Айткан сөзүн эп дешип,
Э дегенде не деген
Жоо дегенде жатбаган,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Падышаңын нөкөрү,
Баары кыйын кырк бөрү
Атка минип жабылып,
Адамдын кулак мурунун
Тумар кылып тагынып,
Кан төгүүчү баатыры.
Кара көңүл капыры,
Атка минип алышып,
Алтоо келди жарышып,
Бачым басып жүргүн деп,
Кайдан келген март элең?
Кай жактан келген сарт элең?
Аттан түшпөй короюп,
Баятан бери сороюп,
Эмине кылып турасың?
Манасты көздөй барасың!
Бачым жооп бересиң!
Кыйыктансаң өлөсүң!
Көргүлүктү көрөсүң!
Допулдата желдирип!

Кууп алып келтирип,
Ал аңгыча он киши
Алдынан тозо жүгүрүп,
Аттан түшкүн пияда!
Жоо баскын сыяда!
Өкүмүндү билгидей,
Оюң менен болгудай,
Ойгут журтуң бул эмес,
Билесиң го баатырды,
Баатыр Манас чакырды.
Түшкүлө, – деп күрсүлдөп,
Алдын тосуп алышып,
Аттарын кармай калышып,
Түш дегенде түштү эми,
Жандан үмүт үздү эми.
Албаң-далбаң түйүлтүп,
Кууп алышты жүгүртүп.
Эшигине келтирип.
Энтиктирип алдырып,
Өңгөсү тышта калды эми.
Элчилер үйгө кирди эми.
Жетөө кирип барганда,
Баатыр Манас туйгунуң,
Алайып көзүн салды эми,
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган,
Кабылан Манас көкжалдын,
Түсү турат бузулуп,
Жүзү турат кубулуп,
Уу ичкендей жүздөнүп,
Каарына караса,
Кыштын кыраан чилдедей,
Айбатына караса,
Жай саратан ысыгы,
Эми чыгат кызыгы.
Элчини Кудай урду эми
Эси чыгып турду эми,
Билеги кетти сабынан,
Жүрөгү кетти кабынан
Адашып калды табынан,
Айтам деген кебинен,
Муундары калтылдап,
Эки көзү жалтылдап,
Кандардын берген кагазын,
Сууруп алды койнунан,
Жаш шорголоп мойнунан,
Жакын барып берди эми.
Окуп-окуп олтуруп,
Аягына келтирип,
Түсү кетти бузулуп,
Жүзү кетти кубулуп,
Адегенде бозоруп,
Анан кийин томсоруп,
Аягында кызарып.
Төрт кубулуп турду эми,
Төрөңдү Кудай урду эми.
«Ажыбай кайда? Киргин! деп,
Айдап муну жүргүн деп.
Абактыга жапкын деп,
Акылын минтип тапкын деп.
Ачкадан жатып өлсүн деп,
Акыретти көрсүн деп,
Таң атканда баарынын,
Таманын тилип туз салып,
Куйкасын тилип от салып,
Көрбөгөндү көрсүн деп,
Куурап жүрүп өлсүн деп,
Айдап жөнөп алгыла!
Абактыга киргизип,
Бек бекитип салгыла!
Эртең менен болгон соң,
Жанагыдай кылгыла!

Деп ушунтип жөнөттү
Ажыбай айдап алды эми,
Алтоо жетөө кошулуп,
Абактыга киргизип,
Акимин артык билгизип,
Караңгы үйгө киргизип,
Кандыгын бүгүн билгизип,
Жатып калды шордуулар,
Таң атканча божурап,
Уктай албай кожурап,
Кейип минтип жатышып,
Керездерин айтышып,
Таң атканча уктабай,
Көзү илинсе солк этип,
Чочуп кетип болк этип,
Минтип шорун катырып,
Эптеп таңды атырып,
Эртең менен болду эми,
Күн ушундай келди эми,
Абакеңиз эр Бакай,
Ошо сөздү укту эми.
Алып келгин атым – деп,
Ылдам току, бачым – деп,
Байкуштарга барайын!
Баарынын сообун алайын!
Минтип жаткан шордууну.
Мен чыгарып салайын!
Атка минип эр Бакай,
Желип жортуп жөнөдү,
Капкасы алтын коргонго
Каныкейдин ордого
Как тушу на келди го.
Абакеңиз каркылдап,
Айтып турду баркылдап,
«Кокуй, Манас барсыңбы?
Баатыр экен деп жүрсөм,
Коштон чыккан карсыңбы?
Алат күн Манас барсыңбы?
Арстан Манас деп жүрсөм,
Ааламдан чыккан карсыңбы?
Жосуну жок сүйлөйсүң,
Жолду кантип бийлейсиң?
Баралы жок сүйлөйсүң
Баатыр экен деп жүрсөм
Элди кантип бийлейсиң?
Элчиликке өлүм жок!
Жуучулукка кордук жок!
Арага келген адамга,
Илгертен бери зордук жок
Чыгаргыла буларды!
Адашып келген кулдарды!
Айтып-айтып эр Бакай,
Бура тартып кетти эми,
Алданын кылган иши экен,
Аты Бакай болбосо,
Акылы артык киши экен,
Адам айтар эме эмес,
Аты Бакай дебесе.
Эрлиги андан кем эмес.
Ал аңгыча көкжалың,
Ыргып турду ордунан,
Кырк чорону кыйкырып,
Тазбайматты чакырып.
Байкуштарды чыгаргын!
Тамак берип оңдургун!
Абама жакпай калыптыр.
Ал аңгыча Тазбаймат,
Албаң-далбаң түйүлүп,
Абактыга жүгүрүп,
Болоттон кылган чоң кулпу
Болт дедире ачты эми,
Каалганын эшигин,

Качырата тартты эми.
Байкуштарды карасаң
Айта албастан сөздөрүн
Үңүрөйтүп көздөрүн,
Жан берүүчү кишидей,
Жаман болуп калыптыр.
Али да болсо жан чыкпай,
Аман калып калыптыр.
Баары келет унчукпай.
Бери баскын балдар – деп,
Кандан келген салдар деп,
Мейманкана беш үйгө.
От жакпаган чоң үйгө
Ошол үйгө киргизип
Сарамжалын билгизип,
Салган этин жегизип,
Эриккенче эт берип,
Кардыкканча кант берип,
Суусаганда бал берип,
Казы менен жал берип,
Ар даамдын башынан,
Алып келип мол берип,
Бүгүн жакшы жол берип,
Түнүн жакшы түш кылып,
Орундарын киш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Ошо бойдон баарысы,
Алты күнү сый көрүп,
Адегенде кыйнады,
Аягында ушунтип,
Алты күнү сыйлады,
Аты менен иши жок,
Ат караган киши жок,
Мур акырга бактырып.
Акылын Бакай таптырып,
Ошондо Бакай баш болуп,
Адис молдо алдырып,
Ак кагаздын бетине,
Аябастан жаздырып.
Эми тим жатпаймын бекер деп,
Өзү тийген экен деп,
Тим жатышым бекер деп,
Жети дөөгө барып айт!
Жамгырчыдай карыга айт!
Кылымдан ашкан эл менен,
Кырк миң аскер кол менен
Келсин бизге конокко!
Кийинкилер айтууга,
Кызык болсун жомокко!
Он беш күнү күтөйүн
Конок кылып жатайын,
Барысына түтөйүн!
Же болбосо артыңан,
Мен чыгайын жол менен
Элүү миң аскер кол менен!
Эр болсо мени күтсүн де!
Эки эле күнү түтсүн де!
Элим менен баксын де!
Эсебимди тапсын де!
Как ушунун баарын айт!
Жамгырчыдай карыңа айт!
Төгүн болсо коркомун,
Төрө болсом жортомун!
Болжолун азыр айткыла!
Эми балдар кайткыла!
Биз нече күндө барабыз!
Нече күндө келесиз,
Убаданы кылгыла!
Учурашып алгыла!
Элчи байкуш кеп айтып,
«Э, баатырым, деп айтып,
Элчи келген биз элек,

Эбин тапкан сиз элең,
Арага келген биз элек.
Акылын тапкан сиз элең,
Өзүң айткын кебиң деп,
Тапкын анын эбин деп,
Жана кайрып турду эми,
Ошондо Манас кеп айтып,
«Э,балдарым деп айтып,
Кылымдан ашкан эл менен
Кырк миң аскер кол менен
Отуз күндө келсин де!
Он беш күн конок болсун де!
Тамак ашын жесин де!
Так ошо күндө келсин де!
Мындан аркы акылды,
Жамгырчы абам билсин де!
Ушу жети дөөгө билгизем,
Жетөөңө жети жорго мингизем,
Эми кош аман бол балдарым!
Жолго түшкүн сардалым!
Жетөө жети жорго ат минип,
Жети торко тон ийип,
Азык-түлүк артынып,
Ак куржунга тартынып,
Суусун чалап байланып,
Тобокел деп шайланып,
Бүгүн чыкты коштошуп,
Алты күнү токтошуп,
Бүгүн чыкты Таластан,
Арбагы артык Манастан,
Минген атын коштошуп,
Анда сан да токтошуп,
Төгүнбү же чынбы деп,
Баягы канкор кырк чоро,
Кокус кирип келбесин,
Алдап түпкө жетбесин?!
Улам-улам кылчаңдап,
Ат болушка салды эми,
Айылдан узап алган соң
Аркыратып алышы,
Келе жатты жарышып,
Ала-Көлдөн эңкейип.
Ээрден көчүк деңкейип,
Элди көздөй бет алып,
Эсен жөнөп алдык деп,
Жорго минип теңселип,
Торко кийип белсенип,
Баракелде Манас деп,
Жери жайык Талас деп,
Ушун үчүн балаадан,
Болгон экен калас деп.
Күпсөрүн көр кутун көр!
Күлдү ногой журтун көр!
Аккуладай атын көр
Адамдан башка затын көр!
Жети жорго бар кылган,
Мингизип турган атын көр!
Жолдо ката жобурап,
Жомок кылды божурап,
Алты жети күн өттү,
Андан кийин бул жетти.
Булардын жолго киргени
Алты-жети күн болду,
Арбагы журтка дүң болду,
Адамдан мындай ким болду,
Азыр кирип келди эми,
Сары-Колдун сары талаада,
Ар нерсе бар санаада,
Элчилер качан келет – деп,
Эл чогулган кезинде
Сегиз күндө той тарап.
Как ушунткен кезинде,

Келип калды кечинде,
Жорго минип теңселип,
Торко кийип белсенип,
Минген атын коштошуп,
Жети дөөнүн кашына,
Келип калды токтошуп.
Атын балдар алышып,
Аттан түшө калышып,
Мына берген аты деп,
Мына жазган каты деп.
Кагазды сууруп алды эми
Жети дөөнүн алдына
Кагазды жайып калды эми.
Бизге берген тону деп,
Мына кылган жолу деп,
Ары-бери жай алып,
Бөйрөктөрүн таянып,
Кагазды колго берди эми,
Окуп-окуп отуруп,
Аягына келтирип,
Адегенде томсоруп,
Анан кийин бозоруп,
Эси чыгып кызарып,
Моюндары узарып.
Жерге кирген жети кан,
Жети кандан кетти жан,
Арбак урган алты кан,
Акылы кетип тантыган.
Кылымдан ашкан эл менен,
Кырк миң аскер кол менен,
Келсин дептир конокко,
Кийинки адам айтууга,
Кызык болсун жомокко.
Же болбосо барам деп,
Элүү миң аскер кол менен.
Эр болсо мени күтсүн деп,
Эки эле күнү түтсүн деп.
Муну кандай кылчубуз?
Элүү миңдей аскерди
Эми кантип күтөбүз
Буга кантип түтөбүз!
Үйдө кордук көргөнчө
Андан көрө баралы,
Айлын көздөй жүрөлү!
Элди санга салалы,
Эсебин бүгүн алалы!
Айылын көздөй барышып,
Аскерин жыйып алышып,
Санап-санап отуруп,
Отуз сегиз миң болду.
Булардыкы дүң болду.
Эки миңди табалы,
Эми үйгө чабалы.
Бая болжолууда баралы!
Как ушуну кылбасак,
Кыялы жаман киши эле,
Кылары бузук иш эле,
Кымыз ичип тойгондо,
Кыларын мунун билбедик,
Манасты көзгө илбедик,
Алда таала Кудайдын,
Көрөрбүз акыр буйругун,
Басып алдык кокустан,
Ажыдаардын куйругун,
Ошону айтып алышып,
Алтымышта чалдарын.
Он бештеги балдарын,
Ошону жыйып олтуруп,
Кырк миңге зорго толтуруп,
Кылымга мүлдө толдук деп,
Кырк миң аскер болдук деп,
Жамгырчы колду баштады,

Төштүк туусун аштады,
Желеги туудан бөлүнбөй.
Жердин жүзү көрүнбөй,
Караса көзгө илинбей,
Канча экени билинбей.
Кара туман калың кол,
Жөнөп калган жери ошол.
Колду айдап чаңдатып,
Көргөн жанды таңдатып,
Кериней, сурнай тарттырып,
Кашкардын шаарын басты эми,
Чакмак-Коргон бет алып,
Жүрөр жерин жат алып,
Чатыр-Көлүн ашты эми,
Ат-Башыны басты эми.
Ат-Башы ылдый келишип,
Арадан Нарын кечишип,
Чүйдүн башын бет алып.
Кочкор бойлоп жетишип,
Суусамырдагы Ташболот,
Барган киши мыш болот,
Аякы жол таштуу деп,
Быяктын жолу баштуу деп,
Арадан Долон бел ашып,
Нечен дабан тоо ашып,
Кубакынын белине,
Келди Манас жерине,
Сары Өзөндү бойлоду,
Сандыргалуу Манастын,
Салтанатын ойлоду.
Керме-Тоону этектеп,
Коштогон атын жетектеп,
Таластан бери капталга
Кум Арык менен Макмалга
Колдун алды барганда.
Аны таштап коюңуз.
Ар жагында баатырдын,
Кабарынан болуңуз!
Ушу бүгүн кечинде,
Аскер келген кезинде
Аккула менен болкоюп,
Асыл Манас болкоюп,
Абакеси Бакайга
Атчан келген жери ошол,
Жүргүн аба, баралы!
Колду тозуп көрөлү!
Келер күнү бүгүн деп,
Бүгүндөн калса төгүн деп,
Убададан кечкенди,
Тарап-тарап кеткендир.
Ушу жолу келбесе,
Атасынын көрүнө,
Энесинин төрүнө
Кирсе дагы койбоймун!
Ушу бүгүн келер деп!
Абаке Бакай ойлоймун,
Жүр, абаке, баралы!
Жоргонун белин чалалы!
Жолго түшүп алалы,
Жолго кароол коёлу!»
Эмесе макул, куп деди,
Баатыр сөзүң эп деди,
Кырк чоронун баарысы,
Кыраан Бакай карысы,
Белге чыгып барышты,
Барган жерден көрүштү,
Буудак буудак чаң менен
Мына ушундай даң менен,
Жамгырчы келет астында,
Асаба туусу желпилдеп,
Ак жоргосу бүлкүлдөп.
Он эки миңче кол менен,

Ошо келди жол менен.
Астынан баатыр барышып,
Амандашып көрүшүп,
Тобуңду бузбай тургун деп,
Мына бу жакка баргын деп,
Анын арка жагында,
Желеги туудан бөлүнбөй.
Жердин жүзү көрүнбөй,
Бир миң беш жүз кол менен,
Бу да келди жол менен.
Жедигердин Багышы,
Мунун колу как ушу,
Бу да келди көрүшүп,
Атчан салам беришип,
Анын колун бир бөлдү,
Анын кийин соңунда.
Ар нерсе бар оңунда,
Сегиз миңче кол менен,
Жетим чалдын Агышы,
Бу да келди кол менен,
Амандашып турушуп.
Кол беришип көрүшүп,
Аны бөлүп салды эми
Анын арка жагынан.
Кара жаак эр Үрбү
Казактардын Көкчөсү
Кандын уулу Жүгөрү,
Эламандын Төштүгү,
Беш миң аскер кол менен,
А да келип көрүшүп,
Аралашып алышып,
Ошондо Манас кеп айтып,
«Э, кырк чоро, деп айтып,
Кырк миң аша кол экен,
Бу да аябай зор экен,
Кыркыңар кырк миң колду күткүлө!
Бар болсоңор түткүлө!
Курсагы ачып калбасын!
Кубаты качып өлбөсүн!
Күтө албасаң айткыла!
Күтбөйбүз деп кайткыла!
Шыгай менен ногойдун,
Түтүнүнө бөлөйүн
Өзүм багып көрөйүн!»
Ушунтип Манас буюрду,
Баарысы бирдей куп дешип,
Макул болот эп дешип,
Ондон бөлүп алышып,
Бөлүп-бөлүп олтуруп,
Коноктун баарын болтуруп,
Сырдаган үйгө киргизип,
Сый-сыпатын билгизип,
Агарган үйгө киргизип,
Арбагын анык билгизип,
Түндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союп,
Эртең менен кечинде,
Семизден бирден кой союп,
Түнүн жарык түш кылып,
Орундарын киш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Эриккенче эт берип,
Суусаганча бал берип,
Кардыкканча кант берип,
Казы менен жал берип.
Арага кошуп бал чайкап,
Казыга кошуп жал чайнап,
Конок күтүп жайкактап.
Как ошондо караса,
Кырк чоронуна баарысы
Отузу конок алыптыр.
Конок таппай короктоп,

Өөдө-төмөн сороктоп,
Бири-биринен сурашып.
Ала табак тарттырбай,
Манаска киши артырбай,
Байлыгы эмей немине,
Отуз тана чоро күткөнү,
Ошон этип отуруп.
Он беш күнү түткөнү.
Эр башына карасаң,
Экиден жаздык коюлуу,
Кол-аягы чоюлуу.
Жыргап-куунап жатты эми,
Эркек менен ургаачы,
Экиден иштеп бир үйдө,
Тасторкону жазылуу,
Ар даамы үстүндө
Аралаштыра чачылуу
Ошондо аскер кеп айтат,
Жеке эле бизди минттиби?
Бир-бирине киришип,
Басып жүрөт көрүшүп,
Баары ушундай туш келген,
Баракелде Манас деп,
Жериң жайык Талас деп,
Ушун үчүн балаадан,
Болгон экен калас – деп.
Аттар кантти экен деп,
Аттарды барып көрүшүп,
Абай кылып караса,
Асман-көктү кароодо,
Баары бирдей тароодо.
Тарак менен таратып,
Эки атка бир киши
Эрмек кылып каратып,
Арпадан кишмиш жем берген,
Азирет Аалы Шаймерден,
Башында мындай дем берген.
Ошонетип отуруп.
Он беш күндү толтуруп.
Эр семирип күшүлдөп,
Мурду бүтүп бышылдап,
Ат семирип бук болуп,
Аттана турган чак болуп,
Убадасы карк болуп.
Как ушундай күндөрдө,
Кабылан Манас көкжалың,
Атка минип алды эми
Ажыбай, Бакай, Алмамбет,
Арыстан Чубак, эр Сыргак,
Алтоо атка минишип,
Аралап элге келишип.
«Эсебиңи бергиле,
Эми чыгып келгиле!
Элди санга саламын,
Эсебиңди аламын.
Конуш билген жакшылар!
Кол бийлеген кашкалар!
Теги быйыл шашбаңар!
Издеп мага келдиңер,
Ирет менен жүрүңөр!
Тамак-ашка тойгон соң,
Мындай чыгып келгиле!
Майдан жерге баргыла!
Бардап чактап көргүлө!»
Мына ушунтип жөнөлдү,
Капкасы алтын коргонго,
Каныкейдин ордого.
Кайра барып түштү го.
Тоодой болгон тактаны,
Төртөө-бешөө көтөрүп,
Төрөлүктү билгизип.
Как ушу жерге келгиле,

Эсебиңди бергиле!»
Ошо жерге жыйнатып.
Он беш күнү сыйлатып,
Как ошонтип чогулду.
Ал аңгыча жети кан,
Жети канды карасаң,
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Эштектердин Жамгырчы,
Кара жаак эр Үрбү,
Казактардын Көкчөсү,
Кандын уулу Жүгөрү,
Элемандын Төштүгү,
Баары бирдей лыкылдап,
Аралашып быкылдап,
Каркырадай катарлап,
Казыр чыгып барды эми,
Баарын санап көрдү эми.
Таамай кырк миң болуптур,
Айтканына толуптур,
Баары келди кашына.
Ар жагына караса,
Жана кырк миң калың кол,
Келе жаткан жери ошол.
Эки кырк миң сексен го,
Барган жери жексен го.
Орто жерди карасаң.
Он миң аскер кол келди.
А да калың мол келди.
Ногой менен Шыгайдын,
Ошолордун колу экен.
«Ойронуң Манас баатырдын
Өз айлы да мол экен,
Ушу быйыл карасаң,
Жылдызына оң экен,
Качан болсо баатырдын,
Арбагы артык чоң экен.
Аскери токсон миң болгон,
Арбагы журтка дүң болгон,
Адамдан мындай ким болгон.
Жан жолдошу кырк болгон,
Жалпы кыргыз журтуна
Шамал тийгис ык болгон,
Ченине келген эр болгон,
Челишем деген душмандын
Жүрөгүнө чер болгон.
Алганы насип үр болгон,
Азирет Аалы бир болгон,
Жери Талас күр болгон,
Жемиши көктөп гүл болгон,
Ушун үчүн Манас деп,
Жери жайык Талас деп,
Кырк миң аскер кол консо,
Кырк кишиче болбосо,
Кылган иши бул болсо,
Кылапат айткан оңбосун!
Кыйышкан кантип соо болсун!
Алты мин аскер кол консо,
Аш ичкенче болбосо.
Ар кылганы бул болсо,
Атканы кайдан соо болсун,
Арбагы кантип жоголсун!
Алты кан асты оңбосун!»
Кошоматты коп айтып,
Баары ушунтип турду эми.

## БЭЭЖИНГЕ КАЗАТ

Алтын тактын үстүнө
Айкөл Манас минди эми.
Оң жагына эр Бакай
Кошо келип отурду,
Сол жагына Алмамбет
Ошо келип отурду.
Ажыбай менен эр Чубак,
Көзгө сайчу көк Сыргак
Атка минип алышып.
Ары-бери бастырып,
Арасында ал турду.
Ошондо Манас кеп айтат:
«О, калайык, деп айтат,
Жашың менен карың ук!
Жалпы журтум, баарың ук!
Эрге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек.
Мен кезектен кутулдум,
Эми силер тутулдуң.
Аябастан малымды.
Конок кылып күттүм – деп.
Он беш күнү түттүм – деп,
Эми айтайын сонун кеп.
Абалында касташтың,
Мени менен басташтың,
Кечээ, эр Төштүктүн тоюнда,
Баарыңардын оюнда
Менден бөлөк жооң жок,
Малдан бөлөк дооң жок.
Анынды айтып нетейин,
Арманымды айтып өлөйүң.
Кечээ, Көкөтөйдүн ашында,
Кеп чогулган кашында,
Капыр менен мусулман
Кырчылышып келгенде
Каркырага толгондо,
Капыр курчап келгенде.
Ар кимиңе кеп айтып,
Андай-мындай деп айтсам
Ошону кек кыласың,
Оюңа алып жүрөсүң.
Алалыгың билген соң,
Анан капыр мыш кылды,
Ошол ашта билдиңер,
Унуткусуз иш кылды.
Талап алды айлымды,
Өлтүрүп кетти бегимди,
Уктуңарбы кебимди.
Таап кетти эбимди!
Эми кудай маа бергенби,
Эрегишип алдыңар,
Эми алдыма келдиңер.
Бээжиндеги Коңурбай
Канды казат кылалы!
Мелтиреген тозоктон
Жанды азат кылалы!
Дүүлдөгөн кытайга
Жүрүп казат кылалы!
Дүркүрөгөн тозоктон
Жанды азат кылалы!
Өлсөк шейит кечели,
Учмак көздөй учалы,
Үр кызынан кучалы,
Өлүп калсак тобокел,
Жүр, Бээжинге баралы!»
Ошонетип турду эми.
Манас кебин урду эми,
Макул деген киши жок,

Муну менен иши жок.
Арбак урган алты кан
Акылы кетип тантыган,
Жерге кирген жети кан,
Жети кандан кетип жан.
Айткан кебин угушуп,
Алдын эле чукушуп.
Көк жорудай үңкүйүп,
Алдын карап дүңкүйүп,
Жооп берген киши жок.
Жана кайра сурады,
«Ушу кебим эппи деп.
Ушу кандай кептир» – деп,
Айткан сайын үңкүйүп,
Ылдый карап дүңкүйүп,
Жооп берген бир жан жок,
Макул деген тири жан жок,
Жана кайра кеп айтты,
«Уккула журтум, – деп айтты,
Жардыгым жалган болгон соң.
Жан чыккандай боломун,
Өкүмүм экөө болгон соң,
Мен өлгөндөй көрөмүн.
Да бир сөздү сураймын,
Мылтык атып, от алган,
Мерген журтум барсыңбы?
Бээжин деген шаарды
Көргөн журтум барсыңбы?
Коңурбайдай калчанын
Коен өңдүү сурчасын,
Алган журтум барсыңбы?
Күрпүлдөктүн Кара-Шор,
Барган журтум барсыңбы,
Ушунуңду сураймын,
Мен кезектен кутулдум,
Эми силер тутулдуң.
Тутулбасаң нетесиң,
Эми кантип кетесиң.
Мынча чогулушуп алган соң,
Чоң-Бээжинге баралы!
Чочунбастан жүрөлү!
Чогулушуп келгениң,
Тоого чыккан мергениң,
Бирөөң жолду бийлегин!
Бирөөң колду бийлегин!
Кана, бери чыгып сүйлөгүн!»
Ушуну менен үч айтты,
Кийинкисин күч айтты.
Андан бетер жоголду,
Кантип иши оңолду.
Ошондо баатыр Манастын
Көзү кетти чекчейип.
Бели кетти мекчейип,
Муруну кетти кырданып,
Өңү кетти сурданып.
Түзү кетти бузулуп,
Жүзү кетти кубулуп,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Ажыдаар түздөнүп,
Дагы турду кеп айтып.
«Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө сонун иш көрдүм,
Мен айтайын түшүмдү,
Таап бергин ушуну!
Акылы жетик аңдагын,
Ою жетик ойлогун,
Оозу чечен сүйлөгүн!
Жети баштуу ажыдаар,
Жерден чыгып жутунду,
Мени көздөй умтулду.
Кире качар көр таппай,
Чыга качар төр таппай,

Акылыман шашкамын,
Аккула мине качкамын.
Албарсымды колго алып,
Кыя тартып карасам,
Алалыгы билинип,
Ар кимиси бир талга
Калган экен илинип,
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!»
Андан бетер үңкүйүп.
Жерди карап дуңкуйуп,
Жетөө ойлоп турду эми,
«Же мындай конок күтпөсөк.
Же кебин таап айтбасак,
Биз өлбөстөн ким өлдү,
Бизден башка ким өлдү?»
Баары ушунтип тургуча,
Абакеңиз эр Бакай
Тура калды аңгыча,
Ак сакалы жаркылдап,
Айтып турду баркылдап,
Ары бери шартылдап,
Кармаганы канды кул,
Качырганы шаңдуу кул,
Айткан кеби мына ушул.
Коштогону Коён боз,
Төшөнгөнү баяндос,
Караңгыда жол тапкан.
Көргөндүгү бар эле,
Камалганда сөз тапкан,
Чечендиги бар эле.
Үзүлгөндү улаган,
Жыгылганды жөлөгөн,
Эпчилдиги бар эле.
Ошондо Бакай кеп айтып,
«Ойрон Манас» – деп айтып,
Баары моюн ийилип,
Как алдыңа жыйылып,
Өзүң биле турган соң,
Эмине үчүн минтесиң?!
Андан көрө түшүңдү,
Кудай оңдойт ишиңди,
Чогулушкан кишиңди,
Көп эле минте бербегин!
Баятан бери тергедиң,
Ишенбесең карагын,
Баары жаман тердеди.
Жети баштуу дегениң,
Кечээ Көкөтөйдүн ашында,
Көк дөбөнүн башында,
Акылынан шашты эле,
Ар кимиси айлына,
Жанын ала качты эле.
Ошондо жалгыз сен калдың,
Жаныңда жалгыз мен калдым,
Карган Кошой бул калды,
Катындары тул калды,
Кайран Бокмурунду өлтүрдүк,
Ишти ошондо бүтүрдүк,
Баятадан кеп айттың,
Жакшы эле элге көп айттың,
Кана бирөө укканы,
Мен барам деп чыкканы.
Баятан бери жакшы эле,
Башын салып ыктады,
Эми Манас кулунум!
Ойлоп турам туйгунум,
Асыл Манас ойронум!
Абалдан бери Кудайым
Мындайга каалап койгонуң.
Эми кебиң таштагын,
Жолду өзүң баштагын!

Элди өзүң бийлегин,
Кепти өзүң сүйлөгүң!»
Ошондо төрөң кеп айтып,
«Э,калайык – деп айтып,
Мен бийлеген кеп болсо,
Баарыңарга эп келсе,
Карыганда Бакайды,
Кан көтөрүп алалы!
Калайыктын ичине
Даң көтөрүп алалы!
Бакай колду бийлесин,
Алмамбет жолду бийлесин.
Чымындай жандын айынан,
Чын дүйнөнүн айынан
Чыгып келген Бээжинден,
Эгизинен так болуп,
Эгем таала дин үчүн
Энесине жат болуп,
Айрысынан так болуп,
Алла таала бир үчүн
Атасына жат болуп,
Таштап Бээжин журттарын,
Талак кылып буттарын,
Ошол айткан жеримди,
Ашуу дабан белимди
Ашып келген Алмамбет
Закым көкүм элинен,
Качып келген Алмамбет
Жол бийлесе канетет?
Карыганда Бакай кан
Кол бийлесе канетет?»
Калкына кайра кеп айтып
Как ушуну көп айтып,
Канкоруң Манас турду эми.
«Адам айтар эме эмес,
Аты Бакай болбосо.
Эрдига менден кем эмес.
Алданын кылган иши эле,
Мени мынча көтөргөн,
Абакем Бакай ушу эле.
Ушуну айтып турду эле.
Колдун баары буркурап.
Кобо калды чуркурап.
Кол көтөрүп дуулдап,
«Кылым кытай чабылбас,
Чабылса да кытайдан
Мындай акыл табылбас
Бали-бали Манас деп,
Балаадан болгон калас деп,
Алмамбет менен Бакайга
Өлсө кошо өлөлү,
Өнөрү болсо көрөлү
Колго түшсө түшөлү,
Көтүнөн кошо сүрөлү,
Колго кирсе кирели
Көтүнөн ээрчип жүрөлү!»
Жалпы журту дуулдап,
Айтып турду чуулдап,
Ошондо Манас кеп айтып,
«Жыйылышып келгиле,
Мөөрүңөрдү бергиле,
Ак кагазга жазгыла,
Мөөрүңөрдү баскыла!
Адис молдо алдырып,
Ак кагазга салдырып,
Мөөрлөрүн басышып,
Убаданы бек кылып.
Как ошондой шерт кылып.
Колдун баарын таратып,
Көтөргөн үйгө киргиле!
Кадимкидей жүргүлө!
Эртең Бакай кол баштайт,

Алмамбетиң жол баштайт,
Атың арык келгениң
Аттан ибеп[6] жегениң
Өзүм барбайм дегениң
Ушу бүгүн кайткыла.
Кайтабыз деп айткыла!
Эртең бирөөң кеп айтсаң,
Эми кетем деп айтсаң,
Атың арык болсо да
Атыңы союп жеп кетем
Өзүм барбайм дегенди
Өзүн союп кекетем.»
Как ушунтип турду эми
Элди Кудай урду эми,
Билеги кетти сабынан,
Жүрөгү кетти кабынан.
Ондон, бештен болушуп,
Кеңеш кылып алышып,
Кетбес болуп калды эми.
«Ушу баатыр Манастын
Өнөрү болсо көрөлү,
Өлсө кошо өлөлү
Айдыңында жүрөлү,
Күрөшкөнүн көрөлү,
Күрпөңүндө[7] жүрөлү!
Биз да кошо баралы,
Мындан кантип калалы.
Кетпейбиз» – деп, кеп айтып,
Жалпы чуулап жөнөлдү.
Жай-жайына тарашып
Көтөргөн үйгө барышып,
Кечке үзүр көрүшүп.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
А күнү баары тим жатып
Эртеси күн болду эми,
Багымдатын окушуп,
Баатырлар атын токушуп,
Керней тартып бапылдап,
Сурнай тартып такылдап,
Абакеңиз эр Бакай,
Алтын тууну көтөрүп,
Асабасы желпилдеп,
Ак сакалы селкилдеп,
Колду Бакай баштады.
Коенбозун коштоду,
Суу акбаган кең сайдан,
Сурнай тартып жез найдан,
Алиги колдун баарысы
Аттанып чыкты ар кайдан.
Бакай колду баштады,
Алмамбет жолду баштады,
Аскерди кийин таштады,
Жоргонун-Белин бет алып,
Күн чыгышты жат алып,
Семиз атын жаратып,
Асман көктү каратып,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Туйгундардын баарысы
Жорго минип жылжытып,
Бурулуп жолго салышты.
Арык атын жемдетип,
Азаматын демдетип.
Ал аңгыча Алмамбет
Колду кайра токтотуп,
Кой чакырым окутуп,
Ошол элдин ичинен
Бир кишини Макаска,
Кайра узатып жиберди.
Он беш күнү конокко,
Кызык болуп жомокко

Кырк чороңуз күттү го,
Барлык менен түттү го.
Кош башына бир бирден,
Жалгасын бээсин берсин де!
Жалгаса Кудай жалгасын!
Жалгабаса Бээжинден
Чын дүйнөгө барганда
Чылбыр тутам боосу жок,
Сыңар чака доосу жок.
Ушул элдин ичинен
Өзү аман калабы,
Анткендин жолу болобу.
Антип жүрсө оңобу?!
Аңдышкан айыл конобу?»
Ошонетип жөнөтүп,
Алмаң токтоп турду эми.
Ал аңгыча көкжалың
Каныкейдин кашынан
Көрө коюп Алмаңды
Бери бирөө салганды
«Малаке, Кочкор кайда? – деп,
Жылкыны бери айда» – деп,
Жана бирөөн жөнөттү,
Бери карай чапкын деп.
Бара жаткан аскерден
Бирден киши тапкын деп,
Кайта алып келгин деп.
Кош башына бир бээден
Союш алып жөнөсүн,
Өнөрүмдү эл көрсүн!
Бачымырак жөнө сен,
Токтот кайра колду деп,
Муну мындай жөнөтүп,
Малаке, Кочкор эки кул
Жылкыны айдап келди ошол.
Билериктүү сур жылкы
Минилбеген кур жылкы,
Чубуруп айдап келишип,
Бирден кармап келишип,
Азоолорун мөңкүтүп,
Жылкынын баарын жөнкүтүп,
Айдап келди алдына.
Кээ бирөөнү карасаң-
Колунан кокус бошонтуп,
Чылбырга колун сыдыртып,
Кууп жүрөт сыдыртып,
Керели кечке дуулдап,
Элдин баары чуулдап.
Ушу бүгүн кечинде
Намаз бешим кезинде,
Араң чыкты Таластан,
Ак чатырын бүктөшүп.
Арта салып жүктөшүп,
Көк чатырын бүктөшүп,
Көтөрүп алып жүктөшүп.
Колду белден ашырып,
Айлын чаңга жашырып,
Бакай баштап алды эми,
Алмамбет белде калды эми.
Керме-Тоону түптөдү,
Керкке[7] кошун жүктөдү
Ала Тоону түптөдү,
Атка кошун жүктөдү.
Сары-Өзөндү бойлоду,
Сапарды минтип ойлоду.
Шибердин улуу жол менен,
Токсон миң аскер кол менен,
Толуп жаткан эл менен
Бакай барат бу жерде,
Алмамбет калды элетте,
Ээрдей сары белесте,
Эки-үч киши кашында,

«Төрөм качан келет» – деп,
Кыбыланы бет алып,
Кылчайып турат бу жерде,
Ал аңгыча көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын,
Каныкейдин ордодон,
Капкасы алтын коргондон,
Желмаянын чөгөрүп,
Жез казанын көмөрүп,
Жоо-жарагын бөктөрүп,
Жазайыл үнү жаңырып,
Койчагыр үнү чаңырып,
Замбирек үнү күркүрөп,
Аны көргөн бенденин,
Азат бою дүркүрөп.
Кырк чоронун баарысы
Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып.
Жалпы чыкты камынып.
Кызыл өңү сур чалып,
Баары темир курчанып,
Муздай темир кийинип,
Аттын баарын карасаң,
Ок жыландай сойлотуп,
Болот калкан, соотун
Ар мүчөгө ойнотуп.
Падышанын кырк бөрү
Баары кыйын нөкөрү,
Каркырадай келишип,
Катарлашып алышып,
Баатыр Манас туйгундун
Артынан түшүп жөнөдү.
Алиги кеткен Алмамбет
Кайра тартып алды эми.
Карап туруп көкжалың,
Кан Манасты бет алып,
Астынан жөнөп калды эми.
Ал экөө келгенче
Аралашып алганча,
Арт жагында кеп канча.
Каныкей кана көрүп жөнөлдү.
Көзүн салып турду эми,
Алмамбеттин тартканы
Ичинде сырын билди эми.
Желбегей торко кийди эми,
Желик жолго минди эми.
Жеңекеси Каныкей,
Жээлигип жолго кирди эми.
Алмамбет, Манас баш кошуп,
Кырк чоро баары окшошуп,
Бир азыраак токтошуп.
Ушунетип турганча,
Этек-жеңи дирилдеп,
Каныкей келди артынан,
Алмамбеттин дартынан
Кыйгап өтүп алды эми,
Аттан түшө калды эми.
Эки колу боорунда.
Кан Манастын доорунда
Чагылгандай көзү бар,
Чак эткендей сөзү бар.
Улар үндүү, кой көздүү,
Ургаачыда бал сөздүү.
Караңгынын жылдызы
Кайып кандын жалгызы,
Кой ичинде серкеси,
Темиркандын эркеси,
Тербелбеген Каныкей
Ошо кезде Семетей
Эмгектеген кези эле.

Тоту куштай үндөнүп,
Токтой калып сүйлөнүп,
Күкүк куштай үндөнүп,
Күймөлө калып сүйлөнүп.
Күлсө тиши кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Күймөлсө жыпар жыттанып,
Булбулдай сайрап таңшыды,
Муңдуу киши жашыды.
Минтип айтып ошону:
«Самооруң алтын, сары жез,
Саларга чыктың ушул кез,
Ак табак алтын сары жез,
Аттанып чыктың ушул кез.
Атын уккан Бээжинге
Аттанып кетип барасың,
Алда кандай болосуң?!
Байгамбар барган келбеген,
Чалияр чаркы келбеген,
Падышалар жеңбеген,
Искендер изин салбаган,
Сулайман сурак албаган,
Азирет Аалы келбеген,
Адамдын уулу жеңбеген,
Аткан огун санаган,
Атышамын дегендин,
Канын ичип жалаган,
Аны барса-келбес атаган.
Ошону көздөй жөнөлдүң,
Баарыңарга эп болсо,
Мен суранган кеп болсо.
Кайра тартып келсеңер,
Колуман даам жесеңер!»
Как ушунтип бурулуп,
Каныкей турат алдында
Алда нече кубулуп.
Ал аңгыча көкжалың
Көзүнөн чыгып от жалын.
Каарын катуу салды эми
Каныкейдей жеңеңе
Акырайып алды эми.
«Каныкей, сага не болду?
Акылың кайда жоголду?
Байбиче десем мактанып,
Келинчек десем керилип,
Сүйлөөрүңө эринип,
Жүйөөсү жок сүйлөйсүң,
Колду кантип бийлейсиң.
Баралы жок сүйлөйсүң,
Башты кантип бийлейсиң.
Мен Манасты бийлейсиң.
Эрегишип эл келсе,
Эсеби жок кол келсе,
Бакай колду баштаса,
Манасты артка таштаса,
Анан менин жатып алганым
Как ошондо Каныкей,
Түгөнөр бекен арманың?»
Ал аңгыча Алмамбет
Арасына кирди эми,
Айтып өтө берди эми.
Айтса-айтбаса төгүнбү,
Аяштын сөзү тегинби
Жүргүн, баатыр, баралы
Кайра тартып алалы.»
«Эмесе макул, куп деди,
Алмамдын сөзү эп деди.»
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чалдай карысы
Кайра тартып алышты.
Уккан жерде Каныкей,
Этек-жеңин түрүнүп,

Эбелектей жүгүрүп,
Ыргып атка минди эми,
Жорго менен былкылдап,
Жолго түшүп кылтылдап,
Ат алуучу баладай,
Салып кирип келди эми.
Атын таштап ыргытып,
Үйгө кирип барды эми.
Каныкейдин кырк келин,
Кынай бууган бекбелин.
Кырка басып барды эми,
Бирден атын алды эми.
Шоорук кандын Акылай,
Шоодураган капыр ай,
Аккуланы алды эми.
Сыр мамыга чалды эми.
Шыпылдаган капыр ай,
Эшик тартып калды эми.
Каныкейди карасаң,
Үйдүн ичин сем кылган
Үсүрдү мындай ким кылган.
Аюу талпак салдырып.
Ар жерине койдуруп,
Олпок менен мамыкты
Ортосуна төшөдү.
Ошондо Манас олтуруп,
Кырк чоронун баарысы,
Кырка тартып олтуруп.
От ордундай самоордо.
Он чактыны койдуруп,
Даярланып күтүндү.
Өчүрүп алып түтүндү,
Самоорлорун киргизип,
Сарамжалын билгизип,
Тасторконун жайнатып,
Чайын кызыл кайнатып.
Сары казы, кыйма жал,
Сандыргалы баатырлар,
Тамак-ашка тоюнуп,
Эки көзү коюлуп,
Эрикченче эт берип,
Суусаганча бал берип,
Кардыкканча кант берип,
Бата кылып салышып,
Бастырабыз деп айтып,
Аскер жөнөп алган соң,
Бакай баштап калган сон,
Кайтып киши кончу эмес,
Конгон адам оңчу эмес,
Баатырың айтып болду эми.
Каныкей турду ордунан
Алмамбетке кеп айтып,
«Аяшым, уккун деп айтып,
Билге артса ак куржун,
Төөгө артса чак куржун,
Төрдө турат жыйылуу,
Алты киши тургула!
Алып мындай келгиле,
Ар маанисин айтайын,
Атын уккан Бээжинге
Аттанып кетип барасың.
Как ошондо көрөсүң.
Касиетин билерсиң,
Каалаганың киерсиң.»
Каныкей минтип каалады,
Алты киши баалады.
Алым менен Бөкөсү,
Тура калды экөөсү,
Эдиге, Кыяз төртөөсү,
Эңкей, Бокой алтоосу,
Алты киши турду эми,
Ак куржунга барды эми.

Алты чоро көтөрүп,
Жүктөн тартып алды эми,
Көтөрүп келип, Манастын
Как алдына салды эми.
«Желмаянга комдогун,
Жылдызыңа оңдогун.
Да бир кезде ушунун,
Тамашасын көрөсүң.
Качан Бээжин барар деп,
Капырга кызык салар деп.
Как ошондо кийсин деп,
Кадырымды билсин деп.
Ар кимиңе бир-бирден
Аколпокту камдадым,
Чоң куржунга жамдадым,
Чогуусу менен салгамын.
Жакасы алтын кадаган,
Жаанын огу жадаган,
Бараңдын огу батпаган,
Мындан тешип өтпөгөн,
Бороон келсе суук өтпөс,
Күн жааганда суу өтпөс,
Отко салсаң чок өтпөс,
Мылтык атса ок өтпөс,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Ак күрөөкө торгой көз,
Алчу болсоң ушул кез.
Машанын оозу батбаган,
Чиркейдин заары жетбеген
Мылтык атса өтпөгөн,
Кылыч тийсе кеспеген.
Как ошонун ичинде,
Жакасында каты бар,
Жазып турган аты бар.
Сыртыңан үлгү алгамын,
Сынап жүрүп кылгамын,
Канча курам ойногун,
Айтканымды ойлогун,
Тоо текенин терисин
Ич жагына ичтедим.
Бил терисин чаптадым,
Сыртына аны каптадым.
Баарыңарга кең келет.
Жака, жеңи тең келет.
Каттан окуп киерсиң,
Кадырым шондо билерсиң
Анысын айтып нетейин,
Баарысын айтып өтөйүн,
Кылганым жалгыз бул эмес,
Жалаң эле ал эмес,
Кыштын күнү келгенде,
Кыяматтай болгондо,
Кулак кетет кулжуюп,
Мурун кетет мулжуюп,
Ичин суусар ичтеген,
Тышын буулум тыштаган.
Кары бою кыш телпек,
Кундузу карыш шиш телпек,
Чогуусу менен алгамын,
Чоң куржунга салгамын.
Как ошону киерсиң,
Кадырымды билерсиң.
Дагы айтайын чынымды,
Угуп тургун сырымды,
Акыр заман адамга
Түгөнгүсүз ырымды.
Жайдын күнү кийсин деп,
Жайдарымды билсин деп,
Кедик койдун тармал жүн,
Такыр жерге жыктырып,
Шуушаңдатып кырктырып,
Кызга кыя бастырып,

Келинге кесе тиктирип,
Ар кимисин карасаң,
Атан төөдөн токтолуу.
Алтын баргек чоктолуу,
Мээ кайнаган ысыкта,
Мурун жарган сасыкта,
Как ошондо кийсин – деп,
Кадырымды билсин – деп,
Чогуусу менен камдадым,
Чоң куржунга жамдадым,
Ушул айткан гана сөзүм –
Аңдагын аяш!
Дагы айтайын чынымды,
Угуп тургун сырымды,
Дабан ашып таш басып,
Түзүң качып түн катып,
Суруң кетип суу кечип,
Атың жүрбөй жөө басып,
Эки бетиң көө басып,
Таман этиң союлуп,
Эки көзүң коюлуп,
Как ушунтип калар деп,
Ар кимиңе бир-бирден
Кокондуктун жеке өтүк –
Эр башына эки өтүк,
Кадырыңды билгемин,
Камдап келип салгамын,
Калбас менин арманым.
Баарыңарга камдадым.
Жалганбы деп ойлобо!
Жамандыкка болжобо!
Жана да айтып берейин,
Сууну бойлой конгондо,
Султан сейил болгондо,
Сууруп алып кийсин – деп,
Бул кызматым билсин – деп,
Күңгүрөскөй жеке өтүк,
Маасы менен эки өтүк
Чоң куржунга салгамын
Чогуусу менен ушунда
Айтып турам тушунда.
Анысын айтып нетейин,
Баарысын айтып өтөйүн,
Ич кийимиң ичтеден
Тыш кийимиң чүштөдөн,
Эр башына экиден
Көйнөк дамбал кылгамын
Ушу куржун ичине,
Баарын чогуу салгамын

## АЛМАМБЕТ МЕНЕН СЫРГАКТЫН ЖЫЛКЫ ТИЙГЕНИ

Экөө бирдей жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Жөлөнгөнү керидей,
Кой качырчу бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй,
Урунаарга тоо тапбай,
Урушарга жоо тапбай,
Ала-Тоону кемирип,
Тоо түгөткөн баатырлар.
Агын сууну шимирип,
Суу түгөткөн султандар,
Алты сан колду бир сайып,
Жоо түгөткөн жолборстор.
Карагай аштоо кашына,
Сан жылкынын астына,
Эми жакын барганда,
Коштогону Карт күрөң,
Бүгүн капырга салды чоң сүрөөн.

Алмамбет, Сыргак эки бек
Карт күрөңдүн башынан.
Жулуп алды ноктону,
Алмамбет кайдан токтоду.
Кабыргага келтирип,
Камчы менен бир салды.
Ок жыландай октолуп,
Үнү чыгып чаңырып,
Карагай, коону кыйратып,
Качырын сайдан туйлатып.
Катын-кызын ыйлатып,
Дуңканасын кыйратып,
Түп-түз кылып ыйлатып.
Короозун талдан чакыртып,
Эшегин сайдан бакыртып.
Жылкынын баарын дүргүтүп,
Ошо бойдон үркүтүп,
Далай жанды бүргүтүп,
Жан аяп киши калган жок,
Бул ишинде арман жок.
Эр Алмамбет баатырдын
Темингиси тер болуп,
Тердик алды кир болуп,
Айта берсе сыр болуп,
Акыр заман адамга,
Түгөнгүсүз ыр болуп,
Кытайдын ичи чыр болуп.
Кыргынды салган эр ошо.
Жылкынын баары чуркурап,
Бээ, байталы буркурап,
Айгыр үнү аңгырап,
Алмаңдын үнү заңгырап.
Кырды далай кулунду,
Коңурбайдай зулумду,
Кор кылып жылкы аганда,
Биз калбадык арманда.
Ал аңгыча эл кана,
Жолунда жаткан кол кана?
Жылкы кирип барганда,
Баарысы калды арманда.
Ыргып тура калышып,
Бирин-бири таанибай,
Чоюнбаш менен салышып,
Чоюнбаш тийип ууртуна,
Чулчуйганы мындан көп.
Союл тийип мурдуна,
Былчыйганы мындан көп.
Кылыч тийип бетине,
Тилингени мындан көп.
Албарс тийип мойнуна,
Кекиртеги үзүлбөй,
Илингени андан көп.
Ыргып тура калышып,
Бирин-бири таанибай
Чоюнбаш менен салышып.
«Карма кулду карма деп,
Байла кулду байла» – деп,
Бирин-бири табалбай,
Караңгыда айкырып.
«Кайда-кайда» – деп айтып,
Бирин-бири чакырып.
Кээ бирөөнү карасаң,
Шашып тура калышып,
Чалбарын колго алышып,
Чапаным ушул экен деп,
Мойнуна иле салышып,
Качып жүрөт жарышып.
Кээ бирөөнү карасаң,
Бу жатышым бекер деп,
Тебетейим экен деп,
Байпагын колго алышып,
Башына кептей салышып,

Батбай жүрөт наалышып.
Эс-акылын энтелеп,
Тапбай жүрөт жарышып.
Бирин-бири таанызбай.
Бей ажалдан өлүшүп.
Азуулары арсайып,
Ат өлүмүн салышып,
Муруттары чычайып.
Эр өлүмү болушуп.
Айрылбаган башы жок,
Алжайбаган кашы жок,
Жан аяган киши жок.
Ал аңгыча Алмамбет,
Аралаша дүргүшүп,
Алмамбет кирип барганда,
Баары коркуп үркүшүп,
Алдына кире бергенин
Найза менен мылгытып.
Аркасынан келгенди.
Албарс менен кыңгытып.
Оң колуна шап алып,
Октон кыйын жаа тартып.
Сол жагынан келгенди
Соо койбоду Алмамбет,
Кокту толо кырышып,
Кой өлүмү кылышып.
Жылга толо кырышып,
Жылкы өлүмү кылышып,
Кыргын кылды кытайды.
Жат кылды жалгыз Кудайды.
Ошобойдон дүргүтүп.
Сан жылкыны үркүтүп,
Аскери калды арманда,
Оозун баары кармады.
Эми жыландай көзүн жылжытып,
Жылдырып жылкы мал алып,
Эсеби жок мол алып.
Аман чыкты калаадан,
Эми чыкты далаага.
Эсенкандын шаарына,
Эч ким келбейт каарына.
Эсен чыгып кеткени,
Эрдиги эмей неткени.
Жылкынын баары жыбырап,
Далаага чыкты быжырап.
Эми таштап коюңуз.
Ар жагында Коңурбай,
Кабарынан болуңуз.
Алмамбет түпкө жеткенде,
Тийип алып жылкыны,
Түп көтөрө кеткенде.
Коңурбайдын Кара аты,
Жоого тийсе канаты.
Макел дөөгө ишенип,
Алмамбетке карматып,
Коңурбай жаткан тактада.
Асты кабат пактада.
Алмамбеттин добушун,
Укту Коңур дабышын.
Алтын тактын үстүнөн
Алакалып жыгылды,
Жүрөгү оозуна тыгылды.
Мыктылардын баарысы,
Коңурбайга чогулду.
Баары келди жөө басып,
Эки бетин көө басып.
Атасы өлгөн немедей,
Аңгырады Коңурбай,
Энеси өлгөн немедей,
Эңгиреди бир далай.
Кантип тирүү каламын,
Кандарга кантип барамын,

Жүзүн кантип көрөмүн,
Эсенкандын алдына,
Кантип барам уялбай?
Мадигелге ишенип.
Кара кулга карматып.
Кара көзүм кашайды.
Белгилүү күлүк Кара атын,
Белге байлап алсамчы,
Анан кийин өлсөмчү.
Айтылуу күлүк Алгара,
Аса байлап салбадым,
Ичимде калды арманым».
Ушуну айтып шалдайып,
Эси ооп далдайып,
Үстү-үстүнө жыйылып,
Үстөмөндөп чогулуп.
Коңурбай жаман кайгырып,
Акылдан минтип айрылып.
Аны таштап коюңуз.
Ар жагында Карагул,
Кабарынан болуңуз.

## КАРАГУЛ АЛМАМБЕТТИ БАШКА ЧААП, КАРА АТТЫ МИНЕ КАЧКАНЫ

Ошо жылкы ичинде,
Карагул кошо кеткен кечинде.
Алтын ээр марал баш,
Акырекке жөлөк деп,
Карагул жүрөт өбөктөп.
Жоого тийсе канатын.
Коңурбайдан кор болуп,
Өз канымдан өлгөнчө,
Алгара минип жөнөйүң,
Андан көрө Алмамбеттен өлөйүн.
Ошону ойлоп Карагул,
Кылган иши мына бул.
Кара боолук укурук
Кармап колго түкүрүп,
Алгарадай күлүктүн
Укурук түштү мойнуна,
Карагулду карасаң,
Жаш шорголоп койнуна.
Тор айгырды таштады,
Тополоңду баштады.
Ээри калды айгырда,
Карагул өзү кайгырба.
Жүгөндү жулуп алды эми,
Алгарага салды эми.
Аргып минди Кара атты,
Жоого тийсе канаты.
Карагулду карасаң,
Кыла жүргөн адаты.
Ата тим эле кантип кетейин,
Ушу Алмамбетти нетейин?
Ушуну ойлоп Карагул,
Кылар иши мына бул.
Как алдынан кылтыйып,
Тор айгырдын үстүндө
Карагул жүрөт өбөктөп.
Далаага жылкы барганда,
Чаң басылып калганда,
Карагул көрдү Кара атын,
Карап турат култуюп,
Ал аңгыча Алмамбет,
Абайлабай жанына,
Жакын келди мобуга.

Карагулду карасаң.
Кара боолук укурук,
Кармап колго түкүрүп.
«Атаңа наалат, Алмамбет,
Жортуп-жортуп койбодуң,
Жоо малына тойбодуң.
Алып-алып койбодуң,
Арам малга тойбодуң.
Мен Карагул, ойлогун!
Келтирейин кезиңе,
Бир түшөйүн эсиңе.
Көрүнөйүн көзүңө.
Уга жүргөн сөзүңө».
Ушуну айтып Карагул,
Салып өттү төбөгө,
Кан Алмамбет төрөгө.
Укурук башка чабылып,
Көзүнө оту чагылып.
Эсинен калды жаңылып.
Куйкасы куйкум жыттанып,
Маң тарткандай кейбиреп,
Мас болгондой деңгиреп,
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Кайып болду Карагул.
Алмамбет калды арманда.
Оозун жаман карманды.
Ал аңгыча Сыргагы,
Жагалмайдай чыйрагы,
Оң жагынан көрүндү,
Көргөндө көөнү бөлүндү
Сыргактын көзүнүн жашы
төгүлдү.
Ата, Алмамбет, сага не болду,
Жана Карагул кайда жоголду.
Карагулду кетирип,
Кантип ишиң оңолду!»
Айланайын Сыргагым
Атадан арта тууган Сыргагым,
Иш бузулду билдиңби,
Эми кандай кылчуубуз?
Төлгөбүз эми бузулду.
Төрөсүнүн Кара атын,
Мине качып кутулду.
Ачык күнү тутулду,
Алгараны Карагул
Мине качып кутулду.
Кел, Сыргагым, кетели,
Мында туруп нетели!
Жылкың менен жылас бол,
Кел жылкыны таштайлы,
Тандап бирден коштойлу,
Эми карап турбагын,
Ажал жакын убагың.
Эми иш бузулду, билидиңби,
Кетбегенде нетебиз?
Анда Сыргак кеп айтат,
«Атаңа наалат, Алмамбет,
Бу эмине деген кеп?
Атка минип эрбейип,
Найза кармап сербейип.
Адам болуп биз келип,
Найза кармап түз келип,
Өгүнтөн берки мөөнөттү,
Кечээтен берки кызматты.
Баарын таштай качканың,
Акылыңан шашканың.
Ошенетип кеткениң,
Өлгөнүң эмей неткениң.
Андан көрө өлүм ак,
Капырда калган алтын так,
Качып келдиң ошол чак.

Өлүп калсак тобокел,
Бир чукурда калалы.
Тирүү болсок Алмамбет,
Бир дөбөдө бололу.
Кантип качып баралы!»
Ушуну айтып Сыргагың,
Уруудан ашкан чыйрагың,
Э дегенде не деген,
Жоо дегенде жатбаган,
Ок-дарысы койнунда,
Ушуну айтып оюнда.
Томогосун коюндап,
Көк ала атын моюндап
Кандагайын шымданып,
Кайра баштан тыңданып,
Эр Сыргактын сөзүнө,
Алмамбетиң таңданып,
Кайра баштан дүргүтүп,
Сан жылкыны үркүтүп,
Айдап алып жөнөлдү.
Алдын баштап Карткүрөң,
Алмамбет, Сыргак чоң сүрөөн
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп.
Күн обого келгенде,
Жалган түш жаңы чалганда.
Аны таштап коюңуз,
Коймодо калган бектердин,
Кабарынан болуңар.
Манас менен эр Чубак,
Карап турат сеңирде,
Бек жалынып теңирге.
Как Бээжиндин талаага.
Ар нерсе бар санаада.
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп.
Чоң Бээжиндин четинде,
Келе жатыр бетинде,
Атын баштап Күрөң ат,
Кууп келет Алмамбет,
Сыргак экөө кыйкырып,
Барган сайын айкырып.
Баягыны көргөндө,
Бир Кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Кудайынын жолуна,
Кула кашка бээ айтып.
Арбактардын өзүнө,
Аксарбашыл кой айтып.
Атка минип жарышып,
Үзөңгүсү кагышып.
Алмамбетке барышып,
Амандашып көрүшүп,
Баракелде, Алмамбет,
Эми ыраазы Сыргак» – деп,
Төртөө болуп дүргүтүп,
Барган сайын үркүтүп.
Алмамбет шондо кеп айтып,
Анда-санда көп айтып,
Иш бузулду деп айтып.
Ачык күнүң тутулду,
Карагул колдон кутулду.
Алгара минип Карагул,
Бээжинден чыккан арам кул.
Заман акыр куурулду,
Алгара менен суурулду».
Анда Манас кеп айтат:
«Ал эмине деген кеп,
Алмамбет арман кылба» – деп.
«Мурун жылкы алган соң,
Бээжинге бузук салган соң.
Жаздыгынан жан өлбөйт,

Тактасынан кан өлбөйт.
Көп эле болсо өлөрбүз,
Мынча не үчүн кайгырдың,
Акылдан не үчүн айрылдың?
Ажалдуу киши өлүүчү,
Ак жазганын көрүүчү.
Эми Былчагайдын белинен,
Былчылдашып көрөбүз,
Ажал жетсе өлөрбүз.
Ажал жеткен ат өлөр,
Күнү бүткөн эр өлөр.
Көп эле болсо өлөрбүз,
Ак жазганын көрөрбүз.
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара Жер,
Тартбай койбойт казган көр!»
Ошону айтып кайраты,
Адамдан артык айбаты.
Жана жыйып айдашып,
Көңүлдөрү жайлашып.
Ээрден көчүк деңкейип,
Кара-Арчанын белестен,
Карагулдун элестен,
Жылкыны алды эңкейип.
Эми аны таштап коюңуз,
Алиги кеткен Карагул,
Кабарынан болуңуз
Алмамбеттен кутулуп,
Чуудай кулак чунайып,
Алгараны карасаң,
Бөрүдөй куйрук чубалып.
Карыпчынын сыртынан.
Как ушундай асылып.
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө басылып.
Туягынан кеткен таш,
Асман көккө атылып
Талдын башы жергени.
Так түйүлүп илинбейт.
Жардын башы кемерди,
Жаза басбай илинбейт.
Карагулду карасаң,
Эр канаты эки бут
Ат боорунда салактап.
Эр чырагы эки көз
Маңдайында алактап.
Барган сайын Кара аттын,
Баладай тили балактап.
Быягына бир тартып,
Алгараны баргытып,
Артынан чаңын бургутуп,
Басканына мал жетбей,
Желгенине жел жетбей,
Нечен күнү таң ашкан,
Желсе желден адашкан,
Жел кайыптан жалгашкан.
Тизгин колдо карышып,
Канаттуу менен жарышып.
Үстүндөгү Карагул.
Этек-жеңи дыркырап,
Алтын чачы көкүлү.
Так төбөдө быркырап.
Таманынан кеткен таш,
Асман көккө зыркырап.
Бээжиндин эли чуркурап.
Мына ушунтип турганда,
Аны таштап коюңуз.
Ар жагында Коңурбай,
Кабарынан болуңуз.
Алгаранын дүбүртү,
Кулагына угулду.
Сүйүнгөндөн баатырдын

Жүрөгү оозго тыгылды.
Ыргып турду сүйүнүп,
Ылаанатка сыйынып
Көзүнүн жашын тыйынып.
Сүйүнчүлөп кеп айтты.
«Сүйүнчү, журтум, калайык,
Кандай айтсам ылайык!
Ылаанатым жар экен,
Ырысым дагы бар экен.
Кара атымды миниптир,
Карагул жолго кириптир.
Ачык күнүм тутулуп,
Аман келет кутулуп.
Тулпар эле Кара атым,
Жоого тийсе канатым.
Таман бою кызыптыр,
Таманы жаңы ысыптыр.
Күн чыгышты бет алып,
Күүлөнүп жаман качыптыр.
Үстүндөгү Карагул
Акылы жаман шашыптыр.
Күүлөнгөн бойдон Алгара
Күн чыгышка кетүүчү,
Буга кандай күлүк жетүүчү?
Азаматтар келгиле.
Аркан тозуп кергиле.
Балбандары балбаңдап,
Барып турду далбаңдап.
Ар кимиси бир-бирден,
Аркан ала жүгүрүп.
Аркандарды карасаң,
Бири кендир, бири жүн,
Бири жибек,бири кыл.
Бири темир, бири зым,
Алдын тозуп жармашып,
Алты катар арканды,
Алптары туура кармашып.
Аңгыча Кара ат келди эми,
Бешөө үзүп алды эми.
Ар жагында четине,
Кыл арканга илинди,
Күлүктүгү билинди.
Эр Коңурбай жүгүрүп,
Чылбырынан алды эми.
Чынарды тээп жулкунтуп,
Коңурбай турат булкунтуп.
Үстүндөгү Карагул
Оңкосунан жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Оозунан кан кусуп,
Көзүнөн жашын агызып.
Сары улагын таптырып,
Садаганы чаптырып.
Кара торпок кескилеп,
Кийим тоноп эскилеп.
Карагул тура калды эс алып.

## КОҢУРБАЙДЫН КОЛ КУРАШЫ

Эми Коңурбайды карасаң,
Мурдагыдай болбоду,
Алгараны токунду
Бурканына чокунду.
Ылаанатка ыйлады,
Көзүнүн жашын тыйбады,
Бурканына сыйынды,
Көзүнүн жашын тыйынды,
Көрдү мындай кыйынды.
Карагайдан зымы бар,
Кадап койгон чыны бар,
Зымды келип бурады,

Чындап аскер сурады.
Кат менен кабар салды.
Калмактарга жөнөттү.
Жети кылым капырга,
Жетип кабар айтарга,
Жоо-жарагын шайланып,
Албарсты белге байланып,
Алгара минип күркүрөп,
Аны көргөн бенденин,
Азат бою дүркүрөп.
Карыпчыны байланып.
Кара-шаар айланып.
Белдемчини байланып,
Бээжиндин ичин айланып.
Чоюн калаа Чоң-Бээжин,
Чоң тебетей, чоң өтүк.
Тубар күрмө, туура жең,
Туюк өтүк кончу кең.
Бу баатырың оңбоду.
Эми жылдызына оңдоду.
Чобдур өтүк такасыз.
Торгуй чепкен жакасыз,
Көрсөң айран каласыз.
Кызыл күрмө, жеңи жок,
Кыл такыя кызыл чок.
Кызыгы бар эби жок.
Кара күрмө, жеңи жок.
Кара топу, карыш чок,
Кайраты бар, эби жок,
Жыгы-жыгы кытайды
Жыйып алган Коңурбай.
Жыйырма батман темирди
Кийип алды Коңурбай.
Ала байрак, сур желек,
Адамдан заты бир бөлөк,
Атасында бата жок,
Айтканында ката жок.
Энесинде нике жок,
Элде мындай беке жок.
Атасы кытай долусу,
Адамдын чоңу доңузу.
Энеси ынды жалабы,
Айтылбай сөзү калабы,
Атышып киши алабы?
Өңү суук баатырдын,
Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалы саксак көрпөдөй.
Көзү көгөн темирдей,
Мурду тоонун сеңирдей,
Мурду-башы бородой,
Эки көзүн карасаң,
Буудайын ачкан ороодой.
Тула бою боз чамбыл,
Тамдан соккон молодой.
Бу Кудайды буйругу,
Тоту куштун куйругу
Дал ортодо жалпылдап,
Болоттон кылган доолу,
Чымын консо даңкылдап.
Чоң тердикти карасаң,
Ат боорунда салпылдап.
Көмөлдүрүк сом алтын,
Омуроодо алкылдап.
Көз айнегин карасаң,
Маңдайында жалтылдап.
Түп Бээжинге карата
Түрүлүп аскер келсин – деп.
Эсенкандан эл сурап,
Эсеби жок кол сурап,
Алгара минип чиренип,
Зымды кагып жиберип.
Ар тарапка кеп айтып,

Айтып кабар жиберип.
Жети кылым капырга
Жетип кабар айтарга.
Жөө күлүгү жөнөлдү,
Барган сайын Коңурбай
Аскерлиги өмөлдү.
Эми караса көзгө илинбей,
Канча экени билинбей.
Кара туман калың кол,
Кайнап чыккан жер ошол.
Эми Түп-Бээжиндин түбүнөн,
Түмөн-түмөн кол келди.
Эсеби жок мол келди.
Бээжиндин колу Коңурбай,
Бет алганы оңорбу ай.
Коңурбайдын аскери
Чегирткенин корундай.
Дин мусулман бендеге,
Минтип чыкты шорунай.
Коңгуроолу кыңырдан,
Кош өгүздүн шыбырдан,
Күдүргүнүн четинен,
Күйгөн үңкүр көтүнөн,
Күн чыгыштын бетинен,
Күндө-күндө кол келди.
Эсеби жок мол келди.
Токсон билге дары артып,
Тумандай чаңын карартып,
Караса көзгө илинбейт,
Канча экени билинбейт.
Алтын акыр, жез короо,
Байын жыйып алды эми.
Төгөрөгү бирдей тең,
Сайын жыйып алды эми.
Тили татты шекерин,
Иш кылбаган бекерин,
Ат минбеген тобурун,
Көп сүйлөгөн кобурун,
Атты алыс кармаган,
Төөнү жаза сермеген,
Кудай урган чоркогум.
Казан толгон атала,
Иче турган соргогум.
Жүйрүк чечен тилдүүсүн,
Өлөөрүн билбес жиндисин,
Маңдайы ачык бактуусун,
Иш бийлеген нарктуусун
Нашаа жеген маңгисин,
Катыны жок аңгисин.
Жалынса да койбостон,
Айдап чыкты жалгызын.
Как Бээжиндин түбүнө.
Кайнаган кара кол болду,
Кара курттан мол болду.
Желеги туудан бөлүнбөй.
Жердин жүзү көрүнбөй,
Караса көзгө илинбей,
Канча экени билинбей.
Кан Коңурдун кашына,
Кайнап келди астына,
Коңурбай муну көргөндө,
Ылаанатка сыйынды,
Көзүнүн жашын тыйынды,
Аскер мынча жыйылды.
Өйдө-төмөн желдирип,
Өкүмүнө көндүрүп.
Конуш билген жакшылар.
Кол бийлеген кашкалар,
Мен айтайын шашбаңар.
Элди санга салайын,
Эсебиңди алайын.
Эшигинин алдына,

Төө белиндей дөңгөчтү,
Туура келип койдурду,
Эми чубап өткүлө,
Аттын даңканына кыйдырды.
Эсебин мындан алды эми.
Элин санга салды эми.
Кырк кулактуу мис казан,
Алып келип койдурду,
Бирден ийне салгыла,
Бирден салып олтуруп,
Жык ийнеге толтурду.
Кылымга анда толду эми,
Эсепсиз аскер болду эми.
Алдан калган кытайды,
Капканын оозун бекитип,
Эгин айдап, мал багып,
Элге тукум болгула.
Катын алып, үй тигип,
Эми кадимкидей төлдөгүн.
Как Бээжинде калганың
Эч жамандык көрбөдүң.
Ал аңгыча Коңурбай
Капканын оозун бекитип,
Алгарасын секиртип,
Аскерге көзүн салганда,
Эсебине эл жетбейт,
Санатына сан жетбейт.
Өөдө-төмөн желдирип,
Өкүмүнө көндүрүп.
Очогорун октотуп,
Ошо колдун алдына
Чыгып кайра токтотуп.
Менин конуш билген жакшыман,
Кол бийлеген кашкаман,
Типти бирөө көрүнбөйт.
Эки жагын каранып,
Эрди-башын жаланып,
Эки колу кашында.
Эр Коңурбай ошондо
Бээжин жакка көз салды.
Карап турса, калың кол
Кайнап чыккан жер ошол.
Карап турса, Коңурбай,
Кан Жолойдун уулу экен,
Жолойдун уулу Төрөбек,
Төгүн-чынын ким билет.
Муруттарын карасаң,
Тегирмендин барадай,
Өңгөсүндө болжол жок,
Чечекейи чарадай
Чоңдугу тоонун чокудай,
Өзү мыкты локудай.
Чачы колдун күдүрдөй,
Сакал, мурутун алыптыр,
Өрттөп койгон дүмүрдөй.
Күркүрөгөн кара нар,
Анын күчүн сурасаң,
Коңурбайча барабар.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Анын колу келди эми,
Аралашып калды эми.
Атчан колун беришип,
Амандашып көрүшүп.
Аралашып турганча,
Ачып көзүн жумганча,
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Минген аты Телгара,
Кытайлардын эр Кара,
Көк ала сакал карыя,
Көптү көргөн жарыя.

Мунун колу бир илек,
Муну санап ким билет.
Желеги туудан бөлүнбөй,
Жер дүнүйө көрүнбөй.
А да кирип келишип,
Атчан колун беришип.
Амандашып кошулуп,
Чаңы асманга созулуп.
Азыр аман келдиң деп,
Коңурбай барып кол берип,
Амандашып турганча,
Ачып көзүн жумганча,
Алдан калың кол келет.
Карап турса күркүрөп.
Кара аламан аскерди,
Баары келет чуркурап.
Мадигердин эли экен,
Анын колу мол экен.
Катын менен балдары,
Мадигердин өлгөнүн,
Угуп алып буркурап,
Баары келди чуркурап.
Коңурбай айтып угузду,
Ошондо балдары ыйлап
кан кусту.
Талаага аскер батбады,
Тынч алып кытай жатбады.
Күн чыгыш жагы талаада.
Ар нерсе бар санаада,
Кыйык аткан кырк мерген,
Минген аты Кылжейрен.
Кытайдан чыккан Мурадыл,
Айткан сөзгө бек бадыл.
Анын колу андан көп,
Эсеп кылса сандан көп.
А да келип көрүшүп,
Атчан колун беришип.
Аралашып калганча,
Алам саат болгончо,
Кут жылдыздын тушунда,
Келе жатат ушунда.
Орустан чыккан Бороончу,
Көк темирге орончу.
Чокту кара капырдын,
Эр Бороончу баатырдын.
О да келип көрүшүп.
Кол беришип турушуп.
Анын кийин-соңунда.
Ар нерсе бар оңунда.
Көрөрсүң далай сонунду.
Жана орустун Муспуруту
Ойротту билген журт курут.
Бороончунун иниси,
Андан бөлөк кимиси.
Боз тартарды жердеген,
Намызын колдон бербеген.
Ошо кезде кытай менен эл экен.
Бу да мыкты эр экен.
Бу да келип кошулду.
Аралашып келишип,
Атчан колун беришип.
Амандашып турганча,
Ачып көзү жумганча.
Как Бээжинден бет алып,
Бери карай лыкылдап,
Курттай кайнап быкылдап.
Киндиги темир Китен алп.
Кулагы чоюн чоң калмак.
Бу да келди буркурап,
Аламан жөнөп чуркурап.
Атчан колун беришип,
Амандашып көрүшүп.

Эр Коңурбай чалкалап,
Бет алганын талкалап.
Конуш билген жакшылар,
Кол бийлеген кашкалар.
Мен айтайын шашбаңар,
«Ушу Манас болгону,
Урушканы оңбоду.
Ичип антка тойбоду,
Издегенин койбоду.
Жортуп-жортуп койбоду,
Жоо малына тойбоду.
Алып-алып койбоду,
Арам малга тойбоду.
Ушу жашка келгенче,
Уурулугун койбоду.
Убадага турбады.
Башынан бери мыш кылды,
Басмачылык иш кылды.
Эми көт жагынан жүрөлү,
Көйкапка чейин сүрөлү.
Көтүнөн ээрчип баралы,
Таласын талап алалы.
Анан Ташкенте чейин баралы.
Кошууч болгон Кокондун
Коюн койбой соёлу.
Ал түгүл Букарга чейин баралы,
Мурутка бүлүк салалы.
Букарга чейин баралы.
Быйыл мында келди мусулман,
Бу дүйнөнүн бетине
Суудай аксын кызыл кан.
Менин өңүм жаман бузулган.
Кара тер бойдон сызылган.
Санаты жок кол болдуң.
Дүнүйөгө жык толдуң.
Эми конуш билген жакшылар,
Кол бийлеген кашкалар.
Урумга чейин барабыз,
Урушту быйыл салабыз.
Букарга чейин барабыз,
Бузукту биздер салабыз,
Ушу жерден жылкы алдырып,
Кантип тирүү калабыз?
Ушул Алгара атым табында.
Аманат жандын барында.
Мен артынан жалгыз жөнөйүң,
Ылаанаттын салганын
Ушу жолу көрөйүн.
Силер көт жагымдан келгиле.
Өлүп калсам бир жерде
Өлүгүмдү көргүлө.
Тирүү болсом, артыман
Өнөрүмдү көргүлө.
Ушу турган баарыңар,
Көт жагыман келгиле.
Алым келсе төртөөнөн,
Жылкымы ажыратып алайын.
Артынан бүгүн барайын.
Акыр заман салайын.
Же болбосо барайын,
Өлүп эле калайын.
Күн батышты бет алып,
Баарың келе бергиле!»
Ошону айтып Коңурбай,
Алгараны бурду эми.
Артынан жолго кирди эми.
Алгараны аргытып,
Артынан чаңын бургутуп.
Тоо кара атын чулгутуп,
Топурагын бургутуп.
Куугунду жаңы куугандай,
Катыны уул туугандай,

Качкыны жаңы качкандай.
Катынын кара баскандай.
Алгара атын мөңгүтүп,
Аскердин баарын жөңкүтүп.
Алгара атын моюндап,
Томогосун коюндап,
Алгараны камчылап,
Көзүнүн жашы тамчылап.
Алдындагы Алгара
Булуту учкан мунардай,
Үстүндөгү Коңурбай
Түптүү кара чынардай.
Бу дүнүйө жалгандан
Мындай адам чыгарбай.
Эми муну таштап коюңуз,
Мурун кеткен Манастын
Кабарынан болуңуз.

## ЖЫЛКЫНЫ ЭСЕНКАНДЫН АЯР ЖЫЛАНЫ АРБАШЫ

Эми кара белден эңкейип,
Ээрден көчүк деңкейип,
Жылкынын баарын дүргүтүп,
Кууган бойдон үркүтүп.
Ак кулжа аткан белине,
Куу өрдөк качкан көлүнө,
Ошо жерге барганда,
Жашыл-Көлдүн жээгине,
Жаңыдан кирип келгенде,
Эсенкандын алдынан
Аяр келип арбады.
Жети баштуу ажыдаар,
Чыңгызкандын аяры.
Коңурбай жылкы алдырып,
Бээжинге кабар салганда,
Кандардан аяр жөнөлүп.
Жашыл-Көлдүн жээгине,
Жаңыдан жылкы келгенде,
Жылан туура кез келди,
Жылкыга бүгүн тез келди.
Жылкыны көлдөн сугарып,
Жети баштуу ажыдаар,
Көлдөн башын чыгарып.
Жылкыны жылан арбады,
Жылдырбай баарын кармады
Жылкынын баары жыбырап,
Жылбай калды быжырап,
Жыландын заары өткөн соң,
Үнү бүттү шыбырап.
Жылкынын баары бириндеп,
Баягы төртөөн карасаң,
Көзүнүн жашы дирилдеп,
А түгүл көөдөнү бүттү кирилдеп.
Түшө калып жүгүрүп,
Суудан сузуп ууртaшып,
Нанды тиштеп бурдашып.
Баягы төртөө баш кошуп,
Төртөө турду окшошуп.
Ошондо Алмаң кеп айтат:
«Атаа, баатыр деп айтат.
Айтсам тилим албадың,
Ажал айдап болбодуң,
Аколпокту кийбедиң
Аккула атың минбедиң,
Анан жылкы тийбедиң.
Эми айткан менен байда жок,
Кудайдан башка айла жок.
Айтсам тилим албайсың.
Эми жаян кандайсың?
Ушу күндө карачы.

Жылкыны жылан арбады,
Жылдырбай баарын кармады.
Аккуланы минбейсиң,
Аколпогуң кийбейсиң.
Эми Коңурбайды ким дейсиң?
Ушу кезде Коңурбай,
Уруудан ашкан чоң калдай,
Коңурбай келе жаткандыр,
Билбей шоруң каткандыр.
Жыланга жылкыны арбатып,
Ажыдаарга карматып,
Коңурбай келип калгандыр,
Аны Алмамбет билбесем,
Касиетим жалгандыр.
Өгүнтөн тилим албадың,
Өжөрлүк менен мен барып,
Бээжинден жылкы алгамын.
Мээнетим кетти талаага.
Ар неме бардыр санаада.
Өпкөнү канга чайдырдың.
Өчөшүп жүргөн капырга,
Өкүнүчтүү болуп сайдырдың.
Коенбоз колун сындырдың,
Коңурбай көөнүн тындырдың.
Бектердин белин сындырдың.
Бээжиндин көөнүн тындырдың.
Өгүнтөн не үчүн кетбедиң,
Ушунтип түпкө жеткениң.
Эми Бакай кайда, эл кайда?
Баякы калың кол кайда?
Арасы далай жол эле,
Көбү суусуз чөл эле.
Алты күндүк бар эле,
Абакем мыкты кары эле.
Эми эр Сыргакты ээрчитип,
Эми жолго салсаңчы
Дүнүйөнү курчаган,
Ажыдаардын куйругун,
Мен көрөйүн баатырым.
Кудайдын салган буйругун.
Чоң ажыдаар куйругун,
Басып алып келебиз.
Эми сан жылкыдан айрылып,
Качып алып келебиз.
Мен тобокелге салайын.
Ушу жерден тосуп калайын
Ушу кезде Коңурбай келе
жаткандыр
Сенин билбей шоруң каткандыр.
Мен Чубакты жолдош алайын,
Тоо таянып барайын.
Ал Коңурбай калчанын,
Келер жолу тетиги.
Тетиги кара арчалуу белестен,
Каракулдун элестен,
Чыгар жери так ошо.
Эр Чубакты ээрчитип,
Мен ошону көздөп кетейин.
Ошо тетиги көрүнгөн,
Тар-Кыянын таамай жол,
Жар-Кыянын жалгыз жол,
Чыгар жери чын ошол.
Бер жагында сеңирге,
Бек жалынып теңирге,
Мен беленденип калайын.
Берсе Кудай ошерден,
Бир беттешип калайын.
Эр Чубакты ээрчитип,
Экөөбүз эми жөнөйлү,
Эми карап турбагын,
Ажал жакын убагың.
Эми камыш башы калем де,

Кан Бакайга салам де.
Эми саламдан башка кебим жок,
Коңурбай кыйын эби жок.
Эми кош, аман бол, жолборсум,
Эми сага жол болсун!»
Сыргак менен Манасты,
Минтип жолго салышты.
Бурулуп экөө жөнөдү,
Баатыр Манас болгону,
Башына сыймык конгону.
Эми басташканы оңбоду.
Тууганы жоодон качбаган,
Душманга колтук ачбаган.
Сундуруп найза тартбаган,
Сумсайып жандан кайтбаган.
Сыргак экөө жарышып,
Жылкыдан качты суурулуп,
Заман акыр куурулуп.
Кете берсин биерде
Алмамбет Чубак не жерде?
Баатырды мындай жөнөтүп,
Кайра тартты Алмамбет,
«Эми Чубак жүргүн» – деп.
Эми кызыл желек туу келет,
Кытайдан кыйын чуу келет.
Жар-Кыянын сеңирге,
Бек жалынып теңирге,
Биз баралы о жерге.
Эмесе макул куп дешип.
Ушу жакшы кеп дешип,
Экөө кетти жарышып,
Үзөнгүсү кагышып.
Сар жыгачка сыйынып,
Көзүнүн жашын тыйынып,
Аңдып тура калышып,
Эс алышып алышып.
Тура турсун бу жерде,
Туйгун Манас не жерде?
Бастыра түшүп баатырың,
Айтканынан кайтбаган
Кыйыктыгы бар эле
Адамдан каргыш жетбеген,
Ыйыктыгы бар эле.
Бир чуңкурга кирди эми,
Айнып карап турду эми.
Ата, айланайын Сыргагым,
Биз эмине болдук чыйрагым?
Атка минип эрбейип,
Найза кармап сербейип,
Жылкы тийип жол баштан,
Асаба тууну чоң аштап,
Анан таштап качып кеткеним,
Өлгөнүм эмей неткеним.
Ушу бойдон барганым,
Урушбай элди көргөнүм,
Менин ичимде калар арманым.
Ушу агайын деп айтат.
Ушуякы эл айтат
Манасы качып келди деп,
Алмамбет анда калды деп.
Жети дөөнүн баары айтат,
Жамгырчы баштап кары айтат.
Андан көрө өлүм ак,
Байгам бар ак, диним ак,
Капырда калган алтын так,
Качбай турган ушул чак.
Алмамбет, Чубак арыстандын,
Өлүгүн көрүп алайын,
Өкүрүп элге барайын.
Же өнөрүн көрүп алайын,
Анан элге барайын.
Ушу жерге токтолуп,

Атты азырак откоруп,
Ат керт этип чөп жебей,
Чөп жесе да көп жебей,
Эч кылт этип суу ичбей.
Аманат жан күн кечбей,
Бээжинден жылкы тийгени,
Бери карай жүргөнү,
Беш-алты күн болду эле.
Эми аны таштап коюңуз,
Алмамбет менен Чубактын,
Кабарынан болуңуз.
Көк-Кыянын өңүргө,
Бек жалынып теңирге.
Ал аңгыча капыр кул.
Эр Коңурбай баатыр кул,
Белестен чыкты балкылдап,
Бери тийгендей шалкылдап.
Алгара менен күркүрөп,
Аны көргөн бенденин,
Азат бою дүркүрөп.
Алачыктай чоюнбаш,
Алаасында короюп,
Найза колдо сороюп,
Чоюнбаш белде чочоюп,
Чоң кара менен очоюп.
Атынын оозун бурду эми,
Ары-бери каранып,
Ал мурутун таранып,
Эки жагын каранып,
Эрди-башын жаланып,
Төгөрөктү арытып,
Төрт тарапка көз салып,
Караса жылкы бириндеп.
Көл жакалай токтолуп.
Төртөө кайда кетти деп,
Бу Манаска нетти деп,
Жылкыны жылан арбаптыр,
Жылдырбай баарын кармаптыр,
Ылаанатым жалгаптыр.
Менин арбагымдан шашкандыр,
Алиги төртөө качканбы.
Баякыны көргөн соң.
Эр Коңурбай сүйүнүп,
Ылаанатка сыйынып,
Көзүнүн жашын тыйынып.
Коло баштуу чоң канжа,
Колго кармап калды эми.
Чоң канжаны бир тартып,
Түтүндөрүн бур тартып,
Жүз кара нан бүтүн жеп,
Бир капчыгай түтүн жеп.
Эр Коңурбай күпүлдөп,
Аны көргөн адамдын,
Эт жүрөгү дүпүлдөп.
Тикенектин түбүндө,
Тиктеп турган бул экөө,
Эт жүрөгү болкулдап,
Эси чыгып солкулдап,
Чок тикенге корголоп,
Көзүнөн жашы шорголоп.
Коңурбайды көргөндө.
Бир кудайга зар айтып.
Бил баштаган нар айтып.

## СОГУШ - БЕТТЕШҮҮ

Ал аңгыча Коңурбай
Бери карай бет алып,
Алгараны аргытып,
Артынан чаңын бургутуп.
Тоо карасын булкунтуп,
Топурагын бургутуп,
Эңкейиште күркүрөп,
Келе жатыр Коңурбай.
Аны көргөн бенденин
Азат бою дүркүрөп.
Тар-Кыянын таамай жол.
Жар-Кыянын жалгыз жол,
Кирип келген жери ошол.
Бер жагында берки экөө,
Атышканда мерген кул,
Тилегин Кудай берген кул.
Күрөшкөндө балбан кул,
Тобосу кабыл болгон кул,
Тозуп туран жер ошол.
Сыр жыгачка корголоп.
Көзүнөн жашы шорголоп,
Алмамбет шондо кеп айтып:
Эр Чубагым деп айтып.
Коңурбай кыйын жан эле,
Адамдан артык неме эле,
Алдындагы Кара аты,
Жоого тийсе канаты,
Анын кыла турган адаты,
Бүгүн таман бою кызыптыр,
Таманы жаңы ысыптыр.
Бул талаага чыгып алганда,
Акыр заман салуучу,
Астын-үстүн кылуучу.
Ат минбесең жөө болгун,
Алп болбосоң дөө болгун,
Миң болмоксон сан болгун,
Минди миң деп бөлчү эмес.
Бир көзүнө илчү эмес.
Канча мыкты болсоң да,
Алгара менен жеткенде,
Аман-эсен калчу эмес.
Эми ушу жерден турушуп,
Бир беттешип урушуп,
Бул Коңурбай Кара аты,
Жоого тийсе канаты,
Анын кыла жүргөн адаты.
Буту узун мал эле,
Аргымак чалыш жан эле,
Менин атым Сарала,
Ар өнөрү бар эле.
Сопол куйрук, сом туяк.
Сомдогондой чоң туяк,
Бу соно моюн Сарала,
Сонун күлүк мал эле.
Бу туягында тура жок,
Тулпар сындуу мал эле.
Бу колу кыска мал эле,
Коён сындуу мал эле.
Бу таштуу жерге билинбейт,
Туягы ташка илинбейт.
Эми ушу жердей мен бир
беттешип калайын,
Бир качырып алайын,
Камындырбай капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Бир качырып жетейин.
Алым келсе капырды
Как жүрөккө нетейин.

Жар-Кыянын башынан
Көмө коюп өтөйүн.
Кокус алым келбесе.
Ар жагына кетейин.
Анан мени көздөй бет алат.
Мен ат соорусун салайын,
Алдына качып калайын.
Анан айланайын Чубагым,
Асты карап турбагын.
Кет жагынан сен келгин,
Найза менен жетерсиң.
Ажыратып кетерсиң.
Убаданы бек кылып,
Как ушундай кеп кылып,
Качканды Кудай урсун деп,
Кантип карап турсун деп,
Чубак калды бу жерде,
Аңгыча Коңурбай келет
күркүрөп,
Аны көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп.
Жарым бута жанына,
Жакын келди мобуна.
Эр Алмамбет сеңирден,
Бек жалынып теңирге,
Сараланы бир коюп,
Алдынан чыкты качырып,
Баабедин деп бакырып.
Манастап ураан чакырып.
«Алдыңкы ээрдин кашы – деп,
Айбалканын башы – деп.
Как жүрөктүн тушу – деп
Өлөр жериң ушу» – деп,
Жандын үйүн туштады.
Жалаңгычтай баатырды,
Как жүрөккө муштады.
Сооттон найза өтпөдү.
Алмаңдын алы жетбеди.
Найза менен бир сайып,
Айбалта менен бир салып,
Жандап өтө качты эми.
Коңурбай олоң-солоң этиптир,
Ошондо көзү жетиптир.
Алмамбетти көргөн соң,
Жиги-жиги кытайды
Жыйган экен Коңурбай.
Жыйырма батман темирди
Кийген экен Коңурбай,
Соотунан өтпөдү,
Алмаңдын алы жетбеди.
Кызыл желек туу менен,
Чыңгызкан деп чуу менен,
Алгаранын күү менен,
Алгараны моюндап,
Томогону коюндап,
Алмамбеттин соңунда,
Найза кармап колунда.
Алмамбетти бет алып,
Коңурбай кирип келди эми.
Этеги жерге тийбеген,
Олтуруп жерге сийбеген.
Ала байрак, сур желек,
Адамдан заты бир бөлөк.
Алтын найлуу жез канжа,
Алачыктай чоң Калча.
Аламсаат болгончо,
Ачып көзүн жумганча,
Арт жагынан жетти эми,
Алмамбетти нетти эми
Алтын кемер чети деп,
Айдалынын бети деп,
Алып келип бек сайды.

«Алдым кулду» – деп сайды.
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Алмамбет кетти далдайып.
Сарала мойнун кучактап,
Көзүнөн жашы бурчактап.
Жыгыла турган болду эми.
Ал аңгыча болбоду,
Аллам ишин оңдоду.
Көрө койду Чубагы,
Азыр карап турабы!
Туучунагын камчылап,
Көзүнөн жашы тамчылап.
Эки буту тепеңдеп,
Эми качан жетем – деп.
Кет жагынан айкырып,
Эр Чубагың кыйкырып,
Коңурбайдын соңуна,
Найза кармап колуна,
Көк күрмөнүн этеги,
Көтөрүлө бериптир,
Аны Чубак көрүптүр.
Жана Чубак жетти эми,
Жаман жерге келтирип,
Найза менен нетти эми,
Жандын үйүн туштады,
Жаман жерге келтирип,
Найза менен муштады,
Жаман жерди жаралап,
Найза тийди аралап.
Коңурбайды карасаң,
Кое берди ошону,
Найза колдон бошоду.
Алгараны моюндап.
Эр Чубакты бет алып.
Кайра тартып калды эми
Ыдыгына чыдабай,
Ызгаарына туралбай.
Кайра качты Чубагы.
Алгараны камчылап,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Жана Коңур жетти эми.
Ат соорусун салыптыр,
Кайра качып калыптыр.
Ал аңгыча Алмамбет,
Сараланы моюндап.
Кайра тартып калыптыр.
Коңурбайды бет алып,
Алмаң жөнөп калыптыр.
Ит кууган түлкүдөй,
Көргөн киши күлгүдөй.
Аркасында Коңурбай,
Алдына качты Чубагы,
Арт жагында Алмамбет,
Эр Коңурбай жетиптир,
Кабыргага келтирип,
Эр Чубакты нетиптир
Эр Чубакты карасаң,
Аттын мойнун кучактап,
Көзүнөн жашы буурчактап,
Ала турган болгончо,
Ачып көзүн жумганча,
Жана Алмамбет жетиптир,
Коңурбайдай баатырды,
Ажыратып өтүптүр,
Чубакты Коңур таштады,
Алмамбетти бет алып,
Эми Коңур баштады.
Алмамбет кайра жөнөлдү,
Жана Коңур өмөлдү.
Алмамбетке жеткенде,
Жана Чубак келди эми.

Эр Коңурбай жеткенде,
Энди Чубак келди эми.
Ажыратып алды эми.
Ошо бойдон турушуп,
Бир күнү кечке урушуп,
Кыя тартып турушуп,
Кызыгышып урушуп.
Туура тартып турушуп.
Туруп алып урушуп.
Сол бөйрөккө салышып,
Солбуп сууруп алышып.
Оң бөйрөккө салышып,
Олбуп сууруп алышып.
Найзаларды сындырып,
Кулактарды тундуруп,
Туура тартып турушуп,
Туруп алып урушуп.
Кыя тартып турушуп,
Кызыгышып урушуп.
Коңурбайды карасаң,
Чамбыл ала чаң болуп,
Чаткаягы кан болуп.
Көөкөрлөгөн немедей,
Көчүгүнөн кара кан.
Кара жерге төгүлүп.
Коңурбайды карасаң,
Ажал көзгө көрүнүп,
Коңурбай жандан түңүлүп.
Ошондо да Кара аты,
Жүргөн экен жүгүрүп.
Алгараны күү менен
Алдырбай жүрөт калкылдап.
Ушу кезде Коңурга
Ажал келди жакындап.
Баягы экөөн карасаң,
Айрылбаган башы жок,
Алжайбаган кашы жок.
Жан аяган киши жок,
Жан аяп бенде калган жок.
Бул ишинде арман жок.
Колдун баары союлуп,
Колтуктары чоюлуп.
Чапандын баарын айрышып,
Жакаларын кайрышып.
Аябай келип салышып.
Алкымга найза малышып.
Найзанын баарын сындырып
Кулактын баарын тындырып.
Чоюнбашты колго алып.
Как ушундай булгалап,
Как чокуга салышып,
Чоюнбаш кетти быркырап,
Айбалтаны колго алып,
Жанагыдай булгалап,
Как чокуга салышып,
Калкандарды жарышып.
Калкан кетти быркырап,
Кадеттей учуп быркырап.
Кылычты сууруп алышып,
Кыябы менен келишип.
Как шилиге салышып,
Чаны кол до калышып,
Айбалта менен салышып,
Сабы колдо калышып,
Эч ылаажы кылалбай,
Бирин-бири алалбай.
Үчөө бирдей чарчады.
Алачыктай Калчаны
Алалбай экөө чарчады.
Куушурулуп далысы.
Куп кетиптир каруусу.
Эрди калды чорбоюп,

Мурду калды борбоюп,
Тула бою долдоюп.
Алмамбет менен Чубактын
Миңген аты сай күлүк.
Жүгүргөнү эликтей,
Экөөнүн башын карасаң,
Жошологон челектей.
Коңурбайды карасаң,
Алгарадан албайып,
Араң жүрөт далбайып.
Көөкөрдөн аккан эмедей,
Көчүгүнөн кара кан,
Канжыгадан көрүнүп.
Коңурбай жандан түңүлүп.
Бир атууга дары жок.
Бит сыгарга каруу жок.
Как ушунтип турганча,
Ачып көзүн жумганча.
Кара-арчанын белинен.
Кара кулдун кериден,
Калдайып калың кол чыкты.
Кара курттан мол чыкты.
Алигини көргөндө,
Алмамбет Чубак элдейип,
Эси ооду селдейип.
Жазайыл үнү жаңырып,
Замбирек үнү күркүрөп,
Аны көргөн жеринде
Азат бою дүркүрөп.
Караса кытай колу экен,
Эсеби жок мол экен,
Ошондо Коңур кеп айтат,
«Ой, Алмамбет, деп айтат.
Сен да Каракандын уулу элең.
Как өзүңдөй кул элең,
Атадан тууган эр элең.
Сен да Бээжинден чыккан
шер элең,
Бектерим келсе өлөрсүң,
Бейишиңе жөнөрсүң.
Кандарымдан өлөсүң,
Караңгы жайды көрөсүң.
Эми урушсам да ушу жерден,
Убада кылып берейин,
Ушу бойдон барып айт,
Урумдагы карыңа айт.
Манасыңа барып айт,
Бакай деген карыңа айт.
Эми сан жылкымдан айлангын,
Бирөөнүн санын кесип байлангын.
Манасыңа барып айт,
Бакай сындуу карыңа айт,
Сенин мыктысынган Манасың,
Сенин каза болду намазың.
Намазыңды окуп ал,
Аккулаңды токуп ал.
Манасың баштап кайтып кел,
Аккулаңы минип кел,
Аколпогуң кийип кел,
Эки күндө тозуп кел,
Байгеден атың озуп кел.
Айттым сөздүн сабагын,
Менин ачка болду тамагым.
Тамак-ашка тоюнуп,
Артыңдан акыр барармын.
Көйкапка чейин сүрбөсөм,
Көтүңдөн кошо жүрбөсөм.
Ошол ишти кылбасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Мен мындан көрө өлөйүн,
Менин аскерим келип калды го,
Арманда болуп каласың.

Ошо кезде Коңурбай,
Ойлогону ар кандай,
Айтканым кабыл көрбөсөң,
Эртең тозуп келбесең,
Үйүңдөгү күңүңдүн
Дамбалын башыңа чалынгын,
Бар эми, Кудайыңа жалынгын!»
Баракелде каным деп,
Ажырашып алышты.
Алмамбет, Чубак эгиз эр.
Кайра тартып салышты.
Бер жагында сеңирге,
Имериле бергенде,
Коңурбайды карасаң,
Амал менен айтыптыр.
Алгаранын үстүнөн
Ала салып жыгылды,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Карарган калың кол келип.
Кара курттай мол келип.
Коңурбайга чогулду,
Үстү-үстүнө чогулуп,
Үстөмөндөп жыгылып.
Көргөндүн баары буркурап.
Көбү ыйлап чуркурап.,
Коңурбайды дардайтып,
Согум сойгон немедей,
Чечиндирип чардайтып.
Тең жарымы буркурап,
Ыйлап турат чуркурап.
Үчөө-төртөө келгенби,
Армандуу кылып салганбы.
Кайран каным өлөбү?
Караңгы жайды көрөбү?
Как ушундай күндөр болобу?
Дарикечтер келишип,
Дарысынан беришип.
Доктурлары көрүшүп,
Токтолбой дары беришип.
Кытайдын кырым дарыдан,
Кыябы менен беришип.
Орустун урум дарыдан.
Оозуна салышып.
Момуядан мол берип.
Ар дарыдан чоң берип.
Аламсаат болгончо,
Ачып көзүн жумганча,
Алачыктай чоң Калча
Адам болду аңгыча.
Бети-колун жуунуп,
Белин бекем буунуп.
Тамагын жеп тоюнуп,
Эки көзү коюлуп.
Кызыл өңү сур чалып,
Кылычты белге курчанып.
Өтүп кетти кордугу,
Экөөлөгөн зордугу.
Эми Төрөбек менен Бороончу,
Дөөлөрдөн үчөө бар болчу.
Нескара менен Коңурбай,
Алар менен төрт болду.
Эми атышкан өрт болду.
Эми төртөөбүз минип жөнөйлү.
Эрдигин эми көрөлү.
Атка минип алышып,
Алиги төртөө жарышып.
Арт жагынан калың кол.
Аламан жөнөп алды ошол.
Эми аны таштап коюңуз,
Баягы Манас баатырдын,
Кабарынан болуңуз.
Баатыр Сыргак төрөңүз.

Баякыны көрүңүз.
Бир чукурга токтолуп,
Түшүп атын откоруп,
Бир күнү түнөп эс алып,
Эртесинде дем алып.
Кулак салып тыңшаса,
Жазайыл мылтык жаңырат,
Койчагыр үнү чаңырат.
Замбирек үнү күркүрөйт,
Аны уккан Сыргактын,
Азат бою дүркүрөйт.
Коңурбай келген экен – деп.
Бу жатуубуз бекер – деп.
Атка минип алышып,
Алиги экөө жарышып.
Бер жагында дөбөгө,
Манас сындуу төрөгө,
Чыгып келип караса.
Коңурбайлап чуу келет.
Кызыл желек туу келет.
Эки көзүн ирмебей,
Экөө карап турган бейм.
Астында келет Коңурбай,
Ооракта Нескара,
Алдан кийин Төрөбек,
Арт жагында Бороончу,
Көк темирге орончу.
Кызыл желек туу менен,
Чыңгызкан деп чуу менен,
Алгарасын алкынтып,
Андан бетер булкунтуп.
Карап туруп көк жалың,
Көзүнөн чыкты от жалын.
Ата, Алмамбет, Чубак өлгөн бейм,
Акыретти көргөн бейм.
Өлбөсө кана? Жоголду?
Экөөнө не болду?
Алмамбеттен айрылып,
Кантип тирүү барамын.
Чубагымды жоготуп,
Кантип элди көрөмүн.
Эми тобокелге салалы,
Биз да тозгон болуп көрөлү.
Коңурбайга бет алып,
Азыр жөнөп калайын.
Ушуну айтып көкжалың,
Көзүнөн чыкты от жалын.
Караганы илбирстей,
Кайсаганы албарстай.
Качырганы жолборстой,
Тиштегенин ыптаган,
Жолборстон талим алган кул.
Сайган жоосун ныктаган,
Билеги күчтүү балбан кул.
Коңурбайды бет алып,
Жөнөп калган жер ошол.
Эр Сыргагы элеңдеп,
Ээрчип кошо эпеңдеп,
Караса Алмамбет, Чубак алсырап,
Араң келет кансырап.
Кабага каны катыптыр.
Кайгырып келе жатыптыр.
Эриндери чорбоюп,
Мурундары борбоюп,
Тула бою долдоюп,
Баякыны көргөндө,
Энди Манас сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып,
Жандап өттү лыпылдап,
Алмамбеттин астынан,
Жандап өттү шыпылдап.
Ата, Алмамбет, баатыр нетесиң.

Качып кайда кетесиң?
Качканда кайда барасың?
Кандай каран саласың.
Коңурбай келет төрт болуп,
Көргөндө ичим өрт болуп.
А да төртөө биз төртөө,
Бир беттешип көрөлү.
Ажал жетсе өлөлү.
Качканда кайда кетесиң,
Элге качан жетесиң?
Боройлогон күн жааса,
Боз кирешке токой жок.
Эми болушарга ногой жок.
Эми керей-керей күн жааса,
Кирешке болгон токой жок,
Эми кеңеш айтар Бакай жок.
Эми акылыңдан шашбагын,
Антип Алмам качбагын.
Алар төртөө биз төртөө,
Бир беттешип көрөлү.
Ажал жетсе өлөлү.
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Тартбай койбойт казган көр.
Андан көрө артымдан.
Кайра тартып жүрө көр.
Баатырлар муну уккан соң,
Аттан түшө калышып,
Аккан сууга барышып,
Белин бекем буунуп,
Бети-колун жуунуп,
Кочуштап суудан ууртaшып,
Нанды оозго бурдашып.
Өзөгүнө өз алып,
Өлө жаздап эс алып.
Атка минип алышып.
Ал экөө да жарышып.
Ал төртөөнө бул төртөө.
Бет алышып жарышып.
Берениң Манас көкжалың.
Көзүнөн чыгып от, жалын.
Жалын чыгып көзүнөн,
Жаалы чыгып жүзүнөн,
Коңурбайды бет алып,
Коркбой жөнөп баратат.
Караса көздөн от жанган.
Кармаса колдон кан тамган.
Кыска кармап найзаны,
Кылмак болду айланы.
Ал аңгыча Коңурбай,
Алгара менен күркүрөп,
Ала байрак сур желек,
Асман көккө диркиреп.
Манасты көздөй бет алып,
Келе жатыр күркүрөп.
Кызыл желек туу менен,
Кыйкырык салып чуу менен,
Он эки кулач жез найза,
Темири болот кез найза.
Омуроого келтирип,
Коңурбай жөнөп калды эми.
Маңдайлашып барышты,
Маймайлашып калышты.
Эр Коңурбай жетти эми,
Найза менен нетти эми.
Акылды Манас тапты эми,
Найзаны көккө чапты эми.
Аңгыча кыябына келгенде,
Кыраан Манас жетиптир.
Колтугуна келтирип,
Коңурбайды нетиптир
Бир сайгандан чыгарбай,

Жыга коюп өтүптүр.
Бура тартып алганча,
Башын кесип салганча,
Көт жагынан калың кол
Кирип келди аңгыча.
Коңурбайга баргызбай,
Колду Кудай уруптур,
Тегеректеп туруптур.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып.
Ошо келген аскерге
Арыстан Манас тез келди,
Ажалдуусу кез келди.
Алдына кире бергенди,
Найза менен мылгытып,
Аркасынан келгенди
Албарс менен кайсалап.
Жөлөнгөнү керидей,
Кой качырчу бөрүдөй.
Жан көзүнө көрүнбөй,
Акыр заман салыптыр,
Астын-үстүн кылыптыр.
Кырылса да болбоду,
Кыйын кытай оңбоду.
Өлсө дагы болбоду,
Өжөр калмак оңбоду.
Барган сайын буркурап,
Машадай болуп чуркурап,
Дагы үстүнө чыкылдап,
Келе берди быкылдап.
Келгени өлө берди эми,
Өлүп-өлүп олтуруп.
Ар чукурдун баарысын
Өлүк менен толтуруп.
Кытайдан кырды канчаны,
Кырган менен түгөнбөйт,
Жалгыз киши чарчады.
Заман акыр куурулуп,
Чыга качты суурулуп.
Кызыл ала кан болуп,
Кылганы журтка даң болуп.
Темгил ала тер болуп,
Моюндун баары кир болуп.
Коңурбай кайда болду экен,
Кайсы жерде өлдү экен?
Жыгылган жерин караса,
Табактай канын уютуп,
Жыгылган жерде калыптыр.
Алгарасын жетелеп,
Бир кабакка барыптыр.
Аябастан дарыдан
Алып оозго салыптыр.
Эс алып капыр атына.
Кайра ыргып миниптир.
Ушу жолдо Манастын
Эл кырганын билиптир.
Аңдып карап туруптур,
Аңгыча Манас суурулуп,
Эки жагын каранып,
Эрди-башын жаланып.
Алмамбет кайда болду экен,
Чубак кайда жүрдү экен?
Ошону ойлоп көкжалың,
Төмөн жагын караса,
Төрөбек менен салышып,
Өлбөгөн жерде калышып,
Алмамбет жүрөт алышып.
Анын быяк жагында,
Эр Чубак жүрөт сайышып.
Кабыргасы кайышып,
Нескара экөө алышып.
Анын туура жагында,

Сыргак менен Бороончу,
Жакалашып эңишип,
Бирин-бири жеңишип.
Ат үстүнөн эңишип,
Баякы үчөөн көргөн соң,
Алмамбетти бет алып,
Айкөл Манас жөнөдү.
Бекем карма Алмамбет,
Төрөбекти алгын деп,
Төрөсү келет качырып.
Ал аңгыча болбоду.
Коңурбай баатыр оңбоду.
Кыябына келиптир,
Кыйгап өтө бериптир.
Көрө коюп Коңурбай,
Кыйкырганы баш жарып,
Айкырганы таш жарып:
«Келтирейин кезиңе,
Бир түшөйүн эсиңе,
Көрүнөйүн көзүңө.
Кара суугa кан куйган,
Канкор саа кылбасам,
Ичип антка тойбогон,
Анткор саа кылбасам!»
Кыябы менен айкырып,
Коңурбай чыкты кыйкырып.
Төрөбекке барганча.
Кирип келди аңгыча,
Баатыр Манас болгону,
Башына сыймык конгону,
Кууган жоодон качбаган,
Душманга колтук ачбаган,
Сундуруп найза тартбаган,
Сумсайын жандан кайтбаган.
Теминген жоодон кайтбаган,
Теңтушка сырын айтбаган.
Эми султаның качты суналып,
Коңурбай кууду кубанып.
Бура тартып алгыча.
Көмө коет аңгыча.
Баатыр Манас болгону,
Башына сыймык конгону,
Баштаганы оңбоду.
Эми качканы ушу болуптур,
Коңурбай кууп алыптыр.
Аны көрүп Алмамбет,
«Кокуй, төрөм, качбай кал,
Акылыңан шашбай кал».
Төрөбегин таштады,
Төрөсүн кууган Коңурдун
Көт жагынан баштанды.
Атаа, Коңурбай саа кылбасам,
Сени бөйрөккө найза малбасам,
Өчүмдү бүгүн албасам»!
Жоо качтылап айкырып,
Алманбеттин артынан.
Төрөбек кууду бакырып.
Бирин-бири кубалап,
Саяр жерин кыбалап,
Теминишип келайтыр.
Аларды көрүп алган соң,
Акбалтанын Чубагы
Азыр карап турабы
Ал да жөнөп калыптыр.
Төрөбектин соңунда,
Найза кармап колунда,
Көрөрсүң далай сонунду.
Анын арка жагынан
Бороончу чыкты бакырып,
Эр Чубакты качырып.
«Ушу кулга жетейин,
Көмө коюп өтөйүн!»

Жана арка жагында,
Эр Сыргак ээрчип жөнөлдү,
Бороончунун артынан,
Баягы үчөөн карасаң,
Аралашкан дартынан,
Анын арка жагында,
Нескара да табында,
Айкырып эл да жөнөлдү:
«Аралашып калайын,
Найза менен саяйын.
Жөн эле кантип карап калайын».
Ал төртөөнө бул төртөө,
Аралашып алыптыр.
Бирин-бири мээлешип,
Келе жатыр жарышып,
Ит кууган түлкүдөй,
Көргөн киши күлгүдөй.
Бир-бирине жеталбай,
Найза менен неталбай,
Эки буту тепеңдеп,
Эми качан жетем – деп,
Келе жатыр артынан.
Ал аңгыча болбоду,
Арстаның Манас болбоду.
Кара сууга камалды,
Кантип табат амалды.
Баткакка бата тыгылды,
Баатырың Манас жыгылды.
Кирип келди Коңурбай,
Баткакка барып жапшырып,
Акыретке тапшырып,
Түбүнөн кармап Коңурбай,
Алып келип жетиптир.
Оң жагынан жыгылып,
Омуроосу Манастын
Ол баткака тыгылып.
Баатыр Манас көкжалың,
Көзүнөн чыгып өрт-жалын,
Түпөгүнөн бек кармап,
Түртүп калды көкжалың.
Ал аңгыча Алмамбет
Артынан кирип келиптир,
Коңурбайга жетиптир,
Ажыратып өтүптүр.
Алмамбеттен сескенип,
Акылынан шашыптыр,
Найзаны таштай качыптыр.
Чала-була кайсалап,
Коңурбайды найзалап,
Ажыратып калыптыр.
Эми кез-издешип турушуп,
Кет-кет дешип урушуп,
Ушунетип тургуча,
Күүгүм кирди аңгыча.
Аңгыча баатыр суурулуп,
Тула боюн карасаң,
Баткак болуп жуурулуп.
Айбанбоз атын тургузуп,
Ыргып минди атына.
Атка минип салпылдап,
Баткак болуп балпылдап,
Эки найза өңөрүп,
Эрдик менен көгөрүп.
Дагы ээрчип жөнөлдү,
Туурасынан Алмамбет,
«Саа эмине болду? – деп,
Чылбырынан бек кармап,
Кокуй, төрөм, деп кармап,
Аккуланы минбейсиң,
Аколпокту кийбейсиң.
Ал Коңурбай ким дейсиң!
Эми кууганда кантип жетесиң,

Кудай кылды нетесиң?
Аккула минбей арманың,
Оозуңду жаман кармадың.
Же, ак олпогуң кийбейсиң,
Анан жылкы тийбейсиң.
Өпкөнү канга жайдырдың,
Өчөшүп жүргөн капырга,
Өкүнүчтө болуп сайдырдың.
Өгүнтөн элге барбадың,
Ичиңде калды арманың.
Оозуңду минтип кармадың.
Эми бул ишиңде арман жок,
Урушар жайың калган жок.
Кара сууга тыгылдың.
Как ушунтип жыгылдың.
Белгилүү күлүк Аккула,
Белиңе байлап келбедиң,
Мен-менсиген капырды,
Эр Коңурбай баатырды,
Бир беттешип өлбөдүң.
Эми иш бузулган кезинде,
Кантип ага барасың?
Аккула минбес баатырым,
Ал Коңурбай капырың,
Каруун кантип келесиң?
Ат минбеген баатырым,
Алгара берди сазайың.
Эми азапты минтип тартайын,
Тон кийбеген баатырым,
Көк күбө берди сазайың,
Дозокту минтип тартайын.
Эми кууганда кантип жетебиз.
Кудай кылды кетебиз.
Капырдын эли кол болуп.
Кара курттай мол болуп.
Ой менен тоонун баарына,
Орус, кытай жык болуп,
Көргөн адам бук болуп,
Эми күүгүм кирди, күн батты,
Түн боюнча качалы.
Бакай кайда, эл кайда?
Баягы кайран кол кайда?
Баякы төртөө баш кошуп,
Өң төрөлөр окшошуп,
Куушурулду далысы.
Куп кетиптир каруусу.
Ар жагында Коңурбай,
Ал да турат төрт болуп.
Алигини көргөндө,
Манастын ичи өрт болуп.
Ошондо Коңур кеп айтат:
«Ичип антка тойбогон,
Издегенин койбогон,
Жакыр Манас кеп айтам:
Жортуп-жортуп койбогон,
Жоо малына тойбогон,
Жолуң каткыр кеп айтам.
Алып-алып койбогон,
Арам малга тойбогон,
Анткор саа кеп айтам,
Ажыраттым жылкымды.
Ачтым сенин уйкуңду,
Эми келтирейин кезиңе,
Көрүнөрмүн көзүңө,
Уккун менин сөзүмү.
Эми ушу бойдон барып айт,
Урум, кырым баарына айт,
Уламалуу карыңа айт.
Каракалпак, түркмөнгө айт.
Казак, кыргыз бүткөнгө айт.
Ээрчип жүрүп барармын,
Элиңди да көрөрмүн.

Таласыңы талкалап,
Талап өтүп кетермин.
Ташкениңе барармын,
Тамашаңы көрөрмүн!»
Ошенетип шерт кылды,
Убаданы бек кылды.
Эми кайра тартып алышып,
Кандардын баары жарышып,
Очогор мылтык октотуп.
Он эки түрлүү жылкысын
Коңурбай эми токтотуп.
«Конуш билген жакшылар,
Кол бийлеген кашкалар,
Эми быйыл шашбаңар.
Аябаймын малымды,
Алтын, күмүш зарымды.
Колумдагы барымдын,
Баарын силерге тараттым.
Аябаймын жылкымды.
Алтын, күмүш мүлкүмдү.
Ачкыла бүгүн күлкүңдү.
Ылоону кармап мингиле,
Ырастап жолго киргиле.
Күлүктү кармап мингиле,
Күүлөнүп жолго киргиле.
Жоргону жолго салгыла,
Жортобун союш кылгыла.
Арам өлсүн сан жылкы,
Озунгандын малы экен.
Айгыр минип алактап,
Аябаган шалактап,
Бээни союш кылгыла,
Бээжинге калбай баргыла.
Качырдын баарын таштагын,
Кайрат кыла баштагын.
Эшектин баарын агытып,
Энди жолго киргиле!»
Ал аңгыча Карагул –
Кылар иши мына бул.
Эки жагын каранып.
Эрди-мурдун жаланып,
Ошо жылкы ичинде,
Ажыбайдын Күрөң ат,
Турган экен сандалып,
Ажыбайга кармалып.
Күрөң атты көргөндө,
Укурук колго алды эми,
Карткүрөңдүн мойнуна
Укуругун салды эми.
Чогулушкан кандарга,
Нечен мыкты сардарга,
Ортосуна келтирип,
Коштоп алып желдирип,
Карагул туруп кеп айтты.
Бу чындаганда киши эле.
Качан болсо ушунтип.
Баштан келчү ушу эле.
Эми лаанатың жар болуп.
Ырысыңар бар болуп,
Бу да колго түшүптүр.
Кармап келдим сойгула,
Кадактап алып тойгула.
Ушуну айтып капырың,
Күрөң атты мууздап,
Ишин кылып дурустап.
Бериште баштан учканы,
Бейли шайтан кучканы.
Сыймыгы баштан кеткени,
Ажалы бүгүн жеткени.
Муштумдай дан бөлүшүп,
Тамашаны көрүшүп.
Ал күнү анда конушуп,

Кара этин кактап оңушуп.
Аны менен тим турбай,
Бээден кошо союшуп.
Уктабай таңды атырып,
Санабай жылдыз батырып.
Эртең менен болгондо,
Күн көтөрүлүп келгенде.
Кара кытай калың журт.
Кайнап жаткан кара курт.
Жылкыга жабыла киришип,
Бирден тандап минишип.
Жоргону жолго салышып,
Жоругуна жобонуп,
Кылыгына кубанып,
Күлүктү минип алышып,
Эми күүлөнүп чыкты жарышып.
Эшектерин ташташып,
Кызыкты мындай башташып,
Жөөнүн баары бат минип,
Аялдабай ат минип.
Ажыратып жылкыны,
Ачты бүгүн уйкуну.
Түркүн-түркүн эл менен,
Түмөн-түмөн кол менен,
Ийри-буйру жол менен,
Илек-илек кол менен
Иткелдей болгон сан черү.
Айдап алган бой менен.
Кара туман чаң менен.
Казана туулу жол менен,
Кайнаган калың кол менен.
Токсон билге дары артып.
Тумандай чаңын карартып,
Сексен билге ок артып,
Серпишкенин жоготуп.
Бээжиндин беги Коңурбай,
Беттешкен адам оңобу ай.
Коңурбайдын аскери.
Чегирткенин корундай.
Дин мусулман бенденин,
Жайнап чыкты шоруна ай.
Аскердин баары лыкылдап,
Жер дүйнөнү жепирип,
Келе жатыр кылкылдап.
Астын баштан Коңурбай,
Алгара менен шалкылдап,
Коңурбайдын Кара аты,
Жоого тийсе канаты.
Качан болсо баатырдын,
Кыла жүргөн адаты ай.
Алгара менен күркүрөп,
Аны көргөн бенденин
Азат бою дүркүрөп,
Коңурбайдын калың кол,
Кайнап чыккан жер ошол.
Жыландай көзүн жылжытып
Жылдырып аскер жол менен,
Эсеби жок кол менен,
Ат аябай жол жүрүп,
Ал күнү катуу мол жүрүп.
Аны таштап коюңуз,
Алиги кеткен төрт баатыр –
Кабарынан болуңуз.
Таң аткыча жарышып,
Аттын оозу карышып.
Булбул куштай үн катып,
Бугудай болуп түн катып.
Торгой куштай үн катып,
Тоту куштай түн катып.
Ат аябай жол жүрүп,
Күнү түнү мол жүрүп.
Эки күндүк элине

Эми жакын калганда,
Баатыр Манас төрөңдүн,
Арам өлгөн Айбанбоз
Аты басбай калды эми.
Маралдай башын чайкады,
Басбай калды оюлгур.
Бугудай бутун булгады,
Болбой калды союлгур.
Салмоордой төрөнү,
Салмактады Айбанбоз.
Коргошундай төрөнү.
Козголто албай бу доңуз.
Аттан түшө калды эми,
Ак келтени таянып,
Бир азырак жай алып,
Ооздугун чыгарып.
Агып жаткан булактан.
Алиги төртөө сугарып.
Ары-бери чалдырып,
Карап көзүн талдырып.
Жана атка минишип,
Дагы жолго киришип,
Анткен сайын болбоду,
Арам өлгүр оңбоду.
Ал аңгыча туу менен,
Чыңгыскандап чуу менен.
Ала байрак сур желек,
Адамдан заты бир бөлөк,
Желеги туудан бөлүнбөй,
Жер дүнүйө көрүнбөй.
Караса көзгө илинбей,
Канча экени билинбей.
Кара туман калың кол,
Каптап калган ошол жер.
Төрт тарапка турушуп,
Төртөө калды урушуп.
Коңурбайды карасаң,
Быягынан бир атып,
Тыягынан бир атып.
Көргөн жанды кубантып,
Көк түтүндү буратып.
Айламалуу алты атар,
Алты-жети атышып,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып.
Төгөрөктөп алышып.
Төрт миң адам барышып.
Төртөөн бүгүн шаштырып,
Ошо кезде баатырдын
Аты жүрбөй алсырап,
Ак келтени таянып,
Бир азыраак жай алып.
Аты жүрбөй жөө басып,
Эки бетин көө басып.
Обо айланып боз болуп,
Оболкулар козголуп.
Күн айланып боз болуп,
Күйүтү эми козголуп.
Алмамбет менен Чубакка,
Арбактуу Сыргакка,
«Эми кош, аман бол, жолдошум,
Аман болгун, жолборсум,
Атым жүрбөй болбодум,
Арыстан төрө оңбодум.
Мен үчүн үчөөң өлбөгүн.
Бей ажал күндү көрбөгүн.
Менин өз убалым өзүмө,
Өгүнтөн тилиң албадым,
Алмамбет сенин сөзүңө.
Менин бериштем баштан учуптур,

Бейли шайтан кучуптур,
Ажалым быйыл жетиптир,
Сыймык баштан кетиптир,
Өгүнтөдөн тил албай,
Мындай күндү биле албай.
Эми менин жотомо жору конобу,
Жорунун богу боломбу?
Кашкама кажыр конобу,
Кажырдын богу боломбу,
Мен ушунтип арам өлөмбү?
Каалгадай тишимди,
Кадыр Алда кудурет,
Бүтүргөнбү ишимди?
Каныкей сындуу кишимди,
Коштогону Коенбоз,
Төшөнгөнү баян дос,
Абакеме салам де.
Саламдан башка кебим жок,
Кытай кыйын эби жок.
Ошону айтып баатырдын,
Көзүнөн жашы тизилип,
Көөнү кетти бузулуп.
Алмамбет, Чубак жолборсум,
Аман болгун жолдошум!
Кыяны басып чоң жол кыл,
Кыяматты болжол кыл.
Капталды басып чоң жол кыл,
Караңгы жайды болжол кыл.
Жаңырыктуу кыядан,
Жалгыз элем уядан.
Билериктүү кыядан,
Бирөө элем уядан.
Кан Алмамбет ойронум,
Акыретти ойлодум.
Качып келген сен жалгыз,
Карманганың мен жалгыз.
Жалгыздын күнү ушу экен,
Канетейин Алмамбет,
Жараткан эгем иши экен.
Элкимдин күнү ушу экен,
Эгемдин кылган иши экен.
Кырк чоронун баарысын,
Кыргыл чалдай карысын.
Кызматын көрбөй мен өлдүм,
Кыяматка жөнөлдүм.
Аккуланы минбедим,
Аколпокту кийбедим,
Өпкөнү канга жайдырдым,
Өчөшкөнүм Коңурбай,
Өкүнүчтө болуп сайдырдым.
Коенбоз колун сындырдым,
Коңурбай көөнүн тындырдым.
Бектердин белин сындырдым,
Бээжиндин көөнүн тындырдым.
Кош Алмамбет Чубагым,
Эми жөнө чунагым.
Эми бир уялаш Сыргагым,
Аман болгун чыйрагым.
Эми саламдан башка кебим жок,
Сандыргалуу капырдын.
Эр Коңурбай баатырдын»,
Ушуну айтып далдайып,
Баатыр Манас шалдайып.
Ал аңгыча Алмамбет,
«Ал эмине деген кеп?»
Атынан түшө калыптыр,
Сараланы жетелеп,
Баатырына бет алып,
Туура тартып калыптыр.
Кокуй, Манас не дейсиң,
Кандай курган кедейсиң?
Чоросу өлсө бири өлөт,

Төрөсү өлсө баары өлөт.
Ай баткандай кылбагын,
Андай күнгө салбагын.
Өлсөм өзүм өлөйүн,
Ак жазганын көрөйүн.
Каран калган Сарала
Касиети бар эле.
Как ушуну минсеңчи,
Качып жолго кирсеңчи?
Бакайды көздөй барсаңчы,
Барып кабар салсаңчы.
Толуп жаткан аскерди,
Баштап алып келсеңчи?
Өлсөк бул үчөөбүз өлөлү,
Ак жазганын көрөлү.
Эр Бакайды баштагын,
Асаба тууну аштагын.
Айдап келип аскерди,
Аялдабай тез келгин,
Өзүң жетип баарына айт,
Бакай сындуу карыңа айт,
Баштап алып тез келгин,
Бачымырак кез келгин.
Өлсө мына өлөйүн,
Ак жазганын көрөйүн
Мобу эки кулду ээрчитип.
Кайра тартып көрөйүн.
Өлүп калса Алмамбет,
Кой териси эмеспи.
Тирүү болсо мен шордуу,
Жоо бөрүсү эмеспи.
Табайын кулдун эсебин.
Бүгүн Сарала минчү кезегиң.
Сарала минип сан колго
Салып кабар бере көр,
Баштап алып келе көр».
Как ошентип турганда,
Кайраттанды көкжалың.
Көзүнөн чыкты от жалын.
Атаганат, Алмамбет,
Өмүрүңдү кемитип,
Өз атың минип кеткеним,
Өлгөнүм эмей неткеним.
Ошен этип качканым,
Акылыман шашканым.
Алдан көрө, Алмамабет,
Соот жыйдым сен үчүн,
Согушуп көрдүм сен үчүн.
Алма баш үйдүм сен үчүн,
Атышып көргүн мен үчүн,
Баатыры качып кетти деп,
Башкасы мында калды деп.
Калдайды Кудай урбайбы,
Баарысы карап турбайбы.
Апа-супа кылбайбы.
Ары-бери албайбы.
Төрөсү качып кеткен соң,
Араң эле турбайбы.
Калдайды Кудай урбайбы.
Өлүп калсак төртөөбүз,
Бир чуңкурда калалы.
Тирүү болсок тобокел,
Бир дөбөдө бололу.
Эми соот жыйдым сен үчүн,
Согушкула мен үчүн.
Алмабаш жыйдым сен үчүн,
Атышкыла мен үчүн
Медери элең элимдин,
Таңуусу элең белимдин.
Өткөрө чаап от алган,
Өткүрү элең кытайдын,
Батыра чаап баш алган.

Баатыр элең башында.
Атым жүрбөй жөө болуп,
Мен турамын кашында!»
Ошондо Алма көкжалың,
Көзүнөн чыкты от жалын.
Чымын жандан кечти эми,
Тондун баарын чечти эми.
Кызыл өңү сур чалып,
Кызылдан курду курчанып.
Башына Кызыл буунуп,
Бети-колун жуунуп,
Кандагайды шымданып,
Жоону көрүп шаңданып.
Кара боюн чыңданып,
Тула боюн топчулап.
Сарала атын үпчүлөп,
Кызыл кийим кийинип,
«Кызыр Илияс колдо» – деп,
Бирлерине сыйынып.
Кандагайды шымданып,
Сарала минип шаңданып.
Түсү кетип бузулуп,
Жүзү кетип кубулуп.
Бели кетти мекчейип,
Көзү турат чекчейип.
Ушунетип мекелеп,
Коңурбайга жекелеп.
Бир беттешип алалык,
Бир кумардан чыгалык.
Бери чыккын эр болсоң.
Аны көрүп Коңурбай,
Эт жүрөгү болк этти,
Бу кызыталак Алмамбет
Кызыл ала кийинип,
Бирлерине сыйынып,
Кыябына келгенби?
Бу кара чоктуу капырды,
Каары менен жеңеби?
Бу камандай келип качырып,
Кандарды кыргын кылабы?
Буга ат соорусун салалы,
Азыраак качып калалы.
Мүдөөсүнө жеткиче,
Аралашбай туралы.
Кеңеш менен токтотуп,
Очогорун октотуп,
Жана айтса жана кеп,
Жанагыдай дагы деп.
Чубак келди Манаска,
Акбалтанын Чубагы
Азыр карап турабы,
Анын айта турган убагы.
Алдына келди буркурап,
Ыйлап ийди зыркырап.
«Күлүстөн Манас төрөбүз,
Күлгөнүңдө кубанып,
Күн тийгендей көрөбүз.
Кабылан Манас төрөбүз,
Кабагыңды бүркөсөң.
Кар жаагандай көрөбүз.
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна?
Сурмалуу көздөн жаш акса,
Жашы кимдин койнуна?
Ошонун баарын ойлосом,
Мен Чубактын мойнуна.
Эң болбосо баатырым,
Менин атым минсеңчи,
Безе качып бектерди,
Баштап алып келсеңчи.
Анан кийин келсеңчи,
Ажыратып алсаңчы».

Ошондо Манас күүлөнүп,
Ачууланды сүйлөнүп.
«Арбак урган Чубагым,
Акылы жок чунагым.
Сен Акбалта кандын уулу элең.
Акылы жок кул элең.
Куйбурдун уулу Чубагым,
Кулжуңдаган чунагым.
Андан көрө бачагар,
Алмамбеттин артынан.
Антип карап турбагын.
Коңурбайды көрдүңбү?
Кошулуп барып турушкун,
Койгулашып урушкун.
Кечээ кирешкенин оюнда,
Кең-кол,Талас боюнда,
Кең багелек сары шым,
Багелекке батбайсың.
Эрегише келгенде,
Эл ичине жатбайсың.
Айтсам тилиң албайсың.
Эми жайың кандайсың?
Алп из деген, дөө келди
Ат минбеген жөө келди.
Бедөө минген бек келди,
Угаарга сонун кеп келди.
Мына уруудан чыккан эр келди,
Коңурбай сындуу шер келди.
Андан көрө кошоматты кылсаңчы.
Алмамбет менен кошулуп,
Коңурбайга барсаңчы,
Кошулуп уруш салсаңчы».
«Ушунуңуз эп деди.
Ушу жакшы кеп» – деди.
Алмамбеттин артынан,
Ээрчип Чубак жөнөлдү.
Жөлөнүшү керидей,
Кой качырчуу бөрүдөй.
Эр Чубакты караса,
Алмамбетке жанаша,
Барып тура калыптыр.
Баякыны көргөндө,
Коңурбайды карасаң,
Аскерди кууп буркурап.
Кайра качты чуркурап.
Алмамбетти карасам.
Ал жаралуу каман го
Алмамбеттен өөдөрөк,
Ал Чубагы жаман го.
Кечээ күнү көрдүңөр,
Жандын үйүн туштаган,
Жар-Кыянын тушунан,
Жаман жерге муштаган.
Андан бетер дүргүшүп,
Ат чабым жерге үркүшүп,
Жана айтса, жана кеп,
Жанагыдай дагы деп.
Атын жөө жетелеп,
Айкөл Манас астына.
Эр Сыргак келди бет алып.
Берен Сыргак баатырың,
«Мен айтамын акырын.
Менин атым минсеңчи.
Безе качып бектерди.
Баштан алып келсеңчи.
Бала экенде экөөбүз,
Балпаңдашып тең өстүк.
Тай кунандай тебиштик,
Талашып эмчек эмиштик.
Сабакты бирге окуштук,
Көңүлгө акыл токуштук.
Чалгынды бирге чалыштык,

Жылкыны бире алыштык,
Кай жерде көңүл калыштык.
Белге саадак бууштук,
Бир туугандай тууштук,
Кай жерде көңүл сууштук?
Менин тилим алсаңчы,
Бакайга кабар салсаңчы.
Баштан алып келсеңчи.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл чалдай кары бар,
Мунун байдасын качан көрөбүз»?
«О, кокуй, Сыргак нетесиң,
Сен канетип кетесиң,
Сенин тилиң аламбы,
Минтсем адам боломбу?
Алмамбет, Чубак турбайбы.
Анан мени Кудай урбайбы!
Андан көрө Сыргагым,
Оозуң калсын карышып.
Тээтиги экөө менен биригип,
Кошо киргин жарышып».
Айласы барбы Сыргагың,
Атка минип алды эми,
Артынан кошо салды эми.
Үчөө турду баш кошуп,
Өң төрөлөр окшошуп.
Артынан Манас айкырып,
Алмамбет деп бакырып.
Эмине кылып турасың?
Алакан жайып айкырып,
Айкөл Манас бакырып.
Ал аңгыча баягы,
Үчөө кайдан аянды,
«Алла Кудай, алла», – деп,
Азиретиң колдо – деп
Ошо бойдон кыйкырып,
Кытайга бузук салды эми,
Кыйкырышып барды эми.
Миңин бирден бөлдү эми,
Бириндете кирди эми.
Мылтык менен атышып,
Кызыл канга батышып,
Быдырата киришип,
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп.
Кыдырата карабай,
Кымындай жанын аябай.
Бир атканда сулатып.
Он чактысын кулатып.
Бер жагында төрөңдү.
Ушу бүгүн кубантып.
Жөлөнгөнү керидей,
Койго кирген бөрүдөй.
Жан көзүнө көрүнбөй,
Кыргын кылды кытайды.
Жат кылды жалгыз Кудайды.
Алдына кире бергенди,
Найза менен мылгытты.
Аркасынан келгенди,
Ал барс менен кыңгытты.
Оң колуна шап алып,
Октой кыйын жаа тартып.
Аркы-терки жаа тартып,
Кытайдын баарын жадатып,
Кокту толо кырышып,
Кой өлүмү кылышып.
Жылга толо кырышып,
Жылкы өлүмү кылышып.
Эмчекке найза мылгытып,
Эрендер канды кулгутуп.
Кырып-кырып олтуруп.
Ар чукурдун баарысын

Өлүк менен толтуруп.
Ал күнү кечке салышып,
Өлбөгөн жерде калышып.
Колдун баары союлуп,
Колтуктары чоюлуп.
Ал күнү кечке салышып,
Абдан жатып сайышып.
Түнү менен кырышып,
Уу ичкендей кылышып.
Эртесинде сайышып,
Эси менен салышып.
Как чокуга салгылап,
Кытайлардын элине
Кыргынды бүгүн салды эми.
Кыяматтай болду эми.
Далай адам өлдү эми,
Акыретти көрдү эми.
Азуулары аркайып,
Ат өлүмү болуптур.
Муруттары чычайып.
Эр өлүмү болуптур.
Барган сайын түгөнбөй,
Манаадай болуп чуркурап,
Баары келди буркурап,
Көгөөндөй болуп көтүнөн,
Дагы келди дуулдап.
Айрылбаган башы жок,
Алжайбаган кашы жок.
Жан аяган киши жок.
Жан аяп бенде калган жок,
Бул ишинде арман жок.
Өлсө дагы түгөнбөйт,
Өжөр кытай келди эми.
Кырылса да түгөнбөйт,
Кыйын кытай өмөлүп.
Үстү-үстүнө тыгылып,
Жана келди чогулуп.
Кырды булар канчаны,
Эми үчөө чарчады.
Кечээ келген кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Маалына чейин кырышып,
Кырды бүгүн канчаны,
Кырган менен түгөнбөйт,
Үчөө жаман чарчады.
Чарчаган соң суурулуп,
Заман акыр куурулуп.
Эми Манасты көздөй бет алып,
Бастырып чыкты кеңгиреп.
Мас болгондой зеңгиреп.
Маң тарткандай кейбиреп.
Баякы төртөө баш кошту,
Ал аңгыча Коңурбай,
Ачуусу чыкты деп.
Алтын тууну жыкты деп,
Ала байрак сур желек,
Адамдан заты бир бөлөк.
Алтын найлуу жез канжа,
Алачыктай чоң Калча
Аркырап келет артынан.
Этеги жерге тийбеген,
Олтуруп жерге сийбеген,
Аркыраган дабыштуу,
Быркыраган муруттуу.
Кызыл желек туу менен,
Чыңгыскандап чуу менен,
Жана келди буркурап.
Кытайдын баары чуркурап.
Дагы келди жабылып,
Туш-тушунан камалап.
Аша турган ашуунун.
Алдын тозуп чуркурап.

Тоо-таштын баарына.
Толуп кетти кытайлар.
Акыр заман башына,
Азыр келди баатырга.
Тоону тозуп калган соң,
Туура карай салды эми.
Турпанды көздөй качканы,
Туйгунуң баатыр шашканы.
Ой менен тоонун баарысын,
Он чакты курчап кол келди,
Эсеби жок мол келди.
Арам өлгөн Айбанбоз,
Аткан сайын болбоду,
Баатырың минтип оңбоду.
Бараңдуу мылтык түтөтүп,
Барган сайын күчөтүп.
Зыркыратып ок атып,
Сырттандарды жоготуп.
Анан туура качып буркурап.
Каңгайдын Кара-Тоосуна,
Капчыгайдын оозуна,
Андан бетер буркурап,
Аскер келет чуркурап.
Капчыгайдын ичинен,
Бир кара үңкүргө камалды,
Кантип табат амалды?
Ой менен тоонун баарына,
Орус кытай жайланды.
Ушу күндө карасаң,
Бир атууга дары жок.
Бит сыгарга каруу жок,
Бир сындырым наны жок
Мындай мүшкүл күн болду,
Мындай болгон ким болду?
Аңгыча күүгүм кириптир,
Алмамбет эле турушат,
Жалгыз өзү урушат.
Үңкүргө жакын келгенди,
Атамын деген мергенди,
Алмамбет тозуп олтуруп,
Алтымышчасын өлтүрүп.
Ал аңгыча түн ортосу болуптур,
Алмамбет айла кылыптыр.
Алмамбет аны байкаса,
Коңурбайды карасаң,
Алгара менен ойнотуп,
Коңурбай чыгып келди аскерге.
Ошондо Коңур кеп айтып:
«Ээ, калайык, деп айтат.
Бул Алмамбет жаман дейт,
Бул жаралуу каман дейт.
Жанына жакын барбагын,
Каман чалса өлөсүң,
Караңгы жайды көрөсүң.
Андан көрө, кайра тартып
келгиле,
Акыл кылып алгыла.
Бөөдө мындан өлгүчө,
Акыл ойлоп келгиле.
Ушу күндө ойлосом,
Мылтыгынан үн чыкбай,
Ок-дарысы түгөндү.
Бер жагында кашат бар,
Ар жагында үңкүр бар,
Кашатка келип чогулуп,
Түбүн терең казалы.
Үңкүрүнө болжойлу,
Ошентип муну оңдойлу.
Как түбүнө өлчөйлү,
Арабалап дарыны,
Алып келип куялы,
Ошентип отту коёлу.

Болжолуна келгенде,
Ошондо отту коёлу.
Буларды ошентип, ойрон
кылып соёлу.
Дары учуруп бузсун – деп,
Жалбырактай учсун деп.
Ушунетип албасак,
Аты жүрбөй жөө басып,
Эки бетин көө басып,
Ушунетип жүргөндө,
Ошондо да бизге алдырбай,
Бул кылганын карачы!»
Ушуну ойлоп Коңурбай,
Убада кылып кеңешти.
Чыңдоолду чындап салышты,
Кароолго чыгып калышты.
Атышканды коёлу,
Амал менен соёлу.
Ошо кепти билди эми,
Алмамбет кайра келди эми.
Тил деген дилгирден,
Жетимиш түрдүү тил билген.
Калмак менен кытайдын
Кеңешин угуп билди эми.
Кайра тартып келди эми.
«Кабылан Манас төрөбүз,
Кабагың карыш бүркөлдү.
Кар жаагандай көрөбүз,
Эми как ушунтип өлөбүз.
Күлүстөн Манас төрөбүз,
Күлгөнүңдө кубанып,
Күн тийгендей көрөбүз.
Ушунетип өлгөнчө,
Биз да айла кылып көрөлү,
Эми Бакайды көздөй баралы,
Эки эле күндүк жол эле,
Көбү суусуз чел эле.
Эр Сыргакты жөнөтүп,
Биз да элге кабар салалы.
«Эмесе макул, куп» – деди.
Ушу сөзүң эп деди.
Эми кытайдын баары быкылдап,
Курттай кайнап кылкылдап,
Аты дагы жүрбөдү,
Ок-дарысы түгөндү.
Арабызга алган соң,
Минтип камап калган соң,
Кире каччу көрү жок.
Чыга каччу төрү жок,
Ажыратчу эли жок,
Баатыр Бакай эри жок,
Кеңкол Талас жери жок.
Баары чогуу болуптур,
Өлөргө жакын калыптыр.
Чыңдоолду чыңдап салалы,
Кароолду катуу коёлу.
Эртең менен болгон соң.
Кармап алып соёлу».
Ал аңгыча Алмамбет,
Айтты түрдүү сонун кеп:
Сарала минип сала көр,
Эми сан колду көздөй бара көр,
Мен берейин Сарала,
Безе качып бектерден,
Аман чыккын бу жерден.
Аралап киргин аянбай,
Алды-кийниң каранбай.
Же качып жүрүп белде өлгүн.
Же кармалып ошо колдо өлгүн.
Өлбөсөң барып эп көргүн,
Асаба тууну аштагын,
Абакемди баштагын.

Коркконун анда таштагын.
Эртең ушу маалда
Элди баштан келгейсиң,
Кыяны басып чоң жол кыл,
Келбей калсаң Сыргагым,
Кыяматты болжол кыл.
Капталды басып чоң жол кыл,
Караңгы жолду болжол кыл.
Эми Сыргак жол болсун,
Эгем Алла колдосун!
Бу каран калган Сарала,
Касиети бар эле.
Сопол куйрук, сом туяк,
Сомдогондой чоң туяк.
Соно куйрук мал эле.
Бу сайылып түшкөн сагызган,
Ачууланып чуркаса,
Канаттуу менен жарышкан.
Жети күнү таңашкан.
Желсе желден адашкан.
Желкайыптан жалгашкан.
Жер алдына бактырган,
Жез аштоону кактырган.
Жеткилең күлүк экен – деп,
Жезкемпир сынчы жактырган.
Болоттон така кынаган,
Боору жазы, мойну узун,
Болумдуу күлүк экен – деп,
Бороон чал сынчы сынаган.
Бул айтылмыш күлүк Сарала ат,
Алып учар бир замат.
Атка жеңил, тайга чак,
Абырактуу уул элең,
Атадан арта тууган кул элең.
Кыдырата караба,
Кытайды көрүп турасың,
Кылча жаның аяба.
Тегеретип болжобо,
Текти өлүмдү ойлобо».
Эр Сыргакка кеп айтты:
«Эми жөнө» – деп айтты.
Э дегенде ме деген,
Жоо дегенде жатбаган,
Андай ишти көргөндө,
Жүрөк туйлап батбаган.
Айланайын Алмамбет,
Андай болсо мына деп.
Келе бери Сарала,
Кандагайды шымдагын!»
Жоону көрүп шаңданып.
Кара боюн чыңданып,
Кубаргандан кумсарып,
Эрди-мурду томсоруп.
Эр Сыргагың бозоруп,
Атка минген жери ошол.
Сарала минип лыпылдап.
Кара үңкүрдүн ичинен,
Эми чыкты шыпылдап.
Найза колго бек кармап,
Алда Кудай деп, кармап.
Атка минип жөнөлдү.
Арт жагынан Алмамбет,
Алмабашын колго алып,
Аңдып жөнөп бул калды.
Атын көбү агытып,
Аламан жаткан жеринде.
Аңдып Сыргак кез келди,
Алмамбет тез келди.
Тикирейип кыядан,
Тиктеп турат аңгыча,
Тиги эмине дегенче.
Эр Алмамбет артынан,

Алмабаш үнү чаңырып,
Алмамбет үнү жаңырып.
Этек-жеңин түрүнүп.
Эр Алмамбет жүгүрүп,
Эбелектей көрүнүп.
Туруп калды артында.
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Кирип кетти кыйкырып,
Караңгыда каралап,
Калың колду аралап,
Аттын башын үркүтүп,
Азаматын мүргүтүп,
Аралап кирди дүргүтүп.
Астын-үстүн кылды эми,
Акыр заман салды эми.
Эр Сыргагың тез келди,
Ажалдуусу кез келди.
Алдына кире бергенди
Найза менен сайгылап.
Аркасынан келгенди
Албарс менен койгулап.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Аркы-берки чойгулап,
Сараланы аргытып,
Аралашып чулгутуп.
Атканы мылтык замбирек,
Шай колдогон бадирек.
Аман чыкты суурулуп,
Ачык күнү тутулуп,
Аман чыкты кутулуп.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Кайып болду суурулуп.
«Карма кулду карма – деп,
Байла кулду байла» – деп,
Бирин бири таанытбай,
Чоюнбаш менен салышып,
Бөөдө өлүп калышып.
Чоюнбаш тийип ууртуна
Чулчуйганы мындан көп.
Союл тийип мурдуна
Былчыйганы мындан көп.
Укуругун шиш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Уктатып коюп мыш кылып,
Ачык күнү тутулуп,
Араң чыкты кутулуп.
Коңурбай жаман кайгырып,
Акылынан айрылып.
Аты жүрбөй калганда,
Ошондо алым келбеди.
Эми тил куткарып ийдик – деп,
Тиги дүйнө көрдүк деп.
Арбагы бүгүн качты эми.
Коңурбай жаман шашты эми.
Эми токсон миң аскер кол келет,
Эсеби жок мол келет.
Эр Бакайы баш болуп,
Эр көңүлү куш болуп,
Желек туудан бөлүнбөй,
Жер дүнүйө көрүнбөй.
Келет эми мусулман,
Бу дүйнөнүн бетине,
Суудай агат кызыл кан».
Ушуну айтып кайгырып,
Акылынан айрылып,
Улам-улам далдайып,
Эси ооду шалдайып.
Качырбай кармап алалбай,
Арманда болдум момундай.
Коңурбай минтип чалкалап,

Аскердин баары кайкалап.
Жата берсин бу жерде.
Ошо бойдон Сыргагың,
Арбактуу чыйрагың
Сараланы камчылап,
Көзүнөн жашы тамчылап.
Ачык күнү тутулуп,
Аман чыкты кутулуп.
Төө куйруктуу бел ашып,
Төрөңүз Сыргак жол тартып,
Эки буту тепеңдеп,
Элге качан жетем – деп,
Келе жатыр чепеңдеп.
Алдындагы Сарала ат,
Алып учту бир замат,
Кең-Кол, Талас оюнан.
Бар-Кол, Чаткал боюнан,
Эми эле минген эмедей,
Төңкөчүктөп алыптыр,
Башын жерге салыптыр.
Ала качып алыптыр.
Андан бетер Сыргагы,
Аябай санга салыптыр.
Аягы менен тик түшүп.
Туягы тийген жерине
Казандай ташка жик түшүп.
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Дабан ашса кайыптай,
Дарыя кечсе кайыктай.
Кара саны ийиктей,
Жүгүргөнү кийиктей.
Үстүндөгү Сыргактын,
Эр канаты эки бут
Үзөңгүдө шалактап.
Эр канаты эки көз
Маңдайында алактап.
Алдындагы Сарала
Баладай тили балактап,
Карыпчынын сыртынан.
Как ушунтип асынып.
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө басылып.
Туягынан кеткен таш
Суу мылтыктай атылып.
Арбыта басып далааны.
Ала качып жөнөлдү.
Эр Сыргактай баланы.
Кабакка каны катыптыр,
Катуу келе жатыптыр.
Ошо кезде карасаң,
Таңга жетип калыптыр.
Эки күндүк жол экен,
Энди кирип барыптыр.
Аны таштап коюңуз.
Ар жагында аскердин.
Кабарынан болуңуз.
Ушу бүгүн кечинде,
Учуп, күйүп эр Сыргак.
Качып жүргөн кезинде.
Элге жакын барганда,
Жете турган болгондо,
Алтындаган чатырда,
Абакең Бакай баатырды
Баян кылып айталы.
Абакең Бакай жатканда,
Көз илинип кеткенде.
Балык эти балк этип,
Куйрук эти былк этип,
Түгөл бою солк этип,
Эт жүрөгү болк этип,
Чочуп турса түш экен,

Түндө көргөн түш экен,
Чоң-Бээжиндин ичи экен.
Абакеңиз Бакайдын
Тула бою дүркүрөп,
Кулактары чуркурап,
Жазайыл мылтык жаңырат.
Замбирек үнү күркүрөйт.
Аны угуп Бакайдын
Азат бою диркирейт.
Көргөн жерден билди эми,
Кепичин бутка илди эми.
Турган жерден жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып,
Албарсты баскан эмедей,
Аягынан дүрүлдөп,
Акыр заман болгонбу,
Абакең Бакай кийинип,
Алдын артын жыйынып,
Алдасына сыйынып.
Ошо бойдон жүгүрүп,
Атка келди түйүлүп.
Аттарын Бакай караса,
Аккула менен Көкчолок,
Турган экен жанаша.
Кырк чоронун кырк аты,
Кырка турат кермеде.
Кыраанын Бакай көрдү эми,
Көкчолок атка минди эми.
Көптү аралап жүрдү эми.
Элдин башы кошунда,
Тим эле жатат ошондо.
Коштун баарын караса.
Коңуругу бырылдап,
Осурагы дырылдап,
Мурдунун ичи чырылдап.
Колдун баарын бакалап,
Абакеңиз эр Бакай,
Кайра тартып каркылдап,
Абакеңиз баркылдап.
Кырк чородой баатырга,
Кырка тиккен чатырга
Кыраан Бакай айтарга,
«Кырк чоро башы Кыргылым,
Кыйланы көргөн дыңгылым.
Жатасыңбы жамбаштап,
Турбайсыңбы туу аштап.
Баарыңарга мен айтам,
Аттангыла деп айтам.
Иш бузулган өңдөнөт,
Кырк чоро башы Кыргылым,
Көкчолок минген дыңгылым.
Атка мингин шылдыңым.
Эңке, Бөкөй эки кул,
Эдиге, Кыяс төрт уул.
Алым Бөкө алты уул,
Муратаалы, Мурат бий,
Мындай чапкан Кубат бий,
Жоо бөрүсү Бөкөмбай,
Бөксөлөй чапкан Дегембай,
Кенендин уулу Жанбайым,
Аликтин уулу Чалбайым,
Жатасыңбы баарыңар,
Жашың эмес карыңар?
Жалпы туруп ат мингин,
Иш бузулган өңдөнөт.
Шамайдын уулу Жүгөрүм,
Менин жаман чочуйт жүрөгүм.
Жоону сайчу билегим,
Менин болор бекен тилегим?
Жалпак тилдүү Жатыбай,
Жакшы чоро Ажыбай,
Күлдүркандын Чалыбай,

Күлкүлүү тууган Ажыбай,
Сен адам болуп алжыбай,
Жатасыңбы барың ай.
Согум сойчу шылуун,
Өзүмөн бир жаш улуум.
Кутунайдын куу жигит,
Кубулжуган шум жигит,
Рамандын Ырчыуул,
Же түгөнгөн кычы кул.
Атка мингин Серегим,
Түптүү кара терегим.
Качан тиет керегиң?
Байдаңды бир көрөмбү,
Мына ушунтип өлөмбү?
Эң аягы Тазбаймат,
Кемегенди тез кайнат.
Бары-жогун чогултуп,
Абакең Бакай кеп айтат,
Аттангыла деп айтат.
Бир азырак түш көрдүм,
Таң ажайып иш көрдүм.
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Аттанып кеткен төрөмдү,
Аман жүзүн көрөмбү?
Асты эле жолу болбоптур,
Жортуп кеткен төрөмдүн,
Деги эле жолу болбоптур,
Жолунан жолборс чыгып оңдоптур.
Оңдобосо не болду?
Отуз күнчө болуптур,
Ошондон бери жоголду.
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө жаман иш көрдүм.
Канжыгадан баш көрдүм,
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Жер жайнаган кан көрдүм,
Асмандап учкан жан көрдүм.
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Эки ийиним шалдаят,
Эсим ооп далдаят.
Күрөөкө, соот кийгендей,
Көкүрөгүм энтигет,
Очогор мылтык тийгендей.
Маңдайымдан тер чыгат,
Терге аралаш суу чыгат.
Кулагымдан басылбайт,
Коңурбайлап чуу чыгат.
Бадышамдын нөкөрү,
Баарың кыйын кырк бөрү.
Жатасыңбы жамбаштап,
Турбайсыңбы туу аштап!
Урумдан чыккан уландар,
Кырымдан чыккан кыраандар
Топтон чыга салышкан,
Жүздөн чыга сайышкан.
Четтен чыга челишкен,
Бул эмине деген кеп,
Жатасыңбы баарыңар,
Жашың түгүл карыңар?
Эми доол какбай ат мингин,
Аялдабай бат мингин,
Мен ушундай бир түш көрдүм
Огеле жаман иш көрдүм.
Ушу сөздү угузуп,
Кырк чорону тургузуп.
Ыргып туруп кийинип,
Жаратканга сыйынып,
Кандагайын шымданып,

Жоо көргөндөй шаңданып.
Баары турду камданып.
Кылычы белде кындыйып,
Баары ушундай шындыйып.
Белдемчи деген темирин,
Белге тартчу себилин.
Белге орой салышып,
Туулганы калдайтып,
Дал ортого далбайтып,
Чарайнаны чапташып,
Омуроого капташып.
Муздай темир кийинип,
Бирлерине сыйынып,
Буттай темир курчанып,
Кызыл өңү сур чалып.
Бат атары мойнунда,
Ок-дарысы койнунда.
Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип.
Урунарга жоо таппай.
Ала-Тоону кемирип.
Тоо түгөткөн кырк чоро.
Агын сууну шимирип,
Суу түгөткөн кырк чоро,
Алты сан колду бир сайган.
Жоо түгөткөн кырк чоро.
Кылычы кында кындыйып,
Тонун кийип шымдыйып.
Абаке, башта жолду деп,
Канакей кайсы жакта болду деп?
Ал аңгыча эр Бакай,
Асабасы желпилдеп,
Ак сакалы селкилдеп.
Боз жоргосу бүлкүлдөп,
Бадышанын кырк бөрү,
Баары мыкты нөкөрү.
Баарың бирдей шай кашка,
Сайганың журттан бир башка.
Баракелде кырк кашка.
Кыялың журттан бир башка.
Ээрчишип алышып,
Элден чыгып жарышып.
Ар жагында көрүнгөн,
Ак эрмендин өңүргө,
Айлампалуу сеңирге,
Бек жалынып теңирге.
Төгөрөгүн арытып.
Төрт тарапка көз салып.
Как ошондо караса,
Таңдын көтү түрүлүп.
Так төбөгө түрүлүп.
Эки жагын каранып,
Абакеңиз эр Бакай,
Эрди-башын жаланып.
Асымайды бир атып,
Оозунан көк түтүндү буратып.
Же карасаң көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт.
Төлгөчү кара Төлөгүм,
Төлгө салчы көрөмүн.
Акдай далы көрүчүм,
Анык айтып берүчүм,
Далыңдан далды сүйлөчү.
Билгениңди ойлочу.
Төлөк деген бул экен,
Төлгө тартчу кул экен.
Андай болсо куп дешип,
Аттан жерге дүп дешип.
Жайнамазын алышып,
Жазып төлгө салышып.
Төлгөчүсү төп айтат.
Абаке, сенин көргөнүң,

Төгүн эмес – деп айтат.
Эрегишкен эки кул,
Ээлигишип кетиптир,
Эптеп септеп отуруп,
Чубак түпкө жетиптир.
Чубак менен Алмамбет,
Ошо кетип калыптыр.
Баатыр Манас көкжалың,
Кошо кетип калыптыр.
Бары жагы төрт болуп,
Барган жагы өрт болуп,
Бу да кетип калыптыр.
Бээжинди көздөп төрт баатыр,
Жуда кетип калыптыр.
Барган киши төрт болуп.
Бет алганы өрт болуп,
Берен Манас кетиптир.
Куу өрдөк түпкө жетиптир.
Тирүү качып кетиптир,
Андан мындай батыптыр,
Ак кулжаны атыптыр,
Тамашага батыптыр.
Кароолчусу кулжасын,
Карап туруп жылгасын,
Чукул жерден атыптыр,
Тамашага батыптыр.
Кулжанын башын кесиптир,
Баатырлар жандан безиптир.
Ошо бойдон барышып,
Төртөө бирдей жарышып,
Мадигел башын кесиптир,
Баатырлар жандан кечиптир.
Улам-улам кызыгып,
Кумбулга кирип кетиптир.
Көзүнүн жашын тыйынып,
Кудайына сыйынып,
Бурулуп жолго салыптыр.
Бура тартып алыптыр.
Чыбыр ала кең сайга,
Чыгып барып бир түнү,
Жылкыда нэме табалбай,
Ошо бойдон жарышып,
Чет-Бээжинди чекелеп,
Кирип келди мекелеп.
Анан баатыр анда калыптыр,
Сыргак менен Алмамбет,
Барып жолду чалыптыр.
Аркыратып аралап,
Ары кирип кетиптир.
Ар жагынан дүргүтүп.
Сан жылкыны үркүтүп,
Кудай берип салыптыр,
Кууп жылкы алыптыр.
Кумбул менен Камбалдан,
Кууп жылкы дүргүтүп.
Бери карай үркүтүп,
Берендериң баш кошуп.
Бешөө, төртөө окшошуп,
Бери карай дүргүтүп.
Сан жылкыны үркүтүп,
Келе жаткан чагында,
Ал аңгыча Коңурбай
Арт жагынан кол менен
Нечен түрдүү эл менен,
Коңурбай келип калыптыр.
Сан жылкыны карасаң,
Ажыратып алыптыр.
Аны менен тим турбай,
Артынан кууп калыптыр.
Айланайын абаке,
Ишенбесең мынаке.
Төбө жагы караят,

Төрөңдү Кудай уруптур,
Ушу кезде баатырдын
Аты жүрбөй жөө басып,
Кудай уруп салыптыр.
Абакең Бакай болк этип,
Ачуусу келип, солк этип.
«Төбүрөбөй турчу – деп.
Төлгөң менен курчу» – деп.
Далычыга кеп айтып,
Дал сүйлөчү деп айтып.
Далычы турду далпылдап,
Биз өңдөнүп балпылдап.
Жетимиш жашта чал экен,
Биз өңдөнгөн жан экен.
«О, курган Бакай, деп айтат,
Кудай урду – деп айтат.
Кыскасынан айтамын.
Кара үңкүр кирди камалды,
Кантип табат амалды?
Бир атууга дары жок.
Бит сыгарга каруу жок.
Бир сындырым наны жок.
Бери карай бет алып,
Бирөө безе качкан өңдөнөт.
Деги түбүндө Кудай жалгаптыр.
Ат үстүндө катыптыр,
Аман келе жатыптыр».
«Далың менен курчу – деп,
Далпылдабай турчу» – деп,
Аны дагы тилдеди.
Көзүнүн жашы тизилип,
Көөнү кетти бузулуп.
Асымайды бир атып,
Оозунан көктүтүнүн буратып,
Бешим жакы далаага.
Берениң Бакай караса,
Ошондо келет бир адам,
Көрүнгөндө көрүнөт,
Көрүнбөсө каркыбар,
Көк түтүндөй көрүнөт.
Кээде бирөө болуп көрүнөт.
Кээде экөө болуп бөлүнөт.
Чаңы асманга созулат,
Кээ жерде кошулат.
Эки буту тепеңдеп,
Элге качан жетем деп,
Эр Сыргак келет чепеңдеп.
Эки атын аргытып,
Артынан чаңын бургутуп,
Сарала менен Көкала,
Экөөн бирдей чулгутуп.
Кабакка каны катыптыр,
Катуу келе жатыптыр.
Кирпиги кирпикке чалынып,
Жаратканга жалынып,
Эриндери чорбоюп,
Мурундары борбоюп,
Тула бою кан болуп,
Келе жатыр долдоюп.
Кабакка каны катыптыр,
Катуу келе жатыптыр,
Караса Сыргак өзү экен,
Кырк чоронун багына,
Кыраан Бакай астына.
Энтелеп жетип барыптыр.
Эси ооп калыптыр.
Тамагы такыр кургаптыр,
«Аба, аба» – деп айтып,
Абадан башка кеби жок,
Эси оогон эби жок.
«Улам аба деп айтат.
Баякыны укканда,

Абакең Бакай бозоруп,
Айталбай Сыргак томсоруп.
Абакең Бакай турду эми,
Жаактан ары урду эми.
«Улам эле абалап,
Турасыңбы табалап.
Ойрондорду өлтүрүп,
Оозуң батбай турдубу?
Атыңын оозун тартсаңчы,
Оңдоп кебиң айтсаңчы?»
Жаактан ары урганда,
Ошондо көзү ачылды.
Энтиккени басылды.
Оңбо Бакай оңбогун.
Эгерде эки болбогун.
Эмине кылып жатасың,
Минтсең шоруң катасың,
Аттанып коштон чыкканы,
Бээжиндин жайын укканы,
Чыканак жерге салбасам,
Чырым уйку албасам,
Нечен күнү турушсам,
Ошондон бери урушсам.
Ушунетип мен жүрсөм,
Ыргып тура каласың,
Жаактан ары саласың.
Тынчтыгыңды сүйөсүң,
Жыргап-куунап жүрөсүң,
Деги бирди көрөсүң.
Коробостон кошуңа,
Аккуланы коркойтуп,
Байлап жатып каласың.
Минтип жүрсөң абаке.
Бир балаага каласың.
Сен Коңурбайды ким дейсиң,
Ат минбей кеткен канкорду,
Асты шайын билбейсиң
Ошондон бери күн катып,
Көргөн күнүм бул болсо.
Анан эмине кылып жатасың?
Ушу күндө баатырлар,
Кыямат кайым иш болуп,
Кыраандарың ыш болуп,
Аты жүрбөй жөө басып,
Эки бетин көө басып,
Үңкүрдө үчөө корголоп,
Көзүнүн жашы шорголоп,
Бир атууга дары жок.
Бит сыгарга каруу жок.
Же бир сындырым наны жок,
Ушундай күнгө калган соң.
Тура калып абаке,
Жаака кантип чабасың?
Эми сен акылды кантип табасың?
Уктуң эми болду деп,
Алдындагы Сарала,
Моюндан ары бир салып.
Бура тартып жөнөлдү.
Тыягынан Ажыбай,
Чуркап келип кармады.
«Кокуй, Сыргак, нетесиң,
Эми кайда кетесиң?»
Абакеңиз эр Бакай,
Көтөрүп аттан түшүрдү.
Эркелетип мен чапсам,
Эс-акылың тапбайсың.
Эми кайда барасың,
Кандай каран саласьщ?
Минтсең түпкө жетесиң,
Деги кайда кетесиң?
Сабырдын түбү сары алтын,
Сарамжал кылып алалы,

Сабырлык менен баралы.
Тийип качкан болчу эмес,
Анткен киши оңчу эмес.
Аттан түшүп тамак ич.
Азыраак тамак ичсеңчи,
Анан жолго кирсеңчи».
«Тамагың менен куруп кал,
Камап кытай калган соң,
Кайран Манас, Алмамбет,
Үчөө антип калган соң,
Кантип тамак ичейин.
Аманат жандан кечейин,
Кое бер, Бакай, кетейин,
Эми көт жагымдан келе бер».
Атын көздөй жулунду,
Эпилдеген Тазбаймат,
Тезирээк чайды бат кайнат.
Куруп калган Сыргагым,
Кабыктай кургак катыпсың.
Сен мындай кепти таштагын.
Ушу кезде карасаң,
Ой жагыңда орус бар.
Бир жагыңда кытай бар.
Капталыңда каңгай бар,
Касташкан душман далай бар.
Жети кандын баарысы,
Жамгырчы баштап карысы.
Качан биздин эл эле,
Манастын айбатынан келди эле.
Колду Кудай урбайбы,
Араң эле турбайбы!
Манас менен Алмамбет,
Алар антип калган соң.
Кош атын колдон алуучу.
Колдун баарын көрдүңбү?
Кайра кетип калучу.
Таласыңы талкалап,
Кум коргонун куйкалап,
Кыйратбайбы калааңды.
Ыйлатбайбы балаңды,
Эч койбостон чалаңды.
Кан талоону кылбайбы,
Таласты талап кетбейби,
Анан минтип түпкө жетбейби!
Сен муну ойлонуп билбейсиң,
Мен абаңды ким дейсиң?
Же болбосо түгөнгүр.
Ушу элиңди дөөлөр чапбайбы,
Эбиңди эми тапбайбы.
Укуругуң шиш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Ушу бүгүн мыш кылып,
Кудай сени урбайбы,
Араң эле турбайбы!
Анан тамак ичпей нетесиң,
Таарынып кайда кетесиң?
Айтса-айтбаса төгүнбү,
Абамдын сөзү тегинби».
Ошо жерде көшүлүп,
Эки көзү коюлуп,
Көңүлү тына сөз укту.
Ошондо Бакай кеп айтат:
«Ажыбай менен Ырчыуул,
Аттангыла деп айтат.
«Жедигердин Багышын,
Жетим чалдын Агышын,
Эштектердин Жамгырчы,
Кара жаак Үрбүгө,
Казактардын Көкчөгө,
Баарысына кеп айткын,
Аттангыла деп айткын.
Сүйүнчүлөп дүргүткүн.

Колдун баарын үркүткүн.
Эл байыны чапты де,
Эпсиз олжо тапты де.
Кара малдан көп алып.
Айдай албай жүрөт де.
Аял кыздан көп алып,
Байлай албай жүрөт де.
Орчун чаап, олжо алып.
Кол байлуу болуп мал алып.
Жылдыралбай жүрөт де.
Кош ат менен жол жүрүп,
Сыргак бизге келиптир,
Деги Кудай бериптир.
Жатасыңбы жамбаштап,
Турбайсыңбы туу аштап».
Кыдырып жүрүп колго айтып,
Кылкылдаган элге айтып.
Ажыбай жүрөт жар айтып.
«Жалпы атка мингиле,
Кытайды көздөй жүргүлө.
Эми быйыл доор сүргүлө.
Бээжин жакка барасың.
Тамашаны көрөсүң.
Кыжылдаган кытайдын,
Чымкарала көрүнгөн,
Атын алып жөнөйсүң.
Кара кытай элинен,
Катын алып жөнөйсүң.
Жасагандын бергенин
Ушу быйыл көрөсүң.
Бээжинди көздөй барасың,
Бээжинден сонун көрөсүң.
Алтынды таштай жүктөйбүз,
Күлгүндү күндө бүктөйбүз,
Күмүштү төөгө жүктөйбүз».
Ушуну айтты Ажыбай –
Өзү мыкты Ажыбай.
Жанындагы Ырчыуул,
А да ушунтип айкырып,
Аралап колго кыйкырып.
Айтып жүрөт ар жерде.
Как ушундай тар жерде,
Айтып болуп алышып,
Кайра тартты жарышып.
Кан Бакайдын астына,
Кайта келип калышып.
Эр Сыргакты тоюнтуп,
Эки көзүн коюлтуп.
Ал аңгыча калың кол.
Ажыбай менен Ырчыуулдун
Алдап айткан сөзүнө,
Аламан атка минишип,
Баары жолго киришип.
Өзүң көргөн эр Көкчө
Элден мурун камынып
Атка минди жабылып.
Өзөк тартып буркурап,
Көкчөнүн колу чуркурап.
Өлөң айтып дуулдап,
Кайран казак чуулдап,
Көкчөнүн колу бир илек,
Көбүн азын ким билет.
Көңтөрүлүп жөнөлдү.
Айдаркандап акырып,
Аскерин айдап бакырып.
Алтын наал жез өкчө,
Айдаркандын эр Көкчө
Аламан жөнөп алыптыр
Алдына түшүп калыптыр.
Анын арка жагында,
Желеги туудан бөлүнбөй.
Жердин жүзү көрүнбөй,

Жедигердин Багышы
Жээги менен жөнөлдү.
Анын арка жагында,
Жетим чалдын Агышы
Эли менен жөнөлдү.
Мунун арка жагында
Эштектердин Жамгырчы,
Эч калбады жалгызы.
Мунун арка жагында,
Колго кармап дүрбүсүн,
Кыргыздардын Үрбүсү
Бу да жолго кирди эми.
Эрегишкен жети кан,
Жуда жолго кирди эми.
Мунун кийин соңунда,
Жылдызынын оңунда.
Күз кийгени күрдөлү.
Кандын уулу Жүгөрү.
Жай кийгени кандагай,
Жоого кирсе шамдагай.
Мунун колу бир илек,
Муну санап ким билет?
Бу да жолго кириптир,
Эрегишкен жети кан,
Жуда жолго кириптир.
Эң көтүндө эр Төштүк,
Чалкуйрук менен чалкалап,
Бет алганын талкалап,
Аскерди айдап кыйкырып,
Бээжинди көздөй бет алып,
Жүрөр жолун жат алып,
Аскер чыкты кылкылдап.
Жетөөнүкү кырк миң кол,
Минтип жолго салды ошол.
Анын арка жагынан
Кырк чоронун кырк миң кол,
А да жолго кирди ошол.
Эки кыркың бир сексен.
Бет алганы жок сексен.
Ойронундун он миң кол,
О да жөнөп калды ошол,
Аргын, кыргыз аралаш,
Аламан жөнөп калды ошол.
Баары колу токсон,
Барган жагы соксон.
Токсон миң аскер кол менен,
Толуп жаткан кол менен,
Толуп жаткан эл менен.
Анан кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы.
Кылыч кында кындыйып,
Тонун кийип шындыйып.
Аколпогун кагынып,
Ажалды издеп сагынып.
Ач кыргыйдай чаңырып,
Асабасы калкылдап.
Алтындаган доолу.
Дал орто до даңкылдап.
Алтын жарак соотун
Азыр кийип жаркылдап.
Минген атын карасаң,
Жыландай кылып сойлотуп.
Болот калкан жарагын
Ар мучөгө ойнотуп.
Колдун көтүн кылычтап,
Айдап чыкты жылыштап.
Абакеңиз эр Бакай,
Аккула атты булкунтуп,
Коштоп чыкты жулкунтуп.
Коштогону Коенбоз,
Төшөнгөнү баян дос.
Асабасы желпилдеп,

Ак сакалы селкилдеп.
Боз жоргосу бүлкүлдөп,
Найза көктө сүлкүлдөп.
Желек туулар желпилдеп,
Желмаянды чөгөрүп.
Жез казанын көмөрүп,
Желеги туудан бөлүнбөй,
Жер дүнүйө көрүнбөй.
Ак асаба кызыл туу,
Айкайлаган ызы-чуу.
Көк асаба кызыл туу,
Көк жаңырган ызы-чуу.
Абакең чыккан жер ушу.
Алыска барса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Казатка барса ак жолтой,
Кармашкан жоого сан колдой.
Кармаганы кандуу кул,
Качырганы жаңдуу кул.
Урунганы жамбы бул,
Уксаң сөздүн чыны ушул.
Тоорулга барсаң ак жолтой,
Жортуп жүрсө сан колдой.
Колдун арка жагынан,
Абакең Бакай жылыштап.
Кырк чорону карасаң,
Колду айдап кылычтап.
Ак олпогун бөктөрүп,
Аккуланы бош коштоп.
Абай жаап жалпооштоп.
Оркуланы булкунтуп,
Оң жагына жулкунтуп.
Уларбозду моюндап,
Томогону коюндап.
Баары бирдей жарышып,
Найзанын учу чабышып,
Азамат башы кагышып.
Атаман жөнөп алышып
Буудак-буудак чаң менен,
Мына ушундай даң менен
Ат болушка салышып,
Аябай келет жарышып.
Ал күнү кечке жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Каңгайдын Кара-Тоосуна,
Камап жаткан жоосуна
Дигер шамда барыптыр,
Төө куйруктуу белине,
Чалкалаган кериге.
Как ошонун түбүнө,
Жаңы жетти күүгүмдө.
Ошондо Бакай кеп айтат,
Кырк чоро башы Кыргылым,
Кыйланы көргөн дыңгылым,
Токтой тургун деп айтат.
Кыраан Бакай минткенде,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы.
Кылчайып тура калышты.
Абакең шонда кеп айтат:
Ак жолтой чоро деп айтат.
Кыяматтай иш көрүп,
Эми кытайга кирер кез келди,
Ажал өлүм тез келди.
Ушу элди таштайлы.
Алдын өзүбүз баштайлы.
Аралашып калган соң,
Кытайга кыргын салган соң,
Анан дин мусулман каччу эмес,
Акылынан шашчу эмес.
Бизди аскер көргөн соң,
Кырчылдашып өлүчү.

Ушу бойдон биз барсак,
Суучга кирген немедей,
Каптатып айдап биз барсак.
Кайра тартып качбасын,
Коркок адам шашбасын.
Колго ээ болбой калбайлы.
Обол алдына өтүп ал алы,
Өзүбүз аралашып калалы.
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна.
Сурмалуу көздөн жаш чыкса,
Жашы кимдин койнуна.
Биз кирели так бүгүн,
Кара кытай ойнуна».
Ушу кандай деп айтып,
Абакеңиз кеп айтып.
Эмесе макул куп дешип,
Баары бирдей эп дешип.
Алдын көздөй лыпылдап.
Колдун көтүн таштады,
Абаң Бакай баштады.
Чокчорулуп кырк бөрү,
Бадышаңдын нөкөрү,
Колду аралап жөнөлдү,
Бакайды көргөн аскери
Эт жүрөгү болкулдап,
Эси чыгып солкулдап.
Кырк чоро кийди кызылды,
Бакайдын куюу бузулду.
Бузулгандын белгиси,
Кызылды кийип кымпыйып,
Каны ичине тартынып,
Баары келет сымпыйып.
Албарс кылыч бүлөөдө,
Атынын баары түлөөдө.
Болот кылыч бүлөөдө,
Буудандын баары түлөөдө.
Коңурбайлап үн чыгат.
Анын төмөн жагында,
Төмөнкү каңгайдын Кара-Тоосунда
Капчыгайдын оозунда.
Төмөн жактан чуу чыгат,
Төрөбек деп үн чыгат.
Ар жагынан айкырат,
Нескаралап кыйкырат.
Туурасынан кеп угат.
Эр Бороончу деп угат.
Быягынан үн чыгат,
Муспуруттап чуу чыгат.
Бер жагынан үн чыгат,
Мурадылдап чуу чыгат,
Ортосунан чуу чыгат,
Чоюн кулак Китен алп.
Как ошентип үн чыгат.
Бакай тыңшап олтурду.
Деле Манастан кабар угулбайт.
Алмамбет, Чубак асты жок.
Ошондо Бакай баатырдын
Көзүнүн жашы тизилди,
Таноолору кысылды.
Бакайдын өңү бузулду.
Асымайдан бир атып,
Оозунан көк түтүнүн буратып:
«Кайрандарым өлгөнбү,
Караңгы жайды көргөнбү?
Ойрондорум өлгөнбү,
О дүйнөнү көргөнбү.
Өлбөсө кана, не болду?
Дабышы чыкбай жоголду,
Менин кантип ишим оңолду?
Ойрон Сыргак, бери кел,

Качкан жериң кайсы жер,
Ашкан белиң кайсы бел
Жолуңду айтып бере көр!
Камалып жаткан түгөнгүр,
Үңкүрү кайда болучу?
Түндө качкан томаяк,
Чуңкуруң кайда болучу?
Олоң-солоң этти эми,
Ошо кепти укту эми,
Обун таппай кетти эми.
Ойду тоону көрсөтүп,
Ошентип карап турду эми.
Ошондо Бакай баатырдын
Көзүнүн жашы тизилди,
Көөнү жаман бузулду.
«Ойрон Сыргак оңбогун,
Эгерде эки болбогун.
Алмамбетти өлтүрүп,
Атын мине качыпсың,
Акылыңан шашыпсың.
Эр Чубакты жутупсуң,
Энтелеп качып жетипсиң,
Эми билдим сырыңды.
Кайранымды өлтүрүп.
Кара жолтой болупсуң.
Эки атты минип алыпсың.
Ээлигип качып калыпсың.
Акылыңан таныпсың.
Өлбөсө кана не болду,
Кабары кайда жоголду?»
Ушуну айтып эр Бакай,
Кош бөйрөгү болкулдап,
Араң турат солкулдап.
Аны таштап коюңар,
Ар жагында Алмаңдын
Кабарынан болуңар.
Эр Бакайдын келгенин,
Айран болуп калганын,
Алмамбетиң билди эми
Абакеңдин келгенин
Алмамбетиң билди эми.
Эр Алмамебет баатырдын.
Балык эти балк этип,
Куйрук эти булк этип,
Түгөл бою солк этип,
Алмамбет турду сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып.
Ыргып турду түйүлүп,
Эр Алмамбет сүйүнүп.
Абакем келип калганбы,
Кудай жалгап салганбы.
Бизден кабар биле албай.
Айран болуп турганбы,
Сыргакты кудай урганбы,
Ойду-тоону көрсөтүп,
Оозун ачып калганбы.
Кырк чоро келип калгандыр,
Ушуну төрөм билбесем,
Менин кереметим жалгандыр.
Келе бери дарыңды,
Колуңдагы барыңды.
Маа чогултуп бергиле,
Ак келтеге салайын.
Абакелеп айкырып,
Дабыш кылып калайын.
Ак келте атсам угар деп,
Анан кантип карап турар деп,
Ушуну угуп алышып,
Ыргып тура калышып.
Кутунун баарын сөгүшүп,
Алаканга төгүшүп,
Чогултушуп келишип,

Алмамбетке беришип.
Чогултушуп алыптыр,
Алаканга салыптыр.
Чоң тартым асымайдай болуптур,
Алакан кайдан толуптур!
Ушаа күнүм калды – деп,
Ак келтенин ичине
Алмамбет келип салды дейт.
Ок салсак чыкбай качат – деп,
Кебезден бурап олтуруп.
Ак келтеге толтуруп,
Кудайына сыйынып,
Көзүнүн жашын тыйынып.
Караң калган аккелте,
Касиет сенде бар эле,
Шоокум салып кабар бер.
Жараткан Алда, колдой көр!
Ак келтени көтөрүп.
Кара үңкүрдөн ыңгалап,
Жараткан Алла Кудайлап,
Жалгачу күнүң бүгүндүр,
Бүгүндөн кийин төгүндүр.
Көктү карай көтөрүп,
Кулагынан ок берди.
Ак келтени бир атып,
Көргөн жанды кубантып.
Көк түтүндү буратып,
Көргөн жанды кубантып.
Алмамбет жана айкырып,
Абакелеп кыйкырып.
Ак келте үнү баркырап,
Асман-көккө жаркырап.
Баякыны көргөн соң,
Абакеңиз эр Бакай,
Жаратканы бир Кудай.
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Кара кытай аскерге,
Абакең Бакай качырып.
Баатырлар тирүү экен деп,
Баякы жерди бет алып,
Аралап кирди кырк бөрү,
Баатырыңдын нөкөрү.
Бадышанын кырк бөрү.
Баары кыйын нөкөрү,
Быдырлады мылтыгы.
Барбы сөздүн кынтыгы?
Адегенде бир атып,
Алтоо-жетөөн кулатып.
Тоо-ташты кулатып,
Тополоң түшкөн эмедей.
Караңгыда айкырып,
Кан Манастап кыйкырып.
Мылтык үнү быдырап,
Жаанын огу жыбырап.
Оң колуна шап алып,
Октон кыйын жаа тартып.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай.
Башы ылдый бакырап,
Эңкейиште эр сайып.
Экини катар бир сайып.
Жөлөнүштү керидей,
Кой качырчу бөрүдөй,
Жан көрүнсө көрүнбөй.
Ала-Тоону кемирип,
Тоо түгөтүп келатыр.
Агын сууну шимирип,
Суу түгөтүп келатыр.
Алты сан колду бир сайып,
Жоо түгөтүп келатыр.
Кырк чорону карасаң,

Кырка тартып кыйкырып.
Барган сайын айкырып,
Бакай келет ичинде.
Абакеңиз эр Бакай,
Андан бетер күркүрөп.
Аны көргөн кытайдын,
Азат бою дүркүрөп.
Сап кылычты колго алып,
Шапылдата тартышып.
Сыр жебени колго алып,
Шыпылдата атышып.
Кызыл канга батышып,
Кыяматтай иш болуп,
Кытайдын көбү мыш болуп.
Туу такандап турушуп.
Тура калып урушуп
Туунун баарын жыгышып,
Өкөсүнө чыгышып.
Адис болгон кырк чоро.
Андан бетер кырышып,
Кайнап жаткан аскерге
Караңгыда тез келди,
Ажалдуунун баарысы
Эми алдына кез келди.
Кырк чоронун кырк миң кол.
Кыраандарды көргөн соң,
Көт жагынан буркурап,
Кырк миң аскер чуркурап,
А да кирип кетиптир.
Аргын, кыргыз аралаш,
Арыстаныңдын аскери
А да бүгүн тез келди.
Он миң аскер кол менен,
Оролмо-Тоонун жол менен
Ажыбай баштан айкырып,
А да кирди кыйкырып.
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп.
Капыр менен мусулман
Караңгыда киргенде.
Суудай акты кызыл кан.
Коңурбайдын тушунан,
Кирген экен ушундан.
Эр Бакайдын кайратын,
Көрдү Коңур айбатын.
Ошондо Коңур колго айтып.
Жанындагы элге айтып,
Аты жүрбөй жөө басып,
Эки бетин көө басып,
Ошондо ала албадык,
Эми кантип алабыз,
Карышкырлар келген соң,
Кандай айла кылабыз?
Бу түтөп турган мылтыкты,
Түз качырган түгөнгүр,
Каруу кантип келебиз?
Ушул өңдүү адамдан,
Кантип тирүү калучу.
Мындан качкан киши соо болот.
Кармашкан кантип оңолот.
Аты-тону келген соң,
Аскер минтип салган соң,
Кандай айла кылчубуз?
Эми качкан аман болучу?
Кармашкандар өлүчү.
Эми качкандан бөлөк байда жок,
Бу кайнап келди айла жок.
Ушуну айтып Коңурбай,
Алгарага минди эми.
Азыр качып жөнөлдү.
Акылынан шашты эми,
Алгара минип качты эми.

Аны таштап коюңуз,
Арт жагында алты кан,
Кабарынан болуңуз.
Төмөн жагы сеңирден,
Төө тапандын өңүрдөн,
Төштүк чыкты бу жерден.
Эр Төштүктүн тушунда,
Төрөбек турат ушунда.
Караса Төштүк байкаса,
Жаа асынып жалбайып,
Чоң тердигин карасаң,
Ат боорунда далдайып,
Ошону көргөн жеринде,
Төштүк турду шалдайып.
Жылкы түгүл ташта жок,
Кытайдан бөлөк башка жок.
Баякыны көргөндө,
Төштүктү Кудай урду эми,
Эси ооп турду эми,
Ата, Кудай бардыр Бакайга.
Бул эмине кордугу.
Кара күчкө кеп айтып.
Капа кылып келгени.
Бакайдын бул эмине кылганы?
Бу кызыталак Манастын
Качан болсо кордугу.
Ушу жолдо Бакайдын
Өтүп турат зордугу.
Абай кылчы калайык,
Муну кандай кылса ылайык?
Мындан көрө Коңурбайга кирели,
Көт жагынан жүрөлү.
Бакайдын элин кыралы,
Уу ичкендей кылалы.
Бу Бакайды минтели,
Бир бокчосун тинтели».
Ошенетип тургуча,
Элиндеги жакшысы.
Кол бийлеген кашкасы.
Туу көтөргөн ултаны,
Жол бийлеген султаны.
Кокуй, Төштүк, нетесиң,
Сен канетип кетесиң?
Анетсең түпкө жетесиң.
Капыр менен мусулман
Карчалышып турганда
Ал эмине дегениң?
Сен антип бокту жебегин.
Акыр бир күн өлөбүз,
Акыретти көрөбүз.
Таңкы күндө болгонду,
Тараза мыйзам кырганда,
Ак байгамбар Мухамет,
Шапаатка турганда,
Сен акылыңдан шаштың деп,
Капырга кире качтың – деп.
Диниңди бузуп кеттиң – деп.
Дин мусулман бенденин,
Сен түбүнө жеттиң – деп.
Карабайт сенин өңүңө,
Кайтып алгын сөзүңү.
Дин талашып өлөлү,
Тиги дүйнө барганда,
Байгамбар жүзүн көрөлү.
Бул акылың жарабайт,
Кыяматка барганда,
Ак байгамбар карабайт.
Эмесе макул, куп деди,
Бул акылың эп деди.
Азиреттеп акырып,
Төрөбекти бет алып,
Төштүк кетти бакырып.

Дүнүйөнү сапырып,
Төштүк менен Төрөбек,
Төмөн жакка салышып,
Өлбөгөн жерде калышып,
Өпкөгө найза малышып.
Кабыргасы кайышып.
Кара жер боору майышып,
Аралашып алды эми.
Акыр заман болду эми.
Жана айтса, жана кеп,
Жанагыдай дагы кеп.
Жогор жаккы кериден,
Ача-Таштын белинен,
Жедигердин Багышы,
А да көрө коюшуп.
Капырдын баарын союшуп,
Кирип кетти сайышып.
Анын кийин соңунда,
Ар неме бар оюнда.
Жетим чалдын Агышы,
А да кетти салышып.
Аралашып алышып,
Акыр заман болушуп,
Астын-үстүн калышып,
Анын арка жагында,
Түркүн-түркүн эл менен,
Түмөн-түмөн кол менен
Эштектердин Жамгырчы,
Эч калбады жалгызы.
Капыр менен мусулман,
Аралашып алганда,
Көрбөгөн жан арманда.
Капталдагы жол менен
Канча калың кол менен.
Кара жаак эр Үрбү
Караса көзгө илинбей,
Каптап келген жер ошо.
Кызыл желек туу менен,
Кыргызды айтып чуу менен,
А да кирип калышып,
Аралашып салышып.
Анын быяк жагында,
Күз кийгени күндели,
Кандын уулу Жүгөрү.
Анын колу андан көп,
Аралашып алганда.
Көрбөй калдык арманда.
Эң артында эр Төштүк,
Чалкуйрук минип чалкалап,
Бет алганын талкалап,
Акыр заман салды эми.
Аралашып калды эми.
Желеги туудан бөлүнбөй,
Жер дүнүйө көрүнбөй,
Чаңы асманга созулуп,
Чакчелекей кошулуп.
Эндөөлүктөн эр өлүп,
Нечен түрлүү бөрү өлүп.
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп.
Түн ичинде карасаң,
Чакчелекей кошулуп.
Баарын таштап коюңуз,
Баякы Бакай абаңдын
Кабарынан болуңуз.
Таңга жакын болгондо,
Каңгайдын Кара-Тоосуна,
Кара үңкүрдүн оозуна,
Абакең Бакай каркылдап.
Аксакалы жаркылдап,
Ителгидей баркылдап,
Аккуланы булкунтуп,

Коштоп алып жулкунтуп.
«Балам Манас, барсыңбы?
Аман тирүү жүрсүңбү?
Төрөм Манас барсыңбы?
Төртөөң аман турсуңбу?
Абакең Бакай барк этип,
Үнү чыкты шарт этип,
Ыргып тура жүгүрүп.
Жүгүрөм деп жыгылып.
Сүйүнгөндөн төрөңдүн
Жүрөгү оозго тыгылып.
Албаң-албаң түйүлүп,
Бакайга келди күйүгүп.
Абакесин көргөн соң,
Арыстаның Манас сүйүнүп.
«Келе бери колду – деп,
Келгениң жакшы болду – деп.
Оңдосун Кудай жолду – деп,
Өлгөн жаным тиргизип,
Өз атыма мингизип,
Өчкөн отум тамызып,
Өгүнтөдөн көрүнбөй,
Көзүмүн жашын агызып.
Кара үңкүр кирдим корголоп,
Көзүмдүн жашы шорголоп.
Как ушундай күндөрдө,
Ажал жакын калганда,
Ала турган болгондо,
Чын эле Бакай, сенсиңби?
Аккуланы алып келдиңби?
Өңүмбү же түшүмбү.
Же түшүмдө көргөн ишимби?
Келе бери колду – деп,
Келгениң жакшы болду – деп.
Оңдосун Кудай жолду деп,
Көрдүң го калың аскерди,
Ажал күндөр тез келди.
Ушундай кезде кез келдиң.
Ушуну айтып буркурап
Ал аңгыча эр Бакай,
Айтып турат күүлөнүп,
Абакеси сүйлөнүп.
Чала болот өзүңө,
Ишенбей түпкө жеткенсиң,
Алмамбеттин сөзүнө.
Айтып Бакай атынан,
Ыргып түшө калды эми.
Аккуланы токуду,
Булбулдай болуп окуду.
Ак олпогун кийгизди,
Аккулага мингизди.
Коңурбайды көргөздү.
Бээжинди көздөй бет алып.
Безе качып жөнөлдү.
Дин мусулман бенделер,
Сенин аскериң келип өмөлдү.
Карачы мына кытайды,
Кыйрысын урган эмедей,
Кырып келет кытайды.
Жат кылгын жалгыз кытайды.
Капыр менен мусулман,
Кара жердин үстүнө,
Суудай акты кызыл кан.
Туу такандап турушуп,
Туруп алып урушуп.
Кайрат менен турушуп,
Качбай турат урушуп.
Былчыгыйдын белинде,
Былчылдашкан аскерди,
Адамга ажал кез келди.
Өлбөгөн киши калган жок,
Сенин бул ишиңде арман жок.

Сен үчүн келип кыйрашып,
Далай адам ыйлашып.
Сенин айбатыңды сыйлашып,
Азаматты карачы,
Алкымга найза малышып,
Аянбастан салышып.
Ай асмандан тутулуп,
Айдын көзү бузулуп,
Күн асмандан тутулуп,
Күндүн көзү бузулуп.
Кыяматты көрүшүп,
Кыйла адам өлүшүп.
Кырчылдашып челишип,
Кыя тартып келишип.
Ай караңгы түн болду,
Акыр заман күн болду.
Бул өңдөнгөн урушту,
Мурун киши салган жок,
Бул ишиңде арман жок.
Коңурбайды көрдүңбү,
Кымындай айла калган жок.
Эми Кожосаным колдосун,
Ишимди Кудай оңдосун.
Коңурбайды көрдүңбү?
Көтүнөн эми жөнөгүн.
Жеткирбестен Бээжинге,
Жетип айла кылгайсың.
Алакан жайып, дуба ачып,
Алло акбар! – деди эми.
Эки камчы шарп уруш,
Энди карап не туруш?
Аккуланы камчылап,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Ителгидей көзүнөн
Ирмебестен жаш кетип,
Аккуланы булкунтуп,
Ак олпогун силкинтип.
Артынан жөнөп калганда
Көрбөй калдык арманда.
Ал аңгыча болбоду,
Алмамбет келди кашына
Эр Бакайдын жанында
Эр Сыргак турат жанаша.
Ырысына жараша,
Сарала менен Сыргагы,
Сандыргалуу чыйрагы.
Аны көрүп Алмамбет,
Атымды бергин баатыр – деп,
Коңурбайды көрдүңбү.
Берчин-берчин жери көп.
Бекинип жаткан эли көп,
Белге казган ору көп.
Берен Манас төрөмдүн
Бейлебеген шору көп.
Алты арыптуу кан эле,
Адамдан артык жан эле.
Беш арыптуу кан эле,
Бериштелүү жан эле.
Белге казган ору бар,
Берен Манас төрөмүн
Бейлебеген шору бар.
Белди көздөй бет алып.
Безе качып калыптыр.
Алакөөдөк баатырым,
Артынан кууп алыптыр.
Алакөөдөк төрөмдү
Орго салып кетбесин.
Ээ садагаң кетейин,
Сарала берчи жетейин.
Ажал башка да келди,
Ажыратып өтөйүн».
Ээрден көчүк кылтайып,

Үзөңгүдөн бут тайып,
Түшүп атын берди эми.
Саралага минди эми,
Сандыргалуу Алмамбет,
Салган бойдон жүрдү эми.
Каран калган Сарала ат,
Учуп жөнөп бир замат,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей.
Кечээ Керешкенин оюнан,
Кең-Кол, Талас боюнан,
Эми эле минген эмедей,
Чуудай кулак чунайып,
Бөрүдөй куйрук чубалып,
Көргөн адам таң калып.
Туягы жерге илинбей,
Жүгүргөнү билинбей,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей.
Качып жүргөн буларга,
Эрегишкен буларга,
Аркыратып артынан,
Алмамбет кирип келиптир.
Куйрук улаш болушуп,
Кубалашып алышып,
Коңурбайдын артынан,
Экөө кирип келишти.
Кара-Белдин кериге,
Казып койгон оруна,
Коңурбай эми жетти эми.
Көрүп жүргөн Алгара,
Так түйүлүп өттү эми.
Ошо кезде Саралат,
Аккулага жетиптир.
Чылбырынан бек кармап.
Бура тартып кетиптир.
Баатыр Манас төрөңдүн,
Ачуусу келип көкжалың,
Көзүнөн чыкты от жалын.
Алаканы айнектүү,
Бүлдүргөсү баркектүү.
Кан Алмамбет төрөңдү
Как төбөгө бир салды.
Коңурбайга жеткенде,
Сөөгүң кызып кеттиби?
Тууганыңа Алмамбет
Туралбай калдың бул ишти.
Ушундай күндө кириштиң,
Өмүрүмдү кемитип,
Өксүтүп мени кармадың.
Менин ичимде калды арманым.
Ошондо Алмаң келиптир,
Ор башына жетиптир.
Найзаны колго алыптыр,
Үстүндөгү камышын.
Ары оодара салыптыр.
Түбү терең караңгы,
Көрбөдүм мындай адамды.
Көрбөйсүңбү капырды.
Безе качкан баатырды.
Ошону көрүп көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын.
Көзүнүн жашы тизилип,
Көөнү кетти бузулуп.
Как ушундай ажалдан,
Аман калдың кутулуп.
Өлгөн жаным тиргизип,
Казган орду көргөзүп,
Кармай калган өзүңдөн,
Мен ыраазы сенин сөзүңдөн.
Алтын жааны курасам,
Азабыңды мен көрбөй,

Алдыңа өлсөм ыраазы.
Сени мен камчы менен
бир салдым,
Мобул айбалтаны колго алгын.
Мени башка бир салгын.
Ал аңгыча Коңурбай,
Ата, Кудай бардыр Алмамбет,
Дагы жетип кармады.
Ажыратып калганы,
Менин ишим бузулду,
Дүнүйөсү кысылды.
Алгара менен Коңурбай,
Безе качып кутулду.
Бээжинди көздөй бет алып,
Безе качкан жер ошол.
Эми кууганда кантип жетебиз,
Кудай кылды нетебиз?
Кайра тартып алышып,
Экөө бирдей жарышып.
Жарышып келет караса,
Капыр менен мусулман
Карчалышып калыптыр.
Астын-үстүн болуптур,
Акыр заман келиптир.
Туу такандап турушуп,
Туруп алып урушуп.
Кокту толо кырышып,
Кой өлүмү кылышып.
Акыр заман болуптур,
Далай адам өлүптүр.
Эндөөлөшүп эр өлүп,
Нечен сонун бөрү өлүп,
Очогор тийип окко учуп,
Ооздон кызыл кан кусуп.
О дүйнөдөн кырка учуп,
Ойрон болду далай эл.
Кылычтан тандап курч алып,
Кыргый менен куш салып.
Кылчайгыс жерден тынч алып,
Кыямат жайдан кыр алып,
Кыйрап жаткан мусулман,
Кытайларды карасаң,
Андан кыйын бузулган.
Азуулары аркайып,
Ат өлүмү андан көп.
Муруттары чычайып.
Эр өлүмү андан көп.
Алты күнү жатышып,
Абдан жатып атышып,
Кызыл канга батышып,
Кырчылдашып жатышып.
Кыйла күнү атышып.
Эрди-мурду чорбоюп,
Эси ооганы андан көп.
Колу сынып кокуйлап,
Ойбойлогон андан көп.
«Кокуй боорум өлдү» – деп.
Ойбойлогон сандан көп.
Кыямат күндү көрүшүп,
Кыйла адам өлүшүп.
Тоонун баары бас болуп.
Ойдун баары саз болуп,
Бир-бирине кас болуп.
Жан аяп киши калган жок,
Бул ишинде арман жок.
Жан аяп киши калган жок.
Ачык күнү тутулуп,
Ошол элдин ичинен
Коңурбай кетти кутулуп.
Кыйык атчу кырк мерген
Кызыл-Кыя жердеген,
Кырымдан чыккан Мурадыл,

Кызык уруш болгон соң,
Заман акыр куурулуп,
Ошо качты суурулуп,
Айткан сөзгө бек бадыл,
Анын аты Мурадыл.
Ачык күнү тутулуп,
Атын таштап кутулуп.
Анын быяк жагында,
Киндиги темир Китен алп,
Кулагы чоюн чоң калмак.
Аскери менен шашыптыр.
Мусулман жерин бет алып,
Ошо кетти кутулуп.
Мусулмандын дөөлөрү,
Кийген тону күдери,
Кандын уулу Жүгөрү.
Очогор тийи окко учуп.
Акырет сапар жол тартып,
Шейит кечип ал өлдү.
Төмөн жакта Төрөбек,
Төштүк менен салышып,
Төштүк менен Төрөбек,
Айткан менен не керек.
Төрт күнгө чейин салышып,
Өлбөгөн жерде калышып.
Төштүк кыйын алп экен,
Теребекти жеңиптир.
Эр Төштүк аттан эңиптир.
Төрөбек башын кести эми,
Төштүк жандан кечти эми.
Кан өлтүрүп туу жыгып.
Кара кытай элине
Как ушундай чуу кылып.
Аяк өөдө кырды эми.
Уу ичкендей кылды эми.
Баш жагынан эр Бакай,
Бака-шака кылышып,
Ылдый карай жылышып,
Капталынан канча дөө,
Аябастан кырышып.
А да келет жылышып.
Былчыгыйдын бели экен,
Былчылдашкан жери экен.
Элдин көбү кырылып,
Азырагы калганда,
Түгөнүшүп олтуруп,
Түгөнүшүп болгондо,
Менменсиген эрендер,
Мыктысынган берендер,
Эрди-мурду борбоюп,
Эси ооп долдоюп,
Эки көзү бозоруп,
Эрди башы томсоруп.
Катуу согуш кылышып,
Кан тагынан жылышып.
Караңгы түндү көрүшүп.
Канча адам өлүшүп.
Өлгөнүнө санат жок,
Карып жанга бир азап.
Как ушу экен чоң казат.
Андай согуш болгон жок,
Далай адам буркурап,
Ичи күйүп жалын чок.
Ал аңгыча болгон жок,
Алты күнү сайышып,
Кабыргалар кайышып.
Аргымак бел майышып,
Эми шайы кетишип,
Өлгөнүнөн калганы
Эч калган жок арманы.
Жан соогалап буркурап,
Жарымы келди чуркурап.

Кол куушуруп алышып,
Жоо-жарагын таштады.
Жалынып ыйлай баштады.
Муруттарын серпишип,
Мусулман болуп келишип,
Алмамбеттин динине
Жарымы кирди буркурап.
Жан соогалап чуркурап.
Абакеңиз эр Бакай,
Өөдө-төмөн желдирип,
Өкүмүнө көңдүрүп,
Мойлугун жакшы ойдуруп,
Ээгине келтирип,
Чокчо сакал ойдуруп,
Калмактын динин жойдуруп.
Калганын Бакай ийирип,
Өз динине кийирип.
Өлүктү кайра көрүшүп,
Өкүрүп ыйлап көмүшүп.
Ал күнү анда конушуп;
Тамак ичип оңушуп,
Эс алышып таң атып,
Жети күнгө жетишип.
Ал күнү кечке токтолуп,
Аттарын оңдоп откоруп,
Тирүүлөрүн карашып,
Каран баарын санашып.
Эс алышып тим жатты.
Кайра баштан ат минип,
Каптап шаар бет алып,
Кара-Шаар, Камбылды,
Камап жатып жамбы алды.
Карчыгадай Бакайды
Как ошого кан кылды.
Ок атар киши калган жок,
Ол ишинде арман жок.
Жети-Шаар, Жеркенди
Жети чаап кекетти,
Жесирден алды зекетти.
Жетимиште Кыргынды,
Кан көтөрүп бекитти.
Кутурмандын Кумбулду
Кууп жүрүп кул кылды.
Алтын менен күмүштү,
Атка жүктөп бул кылды,
Кан өлтүрүп, туу жыгып.
Катындарын тул кылды.
Күлгүндү күндө бүктөдү,
Күрүчтү атка үктөдү.
Күмүштү төөгө жүктөдү,
Арууну алып бүктөдү.
Арпаны атка түктөдү,
Алтынды төөгө жүктөдү.
Миң төөгө жүктөп дилде алды,
Билбеген шаар ким калды?
Алты жүз төөгө жамбы алды,
Асыл Манас баатырдын
Арбагына таң калды.
Ойноп алды Ооганды,
Орус кайдан соо калды.
Ок атар киши калбады.
Ойрон болгон баатырдын
Эч калган жок арманы.
Барган сайын оңолду,
Басташканы жоголду.
Манас келет дегенде,
Байлатма жинди соо болду.
Аким кылып таратып,
Алтымыш шаар каратып,
Ачык күнү тутулуп.
Түп-Бээжиндин түбүнө,
Коңурбай кетти кутулуп.

Алты айга чейин баатырың,
Аким болуп жатышып.
Тамашага батышып,
Сандыргалуу төрөңдүн,
Салтанаты бүт болуп.
Сайышам деген Коңурбай,
Сайышалбай түз болуп,
Өң мыктыдан баатырдын,
Сайган эки жүз болуп.
Эми жазында келген баатырлар.
Коңур салкын күз болуп.
Өткөрүп сурак салышып,
Каалаганын алышып.
Кара малды көп алып.
Айдай албай жөнөлдү.
Азоо малын мөңкүтүп,
Байлай албай жөнөлдү.
Санаасы үйгө жетишип,
Сапардан бүгүн кетишип.
Сагынган эли жол алып,
Эсепсиз малды мол алып.
Эрки менен кайтышып,
Өкүмүн элге айтышып,
Сагынгандын баарысы,
Өз элине кайтышып.
Кайтуучусун кайтарып.
Жоо жүрөгүн майтарып.
«Кетүүчүңөр кеткиле,
Элге эсен жеткиле.
Жатуучуңар жаткыла,
Тамашага баткыла.
Тоого бышкан бадам жок,
Тобо шүгүр баарыңа.
Арыз айтарга адам жок.
Кара жерде кеме жок.
Эми кашка айталчу эме жок,
Каракчы, ууру жолдо жок.
Мейлиң бирден кеткиле,
Мейлиң мында жаткыла,
Тамашага баткыла.
Мылтыктан тандап алгыла,
Оюңар менен болгула.
Ой менен тоого конгула,
Кеткениңден калганың,
Эки күндө чогулуп,
Эр Бакайга баргыла.
Бакайдан акыл уккула»,
Ошентип төрөң кеп айтып,
Ошо сөздү көп айтып,
Аким болуп Алтайга,
Өкүмүнө көндүрүп.
Өөдө-төмөн желдирип.
Жар чакырды далайга.
Кеткендери кетишип,
Коңурбайдын өзүнө,
Түбүнө минтип жетишип.
Калгандары чогулуп,
Убада кылып Бакайдын,
Алдына келип турушуп.
Мурда кыйын урушуп,
Эсепсиз элди кырышып,
Эми ордунан жылышып,
Бакайга баары кеңешип,
Кеңешкенде кеп айтып,
«Абаке, Бакай, деп айтып.
Коштогонуң Коенбоз,
Төшөнгөнүң баян дос.
Алыска барсаң ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Казатка барса ак жолтой,
Кармашкан жоого сан колдой.
Аягың арска бөлөдүн,

Башыңа алтын жөлөдүң,
Эч арманың калган жок.
Коңурбайды нетебиз,
Биз кантип кайра кетебиз?
Как Бээжиндин ичине
Качып барып камалды
Кантип таптык амалды?
Элчи салып көрөлү,
Же эл болуп анан жөнөйлү.
Арага киши салалы,
Ал зоболун билели,
Анан жолго кирели.
Олжо алгандар кетсин деп,
Оолукканын жазсын деп,
Кеңешип Манас олтуруп,
Бикирине толтуруп,
Кырк чоросу башында,
Кырааның Манас ошондо.
Жети дөөнүн баарысы,
Жамгырчы сындуу карысы
Жабылышып кеңешип,
«Минтип жатбай баралы
Арага киши салалы.
Ал Коңурбай кайда экен.
Же Алгара атын алалы.
Же мурутун серпип баатырды,
Мусулман кылып кетели.
Же болбосо капырга,
Бу кан Коңурбай баатырга,
Де бир кармашып көрөлү.
Коңурбай качып кетти деп,
Уялбай кантип жөнөйлү.
Кытайдан чыккан кашкадан,
Кылыгы журттан башкадан,
Мусулмандын ичинен,
Жүйрүк чечен тилдүүдөн,
Өлөрүн билбес жиндиден,
Арачы киши салалы.
Алгара атын бербесе,
Ак мусулман болбосо,
Ошо кулду нетебиз,
Уялбай кантип кетебиз?»
Ушундай акыл кылышып,
Атка минип алышып,
Үрүмчүгө барышып,
Ошо жерден баатырлар,
Арага элчи салышып.
Элчилерге кеп айтып,
Эки мыкты баатырды
Арага аны жөнөтүп.
«Мыкты болсо Коңурбай,
Мындай чыгып келсин деп.
Эми урушуп жеңсин – деп.
Же болбосо Коңурбай,
Алгарасын берсин деп,
Атышар жерге келсин – деп.
Же ак муслман болсун – деп.
Капырдын динин жойсун – деп.
Бу кытайдын динин таштасын.
Кыргызга башын салсын – деп.
Мурутун серпип Коңурбай,
Мусулман болуп калсын» – деп.
Эми муну таштап коюңуз,
Таластагы Каныкей,
Кабарынан болуңуз.
Каныкей жатып түш көрүп,
Түшүндө жаман иш көрүп.
Канжыгадан баш көрүп,
Көздөн аккан жаш көрүп.
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып солк этип,
Эртең менен турду эми,

Ошол ишти билди эми.
Ойлонуп тура келди эми,
Жаратканга сыйынды,
Көрдү мындай кыйынды.
Кепичин бутка илди эми,
Керемет менен билди эми.
Этек-жеңин түрүнүп,
Эбелектей жүгүрүп.
Кошабыш деген чоросу,
Өзүнө жакын жоросу,
Ошого келип кеп айтып,
Ээ, Кошабыш деп айтып:
«Калкка каран түшкөнбү,
Баатырлар жандан үзгөнбү?
Кыяматтай иш болуп,
Кыраандарың мыш болуп,
Кыйын болуп калганбы?
Кыраандар кийип кызылды,
Менин кызыл өңүм бузулду!
Очогор тийип окко учуп,
Оо дүйнөдөн кыз кучуп,
Ойрон болгон өңдөнөт.
Кылычтан тандап курч алып,
Кыргый менен куш салып,
Кыямат жайдан тынч алып,
Кыраандарың өлгөнбү?
Өлбөсө кана не болду,
Жыл маалына келгенче,
Эмине үчүн жоголду?
Же бараңдан тандап түздү алып.
Бадана тондон үздү алып,
Байгамбар салган чоң жолго,
Барган белем жүз салып.
Түндө жатып түш көрдүм,
Түрлүү-түрлүү иш көрдүм.
Канжыгадан баш көрдүм,
Көөкөргө куйган кан көрдүм.
Асмандан учкан жан көрдүм,
Атын уккан Бээжинге,
Аттанып кетип калды эле,
Алда кандай иш болгон.
Кечеги өткөн жумада,
Ай асмандан тутулуп,
Айдын көзү бузулуп,
Күн асмандан тутулуп,
Күндүн көзү бузулуп,
Күндүзгү күн караңгы.
Көрбөдүм мындай аянды.
Как ошондо ойлосом,
Капыр менен мусулман,
Карчалышкан өңдөнөт.
Анан жана түшүмдө,
Түндө көргөн ишимде,
Эт жүрөгүм болк этет,
Эсим чыгып солк этет.
Эми коңгуроолу Кошабыш,
Кошок айтчу жаш Абыш,
Атка минип жөнөгүн.
Адис молдо алдырып,
Арап сөзүн салдырып,
Арыстанга карай кат жазып,
Аягына мөөр басып.
Урум менен Кырымдын,
Урушканын көргүн – деп.
Тирүү болсо баатырга,
Ушу катты бергин – деп.
Эми бир азырак тура тур.
Дагы айтайын тура тур.
Кечээ Темирдиктин тоосунда,
Тегеректин оозунда,
Тейишкандын тоюнда,
Сенин да бардыр оюнда.

Теминишкен кыз Сайкал,
Манас менен башынан,
Эрегишкен кыз Сайкал.
Ошондо тартуулга келген
Тайбуурул.
Эр Кошабыш сергегим,
Эми тийди керегиң.
Тайбуурулду коштоп ал,
Аялдабай жолго бар.
Тайбуурул жайын сурасаң,
Жер алдына бактырган,
Жез аштоону кактырган.
Жеткилең улук ушу деп,
Жезкемпир сынчы жактырган.
Болоттон така кынаган,
Боору жазы, мойну узун.
Болумдуу күлүк экен деп.
Бороон чал келип сынаган.
Жети күнү таң ашкан,
Желсе желден адашкан.
Чындап кызып жөнөлсө,
Канаттуу менен жарышкан.
Атты минсең асый мин,
Асты көөнүң оорутпайт.
Ушу Буурулду коштоп алгайсың.
Муңдуу жеңең сөзү ушу,
Ат болушка салгайсың,
Аялдабай баргайсың.
Кыяматтай иш болуп.
Же кырааның төрө мыш болуп,
Кыйланып жаткан кезинде,
Көрүнөсүң көзүнө.
Кытайда кыйын аяр көп,
Кыйланы кылган мыкты бар.
Кош, аман бол, жолборсум,
Эми сага жол болсун!»
Көзүнүн жашы көл болуп,
Көргөн жерден дел болуп,
Кошабышты жөнөтүп,
Амандашып коштошуп.
Ажырашып боздошуп.
Каныкей калды кайгырып,
Акылынан айрылып.
Эки камчы шарп уруш,
Кошабышта не туруш?
Бээжинди көздөй бет алып.
Каныкейдей жеңеңдин,
Айткан сөзүн жат алып.
Аркыратып алышып,
Тайбуурулду бош коштоп,
Абай менен жалпооштоп.
Туурасында бош коштоп.
Кош ат менен жарышып,
Тизгин колдо карышып.
Эки буту тепеңдеп,
Эче күндө жетем деп.
Ээлигип жөнөп келатыр.
Муну таштап коюңуз.
Как Бээжинде канкордун,
Кабылан Манас анткордун
Кабарынан болуңуз.
Эр Бакайы кашында.
Сыймык кушу башында.
Үрүмчүнүн оюнда,
Үч-Капканын боюнда.
Ар неңке бар оюнда,
Дин мусулман бенденин
Конуш билген жакшысы.
Кол бийлеген кашкасы,
Кеңеш кылып кеп айтып,
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы.

Эштектин уулу Жамгырчы,
Кандын уулу Жүгөрү,
Кара жаак эр Үрбү,
Казактардын Көкчөсү,
Элемандын Төштүгү,
Элинин баарын чогултуп,
Энди Манас кеп айтып.
«Түп-Бээжиндин түбүнө,
Түгөнгүр капыр кутулду,
Муну кандай кылчубуз?
Кара шаар, Камбылды,
Камап жүрүп жамбы алдым.
Карыса да Бакайды,
Как ошого кан кылдым.
Жети-Шаар, Жеркенди,
Жетип чаптым кекеттим.
Жесирден алдым зекетти,
Жетимиште Кыргылды
Как ошого бекиттим.
Ойноп алдым Ооганды,
Орус кайдан соо калды.
Ок атар мерген калбады.
Кара калмак, кытайдын,
Менин эч калбады арманым.
Миң төөгө жүктөп дилде алдым,
Менин билбеген шаарым
ким алды?
Алты жүз төөгө жамбы алдым,
Менин айбатымды көргөндө.
Айран калып таң калды.
Барган сайын оңолдук.
Басташкан душман оңбоду.
Баатыр келет дегенде,
Байлатма жинди соо болду.
Ок атар киши калбады,
Орчун шаар Бээжинден,
Коңурбай аман калганы.
Арага элчи салалы,
Алгара келсе алалы.
Алгара атын бербесе,
Артынан кирип баралы.
Ушу кандай кеп дешип.
Биз баралык беттешип»,
Муну мындай таштады,
Мурда кеткен эки элчи,
Коңурбайды бет алып,
Акылынан шашбады.
Капкасы алтын коргонго,
Энди барды ордого.
Айланасын карасаң,
Учуп кирчү канат жок.
Аттап өтчү алат жок.
Чоюн калаа Чоң-Бээжин,
Чок тебетей, чоң өтүк,
Чоң Калдай кыйын эр экен.
Бир жагы дайра көл экен.
Бир тарабын карасаң,
Асман-көккө такалган,
Көз жетбеген зоо экен.
Бир тарабын карасаң,
Түбү терең суу экен.
Бер жакы четин карасаң,
Жети катар дарбаза.
Ар душманга каргаша.
Ажал айдап барбаса,
Андан башка баргысыз.
Жандан кечкен барбаса.
Жанына киши тургусуз,
Дарбазаны каккылап,
Даңкылдатып чапкылап,
Кабар салды айкырып.
Айгай салып кыйкырып.

Дабышын угуп бир жайсаң,
Болоттон кылган кулпусун,
Болтулдатып ачты эми.
Каалганын баарысын.
Катар-катар ачты эми.
Качырата тартты эми.
Экөө келип көрүшүп.
Колун берип турушуп.
Манастын берген кагазын,
Койнунан сууруп алышып.
Экөө берип кеп айтып,
Барып бергин деп айтып.
Экөө турду көп айтып.
«Биз улук деп урмат кылбайбыз.
Урат деп коркуп калбайбыз.
Ушу катты уксун дейт,
Эртең ушу маалда.
Кара атын коштоп чыксын – дейт.
Же кара атын бизге берсин – дейт.
Же болбосо Коңурбай,
Кармашчу жерге келсин – дейт.
Же күлүгүн бизге берсин – дейт.
Же күрөшчү жерге келсин – дейт.
Же сонунун бизге берсин – дейт.
Же согушар жерге келсин – дейт.
Бу катындан бетер каркыттап,
Камалып мында жатбасын.
Же кара атына минсин де,
Кармашчу жерге келсин де.
Же болбосо Коңурбай,
Мурутун серпип алсын де,
Мусулман болуп калсын де.
Анан муңайып бизге келсин де.
Туура жообун берсин де!»
Ушунтип кагаз киргизди.
Экөө кайра жөнөлдү.
Жайсаң жетип барды эми,
Коңурбайга берди эми.
Окуп-окуп Коңурбай,
Оңурайды бир далай.
Атаганат, Кудай ай,
Ушундай арам өлөмбү?
Ушу күндү көрөмбү?
Бурканына сыйынып,
Мырзалардын баарысы,
Коңурбайга жыйылып.
Кеңеш кылып кеп айтты,
Эми канетебиз деп айтты.
Шибириң деген аяр бар.
Как ошого кеп айтты.
«Мобу кагазды алгын» –
деп айтты.
«Эсенканга баргын деп,
Эмине айла кылчубуз?
Бу кабарды бергин деп,
Бир сүйлөшүп келгин деп.
Айлабызды кетирди,
Ишибизди бүтүрдү.
Дөөлөрдүн көбүн өлтүрдү.
Жылкыны такыр алды – деп.
Башыма каран салды деп.
Чоң-Бээжиндин ичине,
Бүгүн кирип калдым» – деп.
Ыйлап туруп кат жазып,
Артына бечет бек басып.
Мен ушундай болдум – деп.
Барайын десем алдыңа,
Өлүмгө өзүм ойлондум.
Барбайын десем баатырым,
Жаман жаным толгонду.
Ак динине жаратты.
Алтымыш шаар каратты,

Айла кандай болучу?
Эми кара атыңды берсин – деп.
Же кармашар жерге келсин – деп,
Бу камап жатып курутту.
Эми канетебиз бурутту.
Кандай ай болучу,
Буга канткенде каруу келүүчү.
Ушу катты берди эми,
Учуп жөнөп баякы,
Кайдан жанын аяды.
Кайыкка түштү буркурап,
Көлдүн баары шаркырап.
Алты айчылык Эсенкан,
Азыр кирип келди эми.
Катын окуп берди эми.
Алдына келип буркурап.
Ал да кошо зыркырап,
Эсенкан турду тактадан.
Алты кабат пактадан.
«Шыпшайдар кайда, чакыр – деп,
Турбасын ошо баатыр» – деп.
Дилгиремди бурду эми,
Кабар берип турду эми.
Ал аңгыча болбоду,
Шыпшайдарың оңбоду.
Алам саат болгуча,
Ачып көзүн жумгуча,
Шыпшайдар келди кашына,
Алтымыш аяр соңунда,
Албарс кылыч колунда.
Кол куушуруп алышты,
Баары келип калышты.
Шыпшайдарга кеп айтты,
Эми турбай жөнө деп айтты.
Коңурбайга барып айт,
Кол бийлеген карыга айт.
Айтканын кабыл кылсын де,
Ак мусулман болсун де,
Өзүнүн динин койсун де,
Алмамбеттей болсун де.
Как ошентип Манаска,
Чоро болуп турсун де.
Мурутун дагы серпсин де,
Мусулман болуп кетсин де.
Эсенкандын эки кыз,
Экөөн бирдей берсин де.
Ал кыз кызыгын көрүчү,
Анан кандан катын алган соң,
Анан катын алып өлүчү».
Ушунетип жөнөттү.
Арт жагына кат жазып,
Эсенкандын мөөр басып.
Аярды кайра жөнөттү.
Алам саат болгуча,
Аяр келди аңгыча.
Катын окуп Коңурбай.
Ушу жакшы экен деп,
Эсенкандан өлгүчө,
Манастан барып өлөйүн.
Башка келген жумушту,
Мына ушунтип көрөйүн.
Ал күнү анда конду эми.
Эртеси күн болгондо,
Эшиктерин ачтырып,
Алтын менен күмүшү,
Алдына дилде чачтырып.
Арабага салдырып,
Асыл буюм кымбат баа,
Ар неңкеден алдырып.
Мурутун серпип кашкайып,
Мусулман болуп тастайып.
Ээгине сакал койдуруп,

Өзүнүн динин жойдуруп,
Алгараны жетелеп,
Жүгүнүп салам беришип.
Как алдына келишип.
Ала-Тоодой иш кылсам,
Ашырарың өзүң бил,
Агын суудай иш кылсам,
Кечирериң өзүң бил!
Өрт жалындай иш кылсам,
Өчүрөрүң өзүң бил.
Алдан кыйын иш кылсам,
Өткөрөрүң өзүң бил,
Адөөлөт болсоң аңдагын,
Акылың болсо тыңдагын.
Сунган моюн меники,
Суурган кылыч сеники».
Чарчаган күлүк меники,
Чакырган арбак сеники.
Эки колу боорунда,
Энди Манас доорунда,
Алгараны жетелеп.
Эки көздөн жаш агып,
Манаска карап баш ийип,
Мына ушунтип буркурап,
Жан соогалап чуркурап.
Манаска келип кол берип.
Баракелде, Коңурбай,
«Айтканым кабыл кылдың – деп,
Алгараны алып келдиң – деп.
Эми амандашып турушуп,
Мурутуң серпип келипсиң,
Алгараңды берипсиң.
Эми ыраазы болдум өзүңө!»
Ушунетип көрүшүп.
Күнөөлөрүн кечирип,
Кемерлерин чечишип,
Кучакташып дос болуп,
Ортого куран коюшуп,
О дүйнөлүк болушуп.
Көңүлдө кирди жоюшуп,
Тамак-ашын беришип.
Чай кайнатып ичишип,
Карып жандан кечишип,
Каңкор Манас баатырдын
Көөсүрлүгүн билди эми,
Көрө койду бу баатыр,
Кытайдан чыккан куу капыр.
Арам ойлоп отуруп,
Алдап туруп кеп айтып.
Тоого бышкан бадам жок,
Тобо шүгүр Кудайга,
Арыз айтарга адам жок.
Кара жерде кеме жок,
Каш кайтарчу неме жок.
Сен ойноп алдың Ооганды,
Орус кайдан соо калды?
Сен кыргын кылдың кытайды.
Мен жат кылдым жалгыз
Кудайды.
Эми динге кирип өлөйүн,
Тиги дүйнө барганда,
Сени менен жөнөйүн,
Көргө кирсең кирейин,
Көтүңөн ээрчип жүрөйүн.
Көлгө түшсөң түшөйүн,
Көтүңөн кошо сүрөйүң.
Жоонун түбү эл болот.
Суунун түбү көл болот.
Дөөлөрүңдү кетиргин,
Жумушуңду бүтүргүн.
Эсенкандын эки кыз,
Экөө бирдей сулуу кыз.

Эми кырк күнү мында жатып ал,
Кытайлардын канынан,
Сен кылыгы жаккан катын ал.
Кырк чоро менен жатып кет,
Кырк күндөн кийин анан кет.
Күндө-күндө келе бер,
Анан күсөгөнүң ала бер.
Айда-айда келе бер,
Наздаганың ала бер.
Эки сулуу катын ал,
Мейлиң эки жылы жатып ал.
Эми мындан башка кебим жок.
Эми баягыдай демим жок,
Жумуш бүтүп басылды,
Көрбөдүм сендей асылды,
Көйкаптан бери караттың,
Ал түгүл Бээжинди келип
тараттың.
Эми сенин ак калпактуу кыргызга,
Арбагың кетти жылдызга.
Ок атар киши калбады,
О дүйнө менен бу дүйнө,
Эч калган жок арманың.
Эркелеткен эки кыз,
Эсенкандан алганың,
Эч калган жок арманың».
Ушунетип шерт кылды,
Убаданы бек кылды.
Ошо жерге конушуп,
Убадалуу болушуп.
Таң аткыча кожурап,
Тамаша менен божурап.
Жаткан жерин жай кылып,
Жака белин май кылып.
Түнкүсүнө бээ союп.
Эртеңкиге кой союп,
Жакынага тай союп,
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып.
Ырчы келип ырдашып,
Кошомат кылып жыргашып.
Бийчилери бийлешип,
Мына ушунтип сүйлөшүп.
Түнүн жарык түш кылып,
Орундарын киш кылып.
Унуткусуз иш кылып.
Күлкү менен күн батып,
Тамаша менен таң атып,
Эриккенче эт берип,
Кардыкканча кант берип,
Суусаганда бал берип.
Как ушунтип жай берип.
Кымбат баа чай берип,
Эртеси күнү Коңурбай,
Эми как күйөөсү болосуң,
Кандын кызын аласың.
Эсенкандын эки кыз,
Эркелеткен Бурулча,
Жана бирөө Канышай.
Көргөндө көөнүң болор жай.
Сенин жалынганың бир Кудай,
Сенин баштаганың баабедин,
Сенин колдогонуң Кожосан,
Кол бергениң ак Эшен.
Сени аты Кызыр даарыган.
Сени ак эшен көрүп тааныган.
Абырагың көтөрүп,
Алдага күндө наалыган.
Абыражтуу Бакай бар,
Эр Бакайың баш болуп,
Кырк күнү мында жата тур,
Өкүмүңдү айта бер,

Анан кийин кете бер».
Убаданы бек кылып.
Как ушундай шарт кылып.
Кол кармаша кетишти.
Алтын кемер чечишти,
Абдан күнөөлөрүн кечишти.
Ал аңгыча эр Бакай,
Акыл ойлоп, кеп айтты.
«Э, кырк чоро, кыраандар,
Мындай чыкчы деп айтты.
Баатыр Манас, бери кел,
Алмамбет, мындай чыкчы – деп,
Мен бир акыл ойлодум.
Как ушуну укчу – деп.
Мындай чыгып алышып,
Көйкашканын баарысы,
Көсөм Бакай карысы,
Кеңеш кылып кеп айтты,
Адам айтар неме эмес,
Коңурбайды карасам,
Алмамбеттен кем эмес.
Абдан жорго киши экен.
Бээжиндин жыргап жатканы.
Как ушунун иши экен.
Томогосун кайыган,
Томаягы байыган.
Келини тайлак байлаган,
Кемпири куйрук чайнаган.
Өзөндүн суусу май болгон.
Мунун өлөрманы бай болгон.
Муну көрүп абаңдын,
Көңүлү бүгүн жай болгон.
Бу кучакташып дос болуп.
Как алдыңа келген соң,
Алгара атын берген соң,
Бул адам экен Коңурбай.
Бул мурутун серпип келген соң,
Мындай иштни билген соң,
Бу буудан экен Коңурбай,
Бул Эсенкандын элинен,
Тууган экен Коңурбай,
Убаданы бек кылып.
Ушу жерди шерт кылып.
Коңурбай менен дос болду.
Качан мындан корголду?
Ортого куран коюшту,
О дүйнөлүк болушту,
Көңүлдө кирин жоюшту.
Кыл болот мизин жалашты,
Кыямат жолун санашты.
Ак албарс мизин жалашты,
Акырет жайды санашты.
Очогор кара замбирек,
Ортого коюп дос болду.
Качан мындан козголду?
Үрүмчүнүн жанына,
Бир кыштакка ат койду,
Манас деген кат койду.
Түнү жарык түш болду.
Олтурган жери киш болду.
Унуткусуз иш болду.
Урушам деген душмандар,
Өзү жүрүп мыш болду.
Кытайдан чыккан Коңурбай,
Кылымдан чыккан баатырдын,
Алдына кызмат кылган соң,
Адамдын баары таң калды.
Акылы кетип сандалды.
Билбеген шаары ким калды.
Миң төөгө жүктөп дилде алды.
Алты жүз төөгө жамбы алды,
Арбагына таң калды.

Атышам деген душмандар.
Акылы кетип сандалды.
Така-така башайы,
Тобун бузбай дүрүйө.
Толуп аткан дүнүйө.
Төөгө муну жүктөтүп,
Аруу тондун баарысын
Атанга артып жүктөтүп.
Каныкейге карата
Аялдабай кат берип,
Айткан күнү бат берип.
Кыргыздын журтун кетирип,
Кыябына келтирип,
Атан төөгө кош артып,
Аргамжысын бош тартып,
Алтаң деген чоросун,
Айлындагы жоросун
Как ошого кат берип.
Олжо мүлкүн тапшырып,
Эми ушу бойдон баргын – деп,
Каныкейге бергин – деп.
Кабыл болсун тилеги,
Айкалышсын билеги.
Эми алты ай мында жатабыз,
Алты айдан кийин кайтабыз.
Коңурбай менен шерт кылдым,
Убаданы бек кылдым.
Мурутун серпип койдурдум.
Капырдын динин жойдурдум.
Ушу катты бергизип,
Алтаңды жолго киргизип.
Аруу тонду кийгизип.
Карала сонун ат алып.
Колуна кармап кат алып.
Жүрөр жолун жат алып.
Кыргыздын эли лыкылдап,
Кытайдан чыкты лыкылдап.
Огойдун эли буркурап,
Олар чыкты чуркурап.
Казактын эли кайтышып.
Билген кебин айтышып.
Калганы анда турушуп,
Мурун канча урушуп,
Эми эл болушуп мал алып,
Эсен чыкты жол алып.
Эми чоюн калаа Бээжинден,
Чоңдордун баары тарады.
Баарысы кетти болушуп,
Күлгүндү күндө бүктөшүп,
Күрүчтү атка түктөшүп.
Күмүштү төөгө жүктөшүп.
Баарысы жөнөп калганда.
Калгандары арманда.
Жыл маалына келгенде,
Жыл он эки ай болгондо,
Кытайдын элин каратып,
Кылымга бөлүп таратып.
Дөөлөрдүн баарын кетирип,
Төрөңдү Кудай уруптур.
Коңурбайга алдатып,
Өзү жалгыз туруптур.
Кырк чоросу кашында,
Кыраанын Бакай астында,
Алмамбети соңунда,
Албарс кылыч колунда.
Коңурбайдын элинде,
Калды Бээжин жеринде.
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Эштектердин Жамгырчы,
Кара жаак эр Үрбү,
Казактардын Көкчөсү,

Кара аламан өргөсү,
Элемандын Төштүгү,
Эли менен кайтышты.
Амандашып коштошуп,
Айрылышып токтошуп.
Мылтыктарын октотуп.
Төөнүн баарын комдотуп,
Жылдызына оңдотуп.
Кара малдан көп алып,
Айдай албай жөнөлдү.
Калмак кулдан көп алып,
Байлай албай жөнөлдү.
Ошо бойдон коштошуп,
Ажырашып топтошуп.
Түрлүү кийим кийинип.
Колдун баарын карасаң,
Манаска баары сыйынып.
Ошо жерде жыйылып.
Амандашып коштошуп.
Ошо күнү жөнөлдү.
Ырчынын баары ырдашып,
Көңүлү өсүп жыргашып.
Бийчилери бийлешип,
Манасты мактап сүйлөшүп.
Баары жолго киришти,
Ошо бойдон ал кетти,
Эсен-аман кол кетти.
Кырк чоро менен кыраан эл,
Кырк күнү жатмак болду эми.
Аскер жолго салган соң,
Кытай кайра толду эми.
Кыраан Манас баатырга
Кыянат жакын калды эми.
Кырк күнү жыргап тим жатты,
Мындай болуп ким жатты.
Алмамбет, Манас эки эр
Кытайдан сулуу кыз алып,
Кылыгына кубанып,
Кандардан жакшы кыз алып,
Канча күнү кубанып.
Түнү жарык түш болуп,
Орундары иш болуп.
Унуткусуз иш болуп,
Урушам деген Коңурбай,
Өзү келип мыш болуп.
Кызмат кылып лыпылдап,
Шыпшайдарын бекитип,
Тышта жүрөт ошондо.
Кытайды кайра кекетип,
Астына кызмат кылгыла,
Аламын деген немесин
Аябастан бергиле.
Дүнүйөгө кызыксын,
Убадалуу күнүмө
Ушинтип эптеп жеткиргин.
Кырк күнү мында турсун – деп,
Кыябыма келейин,
Бу кызыталак канкордун
Сазайын шонда берейин.
Элүү күнү күткүлө
Сыр билгизбей жаткыла.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Барың алдап тургула.
Убадасы болгондо,
Эсенкандын айтканы,
Ошондо кабыл болгондо.
Ошону айтып кат берип,
Өөдө-төмөн жедирип,
Өкүмүнө көндүрүп,
Өз элине кеп айтып,
Кудай берди деп айтып,

Ылаанатка сыйынып,
Көзүнүн жашын тыйынып,
Күндө келип Манаска,
Аябай кызмат кылышып,
Алдында жүрөт сыйынып.
Муну менен иши жок,
Муну билген киши жок.
Кытай кайра чогулуп,
Ушундай акыл кылышып,
Ар жагынан келишип,
Коңурбайдын өзүнө
Абдан кайрат беришип.
Таамай кырк күн болуптур,
Аскери тарап кеткени.
Ал аңгыча капырды,
Тарыгына толуптур.
Коңурбайдын аяры,
Баарысы даяр болуптур.
Аярдын соккон ак балта,
Как ошондо бүтүптүр.
Кандын уулу Коңурбай,
Кара атка минип алактап,
Эр Коңурбай шалактап,
Эсил Манас баатырдын
Эшигине келиптир,
Атынан түшө калыптыр.
Эки колу боорунда,
Манаска кирип барыптыр.
Баатыр жатат пактада,
Кереге бою тактада.
Байпак чечип бут сунуп,
Баягыдай көз жумуп,
Эки көзү коюлуп,
Таласта жаткан немедей,
Жаткан экен чоюлуп.
Кол куушуруп кеп айтат:
«Баатыр төрөм, деп айтат.
Акыреттик дос элек,
Бүгүн мындай барабыз,
Тамашаны көрөбүз.
Эртеңки күн болгондо,
Амандашып коштошуп,
Ажырашып боздошуп,
Биз калабыз токтолуп.
Сен кетесиң элиңе,
Кең-Кол, Талас жериңе,
Огой кыргыз элиңе.
Узатып жолго саламын,
Беш күндүк жолго барамын.
Бүгүн Бээжиндин ичин аралап,
Бүгүн каалаганың аласың.
Эртең жолго саласың.
Эп болсо атка миниңиз,
Эми мени менен жүрүңүз.
Нечен мүлкүм менде көп,
Дагы барып көрүңүз,
Каалаганың алыңыз!»
Ушун үчүн келдим – деп,
Коңурбай айтты мындай кеп.
Эмесе макул, куп дешип,
Алмамбет, Манас кеңешип,
Сен эле барып кел деди,
Асыл Манас баатырды
Ажал айдап дегдеди.
Кереметтүү Алмамбет
Сыймык баштан кеткенде,
Ажал башка жеткенде.
Артын ойлоп билбеди.
Аккулага минди эми,
Бериште баштан учканы,
Бейли шайтан кучканы.
Алмамбет билбей калды эми,

Арыстаның билбей калды эми.
Алактаган баатырдын
Арт жагынан жөнөлдү.
Эки камчы шарп уруш,
Бул экөөндө не туруш.
Экөө келет жарышып,
Үзөңгүсү кагышып.
Эки жагын каранып,
Эрди-башын жаланып.
Коңурбай менен кошулуп,
Желбегей торко кийишип,
Мындай ишин билбеди,
Коңурбайдын артынан
Абайлабай келди эми.
Алтын сарай чатырдын,
Алда жүргөн баатырдын.
Эр Коңурбай капырдын,
Эптегенине кирди эми.
Эси кетти башынан,
Ээрчип жүрдү артынан.
Коңурбайдын шарпынан.
Анты-шертке ишенип,
Абайлабай келатыр.
Капкасы алтын коргонго.
Как ошого барды го.
Андан ары жетишип,
Далай түрдүү иштер бар.
Как ошонун ичинде,
Нечен сонун киши бар.
Коңурбайды карасаң,
Кийген экен кызылды.
Көөнү жаман бузулду.
Түсү кетти бузулуп,
Жүзү кетти кубулуп.
Өңү кетти сурданып.
Мурду кетти кырданып.
Ошондо түрлүү кеп айтып,
Э, баатырым, деп айтып.
Манасты карап саалытып.
Так ушунтип турганда,
Күндө-күндө келе бер,
Күсөгөнүң ала бер,
Айда-айда келе бер,
Астаганың ала бер.
Как ушунтип турганча.
Ал аңгыча Бакайдын
Балык эти балк этип,
Куйрук эти былк этип,
Боконосу болк этип,
Түгөл бою солк этип,
Абакең турду ордунан,
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып солк этип,
Ошондо Бакай кеп айтып,
Ээ, Ажыбай деп айтып.
Аттана көр деп айтып,
Иш бузулган шекилдүү,
Кудай уруп салганбы,
Коңурбай айнып калганбы?
Аны Бакай билбесем,
Менин кереметим жалганбы?
Желбес жорго минишип,
Желбегей торко кийишип,
Коңурбай менен оолугуп,
Манас кетип калды эле.
Балаага башын салганбы,
Ажал келип алганбы?
Кыяматтай иш кылып,
Кысталак алдап кеткенби,
Кыябына жеткенби?
Түпкө капыр жеткенби,
Тирүүлөй алдап кеткенби?

Тирүүлөй түпкө жеткенби,
Ажыбай баатыр, бара көр,
Арт жагынан көрө көр.
Эки камчы шарп уруш,
Ажыбайда не туруш.
Кылычты кыя байланып,
Ажыбай эми шайланып.
Кет жагынан жөнөлдү.
Кет жагынан баргыча,
Иш бузулду аңгыча.
Алтын-шаар ичинен,
Арнап кылган айбалта,
Алып келди бир желдет.
Ажыдардай болуп ызгырат,
Жыландай болуп ышкырат.
Зыңылдаган үн чыгат,
Илебинен чуу чыгат,
Тетири жакка шилтесе,
Аркан бою узарат.
Карап турса караанын,
Өрттөй болуп кызарат.
Шиберге койсо өрт кетет,
Шилтегени мүрт кетет.
Караса көзгө илинбейт,
Кайсы экени билинбейт.
Төрт кубулуп көрүнөт,
Аны көргөн бенденин
Санаасы жаман бөлүнөт.
Ошондо Коңур кеп айтат,
Келе бери айбалта,
Сабынан алды Коңурбай,
Беттешкени оңорбу ай!
Оң имерип алды эми,
Ичип антка тойбодуң,
Издегениң койбодуң.
Мени ким деп ойлодуң?
Байгамбар салган жол ушул,
Эми сага жеткен кол ушул!»
Манасты көздөй бет алып,
Батыра шилтеп калды эми.
Баштан ары келтирип,
Коңурбай доңуз салды эми.
Атаңдын көрү, нетесиң?
Сен канетип кетесиң?
Башын бура берди эми,
Айбалта мизи каарыды
Бир шилин таарыды.
Ошо бойдон балтасы.
Колуна турбай кыңгырап,
Жерге кетти шыңгырап.
Колунан балта кетти эми,
Жер түбүнө жетти эми.
Ээрден көчүк кылтайды,
Эсил Манас баатырдын
Үзөңгүдөн бут тайды.
Алтын ээр, марал баш,
Акырекке жөлөктөп,
Аккулага өбөктөп,
Аттын жалын бек кармап,
Алда Кудай, деп кармап.
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Эр Коңурбай кайсалап,
Этегинен сыйпалап,
Ээрчип кошо жөнөлдү.
Коңурбайы келгенче,
Этегинен алганча.
Эр Ажыбай аңгыча,
Келип калды кашына.
Караса Манас баатырдын.
Ай балта тийген башына.
Аккуланын жалынан,

Кызыл ала кан келет.
Асыл Манас төрөңдүн,
Араң эле жаны келет.
Коңурбайды карасаң,
Этегинен эрмелеп,
Аккуладай күлүктүн
Куйругунан сермелеп,
Аны көргөн Ажыбай,
Кылычын сууруп алды эми,
Алдын тозуп салды эми.
Алдын тозуп айкырып.
Ажыбай чыкты айкырып,
Алгараны моюндап.
Кайра тартты Коңурбай.
Кайра тарта бергенче,
Кирип келди Ажыбай,
Кылыч менен кыйкырып,
Кыраанын Ажы жетти эми,
Кылычы менен нетти эми?
Оң ийинге келтирип,
Ажыбай келип салды эми.
Белгилүү күлүк кара аты,
Качан болсо капырдын,
Кыла жүргөн адаты,
Өксүтө чаап салды эми,
Алгаранын сooруга,
Албарс тийип калды эми.
Албарстын учу кириптир,
Арканын этин тилиптир.
Коңурбай калды очоюп,
Арт жагында капырдын,
Аңдып турган баатырдын,
Жабылышып буркурап,
Жайсаңдар чыкты чуркурап.
Башын кесип салгыча,
Иш бузулду аңгыча.
Кайра тартып Ажыбай,
Алдындагы кара атын,
Оозунан түтүн буратып,
Баатырга кирип келди эми.
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрине өбөктөп,
Ээрден көчүк бөлөктөп,
Ажыбай жетип келди эми,
Чылбырынан алды эми.
Баатырды коштой качты эми.
Ажыбай жаман шашты эми.
Алтындаган чатырга,
Абакең Бакай баатырга,
Качып кирип келди эми.
Көтүнөн аскер жетти эми,
Кырк чоронун баарысы,
Бакай сындуу карысы,
Алакандан жан чыгып,
Баатырыңды карасаң,
Аккуланын мойнунан
Ылдый карай кан кетип,
Омуроодон төгүлүп,
Ошону көргөн кырк чоро,
Эми жандан түңүлүп,
Ал аңгыча артынан,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Бараң мылтык түтөтүп,
Баатырларды жүдөтүп.
Барган сайын Коңурбай.
Кыйкырыгын күчөтүп,
Алам саат болгуча,
Ачып көзүн жумгуча,

Алгаранын жарасын,
Айыктырып алыптыр.
Дагы жөнөп калыптыр.
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп,
Токсон түрлүү өнөрпоз,
Ар тараптан кошулуп.
Желеги туудан бөлүнбөй,
Жер менен аскер кол келди.
Эсеби жок мол келди.
Эсеби жок калың кол,
Камалышып алды ошол.
Кырк чоронун үстүнө
Кырк түрлүү аскер кол келди.
Ат соорусун салышып,
Атка минип кырк чоро,
Эми качты жарышып.
Аккулага өбөктөп,
Арыстан Манас баатырдын
Шайы кетип баратат.
Уруша албай кырк бөрү,
Жайы кетип баратат.
Тоону көздөй бет алып,
Тобокелге салышып,
Токтобой качты жарышып.
Коңурбайды карасаң,
Кызыл желек туу менен,
Чыңгыскандап чуу менен.
Көт жагынан чуркурап,
Келе жатыр буркурап.
Мусулман болгон кытайлар
Баары кайра киришип,
Коңурбайга келишип,
Баары колун беришип,
Андан бетер көбөйдү.
Асты-кийинин алыптыр,
Акыр заман салыптыр.
Коңурбайдын элинде,
Бедөө минген бектер көп,
Угарга сонун кептер көп.
Укмуштан ашкан эрлер көп,
Шыпшайдар деген аяр бар,
Алтымыш аяр кашында,
Сыймык кушу башында.
Түп-Бээжиндин түбүнөн,
Эсенкандын алдынан,
Убада күнү толгондо,
Булут минип буркурап,
Аяр келди чуркурап.
Бу Кудайдын буйругу,
Аярларды караса,
Жылан өңдүү куйругу,
Куштай учкан канаты.
Бу кызталак Бээжиндин
Илгертен кылып жүргөн адаты.
Кишидей болгон башы бар,
Оозуна караса,
Аюудай болгон тиши бар.
Ада нече иши бар.
Кишидей болуп жаа атып,
Жана күндү жайлап буркурап,
Сасык туман салды эми,
Сандыргалуу Коңурбай,
Санатты бүгүн кылды эми.
Кара атын минип буркурап.
Кара кытай чуркурап.
Кайра минтип оңолду,
Эми кантип Манас соо болду?
Урушарга каруу жок,
Баатырыңды караса,
Бир шилиси кыйылып,
Башы ылдый шалкылдап,

Барган сайын Коңурбай,
Алгара менен далкылдап,
Кыбыладан кытайлар,
Кызылдай бороон жөнөтүп.
Тоонун башы тумандап,
Суунун баары ылайлап,
Көргөн адам Кудайлап.
Аярларды карасаң,
Асман-Көктү жаңыртып.
Айкырып үндү чаңыртып,
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп.
Боройлото күн жаады.
Сегиз түрлүү шыбыргак.
Кар менен мөндүр бургулап.
Каршы-терши ургулап.
Аңдын баары жыгындап,
Арыктын баары тыгындап,
Алдан бетер шыбыргак,
Айласы кетти кырк бөрү,
Тоону көздөй бет алып,
Токтобой булар качышты,
Акылынан шашышып,
Тоо такандап качышып,
Тоо такандап турушуп,
Тогуз күнү урушуп,
Алты күнү турушуп.
Абдан жатып урушуп,
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Серек, Сыргак кайран эр,
Кайрат менен турушуп,
Карап турат урушуп.
Кыя тартып турушуп,
Кытай менен урушуп,
Өлбөгөн жерде калышып,
Өпкөгө найза малышып.
Өжөр экен бул төртөө,
Тоо такандап салышып,
Алдырбай жүрөт кырк бөрү.
Тогуз күнгө салышып,
Талаадан тоого качышып,
Акылынан шашышып.
Абыдан кыйын атышып,
Кызыл канга батышып,
Кыраан Манас баатырды
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Асман-Көккө үн чыгат,
Аярлардан чуу чыгат.
Быягынан бир атат,
Тыягынан бир атат,
Аркасынан алты атат,
Желкесинен жети атат.
Кырк чорону карасаң,
Кызыл канга чоң батат.
Ошо кезде турушуп,
Алмамбет жаман урушуп.
Өзү жеке салышып,
Өлбөгөн жерде калышып.
Сараланын тизгини,
Колго бекем карышып.
Жердеги жүргөн кытайды,
Уу ичкендей кырды эми.
Асмандагы аярга
Айланы кандай кылды эми?
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей.
Как ушунтип жүргөндө,
Кытайлардын Шыпшайдар,
Сыр жебени колго алып,
Кыя тартып келиптир.
Жандап өтүп баратып,

Алмамбеттей арыстанды
Сыр жебени келтирип,
Туулганын астынан,
Чарайнанын үстүнөн
Тартып өттү чекере.
Сандыргалуу Алмамбет,
Аттан учту Мекеге.
Алмамбет аттан жалп этип.
Кара жерге жыгылды.
Кырк чоронун баарысы
Как ошо жерге жыйылды.
Алмамбетти көргөн соң,
Акбалтанын Чубагы
Кирип келди бу дагы.
Алмамбеттен айрылып,
Аман үйгө баргыча
Кантип тирүү калайын,
Алмамбеттин артынан,
Мен да акыретке барайын.
Кайда экени билинбейт,
Караса көзгө илинбейт.
Айкырып Алмамбет деп
кыйкырып.
Эр Чубак келди эми.
Эр Алмамбет баатырдын,
Өлгөнүн анык билди эми.
Ар жагында сеңирге.
Кара жардын өңүргө,
Туучунагын моюндап,
Томогону коюндап.
Келмени айтып тилинде,
Ак байгамбар growing
Кара жардын башына,
Шыпшайдарды айкырып,
Чубак чыкты кыйкырып.
Жекеге чыкты айкырып.
Же караса көзгө илинбейт,
Капырдын кайда экени
билинбейт.
Караңгы туман ичинде,
Карап турат кечинде,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Аркасынан келди эми,
Аңдып капыр жетти эми.
Эр Чубактай баатырды
Кекиртекке келтирип,
Тартып өтүп кетти эми.
Кара жардын башына,
Кайраның Чубак жыгылды.
Аты менен аскадан,
Ала салып кетти эми.
Ал аңгыча артынан,
Серек, Сыргак жетти эми.
Жана келип шум аяр
Быягынан жетиптир.
Кайсаң-куйсаң эткиче,
Катары менен бир атты.
Кара жардан кулатты.
Төртөөнү шейит кечирди.
Баягы төртөө өлгөн соң,
Буудайыктын Музбурчак
Бу да кирип келди эми.
Уруму тийди чекере,
О да кетти Мекеге.
Көт жагынан буркурап,
Кырк чоро келди чуркурап.
Баягыны көргөн соң,
Абакең Бакай буркурап,
Ажыбай келди чуркурап.
Кыргыл чал баштап кыйкырып,
Кыйласы келди айкырып.

Кыраанын Бакай кургуруң
Булкуп алды мурутун.
Чолуп алды сакалын,
Эч койбоду бакалын.
Манастын мойнун кучактап.
Көзүнүн жашы бурчактап.
Баатырларың өлдү деп,
«Башка ажал келди деп,
Ойрондоруң өлдү – деп,
Жаралуу болуп сен калдың,
Жалгыз курган мен калдым.
Кыйноодо жатып сен калдың,
Кылымда куурап мен калдым.
Же карасам көзгө илинбейт.
Арбак урган Шыпшайдар,
Кайда экени билинбейт.
Же карайын десем көз жетбейт,
Каргайын десем сөз жетбейт,
Сынайын десем кол жетбейт,
Алайын десем ал жетбейт.
Аккелтем атсам жеткен жок,
Асманда жүрөт Шыпшайдар,
Айланып көктөн бул кетбейт.
Карайын десем көз жетбейт,
Каргайын десем сөз жетбейт,
Алайын десем ал жетбейт,
Айланып көктөн бул кетбейт.
Сыр бараң атсам жеткен жок,
Чырмалып көктөн кеткен жок.
Аккелте атсам жеткен жок,
Айла кандай болучу,
Айбалта тийип чекеге,
Асылкандын Алмамбет
Аттан учту Мекеге.
Уруму тийди чекеге,
Буудайык кандын Музбурчак,
Бу да кетти Мекеге.
Акбалтанын Чубакты
Бир атканда сулатты.
Кара жардын башынан,
Аты менен кулатты.
Атаңдын көрү, капырды,
Коңурбайды кубантты.
Серек менен Сыргакты
Экөөнү катмар бир атты.
Минтип бизди кууратты.
Тукум чыкбай өлдүк – деп,
Ушундай күндү көрдүк – деп.
Көкүрөгүң соо болсо,
Көзүңдү ачып өөдө бол, төрөм!»
Ошондо Манас көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын.
Айтарга тили байланып,
Эси ооп далдайып,
Бир шилиси кыйылып,
Мойну бир жагына жыйылып,
Башы бир жагына салаңдап,
Эки көзү алаңдап,
Алмамбет өлдү дегени,
Кулагына угулду,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Күңкүр-күңкүр күүлөнүп,
Көкүрөктөн сүйлөнүп.
«Атаңы кокуй абаке,
Алмамбет өлдү дегиче,
Арыстаның өлдү десеңчи!
Көзүңүн жашын тыйсаңчы,
Башым турат салаңдап,
Эки көзүм алаңдап,
Башымды мындай кылсаңчы,
Айла иле кылсаңчы.
Башымды мындай жыйсаңчы,

Шилим кеткен кыйылып,
Мойнум бир жагына жыйылып,
Жакшылыка жоругун,
Жарага кебез коюп орогун.
Колтугума илсеңчи,
Анан Аккулага минсемчи.
Анан Коңурбайга барсамчы,
Алмамбет менен кошулуп,
Өлүп эле калсамчы!»
Айтса айтбаса төгүнбү,
Жакшылыка жорушуп,
Жаңы кур менен орошуп,
Башын мындай түзөтүп.
Колтугуна бек байлап,
Колдой көр Алла деп байлап.
Эс алып турду көкжалың,
Көзүнөн чыкты от жалын.
Аккулага мингизип,
Ак олпогун кийгизип,
Коңурбайды бет алып,
Коштоп чыкты эр Бакай.
Кудайга ыйлап зарланып,
Боздоп чыкты эр Бакай.

## МАНАС КОҢУРБАЙ МЕНЕН АКЫРКЫ САЙЫШТАРЫ

Арстан Манас баатырың,
Коңурбайды көргөндө,
Караганы илбирстей,
Кайсаганы албарстай,
Качырганы жолборстой.
Тиштегенин ыктаган,
Жолборстон таалим алган кул.
Кайсаган жоосун ныктаган,
Билеги күчтүү балбан кул.
Кирпик ирмеп, көз жумбай,
Бирлерден таалим алган кул.
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган.
Атышканда мерген кул,
Тилегин кудай берген кул,
Арстан Манас баатырдын
Кылган иши как ушул.
Аны көрүп Коңурбай,
Ыдыгына чыдабай,
Ызгаарына туралбай,
Кантип турсун уялбай.
Ат соорусун салыптыр,
Алдына качып калыптыр.
Бул жаралуу каман деп,
Кылаар иши жаман деп,
Мындан качкан калат аман деп.
Ал аңгыча баатырың,
Аккуланы моюндап,
Кирип келди куюндап.
Алтын кемер четине.
Ай далынын белине,
Алып келип бек сайды.
Алдым кулду деп сайды.
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Алгара мойнун кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап
Коңурбай барат кылчактап
Ал аңгыча болбоду,
«Капырдын» иши оң болду,
Кытайдан чыккан Шыпшайдар
Кылымдан чыккан бул аяр,
Даяр болду аңгыча,
Ачып көздү жумгуча,

Кыябына келди эми,
Сол жагынан келтирип,
Ак куланы өлтүрүп,
Эки бутун сый атты,
Үстүндөгү төрөңдү,
Оңкосунан сулатты,
Коңурбайды карасаң.
Кара жерди кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
А дагы жатат жыгылып.
Бер жагында берениң,
Берен Манас көк жалың.
Тура калып жүгүрүп,
Этек жеңин түрүнүп,
Коңурбайды карасаң.
А да жүрөт жөө басып,
Эки бетин көө басып.
Караса көзгө илинбейт.
Кара жолтой Шыпшайдар,
Кай кеткени билинбейт.
Ал аңгыча болбоду
Абакеңиз эр Бакай,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштан карысы
Кыйкырышып келишти.
Тыягында кытайдын
Аскери келди буркурап,
Баары келди чуркурап.
Акыр заман күн болду.
Аралашып алганда,
Астын-үстүн болгондо.
Ай караңгы түн болду.
Андай казат болгон жок,
Эми бул кырк чородо арман жок
Кырк чорону карасаң
Кокту толо кырышып,
Кой өлүмү кылышып.
Жылга толо кырышып,
Жылкы өлүмү кылышып.
Эмчекке найза мылгытып,
Эрендер канды култутуп.
Жан аяп бенде калган жок,
Бул ишинде арман жок.
Темингиси тер болуп.
Тердик алды кир болуп.
Айта берсе сыр болуп,
Акыр заман биздерге,
Түгөнгүсүз ыр болуп.
Кытайдын ичи чыр болуп,
Кыяматтай күн болуп.
Ай караңгы түн болуп,
Караса көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт.
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Тоонун башы кар болуп,
Кырк чоролор кор болуп,
Кыяматтай иш болуп,
Баары турат «мыш» болуп.
Жаан менен аралаш
Быягынан бир атып,
Тыягынан бир атып,
Көргөн жанды кубантып.
Көк түтүндү буратып,
Караса көзгө илинбейт.
Же кайда экени билинбейт.
Эми баарын таштап коюңуз,
Таластагы Каныкей,
Кабарынан болуңуз.

## КАНЫКЕЙ КОШАБЫШТЫ ЖИБЕРГЕНИ

Бээжинден барган дүнүйө,
Тобун бузбай дүрүйө,
Баягыны көргөндө:
Эт жүрөгү болкулдап,
Эси чыгып солкулдап,
Эрке каныш Каныкей,
«Мынча несин көп алды?
Мунун убайын кимдер көрөт
деп алды
Кошабышка кеп айтып,
«Коштогун эми» деп айтты.
Чыканак жерге салбагын,
Чырым уйку албагын!
Ат болушка салгайсың.
Он алты күндө баргайсың!
Ушу сөзгө кандайсың?
Ушу кезде мен билдим
Очогор тийип окко учуп
Ооздон кызыл кан кусуп,
О дүйнөдөн кыз кучуп
О дүйнө кеткен өңдөнөт.
Кылычтан тандап курч алып,
Кыргыек тандап куш салып,
Кылчайгыс жайдан тынч алып,
Кыяматтан кыз алып,
Бизди унуткан өңдөнөт.
Бураңдан тандап түздү алып.
Бадана тондон жүздү алып,
Байгамбар салган чоң жолго,
Барган белем ошондо?
Эми Тайбуурулду булкунтуп,
Коштоп жөнө жулкунтуп!
Ушу кезде карасам,
Аккуланы окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Алты, жети чоросун,
Акыретке кетирип
Абакебиз «мыш» болуп,
Акыр заман иш болуп,
Ошол калган өңдөнөт.
Арстан төрөм кашында
Кошо калган өңдөнөт.
Кашында төрөм жаралуу,
Каныкей шордуу каралуу,
Калкына караан болгондой.
Как ушундай түш көрдүм,
Катуу багыт иш көрдүм.
Эми жатпагын жерге
жамбаштап.
Ат аябай жол жүрүп.
Он алты күндөй мол жүрүп,
Барсаң жүзүн көрөсүң,
Бир күндөн калсаң кокустан,
Сен дагы акыретке жөнөйсүң!
Ушул катты root
Эми кош аман бол туйгунум!».
Эки камчы шарп уруш,
Энди мында не туруш?
Тайбуурулду булкунтуп,
Таластан жөнөп жулкунтуп,
Коштоп алып жөнөдү.
Конгоролуу байдын Кошабыш,
Боздоп алып жөнөдү.
Эми минтип айтып нетели?
Чукулунан жетели.
Дабан ашып таш басып,
Түсү качып-түн калып,
Нуру кетип-суу кечип.

Он алты күнү жол жүрүп,
Чыканак жерге салбастан
Чырым уйку албастан,
Эки буту тепеңдеп,
«Эми качан жетем» деп,
Бээжиндин тоосун эңкейип,
Ээрден көчүк деңкейип,
Тоо түбүндө турушуп,
Тогуз күнү урушуп,
Аккуладан айрылып.
Канаты сынып кайрылып,
Кайран Манас жөө басып,
Эки бетин көө басып,
Караса Манас кашында
Алмамбет менен Чубагы
Экөө тең жок ошондо.

## КОШАБЫШ КАНЫКЕЙДИН КАТЫН МАНАСКА АЛЫП КЕЛИП БЕРГЕНИ

Аттан түшө калыптыр,
Каныкейдин кагазын,
Койнунан сууруп бериптир.
Абакеңиз эр Бакай,
Булбулдай сайрап окуду.
Атты минсең асый мин!
Асты көөнүң оорутпайт».
Абакең атын токуду,
Кагазын Манас окуду.
Окуп-окуп караса,
Кагазынан кеп айтат:
Кылычың сууруп жылаңач,
Илип алгын деп айтат,
Кыяматтык Каныштын,
Ушул айткан куу сөзүн,
Билип алгын деп айтат.
Кытайдан чыккан миң аяр,
Ичинде бир аяр
Анын атын сурасаң
Кызыл камчы Шыпшайдар.
Как ошого кез болуп,
Кайран төрөм эс болуп,
Как ошентип калыпсың.
Атка минип алганда,
Аралап жоого барганда
Жан-жагыңан лыпылдап,
Жагалмайдай шыпылдап,
Жан жагыңан келгенде.
Айзаны шондо таштагын.
Албарсты кармай баштагын.
Тетири карай шилтегин!
Теги эле мени билбедиң
Билбесең да айтайын.
Как ошону окуду
Кагазды мындай ыргытып
Көзүнүн жашын мылгытып
Аргып минди Буурулду
Арка жаман куурулду.
Коңурбай кай да экен деп,
Бул турушум бекер деп,
Буурул менен булактап,
Найза колдо кылактап,
Кылыч колдо шалактап.
Коңурбайды бет алып,
Буурул менен жетиптир,
Коңурбайды карасаң,
Алгара менен аргытып,
Артынан чаңын бургутуп,
Коңурбай качып жөнөдү.
Коңурбайдын соңунда,

Найза кармап колун да
Көрөрсүң далай сонунду.
Ит кууган түлкүдөй,
Көргөн киши күлгүдөй,
Куйрук улаш болушуп,
Кубалашып баратыр.
Жаңыдан Манас жеткенде
Найза менен неткенде
Баягы «доңуз» Шыпшайдар
Дагы кирип келиптир.
Чагылгандай жылтылдап
Дагы келди шыпылдап.
Жааны кармап алыптыр
Жакын келип калыптыр,
Найзаны Манас таштады,
Албарсты кармай баштады.
Каныкейдей байкуштун,
Айтканы шондо билинди.
Ак албарстын мизине
Аярдын башы илинди.
Каныкейдей байкуштун
Касиети билинди.
Башы жерге дап этип
Күн ачылды жарк этип.
Аяр келип жыгылды.
Кырк чоросу жыйылды.
Ошо бойдон көк жалың,
Көзүнөн чыгып от жалын
Жана кууп жетиптир,
Этектен алып көк жалың
Кыйын заман болуптур.
Азуулары аркайып
Ат өлүмү андан көп.
Муруттары чычайып.
Эр өлүмү сандан көп.
Өнөрпозу өлгөн соң,
Өкүрүп атат кытайлар,
Алмамбет, Чубак өлгөн соң,
Армандуу болду кырк чоро.
Ажырашкан жери ошо.

## КЫРК ЧОРО ШЫПШАЙДАРДЫН СӨӨГҮН КАРАП ТУРУП ТАҢ КАЛГАНЫ. ШЕЙИТ КЕТКЕНДЕРДИ КӨӨМП КАЙТКАНДАРЫ

Шыпшайдарды караса,
Аюудай болгон тиши бар.
Ар бир түрдүү иши бар.
Жыландай болгон куйругу,
Бул кудайдын салган буйругу
Куштай учар канаты,
Мунун кыла жүргөн адаты.
Киши өңдөнгөн башы бар.
Эми ажырашып айрылды,
Күндүн бети ачылды,
Уруш бүгүн басылды.
Тоонун башы көк даңкыл.
Туман туруп калыптыр.
Кытайлардын баарысы
Шаарын көздөп кайрылып
Кытай эми чыккан жок.
Коңурбай барып шаарына
Бутун таңып тим жатты.
Шыпшайдардан айрылып,
Коңурбай эли кайгырып,
Кырк чорону карасаң,
Шыпшайдардын үстүнө.
Отундарды чоң жыйып,
Отту коюп өрттөдү.

Атты минип алышып:
Алмамбет, Чубак, Сыргактын
Өлүгүнө барышып,
Ар эрменди өңүрдө,
Алмамбет жатат сеңирде.
Алмамбетти көргөндө,
Кыйкырып ыйлап кеңирге.
Абакең Бакай, Кыргыл чал,
Сакалын жулуп талкалап,
Кол чатырды калкалап.
Үстүнө келди кастарлап.
Күн жагына калкалап,
Аны көрүп буркурап,
Кырк чоро келди чуркурап.
Серек, Сыргак, эр Чубак,
Үчөө жатат жанаша
Кырк чоролор караса.
Аны көрүп чуркурап,
Баары келди буркурап.
Бурулуп чыкты сеңирге.
Уруму тийген чекеге,
Буудайык кандын Музбурчак.
Бу дагы кеткен Мекеге.
Жаткан экен жеке эле
Белин бекем буушуп,
Беттин канын жуушуп,
Чогулушуп келишип,
Эки күнү жатышып,
Ары-бери чабышып»
Жана кытайдын айлына кайра барышып,
Ак матадан алышып,
Үрүмчүнүн сеңирге,
Бек жалынып буркурап.
Жерди казып оюшуп.
Терең казып коюшуп.
Серек менен Сыргакты,
Кош бейит кылып көмүштү.
Музбурчак менен Чубакты,
Экөөнү көмдү жанаша.
Аттарын атап союшуп,
Төртөөн жанаша кылып коюшуп
Сөөк өчтү капырга
Алмамбеттей баатырга
Сөөгүн жаман кылат деп,
Итке сүйрөп салат деп,
Сарала атка артышты,
Сапардан минтип кайтышты.
Ошол жерден жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Ошо кезде кыш болуп,
Тоонун башы муз болуп,
Кыяматтай иш болуп.
Курган Бакай мыш болуп,
Мындай күнгө туш болуп,
Ашуунун баары бүтүптүр,
Кең Кашкарды бет алып,
Тегеренип кетиптир.
Бир күндөрү болгондо,
Кең Кашкарга кире албай.
Тоо этектеп жүрүптүр.
Торугарт көздөй бет алып,
Беш-Керемдин тушуна
Абакең Бакай конуптур.
Жамгырчыга бир адам,
Абакеңиз жиберди,
Аккула белин сындырып
Ачып келе жатамын.
Арстандардан айрылып
Качып келе жатамын.
Аккуланы окко учуруп,
Алмамбетти шейит кечирип,

Куруп келе жатамын.
Кээ бирөөдөн жаман сөз
Угуп келе жатамын.
Артыңарда калам деп
Асты жолум болбоду.
Алдап туруп Коңурбай
Ошол «доңуз» оңдоду.
Көт жагыңа калам деп.
Теги эле жолум болбоду.
Кайра баштан чогулуп
Коңурбай калмак оңдоду
Кыраандардан айрылып
Кыйноодо кетип барамын.
Кыяматтай иш көрүп,
Ойлоодо кетип барамын.
Ортосу Талас, башы Чүй,
Олуя-Ата,чоң Ташкен
Кантип жүзүн көрөмүн?
Кара жолтой дедирип,
Кантип элге барамын.
Манас менен башында
Карын бөлө киши элең.
Кадыр алла кудайдын
Кылган иши ушу экен!
Таласка кантип барамын?
Бизге жардам кылыңыз.
Кошулуп бирге барыңыз.
Алмамбеттин сөөгүн
Жүктөп келе жатабыз.
Азирети Аалыга,
Жолдоп келе жатабыз.
Атка минип келиңиз.
Айла таап бериңиз.
Барган киши айтышып
Амандашып кайтышып.
Жүрө берген жери ошол.
Жамгырчы туруп элге айтып
«Конуш билген жакшылар,
Кол бийлеген кашкалар,
Туу көтөргөн Алтаңым,
Кол бийлеген султаным,
Бу Бакайды минтели.
Бар бокчосун тинтели.
Кырк чоронун башына
Кыяматты салалы.
Кысталакты бул жолдо
Кор кылып кармап алалы.
Балаага башын салалы.
Мунун туусун жыгалы
Үдөсүнө чыгалы.
Бакай өңдүү карысын
Кырк чоронун баарысын,
Балаага башын салалы.
Манасты алган экен деп
Арбак бизге конбойбу?
Анжыяш-Кашкар бириксе,
Жамгырчы бийлеп оңбойбу?
Жалпы дөөнүн баарына
Жамгырчы доору болбойбу?
Ушу сөзгө кандайсың?»
Чогулушкан жакшысы,
Эл бийлеген кашкасы,
Жамгырчыдан башкасы
«Кудай алсын өзүңдү»
«Ит уксун сенин сөзүңдү!
Ачып кара көзүңдү!
Манас өлсө, Бакай бар,
Башыңа кыйын иш салар.
Кандай адам бет болот?
Беэттешемин деген жан
Ушуну айтып токтолот.
Бакай муну угуп

Бакай мындан көчүп жөнөдү.
Кашкар Жака карабай
Качып алып жөнөдү.
Катуу Багыт ашышып,
Анжыян жолун басышып,
Өзгөндү көздөй бет алып,
Өлкө тоону түптөшүп,
Алмамбеттин өлүгүн
Атка артып жүктөшүп,
Арстанбапка барышып,
Ал күнү конуп калышып,
Кожо-молдо чогултуп,
Ары-бери жуудуруп,
Аяк-башын буудуруп,
Казган көргө коюшуп,
Бир кара мал союшуп,
Чогулуп келген бечара
Кара этине тоюшуп.
Алмаңды анда таштады.
Дагы жолго баштады.
Амангендин чоң дайра
Үч-Коргондун көпүрө
Көпүрө салган кожого
Сараланы ошого
Ээри менен беришип.
Кол беришип көрүшүп.
Коштошуп алып жөнөдү.
Таласты көздөй бет алып
Боздошуп алып жөнөдү.
Боз адырды бойлошуп,
Кандай заман болот деп
Түрдүү акыл ойлошуп,
Чаначтын белин ашышып,
Таласты көздөй басышып.
Сары жондун белине
Салынган сары кериге
Санаалары бузулуп,
Таноолору кысылып,
Аттан түшүп олтуруп,
Айкөлү Манас неттиң деп,
Мына Таласка эми жеттиң деп,
Чынылап сууну жуткуруп,
Мойнун кайра ийишип,
Баягыдай иришип,
Колтугуна келтирип,
Оңдоп таңып алышып,
Эт бышымга элдейип,
Эси ооп делдейип,
Эч-эчнеме дей албай,
Бир далайга селдейип,
Эки көзү жалдырап,
Кеп айта албай балдырап.
Барган сайын оңолду,
Баягыдай соо болду.
Бети-колун жуунду,
Белин бекем буунду.
Тазбайматка буюрду
Чай кайнаткын, – деп айтты.
Бозуулга кеп айтты
Турба жеңе, – деп айтты.
Аттанып жөнөп баргын деп
Аксакал Жакып карыга айт,
Аргын, кыргыз баарына айт,
Абыке менен Көбөшкө айт,
Бул ишимде арман жок,
Жашыраар иш калган жок.
Капкасы алтын коргонго,
Каныкейдин ордого,
Алмамбеттин ак ордо,
Эр Чубактын боз ордо,
Экөөнү кошо кондурсун,
Чогулушуп эл турсун».

Боз уулду минтип жөнөттү,
Куруп калган Боз уул
Жолго түштү жорголоп,
Көзүнүн жашы шорголоп,
Таластын суусун бойлоду.
Далай акыл ойлоду.
«Жолум болгон кезинде
Күлүп тишим кашкайып,
Күзгүдөй бетим тастайып.
Баруучу элем коргонго
Каныкейдин ордого.
Эми түсүм кетип бузулуп,
Таноолорум кысылып
Кызыл өңүм боз болуп,
Узун боюм бас болуп,
Эки бетим бозоруп,
Эрди-мурдум томсоруп,
Эми кантип барамын!».
Эси ооп далп этип,
Жерге түштү жалп этип.
Жатып калды тырайып
Буту-колу сырайып.

## МАНАСТЫН КЕҢ-КОЛГО КЕЛГЕНИ

Аны таштап коюңуз.
Ар жагында Каныкей
Кабарынан болуңуз.
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып солк этип,
Балык эти балк этип,
Куйрук эти былк этип,
Албарсты баскан немедей
Аягынан дүрүлдөп
Ыргып турду жүгүрүп.
Эшикке чыгып караса
Эч-эстеңке билинбейт,
Кынай бууган бек белин
Каныкейдин кырк келин:
Этек жеңин түрүнүп
Эрке каныш кашына
Энтелешип жүгүрүп.
Кол куушуруп кашында
Карап турду ошондо.
Каныкейди караса
Түсү кетип бузулуп,
Түрү кетип кубулуп,
Таноолору кысылып,
Бели турат мекчейип
Көзү турат чекчейип,
Эки жагын каранып,
Эрди мурдун жаланып:
Бердикени чакыр, – деп,
Меңдибайды кыйкыр, – деп
Айтып кабар салгыла
Абышканы алгыла!
Бирөө кетти жүгүрүп,
Эбелектей көрүнүп,
Эки абышка бышылдап,
Энтелешип күшүлдөп,
Какырыгы карт этип,
Отура калды шалк этип.
Айланайын кулунум,
Эмине көрдүң туйгунум?
Кошабыш колдон кеткени,
Буурулду коштоп жеткени,
Ошондон бери ойлонсом
Теги эле түшүм оңолбойт.
Бул жолдо төрөм соо болбойт.
Түндө жатып түш көрдүм,
Кийген тонум кысылды

Менин түшүм бузулду.
Бузулгандын белгиси
Булбул сайрап үн катты,
Бугу боздоп түн катты.
Торгой сайрап үн катты,
Тоту куштар түн катты.
Булбул шакка кончубу,
Ушундай мүшкүл болчубу?
Алыска кеткен төрөмдү,
Аман жүзүн көрөмбү?
Жортуулга кеткен төрөмдүн.
Дегеле жолу болбоптур,
Жолу каткан Коңурбай,
Алдап жүрүп оңдоптур!
Аттанып кеткен төрөмдүн,
Асты эле жолу болбоптур,
Алдан жүрүп Коңурбай,
Ошол доңуз оңдоптур!
Оңдобосо не болду,
Ошондон бери жоголду?
Атка минип алгыла.
Ногой кандын тукумун
Баарына кабар салгыла!
Эмесе макул куп дешип,
Эки абышка эптешип,
Аты-атына жүгүрдү.
Каныкейди карасаң,
Кемер курду курчанды,
Белди бекем курчанды.
Эки бетин сур чалды.
Кермеде ат барбы деп,
Келиндерге буюрду.
Каныкейдин аргымак,
Алып келип токуду.
Бердикенин катыны
Ал дагы кошо бастырды.
Меңдибайдын зайыбы,
Бу да кошо бастырды.
Таластын жайык кечүүгө
Үчөө жөнөп калышты.
Эки жашта Семетей,
Энеси Каныш өңөрүп,
Билин турат Каныкей
Ошондо да көгөрүп,
Сууну кечип өткөндө,
Өйүзүнө жеткенде,
Ооздугу шылдырап,
Оттоп турат бир жылкы.
Тизгини бутка илинип,
Арыктыгы билинип,
Ээси кайда экен деп,
Муну көрбөй кетсек бекер деп.
Кара суунун камышка,
Капталга барып жыгылып
Камышка башы тыгылып
Караса курган Бозуул.
Алмамбетке алыс уул.
Аны көрүп Каныкей
«Ойрон болгур тур өйдө!»
Каныкей үнү как этип.
Как ошентип шак этип
Кулагына угулду.
Турамын деп жыгылды.
Булкуп алды мурутун,
Жулкуп алып сакалын,
Түк койбоду бакалын.
Ыргып турду Бозуул.
Боздоп турду кеп айтып,
Болбой калдык деп айтып.
Тетиги ары жондун кериде,
Сандыргалуу төрөбүз,
Барсаң жүзүн көрөсүз,

Эми турбай жөнөңүз!
Иштин болгон бузугун,
Угарсың көрсөң кызыгын.
Кана-кана деп айтып,
Карап турду бир далай,
Ал аңгыча эр Бакай,
Аттангыла! – деп айтып,
Кырк чорого кеп айтып,
Азыр жөнөп калышты.
Аны көрүп Каныкей
А да жөнөп калышты.
Эки жашта баласын
Эрке Каныш өңөрүп,
Эрдик менен көгөрүп.
Аны таштап коюңуз.
Кабарынан болуңуз,
Куруп калган Бозуул,
Атка минип алыптыр,
Айлын көздөй барыптыр.
Аксакалым карыя
Айтам кепти жарыя.
Алмамбеттин ак ордо,
Алып келип кондургун!
Эсенкандын Бурулча
Эркелетип келатат.
Каныкейден канча өйдө
Аруукеден анча өйдө.
Кенжекеден келбеттүү
Керимсиген киши экен.
Аруукеге баргын деп,
Айтып кабар салгын деп.
Ак ордосун келтирсин!
Ногой менен Шыгайдын
Барысына барып айт!
Алты жүздөй азамат
Ал алууга келгиле.
Даяр болуп турсун де!
Алтымыштай мыктуулар
Алтын тозо баргын де!
Айылдын баарын чаңдатып,
Кээ бирөөнү таңдантып,
Айтып коюп Боз уул
Кайра жөнөп калды эми.
Алтымыш киши артынан
Конуш билген жакшыдан
Кол бийлеген кашкадан,
Кошо жөнөп калды эми.
Арасында Абыке
Ошо жөнөп калды эми.
Эт жүрөгү болкулдап
Эси чыгып солкулдап
Иш бузулган экен деп
Бул турушум бекер деп.
Ногой, кыргыз аралаш,
Жуда жөнөп калды эми.
Ал аңгыча арытан
Бакай келип калыптыр.
Аралашып барысы.
Башка кыйын иш болду,
Кырк чоронун барысы,
Кыргыл чал баштап карысы
Кадама саптуу айбалта
Как бөйрөкө таянып,
Кайдан турсун аянып!
Толгомо саптуу айбалта,
Сол бөйрөкө таянып,
Өкүрүп ыйлап буркурап
Баары келет чуркурап.
Аны көрүп Каныкей,
Өңөргөнү Семетей,
Күлгөндө тиши кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып.

Кемерди бекем курчанып,
Кызыл өңүн сур чалып,
Кой, ойнуң менен куруп кал!
Ач бөрүдөй улуп кал!
Ой жагында орус бар,
Кыр жагында кытай бар,
Капталында каңгай бар,
Касташканың далай бар.
Кашында абам кары бар.
Тетиги кара тоодой көрүнгөн
Канкор төрөм дагы бар.
Каңгырабай ары бар!
Бул не деген оюн кеп?
Бул ишиңди коюң деп.
Ошентип Манас баатырга,
Семетейди алкынтып.
Бала куштай талпынтып,
Манасты көздөй сунуптур.
Караса Манас баатырды
Оң колтуктан алыптыр.
Бакай жөлөп калыптыр.
Эки бутту карасаң,
Үзөңгүгө чиренип,
Колтугуна карасаң
Эр Бакайга тирелип,
Семетейди өбөм, – деп
Оозун мындай имерип,
Өбө албады ийилип.
Каныкейди карасаң
Көзүнүн жашын имерип,
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Ошондо Каныш түңүлүп.
Акыр заман күн болду,
Ай карангы түн болду.
Ал аңгыча кырк чоро,
Кыйкырып ыйлап жөнөлдү.
Айылдан келген ногойлор,
Аралашып чуркурап,
Баары жүрдү буркурап.
Айылга келди чаңдатып,
Алты жүздөй азамат.
Ал алабыз дегендер
Эмине экенин биле албай
Баарысы калды чуркурап.

## МАНАСТЫН ҮЙҮНӨ КЕЛИП ТҮШКӨНҮ

Ногойдун эли мол келди,
Кыргыздан калың кол келди.
Баарысы ыйлап буркурап,
Жер дүңгүрөп чуркурап,
Аралашып алганда
Акыр заман болгондой
Эт бышымга жеткенде
Көп кечигип кеткенде.
Чуу басылып дүңгүрөп,
Жердин боору күңгүрөп.
Ошондо Манас баатырың
Үзөңгүсүн чиренип,
Омуроосу Бакайдын
Оң ийнине тирелип
Арууке менен Ак бала
Алып мында келгиле!»
Маңдайына келгенде
Баарынын жүзүн көргөндө
Ошондо Манас кеп айтат,
О келиндер деп айтат.
Өпкөнү канга чайдырдым,
Өчтөшүп жүргөн капырга

Өкүнүчтө болуп сайдырдым.
Кылычтын мизин тайдырдым
Кырк чоро баштап сайдырдым.
Коёнбоз колун сындырдым
Коңурбай көөнүн тындырдым.
Бектердин белин сындырдым
Бээжиндин көөнүн тындырдым.
Аккула окко учурдум,
Алмамбет шейит кечирдим!
Арстандардын баарысын,
Акырет сапар кетирдим!
Серек менен Сыргактан,
Акбалтанын Чубактан,
Алардан дагы айрылдым.
Жылдыздай жанган тобурчак,
Буудайык кандын Музбурчак,
Мындан дагы айрылдым.
Кытайды кырдым аралап,
Бир шилимди жаралап.
Чымындай жаным кыйноодо
Баарыңар турдуң ыйлоодо.
Эми ыйлагандан байда жок
Бул жарага айла жок.
Кыямат жайды бет алып
Кете турган көрүндүм,
Бу дүнүйө жалгандан.
Өлө турган көрүндүм.
Калкыма каран күн болуп
Башыма кыйын түн болуп.
Ушуну айтып тим болуп.
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып.
Эр Бакайга сүйөнүп,
Как ошенткен кезинде
Каныкей жетти жүгүрүп.
Этек-жеңин түрүнүп,
Көздөн жашы буурчактап,
Көкүрөктөн кучактап,
Атынан сүйөп түшүрүп,
Алты, жети чоросу
Аттан түшө жүгүрүп,
Капкасы алтын коргонго
Каныкейдин ордого
Алып келди ошого.
Алтындаган тактага
Алты кабат пактага.
Ак шейшебин салдырып,
Алты, жети мамыкты
Аркасына келтирип.
Эс алдырып тургузуп
Эшик, үйдүн баарысы
Чуулдашып кан кусуп.
Абакең Бакай күүлөнүп
Ачууланып сүйлөнүп,
Элдин баарын сүрдүрүп
Туурдугун түрдүрүп:
«Андан көрө койгула!
Алмамбет менен Чубактын
Кызматында болгула!
Коногун жакшы кылгыла!
Бээден семиз сойгула
Беш күнү кызмат кылгыла!
Койдон семиз сойгула
Конок кылып койгула!
Ушак-айың кылбасын
Ушу келген адамдын
Карды тойбой калбасын.
Калкыма жаман болбосун!
Кандарымдан айрылып
Кан жутуп келген кезимде
Бектеримден айрылып
Бейпай болгон кезимде,

Элге ушак болбосун.
Карды тойбой калбасын.
Алты күнү мал союп,
Аянбай кызмат кылгыла.
Желекти үйлөрүнө сайдырып,
Желбиретип койгула!
Жетим менен жесирди
Жергелете келтирип,
Алтын,күмүш бул берип,
Элберетип койгула!
Кожо менен молдого
Үч күнү куран окутуп,
Үпчүңдөп атын токутуп
Үйүн көздөй жөнөтүп,
Аларды минтип күткүлө,
Акыры быйыл түткүлө!
Ошону айтып эр Бакай
Капканын оозун бекитип,
Кайра кирди ордого.
Кырк чоро менен кыпылдап,
Каныкей кургур шыпылдап,
Кызматында турду эми.
Ар шаарга чаптырып,
Жакшы дары таптырып.
Дарыдан даба болбоду,
Барган сайын оңбоду.
Өзү Манас ойлонуп
Өлөөрүн өзү болжоду.
Жарасын бүгүн ойлоду.
Жарасы барат күлтүйүп
Чоң айгырдын жалындай.
Кежигеси күлтүйүп.
Көкүрөгү демигип
Көзү кетти бузулуп
Көөдөндөрү кысылып.
Алтын таажы жазданып,
Акыретке баштанып,
Айкөл Манас кеп айтып,
«Ногой кандын тукумун
Жашы менен карысын
Жаман, жакшы баарысын
Чакыргын аба, – деп айтып,
«Он беш күн таамай толуптур, аба!
О дүйнө сапар болуптур, аба!
Жарым ай мүлдө болуптур
Жарабыз жаман болуптур, аба!
Жай жерим жакын
калыптыр, аба!»
Ошону айтып далдайып,
Эси ооду шалдайып.
Каныкейди карасаң
Көзүнүн жашы тизилип,
Көөнү кетти бузулуп.
Кабылан Манас баатырдын
Таноолору кысылып,
Анын куюу бузулуп.
Буту кетти чиренип.
Ай далысын карасаң
Ак жаздыкка тирелип
Каныкейди карасаң
Оозуна сууну тамызып,
Көзүнүн жашын агызып,
Тиктеп турат кашында.
Кабылан төрө жанында
Карап турат ошондо.
Суу тамызып эс алып,
Султан Манас көз салып,
Баш көтөрүп турду эми
Бутун кайра жыйды эми.
Ногой кандын тукуму
Жалпы кирип келди эми.
Атасы Жакып карысы

Абыке, Көбөш баарысы
Ак ордого жыкылдап
Жалпы келди быкылдап.
Кырааның Манас көз салып
Кыдырата карады,
Кырка баарын санады.
Абыкени көргөн соң
Бери баскын» деп айтып
Колун сунуп коз салды,
Абыкеге соз салып,
Колун кармап кеп айтып,
«Ой Абыке!» деп айтып
«Абыке менин инимсиң
Көрө турган күнүмсүң
Атамды ары тургун де!
Белиңди бекем буугун де!
Бул дүнүйө жалгандан
Кимдер өлбөй – ким калган?
«Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок».
Ногой кыргыз журтуңду,
Аргын, казак айлыңды
Жоготпогун дайныңды!
Курган Бакай абамды
Как өзүңдөй агаңды
Бузбагын акыр санааңды.
Башалык такка мингизип
Кадимкидей билгизип,
Кырк чоронун баарысын
Кыргыл чал баштан карысын
Дагы өзүңө тапшырдым.
Өрүштөн кыркпа желемди!
Өксөтпө курган энемди.
Бузбагын экөөң санааңды
Зардантпа жалгыз баламды.
Алтынды жездей капшырдым,
Аташкан жарым Каныкей
Абыке саа тапшырдым.

## МАНАСТЫН ӨЛГӨНҮ

Ошону айтып баатырың,
Оозунан түтүн бур этип,
Элдин баары чур этип,
Буту-колу чиренип,
Жаздыкка башы тирелип,
Кылагар гана козү кылайып,
Кыямат жолго ылайык
Кыл муруту чычайып,
Бир кайрылбай кылчайып,
Кыямат гана кеткен
жери ошол.
Ошентип баатыр дүйнөдөн,
О дүйнө көздөй жөнөдү.
Аттанып кетти сапарга
Акырет сапар жол тартып.
Калганы куурап катарга
Кара кыргыз буркурап.
Калганы калды чуркурап.
Абакеңиз Бакайдын
Ар сүйөгү зыркырап.
Каныкейди карасаң
Кызыл өңү томсоруп,
Курган Каныш бозоруп.
Колун карман үшкүрүп,
Алдага өзүн тапшырып.
Эки көзү гана алайып,
Эси ооп далдайып.
Чык этип үнүн чыгарбай.
«Артык сакта «кудай ай».
Ыргып турду лыпылдап,

Кызматын кылды шыпылдап.
Анда-санда Каныкей,
Көрпө ичигин силкинтип,
Көзүнүн жашын иргилтип.
Каныкейдин кырк келин,
Кынай бууган бек белин,
Кырка баары чуркурап,
Ыйлап турат зыркырап.
Кырк чорону карасаң
Кырка баары буркурап,
Баарысы ыйлап чуркурап,
Кадама саптуу айбалта
Как бөйрөкө таянып,
Кайдан турсун аянып.
Койчу койдо буркурап,
Кошок айтып чуркурап.
Жылкычылар сыр кылып,
Түгөнгүсүз ыр кылып.
Катын-бала зар ыйлап,
Кары-жаштын баары ыйлап.
Теректин башы теңселип,
Камыштын башы калкылдап,
Дайранын баары чалкылдап.
Баары минтип турган соң,
Кыямат башка жакындап.
Кыямат боло таштады.
Ушундай ыйлоо башталды.
Күлгөн адам жок болду.
Жер титиреп токтолду,
Манас өлдү деген соң:
Душмандын баары козголду.
Аргын менен кыргызга,
Акыр заман тез келди.
Ушундай заман кез келди.
Каракалпак, түркмөнгө
Казак, кыргыз бүткөнгө
Катуу багыт күн түштү.
Аргын менен ногойго,
Абдан кыйын жүк түштү.
Абакеңиз эр Бакай,
Алтын тактын үстүнөн,
Аягы менен тик түштү.
Турбай Бакай лыпылдап,
Ары-бери шыпылдап.
Булбул куштай үн катып,
Бугудай боздоп түн катып,
Ажыбайга кеп айтып,
«Бери басчы» деп айтып.
«Акылга даана сен элең,
Алмамбеттей эр элең.
Каныкейдей жеңеңе
Барып кеңеш салгын деп,
Кандай айла кылдык деп,
Каныкейге кеп айткын,
Ыйлабагын деп айткын.
Уялбаса Каныкей
Чыгып келгин деп айткын.
Ажыбай барып кеп айтып.
Бери кел жеңе деп айтып,
Абаң шордуу кеп айтат.
Мында келсин»деп айтат.
Төмөн этек аялдын
Төрөсү эле Каныкей.
Ушинтип алып ээрчитип.
Эр Бакайга бет алып,
Экөө басып келишти.
Басып келип Бакайдын
Маңдайына шылкыйып,
Мойнун салып кылкыйып,
Үчөө келип окшошуп
Жерди карап тиктешип,
Ошондо Бакай кеп айтып.

«Ойрон болдук деп айтып
Өйдө тургун кулунум
Ойлоп кара тукумун,
Ак элечек зайыптын
Артыгы элең кулунум
Башка жоолук салгандын
Пашаасы элең карегим.
Төмөн этек зайыптын,
Төрөсү элең чолпонум.
Түн ичинде көрүнгөн
Чолпону элең жылдыздын.
Чогулуша келгенде
Чолпону элең кыргыздын.
Эми акыр заман күн болду,
Акылын тапкан ким болду
Муну кандай кылып көмөбүз
Кабыландан айрылып,
Кандай болуп жүрөбүз?
Акыл тапкын кулунум
Айлам кетип турумун».
Ошону айтып эр Бакай,
Мойнун салып салаңдап,
Эки козу алаңдап.
Ошондо Каныш кеп айтат,
«Ой абаке деп айтат,
Акылга даана сен элең
Өлүп калган баатырдан
Өткөрө артык эр элең.
Караңгыда жол тапкан
Карсак сындуу кул элең.
Капылетте сөз тапкан,
Жана чечен уул элең.
Үзүлгөндү улаган
Жыгылганды жөлөгөн
Ажыраганды эптеген
Айтышканды септеген
Абаке сизге эп болсо,
Мен сураган кеп болсо?
Ушу жаткан төрөмдүн
Касиетин көргөмүн.
Кайып кызыл даарыган
Душманын оттой каарыган,
Туйгуну эле кыргыздын.
Тунугу эле жылдыздын.
Кээ бир күнү баатырдын
Үйдүн ичин жарыткан,
Жарыгын көрүп калчу элем.
Ажыдаардай айбатын
Кайратын көрүп калчу элем.
Ак жолборстой көрүнгөн
Табышын угуп калчу элем.
Ошо көргөн иштерди
Курай албай калыпмын.
Ушу жашка келгенче
Сурай албай калыпмын.
Эми акырет кеткен төрөмү.
Кара зоонун боорунда
«Бир кара үңкүр бар» деген
Оозунан киши баткысыз
Үңкүрдүн ичи тар деген,
Как ошону көрөлү;
Кайыптан башка кирчү эмес,
Анын кадырын киши
билчү эмес.
Бул чоронун ичинен
Үчтү тандап алалы,
Түн боюнча баралы.
Эртең менен болгондо
Үстүнөн аркан салалы.
Таң атканда көрөлү.
Келерки түн болгон соң
Ошо жерге көмөлү.

Анан ак эрмендин өңүргө,
Айланпалуу сеңирге,
Бек жалынып теңирге
Мүрзөнү шондо казалы
Акылын минтип табалы.
Кетменди ошо чабалы.
Кызматты минтип кылалы.
Айылды минтип азгырып,
Адамды минтип жазгырып.
Как ушинтип көрөлү.
Семиз малды соёлу,
Кызмат кылып коёлу.
Ушу сөзүм кандай»деп
Абасына айтты кеп.
Абасы:»Ушу сөзүң куп»деди,
«Сөзүңдүн баары эп»деди.
«Көп кечикпей тез бар» деп
«Ушак болчу кеп бар»деп
Каныкейди жөнөттү.
Ажыбайга кеп айтып,
«Алып келгин чородон,
Эңкей, Бөкөй экөөнү,
Алым деген бөкөнү,
Үчөөн алып келе көр!
Сени менен төрт болсун
Душмандын ичи өрт болсун».
Ал аңгыча эптешип,
Ушу жакшы кеп дешип,
«Каныкей сөзү эп» дешип
Бакай басып кетти эми.
Ажыбай келип айтканы:
Баягы чоролорго жетти эми.
Чогулуп алып ал төртөө
Атка минип кетти эми.
Төртөө бирдей жарышып,
Түн ортосу кезинде
Чыгып келип көрүшүп,
Аркан-жибин алышып,
Ажыбайын салышып,
Үңкүрдүн ичин караса:
Ичинин баары карк алтын,
Ажыбай көрүп далдайып.
Карап турду шалдайып.
Талыманын так түштөй,
Үңкүрдүн ичин карасаң,
Күн тийгендей, чак түштөй.
Көрүп алып Ажыбай.
Ажайыпты көргөндө
«Тарткыла» деп кеп айтты
Эми мен таамай көрдүм
деп айтты.
Ажыбай чыкты үңкүрдөн.
Зоо бетинде чүңкүрдөн,
Тышка чыгып сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып,
Төртөө мында жыйылып.
Эр Ажыбай кеп айтып.
«Кудай берди» деп айтып.
«Турбайлы эми»деп айтып.
Атка минип алышып
Эртең менен болгон соң
Ар кайсы жерден жарышып
Баары келип калышты.
Бакайга кеп айтып,
«Кудай берди» деп айтып.
«Үңкүрдүн ичи ушундай
Жамбы, күмүш муштумдай.
Жарыгы тийген таш көрдүм,
Ушундай сонун иш көрдүм.
Как ошого коёлу»
Абасы «Эми оозуңду бас», – деди.
Өзүң айткан сеңирге,

Барып көрдү каз, – деди.
Ал күнү антип кеңешип,
Көрүн казган болушуп,
Семизден тандап союшуп,
Кызмат кылып болушуп,
Үч күнү конок кылышып,
Үч күнү таамай болгондо
Кожо менен молдонун
Баарын жыйып алышып,
Кожо молдо кеп айтып:
Шейит өлдү деп айтып,
Муну кийим менен көмөлү,
Касиетин көрөлү.
Ушундай кеңеш кылышты.
Үч түн удаа болгон соң,
Бир түнүндөй Каныкей
Кендирдей белин буунуп,
«Үңкүрдү көргөн төртөөңө
Бозуулду кошуп алалы,
Баарыбыз жети бололу, – деп,
Желмаянды келтирип,
Үстүн жакшы комдоду.
Манастын сөөгүн оңдоду
Үңкүрдү көздөй бет алып:
Бакай баштап алыптыр,
Каныкей да жөнөп калыптыр.
«Мен да кошо барайын
Үңкүрүн да карайын.
Касиеттүү үңкүрдүн,
Ажайыбын көрөйүн.
Ошонетип жөнөлүп
Жетөө кетти өмөлүп
Желмаянды чөгөрүп.
Таңга жакын болгондо.
Кара үңкүрдүн тушуна,
Жетип түштү ушунда.
Манастын сөөгүн көтөрүп
Басып чыкты башына,
Баягы тектир ташына.
Алты арканды улашып,
Каныкейди түшүрүп,
Карап турду чуулдашып.
Үңкүргө кирип караса,
Ар кайсы жерде муштумдай.
Алтын,күмүш ушундай.
«Панар күйгөн немедей,
Балам жалгыз Семетей,
Муну кошуп алсамбы?
Манас менен кошулуп
Ушул үңкүргө жатып алсамбы?
Элге барбай койсомбу?
Анан Семетейди ойлонуп,
Чыдай албай толгонуп.
Кайра чыкты тарткын деп.
Каныкейди чыгарып,
Ажыбайды түшүрүп.
«Арстаныңды тозгун» деп,
Манасты салып жиберип,
Ажыбай тозуп кармады.
Алиги үңкүр ичине
Кыбыланы баштантып,
Өң мүрүүсүн жаздантып.
Алтын менен күмүштөн
Чекесине жаздантып
Сакалдарын таратты.
Кыбыланы каратты.
«Кош аман бол арстаным.
Алтын,күмүш жаздадым,
Эми жаткан жериң жай болсун,
Ошентип Ажың «тарт» деди
«Кош аман бол жат» деди.
Кайыпка Бакай тапшырып,

Колдо алла, колдо деп
Абакең Бакай жөнөлдү.
Ат, атына минишип,
Таңга жакын келишип.
Эртең менен элге айтып,
Эсеби жок колго айтып,
«Каракалпак, түркмөндү.
Казак, кыргыз бүткөндү,
Аргын, ногой, алачка,
Баарысы келсин Таласка.
Жалпы салсын топурак»
Баары келди чуркурап.
Кечинде кетти тарашып,
Бет бетине карашып.
Ал күнү конуп алышып,
Кеңеш кылып калышып.
Эртесине калганы
Дагы кетти тарашып.
Ошондо каныш Каныкей,
Жанын жаман кыйнады.
Жашырынып ыйлады.
Сарамжалын жыйнады,
Арбагын артык сыйлады.
Эл чогулуп келишип.
Казган жерин көмүшүп.
Дооранына токутуп,
Токсон түрдүү ат берип
Эшендерге кат берип.
Кожолорго жол берип
Кудайыны» мол берип,
Бечарага тон берип,
Казына оозун ачтырып
Карып менен мискинге
Дүнүйөсүн чачтырып.
Устанын баарын алдырып,
Урум менен Кырымга,
Айтып кабар салдырып.
Баарын жыйып алышып,
«Ак сеңирди оёбуз,
Асыл Манас баатырга
«Ак күмбөз» деп коёбуз.
Мал семизин соёлу.
Анжыяндын күлбото,
Как ошондон алалы
Арабалап келели.
Кире кечке салалы.
Күлботодон алалы».
Как ушундай кеңешип,
Атка минди Каныкей
Өөдө төмөн желдирип,
Сарамжалын келтирип,
Төөнүн баарын комдотуп,
Жылдызына оңдотуп.
Меңдибайын баш кылып,
Беш жүз адам кошчу алып
Бир миң төөнү жөнөттү.

## КАНЫКЕЙДИН МАНАСКА КҮМБӨЗ САЛДЫРГАНЫ

Күндүз Каныш тынган жок,
Түндө чырым алган жок.
Төмөн этек зайыпта
Бул өңдөнгөн бенде жок.
Мындай шордуу элде жок.
Ушунетип турганча
«Ак күмбөздү» салганча,
Эл бузулду аңгыча.
Сурап алаар каны жок.
Султан Манас дагы жок,
Ой ойлоорго каны жок,
Эми ойрон Манас дагы жок.

Кичинесин чоңу деп,
Бешөөн көрсө ону жеп,
Катын бала кагышты,
Калкка балаа жабышты.
Айта берсе сыр болду
Акыр заман биздерге
Түгөнгүсүз ыр болду.
Бир жагында жыйырмасы,
Кыргыл чал баштан жыласы.
Ошол «доңуз» кеп айтып
Көбөш кулга көп айтып:
Кудай алсын сени деп,
Саа кудай берди эми деп
Элди алса биз алдык
Аты калды Манаска.
Жоону сайса, биз сайдык,
Аты калды Манаска.
Орчун чаап олжо алып
Жердеп турдук Таласка.
Атың Көбөш болгону
Арбак сага конбоду.
Ушу Бакай оңбоду.
Сени киши дебеди
Киши ордуна көрбөдү.
Өлгөн биздин төрөбүз
Биз Бакайдан көрөбүз.
Дагы Бакай кан болду
Акыреттик айымы,
Манастан калган зайыбы,
Акылай деген жеңеңди
Ошол Акылайды алсаңчы
Арага гана киши салсаңчы.
Андан жылып отуруп
Биз Бакайга барсакчы
Ошентип Бакайдын кандыгын
тартып алсакчы!
Как ошентип кеңешип,
Кыргыл чал экөө бок жешип,
Асыл Манас баатырдын
Ашы-жытын бергиче
«Ак күмбөзүн» салганча
Иш бузулду аңгыча.
Эми муну таштап коюңуз.
Муңдуу болгон Каныкей
Кабарынан болуңуз.
Күндүзү кемер курчанып
Кызыл өңү сур чалып,
Түндөсү Бакайдын кашында,
Акыл кылат ошондо.
Бая Кыргынды кудай уруптур,
Кытыгылап жүрүптүр
Көөсөрдү кудай алыптыр,
Көтөрүлүп калыптыр.
Акылайды алам деп,
Арага киши салыптыр.
Аны менен тим турбай,
Сизди көздөй кол сунуп
Дагы ушунтип калыптыр.
Эми кандай кылчубуз?
Анда Бакай кеп айтат:
«Айланайын кулунум
Андай болсо куп дегин
Абаке сөзү эп дегин,
Ушу жакшы кеп дегин.
«Ак күмбөздү» салалы
Антип-минтип бололу.
Алты ай тамам болгон соң
«Ак күмбөздү» салган соң
Анан кеңеш кылалы.
Баарыбыз бирге чогулуп
Ababызга баралы.
Ат жетелеп алалы.

Алдына тартуу кылалы.
Деп ушунтип жөнөттү.
Кызматында Каныкей,
Ошол кезде Семетей,
Ойноо бала кези бар.
Каныкей: Ошо чоро ичинде
Ажыбайга кеп айтты.
«Ушу кандай иш болду?
Сарамжалы болгончо
Иш бузулуп баратат».
Ажыбайды сурасаң:
Адам айтар неме эмес,
Алмамбеттен кем эмес.
«Андай болсо жеңе деп
Бул эмине сонун кеп?
Атка минип алайын,
Кыргыл чалга барайын.
Кыла бергин күмбөздү.
Бүтүрө бер ишиңди,
Чогулушкан кишиңди.
Аябагын мүлкүңдү,
Ачып жүргүн күлкүңдү.
Алтын менен күмүштү,
Бүтүрө бер жумушту.
Бир кирпичке бир тенге,
Бере бергин аябай.
Мал көзүнө карабай».
Кабыл кылды Каныкей
Аттанып кетти Ажыбай
Өзү мыкты алжыбай.
Манаска туура киши эле
Бары, жогун дүргүткөн.
Кыргыл чалдын иши эле.
Ажыбай келип көп айтып
Кыргыл чалга көп айтып,
Жакшы акылды таапсың,
Жаңыдан арык чаапсың,
Жакшы болот бул ишиң,
Бачым бүтсүн жумушуң.
Баарыбыз атка минели.
Каныкейге баралы
Биз да жардам кылалы.
Бачым бүтсүн күмбөзү
Уктабагын түндөсү.
Эмесе макул куп деди.
Ушу жакшы кеп деди».
Атка минип алышып,
Кырк чоролор барышып
Аттан түшө калышып
Сарамжалын кылышып.
Ылайын суюк салдырып,
Кадакка салып ченетип,
Торко элекке элетип
«Келе молдо» келтирип,
Аят окуп олтуруп,
Ак күмбөзүн болтуруп.
Алты жүз эркеч майына.
Кыш бышырып бек салды.
Алты кылым өткүчө
Тураар бекен деп салды.
Жети жүз эркеч майына,
Кыш бышырып бек салды.
Жети кылым өткүчө
Бузулбасын деп салды.

## КӨБӨШТҮН КАН БОЛУШУ

Так ошол кезде карасаң,
Алты айга тамам толуптур.
«Ак күмбөзү» болуптур.
«Ак күмбөзү» болгону,
Абыке, Көбөш оңбоду.
Кырк чоро салды кызыкты,
Кыргыл чал салды бузукту.
Көбөштүн сөөгү кызыптыр,
Бакайга киши салышып,
Кандыгын бизге берсин деп,
Тынчтыгын сүйүп жүрсүн деп,
Карыганча кан болдуң,
Кана мүйүз чыкканы,
Кай жериңде жукканы?
Тынчтыгыңды сүйсөңчү?
Жөнүң менен жүрсөңчү!
Карыганча кан болдуң,
Калайыка даң болдуң.
Манасыңдын барында,
Бараңдан мылтык түгөттүң.
Эрге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек.
Ушу кезде башыңыз,
Журтта жаткан куу тезек.
Чогулушкан көп айтат,
Чоңсунуп Көбөш кеп айтат.
Кырк чоронун баары айтты
Кыргыл чалдай кары айтты
Көбөш качан кем эле,
Бу да жакшы эр эле,
Бу да бай Жакыптын уулу эле,
Манастан жаман кул беле?
Бу да Акдөөлөттүн балдары.
Качан жаман киши эле.
Карынча кан болгон,
Бу да кудайдын кылган иши эле.
Байдын уулу эр эле,
Өзү жалгыз туума бөрү эле.
Жетимишке барганча,
Жеке билди карганча.
Кана мүйүз чыкканы,
Кай жериңе жукканы?
Кандыкты Бакай койсоңчу
Семизден малды сойсоңчу.
Курсагыңды тойгузуп,
Чоюлуп жатып алсаңчы
Ошентип салмагың бизге
салсаңчы!
Өңгөбүз чогулушуп алалы
Чоңдорго кабар салалы.
Алптын баарын чогултуп,
Ашын күздө берели.
Ушу курган Көбөштү
Ушу катты окуду.
Окуп, окуп олтуруп,
Аягына келтирип
Көөнү кетти бузулуп,
Таноолору кысылып
«Ай кырк чородон өлөм го.
Кыяматты көрөм го.
Анан Бакай бузук салган соң,
Кудай уруп салат го.
Каныкейдей шордууну
Өкүм менен алат го.
Семетейдей жалгызды
Бөөдө өлтүрүп салат го».
Бакай ушуну ойлоп токтолду
Көп кечигип кеткенде,

Эт бышымга жеткенде:
Ошондо Бакай кеп айтат
«Ээй Ырчы уулу» деп айтат,
Кандыкты каалап келгениң,
Кайсы маа бергениң?
Ырчы уул анда кеп айтат:
«Мынакей аба деп айтат.
Эки түгөй ат берди,
Айта электе бат берди.
Кызматыңды кылсын, – деп
Эпилдеген шарт берди.
Баягыны уккан соң,
Бакай: «Мына эмесе кулунум,
Ыраазымын туйгунум.
Байтайлака кеп айтты:
Бачым келгин деп айтты.
Эсеп-кысап кайсы жакта,
Алып келгин деп айтты.
Абакең тактан түштү эми,
Алданын иши күчтүү эми.
Чен тону кайда алып бер,
Куржунуна салып бер.
Алтын, күмүш тактаны
Алты кабат бактаны
Атан төөгө артып бер,
Аркан менен тартып бер.
Ошол төөнү ала кел,
Каныкейдей шордууга,
Көзүндүн кырын сала кел.
Эки камчы шарп уруш
Ырчы кул да не туруш.
Салган бойдон барды эми.
Сүйүнчүлөп Көбөшкө,
Кан тагына миндиң деп,
Калкыңды Көбөш билдиң деп.
Керней-сурнай тартышып,
Алты уруу элге чабышып,
Баарына кабар салышып.
Кан болду Көбөш деп айтып
Калайыкка кеп айтып,
Калкына кабар салды эми.
Калктын баары дүбүрөп,
Катын-бала күбүрөп,
Ушак айың кеп айтат:
Ушу кантип кан болсун,
Акылдуусу кеп айтат,
Эми эл бузулду, – деп айтат.
Ал аңгыча Байтайлык,
Баягы төөсүн чөгөрүп
Алгын мына тагыңды,
Ачылган сенин багыңды.
Манастын тагын алдың деп,
Мына пашаа болуп калдың деп,
Чала-була түшүрүп,
Кайта жолуна тартты үшкүрүп
Кыя тартып кыйгачтап,
Каныкейди бет алып.
Капкасы алтын коргонго.
Бура тартып барды го.
Желеги турат желбиреп,
Каныкейдин Ак ордо,
Ээн турат эңгиреп.
Атынан түшө калды эми.
Каныкейдин алдына кирип
барды эми.

## ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВДИН ВАРИАНТЫНЫН «МАНАС» БӨЛҮМҮНДӨГҮ КААРМАНДАР

**Агыш** – жедигердин жакшыларынын бири
**Ажыбай** – Аргындардын Ажыбай, баатыр
**Ажыбай** – кырк чоронун бири
**Алтаң** – кырк чоронун бири
**Азирет Аалы Шаймерден** – жигиттин пири, колдоочусу
**Айдар** – Көкөтөйдүн ашына эл чакырган чабарман
**Айдаркан** – 1. Көкчөнүн атасы. Айдаркандын Көкчөсү деген эпитет менен берилет
**Айдаркан** – 2. казактардын байы
**Айкожо** – 1. контекст боюнча ак пайгамбар тукуму деп айтылат
**Айкожо** – 2. колдоочу, касиеттүү адам
**Акбалта** – Чубактын атасы
**Акеркеч** – Көкчөнүн зайыбы
**Акун кан** – Оогандын каны. Айчүрөктүн атасы
**Ак селдечен дубана** – кайып, кызыр сыяктуу функцияны аткарган колдоочу
**Акылай** – Шооруктун Манаска тартууга берген кызы
**Алик** – эпизоддук кейипкер
**Алмамбет** – Азизкандын уулу
**Алооке** – кытай каны. Коңурбайдын атасы
**Алсейит** – Көкчөнүн чоросу
**Алым** – эпизоддук кейипкер
**Арууке** – Каныкейдин сиңдиси
**Багыш** – Жедигер уруусунун баатыры, каны
**Бай** – Ногойдун баласы
**Байжигит** – Жакыпын досу
**Байжигит** – Көкөтөйдүн жигити
**Байтайлак** – Бакайдын баласы
**Бакай** – Байдын уулу. Манастын аталаш агасы,баатыр, кыргыз кандарынын бири
**Бакай** – Байдын кичи уулу
**Бакдөөлөт** – Чаяндын кызы

**Барпыжан** – Акбалтанын байбичеси. Манастын киндигин кескен энеси
**Бектору** – эпизоддук кейипкер. Мергендин кызы
**Бердике** – эпизоддук карман
**Бердибай** – эпизоддук карман
**Бердике** – кырк чоронун бири
**Бозуул** – Манастын тууганы
**Бокмурун** – Көкөтөйдүн баласы
**Бокой** – кырк чоронун бири
**Бооке** – Алоокенин улуу баласы. Манастан жеңилгенде кыргызга «ак үйлүү» болуп келген
**Борончу** – орус улутунун баатыры
**Бороон чал** – орустун сынчысы
**Бороончу** – Муспуруттун баатыр жигити
**Бөйөн-Чаян** – Алтайдагы калмак урууларынын байлары
**Бөкө** – эпизоддук кейипкер
**Бөкөмбай** – кыргыз баатыры
**Буудайбек** – Көкчөнүн зайыбы
**Дегембай** – кырк чоронун бири
**Домобил** – калмак баатыры
**Доотай** – кытай башчысы. М.: Доотай деген кашкасы
**Дорго** – кытай башчысы
**Деген** – калмактардын жакшыларынын бири, аксакалы
**Дуудуу** – кытай жетекчилериндеги мансап
**Жайсаңбай** – Алтайдагы калмак урууларынын байы
**Жакып** – Манастын атасы. Ороздунун эң кеже уулу
**Жамгырчы** – контекст боюнча кашкарлыктын Жамгырчы деп берилет
**Жанбайым** – кырк чоронун бири
**Жангер кожо** – Билерикин атасы. Жер кезип жүргөн дубана
**Жакып** – Ногойдун небереси
**Жапак** – Шыгайдын баласы
**Жатыбай** – кырк чоронун бири
**Жолой** – Шортек кандын баласы. Кытайдын балабан баатыры
**Жүгөрү** – Кандын уулу, баатыр
**Жүйрүк чечен** – акылман, чечен
**Иман** – Жакыптын жылкычысы
**Кайыпкан** – калмак каны

**Калдай** – кытайлык жасоолдор. М: Калдайы бар, беги жок
**Кандөмүл** – эпизоддук кейипкер, кызылбаш уруусунан
**Каныкей** – Темиркандын кызы. Манастын зайыбы
**Карабөрк** – Кайыпкандын кызы.
**Карагул** – Коңурдун жылкы баккан баатыр жигити
**Каракан** – контекст боюнча алганда Темирканды ушинтип да аташат
**Кара мерген** – мергенчи. Каңгайдын кара мергени деп туруктуу эпитет менен калыптанган
**Кегубат** – эпизоддук кейипкер
**Кенен** – Жанбайым чоронун атасы
**Китен** – кытайдын алп баатыры
**Китең алп** – калмактардын балбаны
**Кожосан** – колдоочу
**Кожош** – жедигердин жакшыларынын бири
**Коңурбай** – Алоокенин баласы, баатыр, кытайдын кандарынын бири
**Кортук** – калмактардын жасоолу, калдайы
**Кочкор** – эпизоддук кейипкер
**Кошабыш** – Бооке менен кошо кыргызга «ак үйлүү» болуп келген
**Кошой** – кыргыз каны, алп баатыр. Катагандын кан Кошой эпитети менен туруктуу айтылат
**Көзкаман** – Үсөндүн кытайлар койгон аты
**Көкөтөй** – кыргыз каны. Бокмурундун атасы
**Көкчө** – Алаш уруусунан. Айдаркандын баласы, казактын каны
**Көкчөкөз** – Үсөндүн кытайга сүрүлүп баргандагы көргөн баласы
**Кубатбий** – кырк чоронун бири
**Кубатен** – Агышын агасы
**Курачы** – кытайлардын көзү ачык аяры
**Кутубий** – Кырк чилтен Чеге атын өзгөртүп койгон аты. Манастын жолдошу
**Кутунай** – кырк чоронун бири
**Кыдыр-Кызыр** – колдоочу маанисинде
**Кызыр Ильяс** – колдоочу
**Кыргыл чал** – Кырк чоронун башчысы. Кырктын башы Кыргыл чал эпитети менен айтылат
**Кырымкан** – кытайдын кол башчысы
**Кыяз** – кырк чоронун бири

**Мадигер** – Кытай баатыры
**Мажик** – Алтайдагы калмак уруусунан, баатыр. Жеңилген калмактар кыргыздарга кошулгандан кийин Шакумду бий кылып атын Мажик атаган
**Мазаке** – Көкчөкөздүн Каныкейге жиберген жуучусу
**Макел дөө** – кытайлардын дөө балбаны
**Малаке** – эпизоддук кейипкер
**Меңдибай** – Темиркандын төөчүсү
**Музбурчак** – кан, баатыр
**Музмурут** – орус батыры
**Мурадыл** – кытай баатыры
**Муратаалы** – кырк чоронун бири
**Муратбий** – кырк чоронун бири
**Муспурут** – Коңурбай менен кошо кол курал келген орус баатыры
**Мустапа** – пайгамбардын аты
**Мухаммед** – пайгамбар
**Нескара, Эзкара** – Эки ысым бир эле киши. Кытайдын батыры
**Ногой кан** – Тогойкандын баласы
**Орозду** – Ногойдун баласы
**Оронгу** – калмактардын батыр кызы
**Ошпур** – Жакыптын койчусу
**Ошпурбай** – эпизоддук кейипкер
**Раман** – кырк чоронун бири
**Сакалат** – Сарыдөөнүн атасы
**Саламат** – бай, эпизоддук каарман
**Сарбан** – Элемандын кулу
**Сарыдөө** – бай эпизоддук кейипкер
**Сарыдөө** – Сакалаттын баласы
**Серек** – Манастын аталаш иниси, баатыр,Сыргак экөө бир тууган
**Сынчыбек** – Анжыяндын капы, баатыр
**Сыргак** – Манастын аталаш иниси, баатыр
**Тазбаймат** – кырк чоронун бири
**Тайлак** – Байдын Кашкарда туулган баласы
**Татар Чагоо** – эпизоддук кейипкер
**Ташболот** – эпизоддук кейипкер
**Тейишкан** – эпизоддук кейипкер
**Темиркан** – Букардын каны. Каныкейдин атасы

**Тогойкан** – Манастын түп аталарынан. Түбөйкандын баласы
**Токтогул** – Көкчөнүн жылкычысы
**Тоорум** – эпизоддук кейипкер
**Төлөк** – төлгөчү
**Төрөбек** – Жолойдун баласы
**Төштүк** – Элемандын баласы, баатыр
**Туушаң** – калмактардын каны
**Түбөйкан** – Манастын түп атасы
**Тынымсейит** – Көкчөнүн чоросу
**Үмөт** – кырк чоронун бири. Үйшүн уруусунан
**Үрбү** – Чүйдөн чыккан баатыр, кан
**Үсөн** – Ногойдун тун уулу
**Үсөндү** – Ногойдун баласы
**Чагатай** – Ороздунун баласы. Сыргак менен Серектин атасы
**Чалбайым** – эпизоддук кейипкер
**Чалыбай** – кырк чоронун бири
**Чеге** – Ошпурга кой багышкан жардамчы бала
**Чубак** – Акбалтанын баласы. Манастын эң жакын жолдошу, баатыр
**Чыйтай** – кытай башчысы Чыңгызхан-кытай каны
**Чыңгызхан** – кан, контекст боюнча ногой элинин каны делинет
**Шайык кан** – калмак кандарынын бири
**Шакум** – Кортуктун өз аты. Алтайдагы калмак уруусунан, баатыр. Кыргыздарга кошулгандан кийинки аты Кортук
**Шамай** – Жүгөрү баатырдын атасы
**Шибириң** – кытайдын кыйын аяры
**Шоорук** – Калчанын каны. Акылайдын атасы
**Шыгай** – Ороздунун баласы. Манастын аталаш агасы, кан
**Шыгай** – Тогойкандын баласы
**Эдиге** – кырк чоронун бири
**Элеман** – Чоң Ташкендин байы
**Эңкей** – кырк чоронун бири
**Эр Тизелик** – Алоокенин Манаска жиберген элчиси
**Эсенкан** – кытайдын каны
**Эштек бий** – Чыйырдынын атасы
**Ырчы уул** – кырк чоронун бири
**Ысмайыл** – Темиркандын баласы

## ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВДИН ВАРИАНТЫНЫН «МАНАС» БӨЛҮМҮНДӨГҮ ТОПОНИМДЕР

**Аземил** – кытайдан Алтайга ашкан жердеги бел
**Аксай** – жердин аты
**Аксы** – кыргызды басып келгенде Нескара ээлеген жер
**Ала-Бел** – ашуу
**Ала-Көл** – кыргыз көлү
**Ала-Тоо** – кыргыз жери
**Алай** – Кең Алай – Орозду айдалган жер
**Ак-Байтал** – жердин аты
**Алтай-Каңгай** – Жакыптын айдалган жери. Контекст боюнча алганда мурда алтайда да басып алган каңгайлар турган
**Аманген** – Наманган
**Анжиян** – кытайлар биринчи басып кирген жер
**Арпа** – жайлоо
**Арстанбап** – жердин аты
**Ат-Башы** – жердин аты
**Беш-Керем** – жердин аты
**Боз-Дөбө** – кеңеш курган жер
**Боом** – капчыгай жердин аты
**Букар** – Темиркандын жери
**Былчагай** – Бээжиндеги бел ашуу
**Долон** – ашуу
**Дөбөт** – жердин аты
**Жар-Кыя** – жердин аты
**Жасы** – Алайдан берки жолдогу бел
**Жамыра** – Шыгайдын уулу Жапак Индистандын ушул жерине куулган
**Жашыл-Көл** – көлдүн аты
**Жети шаар** – кытайдагы Кыргыл чал кандык кылган шаар
**Жеткайт** – калмактарды кубалагандан кийин Шыгайдын туруп калган жери
**Жеркинди** – кытай шаарларынын бири
**Жоргонун бели** – Каркырадан Таласка ашчу бел
**Жумгал** – жердин аты

**Жылдыз** – Алтайдан Самарканга келе жаткандагы жердин аты
**Ижил** – жердин аты
**Ийир** – Көкчө Алмамбетке биринчи кезиккен жери
**Иле** – дайранын аты
**Индистан** – Шыгайдын куулган жери
**Итаалы** – Итаалыдан келген бар, балким Италия
**Казан** – Казань
**Камбыл** – жердин аты
**Каңгай** – кытай жери
**Капка-Таш** – жердин аты
**Кара-Арча** – жердин аты. Коңурбайдын жылкысы жайылган жер
**Карабел** – жердин аты
**Кара-Тегин** – жердин аты
**Кара-Тоо** – 1. Алтайдагы тоонун аты 2. Азиреттин Кара-Тоо деп, кыргыздар өз жери Ала-Тоого келгендеринде да айтылат
**Кара-Тегин** – жердин аты
**Кара шаар** – кытай шары
**Кара-Шор** – кытайдагы шор талаа
**Каркыра** – жайлоо. Көкөтөйдүн ашы өткөн жер
**Кашкар** – Бай кашкарга куулган
**Кебез-тоо** – тоо
**Кемин** – жердин аты
**Кең-Үргөнч** – Үргөнч-дайра, дайра жээги
**Кең-Күнгөй** – күңгөй тоо кыркалары
**Керешке** – казат болгон жердин аты
**Керме-Тоо** – жердин аты
**Кокон** – шаар
**Кочкор** – жердин аты
**Көк-Ойрок** – жердин аты
**Көлөп** – жердин аты
**Көнөк** – жайлоонун аты
**Көйгап** – жердин аты
**Кум-Арык** – жердин аты
**Кум арык** – жердин аты
**Кумул** – Кытайда алты шаар, Кумул жери бар дейт, жердин аты
**Кундуз** – жердин аты

**Кызылбаш** – жердин аты
**Кызыл-Кыя** – жердин аты
**Кырым** – Крым
**Макмал** – жердин аты
**Маргалаӊ** – Алоокенин басып жаткан жери
**Медина** – араб жери
**Меке** – арабдардын ыйык жери
**Мыкан** – дайра
**Наманген** – контекст боюнча Наманган кыргыз өзбек конгон жер
**Нарын** – кадимки Нарын дайрасы
**Нарын** – 1. жердин аты 2. Нарын дайрасы 3. тууралган чыкталган эт
**Ооган** – Афган
**Олуя ата** – Манастын аталарынын жерлери
**Опол-тоо** – Кыз кезинде Каныкей менен Аруукенин оюн курган сейил жайлоосу
**Өзгөн** – жердин аты
**Өтмөк** – ашуу
**Рассий** – Россия
**Самаркан** – Манас Алтайдан келип конгон калаа
**Сан-Таш** – жердин аты
**Саркол** – талаа
**Сары-Арка** – жердин аты
**Сары-Бет** – жердин аты
**Сары-Кол** – талаа
**Семей** – Семипалатинский-Астана
**Суусамыр** – жайлоо, жердин аты
**Талас** – кыргыз жери. Манастын кан тактысы орногон жер
**Талкан** – жердин аты
**Тарагай** – 1. жердин аты 2. Суунун аты
**Тар-Кыя** – жердин аты
**Темирдик** – Алмамбеттин кытайдын жылкысын тийген жериндеги ашуу
**Торугарт** – кыргыз кытай чектиги
**Түркистан** – жердин аты
**Урум** – Рим
**Үйүрмө** – жердин аты

**Үрүмчү** – шаар
**Үч-Капка** – бел ашуу
**Үч-Капка** – кытайдагы жердин аты
**Чакмак-Коргон** – жердин аты. Манастын жети канды чакырган жери
**Чарын** – жердин аты
**Чатыр-Көл** – жердин аты
**Челек** – жердин аты
**Чет Бээжин** – Үсөндүн айдалып кеткен жери
**Чеч-Дөбө, Чеч-Төбө** – экөө бир эле жер. Алмамбеттин сөөгү коюлган жер
**Чоң Бээжин** – ошол кездеги кытайдын борбору
**Чөмүч кайкы** – жердин аты. Манас Алмамбетти күтүп жаткан жердин аты
**Чылан** – Букардан Таласка тарткан жол
**Чыландынын улуу жол** – Эсенкан улуу кербен жолго түштү эми дейт, мүмкүн Улуу жибек жолу болушу ыктымал
**Шибер улуу жол** – жолдун аты
**Шымал** – жайлоонун аты
**Эки Кемин** – Үрбүнүн жайлаган жери
**Эргежел** – контекст боюнча алганда жердин аты катары аталып жатат
**Ысар** – жердин аты
**Ысык-Көл** – көлдүн аты

## ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВДИН ВАРИАНТЫНЫН «МАНАС» БӨЛҮМҮНДӨГҮ ЭТНОНИМДЕР

**Алаш** – казак уруусу Амбад-кытай уруусу Араб-этнос
**Аргьш** – кыргыз уруусу. М: Карасакал жайкаган аргьгадардан Ажыбай.
**Бурут** – кыргыз урууларын калмактар ушундай атайт
**Дениз** – кыргыз уруусу
**Доотай** – уруу. М.: Доотайдан келген бир чоро Дебет-уруу иретинде да аталат
**Жайсаң** – 1. уруу.
М.: Жайсаңдардын кара уул.
Кара уулга баргын деп.

**Жайсаң** – 2. калмакча «чоро» деген маанини берет.
**Жедигер** – уруунун аты
**Жедигер** – этнос. М.: Жедигердин эр Багыш.
**Желпиниш** – уруу, элдин аты.
М.: Жер үстүндө желпиниш,
Элден келген дагы бар.
**Жеткайт** – кыргыз уруусу, этнос. М: Жеткайт элге айткын деп.
**Жөөттөр** – этнос, еврей.
**Жунгур** – жунгар, монгол уруусу.
**Закым** – Алмамбеттин уруусу
**Казак** – казак уруусу, этнос.
**Калкаман** – уруу. М.: Калкаман эли бүт келди.
**Калмак** – кытай уруусу. М.: Калмактын каны Нескара.
**Калмак** – кара кытай уруусу
**Камбал** – кытай уруусу
**Каракалпак** – этнос
**Кара шумур** – шумер, этнос.
М.: Кара шумур элинен,
Жез кайкым деген жеринен.
**Катаган** – кыргыз уруусу
**Калча** – Шооруккандын уруусу
**Көкүм** – кытай уруусу
**Кумул** – кытай уруусу
**Кундуз** – уруунун аты
**Кыдырша** – кыргыз уруусу
**Кыпчак** – этнос
**Кыпчак** – этнос. М.: Кыпчактын каны Шоорук кан.
**Кызылбаш** – уруу иретинде да жолугат
**Кытай** – этнос. М.: Кылым кытай эл деген.
**Мадигер** – кытай уруусу
**Мажар** – мадияр, этнос. Венгер уруусу.
**Манжу** – этнос.
М.: Кытай, калмак, манжусу.
Кара курттай кыжылдайт.
**Манжу** – кытай уруусу.
**Монгол** – этнос.

**Нойгут** – кыргыз уруусу. М: Нойгуттардан Ак Балта.
**Ногой** – Манастын уруусу
**Нурку** – араб уруусу Ойрот-этнос
**Ойрот** – этнос. М: Ойрот менен монголду бүтүн бойдон алгансың.
**Орус** – этнос
**Өзүбек-өзбек** – этнос
**Сарт** – уруунун аты
**Татар** – уруунун аты.Чагоонун уруусу
**Тежик-Таажик** – этнос
**Теңиз** – кыргыз уруусу
**Түркмөн** – этнос
**Чежигей** – өзбек уруусу.М: Чежигейден келди Санжары.
**Эргежел** – этнос иретинде да аталат
**Эштек** – этнос катары да кичине уруу катары да аталат

## ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВДИН ВАРИАНТЫНЫН «МАНАС»БӨЛҮМҮНДӨГҮ ТҮШҮНҮКСҮЗ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Абай** – байкоо, толук формасы абайлап
**Абайкей** – абдан кылдат
**Абактыга жап** – түрмөдөй болгон капкалуу караңгы жер
**Агар** – алтын-күмүштүн уютулган формасы
**Азат бою** – бүткөн бою дүркүрөп деген мааниде
**Азганакай** – тынчып, жаны жай алып
**Азыздар** – Азиздер, ыйыктар
**Алман** – 1. Кун алып 2. Контексттик мааниси кол топтоп жатат деген-ди билдирет
**Алпаң** – туу кайтарып көтөрүп жүргөн адам
**Алпиздеген** – болжолу орфографиялык эле ката/ алп издеген дөөлөр бар дейт
**Алыманын** – контекст боюнча таламандын тал түшүндө деген мааниде
**Апанык** – чып-чын деген сөз
**Арнеңке** – ар нерсе
**Ат кара тил болгондо** – жылкы баласы көккө тойгон маал

**Аярлар** – көзү ачык билгичтер, сыйкырчылар
**Бакшы** – бүбү-эмчи-домчу, контекст боюнча кидик кескен дарыгер -повитуха
**Бардаңды суурул ал** – контекст боюнча-сынап карап ал деген мааниде
**Башаалар** – падышалар
**Бейлебеген шору** – билбеген шору көп
**Бедөө минген** – качыр минген
**Бил** – кадимки пил
**Бөрк** – кыргыздардын улуттук сыйлуу баш кийими
**Буудак-буудак эл менен** – топ-топ болгон эл
**Буракка мингизип** – исламдык түшүнүк боюнча атка мингизип
**Буркан** – калмактар чокунган таш эстеликтер
**Бурут** – кытайлар кыргыздарды бурут дешкен
**Далды** – туурасын айтчы деген сөз
**Дигер шам** – кеч күүгүмдө
**Дилгирем** – телеграмма. М.: Эсенкан Шыпшайдарга дилгирем жиберди
**Доол** – добулбас, барабан, жыйналыштарга чакырганда, согуш башталар алдында урган аспап.
**Доолон** – кымбат баалуу кездеменин түрү
**Дооруккан** – алапайын таппай шашкалактап, айласын таппай
**Дубана, дербиш, календер, кызыр, бакшы** – эпосто туруктуу учурап ыйык колдоочулардын, аяр касиеттүү каармандардын, олуя, көзү ачыктардын функциясын аткарат
**Дууду** – кытай мансабы, губернатор сыяктуу
**Дүрүйө** – дүнүйө
**Жазайыл** – мылтык
**Жалпооштоп** – контекст боюнча- кастарлап
**Жаннат** – исламдык түшүнүк боюнча бейиш
**Жаң-жуң** – кытайлардын бир уруусу
**Жаханна** – исламдык түшүнүк боюнча тозоктун оту
**Жеркендик** – ташкендик
**Жөңкүдү** – иши жөнүктү, илгериледи
**Жуда** – абдан
**Зайыпкер** – контексттик мааниси саяпкер
**Зоолу** – моюнга салган жыгач кеп-кандала, же кишен формасында да болгон

**Ибеп** – контекст боюнча- минген унаасы жайсыз
**Илек-илек** – миң-миң деген кол
**Каканчын** – кытайлыктар
**Калы** – килемдин бир түрү
**Коома** – кытайлардын учурашканы
**Камбар ата** – жылкы баласынын колдоочусу
**Карапкөөнү** – бушайман болгондугу
**Кейбиреп** – делдиреп
**Керке-керик** – носорог
**Керлээс тон** – соот кийим, жоо кийими
**Кечил** – монах. Манас Нескараны жеңгенде кечилдерди мусулман кылып бычты эми деп жатат
**Кишен** – бутка салган чынжыр
**Киште** – кыргыздардын эң байыркы оюндарынын бири. Индилерде чатуран, монголдордун шатар же, шахмат оюнуна окшош
**Коймодо** – оорукта калган
**Коок** – контекст боюнча кытайлар кыргыздарды таз кылып башына кептеп чылгый тери кийгизели деп жатат
**Котендик** – котондук
**Көгөөндөй** – көгөндөй
**Көнкүнү** – контексттик мааниси көңүлүндө айтылбаган көп нерсе бар деген мааниде
**Көөсөр** – көөдөк
**Кучуп** – шиши толуп
**Кую бузулду** – өңү бузулду
**Күймөлө** – үртүлө
**Күлбөтө** – Мекеден алдырган топурак
**Күрпөңүндө жүрөлү** – топко аралашып жүрөлү
**Күчала** – седеп мончок сыяктуу ак даны бар уулуу өсүмдүк, кымызга, бозого кошуп ачытып дары катары пайдаланган кычкыл ачыткы
**Кылапат** – жалган айткан оңбойт деген мааниде
**Кыл болоту жалашып** – кылычтын мизин жалашып антташууну айтып жатат
**Локу** – лөк, эби-сыны жок чоң
**Маңги** – нашаа чеккен адамдын абалын айтып жатат
**Манаадай** – чөөдөй чуркурап

**Макмал тон** – жылтылдаган түстүү тон
**Мерсент** – перзент
**Мискин** – мисте-кургатылган бейиш жемиштери
**Муздаван** – ашуу бел деген мааниде колдонулат
**Мыш** – уят болуп
**Намаздигер** – намаз малы учуру
**Нарын** – контекст боюнча алганда майда тууралган чык куюлган эт
**Очогор** – мылтыктын аты
**Өмөлдү** – үртүлүп шыр жөнөдү деген мааниде
**Пияда** – киштенин оюн таштары:урук, төө,жоокер, пияда ж.б деп аталат
**Танкыс** – жылкыга жайлуу от жер
**Теңир** – кыргыздардын исламга чейинки дини
**Тынар** – куштун түрү
**Сардал** – контексттик мааниси боюнча алганда эл бийлеген жакшылар
**Саркер** – кошуун башы титул
**Соогаттайын** – ырайым кылууну өтүнүү
**Сумбат** – сымбат
**Сырттан** – ашкан батыр
**Умай** – колдоочу. Баштапкы түшүнүгү «кудай аял»
**Чарайна** – соот кийим, баатырлардын төшүнө тагылган темир
**Чилтен** – колдоочу, хызыр-кызыр маанисинде колдонулат
**Чыңгоолду** – колдун бекемдигин көрөлү
**Ылаанат** – калмактар чокунган буркан
**Ылама** – тибетче лама-ламаизмдин кечили-кытайлардын баатыры
**Ылоону** – унааны М.: Ылоону кармап мингиле
**Ынды** – мулатка. М.: Коңурбайдын энеси ынды эле кара көз
**Эбедейи эзилип** – жүрөгү эзилип
**Элөөсүз** – бей капар эл башында каны жок деген мааниде
**Эндекей** – конекст боюнча алганда бош жатып албайлы деген мааниде
**Эргени** – контексттик мааниси тууганга кайыры болду деген мааниде
**Эт наарын татып** – даамын татып

# «СЕМЕТЕЙ»

## КИРИШ СӨЗ[1]

Кыргыз фольклорунун тарыхында «Манастын» толук жана толук эмес варианттарын айткан манасчылардын ысымдары бир далай, бирок дагы элдин эсинде калып, кан-жанына сиңип үчилтикти баштан аяк системалуу түрдө айткандары, жаздырып калтыргандары саналуу жана сейрек жолугат. Мисалы, толук версиясы менен үчилтикти бир эмес үч жолу манасчынын оозунан жазылып алынганы, адамзаттын генийлеринин бири Саякбай Карала уулуна таандык.

Ал эми жыл наамы боюнча алганда Саякбайдан мурда да кийин да айтылган үчилтиктин түрдүү варианттары бар. Ошолордун ичинен атай кетсек Тоголок Молдонун жазма варианты, Шапак Рымендеевдики, Багыш Сазановдуку, Ыбырайым Абдырахмановдун бириктирилген варианты, Молдобасан Мусулманкуловдуку, Мамбетаалы Ашымбаевдики, Мамбет Чокморовдуку соңку манасчылардан Шаабай Азизовдуку ж.б. Аты аталган бир катар манасчылардын варианттары мазмуну, маңызы, көлөмү, көркөмдүүлүгү боюнча бир топ ирдүү жана да жыйнактуу. Албетте, жогорудагыдай Манастын мурапыларынын чыгармачылыгы боюнча ар бирине арналган сөз башка учурда, өз алдынча каралары анык.

Айтайын дегеним колубузда турган Шапак Рысмендеевдин «Семетей» бөлүгү туурасындагы ойлор. Шапак Рысмендеев бала кезинде алардын айылына (Кочкорго) көчүп келген айтылуу залкар манасчы Балыктан үйрөнүп калгандыгы белгилүү («Манас» энциклопедиясы. – Б.: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы,1995. – 346-б.). Балыктын уулу Найманбай менен чогуу өсүп, тең жарышып «Манас» айтып жүрүп кийин 26-27 жаш курагында Сагынбайга жолугуп чыгармачылыгын чыңдаган. Ал эми залкар манасчы Акылбектен «Чоң казатты», «Сейтекти» үйрөнүп алат. Кантсе да манасчылардын эң мыктыларын көрүп, алардын жанында жүрүп таалимин алып, кулагын кандырып калган манасчы, кийин чыгармачылыгы күчөп турган

[1] «Семетей». Манчсы Ш.Рысмендеевдин айткан варианты боюнча. Түзгөн: А.Жайнакова. – Бишкек: «Газета KG», 2013.

кезде эпостогу өзөктүү, урунттуу эпизоддорду өз алдынча импровизациялап баяндоого, кеңейтүүгө жана кошумча фабулалык окуяларды жалгаштырууга жетишкен. Экинчи жагынан манасчынын табиятынан зээндүү таланттуулугу, чыгармачылыкка шыктуулугу, манасчылык касиети менен жуурулушуп келип, өзүнө чейинки залкарлардын илебин бизге сездирип тургандыгын белгилөө абзел.

Жалпыга белгилүү болгондой адатта «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүн толук айткан манасчыларыбыздын варианттарын иликтеп келгенибизде, эпостун өзөктүү окуяларынын мазмундук жактан толук айтылгандыгы, баштапкы салттуу окуяларынын сакталышы боюнча таризден келип анын үндөштүгүн жана ажырымдуулугун айырмалап келебиз. Бул жагдайда алганда Шапак манасчынын варианты алп манасчылар Сагынбай, Саякбайдын варианттарынан кийинки эле катардагы терең мазмунга, жогорку көркөмдүк деңгээлге жетилген, ал тургай кээде атрибутивдик формулалары боюнча жана этнографиялык элементтерди кенен чагылдырууда, жалпы эле поэтикалуулугу боюнча теңтайлашып кеткен жерлери да жок эмес классикалык үлгүдөгү варианттардан.

Эске ала кете турган сөз, бир кездерде чоң залкарлардын тушунда жалаң «Семетей» айткан семетейчилерибиз болгон, алардын ичинен «Семетейдин» толук версиясын айткан Ж.Сарыков, Ж. Кожеков, аял- дардан Сейдене Молдокеева өңдүү семетейчилерибиз да саналуу. Дегенибиз варианттардын тексттери менен жакындан таанышып, ар тараптуу карай келгенде ушундай тыянакка алып келет. Дагы бир жапы көпчүлүк үчилтик айткан манасчылар «Манаска» салыштырмалуу «Семетейди» көлөм жагынан арбын айтышкан. Мындай болгон себеби да экинчи бөлүктөгү окуялар элдин социалдык жашоосун көбүрөөк чагылдырганы менен, персонаждардын жеке тагдырына тиешелүү проблемалардын турмуштук мааниси терең болгондугу менен, жоокерчилик, жалпы массалык түрдөгү согуштук теманын, согуш мотивинин экинчи позицияда чагылдырылгандыгы менен байланыштуу болсо керек. Ушул таризде алганда «Семетей» лиро - эпикалык маанайдагы бөлүк.

Басмага даярдалып жаткан Шапак Рысмендеевдин «Семетейи» баштапкы залкар манасчылардын салмактуу варианттарынын катарына кирүүсү менен жогоруда белгилегендей лиро-эпикалык маанайда калыптанган көлөмдүү варианттардан.

Шапак Рысмендеевдин «Семетейи» оболу салттуу, өзөктүү окуяларды сактагандыгы менен баалуу. Ал эми сюжеттик композициялык жактан, мотивировкалары боюнча албетте айырмачылыктары бар. Мындай өз алдынчалык оозеки айтуучулукка мүнөздүү келет, төтөн ал чыныгы талант болсо бул сыяктуу көрүнүш чыгарманын мазмунун, көркөмдүгүн тереңдетип кетүү жөндөмүнө ээ. Мисалы башка варианттарда жолукпаган мотив Семетей менен кумайыктын эмчектеш болуусу, же болбосо Сары таздын теги боюнча традициялуу варианттардан айырмаланып турат. Анда Сары сындын Семетейге жолугаардын алдындагы жомоктук сүртүмгө ээ болгон окуяга назар салалы. Түркмөндүн каны Турумкандын баласы Сары сын, атасы өлгөндө кор болуп калат. Кан тактысын атасынын увазири тың чыгып тартып алып, өзүн кубалап жиберет, эл жеринен ажырап ит көргөндү көрүп жүрүп бир күнү уктап кетсе кулагына добуш угулат: «Сен кыбыланы беттей жүр, Талас тарап бет алсаң Манас деген бар, ошого барсаң багың ачылат», – дейт. Сары сын укканы боюнча Манасты издеп чыгып Таласка келет. Бакайга жолугуп, Бакай: «...абалкыны эске саласың, Манастан эми пайда жок, оо дүйнөгө көчкөнү он эки жылга толду эми, анын уулу Семетей Букардын каны Темирде, ошого барып, оту менен киресиң, күлү менен чыгасың, Семетей өлсө өлөсүң, жаман ара иш кетсе көргүлүктү көрөсүң», – деп табыштап, аттап тондоп Букарга жиберип, ошондон улам Сары таз атыгып кетет. Кийин Семетей кайрадан Сары тазга атасынын тагын алып берип кан кылат.

Манасчынын поэтикалык тили куюлушкан ыргактуулугу менен кадимки төкмө акындык стилинде калыптанып, элдик оозеки чыгармалардын майда жанрларын, өзгөчө санат-насыят, макал-ылакаптарды кең-кесири басымдуу колдонуусу менен чоң жомокчулугу байкалбай койбойт. Мисалы дээрлик көпчүлүк негизги делинген варианттарда туруктуу жолуккан «Кулаалы таптап куш кылдым, Курама жыйып журт кылдым» деген поэтикалык саптардын импровизацияланышын көрөлү:

Кулаалы таптап куш кылдым,
Курама жыйып журт кылдым.
Тели куш таптап куш кылдым,
Теңтушумдун барында,
Тентигенди журт кылдым.
Аргымак жыйдым ат жыйдым,
Бир тулпардай болбоду.

Азамат жыйдым эр жыйдым,
Бир туугандай болбоду.
Кудай бардыр барына,
Кыргыл чалдай карыга,
Бир кызматым билбеди.
Кыйылып ыйлап турганда,
Бир кылчайып келбеди.
Агача келин, сулуу кыз,
Алып бердим чорого.
Ак дөбөдөй ордону
Кылып бердим чорого.
Катар минтип киргиздим,
Кадырын элге билгиздим
Бир кызматым билбеди, –

деген Каныкейдин тагдырынан алынган үзүндүдө көрүнүп тургандай манасчынын бары эле элдик макалдарды, санат, насыят ырларын жуурулуштуруп көркөм каражаттардын түрлөрүн кыраатты менен жиги жок кылып келиштирип тирадалык мүнөздө кынай албайт. Мындай көрүнүш Сагынбай, Саякбайдай залкарлардын стилинде туруктуу калыптанган.

Баяндоо ыкмаларынын жатыктыгы сюжеттеги көркөм образдардын системасындагы коллизия, мисалы, Абыке менен Бакайдын диалогунан келтирип көрөлү:

Канакей балам нетесиң
Сен канетип кетесиң?
Антпегенде Абыке,
Дагы түпкө жетесиң. –
Деп, ошентип турганча
Абыке турду кеп айтып:
Буулуткулуу булбулум,
Үйрөткүлүү кургурум.
Алтын жааны бурасың,
Кимде күнөө бар болсо,
Асыл Манас сурасын.
Бузукулар бузулсун,
Түбүндө кантип кутулсун.
Азыткылар оңбосун,
Эзелде эки болбосун.

Абаке сөзгө кулак сал,
Баарын кылган Кыргыл чал.
Мени менен беттешпей,
Бир сүйлөшүп кептешпей,
Көчө качып жоголдуң.
Аргын кыргыз айылың
Араң тапты дайынын.

* * *

Олуя -Ата, Кең-Талас,
Жериң мына абаке.
Шыгай, ногой аралаш,
Элиң мына абаке... ж.б.

Конфликттүү кырдаалды ыгы менен чечмелөөдөгү кылдаттыгы окуянын мазмундуулугун тереңдетет. Ошону менен катар поэтикалык көркөм каражаттардын толук арсеналы колдонулуп, туруктуу поэтикалык форма жана формулалар манасчынын поэтикалык лексикасындагы өзүнө таандык оригиналдуулугун көргөзүп турат. М:

Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн.
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өзүн арбак ээрчиген, –

деген Семетейдин мүнөзүн аллегориялык каймана баяндоо,түтөгөн, күчөгөн, өөрчүгөн сыяктуу сөздөр менен берип жатат, бир жагынан аллитерациялык стилистикалык ыкманы «н» тыбышы аркылуу белгилесек болот.

Шапакта Сагынбайдай поэтикалык кою боёктор жана деталдуулук арбын. Ар бир урунттуу делинген окуялар өз алдынча интерпретацияга ээ. Мисалы Жакып Семетейге уу даярда дегенде байбичеси Ак дөөлөт ыйлап турат:

Упалуу беттен жаш акса,
Убалы кимдин мойнуна.
Сурмалуу көздөн жаш акса,
Суусу кимдин койнуна, –

дейт каймана айтылган метафора бир жагынан карасаң, психологиялык абалды туюндурган строфикалык параллелизмди түзүп турат.

Акдөөлөттүн убайымдуу ички туюму өтмө мааниде айтылып жатат. Манасчы окуянын кызыктуулугун арттырууда күтүлбөгөн сценарийге назарыңды буруп турат. Мисалы «Каныкейдин жомогу», «Сары таздын Семетейге жолугушу», Семетейдин Таласка кайтып келгендегиси, Көбөштүн чаап алганындагы окуяларды ж.б атасак болор. Манасчынын оозунан жазып алган вариант боюнча колубузда турган «Семетейдин» жалпы мазмуну төмөндөгүдөй бөлүктөрдө орун алган:

«Бакай Абыке менен Көбөшкө таарынып Май-Булакка көчкөнү»; «Каныкейдин качканы»; «Каныкейдин Букарга келиши»; «Семетейдин адеп атка мингени Сарытаздын келиши»; «Сарытаздын көмүрчүлөргө башчы болушу»; «Каныкейдин жомогу»; «Семетей Жакыпкандыкындагы мүлктөрүн алып андан чыкканы»; «Семетейдин кайрадан Букарга аттанышы»; «Семетей, Чыйырды, Каныкей, Сарытаз болуп миң илек колу менен Таласка кайтканы»; «Ырчы уулдун бузукулугу. Көбөштүн Семетейдин айылын чапканы» деген бөлүктөр.

Негизи бул окуялардын уландысы да бар ал жөнүндө маалымат бере кетсек, эпостун чордонун ээлеген негизги окуялардын циклын түзгөн бөлүгү катары «Семетей менен Чыңкожо, Толтойдун согушу» «Семетейдин Коңурбайга аттанышы», «Канчоро менен Чачыкейдин чыккынчылыгы» жана Семетейдин өлүмүнө байланыштуу майда окуялар түзөт. Манасчынын варианты тууралуу азын-оолак кеп мурда – кийин болуп келсе да, убагы келгенде илимдин объектисине атайын алынаары, ошондо ийне-жибине чейин талданаары дагы алдыда деп ойлойбуз.

Жыйынтыктай келгенде айта кетүүчү дагы бир шиңгил, кээ бирде манасчынын лексикасынан жаңы неологизм сөздөрүн жолуктурабыз. Мисалы; дилигрем – телеграмма, бечет – печать, баспурт – паспорт, политкелүү – политикалуу – саясий маанидеги ж.б бул сөздөрдү контексттик мааниден улам чечмелеп жатабыз. Эми мындай учурлар көпчүлүк эле манасчыларда жолугат. Себеби манасчы өз заманынын летописчиси катары жаңы нерсени чыгармачылыгына кийирип жибергени позитивдүү көз караштан алганда объективдүү нерсе. Ошондуктан бул жалпы чыгарманын алкагында алганда, көркөмдүк беделин түшүрүүгө таасирин анчейин тийгизе албайт.

Басмага даярдоодогу принциптери туурасында айта кетсек, биздин колго басылган, түзүлгөн иш тийди. Бул иштерди бизге чейин филология илимдеринин кандидаты, доцент, белгилүү окумуштуу Айнек Жайнакова аткарган. Ал эми иштин экинчи бөлүгүн тактап

айтканда илимий аппаратын толук биз даярдадык, тексти баштан аяк сыдырып илимий басмага ылайыктап Кириш сөзү менен бердик.

Корутундулап айтканда Шапак Рысмендеевдин варианты мурда эле чыга турган варианттардан эле. Ийгиликтин эрте кечи жок демекчи азыр дагы кеч эмес. Минтип жалпы журтчулугубуздун назарына түшүп турганы, кыргыз эли үчүн, ушул айдыңдагы илим үчүн өтө баалуу. Анткени манасчынын варианты толуккандуу түрдө кызыгууну жарата ала турган, өзүнүн жаратмандыгы менен, жогорку көркөмдүк деңгээлде айтылгандыгы менен, элдин жүрөгүнүн түнөгүнөн орун ала турганына шек жоктур.

Кыргыздын улуу мурасы болгон «Манас» эпосунун варианттарын жыйнактап түзүп, басмага даярдап, аны каржылап чыгышына демөөрчүлүк кылуу ар кимдин эле колунан келе бербей турганы, түмөн түйшүктүн натыйжасында ийине келип, чоң мээнет менен бүтөрү турган иш. Ошондуктан бул саамалык эпос таануудагы дагы бир жаңы кадам болуп эсептелинмекчи.

***Орозобекова Жылдыз Калмашевна***

## БАКАЙ АБЫКЕ МЕНЕН КӨБӨШКӨ ТААРЫНЫП МАЙ БУЛАККА КӨЧКӨНҮ

Кирип барып караса
Ойрон болгон Каныкей.
Ортосунда Семетей,
Чыйырды экөөнүн кашында.
Чыдай албай ошондо,
Каныкей турду кеп сурап,
Ошондо Байтайлак байкуш
кеп айтат:
«Иш бузулду, жеңе – деп,
Тактасын бердим эми» – деп,
Тактасын төөгө жүктөшүп,
Баары эле турат тиктешип,
Ажыбайдан башкасы,
Өңкөй мыктысынган кашкасы,
Оңдуруучу киши эмес,
Оңо турган иш эмес.
Атам сизге жиберди,
Акыл салып келгин деп,
Айтканыңды угайын
Азыр мында турбайын».
Анда Каныш деп айтат:
«Абакеме барып айт,
Жаккан отун өчүрсүн,
Алтүндө айлын көчүрсүн,
Май-Булактын башына
Барып консун ошондо
Аягы туюк капчыгай
Башы жайлоо бир далай
Жаңырыктуу жолу бар,
Жасалуу жакшы бели бар.
Бет алышып келгенде
Бейли жаман өтө албайт.
Эми маа кеп айтат,
Булардын билдим сырын
деп айтат
Мени оюма койчу эмес.
Ичип антка тойчу эмес.»
Ушуну айтып Каныкей,
Көзүнүн жашы тизилип,
Көөнү кетти бузулуп.
«Кош, аман бол, жеңе» – деп,
«Көргөнүм болду эми» – деп»
Бир Кудайга тапшырдык»
Аттанып жолго салды эми
Атасына барды эми,
Баштан аяк көргөнүн
Баян кылып берди эми.
«Каныкей бизге кеп айтты,
Турбагын эми», – деп айтты.
«Атаңдын көрү кулдардын
Кылары ушул иш эле,
Кадеми* каткан Каныкей
Адамдан артык киши эле.
Каныкей шордуу баламдын
Айтканын кабыл кылалы.
Бердикени чакыргын
Бердибай кайда кыйкыргын!
Меңдибайды алып кел!»
Акылдашаары үч болду,
Аманат жанга күч болду.
Үч кишиге кеңешти.
«Кандыгын алып тойбостон,
Жана дагы кеп уктум,
Каныкейден мен уктум.
Түн ичинде көчөлү,
Капчыгайга качалы.

Маа үчөөңдөн баана жок
Кудайдан бөлөк айла жок.
Үчөөң үч айылдын башы элең,
Отуз үйлүү киши элең.
Кудайдын кылган иши эле,
Медер. кылчу Бердибай,
Белге таңуу Бердике,
Ушул элдин ичинен,
Качып чыктык жепжеке.
Көк ала сакал Меңдибай
Акыры жалгаар бир Кудай,
Май-Булакты өрдөсөк,
Ошол жакшы малга жай.
Жаккан отуң өчүргүн,
Жалпы айлыңды көчүргүн!
Менин айлым дагы отуз
Так алтымыш түтүн айылбыз,
Ай ааламга дайынбыз.
Май-булактын башына,
Жети-Төрдүн астына,
Жеке барып коnолу,
Эми булар менен бир турган
киши оңобу?».
«Эмесе макул куп дешип,
Бака-шака көчүшүп,
Оттун баарын өчүрүп,
Эки киши кошчу алып,
Абакең Бакай жол чалып
Эки жагын арытып
Капчыгайды өрдөтүп,
Таң атканча иришип,
Капчыгай өөдө жүрүшүп,
Жайыкка чыгып келишип,
Таң атканда конушуп.
Жамандыкка жорубай,
Жалгызы да коробой,
Аман келип конушту.
Алты жүздөй коюю бар,
Абакеңиз Бакайдын
Ар немеде оюу бар.
Алтымыш атан төөсү бар,
Арасында Бөлөкбай –
Өзү калча дөөсү бар.
Үйдөй ташты ыргытат,
Канча душман келсе да
Кайра кууп дыргытат.
Жаңырыктын жалгыз жол,
Жалпы тартып салды ошол.
Тоонун башын жаңыдан,
Томуктай күн чалыптыр.
Арт жагына караса –
Талаада бир мал калыптыр.
Бери карап буркурап,
Келе жатат бет алып,
Боздоп алып зыркырап,
Караса Каныкейдин Куу инген,
Муңдуу болгон бу инген.
Тамандары телпилдеп,
Чуудалары селкилдеп,
Моюндары сүлкүлдөп,
Кош бөйрөгү бүлкүлдөп,
Келе жатат делпилдеп.
Аны көрүп Бакайдын
Обо айланып боз болуп,
Обозкусу козголуп,
Күн айланып боз болуп,
Күйүтү эми козголуп.
Кайра барып дүрбөшүп,
Кайта жолун салышып,
Куу ингенге барышып,
Жез буйладан алышып,
Жетелешип өтүшүп.

Куруп калган абакең
Куу инген мойнун кучактап
Көзүнүн жашы буурчактап.
Куу инген мойнун салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап.
«Каныкейди карабай,
Семетейди санабай,
Качып келдиң куу инген.
Адамзаттан мен шордуу,
Айбанаттан сен шордуу!».
Куу ингенди агытты,
Буйласын чечип мойнунан,
Коё берди ойдуңга.
Эми жата берсин бу жерге,
Абыке, Көбөш не жерде?
Муну таштап коюңуз,
Абыке менен Көбөштүн
Кабарынан болуңуз.
Эртең менен таң атып,
Элге көзүн салышып,
Атка минип алышып,
Ары-бери караса
Эр Бакайдын дайны жок.
Алтымыш түтүн кишиден
Асты калган айыл жок.
Ырчыуул көзүн салыптыр,
Ыйлап кирип барыптыр.
«Ажыбай менен Абыке,
Арстан Бакай канаке?
Кандыгын тартып алыппыз,
Калкка каран салыппыз!
Эмгегин тартып алыппыз,
Элге каран салыппыз.
Эп келбеген иш кылып,
Ээн баш болуп калыппыз!
Эми кандай болучу – деп,
Кандай айла кылчу» – деп.
Абыке ошондо кеп айтып:
«Оңбогун Кыргын», деп айтып,
«Көбөш экөөң көпкөнүң,
Көтөрүлүп кеткениң,
Сыйбай турган иш кылып,
Минтип түпкө жеткениң,
Эми кандай кылчубуз?
Качкандын баары чыгаша,
Келгендин баары киреше.
Ушу күндө карасаң,:
Ой жагыңда орустар,
Кыр жагыңда Кытай бар,
Эми Кыргыл чал саа кудай бар!...».
Ошондо Кыргын күпүлдөп,
Ачууланды күрсүлдөп,
«Ажыбай экөөң не дейсиң,
Кандай коркок кедейсиң.
Эми сен эмне деп бок жегейсиң?
Эрге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек.
Бакайдын карыганча кан болуп,
Кана мүйүз чыкканы,
Кай жеринде жукканы?!
Андан бетер жоголсун,
Кантип иши оңолсун!
Капчыгайдын башына
Жалгыз качып кеткени,
Ал өз түбүнө жеткени.
Жоону сайса биз сайдык,
Аты калды Манаска.
Элди алса, биз алдык,
Аты калды Бакайга.
Карыганча кан кылдык,
Качан аа жаңылдык?
Кытайдын журтун кыйраттык,

Кыз-келинин ыйлаттык,
Ошонун баарын бийлеттик,
Бакайды гана сүйлөттүк!
Көбөш Манастын иниси,
Бакайдын таарынганы кимиси?
«Эми атан өлсө тайлак бар,
Кому жерде калчу эмес».
Агасы өлсө ини бар,
Жеңе жерде калчу эмес.
Ойлосоңчу Абыке,
Бөлөк киши алчу эмес!
Манас, Көбөш, Абыке,
Баарың Жакып балдары.
Кызыталак бачагар
Барбы сөзүм жалганы?!
Бакайдын уулу Байтайлак
Багып жүрсүн тайтайлап,
Чала болот ал кулга,
Анын жатар жери шол жылга.
Семетей менен Каныкей,
Сен билбейсиң Абыке
Сенин жакын кишиң мынакей
Андан көрө баралы,
Бакайды барып көрөлү.
Душманга колтук ачыптыр,
Түндө көчө качыптыр».
Кырк чоронун баарысы,
Баары тура калышты.
«Койчу, Кыргын» – деп айтып,
Курган чалга кеп айтып,
Чогулушкан көп айтты.
Эр Көбөштүн ою бар,
Кан болгондо тою бар,
Эми бөлөк ишти коюңар.
Эр Көбөштүн айымы,
Жаман эле зайыбы
Талаага кетет талтактап,
Табагы калат шалтактап.
Айылга кетет талпактап,
Аягы калат шалтактап.
Эренче деген катыны
Элге батпайт капыры.
Эренчени таштайлы,
Эми акылды баштайлы.
Эренчени коёлу,
Акылайды келтирип
Аны нике кыялы.
Убактысы толду, – деп,
Убадасы болду, – деп.
Алты айга таамай толду, – деп.
Акылайга эп болду,
Айта турган кеп болду».
Арага киши салышып,
Алты киши барышып,
«Көбөш канга көңүлүң
Кандай жеңе», – деп айтып.
Тегерек көчүк тек турбас,
Теги жаман бузук күң.
Тетири карап кийинип,
Теги ичинде сүйүнүп,
«Өзүңүз билгин балдарым,
Ыраазымын сардалым *
Баарыңарга эп болсо,
Убада кылган кеп болсо,
Тийбегенде нетемин
Кайсы жака кетемин?».
Алтын сөйкө жымылдап,
Акылай антип кымылдап.
Аксакалды жыйдырып,
Ак боз бээни сойдуруп,
Ага нике кыйдырып.
Алты күнү тим жатты,

Андай болуп ким жатты?
Бая Кыргынчал доңуз оңбоду,
Дагы бирди болжоду.
Башында бузук «ит» эле,
Кыргынчал бузук киши эле.
Кудайдын кылган иши эле
Абыкеге кеп айтат,
«Каныкей кандай? – деп айтат
Мен ушак-айың кеп уктум,
Укмуштуу кепти мен уктум.
Мен Каныкейдин кеп айтам,
Сары-Арка белин жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Алтын аалы, жез өкчө,
Айдаркандын эр Көкчө
Алданын кылган иши экен,
Ошо жакшы киши экен.
Ошо Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Менин уулум Семетей,
Экөө кол кармашчу, – деп айтам.
Мен ошого кеп айтам,
Байгеден аты озуптур,
Ар балааны тозуптур.
Күрөшкөнүн жыгыптыр,
Каныкей муну угуптур.
Арага киши салыптыр,
Бакай менен сүйлөшүп,
Бармак болуп калыптыр.
«Аты уйкаш балдар» деп,
«Казак-кыргыз бир тууган
Акыр мени алаар, – деп,
Абыке теги калаар», – деп.
Казактын журту кайрыкер
Абыке деген кара жер.
Кадырымды билбеди,
Бир сүйлөшүп келбеди.
Алты ай тамам толгуча,
Ак күмбөздү болгуча,
Жети айга чейин күйгөнчө,
Жеңеси эрге тийгенче
Жерге кирсин, куу жаман
Жеке басып келген жок,
Теги мени билген жок!
А мындан көрө кетейин,
Үмөтөйгө жетейин,
Ушу кулду нетейин?
Агасынын арбагын артык
сыйладым,
Алты айга чейин кыйналдым.
Бүтүрдүм мунун жумушун,
Менин барбы кылмышым».
Ушу сөздү көп уктум,
Каныкейден кеп уктум.
Ошону угуп Абыке,
Түсү кетти бузулуп,
Жүзү кетти кубулуп.
Атаңдын көрү Кыргынчал!
Эмине дейсиң шылдың чал!
Каныкей антчү киши эмес,
Анын кылаар иши эмес.
Башка жоолук салгандын
Пашаасы эле жеңебиз.
Төмөн этек зайыптын
Төрөсү эле жеңебиз.
Кет үйүмдөн, Кыргынчал!
Сенин кебиңди укпайм
шылдың чал
Кебиң менен куруп кал!
Сенин бузуп айткан кебиңди,
Мен сенин таап коёмун эбиңди!
Ашы-жытын бере элек,
Атасы Темиркан деле

Аза кылып келе элек.
Бул кебиңди ит уксун!
Ургаачынын сарасы,
Урумдан чыккан Темиркан
Как ошонун баласы.
Арбак урган Кыргынчал,
Арты кийниң карачы.
Өзүң айткан кеп бекен,
Өлүм саа эп бекен?!».
Ушуну айтып урушуп,
Үйдөн сүрүп чыгарды.
Ошо бойдон томсоруп,
Үйдөн чыгып бозоруп,
Үйүнө үч күн тим жатты.
Үч күндөн кийин түн катты.
Түнүчүндө кеп айтты.
«Тур, Калкаман», – деп айтты.
Калкаманды тургузуп,
Жана туруп кеп айтат,
Жалынып кепти көп айтат.
«Эртең баргын», – деп айтат,
Абакемин үйүнө
Туура басып киргин», – деп,
«Акылынан Каныкей
Шашмак болуп калыптыр.
Эр Көкчөнүн элине
Качмак болуп калыптыр.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Тиймек болуп калыптыр.
Абыке ичи өрттөнүп,
Күймөк болуп калыптыр.
Ишендирип кеп айткың,
Ит болоюн деп айткын.
Куран кармап, кеп айткын,
Кудай урсун, – деп айткын!
Эми ушу сөздү сен айткын!
Мен Каныкейге барайын,
Капканын ичин карайын,
Ары-бери чалайын,
Айылдын ичин карайын».
Ошону айтып жөнөдү.
Капкасы алтын коргонго,
Каныкейдин ордого,
Салган бойдон барды го.
Мамыга атын чалды эми,
Манастын үйүн бет алып,
Басып кирип барды эми.
Чыракданы жагылуу,
Куйту күңү кашында.
Аюу талпак салынып,
Алдага ыйлап жалынып
Көрпө ичик силкинтип,
Көзүнүн жашын иргилтип,
Кайын энеси Чыйырды
Төрдө жатат бүк түшүп,
Үстүнө жаман жүк түшүп.
Семетейди караса
Чыйырдынын жанында
Уктап жатат мамырап.
Баягыны көргөндө
Калп эле сакалынан жаш кетип,
Эки колу бош кетип,
Ыйлаган болуп бышылдап,
Эпчи жакка олтуруп,
Эт бышымга тим туруп.
Көп кечигип кеткен соң,
Эт бышымга жеткен соң,
Башын өөдө көтөрүп,
Тамагын жасап жөтөлүп:
«Балам Каныш, кеп айтам,
Баш көтөргүн деп айтам.
Бая көөдөктү кудай алыптыр.

Көтөрүлүп калыптыр.
Аны көрүп Абыке
Саа дагы кеп айтып,
Мени баргын деп айтып,
Карганда мени курутту,
Кан Манасты унутту.
Мурункулар өлбөсө,
Муштайык кана жүргөнү?
Бурбай ажал келгенде
Булар дүйнө сүргөнү.
Баштадан дүйнө түбүнө
Байгамбар кууп жетпеди.
Башка ажал келген соң –
Баары бирдей кеткени.
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок.
Өлмөк бар да, калмак бар,
Эми калганын ини алмак бар.
Ушул сөзү эп болсо
Сага ылайык кеп болсо
Жообуңду билгизгин,
Жолго бачым киргизгин!
Жан кишиге билгизбей,
Жалгыз келдим кулунум,
Жакшылап айткын туйгунум».
Ошол кепти укканда
Отурганы мелтиреп,
Ойлонуп кана турат зеңгиреп.
Уу ичкендей кумсарып,
Урушкандай сумсайып.
Эки саат болгуча
Эси ооп элдейип,
Эт бышымга делдейип.
Эми Каныш кеп айтып.
«Эй, абаке – деп айтып,
Эми ушу бойдон жөнөңүз.
Аксакалдуу чагыңда,
Аттана турган табыңда
Арачы болуп калыпсың.
Бейли куну агында,
Меке кетер чагыңда
Мени чайкап калыпсың.
Эми ушу бойдон жөнөгүн!
Карганда сени сыйладым,
Качантан бери кыйналдым.
Акырет кеткен төрөмдүн
Кызматын артып бүтүрдүм.
Эки саат болгончо
Эбин таппай олтурдум,
Этегим жашка толтурдум.
Карыганда сени сыйладым.
Кабылан Манас төрөмдүн
Кадырын артык ойлондум.
Ушу бойдон барып жат,
Эч кимге сырың айтпагын.
Айтканыңдан кайтпагын.
Эртеңки түнү тим жаткын!
Бүрсүгүнкү күнүндө,
Жуманын Кадыр түнүндө
Как ушундай кечинде,
Элдин жаткан кезинде
Ээрчитип алып кел!».
«Эмесе макул, куп» – деди,
Балам сөзүң эп» – деди.
Эшикти көздөй жөнөдү,
Атка минип аркырап,
Айылын көздөй «чү» – деди.
Аны таштап коюңуз,
Алды каткан Каныкей
Кабарынан болуңуз.
Чыйырдыны ойготуп:
«Башка кыйын иш келди,

Байбиче өөдө туруңуз,
Жүзү-колуң жууңуз.
Менин таноолорум кысылды,
Эми ишим бузулду.
Бузулгандын белгиси –
Булбул сайрап үн катат,
Бугу боздоп түн катат.
Торгой сайрап үн катат,
Тоту куштар түн катат.
Бул эмине болучу,
Муну кандай кылучу?
Баягы Кыргыныңыз кеп айтты,
Баятадан көп айтты.
Байкадыңбы байбиче,
Айла кандай болучу?
Же абакем ушул элде жок,
Акыл салар бенде жок.
Саадагын* сая байланып,
Сай кашканын баарысы
Кулдарда жүрөт айланып.
Кылычын кыя байланып,
Кырк чоронун баарысы
Көөдөктө жүрөт айланып,
Муну кандай кылчубуз?
Же Меңдибайым менде жок,
Мендей шордуу элде жок!
Улам жылып олтуруп,
Ишибизди болтуруп,
Эми маа келиптир.
Уламалуу кары элең,
Узун кулак сары элең,
Манасты тапкан сен элең.
Ушундай гана болчу кем белең?»
Ошону айтып Каныкей,
Көзүнүн жашы тизилип,
Көөнү кетти бузулуп.
Кең дүнүйө кысылып,
Бөйрөктөрү болкулдап,
«Кыргыл чал келди арага,
Кандай айла кылчубуз?
Мылтык тийген жарага,
Айланы кандай табабыз,
Мына бул уктап жаткан балага?»
Куруп калган Чыйырды
Ошол кепти укканда
Тура калып жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Баягы курган кемпир күшүлдөп,
Добушун элге угузбай
Ыйлап турду бышылдап.
Экөө бирдей солкулдап,
Ыйлай берди болкулдап.
Эми турду Каныкей
Белин бекем байлады.
«Кантип таптык айланы?».
Куйту күңдү тургузуп,
Бети-колун жуугузуп,
«Тамак-ашты бер», – деди
Эт жүрөгү дегдеди.
«Байбиче, бачым тойгун», – деп
Ыйлаганың койгун», – деп.
Куйту күңдү кет, – деди,
Жууркандан ал деди,
Оронуп калып кал деди.
Куйту күң жуурканга оронуп,
Ирегеге жыгылып,
Жатып калды тыгылып.
Каныкейди карасаң,
Дөөт калем колго алып,
Төрдү көздөй бул барып,
Абдырасын* ачтырып,
Дүнүйөсүн чачтырып,

Баарын каттап алышып.
Нечен така бачайы,
Тобун бузбай дүрүйө,
Толуп жаткан дүнүйө
Баарын катка салышып,
Тегиз каттап алышып.
Үйдүн ичи чак түштөй,
Талыманын так түштөй.
Көрүп туруп каттады,
Көңүлүнө жаттады.
Андан чыгып алышып,
Ар сарайга барышып,
Ар кайсы үйдү көрүшүп,
Баарын катка салышты.
Эшиктерин бекитип,
Баарына печет басышты.
Кайтып келип Каныкей
Каныкей кадимкидей тим жатты,
Ал аңгыча таң атты.
Бул ишинде арман жок,
Ошол көргөн мүлкүнөн
Катталбай бирөө калган жок.

## КАНЫКЕЙДИН КАЧКАНЫ

Эртең менен Каныкей
Найдай бели буралып,
Айдай жүзү нурданып,
Чырайы чыгып чыңалып,
Семетейин жетелеп,
Тышка чыгып бет алып:
«Байбиче, үйдө олтур» – деп,
Чыйырдыны таштады.
Башаалык бакка барышып,
Баары-жогун көрүшүп,
Бакчаларга киришип,
Ар мөмөдөн алып жеп.
Керектүүсүн алышып,
Этегине салышып,
Эркелетип ээрчитип,
Тай-кулундай телчитип,
Келе жаткан кезинде,
Күн обого келгенде,
Тас төбөгө жеткенде
Бая Кыргынчал доңуз аттанып,
Абыкеге мактанып:
«Көрбөйсүңбү жеңеңди,
Эт жүрөгү жарылып,
Эшикте жүрөт камынып.
Сени көрсөм экен деп,
Үйдө турсам бекер деп.
Баланы жакшы багаар – деп,
Акылымды табар деп.
Эшикте жүрөт көрдүңбү?».
«Кана, кана», – деп айтып,
Абыке турду сүйүнүп,
Ордунан турду түйүлүп,
Кашатка чыгып көрүшүп,
Экөө көзүн салышып.
Абыке ошондо кеп айтып,
«Абаке Кыргын, деп айтып,
Бая күнү урушуп,
Шагыңды жаман сындырдым.
Түндө сонун кеп уктум,
Бир адамдан мен уктум
Баягы сөзүң чын келди.
Эми кандай кылабыз?
Анда Кыргын кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
Эми эртеңки түндө барабыз,
Абдан сөзгө канабыз.

Бүгүнкү күндө жатабыз,
Эртеңки түнү барган соң,
Тамашага батабыз.
Ошону айтып кубантып,
Кыргынчалдын сөзүнө,
Кызыкты бүгүн өзүнө,
Көрүнүп турган көзүнө.
«Карыганда кургурум,
Кантип ишке жарадың?
Баракелде аба, – деп,
Эми ыраазымын сага, – деп
Ошо бойдон каткырып,
Ошол сөзүн жат кылып,
Карап турду дөбөдөн.
Кылсын булар тамаша,
Каныкейди караса
Семетейин жетелеп,
Кирип кетти ордого.
Этегинде жемишин
Энесине берди эми.
Ичи күмүш, тышы алтын,
Мис табакка салды эми.
Куйту күңгө кеп айтып,
«Эл чогулткун» деп айтып:
Баягы келиндерди чакыргын!
Каныкейдин кырк келин
Кынай бууган бек белин,
Баарын азыр чогулткун!»
Баары келди алдына,
Каныкейдин жанына.
Бооруна колун алышып,
Каныкейдин жанына
Баары келип калышып.
«Бу кырааным Манас өлгөнү
Кыяматты көргөнү,
Кылчайып бирөөң келбедиң.
Баарыңды бүгүн ойлонуп,
Эт жүрөгүм дегдеди,
Эч кимиң басып келбедиң.
Асылым төрөм өлгөнү,
Алты тамам толуптур,
«Ак күмбөзү» болуптур,
Эми ашы-жыты калыптыр
Айтканымды угуп тур!
Айыл-апа чогулуп
Аш берүүнү кеп кылат.
Ошентип Каныш кеп айтат.
«Ар кимиңер муштумдай
Күл азык тапкын» – деп айтат.
Таппаганың чапкылап,
Таап алып келгиле.
Күүгүм менен чогултуп,
Алып келип бергиле.
Как ошону ичейин,
Аманат жандан кечейин.
Эми аза күтүп турайын.
Күйүттүү киши ичүүгө
Күчү бар деп мен уктум,
Уламадан кеп уктум?»
Ошонетип жөнөттү
Эпилдешип жүгүрүп,
Этек-жеңин түрүнүп,
Алеки саат болгуча,
Ачып көздү жумганча
Таап келишти жүгүрүп,
Тактекедей түйүлүп.
Кээси аягына салышып,
Алып келип калышып.
Кээ бирөө чынысына салышып,
Чындап алып келишип.
Кебезден кылган ак куржун
Чогултуп аа салдырып,

Оозун тигип иймелеп,
Бекитип койду түймөлөп.
Жүк бурчуна коюшуп,
Келиндердин баарысы,
Билген кебин айтышып,
Ошол жерден кайтышты.
Антип-минтип отуруп
Эми күндү баткырып,
Элдин баарын жаткырып,
Ак албарсты бүлөдү
Абыке менен Кыргынды
«Кудайдан» чындап тиледи.
Аюу талпак астына
Жаап салды ошондо
Үстүнө баса олтуруп
Көзүнүн жашын толтуруп
Улам чертип жиберип,
Куруп калган Чыйырды
Семетейди кучактап
Көзүнүн жашы буурчактап,
Жүк алдына бүк түшүп,
Үстүнө кыйын жүк түшүп.
Жатып калды куу кемпир
Манасты жуткан бу кемпир.
Ал аңгыча болбоду
Абыке,Кыргын оңбоду.
Каныкейдин болжолу,
Болуп калган кезинде,
Ободогу жылдыздар,
Толуп калган кезинде,
Эми келатышат кечинде
Аргын, кыргыз аз айыл,
Атканы бараң*, жазайыл.
Арстаны Манас барында,
Дөөлөтүнө мас айыл.
Жалтанбастан коргонго,
Келип калды ордого.
Эшигинин алдына,
Сыр мамынын жанына
Шып деп түшө калышып,
Атын байлай салышып,
Жанында жалгыз киши жок,
Бөлөк элдин баарысы
Булар менен иши жок.
Эшигине барганда
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыкты солк этип.
Каныкейден кайгы жеп,
Кандай болоор экен деп.
Соотун кийип курчанып,
Кызыл бети сур чалып,
Эки көзү жалтылдап,
Эси чыкты калтылдап.
«Абаке Кыргын киргин» – деп,
Эшигин ача бериши,
Эңкейип экөө киришип.
Тикирейип Каныкей
Тиктеп турат ошондо.
Албарсты баскан немедей,
Аягынан дүрүлдөп,
Тула бою зирилдеп,
Эпчи жактан бет алып
Төрдү көздөй барышып,
Жүккө барып сүйөнүп,
Жүүртө басып Кыргыл чал.
Абыкени караса,
Кыргынчалга жанаша
А да барып отурду.
Жооп бербей олтуруп,
Жылдыздын баарын батырып.
Таңга жакын болгондо
Каныкейди караса

Аюу талпак үстүндө
Көзүнүн жашы тизилип,
Көргөндө көөнү бузулуп,
Көпкө турду Кыргынчал.
Айта албады шылдың чал.
Ошондо Кыргын комдонуп,
Тамагын жасап оңдонуп
«Оо, Каныкей» дегенче,
Аюу талпак астында
Ак албарсын колго алып,
Ыргып тура калды эми.
«Байгамбар салган жол ушул,
Сен түгүл Манасты сайган
кол ушул!
Алтындан жааны бурасын,
Акыретке барганда
Арстан Манас сурасын».
Ошону айтып Каныкей
Оң колуна шамшарын,
Ала коюп жүгүрдү.
Кыргынчалды карасаң
Тура качты эшикке.
Эшикке чыга бererде
Эликтей чуркап жетти эми,
Жамбашына келтирип,
Албарс менен нетти эми.
Кыргынчалды карасаң
Оңкосунан кетти эми.
«Бул доңузду сойдум», – деп,
«Абыке кайда кетти», – деп,
Абыкеге жүгүрдү.
Абыкени карасаң,
Атка минип күтүнүп,
Бура тарта бергиче
Кирип келди түйүлүп,
Абыкеге жүгүрүп.
Көтөрүлө бергенде
Көчүктөн ары бир койду.
Чамбыл ала чаң болуп,
Экөөнүн чаткаягы кан болуп,
Экөөнүн тең куйругу –
Бу Кудайдын салган буйругу
Бөрү тарткан кой өңдүү,
Бөксөлөнүп калыптыр.
Ошол бойдон жарышып,
Каныкейден кутулду.
Иши минтип бузулду.
Жолдо ката Абыке:
«Атаңдын көрү, Кыргынчал,
Кылмак элең шылдың чал!
Катынга минтип сайдырып,
Акылыңдан айрылып,
Кантип тирүү жүрөбүз?
Шыгай менен Ногойдун
Кантип жүзүн көрөбүз?
Кырк чоронун ичине
Кантип барып турабыз.
Ушул элди уялбай,
Канеткенде сурайбыз?
Кылмак элең Кыргынчал
Түпкө жеттиң жинди чал!»
Бастыра албай эңкейип,
Экөө келет деңкейип,
Ээрге көчүк батпастан,
Экөө келет теңкейип.
Ээрдин кашын жөлөктөп,
Экөө келет өбөктөп.
Бирин-бири тuurашып,
Бул экөө минтип келет
куурашып
«Оңбогон Кыргын, оңбогун,
Эгерде эки болбогун!

Ушу кылган ишиңди,
Эми кантип оңдодуң!
Эми жалгыз киши барган жок,
Жарабызды көргөн жок.
Эми он чакты күнү тим жаткын
Оозуңду басып сен жаткын!
Он чакты күнү суу ичип,
Ошондо адам болобуз,
Же болбосо өлөбүз.
Ошо бойдон барышты,
Булар менен иши жок,
Атын алган киши жок.
Мындай кызык иш болбойт,
Ушундай адам мыш болбойт.
Барып жатып калышты,
Билгизбеди дабышты.
Аны таштап коюңуз,
Алды каткан Каныкей,
Кабарынан болуңуз.
Ошондо Каныш кеп айтат:
«Ой, энеке» деп айтат.
Эми жатпа кетели,
Эми мында туруп нетели?
Иш бузулду көрдүңбү?
Ишти бузуп салдык деп,
Эки бирдей арамды
Май куйрука сайдык деп.
Эми муунуң кеткен чагыңда,
Карып калган чагыңда
Кайсы жакка барасың?
Качып жүрүп өлөсүң,
Андан көрө мында кал,
Айтканыма кулак сал.
Мен Семетейдин айынан
Дүнүйөмдөн айрылдым.
Эки кулду жай кылдым,
Ээринин баарын май кылдым,
Эми кайда барамын?
Энеке сенден айрылдым.
Теги сени курутпайт,
Семетейди унутпайт.
Андан көрө бата бер
Тобокел деп жата бер»
Ушинтип айтып кыйналды,
«Кудайына» ыйлады.
Баягыны уккан соң,
Алакандан чаң чыгып,
Ыйлап көздөн кан чыгып.
Чыйырды кургур унчугуп:
«Эки көзүм оюп кет,
Энеңди эми союп кет!»,
Кантип сенден калайын,
Мен да кошо барайын.
Өнөрүңдү көрөйүн,
Сен өлсөң кошо өлөйүн!
Экөөңдөн кантип калайын.
Сен өлгөндө мен өлөм,
Сени менен жөнөлөм.
Сенден кантип калайын?
Артыңдан кошо барайын».
Таягын алып такчаңдап,
Курган кемпир какчаңдап,
Ак куржунду көтөрүп,
Курган кемпир жөтөлүп,
Эшикке чыгып жөнөдү.
Семетейди жетелеп,
Эшикти көздөй бет алып,
Кайра тартып алышып,
Каалгага келишип,
Эки кулпу салышып.
Бечет мөөрүн басышып,
Каалганын бетине

Ак кагазга кат жазды.
«Бу дүйнөдө көрбөйсүң,
Эми кантип төлдөйсүң?
Бокмурунча болбодуң,
Эки жаман оңбогун!
Эгерде эки болбогун!
Асыл Манас төрөмдүн
Ашы-жытын бербедиң,
Андан кийин келбедиң,
Аламын деп дегдедиң.
Мен кыйланып жүрүп өлөрмүн,
Сен кытайдан кордук көрөрсүң.
Мен тентиреп жүрүп өлөрмүн,
Сен теңтуштан кордук көрөрсүң.
Мен качып жүрүп өлөрмүн,
Сен казактан кордук көрөрсүң.
Мен кыйланып жүрүп өлөрмүн,
Сен кыргыздан кордук көрөрсүң.
Калмактын журту кайрыкер,
Как ошого кетермин,
Кайрылып түпкө жетермин.
Ногойдун эли боорукер
Как ошого кетермин,
Ойлонсоң түпкө жетермин.
Тирүү болсом бир кезде,
Теги өчүмдү алармын.
Паашалык кетти башыман,
Кырк чоро кетти кашыман.
Ырайым кылар Кудайым,
Көзүмөн аккан жашыман.
Семетей жалгыз жетимим
Ушу үчүн кетермин.
Манастан калган туягым,
Башынан бузук сыягың.
Сооттон калган кыягым.
Тулпардан калган туягым.
Туйгундан калган тумшугум
Бул менин эркелеткен ышыгым.*
Болоттон сынган кетигим,
Бул менин Манастан калган
жетимим
Семетейим үчүн кетемин,
Кыяматта көрбөсөң,
Бу дүйнөдө көрбөйсүң.
Ашы-жытын бербестен
Аламын деп болбодуң,
Арам жаман оңбодуң.
Дүнүйөм калды өзүңө
Көрүнбөсмүн көзүңө.
Семетей тирүү бар болсо,
Дүнүйөмдү жоготпо!
Ачып кара көзүңдү!
Эсебин кийин берерсиң,
Эсиң болсо куу жаман,
Эстеп ойлоп жүрөрсүң!
Бузуку кулдар азгырды,
Кокус сени жазгырды.
Кор болоорuң билбедиң,
Аныңды да билемин.
Алтын тактан айрылдың,
Акыл таппай тайгылдың.
Шумкарыңды качырдың,
Сыймыгыңды учурдуң.
Берениңди качырдың,
«Бериштеңди» учурдуң.
Абаңдан да айрылдың,
Теги бирди көрөрсүң,
Күйүп-бышып жүрөрсүң.
Деп, ушинтип кат жазып,
Аягына мөөр басып,
Түн жамынып корголоп,
Тооктой экөө жорголоп,

Көздүн жашы шорголоп
Көрүнбөстөн жөнөдү.
Элден чыгып атыптыр,
Эл четине барыптыр.
Кут жылдызды бет алып,
Туура карай жөнөлдү.
Тек турбастан сеңирге,
Бек жалынып теңирге,
Олуя-Ата оюнда,
Агын суунун боюна
Калың камыш ичине
Качып кирди кечинде.
Камышка кирди корголоп,
Көзүнүн жашы шорголоп.
Аны таштап коюңуз,
Абыке менен Кыргындын
Кабарынан болуңуз.
Эртең менен таң атып,
Элдин баары турган го,
Буларды Кудай урган го.
Куйруктун баары дүңкүйүп,
Булар жатат үңкүйүп.
Көргөндүн баары кеп айтып,
«Эмне болдуң?» – деп айтып,
Ажыбай угуп түйүлүп,
Экөөнө келди жүгүрүп.
Экөө жатат чүмкөнүп.
Кабагы карыш бүркөлүп.
Ажыбай козгоп кеп айтат
«Соо эмес булар» деп айтат.
«Каныкей кургур каралуу
Барамын деп экөөңөр
Болупсуңар жаралуу.
Сүйлөшөм деп экөөңөр,
Шумдук болуп калыпсың.
Билдим сенин сырыңды.
Түгөнгүсүз ырыңды.»
Ажыбай турду кеп айтып,
Аттангыла, – деп айтып.
Каныкей түндө кеткендир,
Түпкө минтип жеткендир.
Ажыбай атка минишип,
Ары-бери болушуп,
Айлын көздөй жарышып.
Капкасы алтын ордого,
Каныкейдин коргонго
Салып кирип барышып,
Жазган катын көрүшүп.
Бечеттүү мөөрүн басыптыр,
Бек бекитип качыптыр.
Көргөндө чоро буркурап,
Көбү ыйлап чуркурап.
Бир жагында жыйырмасы,
Ажыбай баштап жыласы
Аш бышымга буркурап,
Ыйлап турду чуркурап,
Асыл жеңем качыптыр,
Алтын,күмүш чачыптыр.
Акылынан шашыптыр,
Айла кандай болчу, – деп,
Май-Булактын башында
Абасына кеткендир».
Алтымышча чоросун,
Ээрчитип жоросун
Ажыбайың жөнөдү
Абакеңди бет алып.
Жаңырыктуу жолуна
Эр Бакайдын элине
Энтелешип барышып,
Аны Бакай көрүптүр,
Бөлөкбайга барыптыр.
«Бөлөкбай балам тургун – деп,

Тетиги кулдар келет ургун – деп.
«Э дегенде ме», – деген
Эр Бөлөкбай эр экен.
Алачыктай таш алып,
Алдын тозо жүгүрүп
Үйдөй ташты ыргытып,
Элди кууп дүргүтүп,
«Өлөсүңөр кеткиле».
Ажыбай турат айкырып,
Абакелеп кыйкырып.
«Тулпарымды качырдым,
Туйгунумду учурдум.
Кыргыйымды качырдым,
Кыраанымды учурдум.
Беренимден айрылдым,
Белим сынып кайрылдым.
Мен келемин өзүңө
Каныкей мында келгенин
Кабарын айтып бергиниң.
Белге чапкан жыландай
Жойлой албай турамын.
Ичимдеги сырымды
Ойлой албай турамын.
Башка чапкан улактай,
Көк мээ болуп турамын.
Көргөнүңдү жашырба
Абаке сенден сурадым.
Бая Кыргынчал доңуз барыптыр.
Абыкени ээрчитип,
Жаралуу болуп калыптыр.
Ошондо Бакай айкырып,
«Оңбогун» деп кыйкырып,
Булкуп алды мурутун,
Жулкуп алды сакалын.
Түк койбоду бакалын.
«Оңбогун, Кыргын, оңбогун»
Эгерде эки болбогун!
Эми кайдан табамын?
Кара ниет Каныкей,
Кадеми каткан Семетей
Акылынан шашкандыр,
Калмакты көздөй качкандыр.
Ойлонуп түпкө жеткендир,
Же ойгутка кирип кеткендир.
Же бурулуп жолго салгандыр,
Букарга кетип калгандыр.
Анетпесе не болду,
А, кайда кетип жоголду?
Азыр мында келген жок.
Ишендире кеп айтып,
Ит болоюн деп айтып.
Курандаша кеп айтып,
«Кудай урсун» деп айтып.
Кудай бардыр кырк чоро
Алтын тактан тайгылдым,
Асылымдан айрылдым.
Күмүш тактан тайгылдым,
Күйөөрүңдөн айрылдың.
Каныкейди качырсаң,
Кайсы жерге коносуң,
Кантип адам болосуң?»
Ошону айтып эр Бакай
Өз үйүнө өкүрүп,
Эми түштү бакырып.
Күн-айымдан айрылып
Күлкү болуп калыпмын.
Ай-күнүмдөн айрылып,
Айың болуп калыпмын.
Калайыктын ичине
Дайын болуп калыпмын.
Санаама жетпей өлүпмүн,
Сапарды быйыл көрүпмүн.

Эки шордуу жөө басып,
Эки бетин көө басып,
Текей терип тентиреп,
Тентип жүрүп өлүптүр.
Ышкын терип тентиреп,
Ырысы каткан турбайбы?
Сарымсак терип сандалып,
Сапар кеткен турбайбы?
Ичерге тамак таба албай,
Ырысы качкан турбайбы!
Эми кайдан табабыз,
Кайсы жакка чабабыз?
Ошону айтып бүктүшүп,
Башына кыйын жүк түшүп,
Бакай калган жери ошол...
Баягы келген адамдар
Эки көзү аландап
Кайра тартты саландап,
«Эми кайдан табам» деп.
Абыкенин үстүнө
Баарысы келди дуулдап,
Таап бер деп чуулдап.
Баягыны укканда
Абыке жаман «мыш» болуп,
Кыяматтай иш болуп.
Абыке жаман арманда,
Оозун жаман карманды,
Тиштелүү калды бармагы.
Аны таштап коюңуз,
Алды каткан Каныкей
Кабарынан болуңуз.
Он эки күнү тим жатты.
Баягы күлазыктан атышып,
Муздак суугa чалышып,
Күнү-түнү буркурап,
Уктай албай зыркырап.
Анда-санда Семетей,
Ыйлап ийет чыркырап.
Антип-минтип олтуруп,
Он беш күндү болтуруп.
Ошондо байкуш ач болду,
Талканы бир күн түгөндү.
Ошондо Каныш кеп айтат:
«Ой, энеке», – деп айтат.
«Акыр заман келди», – деп,
«Ачкалык башка жетти», – деп.
Ал түнүндө жөнөйлү
Ак жазганын көрөлү.
Абамды көздөп баралы,
Алкым жолго салалы.
Акыр заман болгондур,
Абакем угуп калгандыр.
Азыктын баары түгөндү,
Караңгы камыш ичинен
Карыган энем жүр энди!
Камыштан чыгып алышып,
Алкым жолго салышып,
Бөксөнүн жолун бет алып,
Бөкчөңдөгөн кемпирди
Бир колунан жетелеп,
Эр Бакайдын жолуна,
Кылчайбады соңуна.
Семетейи ийнинде,
Дүнүйө калды кийинде.
Келе жатат тырышып,
Семетей менен урушуп.
Оюрмалуу бел менен,
Ойку-кайкы жол менен
Таластан берки сеңирге
Ак эрмендин өңүргө
Араң жетти телмирип,
Таң аткыча жол жүрүп.

Таңдын көтү түрүлүп,
Тас төбөгө сүрүлүп,
Ак күмбөздүн алдына
Араң жетти жүгүрүп.
Күмбөзгө кирди буркурап,
Мууну бошоп зыркырап,
Ачкалыктан Семетей,
Ыйлап ийди чыркырап.
Ак күмбөзгө киришип,
Бир молону кучактап,
Ыйлашты көрсөң көр эми.
Кыямат-кайым болгондой,
Кыйла киши өлгөндөй,
Акыр заман болгондой
Астын, үстүн иш болуп,
Ар күмбөзгө туш болуп,
Бир молону кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап:
«Кокуй, Манас, ойронум,
Колуң жетсе койбогун!
Асыл Манас ойронум,
Асты мени койбогун,
Алың келсе ойлогун.
Ногой, шыгай элиңден
Качып кирер коргон жок,
Калка болгон ногой жок.
Бит сыгарга каруу жок,
Бир сындырым наным жок.
Айла кандай болучу,
Биздей шордуу болчубу,
Минтип адам оңчубу?»
Ошону айтып Чыйырды,
Оңкосуңан жыгылды,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Эрди турат кеберип,
Каныкей турат чепеңдеп,
Кокустан өлүп кетет деп.
Семетейин таштады.
Чыйырдынын эмчегин
Оозуна салып какшады.
Семетей ыйлап таңшыды.
Көргөн адам жашыды.
Бакайды көздөй бет алып,
Басты Каныш күмбөздөн,
Этегин өөдө түрүнүп,
Тоону көздөй жүгүрүп.
Күрпүлдөгөн ак шорго,
Күйүттүү Каныш Кең-Колго,
Жети төрдө туюкка
Бакай жаткан жайыкка.
Ботодой көзү жалжылдап,
Басалбай мууну калтылдап,
Келе жатат жакындап.
Аны таштап коюңуз,
Абакеңиз Бакайдын
Кабарынан болуңуз.
Ошо кезде эр Бакай,
Таң аткыча уктабай,
Жалынганы бир Кудай.
Он беш күн таамай толгуча
Уктабастан түн катып,
Атын Бакай жаратып,
Кароолго киши каратып.
Ар тарапты көздөтүп,
«Каныкей кантип келбесин»
Ачка куурап өлбөсүн».
Эт жүрөгү болкулдап,
Эси чыгып солкулдап.
Атка минип эр Бакай,
Көөкөрүнө сүт куюп,
Тасторконго нан ороп,
Жакшылыкка бу жоруп.

Канжыгага тапшырып,
Атка минип үшкүрүп,
Абакеңиз бышкырып.
Бер жагында сеңирге
Боз учуктун өңүргө,
Боздоп-ыйлап теңирге,
Көкчолок аты жорголоп,
Көзүнүн жашы шорголоп,
Күмбөз жаккы далаада,
Көзүн салып караса
Келе жатат бир караан.
Көзүнүн жашын аарчып,
Абакең тиктеп караса –
Этек-жеңин түрүнгөн,
Эбелектей жүгүргөн,
Эмгектүү киши өңдөнөт.
Сур коёндой бүгүлүп,
Тоону көздөй жүгүрүп,
Найдай бели бүгүлүп,
Эңкейе түшүп жүгүрүп,
Семетейди эстесе
Эси чыгып түңүлүп.
Аңгыча Бакай каркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Атка камчы салды эми
Абакең жөнөп калды эми.
Каныкей келет жүгүрүп,
Абаңды көрүп сүйүнүп,
Көргөндө Бакай каңгырап,
Ыйлап келет заңгырап:
«Кадемимди катырып,
Качып келе жаттыңбы?
Шумкарыңдан айрылып,
Шашып келе жаттыңбы?
Туйгунумдан айрылып,
Туура карай качтыңбы?
Ушунетип кулунум,
Акылыңан шаштыңбы?
Баатырдан калган төрөмдү,
Аман жүзүн көрөмбү?
Чыныңды айткын чырагым,
Чыдай албай турамын.
Тапкан белем эбиңди,
Бачым айткын кебиңди.
Уккун менин сөзүмдү
Ойгон белем көзүмдү?
Семетейим аманбы?
Абаке, – деп – сүйүнчү,
Тон-өтүгүң кийинчи,
Аман жатат Семетей
Ак күмбөздүн ичинде,
Семетейиң тирүү, – деп.
Баягы кемпир өңөрүп,
Араң жатат күмбөздө.
Абакелеп жөнө, – деп,
Эртелеп жөнөп баргайсың».
Анда Бакай нанын чечип
ыргытты,
Көзүнүн жашын мылгытты.
Көкчологун жылжытты.
Эми күмбөздү көздөй жөнөдү.
Аттан түшө калды эми,
«Алда!» деп, күмбөз ичине
Абаң кирип барды эми.
Көөкөрдө сүтүн колго алып,
Семетейге көз салып.
Чыйырды кемпир булайып,
Алагар көзү алайып,
Акыретке ылайык,
Араң жаны калыптыр.
Бакай минтип барды эми,
Баласын жаңы көрдү эми,

Көтөрүп колго алды эми.
Көөкөрдө сүтүн алыптыр,
Семетейдин оозуна малыптыр.
Кылкылдата сорду эми
Кыябына келди эми.
Эс алып адам болуптур,
Семетейди карасаң,
Ошол сүткө тойду эми.
Тойгондон бала шылк этип,
Уктап калды кылт этип.
Артынан Каныкей чуркап
булжетип,
Ак күмбөздүн ичинен
Алиги төртөө баш кошуп,
«Урады коргон-калаасы,
Учурдум шумкар баласын,
Сындырдым болот жебесин,
Жыгылттым тоонун кетесин
Абыке менен Көбөштүн
Кылаарын мурун билгенмин.
Май-Булактын башында
Кыйланып качып жүргөмүн.
Каныкей балам кайгырба,
Акылыңдан айрылба!»
Чыйырдыга кеп айтып,
«Тур өөдө, кемпир», – деп айтып,
Өлгөндөн бизге айла жок,
Өкүнгөндөн байда жок,
Өөдө болгун, кургурум!
Өшөнтүп андан чыгарып,
Кара сууга каптырып,
Атын Бакай сугарып.
Сүтүн ичип, нанын жеп,
Бир жилик этин дагы жеп.
Бетине кызыл жүгүрүп.
Нанды сүткө чыкташып.
«Ак күмбөзү курусун,
Айткан менен байда жок,
Күмбөздөн бизге айла жок.
Кырк чоро көрүп калбасын,
Кызыкты бизге салбасын,
Айбандар көрүп калбасын,
Азапты бизге салбасын!
Жүргүн жеңе Чыйырды,
Атка минип жөнөгүн,
Семетейди өңөргүн!»
Ары-бери аткарып,
Бул азаптан куткарып,
Абакеңиз жөө басып,
Каныкейи ээрчип,
Кылчаңдап артын каранып,
Кыл мурутун таранып.
Абакең Бакай жүгүрүп,
Каныкей кошо түйүлүп,
Чыйырдыны карасаң,
Атка минип бөкчөйүп,
Семетейди өңөрүп,
Кадимкидей чакчайып,
Абакең көгөрүп,
Арт жагынан жөнөтүп,
Карыса да кан Бакай,
Кармаганы кандуу кул,
Как ушундай шаңдуу кул.
Алам саат болгуча,
Чыгып барды аңгыча.
Жаңырык салган жолуна
Чыгып барды элине.
Абаңдын айлы буркурап,
Көргөндө баары чуркурап,
Бердикеси бакырып,
Меңдибайы айкырып,
Бердибайы дуулдап,

Айылдын баары чуулдап,
Садаганы таптырып,
Сары улагын кактырып.
Кара торпок кескилеп,
Катар киймин эскилеп,
Бир кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Кудайынын жолуна
Кула кашка бээ айтып,
Асылдардын жолуна,
Ак сары башыл кой союп
Түлөө кылып кой союп.
Түштө минтип тай союп,
Аман-эсен келген соң,
Асылдын баары жабылып,
Абийири минтип табылып.
Кеткени минтип келген соң,
Тилегин Кудай берген соң
Кээси ыйлап эчкирип,
Ушу бүгүн кеч кирип,
Кечке кылды коногун
Басылбаган жомогун.
Чырдын башы бул болду.
Май-Булактын башында
Абакең мындай кул болду.
Түн ичинде кеңешип,
Акылдашып кеп айтып.
«Угуп калса эки кул:
Алып кетер – деп айтып.
Балам каныш Каныкей,
Акыл тапкын – деп айтып.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргынчал «доңуз» кары бар.
Менин айткан сөзүмө
Баарың кулак салыңар.
Иш бузулган кезинде
Армандуу болуп калбайлы.
Меңдибай туруп кеп айтты:
Батыра чаап, баш алган,
Баатыр элең эр Бакай.
Өткөрө чаап өт алган,
Өткүр элең эр Бакай.
Үзүлгөндү улаган,
Жыгылганды жөлөгөн,
Үзүлгөндү улаган,
Ажырагандын эптеген,
Айтышканды септеген.
Кармаганың кандуу кул,
Качырганың чаңдуу кул.
Урунганың жамбы* кул.
Айтаар сөзүм так ушул.
Коштогонуң Коёнбоз,
Төшөнгөнүң баяндос*,
Майданга кирсең колун кан,
Басып жүрсөң жолуң чаң.
Алыска барсаң ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Казатка барсаң ак жолтой
Кармашкан жоого сан колдой.
Бердибай минтип кеп айтат,
Өзүң билгин деп айтат.
Акылдашып кеңешип,
Бүгүн уйку алышсын.
Алты күнү тим жатсын,
Анан кеңеш кылалы.
Каныкей өзү билсин деп,
Өзүнө акыл салалы.
Буларды киши билген жок,
Артынан киши келген жок.
Алты күн сыйлап күтөлү,
Аңгыча сыйлап жаталы,
Анан кийин айталы.

Санаасы кандай экен деп,
Меңдибай айтты сонун кеп.
Каалаган атын минсин деп,
«Кайсы жакты самаса
Ошоякка барсын» деп.
Алты күнү сыйлашып,
Анда-санда ыйлашып,
Чогулушуп келишип,
Каныкейдин өзүнөн
Акыл-насаат сурашып.
«Буулуткулуу булбулум,
Үйрөткүлүү кургурум.
Ушу күндө мен шордуу!
Акыл таппай турамын,
Айланы сенден сурадым.
Кырк чоро кеткен кашымдан,
Сыймык-куш кеткен башымдан.
Кысылган жерде кулунум,
Акыл тапчу элең жашыңдан.
Темиркандын кызы элең,
Теңиздин баары чайпалса,
Термелбеген киши элең.
Кайыпкандын кызы элең
Кара дайра чайпалса,
Кайгырбаган киши элең.
Как ушундай күндөрдө
Акыл тапчу сен элең.
Армандуу Бакай мен элем.
Айламды таппай турамын,
Акылды сенден сурадым.
Кара-Тоонун башында
Карала барчын* мен элем,
Карманган кишим сен элең.
Көкчө-Тоонун боорунда
Көк ала шумкар мен элем,
Менин көргөн күнүм сен элең.
Бозго тоодак койбогон
Боз ала туйгун мен элем,
Болбос ишти болтурган
Болумдуу киши сен элең.
Карагай бою кар жааса,
Кайраттуу киши сен элең.
Катын да болсоң кулунум,
Акылды тапчу неме элең.
Айтчы ботом кебиңди,
Абыке тапты эбиңди.
Кыргынчал салды кызыкты,
Кырк чоро салды бузукту.
Кимди көздөй барасың,
Сырыңды айткын сырттаным,
Чыныңды айткын чырагым,
Чыдай албай турамын!
Мен Бакайда арман жок,
Алышууга дарман жок.
Ойлонсом кандай бу заман,
Тегеренди куу заман.
Кыялың чатак киши элең
Каалаганыңды айтып ал,
Эртеректе жолго сал.
Өзүм жолдош болоюн,
Сенден кантип калайын».
Ошону айтып турганда,
Каныкейдин көзүнүн жашы төгүлдү,
Эл-журтунан түңүлдү.
Ошондо Каныш кеп айтып:
«Ой, абаке» деп айтып,
Казактын журту кайрыкер
Абаке муну уга бер.
Алтын аалы, жез өкчө,
Айдаркандын эр Көкчө
Алданын кылган иши эле,

Асыл Манас баатырга
Карын бөлө киши эле.
Ошону ойлоп турамын
Абаке, сенден сурадым».
Ошондо Бакай кеп айтып,
«Кокуй, балам, не дейсиң,
Сен канетип кетесиң?»
Алакандан чаң чыгып,
Абакеңиз унчугуп,
«Араң эле турбайбы,
Анан Кудай бизди урбайбы?
Өзү келип калды деп
Кудай жалгап салды деп,
Чапа нике кыйбайбы?
Көзүңдүн жашын тыйбайбы?
Үмөтөй деген баласы
Алды-кийниң карачы,
Он жети жашка келгенче
Катын албай турбайбы?
Анан Кудай бизди урбайбы!
Кылымдан чыккан сен болсоң,
Кыргыздан чыккан мен болсом,
Ушубу сенин акылың?
Бу кебиңди таштагын,
Бөлөк акыл баштагын».
Ошондо акыл ойлонуп,
Жана туруп толгонуп:
«Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Арпасын күздүк айдаган.
Калк чогулуп келгенде
Булбулдай болуп сайраган.
Калк ичинде ширин сөз –
Кара сакал, кызыл көз
Үрбүнүн жайын мен билем.
Буга барсам канетет?
Өзү кыргыз уул эле,
Ак ниет туулган кул эле
Ага барсам канетет».
Ошону угуп эр Бакай
«Кокуй, балам, нетесиң?
Сен канетип кетесиң?
Көрбөдүң беле башында
Билбедиң беле жашында.
Чоң-Кеминге корголоп,
Аскадан учуп мал өлүп
Ачкасынан бала өлүп,
Арыгынан чал өлүп.
Бизден качып корголоп,
Араң эле жүрчү эле.
Ошоо кантип барасың,
Кантип адам болосуң?
Бул кебиңди кайтып ал,
Абакеңе кулак сал!
Урумдан чыккан кан эле,
Уруудан чыккан жан эле
Касиеттүү жан эле.
Алданын кылган иши эле,
Букардан чыккан кан эле,
Дин бусурман бендеге
Бел байлачу жан эле.
Ошо сиздин атаңыз
Ошону ойлоп жатабыз,
Жоктур сөздө катабыз,
Муну кандай билбейсиң,
Сен Темирканды ким дейсиң?».
Бакай айтып басылды,
Көрбөдүк мындай асылды.
Ошондо Каныш көп айтат,
«Ой, абаке» – деп айтат.
Келдим эле башында,
Курган Каныш жашымда

Кер жорго менен жаркылдап,
Эми кантип барамын
Кейиген бойдон шалпылдап.
Жүрдүм эле башында
Сур жорго менен жаркылдап,
Эми шумдуктуу ишке жолугуп,
Кантип барам салпылдап.
Арстан Манас өлгөнү,
Акыретти көргөнү
Алты айга чейин келбеди.
Ошоо кантип барамын?
Жүзүн кантип көрөйүн
Андан көрө өлөйүн!
Бөлөк жакка жөнөйүн.
Бу кебиңиз болбоду».
Бөлөк жакты болжоду.
«Кашкардын каны Жамгырчы
Касиеттүү киши эле,
Бу Кудайдын кылган иши эле.
Кашкардын журтун көрөйүн,
Ошоякка жөнөйүн.
Ошоо карай кат жазгын,
Мөөрүңдү сен баскын.
Жан соогалап жүрөйүн
Кашкар жакка кирейин.
Акыры аба бир кезде
Алдыңызга келейин.
Аманатың колуңа
Аман-эсен берейин».
«Кокуй, балам, нетесиң,
Сен канетип кетесиң
Минтсең түпкө жетесиң!
Кечээ кытайдан качып келгенде,
Кылычтын мизин тайдырып,
Кырк чоро баштап сайдырып,
Коёнбоз колун сындырып,
Коңурбай көөнүн тындырып,
Кор болуп келе жатканда,
Ошентип шорум катканда,
Ошондо көрдүм кордугун.
Көкүрөктөн кеткисиз
Көөндү жаман калтырган.
Ошондо көрдүм кордугун.
Жамгырчынын зордугун.
Ошоо кантип барасың,
Кантип жүзүн көрөсүң?
Атаа, кургур, не дейсиң,
Кандай акылы жок кедейсиң?
Асыл Манас өлгөндө
Жинди болуп калдыңбы?
Кудай сени алдыбы?»
Деп, ошентип тургуча
Дагы Каныш кеп айтат:
«Ээй, абаке, кулак сал,
Эми айтайын угуп ал.
Анжиян менен Аксыны
Аралаш баарын жердеген,
Намысын колдон бербеген.
Кою бирге короолош,
Аштыгы бирге ороолош.
Арак-бозо жоролош,
Үйү бирге иргелеш,
Кулун-тайы ширгелеш
Чыгарга жаны биргелеш.
Элемандын эркеси,
Тогуз уулдун кенжеси
Кудайдын сүйгөн бендеси,
Элемандын эр Төштүк-
Ушу кандай абаке?»
«Кокуй, балам, нетесиң?
Барган сайын Каныкей,
Сен канетип кетесиң?»

«Же болбосо абаке,
Мен айтайын мынаке.
Кара үңкүрдү жайлаган
Кындыйта күлүк байлаган,
Белеске чыга жердеген
Бели жакшы эр деген.
Алайды көчүп жайлаган
Арбактуу күлүк байлаган.
Агыш Кожош эр эле,
А дагы адамдан шер эле.
Жетим чалдын уулу эле,
Жергеден чыккан кул эле.
Атасы карыган киши эле,
Алданын кылган иши эле.
Буга барсам канетет?»
Ошондо Бакай кеп айтат
Бу көрөкчө кулунум,
«Бок жесеңчи» деп айтат.
Түбүндө түтчү киши эме,
Теги эле мунуң иш эмес.
Айтканыңдан байда жок,
Кудайдан бөлөк айла жок.
Темирканга барбасаң,
Теги эле сенден беземин,
Темиркандан башканы
Теги эле киши дебеймин.
Абакеңди не дейсиң,
Сен кандай акылы жок
кедейсиң?»
Анан гана Каныкей турду
шылкыйып,
Мойнун салып кылкыйып.
Абакеңиз каркылдап,
Ачууланды баркылдап:
«Талаада жүрүп бу шордуу
Ачка болуп калыптыр,
Акылынан таныптыр,
Кантээр экен деп турсам,
Нечен сонун кеп айтты,
Душмандын баарын көп айтты».
Ал аңгыча эр Бакай,
Айтып карап турганча,
Аксакалы Меңдибай
А да келди күүлөнүп,
Каныкейге сүйлөнүп:
«Баарыбызды сербейтип,
Темиркан киши кылды эле.
Атаңа барбайм дегениң –
Баарыбызды жегениң.
Урумдун каны Темиркан
Ушундан бөлөк байда жок,
Бөлөктөн саа айла жок!
Кан атаңа барбасаң –
Мен да сенден беземин».
Ошону айтып баарысы,
Жашы түгүл карысы
Атын келип токуду.
Алды каткан эр Бакай
Булбул болуп окуду.
Чыйырдыга бир жорго
Алып келип мингизди.
Чыйырдынын үстүнө
Суусар ичик кийгизди.
Куруп калган Бакай кан
Султандыгын билгизди.
Каныкейдин астына
Бир жоргону токуду,
Алды каткан эр Бакай
Булбул болуп окуду.
Эки койдун эт алып,
Эки чанач сүт алып,
Эр Бакай өзү артынып,

Көкчологун моюндап,
Айрылышып боздошуп,
Айлы калды токтошуп.
Этегинен өбүшүп,
Эт бышымга көрүшүп,
Эми жолго киришип,
Күүгүм менен жол тартып,
Абакеңиз түн катып,
Амангенди бет алып,
Дабан ашып, таш басып,
Түнүчүндө тоо ашып,
Таң атканда жол менен,
Алда нечен ой менен
Намангендин боз адыр,
Абакең баштап келатыр.
Оюрмалуу бел менен,
Ойку-кайкы жол менен
Наманген сууну бойлошуп,
Санаасы жаман ойлошуп.
Коңур салкын күз менен,
Намангендин түз менен
Талаага жаңы кирди эми.
Таластан чыккан күзүндө,
Намангендин түзүнө.
Кара суунун боюнда,
Абакеңиз Бакайдын:
Ар нерсе бар оюнда.
Башы Нарын жазылган
Аягы теңиз кошулган,
Ушу бүгүн кечинде,
Эр Бакайдын кезинде,
Суунун бою сай болуп,
Калган экен жай болуп.
Султан Бакай сүйүнүп,
Сууну көрүп кубанып,
Бозоргон өңү нурланып,
Агындысы тоо болуп,
Аралдын баары коо болуп,
Суунун баары соолуп,
Кадеми каткан Каныкей,
Минтип иши оңолуп.
Сууну кечип алышып,
Жамандыкка жорубай,
Эчтемеси коробой,
Эсен өттү дайрадан.
Ары карай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Эки койдун этинен,
Эки чанач сүт менен
Эриккенде этин жеп,
Кардыкканда кантын жеп,
Семетейге сүт берип,
Кармаласа эт берип,
Азыраак токтолуп,
Аттарын түшүп откоруп.
Анда-санда токтошуп
Азыраактан укташып.
Алты күнү жол жүрүп
Ат аябай мол жүрүп,
Бир күндөрү болгондо,
Кең-Букардын шаарына
Келип калды ошондо.

## КАНЫКЕЙДИН БУКАРГА КЕЛИШИ

Карарып багы көрүндү,
Каныкейди карасаң
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Көргөн жерден Каныкей
Көрпө ичигин силкинтип,
Көзүнүн жашын иргилтип
Келдим эле башында,
Кер жорго минип шалкылдап,
Эми минтип келатам,
Кейиген бойдон шалпылдап.
Эми кыямат күндөр жакындап.
Каныкей минтип кыйналып:
Кеттим эле башында
Сур жорго менен шалкылдап.
Эми шумдукту көрдүм
шалпылдап.
Темиркандын элине
Кантип барам уялбай,
Абаке, сизди кыялбай
Араң келем кантемин?».
Айтып коюп Каныкей
Ат үстүнөн далп этип
Жерге түштү жалп этип.
Аны көрүп Чыйырды
А да кошо жыгылды.
Абакеңиз эр Бакай,
Аттан түшө жүгүрүп,
Аларга келди түйүлүп.
Семетейди көтөрүп,
Абакең Бакай кеп айтып,
Каныкейге көп айтып,
«Кантесиң балам» – деп айтып.
Чыйырдыга сөз айтып,
Абаң Бакай өзү айтып:

«Бу дүнүйө жалгандан
Кимдер өлбөй, ким калган?
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок.
Кээ бирөөдө бала жок.
Бербей койсо Кудайды
Коркутаарга даба жок.
Кээ бирөөнүн малы жок,
Бербей койсо Кудайдан
Кармап алчу алы жок.
Жан бүткөндүн баарысы
Жакшымын деп ойлогон,
Жасагандын буйругу
Жазуудан башка болбогон.
Өлбөс жерге келтирдим,
Өз элиңе жеткирдим.
Кош, аман бол көргөнчө,
Эсен жүргүн өлгөнчө
Абыке жаман киши эле,
Арбак урган ит эле,
Айлымды талап албасын,
Акыр заман салбасын.
Бөөдө түпкө жетпесин,
Элими талап кетпесин.
Алданын кылган иши экен
Атаңыз жаман киши экен
Кантип көрөм уялбай.
Али күнчө Манаска
Бата кылып келген жок.
Кадырыңды билген жок,
Куран окуп келген жок.
Келдим сени кыя албай,
Эми кантип көрөм уялбай?
Кош, аман бол кулунум!

Мен сенден жаман курудум».
Бакайдан минтип айрылып,
Эки катын кайгырып.
Ошондо Бакай коштошуп,
Ажырашып боздошуп,
Айрылышып жөнөдү.
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Кымбаттуу Каныш калды деп,
Бир кылчайып санабай,
Абакең Бакай жөнөдү.
Ал аңгыча Каныкей,
Эки-үч жашар Семетей
Эркелетип олтуруп,
Экөөнүн аты жалдырап,
Ооздугу шалдырап,
Оттоп кетти бетине.
Бадачынын баарысы
Аңгыча келип калышты.
Койчу келди буркурап,
Тааныганы чуркурап.
Жылкычылар сыр кылып,
Түгөнгүсүз ыр кылып,
Көргөнү көөнү бөлүнүп,
Көбү жандан түңүлүп,
Атка минип алышып,
Темир канга барышып,
Барып кабар салышып:
«Кудай уруп салыптыр,
Каныкей келип калыптыр.
Эки катын, бир бала,
Үчөө жатат талаада.
Уккан жерден Темиркан
Асабасы желкилдеп,
Аксакалы селкилдеп,
Кош бөйрөгү бүлкүлдөп,
Элдин баары буркурап,
Кошо жүрдү чуркурап.
Алты жүздөй эл менен,
Эсеби жок кол менен
Эми чыкты жол менен.
Каныкейдин үстүнө
Койчу келди буркурап,
Кошок айтып чуркурап,
Уйчу келди күжүлдөп,
Жылкычылар сыр кылып,
Түгөнгүсүз ыр кылып,
Ал аңгыча Темиркан,
Азыр келди чуулдап,
Каныкейдин иниси
Ысмайыл деген немеси
А да келди буркурап.
Темиркандын элинин
Теңи келди чуркурап.
Темирканды карасаң,
Асабасы желкилдеп,
Аксакалы селкилдеп,
Кош бөйрөгү бүлкүлдөп,
А дагы калды бакырып.
Темиркандын элинин
Тең жармысы дуулдап,
Үстүнө келди чуулдап.
Үстү-үстүнө тыгылып,
Үстөмөндөп жыгылып.
Каныкей жатат бүктүшүп,
Акыр заман жүк түшүп.
Семетей турат алайып,
Элди көрүп далдайып.
Ысмайыл деген баласы,
Каныкейдин иниси,
Андан бөлөк кимиси
А дагы калды кучактап.

Эки жакты каранып,
Турган экен кылчактап.
Темиркан көрүп кеп айтты,
«Баланы келе» деп айтты.
Баласын алды өңөрүп,
Баарысына кеп айтып,
«Ээ, калайык» – деп айтып,
«Бу Каныкей шордуунун
Кыялы чатак киши эле.
Кудайдын кылган иши эле.
Абыке менен Көбөштүн
Оюна шордуу болбоптур,
Кудайым минтип оңдоптур.
Ушу жаткан жерине
Үй тиктирип, кой союп,
Үзүр менен күткүлө.
Ушу жерге багып жаткыла,
Кыйла малды сойгула
Кырктай келин, кырктай кыз,
Кызматына койгула.
Өлөңчү менен өнөрчү,
Өнөрпоздун баарысын,
Жалпы жыйып алгыла.
Каныкейдин кашына
Даяр болуп калгыла.
Бакча менен бак тигип,
Бары-жогун бүрдөтүп,
Көргөндүн баарын сүрдөтүп.
Как ушинтип күткүлө,
Бардык менен түткүлө!
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Карып жанын куунатып,
Кан Манасты унутуп,
Как ушу жерге жатсын деп.
Жүзүн карап кеп айтпа,
Эмине болдуң деп айтпа!
Чыйырды кемпир кай жакта?
Аны маа кошуп бер».
Чыйырдыны көргөн соң,
«Балаң мында» – деп айтып
«Кудагый, бер кел» – деп айтып,
Куруп калган Чыйырды:
Темирканды көргөн соң,
Колун кармап буркурап,
Кошуп ыйлап зыркырап.
Темир шондо кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып,
«О, курган кемпир кантесиң,
Минтсең түпкө жетесиң.
Бу дүнүйө шум жалган
Кимдер өлбөй, ким калган.
Муну берген, Кудайым
Дагы жакшылык берет кудайым».
Уккан жерде басылды.
Көрбөдү мындай асылды.
Атка минип жөнөдү,
Алтымыштай адамы
Артынан кошо өмөлдү.
Алтын сарай коргонго,
Айтылуу Букар ордого.
Байтагынын астына
Паашалык үйгө киргизип,
Алтын такка мингизип.
Конуш билген жакшысын,
Кол бийлеген кашкасын,
Букардан чыккан молдосун
«Ушу сенин жолдошуң».
Баары сенин жолдошуң
Бу шаардын ичинде
Жамандык кылган оңбосун.
Ушулардын сөзүнө,

Ыраазы болгун өзүнө.
Бармагың басып жүрө бер,
Минтип доор сүрө бер».
Деп, ушинтип жөнөдү.
Ошо бойдон барды эми,
Өз үйүнө кирди эми.
Семетейди эрмек кылып кашына,
Эркелетип астына.
Ыйлаганда сооротуп,
Уктаганда ойготуп,
Жети жашка келгенче
Эркелетип олтуруп,
Эрмек кылды кашына.
Бир күндөрү болгон соң,
Жети жашка толгон соң,
Чоң мечиттин бурчуна
Чогулушкан журтуна.
Молдолорго кеп айтып,
Кожосуна көп айтып:
«Бул Семетей баламдын,
Ой жагында орус бар,
Кыр жагында кытай бар.
Капталында каңгай бар,
Касташканы далай бар.
Ушул жалгыз баламдын
«Тукумун үзүп саламын» –
Деген адам андан көп.
Кыраан Манас баатырдын
Кылганы жеткен башына.
Каныкей менен Семетей
Кыйланы көрдү жашында.
Эсил Манас баатырдын
Эткени жетти башына.
Эки катын, бир бала
Эмгекти тартып ушунда
Келген менин кашыма.
Күндө үч убак ойнотуп,
Уктаганда ойготуп,
Ыйлаганда сооротуп
Эриккенде сабагын,
Эстегенде тамагын
Аябастан бергиле!
Казына оозун ачайын,
Алтын менен күмүштү
Ушун үчүн чачайын.
Угарга сонун кеп болсун,
Ушул сөзүм эп болсун.
Үчөөнү ушунетип күтөйүн,
Барлык менен түтөйүн».
Как ушинтип кеп айтып
«Уктуңарбы», – деп айтып.
Жыйырма беш жылы күтөйүн,
Аянбастан түтөйүн» –
Ушуну айтып жөнөдү.

## СЕМЕТЕЙДИН А ДЕП АТКА МИНГЕНИ ЖАНА САРЫТАЗДЫН КЕЛИШИ

Бараткеге келтирип,
Баарын ойлоп олтуруп.
Жети жашка келгенде:
Ошондо сабак беришип,
Ал Семетей баланын
Касиетин көрүшүп.
Он беш жашка келгенче
Арап тилден аз билип,
Барс тилден бас билип,
Түркү тилден төп билип,
Тажик тилин көп билип,
Тил дегенде дилгирип,

Жетимиш түрдүү тил билип.
Тогузунда толуптур,
Жетик молдо болуптур.
Ошенетип отуруп,
Окуунун баарын болтуруп,
Он беш жашка келиптир.
Ошенетип ойлонуп,
Ойлоп турат толгонуп.
Как ушинткен кезинде,
Кырк жигитти кошчу алып
Сапарга чыкты кечинде.
Эми баарын таштап коюңуз,
Да бир кызык ыр болду,
Кабарынан болуңуз!
Көйкаптын бери жагында,
Көрүстөн деген шаарда
Турумкан деген бар экен,
Бу да мыкты кан экен.
Ошол каны өлүптүр,
О дүйнөнү көрүптүр.
Ошонун жалгыз уулу бар,
Кудайга жасаган кулу бар,
Как ушуну угуңар.
Атасы Турум өлгөндө,
Акыретти көргөндө
Увазгери талкалап,
Такка минип чалкалап,
Жалгыз уулу Сарысын,
Жолдош болгон баарысын
«Өлтүрөмүн» деп айтып,
Өкүм кылып кеп айтып,
Баарысын кууду талаага,
Киргизбеди калаага.
Булар жандан безиптир,
Талааны көздөй кетиптир.
Жалгыз Сары буркурап,
Жүргөн экен зыркырап.
Жолдошунун баарысы
Бирден-бирден бузулуп,
Дүнүйөсү кысылып,
Кашынан баары жоголду.
Кантип иши оңолду.
Жалгыз уулу сенделип,
Баса албастан теңселип,
Бир ыштыктын ичине
Көлөкөлөп жатты эми.
Үңкүргө кирип үшкүрүп,
Көзү илинип кеткенде
Жаңы чырым эткенде.
Бир ажайып иш көрдү,
Ушундай сонун түш көрдү.
Ыргып турду болк этип,
Эт жүрөгү солк этип.
Тура калып караса:
Күңгүр-күңгүр күүлөнүп,
Чала-була сүйлөнүп,
Ошо бойдон жоголду,
Кадимкидей соо болду.
Эки жагын каранып
Эрди-башын жаланып,
Ыргып турду ордунан.
«Бу не деген түш болду
Бир ажайып иш болду».
Сүкүт* кылып отуруп,
Акылына толтуруп,
Ошонетип олтурса.
Асман-көктөн үн чыгат,
«Сары балам» деп айтат,
Ошондо сонун кеп айтат:
«Ушу бойдон бет алып,
Күн чыгыш көздөй жөнөгүн.
Жети айда барып көрөсүң,

Же тентип жүрүп өлөсүң.
Бул жактан саа байда жок,
Кудайдан бөлөк айла жок.
Жети айда гана жетесиң
Кудайдын кылган ишине
Барбаганда нетесиң!»
Ушундай сөз угулду,
Турамын деп а жерде
Оңкосунан жыгылды,
Жүрөгү оозуна тыгылды.
Бу не деген бал болду.
Бүткөн бою дал болду.
Кандай сонун түш болду
Башыма жаман иш болду».
Эси ооп далдайып,
Тыңдап турат шалдайып.
Жана келип кеп айтат
«Жатпагын балам» – деп айтат.
«Мындан ары сен барсаң,
Талас деген жери бар
Манас деген эри бар.
Карып жанга кайрыкер,
Жетимдерге боорукер,
Ошону көздөй жөнө сен!
Жакшылыкты көрөрсүң,
Булардан теги байда жок,
Бул жактан саа айла жок.
Ошону көздөй жөнөөрсүң,
Жакшылыкты андан көрөөрсүң.»
Этек-жеңин түрүнүп,
Эми турду жүгүрүп.
Күн чыгышты бет алып,
Басып жөнөп күйүгүп.
Ушу сөздү ойлонуп,
Тура калып толгонуп,
Таяк алып жөө басып,
Талааны көздөй жөнөдү.
Дабан ашып, таш басып,
Түсү катып, түн катып,
Суру кетип, суу кечип
Нечен күнү жол жүрүп,
Алты мүлдү мол жүрүп.
Мээ кайнаган ысыкка,
Бок кайнаган сасыкка
Ысык чөлгө кирген соң,
Башы күйүп таз болуп,
Увазгери кас болуп,
Ала-Тоону бет алып
Далай ишти көргөнү.
Бул өңдөнгөн менде жок
Мындай шордуу элде жок.
Май-Булактын башынан,
Бакайдын бүгүн тушунан
Адам барбас тоо менен,
Асмандаган зоо менен
Азыр келет жүгүрүп.
Эр Бакайдын башынан
Келе жатат ошондон.
Как ошо күнү кечинде,
Бакай дөңгө чыккан кезинде.
Төгөрөктү арытып,
Төрт тарапка көз салып
Дөңдө турган кезинде
Жөө мергендей күйүгүп,
Учуп, кулап түйүлүп.
Айылды көрүп сүйүнүп.
Баягыны көргөндө,
Абакең Бакай аттанып
Атын минип жөнөдү.
Бу кай жактан келген жан, – деди.
Абакеңиз дал болуп,
Көкчологун камчылап,

Көзүнүн жашы тамчылап,
Бакай тозуп барды эми.
Эр Бакайга келген соң,
Салам берип олтуруп,
Көзүнүн жашын толтуруп.
Бакай шондо кеп айтып:
«Кайдан келдиң?!» – деп айтып.
Кимдин уулу болосуң,
Кайсы жактан келесиң?
Түп атаңды түрүп айт,
Түптү неме койбой айт!
Түбү жайың ойлой айт.
Өз атаңды катпагын,
Элиңдеги жакшыны
Атам деп атын сатпагын!
Абдан айткын чырыңды,
Жашырбай айткын сырыңды.
Мен бу жерге конгону,
Он эки жыл болгону
Сендейди деле көрбөдүм.
Адам өтпөс туюктан
Кантип келдиң сен балам?
Кимдин уулу болосуң?
Айт жөнүңдү өлөсүң?»
Кылычын кармап кымтыйып,
Абакеңиз шымтыйып,
Атчан турат күүлөнүп,
Атырылып сүйлөнүп.
«Жолоочу болсоң жолуңду айт,
Аңдуучу болсоң сырыңды айт!
Айбатын салып кеп айтып,
Ачууланып көп айтып,
Көргөн көөнү бөлүнүп,
Куруп калган Сарынын
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Ошондо жандан түңүлүп,
Ошондо Сары кеп айтып,
«Ойлонгун байым» – деп айтып,
«Эми угуп тургун чынымды
Айтып берем сырымды.
Көйкаптын бери жагында
Көрүстөн деген шаарда
Менин атам Турумкан,
Ошонун уулу мен шордуу
Тоо-ташка урунган.
Атам менин өлгөндө,
Караңгы жайды көргөндө
Увазгери келди эле,
Кан тагына минди эле.
Казынасын бөлдү эле,
Калк чогулуп келди эле.
Мен ошол Турумкандын уулумун,
Жалганы жок мунумдун.
Кары,жаштын баарысы
Чогулуп шондо кеп айткан,
Турбагын балам деп айткан.
Он чакты киши кашымда
Оолугуп качтым ошондо
Талаага чыгып бир жерде
Көз илинип кеткенде,
Ошондо сонун түш көрдүм.
Түшүмдө далай кеп уктум.
Ушундай сонун мен уктум.
Мындан ары сен барсаң,
Кең Таласты жердеген
Намысын колдон бербеген,
Манас деген эр деген.
Карыптарга кайрыккер,
Жетимдерге боорукер.
Аргын, кыргыз алаштан
Арбагы чыккан Таластан.
Ошону барып сен көрсөң:

Алып берет тактыңды
Ачат ошол бактыңды.
Жолдошум баары жоголду,
Кантип ишим оңолду?
Келген жагым тар эле,
Менин атым Сары эле,
Ичимде муңум бар эле,
Ошол Турумкандын уулумун
Жалганы жок мунумдун.
Жоо көрбөгөн жаш элем,
Жол көрбөгөн маш элем.
Айланайын карыя,
Мен айтып турам жарыя.
Манасың кайда болучу,
Таласың кайда болучу?»
Ошол кепти укканда
Обо айланып боз болуп,
Ойрон болгон Бакайдын
Оболку дарты козголуп,
Күн айланып боз болуп,
Түгөнүп калган Бакайдын
Күйүтү бүгүн козголуп.
Аттан түшө жүгүрүп,
Абакеңиз күйүгүп.
Сары тазды салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
«Сени урган Кудай мени урган,
Экөөбүздү тең урган».
Ыйлашты көрсөң көр эми,
Кыямат кайым болгондой.
Кырк түрдүү адам өлгөндөй.
Жаккан оту күйүшүп,
Жаш баладай сүйүшүп.
Ошондо Бакай буркурап,
Ыйлап турат зыркырап,
«Ошол Манас өлгөнү
Он эки жыл болду эле.
Ошону издеп не келдиң?
Как ошонун агасы,
Бакай деген абасы,
Ошондон калган мен элем,
Издеп келген сен элең.
Түшүң менен куруп кал
Түшүң жаман «мыш» кылып,
Ушундай күнгө туш кылып.
Тентиткен экен сени деп.
Таптырган экен мени» деп,
Абдан жатып ыйлады,
Андан бетер кыйнады.
Абыке менен Көбөштөн
Көрбөгөндү мен көрүп,
Минтип куурап мен жүрсөм,
Көйкаптан качып сен келсең
Кейип, куурап мен жүрсөм,
Ушундай куурап мен жүрсөм
Ушерге качып сен келдиң».
Сары тазды салаалап
Көзүнүн жашы талаалап
Адегенде ыйлады.
Алып барып үйүнө
Алты күнү сыйлады.
Алты күн таамай толгон соң,
Бул тоюнуп болгон соң,
Ошондо Бакай кеп айтат,
«Ойлоп тур, балам» – деп айтат.
«Манастын уулу Семетей
Сен өңдөнүп тентиген.
Темиркандын шаарына
Тентип кетип калганы
Он эки жыл болду эле.
Ошондон бери сендейди
Көрбөй куурап жүрчү элем.

Эми сени көрүп нес болдум.
Сен кандай күнү кез болдуң?
Кечээ Көкөтөйдүн ашында
Көп чогулган ошондо.
Каркыранын боюнда
Кан Көкөтөй тоюнда.
Капыр менен мусулман
Каржалышып келгенде
Батадан бүткөн бала эле
Шай колдогон жан эле.
Касиети бар эле.
Ол Семетей кеткени
Он эки жыл болду эле.
Сен ошого барбасаң:
Манастан эми байда жок,
Кудайдан бөлөк айла жок.
Ошол өлгөн Манасты
Издеп келе жатыпсың,
Минтип шоруң катыпсың.
Булут минсең жетпейсиң
Мурункунун наркына.
Минтип куурап жүргөнүң
Эч ким билбейт баркыңы.
Жети ай жолдо жөө басып,
Эки бетиң көө басып.
Ошол өлгөн Манас деп,
Жери жайык Талас деп
Мында куурап келипсиң.
Эми ошонун уулу Семетей,
Ооганга кирип кеткени
Он эки жыл болду эле.
Кең Букардын жерине,
Темиркандын элине
Каныкей баштап баарысы,
Чыйырды кемпир карысы.
Ошондон бери бИле албай,
Же бир кабарын ала албай,
Куурап гана жүрдүм бир далай.
Как жанынан өтүпсүң,
Билбей мында жетипсиң.
Келгенде менден байда жок,
Эми саа Кудайдан бөлөк айла жок.
Ушу кезде карасаң
Абыке, Көбөш эгиз кан –
Ат көтөргүс семиз кан.
Аларга кокус көрүнсөң,
Манас деген эмне деп.
Барганда башың алучу,
Майып кылып салучу.
Асты аларга билинбе, ботом!
Эми ушу жерден жөнөгүн.
Эки жакшы ат берем,
Темирканга кат берем».
Ак кагазга кат жазып,
Аягына мөөр басып.
«Камыштын түбү калам» – деп,
«Каныкейге «салам» деп,
Өлбөй жүрөт абаң деп.
Он эки жыл болгуча
Бир билбедиң адам – деп.
Сенден башка доосу жок,
Менден бөлөк жоосу жок,
Май-Булактын башында
Мына ушинтип куурадым».
Эки семиз ат менен
Алакандай кат менен
Бу Сарытаз баламды
Как алдыңа жибердим.
Жакшы багып күтүп ал».
Сарытазга кеп айтып,
Муну билгин, – деп айтып,
«Бул Семетей баламдын,

Өлсө кошо өлгүн», – деп,
«Өнөрү болсо көргүн», – деп
«Көлгө түшсө түшкүн», – деп
Көтүнөн кошо сүзгүн», – деп.
«Артынан деле калбагын
Эч калбайт сенин арманың.
Көкөтөйдүн ашында
Көп жыйындын кашында,
Капыр менен мусулман,
Карчалышып турганда.
Каркыранын кериде,
Капка-Таштын белинде,
Калк чогулуп келгенде
Батадан бүткөн бала эле.
Как ошоо баргын» – деп,
Ушу катты бергин» – деп.
Ушу кезде карасаң –
Так он беш жашта кези бар,
Ойлосом түрдүү эси бар.
Алты күндө барасың,
Аман болсо көрөсүң.
Кош аман бол кулунум,
Эми жолго салгын туйгунум.»
Азык-түлүк артынып,
Басмайыл менен тартынып,
Бакай менен коштошуп,
Май-Булактын башынан
Эр Бакайдын астынан
Эми жолго салган жери ошол.
Бакай кошо бастырып,
Май-Булактын оозуна,
Намангендин тоосуна
Как ошону карай жөнөттү.
«Кош, аман бол, балам» – деп,
Кол кармашып калды эми.
Сары белди бет алып,
Салган бойдон барды эми.
Бакай калды кайгырып
Сарытаз кетти айланып.
Эки семиз ат менен,
Эр Бакайдын кат менен.
Болжоп эми жол жүрүп,
Анда-санда кылт этип,
Аттан түшүп жылт этип,
Азыраак атын откоруп,
Анда-санда токтолуп,
Эки дабан тоо ашып,
Эки-үч күнү жол басып.
Арасына суу кечип,
Алты күндү болтуруп,
Эт жүрөгү жарылып.
Темиркандын шаарына
Келип калды камынып.
Ушу бүгүн кечинде,
Сарытаздын кезинде
Темиркандын кашында
Жыйын болгон кези экен.
Семетейдин арбагы
Кыйын болгон кези экен.
Үйүлүшкөн көп болуп,
Жыйылышкан топ болуп,
Темиркан элге кеп айтып:
«Конуш билген жакшылар,
Кол бийлеген кашкалар,
Туу көтөргөн алтаным,
Кол бийлеген султаным,
Эр Семетей баламдын
Ой жагында орус бар,
Кыр жагында кытай бар.
Капталында каңгай бар,
Кан атасы Манастын
Касташканы далай бар.

Кызылбаштын Кандемүл
Ошол капыр кеп айтат,
Эр Семетей баламды
«Ак үйлүү бергин» деп айтат,
Муну кандай кылчубуз?
Как ушинтип турганча,
Сөз дүкөнүн курганча,
Алаңдаган Сарытаз
Атын коштоп жетелеп,
Баягы элди бет алып,
Кирип келди аңгыча.
Үйүлүшкөн жыйынды,
Көрдү бүгүн кыйынды.
Бир Аллага сыйынды.
Бул чогулган жыйындын
Аны менен иши жок,
Атын алган киши жок.
Бул өңдөнгөн менде жок,
Мындай шордуу элде жок.
Аралап кирди койкоюп,
Атчан турду болкоюп.
Темирканды караса,
Алтындаган тактада,
Алты кабат пактада.
Ар тарапка кеп айтып,
Уккула журтум, – деп айтып.
Аны көрүп ойлоду,
Таятасы бул экен,
Касиеттүү кул экен.
Өзү жакшы киши экен,
Ар сөөлөтү ушу экен.
Как ушуга барайын.
Ойлоп карап отуруп,
Бикирине толтуруп,
Атын байлап даракка,
Астына келди жүгүрүп,
Баягы элден суурулуп.
Бакайдын берген кагазын
Жазып берген абасы –
Кагазды алып таштады.
Темиркандын колунан
Кармай алып бир өптү.
Темиркан менен көрүшүп,
Колун жыттап өбүшүп,
Кагазын окуп олтуруп,
Аягына келтирип,
Адегенде бозоруп,
Анан кийин томсоруп,
Аягында кызарып,
Төрт кубулуп көрүндү,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Бакайдын берген кагазы:
«Ар кайсы жерге тамызып,
Көзүнүн жашын агызып,
Минтип жазган каты бар,
Семетейдин аты бар.

## САРЫТАЗДЫН КӨМҮРЧҮГӨ БАШЧЫ БОЛУШУ

Эт бышымга ойлонуп,
Эси ооп толгонуп.
Ойлонуп туруп кеп айтат:
«О, Сары балам» деп айтат,
«Бакай катты жазыптыр,
Маа мөөр басыптыр.
Сен Семетейге барбагын,
Бу кагазды бербегин!
Балтыр эти толо элек,
Барар кези боло элек.
Булчуң эти толо элек,
Булкунаар кези боло элек.

Ат арытып мине элек,
Андай ишти биле элек.
Он беш жашта кези бар,
Окуп жүрөт эси бар.
Жоонун жайын биле элек,
Жолго чыгып көрө элек.
Анын көрүнбөгүн көзүнө,
Билинбегин өзүнө.
Сени да Турумдун уулу деп айтып,
Туйгун Бакай кеп айтып,
Тумшугуңдун катканын,
Сенин куурап жатканың
Муну да катка жазыптыр.
Увазгериң чоң болуп,
Маңдайыңда шор болуп,
Калыпсың кургур кор болуп.
Бакайга барып калыпсың,
Мына ушул катты алыпсың,
Анан маа келип калыпсың.
Сенин да атаң өлүптүр,
Сен да Семетей күнүң көрүпсүң.
Сен да куурап жүрүпсүң.
Эртеги өткөн Манасты
Эстеп алып барыпсың,
Бакайды көздөп калыпсың.
Палиткелүү сөз менен
Бакай маа жиберип,
Минтип келип калыпсың.
Эми Семетейге көрүнбө,
Көрүнбө да билинбе!
Сенин издегениң кандык ко
Каалаганың жардык ко.
Сени дагы кан кылып,
Арбагыңды даң кылып
Он жылга чейин күтөйүн
Ошенетип түтөйүн,
Чыдап багып жатайын.
Семетей так жыйырма беш
жашка толгондо,
Ошондо кошуп берейин,
Өнөрүңдү көрөйүн.
Он жылга чейин тим жаткын!».
Бир жигитин чакырды
Атка минип ал» – деди,
«Мына бобу баланы
Ээрчитип бар» деди,
«Ар көчөгө бар» – деди.
«Анан каалаганын бер» – деди.
«Кайра ээрчитип кел» – деди.
«Ме балам, кагазыңды катып ал,
Чөнтөгүңө бекем сал,
Ээрчишип экөөң бар!»
Ар көчөнү бу көрдү,
Ар көчөгө барышып,
Ажайып ишти көрүшүп.
Мындан мурун келбеген,
Букардын ичин көрбөгөн.
Кабагы карыш ачылып,
Кайгылары басылып,
Абай кылып караса
Көмүрчүсү мындан көп,
Темирчиси сандан көп.
Дүкөнчүсү жана бар,
Жүгөнчүсү дагы бар.
Ар киминин үстүнөн
Кароолчусу дагы бар.
Ушунун баарын көргөзүп,
«Кайсыны каалап аласың?
Кайсыга кан болосуң?»
Карап турду Сарытаз.
Көмүрчүнүн каны экен,
Алымы күмүш бул экен,

Кылган иши ал экен.
Кап башына бир теңге
Алып келип беришти.
Карап турган Сарытаз
Как ошого киришти.
«Ушуну алам» – деп айтып,
Кайра жөнөп калышты.
«Мал сатарга барган жок,
Алып сатарды алган жок,
Бары-жогун көрсөттүм,
Бул тазыңда арман жок.
Каалаганы көмүрчү,
Кеңешип акыр биз келдик».
Алдыңызга тез келдик».
«Эмесе макул куп» – деди
«Баламдын сөзү эп» – деди.
Мөөрүн басып кат берди,
Айткан жерде бат берди,
Жана семиз ат берди.
Жана үйүнө киргизди,
Жакшы чапан кийгизди,
Тамак-ашка тойгузду
«Эми токойдун баарын саа
бердим.
Оюң менен болгун» – деп,
Ойноп,күлүп калгын» – деп.
Сарытаз кетти чоюлуп,
Эки көзү коюлуп.
Эл четине барыптыр,
Бир патир үй алыптыр.
Токойдун баарын кыйратып,
Жолдоштун баарын сыйлатып,
Ар токойго барышып,
Илбесиндин баарысын
Издеп жүрөт жарышып.
Кыргоолго кушун салышып,
Кубанчыга калышып,
Кутуруп жүрөт жарышып.
Такка минип чалкалап,
Токойдун баарын талкалап.
Үстү, башы көө болуп,
Токойлорго ээ болуп,
Өзү күркүрөгөн кара нар.
Анын күчүн карасаң
Темирканга барабар.
Жыл маалына келгиче
Дөөлөтү көлдөй ташыптыр
Бу шаардан ашыптыр.
Жыл он эки ай болгон соң,
Бир күнү уктап жатыптыр,
Жамбашына карасаң
Бир түйүнчөк өтүптүр.
Аны чечип көрүптүр.
Окуп карап туруптур.
Окуп-окуп караса
Бакайдын баскан мөөрү бар.
Баягыны көргөн соң
Не жеринде өөнү бар.
«Эки семиз ат берип,
Жазып маа кат берип,
Бу дөөлөткө жеткирип
Ушундай такка мингенче,
Бу дөөлөттү көргөнчө
Али күнчө билбепмин.
Семетейин көрбөсөм,
Бу кагазын бербесем
Каткан экен ырысым.
Абакебиз Бакайдын
Ичи кантип жылысын?
Али күнчө барбасам,
Аманатын бербесем
Кудай урган экен деп,

Бу жатышым бекер деп.
Калем менен чоң кылып,
Бакай жолго салды эле
Жылдызына оң кылып.
Уулу менен келинин
Ушу убакка көрбөсөм.
Бу кагазын бербесем,
Кудай урган экен деп,
Бу жатышым бекер деп,
Кокус өлүп мен калсам
Акыретке кетемин.
Айтпаганда кантемин.
Алып барып жетемин,
Ушу дөөлөт бас» деди.
Семетейди бет алып
Сарытазың басты эми.
Чыныдай кызыл көзү бар
Адамдан артык сөзү бар.
Маңдайына карасаң,
Алакандай меңи бар.
Бу таздын кай жеринде
кеми бар?
Семетейди бет алып,
Басып жөнөп калыптыр.
Эки айрылган сар жолго,
Улуу көчө тар жолго
Басып келип калды эми.
Аны таштап коюңуз
Бери жагында Семетей
Кабарынан болуңуз.
Ошо бүгүн кечинде
Ит агытып, куш салып,
Сейилдикке бет алып.
Кырк жигити кашында
Сыймык кушу башында.
Сейилдикке Семетей
Келе жатат ошондо.
Эки-үч күнү куш салып,
Эриккенин басуучу
Аргымагын токуучу.
Кайтып келип Семетей
Ар китептен окуучу.
Арабыдан аз билип,
Барсы тилди бас билип,
Түркү тилди төп билип,
Тажик тилин көп билип
Тил дегенде дилгирип,
Жетимиш түрдүү тил билип,
Аттанып жана жол билип,
Күндү жайлап алуучу.
Бу дубаны окуп мол билип.
Тогузунда толуптур,
Ушу быйыл карасаң
Он беш жашка болуптур.
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай,
Учуп күйүп калыптыр.
Ошонетип Семетей
Жолго кирип калыптыр.
Ал аңгыча Сарытаз
Алдынан басып барыптыр,
«Арыз» деп тура калыптыр.
Семетей кылчаңдап карап
калгыча
Бир аксакал киши аңгыча
Арасына барыптыр.
«Бастыра бер Семетей,
Атаң Темиркан болсо,
Арызы бар жан болсо,
Арызын ошоо алпарам».
Кылчайбастан Семетей
Жүрө берди жарышып.

Семетей узап калганда
Аксакал киши кеп айтат.
«Эй кысталак таз» – деди,
«Бери бачым бас» – деди.
«Мында эмне арзың бар,
Оюңда эмне дартың бар?
Айткын маа арзыңды
Ичиңдеги дартыңды».
Ошондо тазың кеп айтат:
«Ой, абаке» – деп айтат.
Бакай деген абасы,
Манастан калган агасы,
Семетей деген баласы,
Маа берген кагазы.
Мына ушуну бермекке
Семетейди көрмөккө,
Келдим эле билмекке.
Мындан башка арзым жок».
Кылычын кармай калды
Аксакал,
«Башын кагып салайын,
Бачагар саа кылайын,
«Кызыталак таз» – деди.
Оозуңду бас» – деди.
«Көчүгүңдү кыс» – деди.
Көмүрүңө сыз деди.
Сенин айтаар кезиң боло элек,
Анын угаар кези боло элек.
Ал укса түпкө жетүүчү,
Урумду таштап кетүүчү.
«Андай болсо Абаке,
Ыраазымын сага деп.
Эс-акылдан таныпмын,
Эсимден чыгып калыпмын».
Ошо бойдон жөнөдү.
Ал аңгыча Семетей
Улуу көчө жол менен,
Келе жатат эл менен.
Темиркандын дарбаза
Эшигине барганда,
Ошол күнү Чыйырды
Чыга калып кез болду,
Көргөндө кемпир нес болду.
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Семетейди көргөндө,
Эч такаты калбады.
Алдап, соолап айтам деп,
Ошо кемпир салды калбаны.
Балам, ботом, кулунум,
Бери токто туйгунум!
Аттын оозун бурушуп,
Жолдош менен жоросу,
Баары калды турушуп.
Ошондо кемпир кеп айтат,
Обун таппай көп айтат.
«Балам, тээ береги көрүнгөн
Кара бакка барбагын,
Ошоо кушуң салбагын.
Аюу, жолборс анда бар
Адам көрбөс жандар бар,
Илбээсин жок ичинде
Аюудан башка неме жок –
Асты бара көрбөгүн!..
Аюудан бөлөк неме жок,
Барган киши келген жок.
Каман чалып салбасын,
Кокус майып кылбасын.
Кош эми, жолуң болсун кулунум,
Жөнөй бергин туйгунум!
Сандыргалуу баатырың
Салып барат жарышып,

Үзөңгүсү кагышып,
Жолдошуна кеңешип,
«Ушу жанагы кемпир нени
айтты?
Бир укмуштуу кеп айтты.
Жүрү ошого барабыз,
Ошол караңгы токойду көрөбүз.
Ат минмектен жөө болсун,
Алп болмоктон дөө болсун,
Жүрү ошого барабыз,
Ошо жерге кушту салабыз!».
Не болсо да э болсун,
«Э» дегенде ме деген,
Жоо дегенде жатпаган,
Бөрк ал десе, баш кескен
Укумунан тукуму
Туйлап өскөн түгөнгүр.
Бура тартып алышып,
Каныкейдин кара бак
Как ошентип аралап,
Азыр жүрүп кетишти.
Чырпыгы чыккан жүлүндөй,
Чынары төөнүн белиндей,
Тык этип керки тийбеген
Чырпыгын киши ийбеген
Теги эле сонун жер экен.
Телегейи тең экен.
Бири терек, бири тал,
Жыгачынын көркү ошол.
Бир жыгачта миң уя –
Чынарынын көркү ошол.
Эми куш салчу жердин берки
ошол!
Ар кайсы жерден караса
Короз качты бырпырап,
Бозтек качты зыркырап.
Коен качты бултулдап,
Ар кимиси ар жакка
Кирип кетти кылтылдап.
Эр Семетей баатырың
Алда нече ой менен
Кушун алып кымпыйып,
Келе жатат жымпыйып.
Ошол бүгүн кечинде,
Семетейдин кезинде
Каныкейдин кырк кызы
Кийгенинин баарысы
Кызыл ала кырмызы.
Каныкей турат ойлонуп,
Түшүп жерге жылдызы.
Баары бирдей жайылып,
Базардагы немедей,
Бир-бир гүлдү сайынып,
Бакка кирди жабылып.
Каныкей калды ошондо,
Өңгөсү кетти желпинип,
Каныкей жалгыз олтуруп,
Көзүнүн жашын толтуруп,
Ойлоп турган кезинде,
Эр Семетей ээлигип
Жиндидей жээлигип,
Келип калды ошондо.
Эшигинин алдына
«Үйдө киши барбы» – деп
Үнү чыкты барк этип,
Уккан жерде Каныкей
Балык эти балк этип,
Куйрук эти болк этип,
Бүткөн бою солк этип,
Турамын деп жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Этек, жеңин түрүнүп,

Эбелектей жүгүрүп,
Эшикке чыгып караса –
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган.
Абай кылып караса –
Бекке ылайык бети бар,
Эрге ылайык эрди бар,
Канга ылайык кашы бар,
Карк Манастай наркы бар,
Байга ылайык башы бар.
Каарына келгенде
Кара тоодой баркы бар.
Семетей турат алайып,
Каныкей турат шалдайып.
Ошо жерден ойлонуп,
Каныкей туруп толгонуп:
«Бу Семетей экен» – деп,
«Кокусунан келгенби?
Менин тилегим Кудай бергенби.
Ошону ойлоп каткырып,
Күлүп ийди шаттанып.
Ойрон Манас өлгөнү,
О дүйнөнү көргөнү
Ошондон бери күлбөгөн.
Бүгүн күлдү сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып,
Этек, жеңин жыйынып.
Кыргынчалдын кордугун,
Кырк чоронун зордугун
Эстеп жана ыйлады,
Көзүнүн жашын тыйбады.
«Атасынан баласы
Ала көөдөк киши эле
Сулуулугума суктанып,
Кызылыма кызыгып,
Уят кылып жүрбөсүн».
Кайра кирди кылт этип
Кирип кетти жылт этип.
Ошону көрүп көк жалың
Көзүнөн чыгып от жалын.
«Бу не деген укмуш кеп,
Бу кандай киши болду» – деп?
«Кыяматтан келгенби?
Кыйын экен ушу кеп.
Үрдүн кызы болбосун
Өңүмбү? Же түшүмбү?
Же түшүм болуп калбасын.
Бу түшүмдө көргөн ишимби?
Бул беринин кызы болбосун,
Мени тозуп келбесин.»
Ошону ойлоп көкжалың
Көзүнөн чыгып от жалын.
Токсон түрдүү ой кетти.
Ар кай жерден айкырып,
Кырк жигитин кыйкырып,
Баарысын бирдей чогултуп,
«Эй, жарандар караңдар!
Бир ажайып иш көрдүм,
Ушу сонун киши көрдүм,
Өңүм десем түшүмдөй,
Түшүмдө көргөн кишидей.
Болжоп турсам бозорот,
Тиктеп турсам кызарат.
Алкым эти булайып,
Ар нерсеге ылайык.
Төрт кубулуп көрүндү,
Мени көрүп ошонун
Көзүнүн жашы төгүлдү.
«Адегенде күлдү» – деп,
«Ал эмине болду» – деп,
Аягында ыйлады,
Жанды жаман кыйнады.

Ыйлагандын муңу бар,
Бу сөзүмдү угуңар.
Күлгөн жандын шеги бар,
Бир «икая» кеби бар.
«Ушу кандай киши» – деп,
Баарың кулак салыңар,
Узук кулак сарыңар!
Ушул элдин ичинде
Аксакалың дагы бар.
Баарың кулак салыңар.
Угуп көргөн адамдар
Ушуну айтып бергиле».
Ал аңгыча алты каз,
Алдынан учту парпырап,
Көтөрүлдү тарпырап.
Колундагы шумкарды
Кое берди эр Семең
Ала көөдөк эр неме.
Ак шумкарды карасаң
Барып илбей казына
Тегеренип айланып,
Тетири кетти тазына.
Бая көп жигиттин баарысы
Көт жагынан жарышып,
Үзөңгүсү кагышып
Баары жөнөп калышып,
Көзөмөлдөп жөнөдү.
Эр Семетей артынан,
Ак шумкардын дартынан
Бая Чыйырдынын куу сөзү
Эми келди эсине,
Көрүп турган көзүнө,
«Билген экен бу кемпир,
Ушуну үчүн жүгүрүп,
Келген экен бу кемпир».
Ошону ойлоп жарышып,
А да кошо барышып.
Сеңирге чыга калышып,
Абай кылып караса
Калың токой ичинде
Үстү-башы көө болгон
Үйдөй чокко ээ болгон.
Алачыктай Сарытаз,
Жолдошунун баары мас.
Акшумкарды кондурат
Сылап-сыйпап отурат.
«Бу каяктан келген куш болду,
Кантип маа туш болду?
Сылап-сыйпап олтуруп,
Акылын ичке толтуруп,
Чын ошентип болгуча
Чыга түштү сеңирден.
Кырк жигити кашында.
Сыймык-кушу башында.
Келип калды башына,
Сарытаздын кашына.
«Келе бери кушту» – деп,
«Кечиктирбей ишти» – деп,
«Бери бачым бас» – деди.
Ээй, кызыталак таз» – деди.
Баякыны укканда,
Сокур орой, таз кыйык,
Бучукта бар аз кыйык.
Турум кандын уулу экен,
Бу да мыкты кул экен.
Ыргып турду баркылдап,
Уруша кетти таркылдап:
«Таластан ала келгенсип,
Айтып турган кебин көр!
Сен качан Темиркандын
уулу элең?
Сен дагы тентип жүргөн кул элең,

Темиркан жүрөт уулсунуп,
Анын эли жүрөт кулсунуп».
Деп, ошентип урушуп,
Мурду-башы тырышып.
Мына ушуну укканда
Качырып келип бир салды
Каӊ дедире төбөгө,
Сарытаздай төрөгө.
Шумдукту эми баштады,
Сарытаз шумкарды мындай
таштады.
Ыргып тура калды эми
Жакасынан алды эми.
Жолдошунун баары жабылып
Баары келет камынып.
Ал аӊгыча кеп айтат:
«Аттан түшкүн!» деп айтат.
«Куп билемин жайыӊды,
Сенин кууп жүргөн байыӊды.
Сенин жериӊ Талас болучу,
Атаӊ Манас болучу,
Калп айткан кантип оӊучу?
Жериӊ токой болгон соӊ
Элиӊ ногой болгон соӊ.
Аргын ногой алашты
Аны эмине үчүн унуттуӊ?
Мени кошо куруттуӊ.
Каракалпак, түркмөндү,
Казак, кыргыз бүткөндү.
Баары сенин айылыӊ,
Анык билем дайыныӊ.
Ошонун баарын унутуп,
Жыргаганыӊ курусун.
Шумкар алып куш салып
Ыргаганыӊ курусун.
Сени издеп, мен келип,
Менин катты ырысым.
Ушу кылган ишиӊе
Ичим кантип жылысын.».
Ошону айтып Сарытаз
Кагазды сууруп койнунан,
Жаш шорголоп мойнунан
Жакасы ылдый төгүлдү,
Семетей жандан түӊүлдү.
Түрдүү сонун кеп айтып,
«Түшүнгүн балам» – деп айтып.
Укмуштуу сонун кеп айтып,
«Уккун балам» – деп айтып.
Шыгай, ногой элиӊди,
Сындырбагын белиӊди,
Аргын, Ногой айлыӊды
Анык билгин дайныӊды.
Кара кыргыз калкыӊды,
Карган Бакай алпыӊды.
Ачып кара көзүӊдү,
Абдан уккун сөзүмдү.
Ушул айткан сөзүмдүн
Не жеринде өөнү бар?
Ишенбесеӊ окуп көр,
Карган Бакай абаӊдын
Басып берген мөөрү бар.
Мына абаӊдын кагазы
Жазып берген наамасы*
Мына кара бактын ичинде
Сулуу катын Каныкей,
Эчтемесин билбейсиӊ
Эселек жинди Семетей!
Жинди болгон немедей,
Мени көрүп кеп айтып,
Бери баскын деп айтып,
Баштан ары саласыӊ,
Эми балакетке каласыӊ.

Чоң энеңиз Чыйырды
Темиркандын кашында
А да жүрөт ошондо.
Кайгырып куурап Каныкей
Карабактын ичинде
Көйкаптын бери жагында
Көрүстөн деген шаарда
Менин элим ошондо.
Ошондон куурап мен келдим
Сен үчүн жаман сенделдим.
Абакеңиз ошондо,
Май-Булактын башында
Сен үчүн жатат атышып.
Кызыл канга батышып.
Кыйналып, куурап чал жатат
Кызыл канга бул батат.
Мындай кепти ким айтат.
Мына сенин мөөрүң
Барбы сөзүм өөнү?
Мынакей абакеңдин кагазы
Жазып берген наамасы.
Ишенбесең окуп көр!
Барбы сөзүм чаласы?
Эми сен арты-кийниң карачы!»
Ошону айтып буркурап,
Ыйлап ийди зыркырап.
Сарытаз түрдүү кеп айтып,
Семетейге көп айтып.
Кагазын колго берди эми.
Атын кармай калды эми.
«Тетигиндей баргын» – деп,
«Жалгыз окуп алгын» – деп.
Ойлонуп көзүң салгын деп.
Кокусунан кеп айттым,
Баштан ары салган соң
Ачуум келип мен айттым.
Сен үчүн мен да куурапмын,
Айтып салып кокустан
Акыл таппай турупмун,
Мен да сендей курупмун.
Кагазын колго алды эми,
Бир топ кадам жер басып,
Тетигиндей барды эми.
Көнөктөй болгон көк ташты
Көчүгүн коюп отуруп,
Көзүн жашка толтуруп,
Алда түрдүү кеп айтат,
«Атаң Манас» – деп айтат.
«Жериң Талас» – деп айтат.
Атаң Манас деп айтат,
Эми алда канча кеп айтат.
Жериң токой деп айтат,
Элиң ногой деп айтат.
Элиң ногой,кыргыз деп,
Эрибеген бир муз деп
Менде жоктур кылмыш» – деп.
Абакеңдин сөзү бар:
Ар кайсы жерде агызып,
Көзүнүн жашын тамызып.
Эр Бакайдын каты бар.
Семетей менен Каныкей,
Катары менен аты бар.
Как ошону көргөн соң.
Каңырыгы түтөдү,
Кайраты бүгүн күчөдү.
Как ушуну көргөн соң,
Кагазды мындай таштады,
Кудайга зардап какшады.
Эртеги өткөн Манасты
Эсине алды баласы,
Эгемдин ишин карачы!
Баштагы өткөн Манасты,

Баягы берген кагазды
Көрүп алып баласы
Сарытазды кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
Ыйлашты көрсөң көр эми
Кыямат кайым болгондой,
Кыйла адам өлгөндөй
Сарытазды салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап:
«Айланайын, аба» – деп,
Ыраазымын сага» – деп,
Эми кандай кылайын,
Ичим толгон убайым!» –
Деп, ошентип эс алып,
Эки жагын каранып,
Эрди- башын жаланып.
Ары бери элеңдеп
Айтар сөздү белендеп.
«Алда кандай болом» – деп,
«Эми желдеттер, сенден
байда жок,
Маа кудайдан башка айла жок!
Үйүңөргө кайткыла,
Кокусунан кеп айтпа,
Минтип жүрөт деп айтпа!
Кокус айтып салганың
Колдогонуң болсо да
Келбес маа дарманың,
Өзүңдө болсун арманың.
Тукумуңдан укумуң,
Тууланыңдан калганың
Малың кетет талаанга,
Башың кетет балаага!»
Бары-жогун жонөттү,
Шумкарын сенден байда жок
Боосун алып учурду.
Тайган сенден байда жок –
Каргысын алып качырды».
Сарытаз менен шерт кылды,
Убаданы бек кылды.
«Абакем Бакай байкуштун
Окуп көрдүм кагазын
Жазып берген наамасын.
Ар кайсы жерге агызып,
Көзүнүн жашын тамызып,
Жазып берген кагазын.
Берип ийген наамасын
Койнума салайын,
Аман болсом өзүнө
Бир көрсөтүп алайын.
Ошону айтып шерт кылды,
Сарытазга кеп кылды.
Ортого куран коюшту,
О дүйнөлүк болушту.
Көңүлдө кирин жоюшту.
«Ушу айтканың чын болсо,
Ногойдон чыккан тың болсо
Ошо сени элиме
Кан көтөрүп албасам,
Ак келтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун,
Ак болоттун даты урсун,
Алакан жайган бата урсун!»
Деп, ушундай шерт кылды,
Убаданы бек кылды.
Сарытазды таштады,
Атка мине баштады.
«Кара күчкө кыйнайын,
Темирканга ыйлайын.
Ак тулпар берсе минейин
Анан жолго кирейин.
Ак күбөгү кийейин,

Анан жолго кирейин.
Сени дагы жашырып,
Өзүм дагы жашынып,
Мен Бакайга кетейин.
Ушул ишти кылбасам,
Туубай туна чөгөйүн
Бу көрөкчө өлөйүн.
Ошону айтып коштошуп,
Ажырашып боздошуп,
Келе жатат жол менен
Күйүт түштү башына
Өң күнөкөрдүн кашына
Кирип кетти ошондо.
Жатып калды бүк
Башына кыйын иш түшүп,
Бууган белин чечбеди
Муңканып көөнүн ачпады.
Жатып калды бүк түшүп
Акыр заман жүк түшүп.
Бары-жогу буркурап
Темиркандын астына,
«Семетей сиздин балаңыз
Өзүн салды набакка
Жатып алды кабакка».
Деп, ошентип айтышты.
«Маанисин уккун» деп айтып
Бары-жогу кеп айтып.
Уккан жерден Темиркан
Турамын деп жыгылып,
Жүрөгү оозуна тыгылып,
Ыргып турду күшүлдөп,
Мурду-башы бышылдап.
«Мурсаптар саа кылбасам,
Баарыңардан безбесем,
Кулак-мурдуң кеспесем!
Атым кайда? Тарткын!» – деп
Атка минип алды эми.
Асабасы желкилдеп,
Аксакалы селкилдеп,
Кош бөйрөгү бүлкүлдөп
Келип калды кашына.
Темиркандай карысы,
Калайыктын баарысы.
Үстүнө келди тыгылып,
Үстөмөндөн чогулуп.
Семетейди караса
Бууган белин чечбеди
Муңканып көзүн ачпады.
Баягыны көргөн соң,
Каракан келип кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
«Сен кантесиң кулунум,
Баш көтөргүн туйгунум!
Балам, ботом нетесиң?
Сен канетип кетесиң?»
Аны сайын Семетей
Уу ичкендей тиштенип,
Урушкандай жүздөнүп,
Жата берди бүк түшүп.
Башына кыйын жүк түшүп,
Абыл, Дабыл тагасы,
Өзүнөн улуу агасы
Аларда келди карачы!
Ысмайылы баш болуп,
Эр көңүлү куш болуп,
Үстүнө келди туш болуп,
Башына кыйын иш болуп,
Баары турат мыш болуп.
Каз моюндуу Кабылжан,
Куу моюндуу Кубатжан,
Баары келди буркурап.
Семетейдин кашына

Эми келди чуркурап,
Кыз - келиндин баарысы
Үстүнө келди дуулдап.
«Келин-кызды көргөндө,
Тураар бекен ордунан?»
Баарысына болбоду,
Бала төрө оңбоду.
Баары чыкты талаага,
Калышты эми балаага.
Күрөөн тартып отуруп,
Күйүттү ичке толтуруп,
Темирканың кеп айтып
Чогулушкан элге айтып:
«Же калың ногой деп укту
Каныкейден кеп укту.
Же Сарытаздан кеп укту.
Затың ногой деп укту.
Же эсер таздан кеп укту
Элиң кыргыз деп укту.»
Ал аңгыча бир адам
Ыргып турду ордунан.
Эки колу боорунда
Темиркандын доорунда
Ошо туруп кеп айтат:
«О, Темиркан карыя,
Кеп айтамын жарыя.
Өзүм жөө мергенмин,
Кечээ күнү көргөнмүн.
Чыйырды-көйкөл байбиче
Ошо тура жүгүрүп,
Алдын тозуп күйүгүп,
Каныкейдин кара бак
Как ошону көрсөтүп,
Колун шилтеп көп айткан.
Ошол кемпир кеп айтты.
Ошол түпкө жеткендир».
Ошол кепти уккан соң,
Баары турду дуулдап,
Чыйырдыны бет алып,
Баары келет чуулдап.
Дарбазалуу коргонго,
Чыйырдынын ордого,
Чыйырдынын кашына
Тегеректеп астына.
Сурун суук салышып,
Сымбатын бузуп алышып.
«Түпкө жеткен киши элең,
Манасты жуткан бу кемпир,
Башынан мындай куу кемпир.
Баралына келе элек,
Балтыр эти толо элек,
Балбан кези боло элек.
Балага басып жетипсиң
Сенден шыбыш кетиптир.
Каныкейге жиберип,
Түпкө кемпир жетипсиң.
Сырын билген балаңдын
Өзүң сырын сурап кел!»
Деп, жалааны ага жабышты
Жабылышып барышты.
Ошону угуп Чыйырды
Уккан жерден чыңырды.
Этек-жеңин түрүнүп,
Эбелектей жүгүрүп,
Кирип келди кашына,
Жердин баары көл болуп,
Көздөн аккан жашына.
Чыйырдыны көргөн соң,
Эр Семетей баатырың
Тура калды шартылдап,
Күлүп ийди жаркылдап.
Ой, энеке, байбиче!

Абайлагын сөзүңдү,
Ачып кара көзүңдү.
Темиркандай атамдын
Кандай жаман уулумун,
Жалганы жок мунумун.
Бул Урумдун каны Темиркан
Уулу кургур мен болсом
Ушул элге той берип,
Тамашаны кылсачы.
О, дөбөдөй эт болуп,
Ысык-Көлдөй чык кылып,
Элин жыйып жык кылып,
Элге шилээн берсечи.
Өзүнүн атын мингизип,
Элдин баарын чогултуп
Эркелетип көрсөчү.
Мен элдин баарын билсемчи,
Мындан башка кебим жок.
Ушуну айтып каркылдап
Күлүп турду каркылдап!

## КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

Баягыны укканда
Байбиче кургур жүгүрүп,
(Кемпир кандай басаарын)
Алдына келди жүгүрүп.
Катыгүн кемпир нетесиң,
Сен капилеттен нетесиң?
Атынан көөнү калгандай
Айтып турат ар кандай.
Же жигиттен көөнү калгандай,
Жинди болгон немедей.
Жини келип Семетей
Чын ушундай кеп айтат:
«Кең-Букардын элине,
Эсеби жок той бергин,
Эрки менен коё бергин.
Чоң дөбөдөй эт кылып,
Опол-Тоодой чык кылып,
Элин жыйып жык кылып,
Калың жыйын болсун, – дейт.
Кадырым да билсин, – дейт,
Ак тулпарың минем, – дейт.
Ак күбөңдү кийем, – дейт,
Эл башкарып жүрөм, – дейт.
Каарым ошондо жазылат,
Миң жандан көөнүм ачылат.
Он бир жолу оңдонуп,
Капа-муңум жазылат.
Кай жерине жакканы,
Киши-миши дебеди,
Киши ордуна көрбөдү.
Же кийимин мага бербеди,
Же жоо-жарагын кийбедим,
Жоомарттыкты билбедим.
Окуп эле жүрөмүн,
Же караламан эл жыйып,
Кадырын артык билбедим,
Анан калкты бийлеп жүрбөдүм.
Мындан башка кебим жок,
Кайрылаарга эбим жок» –
Деп, ошентип кеп айтат,
Каракан анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ал оңбогон балама,
Сен экөөбүз садага!»
Керней - сурнай тарттырып,
Керикке кошун арттырып,
Аттан-төөдөн түшкөндөй,
Көчүккө бука сүзгөндөй.

Семетейдин үстүнө,
Темирканы баш болуп,
Эр көңүлү куш болуп,
Эми келди туш болуп.
Асабасы желпилдеп,
Ак сакалы желкилдеп,
Кош бөйрөгү бүлкүлдөп.
Ак тулпарын булкунтуп,
Чукул коштоп жулкунтуп,
Жоо-жарагын жайланып,
Мына ушинтип шайлантып,
Мына ушинтип жайлантып.
«Кургур ботом, мына» – деп,
«Мына ботом, атың» – деп,
«Кимге айтайын датың» – деп,
«Эми тургун бачым» – деп.
Каяктагы кеп айтып,
«Кургур балам» – дее айтып,
«Аябагын мүлкүмдү,
Эми ачкын күлкүңдү.
Сен үчүн курман кылайын,
Нече түрдүү жылкымды.»
Ошону айтып турганда,
Көрбөгөн жан арманда.
Элдин баары лыкылдап,
Келген экен быкылдап,
Баягыны көргөндө,
Семетей турду тыйылып,
Жаратканга сыйынып,
Көзүнүн жашын тыйынып,
Ак тулпарды көргөндө,
«Алла Кудай, Алла» – деп,
«Жараткан өзүң колдо» – деп.
Ак тулпар атын минди эми,
Албарсын белге илди эми,
Кетээрин анык билди эми,
«Алга» – деп жолго кирди эми.
Жарагын белге салынып,
Жаратканга жалынып.
Кылычын кыя байланып,
«Кызыр Ильяз колдо» – деп,
Каңдагайды шымданып,
Жоо көргөндө шаңданып,
Кара боюн чыңданып,
Куба тартып кумсарып,
Кутургандай жээлигип,
Барган сайын жээлигип.
Маң тарткандай магдырап,
Маң болгондой делдиреп.
Ак ичкендей кумсарып,
Урушкандай сумсайып,
Ак тулпарды минди эми.
Ары-бери бастырып,
Жөлөнгөлүү керидей,
Кой качырган бөрүдөй.
Жан көзүнө көрүнбөй,
Урушаарга тоо таппай,
Урунаарга жоо таппай.
Как ошентип келгенде,
Карап калган Ак тулпар,
Кара бою кызыды,
Кара жаны ысыды.
Ошондо Семең кеп айтат:
«Уккула журтум», – деп айтат,
«Текзааданын баласы
Тентип жүрүп не пайда,
Мени уккун, эл кайда?
Кан зааданын баласы,
Качып жүрүп не пайда,
Мен кабарын уккан эл кайда?
Кошкула журтум, көргүчө,
Эсен болуп көргүчө.

Ак тулпарын туйлатып,
Аябай санга бир коюп,
Ошо бойдон дыр коюп.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Кайып болуп жөнөдү.
Калкынын баары буркурап,
Карап турду чуркурап.
«Семетейге не болду,
Же сырын айтпай жоголду,
Карыганда Темиркан
Эми каткенде иши оңолду?
Аны таштап коюңар,
Алды каткан Чыйырды
Кабарынан болуңар,
«Өлсө кошо өлөйүн,
Оңоору болсо көрөйүн.
Көргө кирсе кирейин,
Көтүнөн ээрчип жүрөйүн,
Көйкапка чейин барайын,
Көтүнөн кантип калайын!»
Карган кемпир бүкчүңдөп,
Таягын алып текчеңдеп,
Жөнөп калды артынан,
Кетпей кайра тартыптыр,
Баарын таштап коюшуп,
Кабарынан болушуп,
Темиркан тоюн кылышып,
Ошентип жатканын,
Каныкей билип алыптыр.
Ошол жерден булкулдап,
Эт жүрөгү бүлкүлдөп:
«Темиркандын элинде,
Жыйын болгон турбайбы!
Заманабыз бузулуп,
Кыйын болгон турбайбы!
Ак тулпардай кылыгын,
Алдап минген турбайбы,
Акыр заман бузулуп,
Кудай бизди урганы!»
Кепичин бутка илиптир,
Кетээрин быйыл билиптир.
Кан ичээрге жеке өлүк,
Менменсинген эки өлүк.
Татаал жерге жетиптир,
Кыйыр жолго салыптыр,
Улуу көчө, тар жолдо,
Жетип барды ошондо,
Ушу бүгүн кечинде,
Каныкейдин кезинде,
Семетей кирип келди ошондо.
Ак тулпарын агытып,
Артынан чаңын сапырып,
Кирип келди жулкунтуп.
Баягыны көгөндө,
Каныкей чыкты какылдап,
Тегирмендей шакылдап,
Тентегинин жанына
Кирип келди жакындап.
Келтирип туруп кеп айтты,
«Тентегим уккун» – деп айтып,
«Караңгынын жылдызы,
Каракандын жалгызы,
Кай ичинде жеркеси,
Темиркандын эркеси,
Тентегим бери токточу!
Тентегим бери тура тур,
Атыңдын башын бура тур!»
Чагылгандай көзү бар,
Чак эткендей сөзү бар.
Булбулдун мукам үнү бар,
Торгойдун током үнү бар,

Булбул үндүү кара бет,
Муңкайып айтты мындай кеп,
Тоту куштай үндөнүп,
Токтой албай сүйлөнүп,
Улар үндүү, кой көздүү,
Урумдан ашкан бал жүздүү,
Как алдынан какылдап,
Каныкей чыкты жакындап,
Этек-жеңин түрүнүп,
Эбелектей чыңырып,
Чылбырынан бек кармап,
«Чынарым, токто» – деп кармап.
Айтайын кептин баянын,
Аңдап тургун аягын, ботом!
Атты бир тандап минипсиң,
Албарсты белге илипсиң,
Айт чыныңды чунагым,
Кандай заман билипсиң
Кайсы жака барасың?
Кадыры каткан эжеңе
Кандай каран саласың?
Эки эжеңди унутпа,
Өлүп калып курутпа,
Болоор, тагың бооруңда,
Чырымтал жүнүң башында.
Он төрт менен он бешке,
Чыгаар чыкпас жашыңда,
Кайсы жака барасың,
Кадеми каткан энеңе,
Кандай каран саласың?
Деп, ошентип кеп айтып,
«Чынарым, токто» – деп айтып,
Ошондо Семең кеп айтат,
«Жүргүн эне» – деп айтат.
Текзааданын баласы
Тентип жүрүп не пайда,
Мен тегимди уккан эл кайда
Канзааданын баласы,
Качып жүрүп не пайда,
Ой, энеке Каныкей,
Мен кабарын уккан эл кайда
Кыргыйек деген кыраан куш
Кылчайып учат жем үчүн.
Мен кытайга барам эл үчүн.
Кытайга барып мен өлсөм,
Кылчайбагын мен үчүн.
Карчыга деген кыраан куш,
Кайрылып учат жем үчүн,
Мен эми барам эл үчүн.
Капырга барып мөн өлсөм,
Кайгырба эне, мен үчүн!
Туурсуз тулпар болобу?
Туурсуз шумкар коноорбу,
Туулгандан кордук иш көрүп,
Тумшугу жок Семетей,
Минтип жүрсө оңорбу?
Коё бер, эне, колумду,
Тоспогун, эне, жолумду,
Кармабагын атымды,
Кимге айтайын дартымды?
Коё бергин өзүмдү,
Ачып кара көзүңдү,
Андан көрө байбиче,
Айтып кана бергин сөзүңдү.
Абакебиз Бакайдын
Катып берген каты бар,
Кармалып турган аты бар,
Көзүнүн жашын аарчынып,
Ар кайсы жерге тамчытып,
Жазып турган катын көр,
Сен экөөбүздү ойлонуп,
«Бакай» деген атын көр!

Муну көрүп турган соң
Мында туруп нетесиң?
Мен Букардан кетейин.
Миң күн куураган абама,
Эки агама жетейин.
Ошентип айтып капысын,
Сурап алды намысын,
Катын берди колуна,
Карап турду соңуна.
Каныкей окуп отуруп,
Көзүн жашка толтуруп,
Аягына келтирип, алда нече окуду,
Тоту куштай үндөнүп,
Токтоналбай сүйлөнүп.
Булбулдай айтып таңшыды,
Муңдануу киши өңдөнүп,
Бурала түшүп кеп айтып,
«Туягым, токто» – деп айтып,
«Айтайын кептин баарысын,
Аңдап билгин аягын.
Эртеңимди мен айтсам,
Эптегендей көрбөгүн,
Баштагымды мен айтсам,
Мактангандай көрбөгүн,
Асылым Манас барында,
Ааламда бүткөн ажайып,
Атилес кийдим жашымда,
Кымызга оозум чайкадым.
Арстаным атаң өлгөндө,
Абыке, Көбөш эки арам,
Айылымды келип бөлгөндө,
Алаамдан чыккан кор болдум,
Айран ичпес шум жаным,
Ачкыл сууга зар болдум.
Карааным атаң барында,
Кырымды билген чагымда,
Кызылды кийдим чагымда.
Кымызга оозум чайкадым,
Кыраан атаң өлгөндө
Кырымдан чыккан кар болдум,
Кымыз ичпес күң жаным
Кыяр сууга зар болдум.
Өлөйүн дедим арымдан,
Өлбөдүм сенин барыңдан.
Кетейин дедим арымдан,
Жетимим, сенин барыңдан,
Адырлуу жерден арылдым.
Алты аркар оттойт каралдым,
Атакең сенин өлгөндө,
Аркалап келдим каралдым.
Акырында укчу карааным,
Будурмактын ары алдын,
Букачар оттойт кар алдын.
Муңдан жалгыз өлөөрдө,
Муңканып келдим каралдым,
Муңумду укчу каралдым.
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Жакамда кемчет кундузум.
Токой менен шар суунун
Ортосунда калаармын.
Маңдайымда маанайым,
Башында «Жапар – бир Кудай»,
Бүтүп берген таалайым».
Айтып кеби узарып,
Ойлоодон көзү кызарып.
Баягыны көргөндө,
Манастын уулу эр Семең,
Дарс окуган эр неме,
Нечен мыкты болсо да,
Обо айланып боз болуп,
Оболку дарты козголуп,
Күн айланып боз болуп,

Күйүтү чындап козголуп.
Эртеги өткөн Манасты,
Жери жайык Таласты,
Өңгүрөп ыйлайт апасы,
Угуп турат баласы.
Баштагы өткөн Манасты,
Баян кылды апасы,
Байкуштарды карачы!
Баягыны уккан соң,
Кантип гана чыдайт баласы
Кыяматтай күн болду,
Мындай шордуу ким болду?
Ошону угуп эр Семең,
Ойроттон чыккан эр немең,
«Жаман киши жашык» – деп
«Ошол бойдон шаштык» – деп
Каары катуу келди эми,
Кайраттанып алды эми.
Каары катуу болоттой,
Канжарын оңдоп байланып,
Каныкейге кеп айтып:
«Катыгүн, эже» деп айтып,
«Коё бергин колумду,
Тозбогун менин жолумду!
Алтын такта аруумду,
Атамдан калган заманда,
Атамдан чыккан шорумду,
Албай кантип кетейин.
Абыке менен Көбөшкө
Барбай кантип жөнөйүн?
Асыл Бакай атамды
Көрбөй кантип жөнөйүн?
Көзүнүн жашын агызып,
Ар кайсы жерге тамызып,
Мөөр басып, кат берген,
Ушул өңдүү абамды
Көрбөй кантип жөнөйүн.
Мен үчүн сурап жатышып,
Жайы - кышы атышып,
Кызыл канга батышып,
Куур тон кийип курушуп,
Кулдар менен урушуп,
Жайы кышы тырышып,
Жалгыз өзү урушуп,
Ошентип жаткан атамды,
Көрбөй кантип жөнөйүн?
Атакемди көрөйүн,
Ажал жетсе өлөйүн,
Эми коё бергин жөнөйүн?!»
Тукумунан укумга,
Туйлап өскөн түгөнгүр.
Атасынан баласы,
Өз өнөрүн карачы!
Э, дегенде ме деген,
Жоо дегенде жатпаган,
Жүрөгү туйлап батпаган,
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок кууураган,
Бу көрөкчө өлөйүн,
Коё бергин жөнөйүн.
Ачып кара көзүңдү,
Андан көрө айта түшкүн сөзүңдү.
Андан бетер буркурап,
Каныкей ойлоп чыркырап,
Көзүнүн жашы диркиреп.
Кепичин бутка илди эми,
Кетээрин анык билди эми.
Көз кыйыгын караса,
Көзү турат бузулуп,
Бет жагынан караса,
Берište асыл бири бар.
Аркасынан караса,

Кырк кишинин сүрү бар.
Айкырганда аз келбес.
Адам уулу бап келбес.
Ак жолборстун түрү бар.
Арка жагын караса,
Кабыландуу кылы бар,
Аркасында жалы бар.
Абай кылып караса,
Андан артык белгиси,
Абайлаган дагы бар.
Бет алдынан караса,
Миң кишинин сүрү бар.
Капталынан караса,
Кара лөктүн жүгү бар.
Туурасынан караса,
Ажыдаардын түгү бар.
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган,
Тоо кушундай баркы бар,
Карап турса баланын,
Кан Манастай баркы бар.
Эрге ылайык эрди бар,
Канга ылайык кашы бар.
Манаска окшош башы бар;
Аны көрүп Каныкей:
«Айтам кептин баянын,
Аңдап тургун аягын.
Каныкей шондо кеп айтып,
Карааным, уккун деп айтып.
Көзүм толо жашым бар,
Талашка түшкөн башым бар.
Эр болсоң, балам, угуп ал,
Эми айтайын кулак сал.
Абыке, Көбөш арамдын,
Айтып берем маанисин.
Абдан угуп таанып ал,
Койдон козу туулганда,
Курмандык үчүн жаратткан.
Адамдан уул туулгандан
Намыс үчүн өлмөк бар,
Кесип жети көрмөк бар.
Көз чаарыңа карасам,
Өзүң кетмек болупсуң,
Көз каарына карасам
Өзүң кетмек болупсуң.
Эми сени бир Кудайга
тапшырдым.
Келе бери катыңды,
Кимге айтайын дартымды.
Мен да кагаз жазайын,
Абакеме тапшырып,
Артына мөөр басайын.
Ошону айтып буркурап,
Ыйлап турат чыркырап,
Кечээ кыраанын атаң барында,
Кылымды билген чагында,
Кырымдан алган жол буруш,
Кытайга салган чоң уруш.
Кытайды чапкан бир жолдо,
Кылчайыш кайда атың бар,
Кыямат кайдан бир болсо.
Ойронуң атаң барында,
Ooганды билип турганда,
Оогандан алган кол буруш,
Оруска салган чоң уруш.
Орусту алган бир жолдо,
Ойронуң атаң өлгөн кез,
О дүйнөдөн бир бөлгөн.
Кыраанын атаң өлөөрдө,
Кызматты жакшы көрөөрдө,
Кылычтын мизин тайдырып,
Кырк чоро баштап жаздырып,

Кыйын боз кылыч сындырып,
Коңурбай көөнүн тындырып.
Бектердин белин сындырып,
Бегиңдин көөнүн тындырып,
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип.
Арстанынын баарысын
Акыретке кетирип.
Жаккан отун өчүрүп,
Жаалына чыдабай,
Жалгыз калдым мен өзүм.
Жакшылап уккун сен өзүң.
Кытайды кыркар аралап,
Бир шилисин жаралап.
Анан кайтып келген өзүмө,
Карап тургун сөзүмө.
Он беш күн жатты Таласта,
Ойронуң атаң Манаска,
Ногойдун баары чогулуп,
Кытайдын айылы жыйылып,
Баарысы келди кашына.
Ошондо атаң кеп айткан,
«Уктуңбу журтум» – деп айткан.
Абыкени чакырып,
«Жакын келгин» – деп айткан.
«Жакын келгин жаныма,
Жаман болдум момундай.
Өрүштөн кыркпа желемди,
Өксүтпө карган энемди,
Бузбагын экөөң санааңды,
Зарлатпа жалгыз баламды.
Алтынды жездей капшырдым,
Антташкан жарым Каныкей,
Абыке, сага тапшырдым.
Ошону айтып баатырдын,
Оозунан түтүн бур этип,
Ногойдун баары чур этип
О дүйнө кеткен атаңдын
Ошо бир кебин сыйлабай,
Энеңди минтип кыйнабай,
Ай маалына жеткирбей,
Ашы-жытын бердирбей,
Алабыз деп курутту,
Арбагын минтип унутту.
Арача келген Кыргылды,
Алды каткан энекең,
Арылгысыз чыр кылдым,
Акыр заман адамга,
Түгөнгүсүз ыр кылдым.
Ак албарс менен муштадым.
Эки катын бир бала,
Кең Букардын элине,
Он эки жылы кыштадым.
Ошентип ичим муздадым,
Жүрөгүм жаман сыздадым.
– Борой-борой күн жааса,
Боз керешке токой жок.
Босогом басып киргенде,
Болушчу менде Ногой жок.
– Керей-керей күн жааса,
Киришке болоор токой жок.
Керегем басып киргенде,
Кеңешер мага Ногой жок.
Кыргызда мендей пенде жок
Мендей бир шордуу элде жок.
Абаңдан бөлөк паана жок,
Алдоодон бөлөк айла жок,
Айткан сөздөн пайда жок.
Куруп калган абаңдын,
Сойуп берген боругу,
Абыке менен Көбөштүн,
Көкөйдөн калбайт жоругу.

Абыке, Көбөш эки арам,
Таластан алды шартымды.
Качан алам дартымды,
Кең-Колдон алды көчүмдү,
Ала албадым өчүмдү.
Ошентип айтып солкулдап,
Эт жүрөгү болкулдап,
Көзүнүн жашы тизилип,
Көңүлү жаман бузулуп.
Обо айланып боз болуп,
Оболку дарты козголуп.
Күн айланып боз болуп,
Күйүтү минтип козголуп,
Ошону айтып Каныкей,
Кызыл өңү саз болуп,
Как ошентип бозоруп,
Эрди, мурду томсоруп.
Ыйлап турат бозоруп,
Ошентип Семеңдин,
Атынын мойнун кучактап,
Көзүнүн жашын бурчактап,
Аттын мойнун салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап.
Санаасы кетти бузулуп,
Таноосу кетти кысылып,
Ушинтип ыйлап эчкирип,
Ушу бүгүн кеч кирип.
Ошондо Семең кумсарып,
Ачуусу келип тумсарып,
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо тапай.
Жөлөңкөлүү керидей,
Кызыл көзү бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй.
Ала-Тоону кыдырып,
Тоо түгөткөн көк жалың,
Агын сууну шимирип.
Суу түгөткөн султаның,
Алты сан колду бир сайып,
Жоо түгөткөн жолборсуң,
Ушу кепти укканда,
Кубаргандан кумсарып,
Кутургандан желигип,
Барган сайын ээлигип,
Маң тарткандай кеңгиреп,
Мас болгондой деңгиреп,
Уу ичкендей түстөнүп,
Урушкандай жүздөнүп.
Уруму мылтык ийнинде,
Азирет пири кийминде.
Узунду, кыска тон кийген,
Урушка тууган эр неме.
«Коё бер эне, колумду,
Тоспогун менин жолумду,
Көрүпсүңөр сонунду!
Абыке менен Көбөштү,
Алым келсе алайын,
Акыр заман салайын,
Астын-үстүн кылайын.
Айланайын кудайым,
Ичим түткөн убайым.
Атамдан калган мүлкүмдү,
Алган экен кудайым,
Айланы кандай кылайын,
Эми кантип чыдап турайын!
Талкалайын Таласты,
Кудай таала кудурет,
Неге жасады Манасты,
Как ошонун баласы,
Абай кылып карачы.
Каңгырап качып жүргөнү,
Темиркандын шаарында,

Тентип келип сен жүрсөң,
Кайыпкандын шаарына,
Качып-тентип мен жүрсөм.
Абакем Бакай бар болсо,
Ааламдан чыккан эр болсо,
Май-Булактын башында,
Жайы-кышы жатышса,
Жылаасыз өзү алышса,
Кызыл канга батышса,
Кыйылып мага кат берсе,
Мен кантип чыдап жатамын.
Каныкей, сенден кечемин,
Кан абама кетемин.
Ажалым жетсе өлөмүн,
«Ак» жазганын көрөмүн,
Абакем менен жүрөмүн.
Пайгамбар ак, диним ак,
Өңгө төгүн, өлүм ак.
Мен эмес, Манастан калган алтын так,
Бараар кезим ушул жак!
Пайгамбар салган чоң жолго,
Барбай кантип койойун.
Манастан калган Кең-Колго,
Көнбөй кантип койойун.
Атаңдын көрү кулдардан,
Албай кантип койоюн.
Сен көргөндү башыңа,
Эми салбай гана кантип койоюн.
Коё бер эне, өзүмдү,
Уктум, токтот сөзүңдү!»
Анын сайын Каныкей,
Дагы келди какылдап,
Тегирмендей шакылдап,
Тегеренип кеп айтып,
Тегимди, укчу, – деп айтып,
Көрпөчөгүн силкинтип,
Көзүнүн жашын иргилтип,
Эки колу бош келип,
Оң көзүнөн карасаң,
Он эки талаа жаш кетип.
Тоту куштай үндөнүп,
Токтой албай сүйлөнүп,
Күкүк куштай үндөнүп,
Күйүтүн айтып сүйлөнүп.
Улар үндүү, кой көздүү,
Ургаачыда бал көздүү.
Уулуна карап кеп айтып,
Уга тургун деп айтып,
«Жоо көрбөгөн жаш элең,
Жол көрбөгөн боз элең.
Боортко тагың бооруңда,
Чымындай жаның башыңда.
Он төрт менен он бешке,
Чыгаар чыкпас жашыңда.
Ат арытып минбедиң,
Мындан мурун чунагым,
Ат кадырын билбедиң.
Тон тоздуруп кийбедиң,
Тон кадырын билбедиң,
Томолонгон томаяк,
Мен турамын сени аяп.
Кара жолтой Кең-Колго,
Кантип жалгыз барасың?
Бүгүн аттанышың соң күнү.
Жылдызыңа оң күнү,
Ары баргын он күнү,
Бери келгин он күнү,
Аттанышсың соң күнү.
Өрүүң болсун беш күнү,
Жыйырма беш күндө кайтып кел.
Жылас болгон кулдардын,

Эли-жоосун айтып кел,
Айтайын кептин баянын,
Аңдап тургун аянын,
Кечээ кыраанын атаң барында,
Кылымды билген чагында,
Кырк чоро күттүм бир кезде,
Кызматымды сен эсте.
Андан келди бир чоро,
Мындан келди бир чоро,
Жылаң аяк жылаң баш,
Кирип келди бир жоро.
Этеги жерге тийбеген,
Отуруп жерге сийбеген,
Буйруп келди бир чоро.
Келмеге тили келбеген,
Капыр келди бир чоро,
Сакалы жок, мурут жок,
Такыр келди бир чоро.
Ар кайсы жерден бой таппай,
Качып келди жай таппай.
Аттуу, жөөлүү чубашып,
Шашып келди кырк чоро.
Кулаалы таптап куш кылдым,
Курдашымдын барында,
Курама жыйдым журт кылдым.
Тели куш таптап куш кылдым,
Теңтушумдун барында,
Тентигенди журт кылдым.
Аргымак жыйдым, ат жыйдым,
Бир тулпардай болбоду,
Азамат жыйдым эр жыйдым,
Бир туугандай болбоду.
Кудай бардыр барына,
Кыргыл чалдай карыга,
Бир кызматым билбеди.
Кыйылып ыйлап турганда,
Бир кылчайып келбеди.
Агача келин, сулуу кыз,
Алып бердим чорого,
Ак дөбөдөй ордону,
Кылып бердим чорого.
Катарга минтип киргиздим,
Кадырын элге билгиздим,
Бир кызматым билбеди.
Саадагын сая байланып,
Сай кашканын баарысы,
Абыке кетти айланып.
Кылычын кыя байланып,
Кырк чоронун баарысы,
Абыке кетти айланып.
Алтын чыгдан, ак килем,
Алардын жайын мен билем.
Күмүштөн чыгдан, көк килем,
Кулдардын жайын мен билем.
Асыл Манас атакең,
Атадан жалгыз киши экен.
Алланын иши ушу экен,
Энеден элкин киши экен,
Эгемдин иши ушу экен.
Бир кайрылган пенде жок,
Мендей шордуу элде жок.
Ушул кезде сурасаң,
Абыке, Көбөш эгиз кан,
Ат көтөргүс семиз кан.
Карк алтын кийген кандар бар,
Казатка туулган жандар бар.
Каныкейди кыйнаган,
Абыке, Көбөш жандар бар.
Бедөө минген бектер бар,
Угаарга сонун кептер бар.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл чалдай кары бар.

Баарын бирдей карасаң,
Күркүрөгөн кара нар.
Көөнү келсе айтып кел,
Көөнүң билсе барып кел.
Көргөнүңдү айтып кел.
Дагы айтайын тура тур,
Далай сөзүм уга тур.
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Жакамда кемсел кундузум,
Дагы айтайын жалгызым.
Ордодон калган ашыгым,
Башаттан калган булагым,
Баатырдан калган чунагым.
Эскиден калган улаарым,
Эми кантип турамын,
Эрмек кылган чунагым.
Сүннөттөн калган кыярым,
Тулпардан калган туягым.
Боз ала туйгун болпоңум,
Боз карчыга чолпонум.
Болумдуу туулган солтонум,
Бала ителги балбаным.
Бала жолборс солтонум,
Баатырдан калган чолпонум.
Кыргыйек куштан кырааным,
Кызыл моюн тынарым,
Абыке, Көбөш эки арам
Кыйратты менин чынарым.
Куш учурбас мергеним,
Кудай сүйүп бергеним,
Эки шордуу энеңдин,
Эртели, кечтир эрмегим.
Абыке менен Көбөшкө,
Барамын деп дегдедиң,
Кудай билет кулунум,
Аман-эсен келериң.
Ай эсебин алайын,
Айды катка салайын.
Бир азыраак туратур,
Айтканымды угатур.
Атаңдан калган мүлкүңдү,
Ажайып сенин күлкүңдү,
Атаңдан калган көргөндү,
Таласта калган ордоңду,
Абыке, Көбөш эки арам
Ээлеп алган төрүңдү.
Эч койбоюн, кулак сал,
Баарысын айтам угуп ал.
Энекеңдин ак сарай,
Айтамын кепти бир далай.
Каалгасы сом калай,
Кабарын айтам бир далай.
Эми алчу болсоң мүлк далай,
Чындаганда ичине:
Төрт жүз киши батучу,
Төр жагына энекең,
Төрөсү менен жатучу,
Эпчи жакка Тазбаймат,
Эт бышырып жатучу.
Оң жагында кырк чоро,
Ордо чийип атучу.
Ногой, шыгай жакшысы,
Ошол үйгө батучу.
Чамгарагын карасаң,
Темир алтын тээктүү,
Жабыкбашы карандын,
Төрт эли кундуз тээктүү.
Ичин кызыл сырдаган,
Тышын аппак бордогон.
Ууктарын уштаган,
Учун манат тыштаган.
Керегесин келтирген,

Кертип алтын чөгөргөн,
Алтын менен көктөгөн,
Күмүш менен бөрктөгөн.
Каш каалга жаптырган,
Көргөн киши таң калган,
Көп чөгөлөп отуруп,
Ар кайсы жерге жаптырган.
Атаңдан калган ак ордо,
Акылай күңдүн колунда,
Айтамын далай соңунда.
Шоорук кандын кызы эле,
Шооласы жок киши эле,
Көбөшкө тийип калды эле,
Көрүнөө гана тартып алды эле
Ак ордо малды талкалап,
Чунагым, сени көтөрө качтым калкалап.
Кайып кандын шаарына,
Качып келдим сен үчүн.
Темиркандын шаарына,
Тентип келдим кулунум,
Ушул күндө курудум.
Куруганым эмей неткеним,
Кулдарга кыя кеткениң.
Түптүү кара терегим,
Түмөн журтка керегим,
Жалгыз чыккан чынарым,
Билип турам чунагым.
Сенин тууганыңдын кылаарын
Энекең гана чалкалап,
Арбын кыргыз айылында,
Жүрүчү беле кайкалап.
Мен ошентип жүргөндө,
Жанагы Шоорук кандын
Акылай,
Жыртык кара үй менен
Жатчу эле Таласта,
Жайы-кышы талаада.
Шыргалуу тайлар ат болду,
Энекең элден жат болду.
Сиркелүү күңдөр бош болду,
Абыкени сүйбөйм деп,
Энекең минтип мыш болду,
Мындай күнгө туш болду.
Ушул күндө кулдардын
Салганы кыраан куш болду.
Салтанаты ушул болду,
Түнү жарык түш болду,
Орундары киш болду.
Энекеңдин башына,
Унутулгус иш болду.
Абдан билем жайыңды,
Айтып берем кулак сал,
Сенин кууп жүргөн байыңды.
Оңдошуп айтып нетейин,
Атаңдан калган алты мүлк,
Ашырып айтып берейин.
Жетинчиге жетейин,
Жеткирип айтып кетейин,
Биринчи мүлкүң чунагым,
Маанисин менден сурагын.
Кечээ кыраанның атаң барында,
Кылымды билген чагында,
Кыз чагымда камдадым,
Айтканымды аңдагын!
Ак олпок деп ат койдум,
Даңдуңбаштын тоо теке,
Сап мергенди жыйдырдым,
Текенин көбүн кырдырдым,
Элимдеги ишимди,
Ат чабдырып сыйдырдым.
Жез челекке жаткырып,

Жайы-кышы катырып,
Анжыянга бардырып,
Алма кайык алдырып,
Макмалга каба салдырып.
Анжиянга салдырып,
Алтымыш куран мойногун,
Айтканымды ойлогун.
Аны кошо салдырып,
Ишмечини кууратып,
Жайы, кышы кылдырып,
Дүнүйөмдү бүлдүрүп,
Жылан боор бүктүрүп,
Жымырайта тиктирип.
Билбегенге көрсөтүп,
Жибек менен жөрмөтүп,
Ишмечилер иштеген,
Тиши жүйүр келиндер,
Нечен күнү тиштеген.
Жакаларын сөктүрүп,
Табак, табак болотту
Арасына төктүрүп.
Ийне менен шибеге,
Бир далайын сындырып,
Болот менен албарстан
Арасына тундуруп.
Жаан болсо суу болбойт,
Бороон болсо суук өтпөйт.
Жакасына алтын кадаган,
Жаанын огун сомдогон.
Барандын огу өтпөгөн,
Машаанын күчү жетпеген.
Атаңдан калган ак олпок,
Алычы болсоң мүлк ошол.
Абыке кулдун колунда,
Айтамын мындай соңунда,
Билдиңби мындай тонумду,
Алчу болсоң ушул кез,
Калың жылкы жарым кез,
Ак күрөөкө торгой кез,
Алчу болсоң ушул кез.
Муңумду айтып нетейин,
Муңумду айтып кетейин,
Экинчиге жетейин.
Айтайын кепти кулак сал,
Баарысын ойлоп угуп ал.
Атаңдан калган Аккелте –
Айнегим сага чак келте.
Ыракы-суукту ылгабас,
Ылгабай туура тандабас.
Жоого атса Алмабаш,
Отуруп атсаң оң калбас,
Кууп атсаң куу калбас.
Түтүнү жеткен жер болсо,
Түрмөгү менек ойсоңдоп,
Карааны жеткен жер болсо,
Каргыштан бетер кайсактап,
Оозу көк жал бүркүгөн,
Түбү кытай Урумдан.
Аспаптан артык боруму,
Кайнатпагын шоруму.
Айтканымды ойлоп бил,
Алайдын шары талаада,
Ар нерсе бар санаада.
Алтымыш орус чогулуп,
Жер көрүшүп жүргөндө,
Ошондо Манас көрүптүр,
Аккелтени табыптыр,
Бир бут алтын бериптир.
Каалап алган Аккелте,
Абыке кулдун колунда,
Айтам далай соңунда,
Алчу болсоң мүлк ошол.

Муну айтып нетейин,
Усулчуга кетейин,
Анан үйгө кетейин.
Үчүнчү мүлкүң Ак албарс –
Айнегим сага чак албарс.
Түн ичинде суургак,
Оттой болуп кызарган,
Тетири карай шилтесең,
Аркан бою узарган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтеген жайы мүрт кеткен.
Көөдөн кыйса баш кеткен,
Көз ирметпей каш кеткен.
Үйдөй кара ташка өткөн,
Ошол сенин кылычың,
Көрүп ичин жылысын.
Ал да калды ошондо,
Абыкенин колунда,
Көрөсүң далай сонунду.
Ак албарсты сен алсаң,
Үйдөй кара ташка чап,
Ошол ташка өтпөсө,
Кайтып келип энекең,
Каныкейди башка чап.
Төртүнчүгө барайын,
Баарысын айтып берейин.
Атаңдан калган сыр найза,
Тутам жерин кылдаган,
Тутам жерин сырдаган.
Кош кара кыл тактырган,
Кобулдата чаптырган,
Ар душманга лактырган.
Көргөн киши жактырган,
Учуна болот тактырган.
Темирди сайса тешичү,
Дөөкүрсүгөн дөөлөргө,
Тебетейдей кетичү.
Атаңдан калган жез найза,
Темири болот кез найза.
Атаң колго алганда,
Аралап жоого барганда,
Ат минмектен жөө болсун,
Алп болмоктон дөө болсун.
Бир сайгандан чыкпаган,
Сайган жоосун ыктаган.
Ал да калды ошондо,
Абыке кулдун колунда.
Айтам далай сонунду,
Дагы айтайын жолумду.
Бешинчиңди сурасаң,
Атаңдан калган Буурул ат,
Заманым жаман куурулат,
Чапса колдон суурулат.
Быйыл толгон кези эле,
Анык тулпар өзү эле.
Кечээ Темирликтин тоосунда
Тегеректин оозунда,
Тейиш кандын тоюнда,
Сенин жоктур оюңда,
Кары чалдын кыз Сайкал,
Кан атакең Манастын
Каарына калам деп,
Тартуу кылган ошондо,
Чунагым сенин жашыңда,
Арнап минип жүрсүн деп,
Касиетин көрсүн деп.
Чын кайыптын баласы,
Кайберендин нак өзү,
Жер алдына бактырган,
Жерге аштоо кактырган.
Жеткилең күлүк экен деп,
Жез кемпир сынчы жактырган.

Болоттон така кынаган,
Боору жазы, мойну узун,
Болумдуу күлүк экен деп,
Бороон чал сынчы сынаган.
Желсе желден адашкан,
Желкайыптан жанашкан.
Жеткилең күлүк Тайбуурул,
Алчу болсоң мүлк ошол,
Ал да калды ошондо.
Абыкенин колунда,
Айтам далай сонунду,
Дагы айтайын жолуңду.
Алтынчыңды сурасам,
Атаңдан калган Кумайык,
Кандай айтсам ылайык,
Менин атам Темир кан,
Темирканды карасаң,
Мекеге барган бир кезде,
Медийнанын талаада,
Менин бардыр санаамда,
Куу казыктын боюнда,
Менин бардыр оюмда.
Таап кетсең ошондон,
Жүнүң көрсөң кундуздай,
Көзүң көрсөң жылдыздай.
Каныкей багып алсын деп,
Белеке берген өзүмө,
Менин айткан сөзүмө,
Кулак салгын кулунум,
Мен ошону көрбөй курудум.
Ойлоп тургун туйгунум,
Колум менен эт берип,
Оозум менен сүт берип,
Асырап бактым ит кылып.
Эмчегимди эмиздим,
Чайнап эттен жегиздим,
Эмчектеш кылдым башында,
Чунагым сенин жашыңда,
Эч бир жакка кетпесин деп,
Эркелеттим ошондо.
Он эки түрдүү журтумдун
Ортосунда жүрчү эле,
Качырганы кетпес деп,
Мындан тайган өтпөс деп,
Асырап аны жүргөнмүн.
Бала Акундун башында,
Чунагым Сенин кашыңда.
Алчу болсоң мүлк ошол.
Абыке кулдуя колунда,
Айтайын далай сонунду,
Жетинчиге жетейин,
Жеткирип айтып өтөйүн.
Салган кушуң Буудайык,
Агыткан итиң Кумайык,
Ушунун баарын карасаң,
Чунагым сага ылайык,
Арпанын башы жайыктан,
Ак зоонун башы уюктан,
Ак жумуртка туюктан,
Ак шумкар чайкап куш кылган
Кудай таала кудурет,
Атакеңе туш кылган.
Текөөрү болот том аяк,
Теги бузук көк аяк.
Үтүрөң кабак, үнү ачуу,
Умтулганын куткарбас,
Жылаан боор, жылдыз көз,
Жылас болгон Шумкардын,
Айтып турам сонун сөз.
Көргөнүн албай койбогон,
Көнөктөй жемге тойбогон.
Көөдөнү кара көзү ач,

Көй төрөнүн колунда,
Көрөрсүң далай сонунда.
Ошону угуп эр Семең,
Чындап ачуу келди эми,
«Кокуй, эне, кантесиң.
Минтсең түпкө жетесиң,
Кыскартып айт сөзүңдү,
Жашылдантпа көзүңдү.
Жаман киши экенсиң,
Коё бергин колумду,
Кечиктирбе жолумду,
Ал аңгыча какылдап,
Дагы келди жакындап.»
Бир азыраак туратур,
Арманымды угатур.
Атаң Манас өлгөндө,
Абыке, Көбөш эки арам,
Атаңдан калган, дүйнөнү.
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Өлөйүн дедим арымдан,
Өлбөдүм жалгыз барыңдан,
Кыраан Манас атаңа
Кыйын кызмат кылгамын,
Кыйналып мында келгемин.
Белди бекем бууганмын,
Мен ошондо сунамын.
Ар шаарды жаздырып,
Арабага салдырып.
Анжыйандын күлбото,
Күлботодон алдырып,
Кирикечке салдырып,
Кадага салып ченетип.
Торко элекке элетип,
Алайын суюк салдырып,
Усталардан алдырып,
Ак күмбөз деп койдуруп,
Ак сеңирди ойдуруп,
Мал семизин сойдуруп.
Майы менен бышырып,
Алты жүз эркеч майына,
Кыш бышырып бек салдым.
Алты кылым өткөнчө,
Тураар бекен деп салдым,
Жети жүз эркеч майына,
Кыш бышырып бек салдым,
Жети кылым өткөнчө,
Бузулбасын деп салдым.
Кылычы турат илинүү,
Мен карабет энеңдин,
Кылганынын баарысын,
Күмбөзүндө чийилүү.
Сандыргалуу атаңдын,
Саадагынын баарысы
Сарайында илинүү.
Кылычында мөөрү жок,
Мен карабет энеңдин,
Кылганында өөнү жок,
Салганында мөөрү жок,
Сандыргалуу атаңдын
Сайганында өөнү жок.
Молдо болсоң таанып бил,
Аяр болсоң анык бил.
Уста болсоң токуп бил,
Кожо болсоң окуп бил.
Кыраан Манас атаңдын
Кылганы жетти башына,
Мен карабет энекең,
Кыйланы көрдүм жашымда.
Эсил Манас атаңдын,
Эткени жетти башына,
Мен карабет энекең,
Эмгекти көрдүм жашымда.

Ойрон Манас атакең,
Орустун акын көп жеген,
О дүйнөнү билбеген.
Адамдын акын көп жеген,
Акыретти билбеген.
Кытайдын акын көп жеген,
Кыяматты билбеген.
Кубана келсе турбаган,
Туруп салам бербеген.
Кожо келсе коркпогон,
Кооп салам бербеген.
Болбой ичкен бозону,
Боздотуп урган молдону.
Коркпой урду кожону,
Кылып өттү ошону.
Айныбай ичти аракты,
Алып жатты жалапты.
Акыретке барганда,
Азабын тартып калаар деп,
Казына оозун ачтырып,
Карып менен мискинге,
Дүнүйөнү чачтырып,
Каарынан минтип кутулдум.
Абыке, Көбөш эки арам,
Ашы-жытын бербеди,
Анан алам дебеди.
Кечеги Бокмурунча болбоду,
Ойбойуна койбоду,
Эки жаман оңбоду.
Ак күмбөздү салганда,
Жаңыдан салып болгондо,
Арага киши салыптыр,
Алмак болуп калыптыр.
Аш бергенче болбос деп,
Албай койсок оңбос деп,
Ошону ойлоп жамандар,
Арага киши келишип,
Абыке менен Кыргыл чал,
Арага экөө келишип,
Түн ичинде желишип,
Жээлигип жүргөн кулдарды,
Жамбашына муштадым,
Жаза сайып таштадым.
Ошол менин кылмышым,
Качып жүргөн жумушум.
Андан кийин кулдардын,
Не болгонун билбедим.
Адилет болсоң тыңдагын,
Акылың болсо аңдагын,
Мен карабет энеңдин,
Кылмышымды сындагын.
Алтынды жердей бурасың,
Акыретке барганда,
Кимде күнөө бар болсо,
Атаң Манас сурасын.
Жана түрдүү кеп айтып,
Жалгызым токто деп айтып,
Камыш башы калем де,
Кан абаңа салам де,
Аман болсо энекем,
Эмдиги жылы барам де.
Жекен башы калем де,
Жеңең Аруукеге салам де.
Алмамбеттин зайыбы,
Эч жерде жок айыбы.
Боз атка каткан жүгөн бар,
Болор, болбос күмөн бар.
Ошого көзүң сала кел,
Эркек бекен, кыз бекен,
Колуңдан келсе ала кел.
Эр Бакайга кат жазып,
Аягына мөөр басып,

Кош аман бол, кулунум,
Көргөнүм ушул туйгунум.
Кожосаным колдосун,
Сени Кудай колдосун.
Абыке, Көбөш оңбосун!
Сайган эриң бир-бирден,
Санатылуу жүз болсун,
Жылдызга жолуң түз болсун,
Кылганың мындан түз болсун.
Кылган ишиң шар болсун,
Кырк чилтен бирдей жар болсун.
Алганың назик ыр болсун,
Жаныңдагы жолдошуң,
Азиретаалы бир болсун.
Ак эшен сынап тааныган,
Аты кызыр даарыган.
Душманың оттой каарыган,
Кош, аман бол, жолборсум,
Эми сага жол болсун.»
Алакан жайып дуба ачып,
Ак дубасын берди эми,
Аллоо акбар деди эми.
Эки камчы, шарп уруш-
Эр Семеңде не туруш,
Энеси менен коштошуп,
Эми айрылды болжошуп.
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Кыйбаттуу энем калды деп,
Бир кылчайып карабай.
Тегерете карабай,
Теги өлөөрүн санабай.
Жөлөңкөлүү керидей,
Кой качырчу бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй.
Ары-бери элеңдеп,
Айтар сөзүн белендеп,
Алда кандай болом деп.
Как ошентип жол менен,
Алда нече ой менен,
Акыр жолго салды эми.
Аны таштап коюңуз,
Алды катка Каныкей,
Андан кабар угуңуз.
Эки көзүн ирмебей,
Энекеси Каныкей,
Эркечи карап турду эми.
Абай кылып караса,
Арт жагынан ажыдаар,
Азыр сойлоп баратат.
Сойлогонун караса,
Ажыдаардай жоо болуп.
Топурагы төп болуп,
Каарданып караса,
Кандуу суулар бөгөлүп,
Кайратына келгенде,
Кара-Тоого теңелип.
Ар башына чыдабай,
Алма, жаңгак күбүлүп,
Аны көргөн адамдар
Өз жанынан түңүлүп.
Каныкей көрүп сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып.
Көзүнүн жашын тыйынып,
Ойрон Манас өлгөнү,
О дүйнөнү көргөнү,
Он беш жылча болду эле,
Ошондон бери көрбөдүм,
Бүгүн келип калганбы,
Кудай жалгап салганбы.
Алка-жака бек кармап,
Алда-кудай деп кармап,

Баатыр Манас төрөмдүн,
Арбагын минтип көргөмүн.
Арбагы ушул экен деп,
Ыйлаганым бекер деп.
Карап турду Каныкей,
Кетип барат Семетей.
Жана артынан караса,
Көсөө куйрук көк бөрү,
Арт жагында баратат.
Көрсө Бакай баатырдын,
Анык бири келиптир.
Ал да жолдош болуптур.
Эки түгөй ак шумкар,
Үстү жактан тебишип,
Кээде бирин эңишип,
Бул да кетип баратат.
Эки түгөй сур тайган,
Арт жагында кабышып,
Ал да кетип баратат.
Аны көрүп Каныкей,
Серек менен Сыргактын,
Алмамбет менен Чубактык,
Арбагы ушул экен деп,
Бул турушум бекер деп.
Андан-мындан караса,
Алп каракуш арбайып,
Канаты көктө калдайып,
Бутун сунуп арбайып.
Кандай душман көрүнсө,
Баарына Семең салгыдай,
Жер кайнаган кол келсе,
Жеке өзү алгыдай.
Ал да колдоп алыптыр,
Жигит пири Шаймерден,
Жан төрөсү Сулайман.
Жардам келди Кудайдан,
Барын көрдү бул жайдан.
Бир Кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Каныкей калды сүйүнүп.
Жаратканга сыйынып.
Ал аңгыча эр Семең,
Акыбеттүү эр немең,
Ар жагында сеңирге,
Бек жалынып теңирге,
Имериле берди эми.
Семетейден айрылып,
Каныкей калды кайгырып.
Көрпө ичигин силкинтип,
Көзүнүн жашын иргилтип,
Күлгөндө тиши кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Күймөлсө жыпар жыттанып.
Улар үндүү, кой көздүү,
Ургаачыдан бал сөздүү,
Урумдан ашкан Каныкей,
Урумдан чыккан Семетей.
Уулу кетти Кең-Колго,
Каныкей калды ошондо.
Ботодой көзү жалтылдап,
Токтобой мууну калтылдап.
Каныкейдин башына
Кыямат күндөр жакындап.
Как ушинтип калганда,
Акыр заман келгенде,
Аны таштап коюңуз.
Ар жагында Чыйырды,
Кабарынан болуңуз.
Таяк алып текчеңдеп,
Карган кемпир какчаңдап,
Мууну бошоп бүкчүңдөп,
Каныкейдин кашына,

Казыр келди ошондо.
Эки айрылган тар жолдо,
Узун көчө тар жолдо,
Уулун жаңы кетирип,
Турган экен ошондо.
Чыйырдыны көрдү эми,
Чыдай албай Каныкей,
Чыңырып гана үндү салды эми.
«Уулдан бирди эр тууган,
Кыздан да бирди шер тууган,
Жатыны алтын байбиче.
Баятан эне, не болдуң,
Байбиче, кайда жоголдуң?
Бир сүйлөшүп калбадың,
Ичиңде калды арманың.
Тил албаган чунагым,
Кең-Колдон барып сурагын,
Билерсиң андан турагын.
Жалынган тилим албады,
Баятан сөзү калбады.
Эч калбады арманы.
Эртеден эне, не болдуң,
Не кечигип жоголдуң?
Атын тыңдап мингизип,
Ак күбөсүн кийгизип,
Аныктап жолго киргизип.
Түпкө жеткен сен болдуң,
Муңдуу кургур мен болдум,
Муңданып айтып тим болдум.»
Ошол кепти укканда,
Куруп калган Чыйырды
Алакандан чаң чыгып,
Ыйлап көздөн кан чыгып,
Чыйырды кемпир унчугуп:
«Каныкей ботом, оңбогун,
Эгерде эки болбогун!
Кетирип ийип Кең-Колго,
Жиберип ийип ошондо,
Кийбейт деп мени кийгизип,
Ажалдын тонун кийгизип,
Ыштанына сийгизип.
Бышбайт деп мени бышырып,
Бозого минтип түшүрүп,
Азыраак кармай турсаңчы,
Алда Кудай сени урсачы,
Кетирет белем кең жолго,
Жиберет белем ошондо.
Билдим сенин сырыңды,
Түгөнгүсүз чырыңды.
Абыке менен Көбөшкө,
Анык тиймек болупсуң,
Ал Семетей баламды,
Арага өзүң салыпсың,
Ашык болуп калыпсың,
Алдыртан кыяз берипсиң,
Билмексен болуп жүрүпсүң.
Билдим сенин сырыңды,
Түгөнгүсүз ырыңды,
Эми билдим сырыңды.
Кыз чагыңда калк буздуң,
Кырым менен Урумга
Жылкы алдырып нарк буздуң.
Башында кааба баштадың,
Менин балам Манасты
Билекке сайып таштадың.
Эми туруп кеп айтып,
Балаң кетти деп айтып.
Билемин сенин кордугуң,
Өтүп турат зордугуң,
Билбей турган немече,
Качып кетти деп айтып,
Кара күчкө кеп айтып,

Как ушу сенин кордугуң!
Кыз кезиңде чыр кылдың,
Кыяматка жеткиче,
Түгөнгүсүз ыр кылдың.
Анте турган Каныкей,
Тим эле тийип калсаңчы,
Башында эле Таласта,
Бирөөн тандап алсаңчы.»
Ушуну айтып Чыйырды,
Үнү катуу чыңырды.
Как ошону укканда,
Каныкейди карасаң,
Атан төөдөй бүк түшүп,
Аягы менен тик түшүп,
Акыр заман жүк түшүп,
«Же чалынсам боо жетпеди,
Ушул жакка келгенче,
Жаман ат баштан кетпеди.»
Кара жерди кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Эртеги өткөн Манасты,
Эсине салды апасы,
Эгемдин ишин карачы,
Тил албастан баласы,
Баягыны көргөн соң,
Чыйырды келди какчаңдап,
Каныкейге жасаңдап.
«Балам, ботом кантесиң,
Сен кемшеңдеп нетесиң.
Минтсең түпкө жетесиң,
Бул дүнүйө жалгандан
Кимдер өлбөй, ким калган,
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок,
Кадыр Алда Кудайым,
Кыйкырганыңды уккан жок.
Кээ бирөөндө бала жок,
Бербей койсо Кудайым,
Коркутаарга дабаа жок.
Кээ бирөөндө малы жок,
Бербей койсо Кудайдан,
Кармап алчу алы жок.
Жан бүткөндүн баарысы,
Жакшымын деп ойлогон,
Жасагандын буйругу,
Жазуудан башка болбогон.
Балам Каныш баш көтөр,
Сенин уулуң Семетей,
Он беш жашы жаш бекен,
Сенин уулуң таш бекен?
Манасты тууган бул кемпир,
Башында мындай куу кемпир.
Баян кылам маанисин,
Баян кылам тааны сен.
Менин берен Манасым,
Манасымды билесиң.
Бир жашында билинген,
Эл көзүнө илинген.
Эки жашка келгенде,
Букардын көк тагына жыйылган.
Үч жашына чыкканда,
Аллалап жоого тийилген.
Төрт жашына келгенде,
Төгөрөк журтка билинген.
Жаш чыбыктан жаа тартып,
Жалгыз чийден ок атып,
Бет алганын жоготуп,
Беш жашында белсенген,
Бек уулундай теңселген.
Алтысында атыккан,
Ат үстүндө катыккан.
Жетисинде жетилген,

Жетпегенге кезенген.
Сегизинде серпилбей,
Жоону көп жайлаган,
Тогуз жашка барганда,
Токтолбой жоону качырган,
Манастап уран чакырган.
Он жашына келгенде,
Ордо бузуп үй чапкан,
Алтын, күмүш мал тапкан.
Он бир жашка келгенде,
Аткан огун жандаган.
Кармашамын дегендин,
Баарын айдап, камаган.
Он экиге чыкканда,
Көрбөгөндөр укканда
Өз жанынан шекшинген,
Көй капка барып бекинген.
Он үчүндө мойсогон,
Андан бетер күчөгөн.
Ошонун уулу Семетей,
Ойлонсоңчу Каныкей.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн.
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өзүн арбак ээрчиген,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жакшынын астында,
Каркыранын жайында,
Капка-Таштын башында,
Кан Көкөтөй тоюнда,
Капыр менен мусулман.
Карсылдашкан сеңирде,
Каркыранын жеринде,
Капка-Таштын белинде,
Карыганда Кошойду,
Ак сакал деп ошону.

Каныкей сенин сары шым,
Саймалады торкоңо.
Жалакайың курусун,
Бары-жогун буркурап,
«Бата Бер» – деп чуркурап,
Манас бабам барганда,
Батадан бүткөн бала эле,
Шай колдогон жан эле,
Касиети бар эле.
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүттү эле.
Асман көктү көтөргөн,
Тирөөсүнөн бүттү эле.
Асыл Манас баатырдай,
Атасынан бүттү эле.
Ак сакалы Кошойдун
Батасынан бүттү эле.
Семетей жайын билбейсиң,
Бул Семетей ким дейсиң.
Ушул жолдо өлчү эмес,
Эчтеме да болчу эмес.
Барган жоосун бузуучу,
Кулдардан кумар жазчу.
Кудай берген кулдардан,
Алты мүлкүн алчу,
Аман келип калучу.
Аа эмне кайгырдың,
Акылдан эмне айрылдың.
Ажал жетсе өлүчү,
Ак жазганын көрүчү.
Балам, ботом, баш көтөр!»
Бул эмине болгонун
Айтса-айтпаса төгүнбү,
Анын сөзү тегинби?
Ыргып туруп түйүлүп,
Айтканына сүйүнүп.

Белдин бекем буунуп,
Бети-колун жуунуп.
Экөө бирдей окшошуп,
Артынан карап болжошуп.
Көк жорудай үңкүйүп,
Ар жагынан зыңкыйып.
Кээде көздөн жаш кетип,
Кебин айтып бул экөө,
Как ошентип турганча,
Арт жагында эл канча.
Келип калды буркурап,
Букардын эли чуркурап.
Мына ошону көргөндө,
Мууну бошоп зыркырап,
Асабасы желпилдеп,
Кош бөйрөгү бүлкүлдөп.
Темир кан сындуу карысы,
Букар шаар ичинде
Муңдуу жандын баарысы,
Каныкейди көргөндө
Темир кан ыйлайт кайгырып.
Акылынан айрылып,
Каныкейдин кашына
Азыр келди ошондо
Узады көргөн калаасы,
Учурдуң шумкар баласын.
Жыгылды тоонун кетеси.
Сындырдым болот жетесин.
Эми кантейин, сен жалгыз!
Карыган атаң мен байкуш!
Семетейге эмне болду
Бир сүйлөшпөй жоголду.
Карыганда мен шордуу
Кантип ишим оңолду.
Туйгунумду качырып,
Тумшугумду катырып.
Карчыгамды качырып,
Кадемимди катырып,
Карыганда мен шордуу
Кадеми каткан сен шордуу,
Кандай айла кылчубуз
Атасы бөлөк киши экен
«Алланын» кылган иши экен
Айланы кандай кылчубуз?»
Эли бөлөк киши экен
Эгемдин кылган иши экен
Эми кандай кылчубуз?»
Как ошентип каңгырап,
Темир кан ыйлап заңгырап,
Темир канды көргөндө
Элдин баары буркурап,
Кошо ыйлап чуркурап.
Касиетүү киши экен
Кайгырып ыйлап турганда,
Каныкейди көргөндө,
Как ошентип барганда.
Теректин башы теңселип,
Камыштын башы калкылдап.
Дайранын башы чалкылдап,
Балыктын баары жалпылдап,
Чымчыктын баары буркурап,
Торгой ыйлап чуркурап.
Жер титиреп токтолуп,
Тоо титиреп козголуп,
Мындай мундуу жок болуп.
Кыямат боло баштады,
Мындай күндөр башталды.
Ай асманда тутулуп,
Айдын көзү бузулуп,
Күн асмандан тутулуп,
Күндүн көзү бузулуп
Күүгүм болуп калды эми.

Каныкей басып ордунан
Темир канга келди эми.
«Айланайын ата» – деп
«Андан көрө катыгүн,
Балаңа бергин бата» – деп,
«Бул эмине деген» - кеп?
Муунуңду бошотпо
Буркурап ыйлап окшонтпо.
Ушул сөзүң ката» – деп,
«Муунду далай алуучу,
Сырдуу киши калуучу.
Мынча неге кайгырдың,
Бул дүйнө шум жалган,
Кимдер өлбөй ким калган?
Мурункулар өлбөсө,
Муштайык гана жүргөнү.
Бурбай ажал жеткенде,
Булар дүйнө сүргөнү,
Баштатадан дүйнө түбүнө,
Кана «Пайгамбар» кууп жеткени?
Башка ажал келгенде,
Баары эле бир күн кеткени.
Эми койгун ыйыңды,
Андан көрө атаке,
Элге кылгын сыйыңды.»
Ошол кепти укканда,
Айтса-айтпаса төгүнбү,
Баланын сөзү тегинби?»
Бурулуп элди караса
Баары жүрөт буркурап,
Мууну бошоп чуркурап
Кошомат кылып барысы
Жашы түгүл карысы,
Кошулуп ыйлап калыптыр.
Ыйлаганын көргөн соң,
Бирин көрүп, бири ыйлап,
Ошол элдин баары ыйлап
Жүргөн экен зар ыйлап.
Элге карай кеп айтып,
«Койгула журтум» – деп айтып,
Андан көрө барыңар,
Бир Кудайга сыйынып,
Көзүнүн жашын тыйынып,
Ушул быйыл күзүндө,
Кең-Букардын төрүнө,
Келип калдык чогулуп.
Акыңар бар өзүмдө,
Ачып кара көзүңдү,
Чоң алыштын боюнда,
Чогулушуп келдиңер,
Ар нерсе бар ойумда.»
Ушуну айтып, бек айтып,
Ушул жерге жаткын деп айтып.
Казына оозун ачтырып,
Желдеттерин шаштырып.
Кайра киши чаптырып,
Алтын менен күмүштү,
Ак атанга арттырып,
Алып келип бергизип,
Касиетин көргөзүп,
Карып менен мискинге,
Аябастан төп берип,
Казынадан мол берип,
«Балама бата бергин» – деп,
«Баары-жогуң келгин» – деп.
«Арт жагынан дубаны,
Аябастан бергин» – деп.
Алтын менен күмүштү,
Аткарыптыр бул ишти.
Каныкейдин астына,
Төгүп коюп, кеп айтып.
Такыр бергин деп айтып,

Чоң Алыштын боюна,
Жыйын болуп жатты эми,
Күндөн күнгө дөөлөттү,
Кыйын кылып чач эми.
О дөбөдөй эт кылып,
Ысык-Көлдөй чык кылып,
Элин жыйып жык кылып,
Мал семизин сойдуруп,
Бечараны тойдуруп,
Кырк кемеге каздырып,
Кырка казан астырып.
Бечарадан бата алып:
«Баарың бата бергиле,
Как ушул жерге келгиле,
Алты күнү жыйынды,
Абдан күттү кыйынды.
Кең-Букардын баарысы,
Как ушул жерге жыйылды.
Эл чогулуп келгенде,
Этинин барын жегенде,
Чыйырды кемпир кеп айтат,
Чогулушкан элге айтат:
«Семетей качан келгенде,
Ошондо оозум ачайын,
Орозо кармап жатайын.
Орозо кармап тилесем,
Берер Кудай тилегим,
Алла таала Кудайдын,
Аныгын минтип билемин.»
Ошенетип Чыйырды,
Жатып калды бүк түшүп,
Акыр заман жүк түшүп.
Бечара белин чечпеди,
Муңканып көңүл ачпады.
Ал аңгыча Каныкей:
«Ардактаган Семетей,
Таласты көздөй кеткени,
Минтип түпкө жетти эми.
Мен да кантип турайын,
Боз-Дөбөнү бет алып,
Как ашууга барайын,
Кароол карап турайын.»
Боз-Дөбөнүн башына,
Чыгып барды ошондо.
Төлгөчү кара Төлөгүн,
«Төлгө салчы көрөйүн.
Акбай далы карасын,
Ашкере айтып берүүчүм.
Аман эсен келеби,
Же болбосо өлөбү,
Же тилегим Кудай береби?»
Баарын таштап коюңуз,
Баягы кеткен Семеңдин,
Кабарынан болуңуз.
Каныкейден бата алып,
Темир кандан ат алып,
Жүрөр жолун жат алып.
Темир кандын ак күбө,
Как ошону шымданып,
Жоо көргөндөй шаңданып.
Каныкей менен коштошуп,
Ажырашып боздошуп.
А күнү кечке токтошуп,
Анан жолго киришип,
А дегенде урушуп,
Андан кийин тынышып.
Каныкейдин астынан,
Кайрылып жолго салганда,
Көрбөй калдык арманда,
Эки жагын каранып,
Эрди, мурдун жаланып,
Ары-бери элеңдеп,

Айтар сөзүн белендеп,
Алда кандай болом деп,
Тобокел деп томаяк,
Өзү мыкты көк аяк,
Кайдан турсун жан аяп.
Как ошентип жол менен,
Алда нече ой менен,
Кокондон төмөн күдүргө,
Кой кыштачу адырга,
Как ошол жерге келди эми.
Каныкейдин кагазын
Койнунан алды намысын,
Көөкөрдү сууруп алды эми,
Катка көзүн салды эми.
Кайтарында кеп айтат:
«Ушул жолдо сак болсун,
Катуу жол го деп айтат.
Ууру, бөрү ойногон,
Бөрү, түлкү жойлогон,
Көргөн киши тойбогон,
Тогуз жолдун тоому эле,
Алтымыш жолдун түйүмү эле.
Ошол жерге барганда,
Оң жагына тарта жүр,
Ушул сөзүм ойлоп бил,
Ары жагында Кара-Тоо,
Алтын кендүү Ала-Тоо,
Как ошону көздөй бет алгын.
Нечен түрдүү иштерди
Как ошондон көрөсүң.»
Ошону окуп былк этип,
Эт жүрөгү солк этип,
Эси чыгып жөнөдү.
Тобокелдин томаяк,
Өзү мыкты көк аяк.
Кайдан турсун жан аяп,
Оң жагын карай жол жүрүп,
Ойлонуп келет мол жүрүп.
Кара тоону бет алып,
Жүрөөр жолун жат алып,
Келе жатат ушунда.
Азыр келип ошондо,
Бери жагында, Боз-Дөбөнүн башына,
Чыгып келди ошондо.
Төгөрөгүн арытып,
Төрт тарапка көз салып,
Карап турду ошондо.
Темир кандын чоң дүрбү,
Болжолу жок зор дүрбү,
Боосун алып мойнунан,
Сууруп алды койнунан.
Бурап, бурап олтуруп,
Кыябына келтирип,
Ичи күүгүм кызарган.
Кере кулач узарган,
Бурамалуу дүрбүсү,
Мурункунун үлгүсү.
Кара-Тоону карата,
Карап дүрбү салды эми,
Карарган калың мал көрүп,
Кайнап жаткан эл көрүп.
Жаратканга сыйынып,
Көзүнүн жашын тыйынып.
Андан ылдый имерип,
Дүрбүнү тартып жиберип.
Алиги тоону этектеп,
Кыдырата көрдү эми,
Андан берки талаада,
Ар нерсе бар санаада,
Абай кылып караса,
Жаркыраган суу көрдү.

Суунун бери жагында,
Жайнап жаткан жоо экен.
Кызылбаштын жаны экен,
Манас менен башында,
Эрегишкен жан экен,
Эли азыраак кем экен,
Как ошонун колу экен.
Келе жаткан Семеңдин,
Как келе жаткан жолу экен.
Маңдайынын шору экен,
Көкабаттын колу экен,
Ошону көрүп көкжалың,
Көзүнөн чыгып ат жалын,
Дүрбүнү жулуп алды эми.
Омуроого салды эми,
Ойлонуп токтоп калды эми.
«Мен өңдөнгөн бенде жок,
Мендей сөздүү элде жок,
Же, муң айтаарга кишим жок,
Булкунушаар күчүм жок,
Арыз айтаарга кишим жок.
Алышаарга күчүм жок,
Айланайын Кудайым,
Ичим толгон убайым,
Муну кандай кылайын!
Ушул бойдон кайтайын,
Каныкейге айтайын.
Мен бул жерден кетейин,
Темир канга жетейин.
Калың кара кол менен,
Калкылдаган эл менен,
Келсемби дейм жол менен.»
Как ушинтип ойлонуп,
Бир далайга толгонуп,
Тукуму менен укуму,
Туйлап өскөн түгөнгүр.
Атасынан баласы,
Ар борумун карачы,
Э, дегенде ме деген,
Жоо дегенде жатпаган.
Бөрк ал десе баш кескен,
Ошентип кайра барганча,
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жак,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Манастын уулу Семетей,
Кайтып келди деп айтса,
Катын-бала кеп айтса,
Ошенетип кеткеним,
Өлгөнүм эмей неткеним,
Кең-Букардын адамы,
Ушак-айың кеп айтса,
Манастын уулу Семетей,
Ушундай экен деп айтса.
Андан көрө өлүм ак,
Мен тургай, Манастан калган
алтын так.»
Как ошентип камданып,
Кандагайды шымданып,
Жоону көрүп шаңданып,
Кара боюн чыңданып.
Жалгыз ууру өңдөнүп,
Урушаарга көөндөнүп.
Уруму мылтык ийнинде,
Азырети кийминде,
Уруудан чыккан эр Семең.
Баягы колду бет алып,
Келе жатат бакылдап,
Бир азыраак жол жүрүп,
Антип-минтип отуруп,
А күнү күндү батырып.
Күүгүм менен күнгүрөп,

Атка минип зыңгырап,
Аткулактуу шабырга,
Азкандакай кабырга,
Кереге бою капыстан,
Каптал кыя кабыштан,
Көрө коюп кылт этип,
Кайра тартып жылт этип.
Жаңы үйрөнчүк мергендей,
Жанына кийик келгендей,
Жакын барды Семетей.
Караса көзгө илинбей,
Канча экени билинбей,
Кайнап жаткан калың кол.
Ары-бери ойлосо,
Алты миңче бар экен,
Ал да мыкты мол экен.
Баары мыкты эр экен,
Баарын бирдей караса,
Маң тартучу кем экен,
Аны көрүп кымыңдап,
Эр Семетей жымыңдап,
Ар кимиси жөтөлүп,
Чоң чылымын көтөрүп,
Коркурата сорушуп,
Баары соруп оңушуп.
Аттары менен иши жок,
Жолго чыккан киши жок,
Жогору жагын караса,
Ошол колдун башында,
Көкабат жатат чалкалап,
«Анжыян айлын талкалап,
Акыр-заман салабыз,
Малын такыр алабыз.
Жатемирдин кызы эле,
Оймоктуудан уз эле.
Ошол кыз талоого баралы,
Кызын тартып алалы.
Алыбыз келсе антели,
Ал жетпесе кантели!»
Мына ошону айтып тынышып,
Кош, кошуна барышып,
Баары жатып калышты.
Ошону көрүп эр Семең,
Бир Кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып.
Жетелеп агын откоруп,
Сабыр кылып токтолуп,
Карап жүрөт аңгыча,
Баары жатып болгончо.
Бир жагы кара суу экен,
Көкабат өзү ашкан куу экен.
Бир жагы дайра суу болсо,
Колумда мындай жоо болсо.
Ошону көрүп эр Семең,
Бир Кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Аксарыбашыл кой айтып,
Арбактарга мол айтып,
Падыша Кудай колдо – деп,
Колдосоң ушу жолдо – деп.
Түштүм дайра иримге,
Чалындым жалгыз «Керимге»,
Көп жалынып зарлайын,
Азирет Аалы пириме.
«Колдочу күнүң бүгүн» – деп,
«Бүгүндөн кийин төгүн» – деп,
«Зарыма шапаат кылгын» – деп.
«Он сегиз миң ааламдын,
Падышасы Мукамбет,
Кызыр Ильяс, кырк чилтен,
Мени окуткан Ак эшен,
Ошондон жардам болгой» – деп,

«Койо келгин оңбой» – деп.
«Эми мен киремин капырга,
Кызылбаштын баатырга.»
Ошону айтып солкулдап,
Эт жүрөгү болкулдап,
Алмабаш мылтык алды эми,
Аябай дүрмөт салды эми.
Көнөктөй болгон көк куту,
Көтөрүп алып куйду эми,
Кош дүрмөттү урду эми,
«Колдо, Кудай колдо – деп,
Алда кудай, алда – деп,
«Атам Манас» – деп айтып,
Алмамбетке кеп айтып,
Бириң тирүү жан болсоң,
Шейит өткөн кан болсоң,
«Колдоочу күнүң бүгүн» – деп,
«Бүгүндөн кийин төгүн» – деп,
Антип-минтип отуруп,
Жылдыздын баарын батырып,
Алдындагы тулпарды,
Сендей кылып катырып,
Аста-секин келди эми,
Ак тулпар менен келди эми.
Эки жигит кашында,
Кайтарчусу ошондо.
Көптү көп деп ойлобой,
Өлүмгө өзүн болжобой,
Эр Семетей баатырды,
Эңкейе түшүп чатырды,
Түркүгүнөн алды эми.
Чалкасынан тартты эми,
Кекабаттай баатырды,
Найза менен сайды эми.
Айбалканын башы деп,
«Как жүрөктүн тушу» – деп,
«Өлөр жериң ушу» – деп,
Кандын үйүн туштады,
Как жүрөккө муштады.
Муну өлтүрүп таштады,
Ак добулду карс коюп,
Алмабашын тарс коюп,
Мылтык атып үн чыгып,
Кан Манас деп чуу чыгып,
Баабедин деп бакырып,
Алмамбет деп кыйкырып,
Алдыка кире бергенин,
Найза менен мылгытып,
Аркасынан келгенин,
Албарс менен кыңгытып,
Оң колуна шап алып,
Октон кыйын жаа тартып,
Аркырап үндү салганда,
Көрбөй калдык арманда.
Жөлөңкөлүү керидей,
Кой качырган бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй.
Алдына кире бергенди,
Найза менен найзалап,
Ар тараптан келгенин,
Албарс менен кайсалап.
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай.
Тегерете карабай,
Теги өлүмүн санабай.
Уруму мылтык ийнинде,
Азирет пири кийминде,
Узунду, кыска тон кийген,
Урумдан чыккан эр Семең.
Ошонтип өтүп алды эми,
Улуу жолдон айрылды,
Бөлөк жакка кайрылды,

Жаа тарткандай шыпылдап,
Жалгыз жаны кыпылдап,
Кызылбаштын элине
Кыргын салып эр Семең,
Андан өтүп алды эми.
Аман чыгып көкжалың,
Көзүнөн чыкты от жалын.
Чамбыл ала чаң болуп,
Кызыл ала кан болуп,
Кылганы журтка даң болуп,
Аман-эсен жөнөлүп,
Арбак конуп ат алып,
Аты чыккан жашында.
Как ушундай иштерди,
Уга жүргөн башында.
Томолонгон томаяк,
Өзү мыкты көк аяк,
Кайдан турсун жан аяп.
Бара жатат шаттанып,
Өзү жалгыз мактанып.
Муну таштап коюңуз,
Бери жагында кызылбаш,
Кабарынан болуңуз,
Баары калды арманда,
Оозу мурдун карманды,
Биринен-бири кеп сурап,
Бу кайсы адам деп сурап,
Көргөндөрү кеп айтып,
«Кудай алсын» – деп айтып.
«Манастаган сөзү бар,
Бакырайган көзү бар.
Бажагар сен не дейсиң,
Эмине деп бок жейсиң.
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган.
Алдын таштап айкырып,
Азирет деп кыйкырып,
Кан өлтүрүп, туу жыгып,
Как ушундай чуу чыгып.
Арт жагынан карасам,
Ажыдаар сойлоп баратат.
Сойлогонун карасам,
Жолу арадай коо болуп,
Топурагы тоо болуп,
Каарданып ышкырса,
Кандуу суулар бөгөлдү.
Кайратына келгенде,
Кара-Тоого теңелди,
Арбашына чыдабай,
Алма, жаңгак күбүлдү.
Аны көргөн адамдар,
Өз жанынан түңүлдү.
Ар кимиси кеп айтат,
Мына ушул чын деп айтат.
Ушуну айтып кеп кылды,
Өз жанынан шек кылды.
«Кайра тартып албасын,
Калааңды такыр кырбасын.
Эми оозуңду бас деди,
Көзүңдү эми ач» – деди.
Өлгөндөрүн көрүшүп,
Өкүрүп, ыйлап көмүшүп.
Калгандары кайгырып,
Акылынан айрылып.
Көкабаттын кашына,
Баары келди ошондо.
Чатырын кайра таштаптыр,
Как жүрөккө муштаптыр.
Сакчы болгон экөөнү,
Кошо өлтүрүп салыптыр.
Чатырын түрүп бүктөшүп,
Жаралуусун жүктөшүп,

Акылынан шашканы,
Как ушу бүгүн качканы.
Ошентип кеп кылып,
Өз жанынан шек кылып.
Ким экенин биле албай,
Тургун десе тил албай,
Ушинетип үй алдык.
Үй алам деп уйпалдык,
Кандын кызын алам деп,
Как ушинтип кырылдык.
Эми не деп барабыз,
Не деп жооп беребиз,
Ар кайсы канга баш коюп,
Тарап, тарап кирели,»
Ошенетип жөнөлдү.
Муну таштап коюңуз,
Баягы кеткен Семеңдин
Кабарынан болуңуз.
Өз алдынча шаттанып,
Келе жатат мактанып,
«Бүгүнкү кылган өнөрүм,
Абакем Бакай көрбөдүң,
Түндөгү кылган кайратым,
Каныкей көрбөй айбатын.
Кызылбаш кыйын эр десем,
Кытайга окшош шер десем,
Сартка окшош кан экен.
Бул кызылбаштын адамы,
Саманга окшош жан экен.
Ушуну ойлоп ээлигип,
Кутургандай жээлигип,
Бакай кандай болду экен,
Ногой кандай эл экен?»
Ошентип олтуруп,
Сөзүн ойлоп болтуруп,
Суугa келди аңгыча.
Пайгамбар Зааба байра өткөн,
Наманган ылдый дайра өткөн.
Ушу бүгүн кечинде,
Эр Семеңдин кезинде,
Жайлоонун толук чагында,
Чоң дайранын жанында,
Келип калды момында.
Башы Нарын жазылган,
Аягы тегиз кошулган.
Намангандын чоң дайра,
Айтылып жүрчү зор дайра.
Жаткан экен күркүрөп,
Аны көргөн пенденин,
Азат бою дүркүрөп,
Башынан мөңгү бузулуп,
Ар тараптан карасаң,
Топурак агып кошулуп,
Кандуу суулар жошулуп.
Агындысы тоо болуп,
Аралдын баары коо болуп,
Ар бир жерге үйүлүп,
Үйдөй болуп жыйылып.
Балапан тоонун карагай,
Башы-көтүн карабай,
Карга тийип урунуп,
Кардын боору туурулуп,
Талдын баары суурулуп,
Аркы-терки урунуп,
Аны көргөн адамдын,
Заманы агып куурулуп,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Алда нече түрдөнүп.
Өлөм деген барбаса,
Өзгө пенде баргысыз,
Жандан кечкен барбаса,

Жанына пенде тургусуз.
Аттай кара балыктар,
Арасында жалтылдап.
Ана көргөн пенденин,
Жүрөгү май жегендей калкылдап.
Ким барат буга жакындап,
Айза салса бойлобойт,
Аны көргөн адамдар,
Өлбөймүн деп ойлобойт.
Өткүр тууган эр Семең,
Ошол сууну көрдү эми,
Сийдиги булут айланып,
Айтарга тили байланып,
«Жолумда мындай суу болсо,
Эсеби жок жоо келсе,
Мен өңдөнгөн пенде жок,
Мендей шордуу элде жок,
Же учуп кетчү канат жок.
Аттап кетчү алым жок,
Канетем мындай дайрага.
Тили жок жоо-айбанга,
Жалынган менен болчубу,
Ыйласам тилим алчубу,
Же түшүп өтөр кеме жок,
Мен өңдөнгөн неме жок.
Айланайын Кудайым,
Ичим толгон убайым.
Айланы кандай кылайын,
Ушул жолдо жараткан,
Көрсөттүң гана катуу убайым.»
Ушуну айтып эр Семең,
Уруудан чыккан эр неме.
Каныкейдин кагазын,
Койнунан сууруп алды эми.
Кагазына караса,
Кагазынан кеп айтат,
«Кара таштын түбүндө,
Кечүү болот деп айтат.
Кечсең аман өтөсүң,
Андан башка жеринен,
Кечсең кокус өтөсүң.
Ошону окуп көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын,
Жаратканга сыйынып,
Алды-артын жыйынып.
Алласына сыйынып,
Ат арытып минбеген,
Ат кадырын билбеген.
Тон тоздуруп кийбеген,
Тон кадырын билбеген.
Бул өңдөнгөн дарыя,
Суу кадырын билбеген.
Мурун суудa кирбеген,
Ат керт этип чөп жебей,
Чөп жесе да көп жебей,
Эр кылт этип суу ичпей,
Аманат жаны күн кечпей,
Же бир азыраак токтолбой.
Атын түшүп откорбой,
Жардын башын уратып,
Суудa кирди чуратып.
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Камыштын башын жапырып,
А дегенден жоголуп,
Андан кийин оңолуп.
Алдындагы Ак тулпар,
Аяктай түшүп токтолуп.
Аркы өйүзгө бет алып,
Аркан бою октолуп,
Таноолору тырпырап,
Кыя тартып шыркырап.
Келе жатат дайрада,

Ал аңгыча Семеңе,
Ажал жакын немеңе,
Ак тулпар акты шалкылдап,
Ажал келди жакындап.
Арам өлгөн Ак тулпар,
Өзү өкүм мал эле,
Өкүмдүгү бар эле.
Өзү карган чагы эле,
Бугудай бутун булгады,
Болбой калды сойулгур.
Маралдай башын чайкады,
Баспай калды ойулгур.
Салмоордой төрөңдү,
Салмактады Ак тулпар.
Коргошундай балаңды,
Коргоп албай баратат.
Ылдый карап калкылдап,
Ажалга Семең жакындап,
Болбой калды чалкылдап.
Жакасына суу жетип,
Жаба коюп баратат.
Үнү чыкты буркурап,
Асман көккө чыркырап.
Түштүм дайра иримге,
Жалындым жалгыз Керимге,
Илгерки өткөн бириме,
Билериктүү кыядан,
Бирөө элем уядан.
Алды каткан Каныкей,
Арам өлгөн Семетей,
Жаңырыктуу кыядан,
Жалгыз элем уядан.
Эми өлбөгөндө нетемин,
Кантип анан кетемин,
Ай баткандай кылдыңбы,
Армандуу күнгө салдыңбы.
Күн баткандай кылдыңбы,
Күүгүм түнгө калдыңбы,
Ушинтип арам өлдүңбү.
Алдымда менин ага жок,
Бу дайрага даба жок.
Семетей эми шогу жок,
Же арт жагында ини жок,
Каныкей калды күнү жок.
Неге келдим жөнү жок,
Кадеми каткан Чыйырды,
Каран түнгө калдың деп,
Кайгырып жүрүп өлдүң деп.
Кара тумшук Семетей,
Кашкама кажыр конду деп,
Кажырдын богу болдум деп.
Жотомо жору конду – деп,
Жорунун богу болдум деп.
Мындай күндү биле албай,
Ажал айдап, тил албай.
Атаны арман, дүнүйө ай!»
Ушуну айтып буркурап,
Сууда барат чыркырап.
Аты кетти арчага,
Далы кетти күрсүгө,
Алла таала Кудайым,
Ырайым кылды Кудайың.
Арбагына Манастын,
Буйрук кылды Кудайым,
Баласын кармап алсын деп,
Бачымыраак барсын деп,
Жардам болду Алладан.
Ажал азап ичинде,
Ушу бүгүн кечинде,
Эр Семетей алактап,
Эси ооп шалактап.
Эки жагын караса,

Суунун өйүзүндө бир топ жан,
Тааный албай болду таң.
Абай кылып караса,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чалдай карысы,
Кыраан Манас атасы,
Жоктур сөзүм катасы.
Булар көзгө көрүндү,
Өңүмбү же түшүмбү.
Ажал деген ушулбу,
Тоодой кула аты бар,
Тостойгондой көзү бар,
Адамдан артык сөзү бар.
Жазы шымды шымданып,
Өйүзүндө шаңданып,
Баары турат жарданып.
Кабагы бийик, өңү саз,
Кара көңүл эр Манас.
Анын арка жагында,
Коштогону Коёнбоз,
Төшөнгөнү баяндос.
Ак сакалы ак сүттөй,
Ар мүчөсү мистедей.
Ак сакалы чүчтөдөй,
Оозунда тиши күрүчтөй.
Абакеси эр Бакай,
Ал да көзгө көрүндү.
Анын быяк соңунда,
Ар кылганы оңунда.
Сар аласы чайпалып,
Кызыл сакал жайкалып,
Кыз кылыктуу Алмакең,
Бул да көзгө көрүндү,
Өлүк, тирик аралаш,
Жуда көзгө көрүндү.
Ошол элдин ичинен,
Алмаң бери бөлүндү.
Сарала атын жайдактап,
Суура кирди шолоктоп,
Кирип келди ойноктоп.
Кыя тартып алды эми,
Кыябына келди эми.
Алмамбеттин арбагы,
Чылбырынан кармады,
Шыркыратып дайрадан,
Сүйрөп алып жөнөдү.
Аман чыкты өйүзгө,
Аралашты арбакка.
Тегеректеп баарысы,
Ал аңгыча эр Семең,
Аттан түшө жүгүрүп.
Өлгөн экен деп жүрсөм,
Тирүү киши турбайбы,
Же Каныкейдей энемди,
Ошону Кудай урганы.
Каныкей сага кылбасам,
Атама кайта нике кыйбасам!»
Ошону ойлоп түйүлүп,
Арбакты көрүп сүйүнүп,
Манасты көздөй бет алып.
Басып колун берди эми,
Ал аңгыча жалт этип,
Шам өчкөндөй жалп этип,
Кайып болуп жоголду.
Эки жагын каранып,
Эрди, мурдун жаланып,
Эси ооп жыгылды.
Кадим саптуу ай балта,
Как бөйрөкө таянып,
Кайдан турсун аянып.
Толгонгон саптуу айбалта,
Так бөйрөккө таянып,

Солкулдап ыйлап бир далай,
«Эми жалгай көрсүн бир Кудай.
Улуу суунун боюнда,
Ушундай иштер оюмда,
Убара болду бакырып,
Убайым тартып ыйлады,
Көзүнүн жашын тыйбады.
Асыл Манас ойронум,
Асты мени койбодуң.
Асты агала керге мингизип,
Аш кадырын билгизип,
Анан кийин өлбөдүң,
Кызматыңда болбодум.»
Атакелеп айкырып,
Аш бышымга бакырып,
Ай дээрге адам жок,
Кой дээрге пенде жок,
Мындай шордуу элде жок.
Өкүргөн менен келген жок,
Ажал жакын келгенде,
Алып чыкты өйүзгө.
Эми ыйлаган менен пайда жок,
Кудайдан бөлөк айла жок,
Белин бекем буунуп,
Бети-колун жуунуп.
Ары-бери караса,
Ак Тулпардай жаныбар,
Ооздугу шалдырап,
Оттоп жатат жалдырап.
Анын ооздугун чыгарып,
Ары-бери сугарып,
Бир азыраак токтолуп,
Атын эми откоруп,
Ажал жетип, күн бүтпөй,
Албайт экен Кудайым.
Эми кандай кылайын,
Ичим толгон убайым.
Тобокел деп томаяк,
Кайдан турсун жан аяп.
Ошол жерден шымпыйып,
Жолго түштү кымпыйып,
Жөлөңкөлүү керүүдөй,
Кой качырчу бөрүдөй.
Жан көзүнө көрүнбөй,
Боз адырдын жонуна,
Эми кирди жолуна,
Ат аябай жол жүрүп,
А күнү кечке мол жүрүп,
Кесемди басып өттү эми.
Керели кечке жол жүрүп,
Күүгүмдө тоого жетти эми.
Кара кыргыз элине,
Караңгыда келди эми.
«Кимге конок боломун,
Ким болосуң дедирип,
Андан көрө жөнөйүн,
Абакемди көрөйүн.»
Казак, кыргыз элине,
Намангенди кыдыра,
Түн ичинде келди эми.
Түн ичинде бакылдап,
Тоо этегин жакалап,
Бир булага кирди эми,
Өрдөй түшүп көрдү эми.
Бири Терек, бири тал,
Жыгачынын көркү бар.
Ошол жерди ойлонуп,
Жатаар жердин баркы бар,
Аттан түшө калды эми,
Бир алманын түбүнө
Атын байлай салды эми.
Чыканактай калды эми,

Чырым этип болду эми.
Азыраак көзү илинип,
Көсөрлүгү билинип,
Жана тура калды эми.
Ары-бери жетелеп,
Ооздугун чыгарып,
Ошол жерге токтолуп,
Бир далайга откоруп.
Таңдын көзү түрүлүп,
Так төбөдө сүрүлүп,
Балапан торгой чуркурап,
Жылдыз кетти буркурап.
Шоокум камыш шыбырап,
Жандын баары кыбырап,
Жайнап келе жатканда,
Жана Семең жөнөлдү.
Ашууну көздөй бет алып,
Атырылтып өмөлдү.
Чаначтын белин ачты эми,
Чаткалды көздөй түштү эми.
Сары-Белдин сеңирге,
Бек жалынып теңирге,
Аттан түшүп токтолуп,
Далайга атын откоруп,
Эки жагын каранып,
Эми гана көрдү Таласты.
Ортосу Талас, асты Чүй,
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Ошонун баарын боолгоду.
Тоосун туман чалыптыр,
Оюн мунар алыптыр,
Көзү жетпей калыптыр.
Бурамалуу дүрбүсү,
Мурункунун үлгүсү,
Эми келди көргүсү.
Болоттон кылган сабы бар,
Бой тумардай кабы бар.
Боосун алды мойнунан,
Сууруп алды койнунан.
Бурап, бурап олтуруп,
Кынабына келтирип,
Ичи күүгүм кызарган.
Кере кулач узарган,
Мунусун көзгө салды эми,
Буралып карап калды эми,
Маңдайында басылды,
Бадырайган айылды,
«Абамдын айлы белем деп,
Көргөндө Семең элеңдеп,
Чын эле Бакай абамды
Ушундай күндө табамбы?
Алым келсе кулдарды,
Баштап жүрүп чабамбы,
Миң койдон калган кебимди,
Чын жаадан калган жебемди,
Кыраандан калган дөбөмдү,
Жер тандаган көбөндү,
Чын эле Бакай адамды,
Бүгүнкү күндө көрөмбү?
Алланын кылган иши экен,
Абакем кандай киши экен,
Эт жүрөгү жарылып,
Абакем бүгүн табылып.
Андан ылдый имерип,
Таласты көздөй жиберип.
Мелтиреп карап калды эми,
Ал деле сонун жер экен,
Телегейи тең экен.
Өрдөгүн көр, казын көр,
Өлкөсүн көр, сазын көр.
Жайлоосун көр, кышын көр,
Тоо тайгылган түзүн көр.

Бетеге чөбүн, жайын көр,
Бечара жердеп жүрүүгө,
Эгин эгер жайын көр.
Бетегеси, шыбагы,
Жылып аккан булагы.
Ушул бүгүн Семеңдин
Көрө турган убагы.
Булбулу сайрап таңшыган,
Булагы агып ташыган,
Муңдуу киши жашыган,
Жазгы чөбү кууураган,
Күзгү чөбү буралган.
Чер токоюнда түлкү көп,
Ыйлагандан күлкү көп.
Жыйган малдан мүлкү көп,
Калайынан күмүш көп,
Кара эгинден күрүч көп.
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күрмөгө атын байлаган.
Кара-Буура, Чаткалга,
Канча адам жайлаган,
Таластын башы Жети-Төр,
Кимдер жайлап конбогон,
Манастын көзү өткөндө,
Кимдер жакшы болбогон.
Башындагы кемчет бөрк,
Кимдер ыргап кийбеген.
Башка сыймык келгенде,
Кимдер жыргап жүрбөгөн.
Буларды көрүп эр Семең,
Мууну бошоп турду эми,
Жери жакшы токойлуу,
Эли кыргыз ногойду,
Айылын көрүп турду эми.
Асыл Манас баатырдын
Дайынын көрүп турду эми.
Жибек кийип буралып,
Жигити сулуу эл экен,
Кете кийип керилип,
Келини сулуу эл экен.
Керилип басып кеңири,
Келбей турган жер бекен.
Кызылды кийип булактап,
Кыздары сулуу кылактап.
Кыдырата Семетей,
Далай элди көрдү эми.
Жармасынан чайы көп,
Жардысынан байы көп.
Келини тайлак байлаган,
Кемпири куйрук чайнаган.
Өзөн суусу май болгон,
Өлөрманы бай болгон.
Жабылгасы шай болгон,
Жалпы журту бай болгон.
Кулуну тайдай мөңкүгөн,
Курама малдай көрүнгөн.
Казысы кучак байлары,
Калк бийлеген бийлери,
Мунун баарын көрдү эми,
Айран болуп турду эми.
Кең-Кол, Талас жагы бар,
Жер соорусу турбайбы,
Бир боор Семең келбесе,
Түбүнө Кудай урбайбы.
Андан-мындан караса,
Ак эрмендин өңүрдө,
Айланпалуу сеңирде,
Ак күмбөз турат бир жерде.
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
«Ушунун уулу мен болсом,
Урумда жүргөн кем болсом.

Ушунча элдин ичинен,
Бир кишини билбесем.
Эми кандай кылчумун?»
Ошону ойлоп баланын,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Көргөн жерден дел болуп.
Дүрбүнүн ичи жаш толуп,
Маң тарткандай мас болуп.
«Белге чапкан жыландай,
Бейпай болгон экенмин.
Башка чапкан улактай,
Көк мээ болгон экенмин.»
Ошону айтып баатырың,
Дүрбүнү жулуп алды эми.
Омуроого салды эми,
Айбалтаны таянып,
Кайдан турсун аянып.
Атакелеп айгызып,
Алда кайдан айкырып.
Ойурмалуу бел менен,
Ойку-кайкы жол менен,
Огойдун уулу эр Семең,
Ордун таппай айкырып,
Атакелеп бакырып.
Таластын суусун кечти эми,
Ак күмбөздүн алдына,
Атакелеп түштү эми.
Түшөмүн деп жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Аласалып оңолуп,
Эс алып турду соо болуп.
Эки жагын каранып,
Эрди-башын жаланып.
Ары-бери элеңдеп,
Айтар сөзүн белендеп,
Абай кылып караса,
Муну билген киши жок,
Муну менен иши жок.
Бул өңдөнгөн пенде жок,
Мындай шордуу элде жок.
Ойрон Манас өлгөнү,
Он эки жыл болуптур,
Ошол элдин баарынан,
Ойунан чыгып калыптыр.
Ондон бетер эр Семең,
Эртеги өткөн Манасты,
Эсине алды баласы.
Эгемдин ишин карачы,
Баштагы өткөн Манасты
Байкап турат баласы.
Өлгөн жерин караса,
Баш-аягын караса,
Эки терек көлөкө,
Белгиси турат бул экөө.
Кырк чоронун баарысы,
Кырка өкүргөн жерине,
Кыдыра кырчын тал болгон.
Аны көрүп эр Семең,
Андан бетер дал болгон.
Андан-мындан караса,
Кадеми каткан Каныкей.
Көзүнүн жашы тамган жер,
Былкылдаган саз болгон,
Бетинин каны тамган жер
Тушардан кызыл таш болгон,
Басып кеткен жерлери,
Көлөш калып из болгон.
Баарын көрүп эр Семең,
Ошол жерде мыш болгон,
Мындай күнгө туш болгон.
Атын жөө жетелеп,
Ак күмбөздү бет алып,

Эр Семетей жөө басып,
Бети-башын көө басып.
Ак күмбөздүн алдына,
Жер мамыга ат байлап.
Шып детирте бат байлап,
Ак күмбөздүн ичине,
Азыр кирип келди эми.
Салам берди кабырга,
Аалы, кабыр салам деп.
Алдыңа келди балаң деп,
Күмбөздүн ичи күнгүрөп,
Шоокум берди дүңгүрөп.
Бузулуп кете таштады,
Мындай белги башталды.
Муну көргөн Семеңдин,
Көздөрүнө жаш толду.
Көзүнүн жашын аарчып,
Эки жагын караса,
Эр жагында баатырдын
Сүрөтү турат жазылуу,
Бир кагазга басылуу.
Тоодой кула аты бар,
Адамдан башка заты бар.
Тостойгондой көзү бар,
Бул Семетей баатырдын
Нечен айтар сөзү бар.
Жакасында каты бар,
Манас деген аты бар.
Баарын кылган Каныкей,
Көрүп гана турат Семетей.
Анын кийин соңунда,
Ар нерсе бар оңунда.
Ак сакалы чүчтөдөй,
Ар мүчөсү мистедей.
Ак сакалы күмүштөй,
Оозунда тиши күмүштөй.
Коштогону Коёнбоз,
Төшөнгөнү баяндос.
Кармаганы кандуу кул,
Качырганы шаңдуу кул.
Урунганы жамбы бул,
Уксаң сөздүн чыны бул.
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Казатка барса ак жолтой,
Кармашкан жоого сан колдой,
Жакасында каты бар,
Баатыр Бакай деп койгон,
Жазылуу турган аты бар.
Анын арка жагында,
Сарала аты жайланып.
Кызыл сакал жайкалып,
Кыз өңдөнүп кылгырып,
Айрыдан туулуп лөк болгон,
Адамдан туулуп көк болгон.
Карадан туулуп ак болгон,
Канга ылкый бек болгон,
Эгизи менен так болгон.
Эгем таала дини үчүн,
Энесинен жат болгон.
Айрысынан так болгон,
Алла-таала дини үчүн,
Атасынан жат болгон.
Кылымга толгон кытайдын
Баары-жогун таштаган.
Казак менен кыргыздын
Акыры жолун баштаган.
Кара калпак, түркмендин,
Казак, кыргыз бүткөндүн,
Аргын ногой алачтын,
Алты түрдүү адамдын,
Аңгемесин чечтирген,

Агыны катуу дайранын,
Баарын көрүп кечтирген.
Баарысын айдап эр кылган,
Атышам деген душмандын,
Баарысын басып жер кылган.
Эр Алмамбет аты бар,
Жакасында каты бар,
Антип айтып нетели,
Бирден айтып өтөлү.
Кырк чоро башы Кыргыл чал,
Кыйланы кылган шылдың чал,
Эңкей, Бөкөй эки уул,
Эдиге, Кыяз төрт уул.
Алым, Бөкөй алты уул,
Айткан сөзүм мына бул.
Муратаалы, Мурат бий,
Мындай чапкан Кубат бий.
Жоо бөрүсү Мөкөнбай,
Бөксөлөй чапкан Дегенбай.
Кенендин уулу кан Бакай,
Алектин уулу Чалыбай.
Алоокенин Боокеси,
Бооке, Темир, Кайсаңы.
Орустан келген калчасы,
Мыктылардан канчасы.
Кытайлардан келишкен,
Кыбал, Чыбал эки уул,
Кыргыздан сөзү мына бул.
Жалпак тилдүү Жатыгай,
Жакшысы эле Ажыбай,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлкүлүү жигит Ажыбай.
Ал күндө Качыбай,
Турган экен момундай.
Жалганы бир Кудай ай,
Анын бул жак соңунда,
Келе турган оңунда,
Семей уулу жүрөгү,
Жоого жакын жеткенде,
Ала-Тоодой жүрөгү.
Серек менен Сыргагы,
Сереңдеген чыйрагы,
Акбалтанын Чубагы.
Ушул бүгүн Семеңдин,
Көрүп турган убагы.
Анын мобул жагында,
Тазбайматы бул дагы.
Кемегеси казылуу,
Миң казаны асылуу.
Бул да турат жазылуу,
Муну менен кырк болгон,
Ошондо Семең бук болгон,
Ичине кайгы жык толгон.
Барын кырка караса,
Жакасында каты бар.
Жазып койгон аты бар,
Баарын кылган Каныкей,
Көрүп турду Семетей,
Баарын жазган апасы,
Көрүп турду баласы.
Андан-мындан караса,
Саадагы турат үйүлүү,
Сандыргалуу төрөңдүн,
Сайганынын баарысы
Сарайында сүйөлүү.
Кылычы турат үйүлүү,
Кыз өңдөнгөн шордуунун,
Кылганынын баарысы
Күмбөзүндө сүйөлүү.
Саадагында мөөрү бар,
Сандыргалуу баатырдын,
Сайганында өөнү жок.

Кылычында мөөрү жок,
Кыз өңдөнгөн шордуунун,
Кылганында өөнү жок.
Окуп көрүп олтуруп,
Сөздүн баарын болтуруп,
Эпчи жагын караса,
Энекеси Каныкей,
Өз сүрөтү көрүндү.
Көргөн жерден Семеңдин,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Эми жандан түңүлдү,
Алтын сырдуу жакасы,
Оң колуна алыптыр,
Алаканда насыбай,
Сол колуна алыптыр.
Чырпыктай болуп ийилип,
Калемдей кашы чийилип,
Баатырды карап эңкейип,
Мына ошентип калыптыр.
Ала көөдөк эр Семең,
Аныктап эми көрдү эми.
Караңгынын жылдызы,
Кайып кандын жалгызы.
Боолгоп келсе бозорот.
Тиктеп турса кызарат.
Төрт кубулуп көрүнөт.
Карап туруп Семеңдин,
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Ал аңгыча жетимдин
Өз сүрөтү көрүнөт.
Бала куштай талпынып,
Манасты карап жулкунуп,
Мына ушуну көргөндө,
Өлүп гана сала таштады.
Ыйлашты көрсөң көр эми,
«Өөп жүрүп өткөрүп,
Эми жаңы көз көрүп,
Кыргый менен куш берип,
Кыз жандатып өзгөртүп.
Казы менен жал берип,
Калк ичинде өзгөрүп.
Арак менен бал берип,
Адам кылып өзгөртүп.
Атам менен энемди
Ак күмбөздөн көз көрүп.
Качып жүрүп калкалап,
Мен үчүн куурап сен жүрүп,
Кыямат күндөр болгондо,
Акыры бир күн өлгөндө,
Сенин карызыңдан кантип
кутулам?»
Кыйшая түшүп жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып,
Шалдайып жатып калыптыр.
Жана эсине келди эми,
Жалынып тура калды эми.
Кайраттанып турду эми,
Сүрөттүн баарын көргөн соң,
Сүйүндү бүгүн эр Семең.
Арбакты көрүп кубанды,
Аябай окуп дубаны,
Каныкейдин ишине
Ушул бүгүн кубанды.
Аятаалы сүрөөнү,
Аны окуп отуруп,
Аягына келтирип.
Белди бекем байланды,
Чыгаарына шайланды.
Эр Бакайды ойлонду,
Жаратканга сыйынды,
Көзүнүн жашын тыйынды,
Оңдоп-солдоп кийинди.

Барган Бакай абам – деп,
Абамды издеп табам – деп,
Алым келсе кулдарды,
Ушул жолдон чабам – деп.
Кош аман бол, арбак – деп,
Эшикке чыкты далбактап,
Эшикке чыгып караса,
Эч эчтеме көрүнбөй,
Муну билген бенде жок,
Мындай жалгыз элде жок.
Темир кандын тулпарга,
Тентегиң ыргып минди эми,
Аллалап жолго кирди эми.
Бакайды көздөй бет алып,
Күпүлдөгөн ак шаарга,
Манастан калган Кең-Колго,
Баласы келди ошондо.
Бакайдын Кызыл-Ташына,
Бер жагында сеңирге,
Бек жалынып теңирге,
Кыя салды демиге.
Бакайды бүгүн көрмөккө,
Эт жүрөгү жарылып,
Эр Семетей зарыгып,
Ошол жерде толгонуп,
Алда нече ойлонуп.
Бир адамды көргөндө,
Ошону жолдош кылсам деп,
Ойлоп турат аңгыча.
Ушул бүгүн кечинде,
Намаз бешим кезинде,
Кызыл-Таштын түбүндө,
Кыйла төөлөр көрүндү.
Май-Булактын башында,
Жүрүчү экен буркурап,
Түшүп келген туз сурап.
Аркы-терки аркайып,
Моюндары коркойуп.
Топурактан бурдашып,
Агып жаткан булактан,
Басып барып уурташып,
Төөнүн баары жыргашып.
Баягыны көргөндө,
«Бу кандай эрдин төөсү» – деп,
«Мунун кайда болду ээси» – деп.
Карап турду эр Семең,
Ал аңгыча болбоду,
Ошол төөнүн ичинде,
Каныкейдин куу инген,
Муңдуу болгон боз инген,
Анын кадырын киши билчү эмес.
Каныкейден бөлөккө,
Өзү басып келчү эмес.
Эр Семеңди көргөндө,
Ингенди Кудай урду эми,
Кылчайып моюн бурду эми.
Семетейди көрдү эми,
Ыргып турду ордунан,
Кан ээсин тааныды,
Аллага ыйлап наалыды.
Капчыгайды жаңыртып,
Бакырып боздоп жөнөлдү.
Тамандары тилкилдеп,
Чуудалары силкилдеп,
Кош бөйрөгү бүлкүлдөп,
Моюндары сүлкүлдөп,
Кирген бура баштанып,
Эки көзүн жаш алып,
Көбүгү башка жабылып,
Нечен жылы сагынып,
Анын арткы жагынан,
Төөнүн баары жабылып.

Төрөңдү көздөй бет алып,
Төөнүн баары күшүлдөп,
Баары бирдей бышылдап.
Төөнүн баары корголоп,
Өркөчтөрү оркондоп.
Төгөрөктөп төө келди,
Төмөндөн Семең дөө келди.
Куу инген мойнун кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Ыйлашты көрсөң көр эми.
Ээринин кашына
Башын сүйөп ошондо,
Жердин бети көл болду,
Куу ингендин жашына.
Төөнүн башы күшүлдөп,
Төрөңүздүн үстүнө,
Улам-улам бышылдап.
Куу ингендин сырына,
Кудайга айткан ырына,
Терек калбай теңселип,
Дайра калбай козголуп,
Муну уккан муңдуулар,
Кантип турсун токтолуп.
Дайранын баары чалкылдап,
Балыктар кошо жалтылдап.
Бака көлдө чардашып,
Баары турат зарлашып.
Чымчык талда чуркурап,
Торгой сайрап буркурап,
Ай асмандан тутулуп,
Айдын көзү бузулуп.
Күн асмандан тутулуп,
Күндүн көзү бузулуп,
Бу дүнүйө кысылып,
Кыямат боло таштады.
Ал аңгыча эр Семең,
Алакөөдөк эр немең,
Айбандар минтип турганда,
Адам мага не болду?
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөнгүдөн бут тайып,
Эси ооду далдайып.
Аны таштап коюңуз,
Абакеңиз Бакайдын
Кабарынан болуңуз.
«Бул ай, күн неге тутулду,
Таноом жаман кысылды.
Же кыямат бүгүн болгонбу,
Же Букар өңдүү шаарга,
Кыргын болуп калганбы.»
Ошону ойлоп эр Бакай,
Көк чолокко минди эми,
Арт жагынан төөлөрдүн,
Көзөмөлдөп жүрдү эми.
Көк чолокту мойундап,
Томогону коюндап,
Токтой албай куюндап,
Жазы-Таштын сеңирге,
Көп жалынып теңирге,
Чыга калды эр Бакай,
Ал аңгыча Семетей
Эр Бакайды көрдү эми.
Көргөн жерден сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып,
Белди бекем байланды.
Эр Бакайды караса,
Ак сакалы чүчтөдөй,
Ар мүчөсү мистедей.
Кечүүдөгү келбети,
Күмбөздөгү сүрөтү,
Каныкейдин айтканы,
Удаасы менен үч келди,

Карып жанга күч келди.
«Кандай кылып көрүшөм,
Кантип колум беришем?
Эки койдун эти менен,
Эки чанач сүт менен,
Адам кылган эр Бакай.
Алакандай кат менен,
Алты күлүк ат менен,
Сарытазды жиберген,
Сандыргалуу эр Бакай,
Ар мүчөсүн карасаң,
Атакемден кем эмес.
Адам айтаар неме эмес,
Алигини көргөндө,
Кечүүдө кечке ыйладым,
Күмбөздө жана ыйладым,
Төөлөрдү көрүп кыйналдым.
Эми муну менен төрт болот,
Ичимде жаман өрт болот,
Түбүндө мага дарт болот.
Андан көрө Бакайдын
Как алдынан барайын,
Бир качырып көрөйүн,
Коңурбайлап айкырып,
Мурадылдап бакырып,
Бир качырып көрөйүн.
Айтылуу Бакай абам – деп,
Келээр бекен чамам – деп,
Коңурбайлап коркутуп,
Мурадылдап качырып,
Мурда чыксам айкырып,
Кантээр экен абам деп,
Келерби экен чамам деп.
Ушуну ойлоп кууланып,
Капчыгайга жол салып.
Мурадылдап бакырып,
Мурда чыксам айкырып,
Минтип сынап көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.»
Ошону ойлоп өбөктөп,
Алтын ээр марал баш,
Омуроого жөлөктөп,
Куу ингенди муштады,
Төөнүн баарын таштады,
Эр Бакайды бет алып,
Эр Семетей баштанды.
Жол камышты бет алып,
Чочутайын муну деп,
Жолго жаба түкүрүп,
Түбүнөн найза карманып,
Ал аңгыча эр Бакай,
Алыс карап алыптыр,
Аңдып турган Семеңди
Абайлабай калыптыр
Төөнүн баары топтошуп,
Төмөн жүрөт локлошуп,
Бул эминени көрүшкөн.
Каман бирөөнү чалганбы,
Арам өлүп калганбы.
Бул эмине үчүн чогулган?
Ал аңгыча эр Семең,
Аңдып турган эр неме.
Жарым бута жанына,
Жакын келди момуна.
Жагалмайдай эр Семең,
Жакындады эр неме.
Добулбасты бир салып,
Как алдынан качырып,
Коңурбайлап айкырып,
Мурадылдап бакырып.
Кызыл желек туу менен,
Эсенкандап чуу менен,

Алдынан чыкты кумсарып,
Эки бети томсоруп,
Кызыл өңү бозоруп,
Как алдынан качырып,
Мурадылдап бакырып,
Эми чыкты ээлигип,
Эр Семетей жээлигип.
Ылаачындай камынып,
Үнү чыгып жаңырып,
Аны көрүп Бакайдын,
Эт жүрөгү болк этип,
Ээги чыгып солк этип.
Арстан Бакай болгону,
Арбак башка конгону,
Ар душманы оңбоду.
Тууганы жоодон качканы,
Душманга колтук ачканы,
Жашынан бери шашпаган,
Сундуруп найза тартпаган,
Суңсайып жоодон кайтпаган.
Теңтушка сырын айтпаган,
Теги эле жоодон качпаган.
Жалгыз бала турбайбы,
Жалтанса Кудай урбайбы,
Жалгыз бала экен деп,
Качып берсем бекер деп,
Кармай келген найза. жок,
Айткан менен пайда жок.
Асына келген мылтык жок,
Байлана келген кылыч жок,
Мындай иште жумуш жок.
Эңкейе тушүп таш алды,
Тоголок ташты колго алып,
Тооруп Бакай булгалап,
Тоготпой карап турганча,
Кирип келди аңгыча.
Эр Бакайга жетти эми,
Абакеңдин төшүнө,
Алып келип өзүнө,
Аяп сайып өттү эми.
Аяганын билди эми,
Колундагы чоң ташын,
Алыс уруп ийди эми.
Каршы-терши өтүшүп,
Кайра тартып жетишип,
Жана келип жанашып,
Бир найзаны талашып.
Түбүнөн кармап Семетей,
Түпөктөн алды эр Бакай.
Карыса да кан Бакай,
Кармаганы кандуу кул,
Качырганы шаңдуу кул,
Урунганы жандуу кул,
Айткан сөздүн чыны ушул.
Качыргандан кайтпаган,
Камандан таалим алган кул,
Сайган жоосун ыктаган,
Билеги күчтүү балбан кул.
Кирпик ирмеп, көз жумбай,
Манастан таалим алган кул.
Семетейдин найзасын,
Жулуп гана алган жери ошол,
Сүйөнүп калган жери ошол.
Абакеңиз таянып,
«Кимдин уулу болосуң,
Адегенде келесиң,
Аяп сайып өтөсүң.
Аяганың мен билдим,
Аяктай болгон ташымды,
Алыс уруп мен ийдим.
Адегенде качырдың,
Арбагымды учурдуң,

Коңурбайлап коркуттуң,
Кылт этип бир сурадым,
Чыдай албай турамын,
Сен кайдансың чырагым,
Чынымды сенден сурадым.
Мурда чыктың качырып,
Мурадылдап бакырып.
Мунуңду да ойлодум.
Түптүү неме койбоймун,
Түшүнгөнсүп ойлоймун,
Сени кимге болжоймун.
Биякка киши келчү эмес,
Атым Бакай болгону,
Асты киши жеңчү эмес.
Барса келбес өзүнүн
Бая көкчө көздүн көзүмүн,
Абайлаган сөзүмүн.
Кайдан келген баласың,
Кимдин уулу болосуң,
Айт чыныңды өлөсүң,
Жолоочу болсоң жол мына,
Жортуулчу болсоң мал мына,
Бадачы болсоң мал мына,
Базарчы болсоң эл мына.
Карасаң көздөн от жанган,
Кармаса көздөн кан тамган,
Кандай эрдин уулусуң,
Бекке ылайык бетиң бар,
Эрге ылайык эрдиң бар,
Канга ылайык кашың бар,
Манаска окшош башың бар.
Он төрт менен он бешке,
Чыгаар чыкпас жашың бар,
Өлүмдөн качпас башың бар,
Өткөрө чаап от алган,
Өрттөй болгон көзүң бар,
Албан түрдүү сөзүң бар,
Ушул кезде жаш бала,
Чыдай албай турамын,
Чыйпылыктап сурадым.»
Ошентип сүйлөп токтолду,
Ошондо Семең козголду.
«Же куруган абышка,
Кужурап мага жабышпа,
Мени мындай таштагын,
Өз жөнүңдү баштагын.
Салам айтмак меники,
Алик алмак сеники,
Эзелки жооп сиздики,
Кийинки жооп биздики.
Салам деген дарс болот,
Алик албай койгонго,
Акыретте кас болот,
Эрге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек,
Атка келет бир кезек,
Журтка келет бир кезек.
Ушу кезде башыңыз,
Журтта жаткан куу тезек.
Мени мындай таштагын,
Оболу өзүңдөн баштагын!
Өз жөнүңүз ким болот?»
Анда Бакай кеп айтат,
Абаң мындай деп айтат,
Ушу айтканың баары чын,
Карыган киши курусун,
Мен сырымды айтайын,
Балам, тыңдап тургун баарысын.
Түпкү атабыз Түбөй кан,
Түбөй кандан Тогой кан,
Тогой кандан тараган,
Суук ишке жараган

Ногой, Шыгай бир тууган,
Ногой кандын балдары,
Жоктур сөзүм жалганы,
Бай, Жакып, Ороз, Көзкаман.
Байдын уулу мен болом,
Ушундай муңдуу кем болом.
Жакыптын уулу жаш Манас,
Кырк чорого баш Манас.
Алтындуу тондун жакасы,
Айтылуу Манас агасы,
Жол баштаган абасы,
Айтылуу Бакай мен элем,
Ушундай муңдуу кем элем.
Ошол Манас өлгөндө,
Оо дүйнөнү көргөндө,
Ногойдун элин бөлгөндө,
Ошондо Бакай өлбөдүм,
Ушу гана күндү не көрдүм?
Кыраанын Манас барында,
Кылымды билген чагымда,
Ойронум Манас барында,
Ооганды билген чагымда,
Ошондо Бакай өлбөдүм!
Камбыл менен Чамбылды,
Камап жүргөн чагымда,
Тил албаган душманды,
Сабап жүргөн чагымда,
Эки кайыш бир тизгин,
Илип жүргөн чагымда,
Элим кыргыз, казакты,
Билип жүргөн чагымда,
Он карагай бир устун,
Улап жүргөн чагымда,
Өзгөн, Кокон, Маргалаң,
Сурап жүргөн чагымда,
Беш карагай бир устун,
Улап жүргөн чагымда,
Бейжин менен Кашкарды
Сурап жүргөн чагымда,
Ошондо Бакай өлбөдүм,
Ушу гана күндү не көрдүм?!
Карагай найза ыргадым,
Карыганча жыргадым,
Кан Манасым барында,
Ошондо өлбөй не болдум?
Кытайдын журтун кыйраттым,
Кыз-келинин ыйлаттым.
Орустун журтун ыйлаттым,
Оогандын элин жойлоттум.
Кара тумшук каапырды,
Кан Коңурбай баатырдын,
Качырып сайдан туйлаттым,
Катын-кызын ыйлаттым,
Ошондо өлбөй не болдум?
Эми гана күндү не көрдүм,
Менин жайым мындайдыр,
Эми өзүңдүн жайың кандайдыр?
Ошентип Бакай топтоду,
Эми Семең козголду.
«Айтылуу Бакай, сен болсоң,
Ааламда чыккан эр болсоң,
Аягында ушинтип,
Муңдуу кургур сен болсоң.
Манас дейсиң мактайсың,
Эч акылың таппайсың,
Манасың жинди киши экен,
Кылган иши ушу экен,
Орустун акын көп жеген,
Өйдө-төмөн билбеген,
Оома жинди неме экен.
Адамдын акын көп жеген,
Акыретти билбеген,

Ала көөдөн неме экен.
Менин жайым сурайсың,
Кыйык аткан кырк мерген,
Минген аты Кылжейрен,
Айткан сөзгө бек бадыл,
Атамдын аты Мурадыл.
Мен ошол Мурадылдын уулумун.
Жалганы жок мунумдун,
Алдыңдагы Көкчолок,
Ушул аттын ээсимин,
Мен Көккоён өзүмүн.
Көкчолок берсең кетемин,
Сени көп сүйлөшүп нетемин.
Көкчологум бербесең,
Өлбөгөн жерде каламын,
Өлтүрүп атым аламын.
Ушу быйыл мен уктум,
Абыке менен Көбөштөн,
Камалып калат деп уктум.
Бербей турган жериң жок,
Берениң Манас бегиң жок,
Менин мундан бөлөк кебим жок.»
Ушу кепти укканда,
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып солк этип,
Жана түрдүү кеп айтып,
Чалынып турду көп айтып.
Чын Көккоён сен болсоң,
Кырымдан чыккан сен болсоң,
Кылымдан чыккан мен болом,
Өлөөрүмдө сен келсең,
Берейин сенин атыңды,
Мен берейин батамды,
Кимге айтайын дартымды,
Урум, Кырым жанаша,
Ырысыма жараша,
Урумга кеткен уул бар,
Ушундан кабар билдиңби,
Кайыпкандын шаарына,
Качып кетти Каныкей,
Темиркандын шаарына,
Тентип кетти Каныкей,
Мындан кабар билдиңби, балам?
Семетейди билгизсең,
Сүйгөнүңдү сүйүп ал,
Көкүлүңдү түйүп ал,
Билгениңди сүйүп ал,
Өрүшүңдөн байлап ал,
Өзүң билип айдап ал.
Жүздөп кара тайлак ал,
Ак баш, ак баш аттан ал,
Жана менин батамды ал,
Көк чолоктой атыңды ал.
Теги Каныкейди көрдүңбү?
Семетейди билдиңби?
Чыныңды айткын чырагым,
Чыдай албай турамын,
Чыдай албай сурадым.
Анда Семең кууланып,
Андан бетер жooланып:
Эй, кууранган абышка,
Көп кучурап жабышпа,
Семетейди нетемин,
Атымды бергин кетемин.
Семетейди көргөнмүн,
Көрмөк турмак билгенмин.
Ошону көрүп ойлонуп,
Анан сага келгенмин,
Семетейиң ушундай,
Эки көзү муштумдай,
Ала көөдөк мас болгон,
Башы жаман таз болгон.

Таятасы кас болгон,
Күйөөргө тууган аз болгон.
Каныкейиңиз тул болгон,
Ал Семетей жетимдин,
Көргөн күнү кул болгон.
Семетейди нетемин,
Атымды бер кетейин.
Ошол кепти укканда,
Куруп калган Бакайдын»
Эч дарманы калбады,
Эми Семетей салды балээни.
Булкуп алды мурутун,
Жулкуп алды сакалын.
Эч койбоду бул калып.
«Атасы тоонун тобурчак,
Энеси көлдүн музбурчак,
Өлөр кезим ушул чак.
Алсаң мына атың» – деп,
«Айланайын ботом» – деп,
«Кимге айтайын датым» – деп.
Семетей андай болгону,
Бакайдын эми өлгөнү.
Удаасы менен үч болду,
Башына кайгы күч болду,
Май-Булактын башында,
Он эки жыл куурадым,
Ошондон бери көргөнүм,
Ушундай караан түн болду,
Мендей муңдуу ким болду.
Көкчолоктун үстүнөн
Көмөлөнүп жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып,
«Алсаң мына атың» – деп,
«Кимге айтайын датым» – деп,
«Семетей андай болгону,
Бакайдын гана өлгөнү.»
Ошону айтып эр Бакай,
Атан төөдөй бүк түшүп,
Аягы менен тик түшүп,
Акыр заман жүк түшүп.
Ошону көргөн жеринде,
Ойрон болгон эр Семең,
«Сынаймын деп адамды,
Шылдың болуп каламбы,
Ойноймун деп абамды,
Ойрон кылып аламбы?»
Ушуну айтып эр Семең,
Аттан түшө жүгүрүп,
Алдына келди күйүгүп.
«Келе бери колуңду,
Ойноймун деп абаке,
Көрсөттүм далай сонунду,
Буулуккан булбулум,
Санжыргалуу кургурум,
Абаке, өөдө тургунуң!
Мен Семетей өзүмүн,
Караган кара көзүмүн.
Катыгүн, аба, кантесиң,
Сен кантип кетесиң.
Катындан бери кыйкырган,
Катыкүн киши экенсиң.
Кара бетти сен тыйгын,
Кары киши мен десем.
Кайраттуу Бакай эр дееем,
Как ушундай сен белең?
Катынга окшош сен элең,
Ала-Тоодой мен көрсөм,
Акырын сурап мен турсам,
Анан сен ушундай кыласың.
Менин айлам не болот,
Мындан ары шамалдай,
Акыл таппай жоголот,

Канткенде ишим оңолот?
Абам Бакай, баш көтөр.
Ишенген кишим сен элең,
Ушундай жашык неме элең,
Келе бери колуң деп,
Келгенмин ушу болду деп.
Аттанып чыкса акжолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Казатка барсаң акжолтой,
Кармашкан жоого сан колдой,
Мен Семетей өзүмүн,
Караган кара көзүмүн,
Ошону айтып кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Мен үчүн куурап сен жүрсөң,
Ушул күндү сен көрсөң,
Өөдө болгун, аба – деп,
Акыл эсиң кана деп.
Ошондо Бакай алайып,
Өөдө турду далдайып,
Эси ооп шалдайып.
Ишенбеймин өзүңө,
Теги көрүнбөчү көзүмө,
Удаасы менен үч болду,
Башыма жаман күч болду,
Үчөөндө тең жашырдың,
Ар бир түрдүү сөз айттың.
Мен Көккоён деп айттың,
Ушул сөздү неге айттың.
Удаасы менен үч айттың,
Кийинкисин күч айттың,
Үч гана болбой төрт айттың?
Ичим жаман өрт болду,
Чын Семетей сен болсоң,
Муңдуу Бакай мен болсом,
Кадеми каткан энекең,
Каныкей кантип турсун деп,
Салам дуба жазгандыр,
Сандыргалуу баатырдын
Алтын мөөрүн баскандыр.
Кана, кагазың болсо мага бер,
Анан кебиң айта бер,
Белетиң болсо бери бер.
Кагазың болсо мага бер,
Же болбосо ишенбейм.
Ошону айтып далп этип,
Эси ооп шалп этип.
Ошону угуп эр Семең,
Ойуна түшө калды эми,
Омуроодо кагазын,
Каныкей берген наамасын,
Анысын сууруп алды эми,
Калдыратып кагазды,
Бакайга сунуп калды эми,
Абакең колго алды эми.
Окуп, окуп отуруп,
Аягына келтирип,
Азап сөзүн жазыптыр.
Алтын мөөр басыптыр,
Абакең көзүн салды эми,
Абыдан окуп алыптыр.
Ошону көрүп эр Бакай,
Кагазды мындай ыргытып,
Көзүнүн жашы тыйылып,
Семетейди кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Ыйлашты көрсөң көр эми.
Кыямат кайым болгондой,
Кыйла киши өлгөндөй.
Абакең Бакай салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
Көрпө ичигин силкинтип,

Көзүнүн жашын иргилтип,
Көчүгүнөн кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Жакамда кемчет кундузум.
Ногой менен Шыгайдын,
Ортосунда жалгызым.
Асылдан калган чырагым,
Бараңдан калган шыйрагым.
Боз ала туйгун болпоңум,
Боз карчыга чолпонум.
Бери гана болсоң өзүңдөн,
Өбөйүн сенин көзүңдөн!
Ат жалын тартып миндиңби,
Алды каткан абаңды,
Аңгеме кылып күлдүңбү?
Абдан сынап тойдуңбу,
Карыны сынап болдуңбу.
Бери гана болчу кулунум,
Сени гана көрбөй курудум.
Курганым эмей неткемин,
Букарга качып кеткемин,
Он эки жыл жоголдуң,
Эми бүгүн гана ишим оңолду.
Камыш башы калемби,
Каныкей энең аманбы?»
Же кайгырганым жаманбы?
Жеңем курган Чыйырды,
Ошол байкуш аманбы,
Ошону айтып буркурап,
Сакалы ылдый жаш кетти,
Эки колу бош кетти.
Обо айланып боз болуп,
Оболкусу козголуп,
Күн айланып боз болуп,
Күйүтү бүгүн козголуп.
Ошондо Семең кеп айтат,
«Ой, абаке сабыр кыл,
Бул дүнүйө жалгандан
Кимдер өлбөй ким калган,
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок.
Кадыр Алла кудурет,
Кайгырганым уккан жок,
Бул кайгыдан пайда жок.
Өлүп калган адамга,
Айткан менен пайда жок,
Койгун Бакай, ыйыңды.
Андан көрө абаке,
Төккүн мага сырыңды.
Ачып кара көзүңдү,
Абаке, айткын мага сөзүңдү.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сандыргалуу сен болсоң,
Санаасы кеткен мен болсом.
Булуткулуу булбулум,
Үйрөт мага туйгунум.
Сөөгүмдү кызыттың,
Ичимди жаман ысыттың.
Эми угайын сырыңды,
Түгөнгүсүз ырыңды,
Акыры Кудай жалгаса,
Басармын сенин чырыңды.
Ушуну айтып эр Семең,
Өзү мыкты эр немең,
Аны сайын эр Бакай,
Семетейди кучактап,
Көзүнүн жашын бурчактап,
Көчүгүнөн кучактап,
Андан бетер болду,
Бакай минтип оңбоду.
Ал аңгыча эр Семең,

Агынды сууну бет алып,
Азыр сүйрөп жөнөлдү.
Кочуштап сууну чачты эми,
Бакай тура качты эми.
«Баракелди, балам» – деп,
Абакең турду сүйүнүп.
«Баракелди, кулунум,
Ырас кылдың туйгунум!
Эртеңимди мен айтып,
Эзилип кете жаздадым.
Как өзүңдү көргөн соң,
Үзүлүп кете таштадым!
Белин бекем буушуп,
Бети-колун жуушуп,
Экөө бирдей суушуп.
Абакеңиз эр Бакай,
Ак сакалы жайкалып,
Карап турду жаркылдап.
«Тегерете карайын,
Теги өзүңдү көрөйүн.
Бет алдынан караса,
Миң кишинин өлүмү бар,
Аркасынан караса
Жүз кишинин жүзү бар,
Бетинде ажыдаардын түгү бар.
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган,
Бекке ылайык бети бар,
Эрге ылайык эрди бар.
Байга ылайык башы бар,
Манаска окшош кашы бар.
Ачуулана келгенде,
Атасындай баркы бар.
Ошону көрүп сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып,
«Өчүмдү алат экенмин,
Өкүнгөнүм бекер» – деп,
Ошону көрүп эр Бакай,
Ыраазы болду Кудайга,
Ыйлады мурун далайга.
Ошол күндөн ушул күн,
Көргөздү Кудай ушул күн,
Өлгөн жаным тиргиздиң,
Эми атыма мингиздиң.
Өчкөн отум тамыздың,
Баятадан Бакайдын
Көзүнүн жашын агыздың.
Эми айтайын сынымды
Угуп тургун сырымды,
Акыр заман болгуча
Түгөнгүсүз ырымды.
Өөдө-төмөн шарт өтүп,
Эки кулдун дарты өтүп,
Өтө турган жакында,
Эми көрдүм кулунум,
Сени көрүп курудум.
Курган эмей неткемин,
Букарга качып кеткениң,
Он эки жылы куруттуң,
Ошондон бери унуттуң,
Эми келдиң өзүмө,
Көрүндүң жаңы көзүмө.
Абыке, Көбөш эгиз кан,
Ат көтөргүс семиз кан,
Такка гана минген чалкалап,
Абаңдын айылын талкалап.
Менден башка жоосу жок,
Сенден башка доосу жок.
Тилегим Кудай бергенин,
Тиктегениң куткарбас,
Айланайын мергеним.
Көзүмдү ачып көргөнүм,

Көптөн калган жалгызым,
Көлдөн калган кудугум
Көтөрө турган улугум.
Соотон калган кыягым,
Тулпардан калган туягым,
Билдим сенин сыягың!»
Аны таштап салыңыз,
Ары жагында Бакайдын
Айылынан кабар алыңыз.
Короолчусу бир адам,
Айлын көздөй жүгүрүп,
Качып келди күйүгүп,
Элдин баарын дүргүтүп,
Энтелетип үркүтүп.
Ал аңгыча баарысы,
Жашы дебей карысы,
Жабылыша жүгүрдү,
Жаңырыктын жолунда,
Найза кылыч колунда.
Кармап алып жүгүрүп,
Ээрдей болгон белине,
Эңкейе түшүп көрдү эми.
Бакай кетет бакырып,
Бары-жогун чакырып.
«Сүйүнчү эле! Сүйүнчү!
Кеткеним бүгүн келиптир,
Кемтигим толуп калыптыр.
Качкан кушум келиптир,
Капшытына конуптур.
Кожодой болуп кол берген,
Пирим келип калыптыр.
Оогон, Ташкен аралап,
Иним келип калыптыр.
Жарыгы чолпон, ай жылдыз,
Күнүм келип калыптыр.
Асманда учкан шумкарым,
Буудайыгым келди деп,
Ай-ааламга билинген,
Ылайыгым келди» – деп,
Ушуну айтып бапылдап,
Бакай келди жакындап.
Кабагын ачып жалтылдап,
Абаңдын ак сакалы жаркылдап.
Ошону угуп сүйүнүп,
Элдин баары жүгүрүп,
Этек-жеңин түрүнүп,
Эр Бакайга барышып,
Алдуулары ат берип,
Андан кийин кой берип,
Эң эле алы келбеген,
Эки теңге пул берип.
Эр Бакайды балкытып,
Маңдайын ачып жаркытып.
Ошондо Бакай кеп айтып,
«Оо, калайык» – деп айтып.
«Барыбыз бирдей баралы,
Ак күмбөздүн алдына,
Бир зыярат кылалы.
Бүгүн түнөп алалы,
Ак боз бээни чалалы.
Ак саргыл башы кой алып,
Адам калбай баралы.
Бакайдын сөзүн эп дешип,
Баары чогулуп дүр этип,
Жапырт эл чогулуп,
Сүйүнүшүп чуулдашты.
Муңдуулары бышылдап,
Каргандары күшүлдөп,
Айылына кайра жүгүрүп,
Бака-шака барышып,
Колунда барын алышып.
Абакеңиз эр Бакай,

Абай кылып караса,
Байтайлак деген баласы,
Чогулушкан элде жок,
Мындай коркок пенде жок.
Уларбоз деген күлүк ат,
Ошону минип алыптыр.
Май-Булактын башына,
Жалгыз качып калыптыр.
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Байтайлактан түңүлүп,
Бакай турат күйүнүп,
Тура калып айкырып,
«Байтайлак!» – деп бакырып,
Байрак булгап чакырып.
Туюк - Төрдү бет алып,
Туура качып калыптыр.
Алаканды бир салып,
Абакең Бакай кыйналды.
«Элге шылдың кылганча,
Эртеле өлүп калсаңчы,
Атаа, Кудай сени алсачы.
Мен Манастан кем белем,
Ушундай кокуй сен белең?
Манастын туусун аштасам,
Башында колун баштасам,
Жетим жүрүп Семетей,
Жетилип келди көрдүңбү,
Качып жүрүп Семетей,
Кайтып келди көрдүңбү?
Ишенген уулум сен болсоң,
Ушундайда сен турсаң,
Менин айлам не болду.
Бакай өзү баш болуп,
Баласы жаман төш болуп,
«Жүргүлө эми, жүргүн» – деп,
Эр Семеңдин үстүнө,
Элинин баары буркурап,
Аралашып чуркурап,
Семетейдин үстүнө,
Азыр келди чогулуп.
Тегеректеп буркурап,
Тең жармысы чуркурап
Ыйлаганы андан көп,
Колу жеткен чоңдору
Колун берип көрүшүп,
Кол жетпеген бечара,
Этегинен өбүшүп,
Бир далайга көрүшүп.
Акбоз бээни алышып,
Аны мууздап салышып,
Ак саргыл башыл кой алып,
Аябаган той кылып.
Желмаянды карасаң,
Семетей жалгыз союптур.
Жилик-жилик эт кылып,
Даяр кылып коюптур.
Аны көрүп эр Бакай,
Баракелди өзүңдөн,
Ыразымын эсиңден,
Ушул кылган ишиңден.
Кырк кулактуу мис казан
Кемегеде асылуу.
Арык менен семизди
Аралаштыра салышып,
Отун-сууну жыйышып,
Отун жагып ийишип,
Төрт тараптан от жагып,
Төрт-беш киши бышырып.
Кужулдашып күмбөзгө.
Кудайына сыйынып,
Уктабай таңды атырып,

Санабай жылдыз батырып.
Семетейди тургузуп,
Абакең түрдүү кеп айткан.
«Эми жүргүн» – деп айткан,
Май-Булактын башына,
Бир баралы ошого.
Менин жайлоом чеп коргон,
Мурунтадан бек болгон,
Уламалар айтууга,
Угаарга сонун кеп болгон.
Эми ого баралы,
Он беш күнү жаталы,
Абыке менен Көбөшкө,
Арага киши салалы,
Алты мүлктү алалы.
Алты мүлктү бербесе,
Темир канга кетели,
Мында туруп нетели,
Каныкейди көрөлү,
Эми кең Букарга кетели.
Темир кандан кол алып,
Эсеби жок мол алып,
Кийин кайтып келели.
Ушул сөзгө кандайсың?»
Баягыны укканда,
Эр Семетей баатырдын
Түсү кетти бузулугг,
Таноолору кысылып.
Ошондо Семең кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
“Ой, абаке, не дейсиң,
Сен кандай коркок кедейсиң.
Бул кебиңди ит уксун,
Ит укбаса ким уксун.
Айылың баары келди деп,
Чогулушуп күмбөзгө,
Чогуу түнөп алды эми,
Эми барып туюкка,
Эмне кылып жатамын?
Кылмыш кылган кишидей?
Кылчаңдап коркуп кеткеним
А менин өлгөнүм эмей неткеним?
Качып кеттим жашымда,
Кайтып келдим ушунда,
Тентип кеттим жашымда,
Текзаадабыз ушунда!
Шыгай, ногой элинен,
Жылкы тийип албасам,
Абыке менен Көбөштөн
Эр өлтүрүп салбасам,
Эми нечен качамын?
Абыке менен Көбөштүн
Аралап айлын көрөмүн,
Аргын, кыргыз аралаш,
Айылым калың болгон соң,
Атадан туулган Семетей,
Атайы мында келген соң,
Кантип көрбөй кетемин,
Абаке, сени нетемин?
Жүрү абаке, жол башта,
Бөлөк кепти сен ташта,
Каныкей бейжай киши экен,
Убаданы бек кылган,
Жыйырма күндү чек кылган.
Ошол күндөн мен калсам,
Каныкей энем өлүүчү,
Өйдө-төмөн көрүүчү.
Ошондой катуу кеби бар,
Убада кылган сөзү бар.»
Абакеңиз эр Бакай
Жалынса да болбоду,
Жарланса да койбоду,

Барамын деп мойноду,
Бакай кургур булкулдап,
Ыйлап турду солкулдап.
«Кырааным Манас ойронум,
Калганыңды ойлогун.
Тил албаган чунагым,
Эми кандай кыламын!
Оозум ашка тийгенде,
Тумшугум ташка тийгизбе.
Семетей жетим оңбоду,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өзүн арбак ээрчиген.
Өткүр тууган түгөнгүс,
Туубай жатып туйлаган,
Туурга конбой талпынган.
Анык туйгун түгөнгүр,
Болбой тилин албады,
Семетей салды калбааны,
Жөнөп гана жолго салганы.
Абакең Бакай кайгырып,
Акылынан айрылып,
Көзүнүн жашын тыйынып,
Көрдө калган Манастын
Арбагына сыйынып.
Айылдын баары жыйылып,
Абакеңе келишип,
Анда Бакай кеп айтып,
«Аттангыла» – деп айтып,
«Карган ташка койгула,
Кадимкидей болгула.
Бул Семетей баламын,
Аркасынан кетемин,
Жүр дегенине көнөмүн,
Өлсө кошо өлөмүн.»
Ошону айтып эр Бакай,
Укпай кеткен Семеңдин,
Болбой кеткен немеңдин,
Артынан Бакай ээлигип,
Кирип келди жээлигип.
Семетейлеп айкырып,
Артынан келди кыйкырып.
Аттын оозун бурду эми,
Кайра тартып турду эми,
«Атаа, ботом, нетесиң,
Сен канетип кетесиң.
Минтсең түпкө жетесиң,
Мен да кошо барайын,
Өнөрүңдү көрөйүн,
Сенден кантип калайын,
Жүргүн, ботом, баралы,
Бурулуп жолго салалы.»
Ошол маалда кан Жакып:
«Качан сенден кем элем,
Кана кылчы көрөйүн,
Кантип сенден өлөйүн,»
Андан көрө жинди чал,
Кайра тартып жөнөйүн,
Карагыма мен барып,
Семетейди көрөйүн.
Семетей келди дегенде,
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып солк этип,
Ыргып турду күшүлдөп,
Жүгүрүп барды бышылдап,
Чылбырынан бек кармап,
«Токто, Бакай» – деп кармап.
Алды жактан сен Бакай,
Акылы жок кем Бакай,
Ал Семетей сен болсоң,
Атасындай тың болсоң,

Сүйүнчү неге дебейсиң,
Алтын, күмүш жебейсиң,
Сен кандай курган кедейсиң!»
«Мына эми деле айтайын,
Самаганым сүйүнчү,
Тон, өтүгүң кийинчи,
Эми да берсең аламын,
Эркелеткен балама
Эрте жетип барамын.
Мен сүйүнчү дегенче,
Жана эмине дедиң – деп,
Далай бокту жедиң – деп,
Коё бергин тизгинди.
Кокус өлүп каласың,
Акыретке барасың.
Андан сайын арсаңдап,
Аттан түшкүн, ботом – деп,
Колтугунан сүйөдү.
Кокуй, Бакай, нетесиң,
Сен кантип кетесиң!»
Эр Бакайың кылтыйып,
Аттан түштү алчайып,
Оюн-чындап кеп кылсам,
Кантээр экен деп айтсам,
Кара күчкө кеп айтсам,
Каадаланып каласың.
Кандай курган адамсың?
Коңулдагы ак жамбы,
Кошоктолуу кош жамбы,
Онун бирдей алгын деп,
Анан кийин баргын деп.
Сүйгөнүңдү сүйүп ал,
Куйруктарын түйүп ал.
Көкүлдөрүн түйүп ал,
Өрүшүмдөн байлап ал,
Өзүң билип айдап ал,
Жылдыгыңа жүз карача
тайлак ал.
Акбаш, акбаш атан ал,
Жана менин батамды ал.
Анын баары аз келсе,
Мен Жакыптай атаңы ал!»
Алды каткан Бакайды,
Ак өргөөгө киргизип,
Асемин артык билгизип.
Түнүн жазык түш кылып,
Орундарын куш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
А дегенде мыш кылып,
Албан түрдүү иш кылып.
Кара күчкө солкулдап,
Как ошентип ыйлады.
Кымыз менен кызытты,
Ичегисин ысытып,
Кызмат кылып ыйлады.
Кызып келген кезинде,
Ар нерсе бар эсинде,
«Он жамбыны алгын деп,
Жаныңа бирөөн салгын деп.
Семетейге өзүң бар,
Кайра баргын арага,
Семетейдей балага,
Сен экөөбүз садага!
Ак сакалы карысын,
Адырак алсын баарысын!
Кимди бар деп туралы,
Чогоол түркү эл эле,
Түрт дедире кеп айтаар,
Чоочун өскөн Семеңе.
Балам чочуп калбасын,
Шагы сынып калбасын,
Өзүң барып алып кел,

Тамак-ашым жыйнайын,
Сарамжалым кылайын.»
«Эмесе макул, куп» – деди,
«Бул сөзүңүз эп» – деди,
Жамбынын бирин алды эми,
«Жакшылыктын алды» – деп,
Жан калтага салды эми.
Абакең Бакай аттанып,
Бурулуп жалаң салды эми,
Бута атым жерге барды эми.
«Ата бу кеткеним бекер» – деп,
«Ушу Жакып түпкө жетээр» – деп,
Арты, кийнин каранып,
Ак сакалын таранып.
Кылчайып көзүн салды эми,
Абай көрүп калды эми.
Ал аңгыча бул Жакып,
Арбаганы шуу Жакып,
Өзү аяр куу Жакып.
Ак ордосун бет алып,
Азыр басып жөнөдү,
Акдөөлөт деген курдашы,
Акыреттик миң башы,
Абыке, Көбөш энеси,
Как ошого кеңешти.
Аны көрүп эр Бакай,
Кайра тартып алды эми.
Көкчолок көзүн бурду эми,
Колуна кошо жүрдү эми,
Акырын басып, бек шилтеп,
Анда санда жер тыңшап,
Как тушуна келди эми,
Бакай тыңдай калды эми.
Ошондо Жакып кеп айтып,
Ой, Акдөөлөт, курдашым,
О дүйнөлүк миң башым!
Карыганда кармашкан,
Тырмактайдан бирге өскөн.
Кемпирим, сага кеп айтам,
Кеңешимди мен айтам.
Кайып кандын шаарына
Качып барган Каныкей,
Темир кандын шаарына
Тентип барган Семетей,
Бакай баштап калыптыр,
Балакетти салыптыр.
Сенин балдарыңдан коргонуп,
Кандай айла кылчубуз,
Кырчынында кыйратып,
Жаш кезинде ойротуп,
Ууну чайкай салалы.
Сыр алдырбай берели,
Озунуп боо кылалы,
Оозун көөлөй салалы.
Атасынан баласы,
Аз өнөрүн карачы!
Туубай жатып туйлаган,
Чаппай жоону коркуткан.
Кечпей сууну толкуткан.
Келип калды деп уктум,
Мен Бакайдан кеп уктум.
Бир аякка бал чайка,
Бир аякка уу чайка,
Бачым болгун Акдөөлөт,
Башка киши билбесин,
Бирөө кирип келбесин.
Эшикте туруп эр Бакай,
Күйбөгөнү күл болду.
Бышпаганы жок болду,
Мындай мүшкүл жок болду.
Үстүнө кирип барсамбы,
Үйүнөн ичин жарсамбы,

Астапырылда келтирип,
Канды өлтүрүп нетемин,
Кантип тирүү кетемин.
Бул кылганым бекер кеп,
Кемпири кантээр экен деп,
Дагы тыңдай калды эми.
Ал аңгыча Акдөөлөт,
Алакандан чаң чыгып,
«Алат күн» – деп унчугуп,
«Бу кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун!
Кеткеним бүгүн келгенде,
Кетигим жаңы толгондо,
Качырып ийген шумкарым,
Капшытка келип конгондо,
Тилегиң Кудай бергенде,
Тиктегениң жалгызың,
Элиңе жаңгыз келгенде,
Алар оңой киши эмес,
Биздин кылаар иш эмес!
Бул кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун.
Душман угуп калбасын,
Ойронум Манас барында,
Ооганды билген чагыңда,
Кырааным Манас барында,
Кылымды билген чагыңда.
Эшигиңден ат кетпей,
Чабыгыңдан кат кетпей,
Төрдөн төшөк жыйылбай,
Төрөдөн элчи тыйылбай.
Кабшыттан төшөк жыйылбай,
Кандан элчи тыйылбай.
Бакайы алдын кулачтап,
Байпакка кундуз карматып,
Басып жүрдүң буластап.
Кутуну алдың кулачтап,
Кутуруң жүрдүң буластап,
Ошондо неге өлбөдүң,
Өлүгүңдү көмбөдүң?
Ушу кепти неге айттың,
Сакалыңдын агында,
Сапар кетер чагыңда.
Пейли кунуң агында,
Меке кетээр чагыңда.
Сексенге чагың толгондо,
Семетей жаңы келгенде,
Ушинетип турганың,
Сени Кудай урганы!»
Ушуну айтып булкулдап,
Ыйлап ийди оолкулдап.
Эшиктеги эр Бакай,
Эми ыраазы болду эми,
Ал аңгыча кан Жакып,
Өзү орой жан Жакып,
Чоң көсөөнү колго алды,
Чокудан ары бир салды.
Курган кемпир далдайып,
Бир далайга шалдайып,
Эти ачынган бул шордуу,
Тура калып жүгүрүп,
«Уулуң менен куруп кал,
Уу ичкендей баарың өл.
Эмине болсоң ошол бол,
Упалуу беттен кан чыкса,
Убалы кимдин мойнуна,
Сурмалуу көздөн жаш чыкса,
Жашы кимдин койнуна.
Кой дегенге болбодуң,
Кокуй, какбаш оңбодуң,
Ай дегенде болбодуң,
Алаткүн, каным оңбодуң!»

Ыргып тура калды эми,
Сандыгына келди эми.
Сап саналуу сан ачкыч,
Санабай бирин салды эми.
Сандыктын оозун көтөрүп,
Мына какбаш ууңду,
Жаңы билдим кууңду.
Эмине болсоң ошо бол,
Теги эле какбаш оңбодуң.
Ишти буздуң башынан,
Ит элең какбаш жашыңан.
Ал аңгыча кан Жакып,
Албарсын колго алды эми,
Ичи күмүш, тышы алтын,
Бээжинден келген чоң чыны,
Белекке келген сыр чыны,
Как ошонун ичине,
Албарсты колго алды эми,
Ичине эзип салды эми.
Ошону көрүп кылт этип,
Абакең Бакай жылт этип,
Кээ кишиге көрүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Эми кан Жакыптан түңүлүп.
Томогону коюндап,
Көкчологун моюндап,
Катуу келет куюндап.
Семетей турат эригип,
Бакай турат ээлигип,
Ал аңгыча Семетей,
Ачуусу келип демигип,
«Атааканат, абаке,
Кылган ишиң мынакей.
Талаага күнгө кактатып,
Күйөөдөн бетер сактатып,
Кара кыргыз элиңде,
Кадыр досуң көп болсо,
Бүгүнтөн башка күн жокпу.
Мени күнгө кактадың,
Сени далай сактадым.
Сен кечигип калган соң,
Акылымды таппадым.
Эмине үчүн жоголдуң,
Кантип ишиң оңолсун!
Сыртымы салып барганча,
Сыр алдырып салдың деп,
Не кечигип калдың» – деп,
Урушуп Семең туруптур.
Ал аңгыча эр Бакай,
Семетейди караса,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Ажыдаар түрдөнүп,
Ант ичкендей түстөнүп,
Жабагынын кылындай,
Жалы чыкты үрпөйүп.
Абакеңиз эр Бакай
Алакандан чаң чыгып,
Ыйлап көздөн кан чыгып,
Айтып турат унчугуп.
«Элиң менен ээн кал,
Журтуң менен жуда бол,
Атаң менен ада бол!
Чапчагында бозо бар,
Чакама дары кошо бар,
Күпчөгүндө бозо бар,
Күйдүрмө дары кошо бар.
Жокко Жакып чоң атаң,
Чоң атаңды мен айтам,
Чочуп келдим кулунум,
Кылган ишин мен көрүп,
Качып келдим кулунум.
Ошол үчүн алдыңа

Шашып келдим кулунум.
Жүр карагым кетели,
Мында туруп нетели.
Темир канга жетели,
Ушул жерден кетели.
Ушул жолдо биз барсак,
Майып болуп калаарбыз.
Ошо турган эл эмес.
Оңдуруучу неме эмес.»
Ошол кепти урду эми,
Абаң айтып турду эми.
Ал аңгыча эр Семең,
Ачууланган эр немең,
«Кокуй, аба, нетесиң,
Сен канетип кетесиң?
Уу чылады деп айтып,
Уялбай кантип кеп айтып,
Урумду кантип көрөйүн,
Андан көрө абаке,
Уусун ичип өлөйүн!
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Тартпай койбойт казган көр.
Тобокел кылып жүрө бер,
Ажалдуу киши өлүүчү,
Акырет жайды көрүүчү.
Өлгөн жалгыз мен белем,
Ушундай коркок сен белең.
Жүрү абаке, жол башта,
Бөлөк кепти сен ташта.
Сен барбасаң мен барам,
Өлсөм өлүп мен калам.
Урушпас эл болчу эмес,
Уу чылаган оңчу эмес!
Келишпес келин болчу эмес,
Кек ойлонгон оңчу эмес!
Уламадан укканым,
Угуп туруп чыкканым.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Ар кайсы жерде өлүүчү!
Алла таала Кудайым,
Не жазганын көрүүчү.
Кайгы меиен саргарып,
Кейип өлөм бир күнү.
Андан көрө өлөйүн,
Айтканың баарын көрөйүн.
Жүрү абаке, жүргүн – деп,
Бастырып жүрүп калды эми.
Абакеңиз эр Бакай,
Кайра-кайра кеп айтып,
«Катыгүн балам,» – деп айтып,
Улам-улам кеп айтып,
«Уу чылады» – деп айтып.
«Арак деген» – аш деген,
Акылың менен иче көр,
Кымыз деген аш деген,
Кыял менен иче көр.
Сунбай ичпе тамакты,
Шумдугун ошондо билесиң.»
Мына ушинтии кожурап,
Жолду катар божурап.
Жообун айтып болгуча,
Келип калды аңгыча.
Семетей келди деп угуп,
Бири-биринен кеп угуп.
Баары бирдей жардашып,
Карап турат таңдашып.
Манастын уулу төрөбүз,
Төрөбүздү көрөбүз.
Күпсөрүн көр кутун көр,
Кулду тоскон журтун көр.
Ак тулпардай атын көр,

Адамдан башка затын көр.
Караса көздөн от жанган,
Кармаса колдон кан тамган.
Бет алдынан караса,
Миң кишинин дүмү бар.
Аркасынан караса,
Жүз кишинин сүрү бар.
Өрттөй кызыл көзү бар,
Адамдан артык сөзү бар.
Өрттөй көзү кызарган,
Мойну бир аз узарган.
Каздай мойну бойпойгон,
Ыраңы ысык болпойгон.
Эр Бакайдай шордуунун,
Ырысына караса,
Элдин баары караса,
Бакай менен жанаша,
Колу жеткен тууганы,
Колун берип көрүшүп,
Колу жетпей калганы,
Этегинен өбүшүп.
Ээрчишип чуулдап,
Элдин баары дуулдап.
Ал аңгыча Жакыптын,
Ордосуна барды эми,
Оорчун кыргыз, казактын
Ортосуна барды эми.
Ал аңгыча чоң Жакып
Алдынан чыгып жалпактап,
Келе жатат бышылдап.
Ал аңгыча эр Бакай,
Атаң тиги дегенде,
Аттан түшө жүгүрүп,
Колун сунуп барды эми.
Колун берип турду эми,
Колун кармап кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Көрпө ичигин силкинтип,
Кара күчкө доңуз кан
Көзүнүн жашын иргилтип,
«Жаңы көрдүм кулунум,
Он эки жылы курудум.
Аман-эсен келдиңби,
Атаңды жаңы көрдүңбү?
Ошол күндөн ушул күн,
Көрүнгөнүң так бүгүн,
Бузукулар оңбосун.
Элиң шыгай-ногойду
Билет белең, жок белең?
Кан атаңдын тагына,
Минет белең жок белең?
Казак менен кыргызды,
Билет белең жок белең.
Оо, Кудай бардыр Бакай кузгунга,
Сени менден бузганга.
Ала качып азгырып,
Сени менден жазгырып,
Чоочун кылды кантейин, ботом!
Качып жүрүп жазгырып,
Кан атаң менен кас кылып,
Маанайыңды пас кылып,
Баштап алып жүргөнүң, ботом!
Аз убалың Бакайга,
Көп убалың эки бейжай энеңе,
ботом!
Темир кандын элине,
Тентип бардың бир кезде.
Атка минип эрбейип,
Азыр келдиң бул кезде, ботом.
Кайып кандын шаарына,
Качып бардың башында,
Кан атаңды ойлонуп,

Кайтып келдиң ушунда, ботом!»
Семетейди салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
Манастан бери бадырап,
Кулагына шыбырап,
Сөзүн айтып жорголоп,
Көзүнүн жашы шорголоп.
Чоң атанын сөзүнө,
Чочуп кетти өзүнө.
Бакай жагы капталы,
Жылан көргөн немедей,
Аягынан дүрүлдөп,
Куйкасынан зирилдеп,
Адегенде томсоруп,
Андан кийин бозоруп,
Аягында кызарып.
Анан Жакып кеп айтат,
«Айланайын балама,
Тамак бергин» – деп айтат.
Ак сакалдуу карыңар,
Ары тургун барыңар.
Тамак-ашка тойгон соң,
Анан кайта келиңер
Дабан ашып, таш басып,
Түсү качып, түн катып,
Нечен күнү жол жүрүп,
Куруп калган турбайбы!
Бакай менен балама,
Бачым тамак бергиле!
Экөөң үйгө киргиле,
Тамак-ашка тойгула.
Анан кайра келгиле,
Адеп менен жуудуруп,
Бирден колду бергиле!
Баягыны уккан соң,
Бала төрө эр Семең,
«Карыса да кан экен,
Касиеттүү жан экен.»
Деп, ошентип жөнөлүп,
Үйгө бара жатканда,
Бакай бир жагынан кыбырап,
Жакын барып шыбырап,
«Ит какбаштын сөзүнө,
Ишенбегин өзүнө.
Ойот ушул көзүңү,
Ойлоп кара өзүңдү.»
Ошентип шыбырап,
Анда-санда күбүрөп,
Эшигине барганча,
Ал аңгыча болгончо,
Чоң энеси Акдөөлөт,
Үйүнөн чыкты камынып,
Үнү чыгып чаңырып,
Семетейди салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап.
«Бир өбөйүн көзүңдөн,
Тыңдап билгин сөзүмдөн.
Кадемиңди катырып,
Кандай бир болоор экенсиң,
Оозум ашка тийгенде,
Тумшугум ташка тийгенде,
Ажалдын тонун кийгизбе, ботом.
Арак деген аш деген,
Акылың менен иче көр,
Кымыз менен шербетти,
Кыялың менен иче көр!»
Ошону айтып буркурап,
Ыйлап турат зыркырап.
Ал аңгыча кан Жакып,
Ачуу келип күрсүлдөп,
Эт жүрөгү түрсүлдөп,
Буркан-шаркан болду эми,

Булкуп-силкип салды эми.
Бул эмине деген кеп,
Мунун баары сонун кеп,
Күбүр шыбыр эткенин,
Алыстан келген балама,
Арагын аяп жатканын.
Абыке, Көбөш ичсин дөп,
Абдан бекем катканын.
Сен бербесең, мен берем,
Жүргүн балам, үйгө кир.
Чоң энеңин сөзүнө,
Ыраазы болуп өзүнө,
Жылан болгон немедей,
Жылас болгон Семетей.
«Атасы Жакып кашынан,
Эшигин өзү алды эми,
Эңкейип ачып алды эми.
Атасы жолду баштачу,
Нусканы кайдан таштачу,
Атаке Жакып өзүң бас,
Анан Бакай кириңиз,
Ак сакалдар жүрүңүз,
Алдыңа кантип кирейин,
Ушул элдин ичине,
Уялбай кантип жүрөйүн.»
Ушуну айтып эр Семең,
Урумдан чыккан эр немең,
Төрт кубулуп турду эми.
Ушуну айтып куу Жакып,
Берери анык уу Жакып,
Албан түрдүү бул Жакып.
«Айланайын өзүңдөн,
Айттырбай билген эсиңден.»
Алдына Жакып баштады,
Анан Бакай кирди эми,
Арт жагынан Семетей,
Дагы кошо жүрдү эми.
Арт жагынан дуулдап,
Эшик таппай чуулдап,
Бири атын алышып,
Бири килем салышып.
Бирөө самоор коюшуп,
Көңүл кирин чоюшуп,
От ордундай самоордон,
Он чактыны коюшуп.
Кыдырата куюшуп,
Бирөө келип сунушуп.
Эриккенде эт берип,
Кардыкканда кант берип,
Суусаганда бал берип,
Түнүн жарык түш кылып,
Орундарын кыш кылып,
Унуткусуз иш кылып.
Аракка кошуп, бал чайкап,
Казыга кошуп, жал чайнап.
Кымыз менен кызытып,
Баарынын сөөгүн ысытып.
Мойнулары узарып,
Көөдөндөрү кызарып.
Как ушинткен кезинде,
Жакып туруп кеп айтат, ‘
«Эй, Акдөөлөт курдашым,
Акыреттик миң башым.
Эмине кылып турасың,
Кеткеним бүгүн келгенде,
Кемтигим жаңы толгондо,
Качырганым шумкарым,
Капшытыма конгондо,
Эмине үчүн бербейсиң,
Эми бачым гана алып
келбейсиң!»
Баягыны укканда,

Куруп калган Акдөөлөт,
Ары карап ыйлады,
Семетейди кыйбады.
Асыл Манас баатырдын
Арбагын артык сыйлады.
Ыргып турду күүлөнүп,
Жакып доңуз сүйлөнүп:
«Атаңдын көрү, долунун
Кылып турган ишин көр!
Алыстан келген балама,
Арагын аяп жатканын,
Абыке, Көбөш ичсин деп,
Шарабын аяп жатканын.
Сен бербесең, мен берем,»
Буркан-шаркан болду эми,
Жүк бурчуна барды эми.
Чынжыргалуу көөкөрдү
Оң колуна алды эми.
Бээжинден келген сыр чыны
Баса куюп салды эми,
Балага басып келди эми,
«Айланайын карегим,
Ичсең мына кезегиң,
Чаңкаганың басат – деп,
Чарчаганың жазат – деп,
Жаш өмүрлөр ичет» – деп.
Быягынан эр Бакай
Семеңдин колтугунан койгулап,
Эрин тиштеп, көз кысып,
Эми Бакай билгизип.
Ал аңгыча эр Семең,
Атасынын колунда,
Арагын жулуп алды эми,
Алдына коё салды эми.
Калың кирген адамды,
Каптап тилдеп калды эми.
Ак сакалы карыңдын,
Атаңдын көзү барыңдын,
Какыраган сайда өстүң,
Каада билбей кайда өстүң,
Мукураган жайда өстүң.
Атасына арак куйдуруп,
Баласын көздөй сундуруп,
Баары наадан эл белең,
Ушундай айбан кемби элең,
Кан казанын көп астым,
Кана колумдун көөсү.
Урум менен Кырымга,
Угаарга сонун сөз болуп,
Бүгүн гана келдим кез болуп.
Кан атакем Жакыпка
Эми келдим кез болуп.»
Аракты колго алды эми,
Кан атасы Жакыпка
Кайра сунуп салды эми.
Ушу турган адамдар
Кандай неме дебейби,
Ичип ийсе Семетей,
Эми кара гана башын жебейби!»
«Өзүң ичип ала бер
(Бакайды көрсөтөт)
Анан кийин мага бер.»
Урум менен Кырымдын,
Ушунун баарын кыдырдым.
Мындай ишти көрбөдүм,
Колундагы чынысын,
«Ооз тийип көргүн» – деп,
«Анан мага бергин» – деп,
Кайра мелтиреп сунуп калды эми.
Өзү жорго кан Жакып,
Жообу даяр жан Жакып,
Жалынып турат жорголоп,

Көзүнүн жашы шорголоп.
«Баракелди көзүңдөн,
Айттырбай билген сөзүңдөн.
Пайгамбар жашка барганда,
Кудай сүйүп карганда,
Сакалымын агында,
Сапар кетер чагымда,
Бейил кунум агында,
Меке кетер чагымда,
Өтө турган табымда,
Өзүм кантип ичемин?
Арак деген аш деген,
Акыл менен ич деген,
Жаш баланын ашы экен,
Кантип ичем уялбай!
Бул сөзүнө камалды,
Кантип табат амалды.
Жанындагы Бакайга
Жана сунуп калды эми,
«Ээси ичпеген арам аш,
Эми кандай кылабыз.
Абаке Бакай, мынаңыз!
Баракелди кулунум,
Эми ыраазы туйгунум!
Алда кандай болот деп,
Азап тартып турумун.
Колундагы чыныны,
Коркпой абаң алды эми,
Ажыдаардын мүйүзүн,
Коюндан сууруп алды эми.
Сыр чынынын четине,
Бир жагына малды эми,
Уунун баары быркырап,
Кайнап чыкты шыркырап,
Быягынан түрүлүп,
Бир четине сүрүлүп.
«Айтсам тилим албайсың,
Эми жайың кандайсың?
Баятадан болбойсуң,
Ичип ийсең оңбойсуң.
Ошону көрүп баарысы,
Жашы түгүл карысы.
Алаканын бир салып,
Баары гана чыга жөнөдү.
«Оңбой калдың какбаш» – деп,
«Ааламдан чыккан ак баш» – деп.
Ал аңгыча эр Бакай
Ыргып турду ордунан,
Керегеде ит аяк,
Шар дедире куйду эми.
Эки түгөй көк дөбөт
Эшигинен кирди эми.
Тилин малып алганда,
Чалкасынан кетти эми,
Аны көрүп эр Семең,
Ошондо гана көзү жетти эми.
Семетейди карасаң,
Чыйрыккан бою кызылдай,
Чындаган ачуу жазылбай,
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай.
Ыкыс коюп ынтыгып,
Атасына жутунуп.
Астапырылда келтирип,
Акыретке барганда,
Атам Манас кеп айтаар,
Менин атам Жакыпты,
Неге өлтүрдүң деп айтаар.
Ушуну ойлоп токтолуп,
Алда нече октолуп,
Аргасын таппай турду эми.
Кан Жакыпты карасаң,

Очогунун башында,
Отурган экен шуңкуйуп.
Көк жорудай дуңкуйуп,
Алдын карап дуңкуйуп,
Өлөйүн десе жан таттуу,
Кирейин десе жер катуу.
Ал аңгыча Акдөөлөт:
«Оңбо, какбаш, оңбогун,
Эгерде эки болбогун,
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна,
Сурмалуу көздөн жаш чыкса,
Жашы кимдин койнуна.
Абыке менен Көбөштүн,
Кантип жүзүн көрөсүң,
Эми сен ушинтип өлөсүң!»
Күлдү асманга быргытып,
Үйдүн ичин ызгытып,
Алакандан чаң чыгып,
Ыйлап көздөн кан чыгып,
Как ошентип безилдеп,
Ичи күйүп тызылдап.
Ал аңгыча эр Семең,
Ыргып турду эр неме.
«Келе бери, дарыңдын
Касиетин билейин,
Береги жаткан дөбөттү
Эс алдырып ийейин!
Ким үчүн өлүп калды – деп,
Мен үчүн майып болду» – деп,
Дарысын колго алды эми,
Өлүп жаткан дөбөттүн
Оозуна салды эми.
Касиетин карачы,
Силкинип тура калды эми.
Ал аңгыча эр Бакай,
Эр Семеңе кеп айтып,
Эми гана турба деп айтып.
Айланайын кулунум,
Алсаң ана туйгунум,
Атаңдан калган Аколпок
Алуучу болсоң тигине!
Этек-жеңи кыйылуу,
Жүктө турат жыйылуу,
Албайсыңбы тонуңду,
Көрөөрсүң далай сонунду.

## СЕМЕТЕЙ ЖАКЫПТЫКЫНДАГЫ МҮЛКТӨРҮН АЛЫП, АНДАН ЧЫККАНЫ

Тондон артык борумдуу,
Ошону көрүп эр Семең,
Этек-жеңин түрүнүп,
Эбелектей жүгүрүп,
Ай дээрге адам жок,
Кой дээрге бенде жок,
Мындай сонун элде жок.
Ак олпоктун жакасынан алды эми,
Эки, үч кагып салды эми.
Омуроого келтирип,
Оң жагынан кийинип,
Андан бетер сүйүнүп.
Жака-жеңи жайкалып,
Этек-жеңи көйкөлүп,
Чет аягы тең келип
Жалгызыңа кең келип,
Куп жарашып калды эми.
Абай кылып караса,

Айландыра санаса
Жакасына алтын кадаган,
Жаанын огу жадаган.
Барандын огу батпаган.
Чиркейдин уусу жетпеген.
Муну тешип өтпөгөн,
Соот мындан өтпөгөн,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Ак күрөкө, торгой көз,
Алган экен ушул кез.
Манастан калган Аколпок,
Баласына чак олпок.
Жылан боор бүктүргөн,
Жымырайта тиктирген,
Жакпаганын сөктүргөн.
Болот менен Албарстын
Үбөндүсүн төктүргөн.
Ишмечилер иштеген,
Тиши жүйүр келиндер
Жайы-кышы тиштеген.
Аколпогун кийинип
Алдасына сыйынып
«Аколпогуң алдың» – деп,
Эми жүргүн балам» деп,
Абаң баштап жөнөдү.
Семетей керегеде камчыны
Катуу жулуп алды эми.
Керегенин кош башы
Кошо кетти колуна
Карабады соңуна.
Эшикке чыга бергенде
Катуу силкип ийди эми
Көнчөгүнөн үзүлүп,
Жакып кандын эшиги
Көккө чыгып кетти эми.
Темиркандын тулпарга
Теппей ыргып минди эми.
Бурулуп экөө жөнөдү.
Бура тартты эр Бакай,
Бура тартып караса
Манастан калган сыр найза,
Көмөкөйлүү бир найза
Тутам жерин ылдаган,
Тутам жерин сырдаган.
Кош кара кыл тактырган,
Кобулдата чаптырган,
Көргөн киши жактырган.
Учуна болот кактырган.
Ар душманга бактырган
(саюуга ылайыктаган)
Тийген жери ырбаган,
Алган киши жыргаган.
Темирди сайса тешүүчү,
Дөөгүрсүгөн дөөлөрүң
Тебетейдей кетүүчү.
Алуучу болсоң мүлкүңдү
Ачат далай күлкүңдү.
Чоң атаңдын үйүндө
Тигине турат жөлөлүү,
Кытайдын кызыл канга бөлөлүү.
Муну менен иши жок,
Мунун сырын гана билген
киши жок.
Алуучу болсоң мүлк ушул.
Баягыны көргөндө
Бастырып Семең келди эми
Как тушуна келди эми.
Капшытынан алды эми.
Ак ордосу качырап,
Камгактай болуп бычырап,
Найза колдо койкоюп,
Тонун кийип болпоюп,

Абакеңиз каркылдап,
Аксакалы жаркылдап,
Айылдан чыкты шартылдап.
Уу берем деп мыш болуп,
Унуткусуз иш болуп
Урду муну Кудайым,
Мындан ары Семетей,
Мүлкүн алат жудайым.
Айылдан узап алышып,
Ат чабым жерге барышып,
Аттын оозун бурду эми,
Алдындагы эр Бакай,
Акыл айтып турду эми.
«Айтамын кептин баянын,
Аңдап тургун аягын.
Көрөрсүң иштин далайын.
Кел, чунагым, кетели,
Мында туруп нетели?
Кайып канга баралы
Каныкейге айталы,
Как ушу жерден кайталы.
Ушу бойдон кетели,
Темир канга жетели.
Элиң менен ээн кал,
Атаң менен ада бол!
Кан атакең Жакыптын
Берген ашы уу болду.
Бендеден ашкан куу болду,
Менин көргөн ишим бу болду!
Мындан ары барабыз,
Нечен сонун көрөбүз!
Карк алтын кийген кандар бар,
Казатка тууган жандар бар.
Каныкейди кыйнаган
Абыке, Көбөш заңгар бар.
Бедөө минген бектер бар,
Угарга сонун кептер бар.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл чалдай кары бар.
Карганы ууну көрсөттү,
Жаштан нени көрөбүз?
Ажалдан мурун өлөбүз.
Темиркандан кол алып,
Эсеби жок мол алып,
Эмдиги жылы келели.
Өлбөсөк өчтү алалы
Бул жолу кайра баралы».
Как ошону укканда,
Каары келди көкжалың
Түсү кетти бузулуп,
Жүзү кетти кубулуп,
Бели кетти мекчейип,
Көзү кетти чекчейип,
Мурду кетти кырданып,
Өңү кетти сурданып.
Алда нече түрдөнүп,
Абасына сүйлөнүп.
«Кузгундай көзүң кызарып,
Өрдөктөй мойнуң узарып
Өлө турган чагыңда
Кандай коркок чал элең?!
Кандай курган жан элең?
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Акыры тартпай койбойт
казган көр.
Тобокел кылып жүрө бер.
Ажалдуу киши өлүүчү,
Ак жазганын көрүүчү
Ушул жерден кайтканым
Уялбай барып айтканым,
Экөөнү ала качканым

(Аколпок, сыр найза)
Акылыман шашканым.
Өңгөсүн таштап кеткеним,
Өлгөнүм эмей неткеним?
Чоң атакем Жакыптан
Жылкы тийип албасам,
Абыке менен Көбөштөн
Эр өлтүрүп салбасам,
Эмине үчүн качамын?!
Тентип кеттим жашымда,
Билбей калдым башында.
Качып кеттим жашымда
Кайтып келдим ушунда
Эми кан абам, сенин тушуңда.
Атамдан калган мүлкүмдү,
Ачкын аба, күлкүмдү,
Аралап көрсөт жылкыңды!
Атам Манас эр болсо,
Атамды көргөн сен болсоң,
Аргын, ногой бул болсо,
Абыке, Көбөш кул болсо,
Ошого баарын ээлетип,
Башымды кармап мээлетип,
Мына ушинтип жүргөнчө.
Туубай туна чөгөйүн.
Тумшугу жок курган жан,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Урушпас уул болчу эмес,
Ушунте берген оңчу эмес,
Жүрү абаке, жол башта!
Эми бөлөк кепти сен ташта!
Абыкенин айылын,
Анык көрсөт дайынын.
Кан Көбөштүн коргону,
Кайсы жакта ордосу?
Жүрү ошого баралы,
Алардын айлын көрөлү.
Кырк чоронун баарына
Кыргыл чалдай карыга
Кыйыктанбай жүрү аба.
Кыраан Манас атамдын
Кырк чоросун көрөйүн,
Сени менен жүрөйүн.
Ошондо Бакай кеп айтып,
«Ойлонгун ботом» – деп айтып.
«Атаң Манас өлгөндө
Абыке, Көбөш эки арам,
Камчыга ченеп бөлгөңдө,
Май-Булактын башына
Качып кеттим жашымда.
Кара жаным калкалап.
Абыке, Көбөш эки кул
Такка минди чалкалап.
Ошо күндөн ушу күн,
Көрүнгөнүң так бүгүн.
Ишенбесең карачы!
Жайында кийдим эчки тон,
Кышында гана кийдим эски тон,
Ичти, тышты эки тон.
Өөдө-төмөн сарт өттү,
Эми ак матанын дарты өттү.
Тула боюм бит болду,
Абыке, Көбөш ит болду.
Дүнүйө мындан көп эле,
Абакең андан жат болду.
Кайра тартып алалы,
А береги көрүнгөн
Капчыгайга баралы.
Как ошонун ичинде
Бир үңкүрдө мүлкүң бар,
Ача турган күлкүң бар.
Как ошого баралы,

Казынаңды көрөлү!
Түрдүү кийим кийинип,
Жаратканга сыйынып,
Абыке менен Көбөшкө
Анан кийин жөнөйлү.
Ушу куур тон менен
Кудай барган кулдарга
Кантип барам курушуп.
Ушу кезде карасаң,
Мына менин маңдай терим
бырышып,
Алардын сенден бөлөк доосу жок,
Кулдардын менден бөлөк
жоосу жок!
Анда-санда келишет,
Абаң менен челишет.
Он беш күнү жатышат,
Замбиректи атышат.
Жалгыз жолдон өтө албай,
Ошонетип келишет.
Өөдө тартып алалы,
А береги көрүнгөн
Капчыгайга баралы.
Кара үңкүрдү көрөлү
Түрлүү кийим кийинип,
Жаратканга сыйынып,
Андан кийин жөнөйлү.
«Эмесе макул, куп» – деди,
«Ушу сөзүң эп» – деди.
Атка минип алышып,
Кара тоону этектеп,
Бөксөлөй тартып алышып,
Капчыгайга киришип,
Экөө келип көрүшүп,
Асмандаган бийик зоо,
Абаң баштап келди го.
Тааный албай далдайып,
Абакең турду шалдайып.
«Оозунда үйдөй арча бар,
Оюнда багып жүрүчү
Бөлөкбай деген калча бар.
Жаш кезиңде чунагым,
Сенин алы күчүң канча бар?
Ошонун үйү тиги эле,
Жүрү ошого баралы,
Бөлөкбайды көрөлү.
Ошондо Семең кеп айтып,
«Кой абаке» деп айтып.
Үңкүрүң көрсөт кетемин,
Бөлөкбайды нетемин.
Аттанып үйдөн чыкканы,
Таластын жайын укканы,
Он чакты күндөй болуптур.
Каныкей долу энемдин
Убадасы толуптур.
Кокус өлүп калбасын,
Анан арманда калып калбасын.
Үңкүрүңдү көргөзгүн!».
«Айланайын кулунум,
Эми айтайын туйгунум,
Каныкейиң курусун.
Куруп калган Бөлөкбай,
Катырбагын ырысын,
Анан сенин ишиңе
Ичи кантип жылысын!
Абыке менен Көбөштүн
Өтүп кетти жоругу.
Алды каткан калчанын
Бир багып жүргөн боругу
Аксарыбашыл коюу бар,
Албан түрдүү оюу бар.
Жүрү ошого баралы».

Кантип көрбөй коёлу?!
Ошол койду соёлу.
Бөлөкбайдын түлөөсүн
Өткөрүп жолго салалы,
Үңкүргө анан баралы».
Ошону айтып желишип,
Бөлөкбайга келишип.
Алиги экөөн көргөн соң,
Куруп калган Бөлөкбай,
Албаң-далбаң жүгүрүп,
Алдын тозо түйүлүп.
Оодарып аттан алды эми,
Оңурайган Бөлөкбай
Бек кучактап калды эми.
Айтып сөзү узарып,
Эки көзү кызарып,
Эриккенче ыйлады.
Алды каткан Каныкей(дин),
Кебин артык сыйлады.
Арасына эр Бакай,
Албан түрдүү кеп айтып,
«Койгун, ботом» – деп айтып,
Айткан коюн союшуп,
Ыйлаганын коюшуп.
Бирин-бири өбүшүп,
Өөп-жыттап көрүшүп.
«Бышыра бергин этиңди,
Ачылган сенин бетиңди,
Үңкүрүңө барайын,
Абам менен көрөйүн.
Анан кайра келейин».
Атын отко коюшуп,
Экөө келди жөө басып,
Чоң арчанын түбүнөн
Эки жагын карашып,
Куруп калган эр Бакай
Калган экен адашып.
Караса көзгө илинбейт,
Казына оозу билинбейт.
«Кайып ээлеп калганбы?
Же Кудай уруп салганбы?
Арап сөздү алды эле
Абдан жазып салды эле.
Түрпү менен түрпүлөп,
Мети менен ургулап,
Бетине жазуу жазды эле.
Арабча сөзү бар,
Алды каткан Каныкей,
Албан түрдүү өзү бар.
Молдо болсоң тааныгын,
Кудайыңа наалыгын.
Ал аңгыча эр Семең
Азыр окуп көрдү эми,
Тегирмендей таш экен,
Казына оозу ушу экен.
Как ушуну иштеген
Каныкей сонун киши экен.
Окуп, окуп отуруп,
Аягына келтирип,
Араб сөзүн билди эми.
Желим менен чептеген,
Чырыш менен эптеген.
Казынанын оозуна
Ошо тегерек ташты кептеген.
«Айланайын аба» – деп,
«Ушул экен мына « – деп,
Окуп алып эр Семең
Оюнда бар ар неме.
Албарсын суурул алды эми,
Учу менен бурады,
Семетей карап турабы?
Кудайдын берген кезинде,

Албарстын учу кырт этип,
Анан кийин күрт этип.
Улам бурап отуруп,
Кыябына келтирип,
Албарсты сууруп салды эми.
Колу менен бек кармап,
«Алда Кудай» – деп кармап,
Тээп туруп тартты эми.
Казына оозу карс этип,
Мылтык аткан немедей,
Тоо жаңырып тарс этип.
Билеги күчтүү балбан кул,
Жулуп алган жери ошол.
Абакең Бакай барды эми,
Баштап алып кирди эми.
Баштан аяк кыдырып,
Дүнүйөсүн көрдү эми.
Таң ажайып турду эми
Үңкүрдүн ичи нак чүчтөй,
Карап турса чак түштөй.
Така-така бачайы,
Тобун бузбай дүрүйө,
Толуп атат дүнүйө.
Алтын, көөхар, жакут таш,
Аны көрүп Семеңдин,
Көзүнөн акты кара жаш.
«Ушу турган дүнүйө,
Мынча неге көп жыйдың?
Мунун убайын кимдер гана
Көрөт деп жыйдың?
Акыретте болбосо,
Адамда мындай жок эле.
Бейиш жайда болбосо,
Бендеде мындай жок эле».
Ал үңкүргө кирген соң,
«Атакелеп айкырып,
Абдан жатып кыйкырып.
Кадамалуу айбалта,
Как бөйрөккө таянып,
Кайдан турсун аянып.
«Ээн калган мүлкүн» – деп,
«Эми ачайын күлкүм» – деп.
«Эми кайда сенин жылкың» – деп,
«Мунуңду көрдүм аба» – деп.
Ошондо Бакай кеп айтат,
«О, кулунум» – деп айтат.
«Айтсам тилим албайсың,
Эми жайың кандайсың?!
Көзүң менен көрдүңбү?
Эми ыраазы болдуңбу?
Менин сөзүм калп дейсиң
Абакеңди алп дейсиң,
Көргөн көздү билбейсиң,
Көбөшүңдү ким дейсиң?
Буулуткулуу мен болсом,
Муңдуу жалгыз сен болсоң,
Үйрөткүлүү мен болсом,
Үңкүргө келген сен болсоң,
Мындан артык ишиң көп,
Сага гана душман кишиң көп!
Абай кылып карачы,
Айландыра саначы!
Сандыргалуу энеңдин
Салтанатын билдиңби,
Сарамжалын көрдүңбү?
Кырк чорого бир-бирден
Ичин суусар ичтеген,
Тышын буулум тыштаган
Кокондуктун киш телпек,
Кундузу карыш иш телпек,
Ала бакан ийилүү,
Сандыргалуу энеңдин

Сарамжалы билинүү.
Жайдын күнү кийсин – деп,
Жайдарымды билсин – деп,
Кедик койдун тармал жүн
Такыр жерге жыктырып,
Жуушаңчыга кырктырып,
Кызга кыя бастырып,
Келинге кесе тиктирип,
Ар кимисин карасаң,
Алтын баргек чоктолуу,
Ар кимисин карасаң
Атан төөгө токтоду.
Муну кылган Каныкей,
Көрүп кана турду Семетей.
Андан артык мүлкүң бар,
Ача турган күлкүң бар.
Ачып карап, көзүң сал.
Жоо качырып тийгенде,
Как ошондо кийсин деп,
Касиетин билсин деп,
Жакасына алтын кадаган,
Жаанын огу жадаган.
Жакасында каты бар,
Кырк чоронун аты бар.
Кырк чорого бир-бирден
Ала бакан ийилүү,
Сарамжалы билинүү.
Анысын айтып нетейин,
Баарысын айтып көзүңө
Бир көргөзүп өтөйүн.
Көнгүрөзгө жеке өтүк,
Маасы менен эки өтүк.
Сууну бойлой конгонго
Султан сейил болгондо,
Как ошондо кийсин деп,
Касиетин билсин деп.
Жалаң эле ал эмес,
Ич кийимин иштеген,
Тыш кийимин чүчтөгөн.
Каныкейдин сарамжал,
Баарысына көзүң сал!
Эми кудай тилек бергенде,
Туйгунум аман келгенде,
Ажал жакын убагым,
Эми карап турбаймын?
Жаман тонду чечти эми,
Абаң жандан кечти эми.
Беш-алтоон кийинип,
Бериштеге сыйынып,
Алты-жетөөң кийинип,
Алдасына сыйынып,
Жоо көргөндөй шаңданып,
Кара боюн чыңданып,
Белдемчи деген темирин,
Беш кабырга себилин
Белге чырмап алды эми.
Чарайнаны калдайтып,
Далысына далдайтып,
Туулганы бек кылып,
Тула боюн көк кылып.
Муздай темир кийинип,
Путтай темир курчанып,
Кызыл өңүн сур чалып.
Кадимкидей колкоюп,
Каздай мойну койкоюп,
Ак сакалын таранып,
Арты, кийнин каранып.
«Керегинди алгын» – деп,
Абакеңиз айтты кеп.
Асты бирин сүйбөдү,
«Андан көрө абаке,
Алты, жети мата алгын,

Эми Бөлөкбайдан бата алгын.
Жүрү кайра жөнөйлү
Бөлөкбайды көрөлү».
Кадимкидей бекитип,
Кайра басып келатыр.
Баягы экөө барганча
Куруп калган Бөлөкбай,
Этин жакшы бышырып,
Казанынан түшүрүп,
Карап турат үшкүрүп,
Матасын Бакай берди эми,
Батасын берип турду эми.
Семетей анда кеп айтат:
«Күндө барып көрө бер,
Бөлөкө, күзөгөнүң ала бер!
Баракелде өзүңөн,
Үңүрөйгөн көзүңөн.
Энекем Каныш келгенче
Эсен болсоң жата бер.
Он эки жылы күтүпсүң
Жалгыз жибин албастан,
Ушунетип түтүпсүң.
Өлбөй келсем меники,
Өлүп калсам сеники».
Колуна жазып кат берди,
Тура калып Бөлөкбай,
Колун жууп эт берди.
Бата кылып салышып,
Колун жууп алышып,
Бөлөкбайга коштошуп,
Ажырашып жөнөдү.
Бөлөкбайың сүйүнүп,
Ак матадан кийинип.
Ак батасын беришип,
Амандашып көрүшүп,
Катыны экөө турушуп.
Эки камчы шарп уруш,
Эр Семеңде не туруш.
«Эми жүргүн аба» – деп,
Капчыгайдын оозуна
Азыр чыгып келди эми.
Оюрмалуу бел менен,
Ойку-кайкы жол менен
Олуя-Ата бет алып,
Ойрон Бакай кашында,
Сыймык кушу башында.
Кадимкидей каркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Алдына баштап шартылдап,
Абакеңиз келатат.
Атасындай ээрчип,
Арстаның келет соңунда,
Абакеңиз Бакайдын
Жылдызы быйыл оңунда!
Оролмо-Тоонун сеңирге,
Оодарылып көрдү эми,
Олуя-Ата жерине.
Төгөрөгүн арытып,
Төрт тарапка көз салып,
Абакең токтоп турду эми.
«Ортосу Талас, башы Чүй,
Олуя-Ата как ушу ботом!
Аягы Ташкен, Чымыкен,
Атаңдан калган жер ушул.
Ушул жерден карасам
Кайсы экени билинбейт,
Карасам көзгө илинбейт».
Көзүнүн жашы тизилип,
Көөнү жаман бузулуп,
Көзүнүн жашын аарчып,
Ошондо Семең кеп айтат,
«Ой, абаке» – деп айтат.

«Баракелде өзүңдөн,
Көрүп турган көзүңдөн,
Ыраазымын сөзүңөн.
Куурчактай болгон боюңдан
Куп ыраазы оюңдан.
Баракелде жериңден,
Жайнап жаткан элиңден.
Баракелде өзүңдөн,
Айтып турган сөзүңдөн,
А береги көзүңдөн,
Ак дөбөдөй үйүң ким?
Чогулушкан жыйын ким,
Көмкөрө ээр, көк токум,
Баары бирдей тобурчак
Куйруктары бир кучак,
Ошол аттар кимдики?
Куюшканы чылк алтын,
Ээринин кашы карк алтын,
Аттарынын башы алтын,
Аргымак аттар кимдики?
Андан мындай карасам,
Ак чардактай малыңды,
Билдим сенин алыңды.
Ак дөбөдөй үйүңдү,
Үй алдына чогулган,
Чалкалаган бийиңди.
Ошолордун маанисин
Айткын аба, таанысаң!
Ушул элди карасам,
Кокондон аким келгенби,
Коюнан алым бергенби?
Же Ташкенден улук келгенби?
Далай малын бергенби?
Анын быяк жагында,
Карарып жаткан кара бак,
Кимдерге келбейт дөөлөт, бак.
Ошол дарак кимдики?
Анын быяк жагында
Бакчалуу дарак көрүнөт,
Көргөндө көөнүм бөлүнөт.
Андан мындай карасам
Бүлбүлдөгөн боз коргон.
Андан мындай болжосом,
Жыгачтын баарын кыйыптыр,
Отун кылып жыйыптыр.
Ошону жаман топтоптур
Уйлар барып оттоптур.
Төрткүл болуп калыптыр,
Абакең көзүн салыптыр.
Анын төмөн жагында
Бүлбүлдөгөн боз коргон
Ушу жерден болжосом,
А дагы болбой калыптыр.
Айтып берчи маанисин
Балаң угуп таанысын».
Баягыны укканда,
Курган Бакай буркурап,
Сөөктөрү зыркырап,
Көзүнүн жашы тизилип,
Көөнү жаман бузулуп.
Эми абакең айтып билдирди.
Ошондо Бакай кеп айтып,
«Ойлоп тургун» – деп айтып.
«Ак дөбөдөй чоң ордо,
Каныкейдин ак сарай,
Каалгасы сом калай.
Каңгыраган чоң сарай,
Мен айтайын бир далай.
Каныкейдин ордосу
Энекең шондо бар болчу.
Анын баары сеники.
Көмкөрө ээр, көк токум

Көп аргымак көрүнсө,
Көй кашканын аты эле,
Ичкилик ичип чуулдап,
Арак ичип дуулдап,
Акылай күңдүн колунда
Көрөсүң далай сонун да.
Кокондон элчи келчи эмес,
Коюнан алым берчү эмес.
Ташкенден улук келчү эмес,
Тайдан бирди берчү эмес.
Сандыргалуу атаңдын
Салтанаты жок бекен?
Каныкейдин чоң керме
Кермелеп атын салганбы,
Баарысы келип калганбы?
Ичкилик ичип чуулдап,
Арак ичип дуулдап
Жаткан белем бу күндө?
Анын быяк жагында
Карарып жаткан кара бак
Ошол бактын ичинде
Кан атакең Манастын
Сурак кылчу алтын так,
Ошонун баары сеники.
Анын бери жагында
Бакчалуу сенин чарбагың.
Бээжинге кеткен арбагың.
Каныкейдин чарбагы
Как ошону көргөндө
Ичимде турат арманым.
Анын быяк жагында
Чалдыбар болгон боз коргон
Ушул жерден болжосом,
Эр Бакайдын короосу,
Абаң шондо болучу,
Жыгачтын баарын кыйыптыр,
Отун кылып жыйыптыр.
Ошенетип топтоптур,
Уй жайылып оттоптур.
Ошону көрүп абакең,
Өлбөй кантип токтоптур.
Обо айланып боз болду,
Ошолорду көргөндө,
Оболку дартым козголду.
Күн айланып боз болуп,
Күйүтүм эми козголуп.
Анын төмөн жагында,
Дагы бир бүлбүлдөгөн боз коргон,
Ушу жерден болжосом
Алмамбеттин короосу
Арууке жеңең бар болчу.
Как ушуну көргөндө
Каңырыгым түтөдү.
Кайратым кайта күчөдү».
Абакеңиз эр Бакай,
Төрт тарапка көз салып,
Төгөрөтө карады.
Ал аңгыча эр Семең
Абакесин караса
Көзүнүн жашы көл болуп,
Көргөн адам дел болуп,
Сакалдары сарбайып,
Мууну кетип далдайып,
Эси ооп шалдайып.
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып.
Как ошентип калыптыр.
Аны көрүп эр Семе
Кайратына келди эми.
«Катыгүн аба, кантесиң?
Сен канетип кетесиң!

Минтсең түпкө жетесиң,
Эмесе коё бергин өзүмдү,
Ачып кара көзүңдү!
Ушунун баарын карасам
Атам тапкан мал болсо,
Абыке менен Көбөштүн
Кылган иши ал болсо.
Тентип жүргөн мен болсом,
Ыйлап турган сен болсоң.
Абыке, Көбөш эр болсо,
Ал атамдан калган эл болсо,
Сенин көзүңдүн жашы сел болсо,
Кантип кана карап турайын?!
Туурасынан кирейин,
Туюк жаткан жеринде
Турумтайдай тиейин.
Жагалмайдай тиейин,
Жалпы жаткан жеринде
Жан жагынан кирейин.
Же ташка тийип өлөйүн,
Алда-таала Кудайдын
Не жазганын көрөйүн.
Коё бер аба, өзүмдү,
Ачып кара көзүңдү!
Бу дүнүйө шум жалган.
Кимдер өлбөй ким калган.
Байгамбар ак, диним ак,
Өңгө төгүн, өлүм ак.
Атамдан калган алтын так,
Абыкеге алдырып,
Ыйлап көзүң талдырып,
Ошентип турганча
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жан
Бу көрөкчө өлөйүн.
Коё бер аба өзүмдү
Кабыл кылгын сөзүмдү!
Акыр заман салайын
Астын-үстүн кылайын.
Как ушунтип оолугуп,
Кандагайын шумданып.
Ал аңгыча эр Бакай
«Кокуй, балам, нетесиң,
Сен канетип кетесиң,
Кантип алың жетесиң?
Ээ, садагаң кетейин,
Сабырлык менен жетейин.
Сен ушундай тура тур,
Бул айтканым уга тур.
Барган сайын оңолгон,
Басташканың жоголгон.
Манас келет дегенде,
Байлатма жинди соо болгон.
Жанагыдай токтолгун.
Түшүп атың откоргун!
Мен илгери барайын,
Абыке менен Көбөштүн
Эли, жоосун билейин.
Анан кайтып келейин,
Өлүп калсам мен Бакай,
Кой териси эмеспи?
Тирүү жүрсө абакең
Жоо бөрүсү эмеспи?
Табайын кулдун эсебин.
Таарынбагын кулунум,
От откорор кезегиң.
Абыке, Көбөш кесебиң
Кесебиңдин кезегин
Келтирейин кезине,
Бир түшөйүн эсине.
Көрүнөйүн көзүнө
Уктуңбу ушу сөзүмү!»

Анда туруп эр Семең
Дарс окуган эр неме
«Эмесе макул, куп» – деди
«Ушу сөзүң эп» – деди,
Түшүп атын откоруп,
Семетей калды токтолуп.
Ал аңгыча эр Бакай,
Томогону коюндап,
Көкчологун моюндап,
Ошо бойдон куюндап.
Салып кирип келди эми.
Муну көргөн киши жок,
Муну менен иши жок.
Ичкилик ичип дуулдап,
Арак ичип чуулдап,
Абыкеси баш болуп,
Абакеси мыш болуп.
Мындай ишке туш болуп,
Мына ушинткен кезинде,
Бура тартып алды эми.
Кырк чоронун аттарын,
Арасына кирди эми,
Баарын кана Бакай көрдү эми.
Каныкейдин чоң керме,
Келиштирип кермеге
Аттын баарын салыптыр,
Арасына барыптыр.
Чоң кермени караса
Бири кендир, бири жүн,
Бири жибек, бири кыл.
Аттын баарын кермеге
Турган экен жергелей.
Кыдырата караса
Ээринин кашына
Жазып койгон каты бар.
Кырк чоронун аты бар.
Аягына келгенде
Абакеңиз эр Бакай,
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Бир көк эшек турат көрүнүп.
Баягыны караса:
Ээринин кашында
Жазып койгон каты бар,
Бакай деген аты бар.
Баякыны көргөндө
Күйбөгөнү күл болду,
Бышпаганы чок болду,
Мындай гана кордук жок болду.
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай.
«Табайын кулдун эсебин,
Салып койгон эшегин,
Эми келтирейин кезегин».
Кыя-болот кылычты
Кындан сууруп алды эми,
Ошо турган эшектин
Башын кагып салды эми.
Эшекти салган кермеге
Көкчолок атты салды эми.
Көрүнөө басып эр Бакай.
Эшигине барды эми.
Ботодой көзү жалтылдап,
Кире албай мууну калтылдап.
Тушунан келип эр Бакай,
Кулагын салып тыңдады.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы
Ичкилик ичип буркурап,
Башаламан чуркурап,
Башаламан кеп айтат,
Баары бирдей кеп айтат.
Бирөө «баланчаны сайдым» – дейт,

Бирөө «сени мен ажыратып
алдым» – дейт.
Деле адам укчу кеби жок.
Мактанышат эби жок....
Ал аңгыча Кыргыл чал
Ыргып турду шылдың чал.
«Аксакалы карыңды,
Адырак алсын баарыңды.
Жабыр, жабыр жабырлар
Жабырагын кабырлар
Жаагыңды басыңар
Жалпы кулак салыңар!
Мен айтайын маселе.
Бир азыраак сөз эле.
Айтар сөзүм чын эле.
Элди абалы алса, биз алдык,
Аты калды Манаска,
Жоону сайса, биз сайдык,
Аты калды Манаска.
Орустун журтун ойроттук,
Оогандын элин сойлоттук.
Аргымакты ойноттук.
Кытайдын журтун кыйраттык,
Кыз, келинин ыйлаттык.
Камбылдын элин камадык,
Камчы менен сабадык.
Калмактын малын санадык.
Темирликтин кайкысын,
Тебелеп жылкы ашырдык.
Айылды чаңга жашырдык,
Аты калды Манаска.
Карагай найза ыргадык,
Карыганча кыз алып,
Как ошентип жыргадык.
Жыргаганы курусун
Ат үстүндө куурадык.
Эр Көбөштүн тушунда
Жыргалы артык ушундай.
Бүтүн кундуз терисин
Жара тилип алдырып,
Багалекке салдырып.
Күндүзү кымыз, түндө кыз,
Жыргалың гана мында күч болду.
Ошо Манас өлгөнү
Таамай он үч жыл болду.
Эми көргөн күнүн бул болду.
Илгерки Манас эр кандай,
Эми ушул турган эл кандай?
Бул адилет жакшы кан болду.
Бечарага жан болду».
Ушуну угуп Бакайдын
Күйбөгөнү күл болду.
Бышпаганы чок болду.
Мындай кордук жок болду.
«Көрүнөө кирип барсамбы?
Көзүн чукуп алсамбы,
Же ичин жарып салсамбы?».
Астапырылда келтирип,
«Бу кылышым бекер» – деп,
«Бөлөгү кантээр экен» – деп,
Дагы тыңдап тургуча,
Ачып көздү жумгуча:
Кырк чоронун жыйырмасы
Ажыбай сындуу жыласы
Ыргып турду ордунан.
«Ээ, түгөнгөн Кыргыл чал,
Эмине дейсиң шылдың чал!
Сен мынча не үчүн көбөсүң?
Теги бирди көрөсүң,
Көбөш деп жүрүп өлөсүң.
Кемирейген Көбөшүң
Качан мыкты кан эле?

Көрбөдүң беле башында,
Бая Көкөтөйдүн ашында,
Капыр менен бусурман
Карчалышып келгенде,
Аккуланын айынан
Акыр заман иш болгон.
Далай адам ошондо
Акыретке туш болгон.
Акылынан шашты эле
Аттан түшө качты эле.
Камгактарды үймөлөп,
Астына жата калды эле.
Качан мыкты жан эле?
Акылынан шашчу эле,
Качан болсо душмандын
Алдына түшө каччу эле.
Ай караңгы болгондо
Коркок эле Көбөшүң,
Ачкалыкка чыдабас
Опкок эле Көбөшүң.
Кошко талкан койбогон
Соргок эле Көбөшүң.
Ээй, куураган Кыргыл чал,
Мынча не үчүн көбөсүң?!
Мындай демиң бар экен,
Май-Булактын башында
Бакай кана шордуу кан экен.
Ошону кошуп алсаңчы
Анан кийин бачагар
Ошентип кана айтып турсаңчы!
Бакайдан башка жооң жок,
Каныкей менен Семетей,
Бул экөөнөн башка дооң жок.
Карагай найза ыргадың,
Карыганча кыз алып,
Как ушинтип жыргадың.
Калмактын журтун камадың
Айгандын айлын таладың.
Жети шаар Жеркенди,
Жети чаптың кекеттиң,
Жесирден алдың зекетти.
Жетимиште жашыңды
Кан көтөрүп бекиттиң.
Ошонун баары Манастын
Күндүзгү күлгөн күлкүсү,
Түндөсү жүргөн уйкусу.
Ар тарапты бекитип,
Алып берген эр эле.
Ай-ааламды бекитип,
Минтип жүргөн эр эле.
Ээй, кысталак Кыргыл чал!
Эмине дейсиң шылдың чал!
Урумга кеткен уулу бар
Семетейди билбейсиң,
Сен ошону ким дейсиң?
Кырымга кеткен Каныкей,
Кыдырып жүрөт Семетей.
Мобуларды ойлобой,
Сөз айтасың болжобой.
Кокусунан бир күнү
Семетейге бет болуп
Уят болуп, ит болуп
Убалына калбагын
Уу ичкендей болбогун!
Как ушу сөздү ойлогун!»
Ушуну айтып Ажыбай,
Айтып турат алжыбай.
Эшиктеги эр Бакай
Алка жака бек кармап,
«Алда кудай» деп кармап,
Как ошентип тургуча:
Алакөөдөн эр Көбөш,

Аңылдаган кем Көбөш,
Ыргып турду ордунан.
Жанындагы Абыке
Ай – деп, кармай калды эми.
Ал аңгыча кырк бөрү,
Бадышанын нөкөрү,
Баарынын жаагы басылды,
Бир-бирине асылды.
Ошо кезде Ормонбек
Оозу-мурду борбоңдоп,
Жамгырчы байдын уулу экен.
Манаска жакын кул экен.
Аттын-тондун көбөөсү
Ал Манастын бөлөсү.
Табарсыгы толуптур,
Чыгар кези болуптур.
Алтын нөкө, кундуз бөрк,
Көзгө кийип болкоюп,
Чыгып келди койкоюп.
Эр Бакайды көрдү эми,
Басып келип Бакайдын
Жакасынан алды эми.
«Мындай тургун абышка!»
Сен бу жерге жабышпа!
Мында турсаң өлөсүң!
Кокус майып болосуң!
Абыке, Көбөш эгиз кан,
Ат көтөргүс семиз кан.
Арызыңды укчу киши жок,
Сени менен иши жок,
Арыз айтам деп өлбөгүн!
Акыретти көрбөгүн!»
Бир-бирине кеп айтып,
Кекээр сөздү көп айтып,
Эрегишкен кезинде,
Майып болуп калбагын.
Арызың болсо айтып кет,
Ушул жерден кайтып кет!».
«Эмесе бер кел, ботом» – деп,
Сага эле айтып кетем деп.
Ормонбекти жетелеп,
Аттан ары бет алып,
Кыя болот кылычты
Кындан сууруп алды эми.
«Ээй кысталак Ормонбек!
Баятадан ормоңдоп,
Оозу-мурдуң чормоңдоп,
Ачууландың ага деп.
Сен таанийсыңбы бабаңды,
Баатыр Бакай абаңды!
Сурачу какмар сен белең,
Арыз айтуучу мен белем!
Сен Жамгырчы байдын
уулу элең,
Манаска жакын кул элең,
Сен ушундай болдуңбу?
Качып жүрүп кан Бакай
Мен ушундай болдумбу?
Ойлоп кара сөзүңдү
Оёюнбу көзүңдү?!
Басайынбы желиңди,
Угасыңбы кебимди?
Сенин табайынбы эбиңди!»
Ошо кепти укканда
Оңкосунан жыгылды.
Бакайдын бутун кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
Ыйлашты көрсөң көр эми!
«Буулуткулуу булбулум,
Үйрөткүлүү кургурум!
Ала-Тоодой иш кылсам,
Ашырарың өзүң бил.

Агын суудай иш кылсам,
Кечирериң өзүң бил.
Өрт жалындай иш кылсам,
Өчүрөрүң өзүң бил!
Сунган моюн меники,
Суурган гана кылыч сеники аба!».
Бакайдын бутун салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
Эки колдоп кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап.
Ырайым кылды эр Бакай,
Ыйлап турду Ормонбек,
Оозу-мурду борбондоп,
Ошондо Бакай кеп айтып,
«Ой, Ормонбек» – деп айтып,
Абыкени чыкырып,
Кайра баргын арага,
Жамбыны алгын барага.
Бачым барып кебиңди айт,
Абыкедей балага.
Мени келди деп айткын,
Бачым барып кеп айткын.»
Жамбыны алып түйүлүп,
Жаратканга сыйынып,
Эшиктен кирип келгенде
Элдин баары жайланып,
Бир-бирине байланып.
Кыял менен кымызын
Кылкылдата жутушуп,
Как ошентип жатканда:
Ошол элдин артынан,
Эр Бакайдын дартынан,
Абыкеге жетти эми.
Эңкейе түшүп кеп айтып,
«Абаң келди» – деп айтып,
Отуруп калды ордуна.
Абыке угуп сүйүнүп,
Ордунан турду түйүлүп.
Ары-бери кайпаңдап,
Эр Абыке караса
Ат жанына жашынып,
Ээрден башын ашырып
Абакең турат жашынып.
Эр Абыке жакындап,
Колун сунуп көрүшүп,
Сакалын жыттап өбүшүп,
Санаасы туура келишип.
Как ошентип турганча
Иш бузулду аңгыча.
Алакөөдөк кем Көбөш
Ордунан тура жүгүрүп,
Артынан жөнөп калыптыр.
Арт жагына караса,
Абыке менен эр Бакай
Салаалашып, көрүшүп,
Санаасы бирге болушуп,
Кучакташып көрүшүп,
Оозунан өбүшүп.
Баягыны көргөндө
Көөсөрдү Кудай алды эми
«Абыке менен Ажыбай
Кылмак болгон турбайбы.
Кырк чоронун баарысын
Кырмак болгон турбайбы.
Каныкейдей долусун
«Алмак болгон экен» – деп,
Арасына Бакайды
Салмак болгон экен» – деп.
Кайра басты кайсалап,
Чоң баканды колго алды,
Куруп калган Бакайды
Чокудан ары бир салды.

Бакан башка чабылды
Бакай эстен жаңылды.
Эси ооп эндиреп,
Оңкосунан жыгылды.
Жанындагы Абыке
Жаактан ары бир коюп,
Курсактан ары тепкилеп
Бир колунан жетелеп.
Акылайлап айкырып,
Абыке турду кыйкырып.
Бу жаманды Кудай алыптыр,
Көбүрөөк ичип алыптыр
Көтөрүлүп калыптыр.
Думбалап үйгө жапкын деп,
Акылын мунун тапкын деп.
Катын-бала көрүнсө
Карс дедире бир салып,
Чоң баканды колго алып,
Ээлигип жүрөт эриң» – деп.
«Эми тапкын эбин» – деп.
Кайра тартты жүгүрүп,
Абыке келсе күйүгүп,
Чоң бакан тийип чекеге
Кете жаздап Мекеге.
Ала бакан тийип чекеге
Абакең жатат жеке эле.
Эр Бакайды кучактап,
Көзүнү жашы буурчактап.
Абаңдын башын көтөрүп,
Ыйлашты көрсөң көр эми.
Абыке турду кеп айтып
Жалынып турат абаңа.
«Күндүн көзү тийет деп
Күпкөлөдүң нааданды.
Айдын көзү тийет деп
Ардактадың жаманды.
Ушундан көргөн кордугуң
Унуткусуз иш болду.
Байанаттуу күн болсо,
Балаң келип тың болсо,
Өлбөсөң өчүң алаарсың,
Абаке өзүң билерсиң.
Баш көтөргүн аба деп,
Бакайдын башын кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап.
Баштын канын жуушуп,
Бакта коюп буушуп.
Ошондо Бакай кеп айтат:
«Ой, Абыке, кулунум,
Ыраазымын туйгунум,
Баракелде өзүңдөн
Айтып турган сөзүңдөн.
Манас менен кошулуп
Коңурбайдан өлбөдүм.
Очогор тийип окко учуп
Оозумдан кан кусуп,
Ошондо өлбөй не болдум?
Кеткениңди келтирип,
Кемтигиңди толтуруп
Жаңыдан келип мен турсам,
Бул эмине кордугуң?!
Качан болсо көтөрдүм
Как ушундай зордугуң.
Үзүлгөнүңдү уладым,
Жыгылганың жөлөдүм.
Байдан жалгыз мен элем.
Жакыптан мыкты сен элең.
Качан сенден кем элем?!
Кыяматка да чейин
Кылычыңды чапкамын
Кызматыңды тапкамын.
Ошентсем да жакпадым».

Ошону айтып эр Бакай,
Көзүнүн жашы сел болуп,
Көргөн адам дел болуп.
«Кызматым сага татыбай,
Не жаратты бир Кудай».
Ошону көрүп Абыке,
Абаңдын мойнун кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
«Буулуткулуу булбулум,
Үйрөткүлүү кургурум.
Аңылдаган акмактын,
Ушул ишин кечиргин,
Ичиңден кегиң кетиргин.
Көөдөктөгөн көөдөктү
Көтөрүп жүрүп кор болдуң.
Жаманды жакын көрөм деп,
Жаныңа жаман иш болду,
Жалгыз гана туруп мыш болдуң.
Өлбөсөң өчүң алаарсың,
Бул өңдөнгөн нааданды
Өзүң эле билерсиң.
Муну кимге айтасың».
Ошону айтып Абыке
«Ал Семетей канаке,
Бачым алып келсеңчи.
Жалгыз өзүм күтөйүн.
Кырк чорого жетейин,
Баарын бүгүн таратып,
Өзүм конок кылайын,
Жалгыз күтүп алайын».
Ошондо Бакай кеп айтат,
Ой Абыке деп айтат.
«Атаң Жакып куу болду,
Берген ашы уу болду,
Көбөштүн иши бу болду.
Кантип алып келемин.
Кантип жүзүн көрөйүн»?
Ошентип Бакай болкулдап,
Айтып турду солкулдап.
Анда Абыке кеп айтат
«Абаке, кокуй» – деп айтат.
«Урушпас уул болчу эмес,
Уу чылаган оңчу эмес.
Катыгүн аба, нетесиң,
Сен канетип кетесиң,
Минтсең түпкө жетесиң.
Алтын жааны бурасың
Акыретке барганда
Кимде күнөө бар болсо,
Асыл Манас сурасын.
Кимде жаман иш болсо,
Аккелтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!
Арбак урсун, ант урсун,
Ак болоттун даты урсун.
Теги алакан жайчу бата урсун!
Издеп келген мүлкүңдү,
Ачайын сенин күлкүңдү.
Берейин Буурул атыңды.
Кимге айтасың датыңды?
Кең Таласка келтирчи,
Бая Каныкей сындуу капырды.
Эгерде эки болбосун,
Кыргыл чал доңуз оңбосун!
Бузуку болуп азгырды,
Каныкей менен кас кылды,
Ошентип мени жазгырды.
Мени менен тим турбай,
Сени дагы тайгылтты,
Алтын тактан айрылтты.
Аягында тим турбай,
Абаке сени дагы кайгыртты.

Алып келсин шумкарды,
Асылдан калган тулпарды».
Абыке ыйлап мундады.
Ошол турган абакең
«Эмесе макул, куп» – деди.
«Сенин сөзүң эп» – деди.
Аттанып Бакай кетти эми.
Абыке кайра жүгүрүп,
Кырк чоронун кашына
Кайра кирди астына.
«Кырк чоро башы Кыргылым,
Кыйланы көргөн дыңгылым.
Жатасыңбы баарыңар,
Жалпы кулак салыңар!
Ээ, тууган Кыргыл чал,
Кыйла кызык кылдың чал!
Айтканыма кулак сал!
Коңурбайдан кат келди,
Арагы элчи салыптыр,
Аскер жыйып калыптыр.
«Же атышаар жерге келсин» – деп
«Же алгандарын берсин» – деп.
Элчи келди арага,
Эмине айла кылабыз?
Ушундай тийген жарага.
Жайыңарга жаткыла
Үйүңөргө жаткыла!
Мен күтөйүн конокту,
Түгөнгүсүз жомокту.
Түптү калбай жөнөгүн!
Уккан жерден болк этип,
Ар кимиси солк этип,
«Эмесе макул, куп» – дешип,
Абыке сөзү эп» – дешип.
Абыр, шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип.
Мындай узап алышып:
Баары бирдей божурап,
Келе жатат кожурап.
«Ата, кокуй, караңгүн,
Айла кандай болучу?!
Үзүлгөндү улаган.
Жыгылганды жөлөгөн,
Ажыраганды эптеген,
Айтышканды септеген
Абакебиз элде жок.
Асты биздей бенде жок».
Ошентип жобурап,
Кетип барат кобурап.
Как ушинткен кезинде,
Кечки салкын бешимде
Алмамбеттин короосу
Чоң көчөнүн боюнда,
Кырк чоронун жолунда,
Угарсың далай сонунду.
Алмамбеттин Арууке
Түндө жатып түш көрүп,
Түндө түрлүү иш көрөт.
Керели кечке ойлонуп,
«Кимге айтам» – деп толгонуп,
Кырк чоро барат жол менен,
Алда нече ой менен.
Этегин белде түрүнүп,
Арууке чыкты жүгүрүп,
Кырк чоронун алдынан
Кыргыл чалдын кашына
Тура калып астына:
«Кырк чоро башы Кыргыл чал,
Кыйла доор сүрдүң чал!
Далай сонун көрдүң чал!
Түндө бир жатып түш көрдүм.
Түшүмдө сонун иш көрдүм:

Төрт Күлдүн төмөн ченинен,
Төрөлөр өлгөн жеринен,
Чырпык чыкты зыңкыйып,
Чынар болду дүңкүйүп,
Бир бутагы кайкалап,
Күн батышка кайрылды.
Гүлдү булбул жай кылды.
Бир бутагын карасам,
Күн чыгышка кетиптир.
Көлөкөсүн карасам,
Илеге чейин кетиптир.
Алда нече түш көрдүм,
Андан кыйын иш көрдүм.
Ал эмине болучу,
Ал түшүмдү жоручу!
Эп болсо түшүм жоруп кет,
Биздин үйгө конуп кет.
Алтын жака дейилде
Арнап турам кийип кет,
Алты жашар баламды
Эркелетип сүйүп кет!
Алмамбет арстан өлгөнү,
Акыретти көргөнү,
Айылга бирөөң келбедиң.
Же менин арманымды билбедиң.
Ошондо Кыргыл кеп айтат:
«Ой, Арууке!» деп айтат.
Каныкей экөөң тил албай,
Элден чыккан кашкасың,
Айтса тилим албайсың,
Эми жайың кандайсың?!
Түш түлкүнүн богу болучу,
Түштү минтип эле жоручу».
Кылчайбастан Кыргыл чал,
Жолго кирди шылдың чал.
Аруукени карасаң,
Ботодой көзү жылтылдап,
Токтобой мууну калтылдап,
Ажал-өлүм жакындап.
Ээрчиткени Күлчоро,
Эркелетип салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
Ыйлашты көрсөң эми көр.
Мен өңдөнгөн бенде жок,
Мендей шордуу элде жок.
Борой, борой күн жааса
Боз керешке токой жок,
Болушаар менде ногой жок.
Керей, керей күн жааса,
Керешке болор тогой жок,
Кеңешээр менде ногой жок,
Каныкейден не калдым?!
Башыма кыйын иш кылдың!
Түндө көргөн түшүмдү,
Бул өңдөнгөн ишимди
Чечип айткан киши жок.
Же сени менен иши жок.
Арстан төрө ала жат!
Колуң жетсе кошуп ал!
Кокуй, баатыр-ойронум,
Колуң жетсе койбогун!
Асылдарым ала жат,
Алың жетсе тарта жат!
Ай караңгы түн болду,
Аруукенин башына
Акыр заман күн болду.
Андай шордуу ким болду?
Эшигинин алдына
Отуруп калды далдайып.
Ээси ооп калдайып.
Аны таштап коюңуз,
Аз жакында кырк бөрү

Падышанын нөкөрү.
Кабарынан болуңуз.
Ошол элдин ичинде
Эр Ажыбай ойлонуп,
Бара жатат толгонуп,
Кайра тартып кылт этип,
Түшө калып булт этип,
Сийген киши өңдөнүп,
Аруукенин түшүнө
Кайра тартты көөндөнүп.
Жан кишиге көрүнбөй,
Жашынып келди кашына.
«Жакшы көргөн түшүңө,
Оңолгон сенин ишиңе.
Оңдоп айтып берейин,
Айтып берчи түшүңү,
Оңолгон сенин ишиңи».
Ал аңгыча Арууке
Ыргып турду сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып.
Ажыбайын жетелеп,
Ак ордоого бет алып,
Короосуна кийирди.
Атын байлай салды эми.
Отура турган жерине
Олпок коё койду эми.
Аюу талпак алды эми,
Ажыбайга салды эми.
Байтал бээнин бал кымыз,
Баса куюп келди эми,
Ажыбайга берди эми.
Дасторконун салдырып,
Тамак-ашын толтуруп,
Ажыбай экөө отуруп,
Тамак-ашка тоюшуп,
Дуба кылып коюшуп.
Дасторконду жыйганда,
Эми Ажыбай кеп сурайт,
«Түшүңдү айтчы» – деп сурайт.
Арууке түрдүү кеп айтып,
«Мына түшүмдү тыңда» – деп айтат.
Төрт-Күлдүн төмөн ченинен,
Төрөмдүн өлгөн жеринен
Чырпык чыкты зыңкыйып,
Чынар болду дүңкүйүп.
Бир бутагын карасам,
Күн батышка кайрылды
Гүлдү булбул жай кылды.
Бул эмине болучу?
Бир бутагын карасам,
Күн чыгышка кетиптир
Көлөкөсүн карасам:
Иле бойлоп кетиптир.
Бул эмине болучу?
Бу түшүмдү жоручу!
Кең Таластын башынан
Ылдый карай сел келди,
Аягы өөдө өрт келди.
Түндө ушундай дарт келди,
Бул эмине болучу,
Бу түшүмдү жоручу!?
Жана жатып карасам
Эшигимдин алдына
Эки май көл орноду.
Бириндеги чабагы
Бирин көздөй ыргыды.
Өрдөк, чүрөк аралаш,
Ары, бери калкыды.
Ал эмине болучу,
А түшүмдү жоручу!?
Кыбыладан кыркырап,

Кызыл чаар жолборс ыркырап,
А да келди калаага.
Кара чаар жолборс күркүрөп,
Каршы басты алдынан.
Аны көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп.
Эмине кылаар экен – деп,
Элдин баары чуркурап.
Эси чыгып турганда,
Экөө келип көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп.
Как ошентип калганда,
Айраң болуп далдайып,
Элдин баары шалдайып,
Эси ооп турганча,
Ажыдаар сойлоду,
Жаңылбай баарын ойлочу.
Сойлогонун карасам,
Жолу арадай коо болду.
Топурагы тоо болду,
Каарланып ышкырса,
Кандуу суулар бөгөлдү.
Кайратына келгенде
Кара-тоого теңелди.
Арбашына чыдабай,
Алма, жаңгак күбүлдү.
Аны көргөн адамдар
Өз жанынан түңүлдү,
Ал эмине болучу,
Ал түшүмдү жоручу!?
Кара жалдуу көк бөрү
Калаанын ичин жойлоду.
Кара башыл сур жылан
Каршы-терши сойлоду
Как ушуну ойлочу!
Болот кылыч мен таптым,
Үйдөй ташты бир чаптым.
Кылабынан кыйышпайт,
Бүлөсүнөн майышпайт.
Кыңга батпай кыңгырайт,
Колго батпай зыңгырайт.
Ары, бери караса,
Өрттөй болуп кызарат,
Тетири карай шилтесем,
Аркан бою узарат.
Шиберге койсом өрт кетет,
Шилтегени мүрт кетет.
Көөдөнгө урса баш кетет,
Көз ирметпей жаш кетет.
Тултук мүйүз көк бука
Туунун түбүн челиди.
Бул эмине болучу?
Бу түшүмдү жоручу!
Эки түгөй ак шумкар
Үстү жактан тебишет.
Эки түгөй сур тайган
Эшигимде кабышат.
Эки бирдей сулуу кыз
Как төрүмдө алышат.
Ал эмине болучу,
Ал түшүмдү жоручу!?
Тамашалуу түшүмү,
Таап кана айткын ушуну!»
Ал аңгыча Ажыбай:
Өзү мыкты алжыбай,
Жалгаганы бир кудай,
Ойлоп турду бир далай:
Ар убактан бир убак,
Аруукени коруучу.
Алмамбет качып келгенде,
Башында Манастын түшүн
жоручу.

Анын айткан сөзү бул болчу,
Ачуулана келгенде,
Бакайга тете кул болчу.
Ойлоп турду Ажыбай,
Түшүн бузуп алжыбай,
Айтып берди мамындай:
«Баракелде түшүңө
Оңолгон сенин ишиңе.
Он чакты күнү жол жүрүп,
Келе жаткан кишиңе!
Төрт-Күлдүн төмөн ченинен,
Төрөлөр өлгөн жеринен
Чырпык чыкса зыңкыйып,
Чынар болсо дүңкүйүп,
Бир бутагы кайкалап,
Күн батышка кайрылса,
Гүлдү булбул жай кылса,
Бир бутагы кайрылып,
Күн чыгышка кеткени,
Көлөкөсүн карасаң,
Кең Илеге жеткени,
Алдыңдагы Күлчороң,
Алтыдагы жаш ботоң.
Аты кетет Алайга,
Даңкы кетет далайга.
Колу жетет Коконго,
Буту жетет Букарга.
Кылганы жетет Кырымга,
Алымы жетет Урумга.
Чырпык чынар болуптур,
Чымчык учуп конуптур,
Алмамбеттей болуптур.
Арбак башка конуптур,
Анын несин айткандай,
Калың кара ногойдун
Башы ылдый сел келсе,
Аяк өөдө өрт келсе,
Өңүң эмес, түш эмес,
Бул оңо турган иш эмес.
Өрттөй болуп дүрүлдөп,
Семетей келет экен деп,
Селдей болуп күрүлдөп,
Бакай келген экен деп,
Анынды ага болжогун.
Ишиңди Кудай оңдосун.
Эки бирдей жашыл көл
Эшигиңде орносо:
Бириндеги чабагы
Бирин көздөй ыргыса,
Өрдөк менен чүрөгү
Аралашып жыргаса
Олуя-Ата, Букардын
Ортосуна келгени,
Кудай бизге бергени.
Сен ушуну көрүп дегдедиң,
Анын несин айткыдай.
Болот кылыч тапканың,
Үйдөй ташты чапканың
Кылабынан кыйышпай,
Бүлөбүнөн майышпай,
Кынга батпай кыңгырап,
Колго батпай зыңгырап,
Анын келип калганы
Акыр Кудай жалгады.
Уктуң беле карыдан
Уламанын баарынан.
Ушу быйыл мен уктум,
Уламадан кеп уктум,
Көйүстөндө Турумкан
Турумкандан Сары кан.
Ошо келип калганбы.
Семетей менен биригип,

Кошо келип калганбы?
Душман жоого калганда
Аракка салган мурч эле.
Албарс менен болоттон,
Артыгыраак курч эле.
Анын несин айткандай.
Кызыл чаар жолборс кыркырап,
Кыбыла жактан аркырап,
Анын келип калганы.
Акыры Кудай жалгады.
Алдынан тозуп күркүрөп,
Аны көргөн бенденин,
Азат бою дүркүрөп.
Кара чаар жолборс барганы
Кучакташып көрүшүп,
Бирин-бири өбүшүп,
Алардын келип калганы,
Акыры Кудай жалгады.
Алмамбет менен Манастай
Кол кармашып турганы.
Семетей менен Күлчоро
Биригишип алыптыр,
Кудай берип салыптыр.
Анын несин айткандай,
Ажыдаар сен көрсөң,
Сойлогонун карасаң,
Жолу арадай коо болуп,
Топурагы тоо болуп
Каарланып ышкырса,
Кандуу суулар бөгөлүп,
Кайратына келгенде,
Кара-тоого теңелип.
Арбашына чыдабай,
Алма, жаңгак күбүлүп,
Аны көргөн адамдар
Өз жанынан түңүлүп,
Анын келип калганы:
Арстан Манас баатырдын
Арбагы сени колдоду.
Алдам ишиң оңдоду.
Аны боо болжочу!
Кара жалдуу көк бөрү
Калаанын ичин жойлосо,
Кара башыл сур жылан,
Каршы-терши жойлосо,
Как ушуну ойлочу.
Канчоро менен Күлчоро
Как ушул экөө болбосун,
Ишиңди кудай оңдосун.
Тултук мүйүз көк бука
Туунун түбүн челисе,
Туйгун Бакай келиптир,
Ар душманды жеңиптир.
Кудай бизге бериптир,
Анын несин айткандай.
Эки түгөй ак шумкар,
Үстү жактан тебишип,
Эки түгөй сур тайган
Эшигиңден кабышып,
Эки түгөй сулуу кыз
Как төрүңдөн алышып,
Каткырыкты салышып,
Анын келип калганы,
Акыры Кудай жалгады.
Алмамбет менен Чубактын
Арбагы сени колдоду,
Алдам ишиң оңдоду
Аны боо болжочу.
Серек менен Сыргактын
Дагы арбагы келиптир,
Теле Кудай бизге бериптир.
Шаатемирдин Чачыкей,

Кан Акундун Айчүрөк
Кадыр алда жар болуп,
Кылган иши шар болуп,
Кызыр Илияс жар болуп,
Кыздардан өөдө келгени.
Кудайым чындап бергенби.
Мындан калган катасын
Аты Жусуп байгамбар
Ошол жоруп өтсүн,
Айттым сөздүн төтөсүн.
Алаканың көтөр деп,
Ажыбай айтты мындай кеп.
Аруукенин куу сөзүн
Ойлоп турган бу сөзүн.
Анын эстегени Семетей,
Бирге жүргөн немедей.
Ажыбай айтып берген бейм.
Эми Арууке сүйүнүп,
Ыргып турду түйүлүп.
Алтын жака дейилде
Алып келип жапты эми.
Ажыбай түшүн тапты эми.
Калдыраган абаптан.
Алып келип койду эми.
Ылайга тепме манаттан
Жана бирди жапты эми.
Билген сөзүн айтты эми,
Ажыбай үйгө кайтты эми.
Муну таштап коюңуз,
Алиги кеткен Бакайдын
Кабарынан болуңуз.
Томогону коюндап,
Көкчолокту моюндап,
Эр Семеңди бет алып,
Келе жатат кечинде,
Энтелеп Бакай бешимде.
Ал аңгыча эр Семе
Ачуу келип эр неме,
«Ушу Бакай кургурдун,
Өтүп турат кордугу,
Көп кечиккен зордугу».
Аңгыча Бакай келатат,
Эр Көбөштүн алдынан,
Абыкенин айлынан,
Эсен-аман келатат.
Ал аңгыча бир тайган-
Жеңдей болгон сур тайган.
Жетип келди шыйпаңдап,
Семетейге кыйшаңдап,
Оозу, мурдун жаланып.
Эр Семетей ошону
Оңурая карады.
Семетей мындай караса.
Мойнунда алтын каргысы,
Айландыра караса
Адырдан аркар ала албай
Аңы качып калыптыр.
Арыктап жаман болуптур.
Будурдан бугуга жеталбай,
Муңдуу болуп калыптыр.
Аза күтүп Манаска,
Он эки жылы жатыптыр.
Жонуна даакы катыптыр.
Ошо күнү Семетейдин
Муздактан жытын алыптыр.
Бу да келип калыптыр.
Муну көрүп эр Семе
«Бу кандай эрдин ити» – деп,
«Бу каяктан жетти» – деп,
Мууну бошоп турганча,
Буркурап Бакай аңгыча
Келе жатат айкырып,

«Кумайык» – деп кыйкырып.
«Кокуй, балам, не болду,
Акылың кайда жоголду?
Тааныбайсың итиңди.
Энекең каныш Каныкей
«Жазды беле катын» – деп,
«Кумайыктын атын» – деп.
Ошону көрүп эр Бакай,
Оолжуп келет айкырып,
Андан бетер кыйкырып.
Кумайык ошол деген соң
Эр Семетей баатырың
Аттан түшө калды эми.
Кумайыкты кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
Көөдөнүнөн салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап.
Аны көрүп эр Бакай.
Аттан түшүп айкырып,
Манас эми өлгөндөй,
Көчүгүнөн салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап.
Бүркүт алган түлкүдөй,
Көргөн киши күлгөндөй.
Кыямат кайым болгондой,
Кыйла адам өлгөндөй.
Бир буудайдын данындай,
Бир адамдын жанындай,
Ыйлашты көрсөң мамындай.
Акыр заман болгондой,
Астын-үстүн болушуп.
Жумаланып калышып.
Эс алып Бакай кеп айтып,
«Э, кулунум» – деп айтып.
«Ошо күндөн ушу күн,
Көрүнгөнүң так бүгүн.
Адырдан аркар алалбай,
Аңы качып калыптыр,
Будурдан бугу алалбай,
Муңдуу болуп калыптыр.
Муңдуу болгон бу шордуу
Муздактан жытың алыптыр,
Бүгүн келип калыптыр.
Бу да келди кашыңа
Ар тараптан куюлуп,
Арбак келет астыңа.
Мен айтайын жашыба».
Тебетейин алды эми,
Эр Семеңе эңкейип,
Башын тозуп калды эми.
«Абыкеге барганча,
Амандашып алганча
Баягы жаман мыш кылды,
Башыма жаман иш кылды.
Бакан менен сомдоду,
Башымды минтип оңдоду.
Бакан тийди чекеге,
Баятадан мен шордуу
Кете жаздым Мекеге.
Кордук көрдүм жеке эле.
Бакан тийди башыма,
Кан шорголоп кашыма,
Өлүп кала жаздадым,
Өлүмдү өзүм баштадым.
Ушу жерге кулунум,
Сени жалгыз таштадым.
Эми ушунун баары сен үчүн.
Бир Муздактын башынан
Кумайык келди кашыңа.
Каныкей менен Чыйырды
Качып жүрөт сен үчүн,
Бу калың айыл ичинде

Арууке куурайт сен үчүн.
Бу кызматты билбейсиң,
Буркурап турган Бакайды
Сен ойлочу, ким дейсиң»?
Жарасын көрүп эр Семе,
Жаалы жаман келди эми.
«Айтса тилим албайсың,
Эми жайың кандайсың?
Канча айтсам болбойсуң,
Ажал жетип, күн бүтсө,
Андан кантип коргойсуң?!
Эптүүсүнүп болбойсуң,
Эки арамдан оңбойсуң.
Коё бергин өзүмдү,
Эми айтпагын сөзүңдү.
Башыңдагы жараңды
Мага не үчүн көрсөттүң
Абыке, Көбөш арамды.
Коё бергин колумду,
Эми тоспо жолумду!
Сен эми көрүп кана келдиң сонунду!
Как ушинтип күүлөнүп,
Кайраттанып сүйлөнүп,
«Айлына кирип барайын,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Сен көргөндү көрөйүн».
Ошону айтып жүгүрүп,
Атын көздөй түйүлүп,
Атка ыргып минди эми,
Найзаны колго алганча,
Абакең келди аңгыча.
Чылбырынан бек кармап,
«Чунагым токто» – деп кармап.
«Сабырдын түбү сары алтын,
Ээ садагаң кетейин,
Сабырлык менен жеңейин.
Кана Бакай өлгөнүм,
Караңгы жайды көргөнүм,
Дагы аман келгемин.
Аргын, кыргыз элинди
Аралап келдим Бээжинди,
Уккун менин кебимди!
Ушул элдин ичинен
Ак ниетин билгенмин,
Анан тирүү келгенмин.
Абыке мыкты кул экен,
Ажыбай артык уул экен.
Сабырдын түбү сары алтын,
Ээ садагаң кетейин
Сабырлык менен жетейин».
Жүргүн атка минели
Тетиги малды көрдүңбү?
Аралап боо кирели.
Чымындыктай сарала,
Чыйырчыктай карала
Алмамбеттин малы эле.
Ушул Мажик чоро колунда
Айтам далай сонунда.
Анын тыяк жагында
А береги көрүнгөн,
Кара буурул калың мал
Андан сонун жылкың бар.
Билериктүү сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы
Анын баары сеники.
Ушу жаткан жылкыңды.
Аралап кирип баралы,
Бирин кармап алалы.
Кумайыктын алдына
Ичин жарып салалы.
«Эмесе макул, куп» – деди,

«Ушу сөзүң эп» – деди.
Атка минип алышып,
Экөө келет жарышып,
Тескей тоону түптөшүп,
Семизин карап тиктешип.
Карды салык кара бээ,
Как алдына келгенде,
Качырып барып эр Семе,
Куйругунан алды эми.
Тегеретип салды эми.
Бакай баса калды эми,
Башын кесип салды эми.
Куран окуп мууздап,
Ишин кылып дурустап.
Ичин жарып салды эми,
Ошондо Бакай кеп айтып,
«Ээй, Кумайык» – деп айтып,
«Ошол күндөн ушу күн,
Сенин көрүнгөнүң так бүгүн.
Ар кимибиз ар жерде,
Адашып жүрдүк тар жерде.
Белсенишип жүрүшчү
Кезегибиз келиптир.
Бээни союп, эт жешчү,
Эсебибиз келиптир.
Төбөбүзгө тийүүчү
Айыбыз келип калыптыр.
Төмөн кеткен Семетей,
Байыбыз келип калыптыр.
Маңдайыңды ысытчу,
Күнүбүз келип калыптыр,
Букар кеткен Семетей,
Инибиз келип калыптыр.
Айткан сөзүм угуп тур,
Даакыңдын баарын таштагын
Менин айлым билесиң:
Анан айылды көздөй баштагын.
Бул айтканым билбесең,
Как ушуну кылбасаң,
Асыл Манас төрөмдүн
Арбагына тапшырдым.
Колу менен эт берген,
Оозу менен сүт берген.
Кыяматка да чейин
Кадырымды билет деп,
Бир кылчайып келет деп,
Кызмат кылган Каныкей,
Ошонун уулу Семетей.
Ойлоп тургун Кумайык,
Эми ушу жерге жаткын – деп,
Биз качан будан чыкканда,
Арт жактан кууп жеткин деп.
Абакең Бакай кеп айтып,
Аттанып жолго салды эми,
Кумайык анда калды эми.
Эр Семеңди ээрчитип,
Абыкени бет алып,
Экөө келе жатыптыр.
Ал аңгыча Абыке
Этек-жеңин түрүнүп,
Эбелектей түйүлүп,
Эр Бакайды көргөндө,
Ээрчиткени Семетей,
Экөө кирип келгенде,
Абыке турду түйүлүп,
Астын тозо жүгүрүп,
Баланы көрүп сүйүнүп.
«Коңурбайдын элчиси,
Уят болуп калабыз.
Өңгөң ары тургула.»,
Алдын тозуп ат алып,
Абыкени көргөндө,

Адептүү молдо эр Семе,
Тил дегенде дилгирген,
Семетей түрдүү тил билген.
Адеп колду бергиче,
Кучактай калды аңгыча.
Абыке минтип кеп айтып,
«Айланайын кулунум!
Сени көрбөй курудум
Курганым эмей неткеним.
Бузукунун айынан
Букарга качып кеткениң?
Кара сууну бааналап,
Кара жаның калкалап
Камышка бир ай курудуң.
Ушу күндө ойлонуп,
Акылым кетип турумун.
Эгерде эки болбосун,
Кыргыл чал какбаш оңбосун.
Алтын жааны бурасын,
Акыретке барганда
Асыл Манас сурасын.
Кайыпкандын шаарына
Качырып ийип кас кылып,
Маанайыңды бас кылып.
Күйөргө тууган аз кылып,
Күйүтү өттү кулдардын.
Темир кандын шаарына
Тентитип ийди кулунум,
Сени көрбөй курудум.
Кудай бардыр Кыргынды
Качан болсо чыр кылды,
Түгөнгүсүз ыр кылды.
Кеткеним эми келгенде,
Кемтигим жаңы толгондо
Эми арманым жок болдум,
Эсим ооп токтолдум».
Ошенетип салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап.
Көрпө ичигин силкинип,
Көзүнүн жашын иргилтип,
Мына ошенетип турганда,
Абакең Бакай кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып.
«Ой, Абыке» – деп айтып,
Анетип куурап ыйлаба,
Жаныңды бөөдө кыйнаба!
Жан бүткөндүн баарысы
Жакшымын деп ойлогон,
Жасагандын буйругу
Жазадан башка болбогон.
Ыйлагандан байда жок,
Айткан менен айла жок
Булут минсең жетпейсиң
Мурункунун наркына.
Канча ыйласаң барбайсың
Баатыр Манас наркына.
Шамал минсең жетпейсин,
Сандыргалуу төрөңө,
Алда Кудай тааланын,
Ар салганын көр эми.
Андан көрө Абыке,
Сыйнатыңды кыл эми.
Көзүңүн жашын тый эми».
Ошону угуп көкжалың,
Көзүнөн чыгып от жалын.
Ыраазы болду Бакайга,
«Буулуткулуу бууданым,
Ыраазымын тууганым!
Баракелде өзүңдөн,
Эми тойдум сөзүңдөн».
Бир талайга ыйлашып,
Жанын бөөдө кыйнашып.

Алтындаган чатырга,
Ал Семетей баатырды.
Алып жөнөп келди эми.
Абакең баштап келди эми,
Алтын такка мингизип,
Абакеңди киргизип,
Эр Абыке лыпылдап,
Кызмат кылып шыпылдап,
Жүгүрүп гана жүрөт тыпылдап.
Эриккенче эт берип,
Кардыкканча кант берип,
Суусаганча бал берип,
Казы менен жал берип.
Кымыз менен чай берип,
Ар тамагын жай берип,
Түн ортосу болгончо,
Жылдыз көккө толгончо,
Үзүр-мазир кеп айтып,
«Ой, Абаке» – деп айтып,
«Бул алыстан келген балага
Сен экөөбүз садага!
Бул уйкусун алсын» – деп,
«Абаке, сен да калгын» – деп
«Мейлиң чырым эткин» – деп
«Мейлиң чыгып кеткин» – деп.
Мейлиң кошо жаткын» – деп
«Мен да үйүмө кетейин,
Аз гана чырым этейин,
Эртең менен келейин.
Акылды саа берейин.»
«Эмесе макул, куп» – деди
«Ушу сөзүң эп» – деди.
Абыке кетти үйүнө
Абакеңиз эр Бакай
Ыргып турду ордунан,
Ишенбеди сөзүнө,
Абыкенин өзүнө.
Ак сакалын таранып,
Эки жагын каранып.
Эрди, башын жаланып
Атын жөө жетелеп,
Уктап атса мекелеп,
Айылдын четин чекелеп.
Оодугун чыгарып,
Жетелеп атын откоруп,
Абакең жүрөт токтолуп.
Баарын таштап коюңуз,
Баягы кеткен Абыке
Кабарынан болуңуз.
Көз илинип кеткенде,
Жаңы чырым эткенде,
Абыке жаман түш көрүп,
Алда нече иш көрүп.
Абай кылып караса,
Жазайыл мылтык жаңырып,
Койчагыр үнү чаңырып,
Замбирек үнү күркүрөп,
Аны көргөн Абыке
Азат бою дүркүрөп.
Ыргып турду солк этип,
Эт жүрөгү болк этип.
Ушу кандай түш болду,
Катуу багыт иш болду,
Эми бул не деген түш болду?!»
Мууну кетти калтылдап,
Көзү ачылды жалтылдап,
«Ажал келип калганбы,
Аманат жанга жакындап»,
Ошону ойлоп Абыке,
Кийим-тонун кийинип,
Жаратканга сыйынып,
Жаткан жерден турду эми.

«Аккелтесин алайын,
Мен колума салайын.
Аманатын берейин,
Анан кайтып келейин».
Өз алдынан кылтылдап,
Аккелтеси чыртылдап,
Керегеге урунуп,
Аны көрүп Абыке
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып солк этип,
Жулуп алды колуна
Мындай карап оңуна.
Ак албарсты караса:
Кылыч кында кыңгырап,
Кынга батпай зыңгырап,
Ак жыландай ышкырып,
Андан бетер ышкырып,
Эки колго алды эми.
Энтелеп жөнөп калды эми,
Эр Бакайдын астына
Энтелеп жетип барды эми.
«Айланайын аба» – деп,
«Аманатың мына» – деп.
Мен Абыке иниңиз-
Көрөөр менин күнүңүз,
Аманатың алыңыз,
Сөзгө кулак салыңыз!
Көз илинип кеткенде,
Жаңы чырым эткенде
Теле жаман түш көрдүм,
Нечен сонун иш көрдүм!
Жазайыл үнү жаңырат,
Койчагыр үнү чаңырат.,
Замбирек үнү күркүрөп,
Аны көрүп иниңдин,
Азат бою дүркүрөп.
Мына эми алдыңа келдим
буркурап.
Бу түшүмдү жоручу!
Бул эмине болучу?
Омуроом бастыгат,
Күрөөкө-соот кийгендей,
Көкүрөгүм демигет,
Мылтык огу тийгендей.
Маңдайымдан карасам,
Тер аралаш суу чыгат,
Кулагымдан басылбайт,
«Кан Манас!» деп чуу чыгат.
Мына Бакай мылтыгың,
Барбы менин кынтыгым?!
Абаке мына кылычың,
Алып ичиң жылысын».
Семетейге кеп айтып,
«Алгын мына мүлкүңдү,
Ачкын эми күлкүңдү.
Аралап көргүн жылкыңды.
Жамандыкка жоробой,
Жалгызы да коробой,
Жайнап жаткан малыңды.
Жаман кылба жанымды.
Арбак мени коркутуп,
Жаман кылды түшүмдү,
Келтирбегин үшүмдү»
Ошону көрүп эр Семе.
Ордунан тура келди эми.
Аккелтесин көрдү эми,
Оозунан өөп салды эми.
Ошондо Бакай кеп айтат:
«Мунун жайын сурасаң
Ыраак, жуук ылгабас,
Ыңгай-туура тандабас.
Кээде аты Алмабаш.

Мунун жеңил аты Аккелте,
Алчу болсоң мүлк эле.
Мына мобу Акалбарс,
Түнүчүндө суурсаң,
Өрт-жалындай кызарган.
Тетири карай шилтесең,
Аркан бою узарган.
Мына сенин кылычың,
Алып ичиң жылысын.
«Алтын жааны бурасын,
Акыретке барганда
Кимде күнөө бар болсо,
Атаң Манас сурасын.
Алдың эми мүлкүңдү,
Ачып кара күлкүңдү».
Деп, ошентип кеп айтып,
Абыке карап турду эми.
Ошондо Бакай кеп айтып,
«Ой, Абыке султаным,
Эмине мынча муңкандың?
Баракелди түшүңө,
Түндө көргөн ишиңе!
Кең Букардан жол тартып,
Келип турган кишиңе.
Кудайдын кылган иши эле,
Бул Семетей балабыз
Качып кеткен куш эле.
Теңирдин кылган иши эле,
Бу тентип кеткен киши эле.
Эми келди өзүңө,
Көрүнүп турат көзүңө,
Ыраазы болдум сөзүңө.
Эр көңүлү куш болуп,
Эр Семетей баш болуп,
Ар душманың таш болуп,
Бээжинге барар иш болсо,
Карагай найза боолашып.
Кадимкидей жоолашып,
Кандардын кунун доолашып,
Казат кылат экенбиз.
Карып жанды тозоктон,
Азат кылат экенбиз.
Бээжиндеги капырга
Казат кылат экенбиз,
Мелтиреген тозоктон
Азат кылат экенбиз.
Дуулдаган кытайга
Жүрүп казат кылабыз,
Дүркүрөгөн тозоктон,
Жанды азат кылабыз.
Же болбосо кытайдан
Очогор түйүп, окко учуп,
Ооздон кызыл кан кусуп,
Ойрон болот экенбиз.
Анын несин айткандай.
Арбак конуп, ат алып,
Темир кандан бата алып,
Жүрөр жолун жат алып,
Таласка келген бул болсо,
Манастан тууган кул болсо
Кантип барбай коёлу?
Далайдын көзүн оёлу»!
Ушуну айтып эр Бакай,
Как ушуга болжоду.
Ичинде Бакай оңбоду.
Алакан жайып, кол ачып,
Алооакбар! деп айтып.
Бата кылып жиберди.
Ошо бойдон Абыке,
Жаратканга сыйынып,
Үйүн көздөп сүйүнүп,
Чыканактап таянып,

Бир азыраак жай алып
Жатып калды кылт этип,
Бир азыраак селт этип.
Аны таштап коюңуз,
Абакеңиз Бакайдан,
Кабарынан болуңуз.
Бала төрө эр Семе,
Ак албарсын алды эми.
Ажайыпка калды эми.
Каныкейдин кагазын
Койнунан сууруп алды эми,
Катка көзүн салды эми.
Окуп, окуп отуруп,
Аягына келди эми.
Ошондо Семең кеп айтып,
«Ой, Абаке» – деп айтып.
«Кадемиң каткан Каныкей
Күнүн чукул жазыптыр,
Он беш күнгө толуптур.
Кетээр убак болуптур.
Жыйырма күндө барбасам
Өзү бейжай киши экен
Энекем жаны өлбөсүн,
Бейиштин жүзүн көрбөсүн.
Эми карап турбасын,
Ажал жакын убагың.
Атың кайда минейин,
Анан жолго кирейин.
Тонду мурун кийгемин,
Тобокел деп жүргөмүн.
Жүрү Абаке, жол башта,
Бөлөк кепти сен ташта.
Эми он күндө жетпесем,
Энекеме кетпесем,
Бейжай энем өлбөсүн,
Бейишиңди көрбөсүн!
Тайбуурулду табалы,
Анан жолго салалы.
Эртеликте кетейин,
Энекеме жетейин».
Араң жүргөн эр Бакай
Ыраазы болду Кудайга
Ээрчип жүргөн далайга.
«Эмесе макул, куп» – деди,
«Бу сөзүң сенин эп» – деди.
Атка минип алышып,
Экөө чыкты жарышып,
Жан кишиге көрүнбөй,
Жашынып жөнөп калышып,
Абыке муну билбеди,
Кайта кеңеш кылбады.
Ошо бойдон калды эми,
Оолугуп жолго салды эми.
Тайбуурулду бет алып,
Талааны көздөй жөнөдү.
Эр Көбөштүн коргонго,
Каныкейдин ордого,
Жандап өтүп барды го.
Абай кылып караса
Ак ордодон үн чыгат.
Саңоор жүнүн үрпөйтүп,
Асманды карап чаңырат.
Акшумкар үнү жаңырат.
Канаттуу аңдын баарысы
Астына келип чогулат.
Аны көрүп Бакайдын
Жүрөгү оозго тыгылат.
Жүргүн ботом баралы,
Акшумкарды алалы,
Анан жолго салалы.
Уялаш үнүн уккандай,
Убара болуп калыптыр».

«Акшумкар мында» – деген соң,
Бура тартып алышып,
Каныкейдин Аксарай-
Каалгасы сом калай,
Каңгыраган чоң сарай,
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Абакең түрдүү кеп айтып,
«Ак ордоң ушу» – деп айтып.
Бул азыр Акылайдын ордосу
Каныкей шондо бап болчу,
Чындаганда ичине
Төрт жүз киши батуучу.
Төр жагында энекең,
Төрөсү менен жатуучу.
Эпчи жакка Тазбаймат,
Эт бышырып жатуучу.
Оң жагына кырк чоро
Оюн куруп жатуучу.
Ногой, шыгай бириксе
Ушул үйгө батуучу.
Чамгарагын карасаң,
Темир, алтын тээктүү,
Жабыкбашын карасаң,
Төрт эли кундуз жээктүү.
Ичин кызыл сырдаган,
Тышын аппак бордогон.
Керегесин келтирген,
Кертип алтын чөгөргөн.
Ууктарын учтаган,
Учуна манат тыштаган.
Күмүш менен көктөгөн
Алтын менен бөрктөгөн.
Кош каалга чаптырган,
Бордоп кийиз жаптырган,
Көргөн адам жактырган.
Энекеңдин ак ордо,
Ээн турат көрдүңбү?
Абыке, Көбөш ээледи,
Кантип кирем үстүнө».
Ушуну айтып эр Бакай,
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Аттан түшө калышып,
Экөө басып барышып.
Эңкейип үйгө кирди эми,
Ээрчишип барды эми.
Очогунун кашында
Уктап жатат эр Көбөш,
Акылы жок кем Көбөш.
Шоорук кандын Акылай
Журттан чыккан капыр ай,
Чайын куюп шыпылдап,
Кызмат кылып лыпылдап
Турган экен ошондо.
Эр Бакайды көргөндө,
Ыргып турду түйүлүп,
Көшөгөгө жүгүрүп.
Абакеңиз эр Бакай,
Эки жагын каранып,
Эрди, башын жаланып.
Ээн калган Акшумкар
Турган экен чаңырып,
Үнү чыгып жаңырып.
Ошондо Бакай барды эми,
Боосун чечип алды эми.
Оң колуна кондуруп,
Абакең сылап отуруп,
Оң мүрүүнөн өптү эми.
Абырактуу эр Семе
Ак ордого кирди эми.
Айланасын көрдү эми.

Көңүлү кетти бузулуп,
Көөдөндөрү кысылып.
Кем Көбөштү караса
Төшөктөн башын көтөрбөй,
Жаткан экен далдайып,
Кечээки бойдон шалдайып.
Акылайды ойлонуп,
Эр Семетей толгонуп,
Көшөгөнү көтөрүп,
Бер жагынан жөтөлүп,
Акылай эне, аманбы?
Алдыңа келген балаңды.
Таанып кара өзүмдү,
Бери салгын көзүңдү.
Тентип жүрүп мен келдим,
Сени көрүп сенделдим.
Качып жүрүп мен келдим,
Кабарың угуп сенделдим.
Келе бери колуңду,
Оңдосун Кудай жолумду.
Тентип жүргөн Семеңди»
Эми көрдүм энемди.
Таанийсыңбы энеке
Мен өңдөнгөн кебеңди.
Колун сунуп эңкейип,
Эр Семетей турду эми.
Чыбыктай болуп зыңкыйып.
Тегерек ооз тек турбас,
Теги жаман киши экен.
Оозу, мурду чүйрүндөп,
Тегеренип бүйрүндөп,
Сологой колун сунду эми.
Семетей аны көргөндө,
Күйбөгөнү күл болуп,
Көргөн иши бул болуп.
Чыйрыккан бою жазылбай,
Чындаган ачуу басылбай.
Каалгадай кашка тиш
Как оозунда кабышып,
Кармап колу жабышып.
Колундагы кош шакек,
Сол колуна батты эми,
Катуу кармап өттү эми.
Ойрон болгон Акылай,
Оңкосунан кетти эми.
Дарайыдан дамбалга
Даркырата сийди эми.
Бүлдүркөн ала көйнөккө
Бүркүрөтүп ийди эми.
Кокуй аба кетебиз,
Мында туруп нетебиз?
Келиниң менен куруп кал!
Теги жаман ит экен,
Ушуну бүлө болот деп,
Теги Манасың жаман киши экен.
Кудайдын кылган иши экен.
Көбөш каның бул болсо,
Кылган иши ал болсо,
Ушундан Бакай качканың,
Акылыңдан шашканың
Өзүң жаман экенсиң.
Эми жүргүн абаке,
Тайбуурулуң канаке?!»
Экөө чыкты эшикке,
Акшумкарын шаңшытып,
Абырактуу эр Бакай,
Атка минип алышып.
Акшумкарын талпынтып,
Аксакалын жаркытып.
Каздай мойну койкоюп,
Кадимкидей болпоюп,
Шумкар алып колуна,

Шумкар салды соңуна,
Абаң кирди жолуна.
Жыбырдагы жылгага,
Чыкты Бакай көрмөккө.
Тайбуурул кармап минмекке.
Билериктүү сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы,
Бириндеп жатат жолунда.
Баарын Семең караса
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез канат.
Күлүктөрү мындан көп,
Кулактары бир карыш,
Куйруктары бир кучак
Баарын бирдей караса,
Кара буурул Тобурчак.
Абакеңиз эр Бакай
Жолго тартып барды эми.
Жолум үйдүн жанында
Укуругун алды эми.
Желип, жортуп эр Бакай,
Желесинен өттү эми.
Камбарбоздун үйрүнө
Кайра тартып келди эми.
Айта берсе дүң болгон,
Камбарбоз үйрү миң болгон.
Ошол жылкы ичинде,
Тетиякы четинде
Турган экен Тайбуурул.
Абакең таанып жетти эми.
Асыл Манас өлгөнү,
Акыретти көргөнү
Аны киши минбеген,
Сырын адам билбеген.
Кармайм деген адамдар,
Тегеректеп баргандар
Тээ бирине карматпай,
Кулан менен аралаш,
Кумга чөгүп кетүүчү,
Боо кандай адам жетүүчү.
«Дагы келген экен» – деп,
Бу турганым бекер – деп,
Куйруктарын көтөрүп,
Дагы качты талаага.
Абакеңиз эр Бакай,
Айгай салып айкырып,
Тайбуурул! – деп бакырып,
«Тааныбайсың абаңды.
Баякы шордуу бабаңды.
Кан ээң келди кантесиң.
Каякка качып кетесиң,
Минтсең түпкө жетесиң».
Ошону айтып эр Бакай,
Артынан келет кыйкырып,
Ошону угуп Тайбуурул
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Кайра тартып муңайып,
Буурул ат келди буралып,
Семетей көрүп кубанып.
Абакең түшө жүгүрүп,
Мойнунан келип кучактап,
Семетейди кылчактап.
Ал аңгыча эр Семе
Аттан түшө жүгүрүп,
А да жетип келди эми.
Маңдайынан сүйдү эми.
Урумга кеткен Семетей,
Урумдан ашкан Тайбуурул,
Ушу бүгүн туш болду.
Башка сыймык куш конду.
Минем деген Кыргыл чал,

Мына ушинтип мыш болду.
Буурул ат менен көрүшүп,
Мурдунан экөө өбүшүп.
Ары-бери караса,
Айландыра санаса,
Карап калса сүмбөдөй,
Жүгүргөнү бүргөдөй.
Көчүгүнөн караса,
Түрүп койгон эшиктей.
Көкүрөктөн караса,
Бала өңөргөн бешиктей.
Мурундарын караса,
Суусарга койгон күбөктөй,
Ар мүчөсүн караса,
Ак кагазда сүрөттөй,
Моюндарын караса,
Сууда жүргөн чүрөктөй.
Бачайыдай буурул ат,
Чапса колдон суурулат.
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Жарашыктуу жаныбар,
Андай кимдин малы бар?
Төрт туягы чарадай,
Чоң семирип калыптыр.
Боорунда казы баладай.
Мойнунда жалы дөңгөчтөй.
Качан болсо Тайбуурул,
Соорусун күнгө актаган,
Качан келсе минсин деп,
Семетейге сакталган.
Атын көрүп сүйүнүп,
Алдасына сыйынып,
Абакеңиз эр Бакай,
Алды-артын жыйынып.
Буурул атын токуду,
Булбул болуп окуду.
Буурул атка мингизип,
Буулум тонду кийгизип,
Найза колдо койкоюп,
Абакеңиз болпоюп,
Атка минип койкоюп
Алдына жөнөп калды эми.
Буурул минип шаркылдап,
Буулум кийип жаркылдап.
Абакең баштап шартылдап,
Аксакалы жаркылдап.
Кылычы кында кыңгырап,
Буурул ат менен зыңгырап,
Колдо шумкар куш болуп,
Абыке, Көбөш мыш болуп,
Ар-бир ишке туш болуп.
Тайбуурулдай күлүктүн
Басыгына көндүрүп,
Жоргосуна төндүрүп.
Алты мүлктүн баарысын:
Бирин койбой алышып,
Жолго чыгып алышып.
Аны таштап коюңуз,
Алиги жерде кем Көбөш,
Кабарынан болуңуз.
Шоорук кандын Акылай
Журттан чыккан капырай.
Эшикке чыга жүгүрүп,
Кайра кирди күйүнүп,
Алакандан чаң чыгып,
Ыйлап көздөн кан чыгып:
«Кокуй, жаман өлсөңчү!
Өлүгүңдү көмсөмчү!
Бул эмине кордугу,

Өтүп кетти зордугу!
Минип кетти атыңы,
Кимге айтасың дартыңы?!
Алып кетти кушуңду,
Кимге айтасың ушуну?!
Жаман арам, жатпай кал!
Минтип акыл таппай кал!
Чаап кетти элиңди,
Таап кетти эбиңди,
Сындырып кетти белиңди.
Жатасыңбы жанбаштап?
Турбайсыңбы түн баштап,
Коппойсуңбу кол баштап?!
Жүрбөйсүңбү жол баштап»?!
Ал аңгыча кем Көбөш,
Ыргып турду айкырып,
«Тору айгырды алып кел,
Токтогул! деп кыйкырып.
Эшикке чыгып караса,
Абакеңиз эр Бакай,
Асабасы желпилдеп,
Аксакалы селпилдеп,
Алдына баштап алыптыр.
Тайбуурулду аргытып,
Артына чаңын бургутуп.
Семетей келет артынан.
Ал экөөнүн дартынан,
Күйбөгөнү күл болду.
Көргөн иши бул болду.
Ичи бышып чок болду
Мындай кордук жок болду.
Ал аңгыча тор айгыр,
Өзү күлүк зор айгыр.
Аккуланын агасы:
Камбарбоздун баласы,
Кай жеринде чаласы?
Өзү күлүк байталман.
Күлүктүгү шайтандан.
Артыгыраак мал эле.
Айгыр минип алактап,
Ар жагынан шалактап,
Ала бакан колго алып,
Жайдак минип далактап.
Бакырып жөнөп калды эми.
Туйгун жаткан адамды.
Чакырып жөнөп калды эми
«Жоо качты» – деп кыйкырып,
Жолго кирди айкырып.
Добулбасты ургун деп,
Токтогулга кеп айтып,
Эр Бакайдын артынан
Ээлигип келет эр Көбөш,
Торайгыр менен алкынтып,
Ээлигип келет кем Көбөш.
Ал аңгыча Токтогул
Добулбасты бир салып,
Топ мылтыгын бир алып,
Ойдогу эли буркурап,
Ногой, шыгай чуркурап.
Падышасын кырк бөрү,
Баары бирдей нөкөрү.
Э, дегенде, ме деген,
Жоо дегенде жатпаган.
Адис болгон кырк бөрү,
Падышанын нөкөрү.
Аттанып алып жөнөдү.
Эр Көбөштүн артынан,
Жолго түштү шоодурап.
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей.

Алалуу желек сыр найза
Абырактуу көйкашка.
Жазайыл мылтык жаңырып,
Койчагыр үнү чаңырып,
Кошулуп жөнөп баратыр.
Замбирек үнү күркүрөп,
Аны көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп.
Казак, кыргыз баарысы
Катары менен чуркурап,
Аламан жөнөп алышып,
Арт жагынан жарышып.
Чаң асманга созулуп,
Чакчелекей кошулуп.
Ал аңгыча кем Көбөш,
Алакөөдөн эр Көбөш,
Астындагы Торайгыр,
Өзү күлүк зор айгыр
Азыр кирип келди эми.
Ал аңгыча эр Бакай
Семетейге жанашып,
Аккелтени талашып.
«Келе бери мылтыгың,
Барбы менин кынтыгым?
Көрүнөйүн көзүнө
Бир түшөйүн эсине.
Кысталакка жетейин,
Кыйык атып өтөйүн.
Келе бери найзаңды,
Качан көрөм байдаңды?
Тозуп туруп жаманды
Как жүрөккө малайын,
Өчүмдү бүгүн алайын».
Ал аңгыча болбоду,
Алдам ишин оңдоду.
Аны таштап коюңуз.
Акылдуусу Абыке
Кабарынан болуңуз.
Ошо кезде Абыке
Уйку-соонун ортодо,
Уктап жаткан жеринде,
Жазайыл үнү жаңырып.
Замбирек үнү күркүрөп,
Аны угуп Абыке
Азат бою дүркүрөп.
Элдин баары чуркурап,
Айлынан өтүп баратат.
«Кудай урган экен» деп,
«Бу жатканым бекер» – деп.
«Бая жаманды Кудай алганбы?
Иш бузулуп калганбы?
Баякыдай кылганбы?
Келе бери тонумду,
Көрдүм далай сонунду.
Алым, Бөкө алып кел!»
Ошону айтып жүгүрүп,
Эшикке чыгып түйүлүп,
Мамыдагы Суртелки-
Байлоодогу кур телки
Турган экен ийиктей,
Жараганы кийиктей.
Ээрин келип токуду.
Элдин кебин тыңшаса,
«Жатасыңбы Абыке!»
Жоо качтылап кыйкырып,
Кетип барат айкырып.
Аны көрүп Абыке,
Күйбөгөнү күл болуп,
Бышпаганы чок болуп,
Мындай кордук жок болуп.

Суртелкиге минди эми.
Сууруп кылыч колго алып,
Кырк чоронун тушунан
Кыя тартып келди эми.
Кыргыл чалга кыйкырып:
«Эй, кысталак Кыргыл чал!
Далай шылдың кылдың чал.
Сени, саа кылбасам,
Ак сакалың жулбасам.
Сакалың жулуп искектеп,
Жол үстүндө бишкектеп,
Теги сени сойбосом,
Эки көзүң ойбосом.
Өз атын өзү минди деп
Бул эмине деген кеп!
Ал Семетей карачы!
Абакеңиз эр Бакай,
Атка минип эрбейип,
Найза кармап сербейип,
Ал өңдөнгөн балага
Сен экөөбүз садага!
Сенин тилиң алам деп,
Сени менен барам деп,
Ошондон бери көрбөдүм,
Ушу бүгүн көргөнүм!
Теги саа кылайын,
Сакалыңды жулайын».
Качырып келип жетти эми.
Кабыргага келтирип,
Найза менен нетти эми.
Бир сайгандан чыгарбай,
Көмө коюп кетти эми.
Алиги Көбөш артынан
Жана Абыке лыпылдап
Жетип келди лыкылдап,
Бери жагында Ажыбай
Кыргыл чалга жетти эми.
Кыргыл чал жатат кыркырап,
Жалынып ийди зыркырап,
«Чалгынды бирге чалыштык,
Жылкыны бирге алыштык,
Кай жерде көңүл калыштык.
Белге саадак бууштук,
Бээжинден жылкы кууштук,
Бир туугандай тууштук,
Кай жерде көңүл сууттук?!.
Тоорулду бирге тоорuштук,
Бууданды бирге жооруттук,
Кай жерде көңүл оорuштук.
«Кечээ эле айттым өзүңө,
Көтөрүлгөн сөзүңө.»
Мындан кийин Кыргыл чал,
Көтүңдү кыс, шылдың чал!
Атка минип аскерди
Токтотоорго кез келди.
«Эми атыңа мингин» – деп,
«Эсиң болсо билгин» – деп.
Ажыбай атка мингизип,
Кыргыл чал экөө кыйкырып,
Колдун баарын токтотуп.
«Койгула, журтум койгула!
Тилекти Кудай бериптир,
Семетей, Бакай келиптир.
Жооң кайда нетесиң,
Бөөдө өлүп кетесиң.
Абыкеден кеп угуп,
Семетей келди деп угуп.
Элдин баары дуулдап,
Кайра тартты чуулдап.
Баарын таштап коюңуз,

Баягы келген Абыке,
Кабарынан болуңуз.
Эр Көбөштүн соңунан,
Кем Көбөштүн артынан,
Как ушунун дартынан,
Кылычын колго алды эми,
Кыя тартып келди эми.
«Ата, Кудай алган жаман» – деп,
«Жаман сени жарам» – деп.
«Өз атын өзү минди» – деп,
«Өз тонун өзү кийди» – деп,
Бул эмине деген кеп?!
Акылынан шашты деп,
Атын мине качты – деп,
Арт жагынан кууганча,
Андан көрө өлсөңчү!
Казак, кыргыз чогулуп,
Кадимкидей кеп болот.
Анан кимдин сөзү эп болот?!
Ошону айтып Абыке,
Кылычтын сырты менен
чапты эми,
Как чекеге какты эми.
Кагып өтүп кетти эми,
Жандай түшүп жүгөнүн
Жулуп алып кетти эми.
Торайгырды соорулап,
Кайра кууп жөнөттү.
Үйүрдөгү Торайгыр,
Үксөңдөгөн зор айгыр,
Ала качып жөнөлдү.
Баканы колдон кетти эми,
Ажалы минтип жетти эми.
Ыйык жалдан бек кармап,
«Оңбо, Абыке» – деп кармап,
Эки көзү коюлуп,
Куйрук эти оюлуп,
Адыр-чыбыр жер келсе,
Ала качып аңгырап,
Кишенеп алып заңгырап,
Чоң желенин башына
Көрө коюп ошондо.
Төңкөчүктүү төр менен
Өөдө, ылдый жер менен
Чоң желенин башына
Барып турду лык этип,
Үстүндөгү кем Көбөш
Кара жерге лык этип,
Казыкка келип капталы,
Катуу тийип калды эми.
Кабырганын эки-үчөө,
Ошо жерде сыныптыр.
Кагын ооруп калгандай,
Кан түкүрдү кем Көбөш,
Катын-бала чуулдап,
Как үстүнө дуулдап,
Ак кийизге салышып,
Так көтөрүп алышып.
Оозунан кан кусуп,
Чекеден канын тамызып,
Көзүнүн жашын агызып,
Көтөрүшүп алышып.
Маңдайынан кан кетип,
Өлөр-өлбөс жан жетип.
Жатып калды үйүнө.
Аны таштап коюңуз.
Алиги кеткен эр Бакай
Кабарынан болуңуз.
Абыке келет айта албай,
Бир сүйлөшүп кайта албай.

Эки буту тепеңдеп,
Эми качан жетем деп.
Абакелеп айкырып,
Абыке келет кыйкырып.
Таластын суусун өрдөшүп,
Келе жаткан кезинде
Эки тоонун урунуш,
Эки суунун бурулуш,
Капчыгайдын бурулуш.
Как ошо жерге жеткенде,
Калкылдаган эл менен,
Как ушунча кол менен,
Келе жатат жол менен.
Караса Жакып көрүндү.
Аны көрүп эр Бакай
Эми жандан түңүлдү.
«Айтсам тилим албайсың,
Ээ түгөнгөн жетим кул!
Эми жайың кандайсың!
Келе бери найзаңды,
Качан көрөм байдаңды.
Келтирейин кезине
Көрүнөйүн көзүнө.
Бир түшөйүн эсине!»
Найзаны жулуп алды эми.
Сакалдары бириндеп,
Көзүнүн жашы дирилдеп.
Муруттары быркырап,
Ширенди-жалын оозунан,
Бурулдады зыркырап.
Аны көргөн душмандар
Өз жанынан түңүлүп.
Сундуруп найза салды эми,
Сымбатын бузуп алды эми.
Алачыктай кан Жакып
Алдынан чыгып калыптыр,
Жакыптап ураан салыптыр,
Жалгыз жөнөп калыптыр.
Аны көрүп эр Бакай,
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Кан Жакыпты качырып.
Караганы илбирстей,
Кайсаганы албарстай,
Качырганы жолборстой.
Оң жагына келтирип,
Ойрон Бакай жетти эми.
Омуроого келтирип,
Найза менен нетти эми.
Бир сайгандан чыгарбай
Көмө коюп кетти эми.
Бура тартып алганча,
Башын кесип салганча,
Арт жагынан Семетей
Келип калды аңгыча.
Чылбырынан бек кармап,
Эр Бакайды жетелеп,
Бура тартып алды эми.
«Чала болот кулга» – деп,
«Жатар жери жылга» – деп.
Эр Бакайды булкунтуп,
Коштоп алды жулкунтуп.
Семетей качып жөнөдү.
Бая кан Жакыптын аскери,
Астын тозуп алышып,
Таазим кылып калышып.
«Айланайын бууданым,
Атадан арта тууганым,
Намысыңды кууганым.
Ыраазы болгун элиңе,

Кең-Кол,Талас жериңе.
Кек ойлонбой кайтып кел!
Таятаңа айтып кел,
Каныкейди алып кел!
Ушул элдин баарысын
Кан тагына минерсиң,
Кан атаңдай билерсиң.»
Ал аңгыча артынан
Абыке кууп жетти эми,
Атасын көрүп өттү эми.
Кан атасын караса,
Томолонуп жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Оозунан кан кусуп,
Көзүнүн жашын агызып,
Көмөлөнүп калыптыр.
Эмчекке найза мылгытып,
Оозунан канын кулгутуп,
Кылган экен Жакыпты.
Абыке аны көргөндө,
«Чала болот» – деп айтып,
Атасына кеп айтып,
Андан өтүп кетти эми.
Бара жаткан абаңдын
Арт жагынан жетти эми.
Абакелеп бакырып,
Семетейлеп кыйкырып,
Абыке байкуш келатат.
Арт жагынан караса,
Кактелкисин камчылап,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Абыке келет жете албай.
Аны көрүп эр Семе
Аттан түшө калды эми.
Абыкени көргөн соң,
Мойнуна курун салды эми.
Абыке келди кеп айтып,
Алаканды бир салып.
«Абийиримди ачтың» – деп,
«Атың мине качтың» – деп,
«Эмине үчүн түштүң» – деп.
«Бериштелүү атыңды,
Мен минбеймин итиңди.
Кантип алам уялбай,
Чунагым, сени кыя албайм.
Урушпас уул болчу эмес,
Минткен киши оңчу эмес.
Атаа Бакай саа не болду,
Акылың кайда жоголду!
Минткен адам оңобу?
Бул эмине кызыгың?!
Билбейсиңби абаке,
Ушул элдин бузугун.
Колум менен бергенче
Кобо качып кеткениң.
Кокуй, аба, неткениң?
Акылдашып жөнөтүп,
Аты, тонун бергенче.
Акылыңан шашканың,
Атыңды мине качканың.
Аргын менен ногойдун
Билбейсиңби кызыгын,
Илгертеден бузугун?!
Бул эмине кордугуң,
Жоодон мурда жоюлуп,
Элден мурда союлуп,
Атам жатат кан кусуп.
Ал эмне деген кеп?!
Ал аңгыча эр Семе
Айта берди ардеме:

«Өзүм билем айбымды.
Алып берем Абыке
Атамдан калган зайбыңды.
Менин тилим албаса,
Энекемден беземин,
Эмчегин барып кесемин.
Сунган моюн меники,
Суурган кылыч сеники.
Ушул ишти кылбасам,
Аккелтенин огу урсун,
Көк милитенин чогу урсун.
Арбак урсун, ант урсун,
Ак болоттун даты урсун!
Алакан жайчу бата урсун,
Ак курандын каты урсун»!
Куран кармап кеп айтып,
«Кудай урсун» деп айтып,
«Атам Манас өлөөрдө,
Айткан экен өзүңө,
Албан түрлүү сөзүңө.
Ошонусун ойлобой,
Өзүңдө кирип калыпсың.
Аны кимге айтасың?
Эртегини көп айтса,
Эптегендей болоорбуз.
Баштагыны көп айтса,
Мактагандай болоорбуз.
Асыл Манас атамдын
Кылганы жетти башына.
Сен атаң үчүн жашыба!
Аягында угарсың,
Калыс болуп сурарсың,
Эми кепти кыскарткын.
Илгеркини ойлобо,
Жаман ишти болжобо.
Эки кайыш бир тизгин
Иле турган кезегиң,
Элиң казак, кыргызды
Биле турган кезегиң.
Ушул элдин ичинде,
Кыргыл чал экен кесебиң.
Атаң Жакып ит экен,
Алакөөдөк киши экен.
Ушунун баарын козуткан
Кыргыл чалдын иши экен.
Бу заманды ойлосоң,
Алда нече кубулат.
Абайлачы Абыке,
Бузукка кирген бузулат,
Оболку тагдыр жазуудан
Канеткенде кутулат.
«Өлсө мейли өлсүн» деп,
«Өлүгүн барып көмгүн» – деп.
Кой десем да койбоду,
Колу жеткен кези экен,
Ушу Бакай оңдоду,
Ошентип атаң оңбоду.
Чоң энебиз Акдөөлөт,
Кызматын анын билермин.
Кыяматка да чейин,
Кызмат кылып жүрөрмүн.
Мындан башка кебим жок.
Кайсынысын айтайын,
Уруксат гана берсең кайтайын.
Жаткын десең жатайын,
Каныкейдин кабарын,
Дагы сага айтайын.
Уруп кеткен Каныкей
Убадасы бек экен.
Урум менен Кырымдын

Уга турган кеби экен.
Ошол айткан Каныкей
Абыке, сенин жеңекең.
Ушу жерде тийбеген,
Деги сени сүйбөгөн
Ырысы жок кем экен».
«Мындан аркы сөзүм» – деп
«Ойлоп турчу өзүң» – деп.
Эр Семетей басылды.
Көрбөдү мындай асылды.
«Баракелде кулунум,
Ыразымын туйгунум!
Эми ушу жерден барып айт,
Темир кандай карыга айт.
Быйыл барып кыштап жат!
Эмдиги жылы кайра тарт.
Эртели-кеч энеңди,
Эриктирбе жеңемди.
Көөнүң келсе жатып ал,
Темир кан берсе катын ал!
Анда-санда кабар сал!
Ат кара тил болгондо,
Алты ай кышты алганда,
Аңгыча кабар бербесең:
Атакеңдин кызыл туу,
Ошондо салам ызы чуу!
Менин кылар ишим как ушу.
Кара калпак, түркмөндү,
Казак, кыргыз бүткөндү.
Аргын, ногой-алачтын,
Атакеңиз Манастын
Арбагын бир көтөрөм.
Жет-Кайтка чейин жоолашам,
Жесиримди бергин деп,
Темир кан менен доолашам.
Быягын ойлоп жата бер.
Эми ботом, кете бер»!
Каныкейге карата
Абыкеси кат жазып,
Аягына мөөр басып.
Семетейге жаздырып,
Эр Бакайга тапшырып.
Бата кылып кожурап,
Бир талайга божурап.
Мына ушинтип алды эми,
Ажырашып алды эми.
Абаң жолго салды эми,
Абыке кайта жөнөдү.
Ногой менен шыгайдын
Бары, жогун чогултуп,
Ордосуна кирди эми.
Аны таштап коюңуз,
Алиги кеткен Бакайдын
Кабарынан болуңуз.
Абыке менен коштошуп,
Ажырашып боздошуп,
Абыкең, Семе жазышып,
Үзөңгүсү кагышып.
Ак күмбөздүн жанына,
Келип калды кашына
Бура тартып астына,
Аттан түшө калды эми,
Куран окуп алды эми.
Ошондо Семең кеп айтат,
«Ой, Абаке деп айтат,
Асыл Манас атама
Ак тулпарды соёюн,
Куран окуп коёюн.
Таятам жаман киши экен
Кудайдан кылган иши экен.

Он эки жылы болгончо
Атакеме келбесе,
Же ашы-жытын бербесе,
Абыке экөө биригип,
Бокмурунча болбосо.
Теги экөөнөн тең кечемин.
Ушул атынын башын кесемин.
Куран окуп кетейин».
Ошондо Бакай кыйкырып,
Акылынан айрылып:
«Ата, кокуй кулунум,
Анта берсең курудуң!
Кара сууга кан куюп,
Сууну кайдан жутасың?
Туландуу жерде ат коюп,
Чөптү кайдан оттойсуң?!
Ал экөө менен кас болуп,
Сен анан кай жакка барып
токтойсуң?»
Анда Семең кеп айтып:
«Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Тартпай койбойт казган көр!
Тобокел деп жүрө бер».
Ушуну айтып тил албай,
Абакең айтса бир далай.
«Жалгаганың бир Кудай».
Ушуну айтып эр Семе
Урумдан чыккан эр неме.
Кыбыланы каратып,
Кыраан Манас баатырдын
Арбагына жаратып,
Куран окуп мууздап,
Ишин кылып дурустап,
«Ашына элге талатып,
Актык ишке жаратып,
Атап сойдум атымды,
Абдан бергин батаңды».
«Эмесе макул-куп» – деди,
«Айткан сөзүң эп» деди.
Атка минип алышып,
Экөө чыкты жарышып.
Сары-Белдин кериге,
Баягы дүрбү салган жерине.
Кең-Таластын оозуна
Салып чыгып келди эми,
Намангендин тоосуна.
Ар жагына караса,
Караса көзүнө илинбей,
Кайсы экени билинбей.
Ак күмбөзгө бир тийип,
Андан бери баш тийип.
Изин жаттап алды эми,
Издеп жөнөп калды эми.
Сары-Белдин кашына
Сандыргалуу Бакайдын
Чыгып келди астына.
Учкан куштай көрүнүп,
Чаңдан ыраак бөлүнүп.
Кара тер бойдон сызылып,
Көздөн жашы тизилип
Келип калды ошондо.
Аны көрүп эр Бакай,
Бир Кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып.
Айланайын кулунум,
Ыраазымын туйгунум.
Кожосаным колдосун
Ишиңди кудай оңдосун!
Эми сага жол болсун,

Кас санаган оңбосун!
Кылган иши шар болсун.
Кызыр Илияс жар болсун!
Кырк, чилтен кайып бар болсун,
Алганың назик үр болсун!
Жаныңдагы жолдошуң
Азирет Аалы бир болсун.
Ак эшен сынап тааныган,
Атышкан жоосун каарыган
Абырагын көтөрүп,
Алдага Бакай наалыган.
Арбак конуп аталып,
Атың чыкты жашыңдан.
Аман баргын ошондо.
Ой жагыңда орус бар,
Кыр жагыңда кытай бар,
Капталыңда каңгай бар,
Касташканың далай бар.
Кош аман бол кулунум,
Сени көрбөй курудум.
Курганым эмей неткеним,
Букарды көздөй кеткениң.
Камыш башы калем де,
Каныкейге салам де!
Жекен башы калем де,
Жеңекеме салам де
(Чыйырдыга)!
Кош аман бол жолборсум,
Эми сага жол болсун».
Алакан жайып дуба ачып,
«Аллооакбар» деди эми.

# МАЗМУНУ

## «МАНАС»

БАШ СӨЗ ........ 4
МАНАСТЫН АТАЛАРЫ ........ 9
КЫТАЙЛАР НОГОЙДУН ЭЛИН БАСЫП АЛГАНЫ ........ 10
ЖАКЫПТЫН ТҮШҮ ........ 14
ЧЫЙЫРДЫНЫН БОЮНА БОЛУШУ ........ 17
МАНАСТЫН ТУУЛУШУ ........ 17
МАНАСТЫН ТОЮ ........ 21
МАНАСТЫН ӨСҮШҮ ........ 23
МАНАСТЫ КОЙЧУЛУККА БЕРГЕНИ ........ 23
МАНАСТЫН КАЛМАКТАРДЫ КЫРГАНЫ ........ 27
ЭСЕНКАНДЫН ЖИБЕРГЕН КИШИЛЕРИ МАНАСТАН ӨЛҮМ БОЛГОНУ ........ 31
НЕСКАРАНЫН МАНАСТАН ЖЕҢИЛИШИ ........ 34
МАНАС ЖОЛОЙДУ ЖЕҢГЕНИ ........ 35
МАНАСТЫН КАН КӨТӨРҮЛГӨНҮ ........ 36
АЙГОЖОНУН КЕЛИШИ ........ 37
МАНАСТЫН КАРАБӨРКТҮ АЛГАНЫ ........ 39
БИЛЕРИКТИН ОКУЯСЫ ........ 41
МАНАСТЫН САМАРКАНГА КӨЧКӨНҮ ........ 43
МАНАСТЫН АЛООКЕ КАНДЫ БАГЫНТКАНЫ ........ 43
МАНАСТЫН ШООРУК КАНДЫ ЖЕҢГЕНИ ........ 46
АЛМАМБЕТТИН ОКУЯСЫ ........ 49
АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨГӨ КЕЛИШИ ........ 54
АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨДӨН ЧЫГЫП МАНАСКА КЕЛИШИ ........ 68
МАНАСТЫН КӨКЧӨНҮН ЖЫЛКЫСЫН АЛЫШЫ ........ 80
МАНАСТЫН КАНЫКЕЙДИ АЛЫШЫ ........ 85
ШЫГАЙДЫН КӨЧҮП КЕЛИШИ ........ 111
КӨЗКАМАНДЫН КЕЛИШИ ........ 111
МАНАС БААТЫР ООГАНДЫ ЖЕҢГЕНИ ........ 116
БАЙЖИГИТТИН ТОЮ ........ 117
КӨЗКАМАНДАРДЫН МАНАСКА ЖАМАНДЫК КЫЛЫШЫ ........ 118
ЖОМОКТУН БАШЫ КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ ........ 123
КОҢУРБАЙДЫН МААНИКЕРДИ СУРАГАНЫ ........ 140
АТ ЧУБАТУУ, ЖАМБЫ АТУУ, КҮРӨШ ОЮНДАРЫ ........ 149
МАНАС МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН САЙЫШКАНЫ ........ 179
АТТАРДЫН КЕЛИШИ ЖАНА БАЙГЕ ЧАТАГЫ ........ 186
ЖЕТИ КАНДЫН КЕҢЕШИ ........ 198
БЭЭЖИНГЕ КАЗАТ ........ 212
АЛМАМБЕТ МЕНЕН СЫРГАКТЫН ЖЫЛКЫ ТИЙГЕНИ ........ 222
КАРАГУЛ АЛМАМБЕТТИ БАШКА ЧААП, ........ 225
КАРА АТТЫ МИНЕ КАЧКАНЫ ........ 225
КОҢУРБАЙДЫН КОЛ КУРАШЫ ........ 229

ЖЫЛКЫНЫ ЭСЕНКАНДЫН АЯР ЖЫЛАНЫ АРБАШЫ................................235
СОГУШ - БЕТТЕШҮҮ........................................................................................239
МАНАС КОҢУРБАЙ МЕНЕН  АКЫРКЫ САЙЫШТАРЫ ................................307
КАНЫКЕЙ КОШАБЫШТЫ ЖИБЕРГЕНИ........................................................309
КОШАБЫШ КАНЫКЕЙДИН КАТЫН
МАНАСКА АЛЫП КЕЛИП БЕРГЕНИ ..............................................................310
КЫРК ЧОРО ШЫПШАЙДАРДЫН СӨӨГҮН КАРАП ТУРУП ТАҢ КАЛГАНЫ.
ШЕЙИТ КЕТКЕНДЕРДИ КӨӨМП КАЙТКАНДАРЫ ......................................311
МАНАСТЫН КЕҢ-КОЛГО КЕЛГЕНИ...............................................................315
МАНАСТЫН ҮЙҮНӨ КЕЛИП ТҮШКӨНҮ........................................................318
МАНАСТЫН ӨЛГӨНҮ.........................................................................................321
КАНЫКЕЙДИН МАНАСКА КҮМБӨЗ САЛДЫРГАНЫ ..................................326
КӨБӨШТҮН КАН БОЛУШУ ...............................................................................329
ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВДИН  ВАРИАНТЫНЫН
«МАНАС» БӨЛҮМҮНДӨГҮ КААРМАНДАР ....................................................331
ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВДИН ВАРИАНТЫНЫН
«МАНАС» БӨЛҮМҮНДӨГҮ ТОПОНИМДЕР ....................................................336
ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВДИН ВАРИАНТЫНЫН
«МАНАС» БӨЛҮМҮНДӨГҮ ЭТНОНИМДЕР......................................................339
ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВДИН  ВАРИАНТЫНЫН «МАНАС»
БӨЛҮМҮНДӨГҮ ТҮШҮНҮКСҮЗСӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ .............341

## «СЕМЕТЕЙ»

КИРИШ СӨЗ .........................................................................................................346
БАКАЙ АБЫКЕ МЕНЕН КӨБӨШКӨ ТААРЫНЫП
МАЙ БУЛАККА КӨЧКӨНҮ...................................................................................353
КАНЫКЕЙДИН КАЧКАНЫ...................................................................................361
КАНЫКЕЙДИН БУКАРГА КЕЛИШИ ..................................................................379
СЕМЕТЕЙДИН А ДЕП АТКА МИНГЕНИ ЖАНА
САРЫТАЗДЫН КЕЛИШИ ....................................................................................382
САРЫТАЗДЫН КӨМҮРЧҮГӨ БАШЧЫ БОЛУШУ ...........................................389
КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ ...................................................................................402
СЕМЕТЕЙ ЖАКЫПТЫКЫНДАГЫ МҮЛКТӨРҮН АЛЫП,
АНДАН ЧЫККАНЫ..............................................................................................469

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясы**

# ШАПАК РЫСМЕНДЕЕВ
## 1-КИТЕП
# МАНАС, СЕМЕТЕЙ

Түзгөндөр
*Айнек ЖАЙНАКОВА*
*Мээрим КӨЛБАЕВА*

Тех. редактору *Н. Тилекматова*
Корректорлору *М. Көлбаева, П. Абдыбаева*
Компьютерде терген *П. Абдыбаева*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.10.2018-ж. берилди.
Басууга 10.12.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100. $^1/_{16}$
Көлөмү 32,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

«Полиграфбумресурсы» басмаканасында басылды.
720071, Бишкек ш., Сүйүнбаев көч., 144/23
Тел.: (0 312) 43-20-75, (0 312) 43-19-51